КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

«ОКУРМАНДЫН КИТЕП ТЕКЧЕСИ» СЕРИЯСЫ

27-том

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ

Академик А.А. АКМАТАЛИЕВДИН
жалпы редакциясы астында

Т ү з г ө н: *Айнура Кадырманбетова*

БИШКЕК
«КУТ-БЕР» – 2017

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
А 37

*Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151) негизинде жарык көрдү.*

*Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңеши тарабынан сунуш кылынды.*

**Редкеңеш:**

*Акматалиев А.А.*
*Байгазиев С.*
*Жайнакова А.Ж.*
*Маразыков Т.*
*Мусаев С.Ж.*
*Садыков Т.*
*Токтоналиев К.Т.*
*Эркебаев А.Э.*

А 37 **Чыңгыз Айтматов.** «Окурмандын китеп текчеси» сериясы: 27-том./ Түз. *Кадырманбетова А.* – Б.: «Кут-Бер», 2017. – 648 б.

ISBN 978-9967-12-675-6

Бул жыйнакка дүйнөлүк масштабдагы залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун «Гүлсарат» повести жана «Кыямат» романы орун алды.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

**А 4702300100-17**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-4**

ISBN 978-9967-12-675-6

© КРУИА, 2017
© «Кут-Бер», 2017

# ГҮЛСАРАТ

## I

Өр талашкан кара жолдо эски араба айдаган кары киши келет. Араба тарткан кула жорго Гүлсары да картаң ат, абыдан эле картаң ат...

Чоң сайдын таманынан тиги кырга чыккычакты итапкан өр. Кышында өтсөң, жолдун эки тарабындагы ээн адырдан бороон улуп, кар тозоңу уруп турат, жайында өтсөң леп эткен жел жортпой үп болуп, дымыктырып курутат.

Ушул жол менен жүрүп калган кезинде Танабай өргө чыккычакты чыдабай кетер эле. Жай бастырып жүргөндү жининдей жек көрчү. Жигит күнүндө райборборго көп келип, кайра кайтканда аттын оозун коё берчү, теминип текирең-таскак менен чыгып барчу. Жолдош-жоро менен чогуу өгүз кошкон арабага түшүп келип-кеткен күндөрү да болду. Андайда Танабай арабадан ыргып түшүп, кийимин ыйыгына арта салып, шапылдай басып өр талаша жөө жөнөчү. Чабуулга бет койгондой кажарлана катуу басып, кырга чыкканда гана бир токточу. Анан өпкөсү ачышып, аптыга дем алып, этекте жылжып келаткан арабаны күтүп турар эле. Бирок өгүз басык менен илкигенче ушинткенин артык көрчү.

Досунун бул кылыгын маркум Чоро тамашалап калар эле:

– Танабай, эмне үчүн ишиң оңунан чыкпай жүрөт, билесиңби? Чыдамың жок, шашмасың. Кудай акы,

шашмасың. Өлүмдөн башканын баары эрте болгону жакшы деп коёсуң го өзүң. Ошондой. Дүйнөлүк революция да эртең эле болсо дейсиң. Революцияны коё турчу, ушу Кара-Сайдын кырына чыккычакты чыйпыйың чыгып кетет. Башкалар жайбаракат бастырып баратса, сен болбойсуң, жоо кууп келаткансып, камчыланып-теминип жибересиң. Ошондо утканың кайсы? Кырга чыгарын чыгып алып, баары бир калгандарды күтүп турасың. Дүйнөлүк революция да ошондой, досум, билип кой, жалгыз өзүң сүзүп кирип бара албайсың, жамы журт тегиз жетмейин күтүп турасың.

Бул сөздөр илгери айтылган, андан бери күндөр картайып, түндөр эскирди.

Мына бу жолу болсо Танабай кырга чыкканын байкабай да калды. Карылыкка моюн сунганы ушу тура. Ашыкпады, кашаңдатпады, картаң аттын басыгы менен жаман арабасын кылдыратып келе берди. Кийинки кезде ал арабасын айдап, узак жолго жалгыз чыкканга көнүп алган. Илгерки үзөңгүлөр кагышып, шатыра-шатман дуулдап чогуу жүргөн жолдоштору эми жок. Бир сыйрасы согуштан кайтпады, башкасы өз ажалынан кетти, көзү тирүүлөрү болсо төрүнөн көрү жуук болуп үй-үйүндө. Жаштар азыр машине минип жүрүшөт, картаң ат кошкон эски арабага түшпөйт.

Эски жолдо дөңгөлөктөр кылдырттап, бураңдап айланат. Айылга жеткиче дагы далай айланар. Алдыда мелтиреген боз талаа жатат, каналдан өткөн соң тоо этегин бөксөлөп дагы далай жер.

Аты күндөн күнгө алдан тайып баратканын Танабай көптөн бери байкап келатат. Бирок азыр өз ойлору менен алек болуп, аттын жүрүшүнө серп салбады. Жол узагы чын, чаалыкса картаң ат чаалыккандыр. Мындан кыйын жолдорду баскан Гүлсарат эптеп жеткирер...

Кула сары түсүнөн улам кулунтайынан Гүлсары атыккан жорго бүгүн Кара-Сайдын өрүнөн акыркы жолу ара-

ба тартып чыгып, зуулдап өткөн өмүрүндө зуулдап жүргөн узак жолу түгөнүп, акыркы кадамдарын шилтеп баратканын Танабай кайдан билсин. Гүлсарынын көңүлү караңгылап, башы айланып, жер чайпалып, улам бир чети асманга тийип жатты, бет алдында жол түгөнүп, түбү жок караңгы туңгуюк, тоо көрүнбөй учкун учат, туманбы, түтүнбү, дүйнө кызыл көрүнөт. Ат минтип мүргүп баратканын Танабай билбеди.

Аттын карылыгы жеткен жүрөгү мыкчыла өйүп келет, моюнчак кысып, дем алышы кыйындап келет. Бир капталына оогон шилиясы уча сөөгүн өйкөп ачыштырат, тикенби, же кийизинен башбаккан чегеби, моюнчактын астынан сол омуроосун бирдеме жанга батыра сайгылап келет. Чоктугундагы эски жоор карты сыйрылып, ачылып калган эле, эми ысып-күйүп дуулдап келет. Айдоо малтап бараткансып, буттары да оор тартып, туяктарына коргошун уютуп койгондой.

Бирок картаң ат чымыркана тартып баратты, картаң Танабай көнүмүшкө сала анда-санда «чү» деп божу силкип коюп, өз ойлоруна алагды. Танабайдын ойлонор жөнү бар болчу, ойлоор ою бар болчу...

Эски жолдо дөңгөлөктөр жай кылдырттайт. Гүлсары жаны кыйналса да, моюбаган кадимки жоргосуна салымыш болот.

Гүлсарат төрт аягы адеп шилтенгенден жорго чыгып, баралына келгенде даңкы дабан жарып, өмүрүндө жакшылыкты да, жамандыкты да көп көрдү. Гүлсары Гүлсары болуп турган тушунда арабага чегиш үч уктаса түшкө кирбес эле. Бирок, «ат башына күн түшсө, суулугу менен суу ичет, эр башына күн түшсө өтүгү менен суу кечет» деген кеп ырас.

Ал күндөрдүн баары артта алыс калган. Не бир сынакы жорголор чаңында калып, арылдап марага чыгып келип, элдин жер дүңгүрөткөн дуусуна кулагы тунуп,

өпкөсү көөп турчу күндөр да артта калды. Азыр минтип өмүрүнүн акыркы марасына өлө-тала жетпей барат. Ал эч качан жеңиш марасына минтип кыбырап араң жетпеген, эч качан өлүм марасына минтип зуулдап тез учпаган. Улам кийинки кадамы акыркы марасы болуп баратты азыр.

Дөңгөлөктөр эски жолдо кылдырттайт.

Аяк астынан жер көчсө жаңыдан буту таканчыктаганда жер көчүп башы айланган кулунчак күндөрү эсине түштү. Жайлоодогу кара сазда оюн салып чуркаса, жер былкылдап, тоолор кошо чуркап, күн шаңгырай кишенеп аскадан-аскага секирип, коштоп жөнөөр эле. Тепеңдеген кулунчак кишенеп качкан күндү кубалап, куйругун чычайта бадал аралай чаап, кара сууну чачырата кечип өтөөр эле. Ачууланган күрөң айгыр кулак жапырып жете барып, кайрып келмейинче салык курсак энесинин тынчы кетип окуранганына кулак салбай оюн салып кете берчү. Кулунчак күндөрүндө үйүрдөгү жылкы мөлтүр суудан көрүнгөндөй эмнегедир буттарын асманга каратып басчу, салык курсак энеси болсо, таноолорун кытыгылап көбүктөнгөн булут болуп көрүнчү. Кулунчактын баарынан жакшы көргөнү ошол жылуу, ширин сүт булут. Сүт толгон эмчек тырсыйып, кулунчактын ууртунан көбүк буркулдап, аптыга жуткан сүттүн таттуу даамы таңдайына жагып турар эле. Жалдуу энесинин салык курсагына жөлөнүп, тумшугу менен эмчекти эрине түрткүлөп коюп турганды жакшы көрчү кулунчак. Бүт дүйнө күнү менен, жери менен, атүгүл энеси менен кошо аптыга жуткан көбүктүү ширин сүттүн ичинде эле. Курсагы тойсо да канбай калгансып, кайра дагы бир соруп, анан дагы соруп коюп тура бергенди жакшы көрөр эле кулунчак...

Бирок ал күндөр көпкө созулбады. Алгачкы көрүнүштөр өзгөрдү. Көктөгү күн кишенеп, тоодон-тоого секирге-

нин койду, чыгыштан чыгат да, жолунан тайбай жүрүп отуруп, батышка батчу болду. Жылкы буттарын асманды каратып баспай, саздуу жерди былчылдатып, таштуу жерди тарсылдатып, жер тепсеп басчу болду. Жалдуу энеси кулунтайынын чычаңын жыттап мээрленип турчу эле, эми кээде жинине тийгенде ыйык жалдан оорута тиштеп алчу болду. Желини кичирейди, сүтү байыды. Кула кулун эми чөп оттошко көндү. Узак жылдар созулуп түгөнбөгөн, мына азыр түгөнүп бараткан өмүр ошентип башталган.

Ушул узак өмүрүндө Гүлсарат кулунчак күндөрүн, кайрылгыс кеткен ошол жайды эч качан эстеп, элестетип көргөн эмес. Жонуна ээр токулуп, белине басмайыл тартылганы ал ар кимдин астында түгөнбөгөн түрлүү жолдор менен тапырата жүрүп келди. Мына бүгүн акыркы жолунда бараткан көктөгү күн козголуп, бут астында жер чайпалып, көзү тумандап, дүйнө чаар-ала тартканда илгерки өткөн ошол жай закым болуп көз алдына тартылды. Андагы жанаша чуркаган тоолор, туякка жумшак тектир саз, тегерегинде бышкырган үйүр жылкы, салык курсак жалдуу энеси закым ичинен үзүл-кесил көрүндү. Оюн салчу кулунчак кезин эстеп алып, алды жагынан көрүп алып, Гүлсарат жан-алакетке түштү. Салмактанган буттарын тарпылдатып, моюн созо алдыңкы элестерге жүткүндү, жан жыгачтан чыгып, моюнчактан бошонуп, догоодон[1] суурулуп, алдынан кайра бир көрүнгөн илгерки дүйнөсүнө кирип кетүүгө шашты. Бирок улам жеттим дегенде алдамчы элестер жалп өчөт да, Гүлсарат жаны кейип калат. Кулунчак күнүндөгүдөй энесинин мээримдүү окуранганы жүрөгүн кытыгылап азгырды, калың топ жылкы күтүрөтө жүрүп, Гүлсарыны жан-жагынан тийип өтүп, куйруктары менен чаап өтүп жатты.

[1] д о г о о – жарым иймек, араба жабдыгы.

Үйүргө сүрөөлөш кошо чабайын деп умтулгучакты от жалтылдаган борошо тегерете уюлгуп, буюктура камап калат, борошонун ачуу муздак куйругу кулакка-тумшукка чапкылап, көзү менен таноолоруна кар толуп калып жатты, ысып-күйүп тердеп келатса да, калчылдап чыйрыгып, үшүп чыкты. Алдынан көрүнгөн алиги укмуш дүйнөнү борошо жеткирбестен үн-дабышсыз айдап кетип баратты. Тигине тоолордун карааны өчтү, жайыт, суу жоголду, анан үйүр жылкы үйүрү менен каалгып көккө учуп кетти. Алдында жалдуу энесинин курсактуу карааны гана жылбырска толкун суудагы сүрөт сымал титиреп араң турат. Энеси кулунчагын таштап кете албай кылчактап турду. Чакырып кишенеп турду. Гүлсарат бар алынча ый аралаш өңгүрөп кишенеп жиберди, бирок шаңгыр доошун өзү укпады. Ошондо элестердин баары өчтү, борошо да токтоду. Калдырты басылып, дөңгөлөктөр токтоду. Моюнчактын астындагы жан кашайткан жарааттын ооруганы да басылды.

Жорго теңселип токтоп туруп калды. Ачылбай көздөрү ачышты. Башы зыңкылдап, түшүнүксүз, басылгыс.

Танабай божуну алдыңкы тактанын кырына арта таштап, олдоксон оонап арабадан түштү да, уюган тизелерин жазып, белин мекчейте араң түзөп, кабатырлана атынын жанына келди.

– Сени кудай урдубу? – деп жекирип койду жоргосун.

Гүлсарат сабагынан үзүлгүдөй салаңдаган чоң башын моюнчактан салаңдатып, мүргүп турду. Өпкөсүн кагып дем алса, каржайган кабыргалары терисин тээп чыгат. Бир кездеги алтын түспөл аксаргыл кейпи азыр кара тер эзген чаңдын кирине кара буурул тартып жонунан, соорусунан куюлган кирдүү тер курсагына, саны ылдый шыйрагына, туягына чейин салааланып из салып жатат.

– Эмне болду, катуу кууган жокмун го, – деп өзүнчө булдурап, Танабай шаштысы кетти. Басмайылды бошо-

туп, моюнчактын боосун чечти. Суулугун чыгарса, ысык шилекей былжырап, колуна илешти. Жаны кейиген Танабай жеңи менен аттын тумшугун, моюнун аарчып жиберди. Анан арабадагы калган чөптөн бир колтук алып келип, алдына салды. Бирок Гүлсары чөпкө карабады, аны майда калтырак басып турду.

Танабай бир тутам чөп алып, тумшугуна кармады.

– Ал, кичине алсаң боло, эмне болуп калгансың?

Гүлсарынын шалбыраган эриндери кыбыр этти, бирок чөп искей албады. Танабай аттын көзүн үңүлө карап алып, жүрөгү шуулдады. Чөнөгүнө терең батып, кирпиги жок салбыраган кабак алдынан көздү көрө албады. Адам жашабаган караңгы үйдүн оңурайган сынык айнегиндей болуп көз жок, чөнөктүн чуңкур түбүндө бирдеме өлүмсүк жылтырайт.

Танабай эмне кыларын билбей эки жагын каранды. Алыста кыркаланган тоо, андан берки теребел бүт ээн талаа. Кара жолдон да караан көрүнбөйт. Бу маалда жолоочу сейрек жолугат эмеспи.

Картаң ат менен картаң чал ээн жолдо муңдашып жалгыз турду.

Февралдын аягы эле. Этектеги кар кетип, аң-жардын тескей түптөрүндө, шабырлуу буйгат жерлерде гана даакысы түшпөгөн бөрү жондонуп, үзүк-үзүк киргил кар жатат. Жердин тоңу кете элек, жаздын жаны кире элек, күңгөй беттеги жылымдаган топурак менен сарыгып эриген коңулдагы кардын жыты келет. Күн ырайы суз, коюну суук, күн кечтеген сайын ызгаары жандан өткөн сыдырымдан башка ээн талаа бетинде кыбыр эткен кыймыл жок. Танабайдын шүйү качты[1].

Бапсыйган сакалын экчеп, куур тондун даакы жүндүү жеңин салбырата кол серепчилеп, батышты көпкө ка-

[1] ш ү й ү к а ч у у – шүмүрөйүү, демейки көркүнөн (көрүнүшүнөн) ажыроо, арыктоо, көңүлү чөгөт болуу.

рап турду. Кумсарган күн жер кыйырында тытылган булуттардан салаңдап түшүп баратты. Күн бүгүн бузула коёр түрү жок, бирок ырайым сезилбеген талаа бети сурданып, суук болуп келатты.

«Мунуңу билгенде келбей деле койбойт белем, – деп Танабайдын айласы куруду. – Эми эмне, же үйдө эмес, же Чүйдө эмес, эрме чөлдө турат экем да эңгиреп. Атты да жөнү жок жерден курутат турбаймбы».

Ырас, Танабай эртең чыкса да болмок. Күндүз жолдо кокус болсо да өткөн-кеткен бирөө жолукмак. Алыс жолго түш оой чыгып, ушу кезде да ушинтип жол жүрөбү?

Жол учунан бараткан-келаткан машине көрүнөр бекен деп, Танабай жээктеги дөбөгө чыкты. Эки тараптан тең көз жеткен жерде караан көрүнбөдү. Ал сенделип кайра арабага келди.

«Бекер шашыпмын»,– деп шашмалыгы үчүн ал өзүн дагы жемеледи. Уулунун үйүнө түнөп алар жерде болбой шашып чыккан өзүн да, шаштырган себепти да тилдеп турду. Түнөп калса, аты да тыныгып албас беле. Эми карачы!..

Танабай ачуулана колун силкип койду. «Жок, баары бир түнөбөйт болчумун. Жөө калсам да кете бермекмин! – деп өз жоругун актады. – Болбосо кайнатасына да ошентип айтат бекен ой? Жаманмынбы-жакшымынбы, кайнатасымын го. Мисирейип туруп айтканын карасаң, өмүр бою койчу-жылкычы болуп жүрүп, карыганда куулуп чыгар болгон соң партияга башында эле өтпөй койгондо эмне дейт… Уулумда да бар. Жер тиктеп унчукпайт. Атаңан кеч десе, ал урган кечип кетиштен таюу тартпайт. Нымтыраган арам, дагы жагынып чоң болгусу бар. Атаң көрү-ү, атаң көрү-ү!.. Азыркы жаштарың эл болуп деле жарытпайт го».

Ушинетип өз оюна дүүлүгүп ысып кетти, көйнөгүнүн жакасын чечти да, атты да, жолду да, басып келаткан

түндү да унутуп, арабасын тегерене энтигип баса берди. Анда деле токтоно албады. Жана уулунун үйүндө унчукпай койгон, келини менен жаакташып отурмак беле. Анда айтылбаганы мына эми кайнап чыкты, жолдо келатып жанын кашайткан ойлорун ал азыр келинине тик айтмак: «Мени партияга сен алган эмессиң, балам, кууп чыккан да сен эмессин. Айыгышкан а кезди сен кайдан билмексиң. Азыр айтканга оңой. Азыр элдин баары билимдүү, сый-урматтын үстүндө. Андачы? Анда биз барды-жоктун баарына жоопту болчубуз. Жоопту болгондо да кандай, азыркычылап сөгүш алып, күлүп кете бермей жок! Анда атаң үчүн да, энең үчүн да, досуң үчүн да, касың үчүн да жооп берчүбүз, жадагалса коңшунун ити үчүн да жоопту болчубуз. Билдиңби?.. Ии! А жанагы чыгарып салган туурасында болсо, сен жаратты тырмаба! Ал менин жаратым, келиним. Сен жаратты тырмаба!»

– Сен жаратты тырмаба! – деп жарыя сүйлөп жиберди Танабай арабасын айлана басып жүрүп. – Тырмаба жаратты!

Ушул бир сөзүн кайталай берди. Башка айтар сөзү жок сыяктанып, башка сөз таппай калгансып, «тырмаба» дей бергенине кайра кыжыры келди.

Жолго түнөп каламбы, бир айла табыш керек го деген ой эсине келгичекти ал арабаны тегеренип баса берди.

Ире-шире күүгүмдү чоктугу менен уча сөөгү уркуюп, салаңдаган башын көтөрө албай буттары бүгүлүп, жаны чыгып, сөөгү эле тургансыйт Гүлсары.

– Сага эмне болду, ыя? – Танабай аттын жанына келип, өпкө кага акырын онтогонун укту. – Үргүлөп кеткенсиң го? Кыйналып турасыңбы, картаңым? Ыя, ахыбалың жаманбы? – Карбаластап аттын кулагын кармап көрсө муздак, жалынын астын сыйпаласа да муздак тер чыпылдап турат. Баарынан да төгүлгөн жалдын кадим-

ки салмагын сезбеди, ошол чочутту Танабайды. «Картайып бүткөн экенсиң, байкушум, жалпылдаган жибек жал чыпкаланып бүтүптүр. Барыбыздын картайганда көрөр күнүбүз, барар жерибиз ушу да», – деп өзүнчө кейип кетти. Анан эмне айла кыларын билбей делдейип, дагы турду. Эгер атты араба менен кошо таштап, жөө-жалаңдап жүрүп отурса, түн ортосу оогондо капчыгайдагы кароол үйүнө жетип барар эле. Танабай катыны экөө ошерде турат. Тегерегинде башка жан жок. Суу өрдөп бир жарым чакырымдай жогору дагы бир үй бар, колхоздун суу башы. Ал экөө гана тоо арасында. Танабай жайкысын чөп чабыкка, кышкысын маяларга көз, койчулар же чабылар чөптү тепсетип же жыйылган чөптү тоноп кетпесин деп, колхоз атайы койгон.

Өткөн күздө Танабай бир жумуш менен жакага түшүп, конторго кирип калган эле, башка айылдан келип иштеп жаткан биргат жигит айтып калды:

– Аксакал, атканага барыңыз, сизге башка бир ат тандап койдук,– деди. – Картаңыраак, картаң болсо да сиздин ишиңизге жарайт,– деди.

– Ал кайсы ат экен? – деп Танабай түкшүмөлдөп токтой калды. – Дагы бир чобурду кармата салганы турасыңарбы?

– Барсаңыз көрсөтүшөт. Кула жорго бар экен го? Сизди жакшы билет дешет, бир кезде минип жүргөн турбайсызбы.

Танабай атканага барып, короодон Гүлсарыны көргөндө жүрөгү мыкчыла түштү. «Кайра жолугушат деген ушул экен да»,– деди ал картайып, минүүдөн чыгып калган жоргого. Албайм дешке оозу барбады, жетелеп чыгып кетти.

Үйгө келгенде катыны араң тааныды.

– Э Танабай, бу баягы Гүлсары эмеспи? – деди таңыркап.

– Ошол, эмне кылайын... —деп күңкүлдөп койду Танабай катынын тик багып карабай.

Жоргонун жорго тушуна дагы Танабайдын жоруктарын тереңдете эскерүү экөөнө тең оңтойсуз болмок. Жаштыгынанбы, ал кезде Танабай бир топ күнөөгө баткан. Сөз ошол жакка ооп кетпесин деп ороңдоп калды:

– Эмне туруп калдың, өзөк жалгаар бирдеме берсең боло, курсак ачты.

– Карылык дегениң ушул экен да,– деди катыны. – Сен айтпасаң мен мунун Гүлсары экенин таанымак эмесмин.

– Анын эмнесине таңыркадың? Экөөбүз эле сонун болуп турабызбы? Ардеменин өз убагы бар.

– Мен да ошону айтам да. – Катыны ойлуу баш чайкап шыпшынды да, анан ак көңүлдөнө күлө сүйлөдү. – Эми жоргону минип алып, түн катып дагы жортосуң го дейм? Мейлиң, уруксат.

– Койсоңчу,– деп олдоксон кол силкти да, Танабай катынына далысын сала бурулуп кетти.

Тамашага тамаша менен эле жооп берсе эмне болмок, Танабай коомайланганынан сөз таппай, бастырманын үстүнө чыгып кетти. Атка чөп алымыш болуп, көпкө күйпөлөктөдү. Анын баарын унутту го десе, али эсинде тура.

Мордон түтүн буруладап, үйдө зайыбы түшкүдөн алып койгон тамакты жылытып жатты. Танабай чөп менен алек болуп, там башында жүрө берди.

– Түшпөйсүңбү, тамак дагы муздап калмай болду,– деди зайыбы акырында эшикке чыгып.

Ал кайра кайрылып алиги сөзүн козгободу. Козгогондо кажаты канчалык эле качаңкы окуянын?..

Күздү күздөй, кышты кыштай Танабай жоргону багып чыкты. Жемин үзбөй, кебек берди, кызылча туурап берди. Антпесе карыган аттын тиштери жешилип, ду-

мүрлөрү эле калыптыр. Ошентип атты оңуна келтирип койгондой болгон. Эми минткенин карабайсыңбы? Ээн жолдо кандай айла кылат?

Жок, ээн жолго атты таштап кете албады.

– Ыя, жаныбарым, ушинтип тура беребизби? – Танабай акырын итерип койду эле ат теңселип барып калыбына келди. – Коё тур эмесе.

Камчы сабы менен арабанын түбүн чукулап жатып, келинине картөшкө салып келген капты илип чыкты. Каптын түбүндө жоолукка оролгон нан болмок эле, эртеменен зайыбы салып жаткан, эми эстесе болобу. Танабай бешмантынын өңүрүнө нанды майдалап туурады да, Гүлсарынын тумшугуна кармады. Ат нандын жытын шуулдата илеп тартты да, бирок жей албады. Танабай колу менен жегизе баштады. Чымчып алып ууртуна салса, ат эптеп күүшөгөн болот.

– Ал, ал, кичине жеп алсаң, кыбырап үйгө жетип аларбыз? – Танабайдын ындыны кайра жанды. – Акырын кыбырап жүрө берсек жетебиз да, ээ? Үйгө жетсек, кемпирим экөөбүз сени аспиеттеп багып алабыз,– деп кобурап турду Танабай.

Алаканына чууруган аттын шилекейи саал жылуулана баштаганы да кубантты.

Нан күүшөткөн соң, Танабай жоргону жылоодон алды.

– Кана, эми басалы. Тура бергенде болбойт. Кеттик! – деди аягында кадимкисиндей үнүн бек чыгарып.

Жорго ордунан козголду, араба кыйчылдап, дөңгөлөктөр кара жолдо кылдырттай баштады. Кары киши, картаң ат экөө кара жолдо жай баратты.

«Ал-кубаттан биротоло ажыраган экенсиң го, байкушум,– деп ойлоп баратты Танабай. – Канчага келдиң деги, Гүлсары? Жыйырма асый болдуң го деймм, же андан да көбүрөөкпү... Көбүрөөк болуш керек»...

## II

Экөө алгач согуш бүткөн жылы жолуккан. Танабай Бакасов ефрейторлукка чейин жетип, согуштун батышында да болду, чыгышында да болду. Квантун аскери кол көтөргөндөн кийин бошонуп үйүнө кайтты. Жалпы эсепте алты жыл бою «айт, два» менен жүрдү. Кырк жылы кыргын болсо да, бейажал чымын өлбөйт дегендей кудая шүгүр, кандуу майдандан алты саны аман чыкты. Ырас, бир жолу контужин болуп оңолгон, дагы бир жолу көкүрөгүнө оскол тийип, эки ай госпиталда жатты да, айыккан соң бөлүгүн кууп жетип алган.

Үйүнө кайтып келатканда станчадагы дүкөн кармаган келин-кезек аны «абышка» деп атады. Тамаша кылгандары го, Танабай оюна деле алган жок. Ырас, жаш эмес эле, бирок карып калган да чагы эмес болчу. Согуштун ырайымсыз шамалына өңү тотуккан, мурутун ак аралаган, ошол эле болбосо эр мүчөсү уютуп койгондой чымыр, теше тиктеген көздөрү учкун атып курч. Согуштан келген соң бир жылдан кийин зайыбы кыз төрөп берди, кийин дагы бир кыздуу болду. Эки кызы тең азыр күйөөдө, бала-чакалуу. Жайкысын, из суутпай каттап турушат. Улуу кызынын күйөөсү шоопур, жүк машине айдайт. Үй-бүлөсүн бүт машинесине отургузуп алат да, тоодогу карыяларга деп чаап келип калат. Кыздары менен күйөө балдарына Танабайдын таарынычы жок, көңүлү тынды. Жанагы уулу гана болбой калды. Бирок ал узун сабак башка кеп...

А кезде болсо, жоо жеңип жолдо келатканда көңүл сергек, көңүл курсант. Чыныгы турмуш эми башталгандай көрүнгөн. Чоң станчаларда оркестр ойноп тосуп алып, оркестр ойноп узатып, кубанычтан жүрөк кабына батпай лакылдап алып учкан. Үйүндө зайыбы күтүп, сегизге караган уулу мектепке камынып турган кези. Өткөн

өмүр, көргөн күндүн баары эсепке кирбей, Танабай жолдо келатып, кайра жаңы туулгандай сезген. Кечээгинин баарын унутуп, эртеңкини гана ойлогусу келген. Келечеги көз алдына жаркырап даана тартылган: жашоо керек, балдарды өстүрүп, чарбаны оңдоп, там салып... иши кылып жашоо керек. Эми бул максатына бөгөт жок, болбошу да керек. Анткени кечээги өткөндөрдүн баары келечектин кунуна кетпедиби. Кан майданда жан аябай кырчылдашып кыйылган өмүрлөр ошол эртеңкинин курмандыгы болбодубу. Ушунча кымбатка турган чыныгы турмуш мына эми башталат деп өрөпкүп келатты Танабай.

Бирок Танабай адатынча а жолу да шашып ойлоптур. Келечектин курмандыгы дагы далай жылдарын, көп өмүрүн зарп кыларын билбептир.

Алгач Танабай дүкөндө барсканчы болуп иштеп жүрдү. Илгери бир үйрөнгөнү бар эле, эми барскан колго тийип, дөшүгө жеткен соң эртеден керээли кечке күрсүлдөтчү болду. Кызарган темирди ары-бери оодарганга үлгүртпөй шаштысын кетирет. Барскандын күрсүлдөгөн доошу, тириликтин убайымын унуткарган дүкөн үндөрү азыр да кээде кулагына толо жаңырып турат. Курсак ач, кийим жыртык, аялдар кепичтерин коңултак кийип, балдар шекер деген эмне экенин билбейт, колхоз болсо мамлекеттин карызына белчесинен баткан. Ошонун баарын унуткарган барскандын күрсүлдөгөн дабышы эле. Дөшү зыңгырап, кызыл-көк учкундар шыркырап, Танабай болсо барсканды көтөрүп урган сайын: «Угх!.. Угх!..» өпкө кагып, ал ортодо «Баары болор, баары бүтөр, негизгиси – жеңдик, негизгиси – жеңдик» деп ойлонот. Анын оюн барсканы: «Жеңдик, жеңдик, дик, дик, дик!» – деп коштоп күрсүлдөйт.

Жалгыз Танабай эмес, ал кезде элдин баары жеңишке курсагы тоюп, жеңиштен кубат алып жашаган.

Анан Танабай жылкычы болуп кетти. Аны көндүргөн Чоро болду. Ракматы Чоро анда башкарма, согуш бүтөр бүткүчө колхоз башкарып келген. Жүрөгү начарлыгынан аскерге жарабай калган. Бирок үйдө болгону менен Танабайдан бетер жукарып, картайып кетиптир. Танабай согуштан келип, жолукканда эле байкаган.

Чородон башка бирөө болсо, Танабай сөзүнө ийигет беле, дүкөндү таштап, жылкыга кетет беле, ким билет, Чоро эски досу. Экөө комсомол күнүнөн баштап кедей-кембагалдарды колхоз болгула деп үгүттөп, байларды кулакка тартып чыккан. О, андагы Танабайдын курчтугун коё кал. Кулак болсун деген тизмеге кирип калганды аячу эмес...

Чоро дүкөнгө атайы келип, Танабайды жаңы жумушка көндүргөнүнө өзү да ыраазы болуп калды.

– Барсканынан ажырабай чатак кылабы дедим эле,– деген ал арык бети тырыша күлүмсүрөп.

Кеселман эле Чоро, териси сөөгүнө катып, бетинин бырышы жыш, эттен түшкөнгө куурайдай узарып, моюну кылдай ичкерген. Күн жылуу болсо да, үстүнөн купайкесин түшүрбөйт.

Экөө дүкөндүн артындагы арыкка буттарын салып коюп, көпкө сүйлөштү. Чоронун жаш чагын эскерди Танабай. А кезде айылдагы көзгө түшүмдүү жана жалгыз билимдүү жигит Чоро болчу. Оор басырык мүнөзүн, кайрымдуулугун, боорукерлигин эл жакшы көрүп, урматтап турчу. Танабайга анын кең пейилдиги анча жакчу эмес. Кээде жыйналышта Танабай туруп алып, душман менен айыгышкан тап күрөшүндөгү Чоронун кечиримсиз жумшактыгын аябай сынга алчу. Ал минтип сүйлөгөндө оозунан чыккан сөзү гезиттин тилиндей так, орноктуу чыгар эле. Анткени жарыя окуудагы уккандарынын баарын кайталап, Чорого багыттап салчу. Кээде

айтарын айтып алып, сөзүнүн курчтугунан кайра өзү чочулаар эле. Бирок айтса айткандай айтчу.

– Мурдагы күнү тоодон келдим,– деп отурду Чоро. – Аскерлерибиздин баары келдиби деп сурашат чалдар. Аман калгандары бүт эле кайткандай болду дедим. «Анда качан ишке чыккылары бар?» – дешет. Иштеп атышат, бири өндүрүштө, бири курулушта жүрөт дедим. «Аны билебиз. Бу жылкыны ким багат? Же биз өлөр күндү күтүп жүрүшөбү? А күнгө деле аз калды окшойт»,– дешет. Чыны менен уялдым. Сөздүн уңгусун баамдап атасыңбы? Ал чалдарды да биз жылкычылык согушуна аттантканбыз. Ошондон бери кыңк этпей келатышат. Жылкы багыш абышканын иши эмес экенин өзүң жакшы билесиң. Түн уйкусу, күн тынымы жок, качан болсо ээрден түшпөй жүргөнү жүргөн. Дербишбай эсиңдеби, рахматы ээрде тоңуп калбады беле. Ат тандап үйрөтүп, аскерге жиберип тургандар да ушу чалдар болду. Жетимиш ашканда жаныңы тындырбай ойдон тоого чапкылатып койсунчу. Сөөгүң чачылып, сай-сайда калар. Ушунча чыдап бергенине да ыракмат айтыш керек чалдарга. Аскер жигиттерибиз чет жактан маданият көрүп келип, эми жылкычылыкты айтсаң мурдун чүйрүшөт. Ээн тоону кыдырып, бөрү белем дешет. Көрдүңбү, ахыбал ушундай. Өзүң колдобосоң болбой калды. Сен аттансаң, калгандарын укурукташ оңой.

– Болуптур, Чоро, зайыбым менен сүйлөшүп көрөйүн,– деди Танабай.

Ичинде ойлоду: «Бороон-чапкындап баштан кандай күндөр өтпөдү, а сен баягы эле бойдонсуң. Боорукерлигиңдин ташпишин тартасың да жүрөсүң. Балким аның да туурадыр. Согушта эмнени гана көрбөдүк, элдин баары сендей кең пейил, боорукер болсо го, атаганат. Бир келген бул өмүрдөгү туура жүрөр жол балким ушудур».

Ошентип макулдашып ажырашты. Танабай дүкөнүнө басты. Саал бара түшкөндө Чоро кайра токтотту.

– Танабай, токточу. – Ал жакын бастырып келип, ээрден өбөктөй Танабайдын жүзүнө үңүлдү. – Мага таарынып жүргөн жоксуңбу, ыя? – деди акырын. – Такыр чолом тийбейт. Жаш чагыбыздай жай отуруп, чечиле бир сүйлөшсөм дейм. Канча жыл көрүшпөй жүрдүк. Согуш бүтсө, жумуш жеңилдеп, кол бошоор десем, кайра көбөйдү. Кээ түнү ар иштин башын ойлой берип, уктабай таң атырам. Чарбаны кантип оңдосок, эл тоюнса, план аткарылып турса деп бир санаага батып алсам, аягына чыга албайм. Эл да жаңырды, эл сыяктуу жакшыраак жашагысы келет...

Бирок экөөнүн тең чолосу болбоду, ээн отуруп, эркин сүйлөшө алышпады. Убакыт болсо октой учуп өтө берди. Кийин биротоло өтүп кетти.

Ошо күздө Танабай жылкычы болуп тоого көчтү, Торгой чалдын жылкысынын ичинен кула тайды ошондо алгач көрдү.

– Мурастап калтырарың барбы, аксакал? Жылкыңын түрү жупуну го? – деп какшыктап калды Танабай жылкыны санап алган соң.

Торгой чал ээгинде эки тал сакалы жок, чүрүшкөн кол башындай чал болчу. Өзү меке[1] чал болсо, башындагы саңсаң[2] тебетейи көмкөргөн казан кебетеленип калар эле. Мындай чалдар кыялы чапчаң, ишке ыкчам болот. Бирок Торгой чаңырып чыкпады.

– Жылкыдай эле жылкы,– деди ал кенебей. – Мактанар артыкчылыгы жок, кубалап кайтарсаң көрө жүрөрсүң.

---

[1] м е к е – куу, амалдуу.

[2] с а ң с а ң – жүнү өскүлөң козунун териси; ушундай териден жасалган тебетей.

– Э, аксакал, мен жөн эле тамашалап айттым,– деди Танабай кайта жумшарта чалып.

– Бирөө бар! – Торгой көзүнө түшкөн тебетейин өйдө түртүп, үзөнгүгө тура калды да, бүктөй кармаган камчысын суна көрсөттү. – Тетиги кула тайды көрдүңбү, тигине, четте оттоп турбайбы. Ошол. Күнү келгенде көрөсүң. Азыр кунан чыкма. Мындан чыгат.

– Тетиги тоголокпу? Бели кыска, майда экен.

– Кенже туулган. Ал эчтеке эмес, баралына келгенде көрөсүң.

– Бу тайдын эмнеси артык экен?

– Жорголугу.

– Жорго болсо болор.

– Мындай жорго сейрек чыгат. Илгери мындай жорго эр жигиттин кунуна турчу. Ат болоту жорго тай деген ушу.

– Кана, көрөлүчү! – деди Танабай атын теминип.

Экөө үйүрдү четтей бастырып барып, кула тайды бөлүп алды да, кууп көрүштү. Кула тай да эригип калган көрүнөт, көкүл серпип кошкуруп, жорголоп жөнөдү, алыстан кайрып салды. Анын жоргосуна кызыга түшкөн Танабай:

– Балакет, оо-ой! Карасаң!.. – деп жетине албай кыйкырды.

– И, көрдүңбү, билип алгын,– деп Торгой чал да жандады.

Экөө кичинекей балдарча ээлигип, жорго тайды сүрөп кыйкырышып, артынан таскактатып баратышты. Кыйкырык-сүрөөн чыккан сайын жорго тай ого бетер төшөлүп, бирок жаңылбай, чайпалбай, арышын арбын таштап, жоргосун эркин салып баратты. Үйүрдү карай алыстан кайрып салгандагы шукшурулган көрүнүшүн көрүп туруп, Танабай учкан кушка окшоштуруп жиберди. Көзүм тийбесинчи деп, кайра алдыртан үч түкүрүнүп койду.

Экөө аттарын текирендете чабышты, бирок кула тай жүрүшүн бузбады, жыбылжып бара берди.

– Көрдүңбү, Танабай,– деп кыйкырды Торгой чаап баратып. – Эмитен сүрөөнгө сезимтал, жаныбар «айт» деп койсоң бүлөгөн устарадай кетет. Айт, айт, аа-айт!

Кула тай кайрылып үйүрүнө кирген соң экинчи аны козгошподу. Бирок өздөрү токтоно албай, жулкунган аттарынын өпкөсүн басып, үйүр тегерете көпкө бастырып жүрүштү.

– Ыракмат, Торгой аке, чыгаан болор малың бар экен. Көңүлүм ачыла түшпөдүбү.

– Бу тайдан чыгат,– деди Торгой чал. Анан кайра жүз үйрүп, желкесин кашыды. – Бирок сен анчалык үзүлүп түшпөчү. Көзүң тийбесин. Көрүнгөнгө да айта бербегин. Сулуу кыз менен суу жоргонун жуучусу көп болот. Кыз тагдыры кыйын да: жакшы колго туш келсе, жадырап гүлдөйт, көргөндүн көңүлү курсант болот, жаман колго туш келсе, кор болот, көргөндө жаның кейийт, жардам беришке колуңан эчтеке келбейт. Жакшы ат да ошондой. Жылкы баласын кор тутсаң жолдо каласың, адам баласын кор тутсаң колдо каласың деген. Илгери кыргыз-калмак болуп чабышып турганда кордук көргөн калмактар кыргыз баласын эмне деп каргаганын уктуң беле?» – «Орто жолго барганда атың өлсүн, орто жашка барганда катының өлсүн» дептир. Көрдүңбү?.. Ии, ошондой баатыр... Бу тайды жакшы асырасаң, кезинде жарпыңды жазат, кууганыңды куткарбайт.

– Кам санабаңыз, аксакал, мен да кичине эмесмин, ардемени көрүп калбадыкпы.

– Аның дурус. Эмесе билип ал, аты Гүлсары.

– Гүлсары?

– Ооба. Былтыр жайлоодо небере кызым коюп кеткен. Кула жабагыны деги эле жанындай көрчү. Ошондо Гүлсары деп койду эле. Гүлсары атын өчүрбө, балам.

Сөзмөр киши экен Торгой чал. Түнү менен билген акылын айтып чыкты. Танабай да кунт коюп укту. Эртеси Торгойдун көчүн Танабай ашуунун белине чейин узатып кайтты. Журтта Танабайга деген ээн боз үй калды. Дагы бир үйдө жардамчысы турмак болду. Бирок жардамчыны али таба элек, өз үйүн да көчүрүп келе элек. Азырынча Танабай жалгыз калды.

Коштошуп жатып, Торгой дагы айтты:

– Кула кунанды азырынча тийбе. Эч кимге да бербегин. Эмки жазда өзүң үйрөт. А дегенде эле зоруктуруп кызыл эт кылбай аста-асталап жоргосун калыптант. Дайыны жок ойго-тоого салдырсаң жоргосун бузуп алып жүрбөсүн. Үйрөтүп алсаң, өлбөсөм бир көрсөтөрсүң...

Жылкычылык чакан жүгү артылган төөнү жетелеп, жылкыны, эки уйду таштап, Торгой кемпири экөө ошентип көчүп кеткен...

Аты оозго илинип калганын, дагы канча сөз болорун, ал сөздөрдүн акыры эмне менен бүтөрүн анда Гүлсары билсе кана!..

Ал эчтемеден кабары жок жылкынын арасында эркин ойноп жүрө берди. Тегереги баягы эле курчап турган тоолор, оттогону баягы эле тектир саз, ичкени баягы эле түбүндө жылтыр таштары кубулган кашка суу. Бирок кайтарган ээси башка киши болду. Мурдагы чалдын ордуна эми аскер тумак, сур шинелчен кара мурут киши келди. Кыйкырса каргылы бар үнү катуу өкүм. Жылкы да бат эле көнүп калды. Мейли, каалаcа тегерене чаап кыйкырып жүрө берсин дегенсип жайбаракат жайылып жатат.

Анан кар түштү. Бат-бат жаап, көпкө жатчу болду. Кийинки жааганы биротоло жатып калды. Жылкы кар тээп оттогонго кирди. Жылкычынын өңү карайып, колу туурулду. Эми кийиз чокой, чоң тон кийди. Гүлсары да үшүй турган болду, айрыкча түнкүсүн чыйрыгып калат.

Анан анын да кыштоо жүнү өстү. Аяздуу, бороондуу түндөрдө жылкы биринин демине бири жылынып, буйгатта турат. Эртең менен кыбыраган кулактары гана болбосо, баарын бубак басып, жар менен жар, боор менен боор болуп көрүнөт. Жылкычы да түнү менен жанында, кар кырчылдата тегеренип бастырып жүргөнү жүргөн. Кээде бир топко дайынсыз жоголуп кетип, кайра келип калат. Жылкы анын кетпегенин жактырат, караан тутат. Кээде үн салып, же суукка кайыккан неме тамагын кырып жөтөлүп койсо, жылкы да тобу менен баштарын селт көтөрүп, кулактарын тикчийтет, ээси жанында жүргөнүн көрөт да, көңүлдөрү тынчып, түнкү шамалдын ышкырыгын тыңшап, кайра үргүлөп тура берет. Ошол кыштан тартып Гүлсары өмүр бою Танабайдын үнүн жазбай таанып калды.

Бир жолку бурганактуу түн Гүлсарынын эсин чыгарды. Кыйпысыктап жааган кар жалды чыпкалап, куйрукту салмактатып, таноого толуп, көз ачырбай турган. Жылкы тынч ала албай, бирине-бири ыктап, улам четте калганы ыктоо издеп тегеренип, тобу менен сүрүлүп турду. Кексе бээлер кошкуруп, титиреген кулундарын ортого айдап киргизип, Гүлсары четте калды. Үйүр топтун тыягынан айланса да, быягынан айланса да, башынката албады. Бир даары менен тебишип, омуроолоп көрдү эле, мурдагысынан бетер четке серпилип калды да, эки ортодо үйүрдүн айгырынан тепки жеп алды. Айгыр баятан бери чулу туяктарын мылгыта кар жиреп, жылкыны чарк имере үйрүп жүргөн. Жаалданган чоң айгыр кээде кулак жапырып, башын сүңгүтүп, караңгы түнгө житип кетет, тигинден-мындан каарлана кошкурганы угулат, аздан соң акшыңдап кайра жетип келет. Четтеп кеткен Гүлсарыны көрүп калып, бир жолкусунда ачуусун андан чыгарды. Жетип барып кең омуроосу менен коюп өттү да, артын сала берип, кош аяктап капталга тепти. Гүлса-

ры өпкөсү үзүлүп кеткендей болду, талып калды. Төрт аягы бүрүшүп онтоп ийип, аздан соң араң боюн түзөдү. Ошондон кийин ээнбаштыгын койду. Үйүрдүн четине тыгылып, жоошуп калды. Кабыргасы сыздап, жинди айгырдын кордугун унута албай турду. Үйүр тынчыган кезде алыстап жел менен үзүлүп келгенсиген чоочун үн угулду. Мурда эч качан карышкырдын улуган үнүн укпаган Гүлсары дирт этип алып, тула бою муздап кетти. Жылкы үйүр тобу менен бир дүргүп алды да кулак түрө титиреп, кайра токтоду. Түн жымжырт, бирок ошонусу үрөй учурат. Кар үнсүз жаап, Гүлсарынын элөөрүп көтөрө калган тумшугуна жабышып, эрип турду. Кожоюн кайда? Ушул азыр болсочу, жадегенде үнүн угузсачы, тонунун түтүн буруксуган жытын жыттатсачы. Кайрат болбос беле. Бирок ал дайынсыз. Гүлсары жан жагына көз салып, коркконунан селейе түштү. Арт жагынан жер менен жер болуп кубаңдаган көлөкө өткөндөй болду. Гүлсары үйүрдөн четке жалт берди. Ошол замат араң турган жылкы тобу менен дүр койду, шамал тийгендей жапырыла берди. Ал анан токтотуп көр! Эси чыккан жылкы тоо жаңырта азынап, түндү көздөй чыңырып, уюп турган жылчыксыз түндү шабырдай[1] жиреп, көчкүдөй жөнөдү. Тоодон кулаган таштардай бирин-бири ээрчитип, бирин-бири сүрдүктүрүп, бирок чачылып бириндебей жайыла качты. Жан кулактын учунда, өзү топтун ичинде Гүлсары кетти. Аңгыча түн жаңырткан мылтык үнү угулду, ага удаа дагы атылды. Жер дүңгүрөп, кулак тунуп бараткан жылкы кожоюндун ач кыйкырыгын жазбай тааныды. Каптал жактан чыккан тааныш үн айкай салып отуруп, үрккөн жылкынын алдын торой чыкты... Эми жылкы басылбаган ач кыйкырыкты ээрчип качты, ач кыйкырык сүрөй кайрып, баштап алып

[1] ш а б ы р д а й – *элестүү* м. камыштай жиреп.

баратты. Үрккөн үйүр эпкини аласалып кетпесин деп, оболу өр талаша чаап, анан тектир издеп, капталдай салды. Бирок түн караңгы, көз сокур, тайсаң кеттин, кургуйга. Танабай жанын оозго тиштеп бычактын мизинде баратты. Эми дабышы да каргылданып, бастай берди. Ошондо да болбой: «Кайт! Кайт! Кайт-аайт!» деп, жылкыны дем бастылап үн салат. Жылкы кожоюндун караанын байыр тутуп, үнүнөн кубат алып, бирок арттагы көрүнбөгөн коркунучтан жүрөктөрү шуулдап дале токтоно албай барат.

Таң кылайганда Танабай жылкыны эски жайытына кайрып келди. Жылкы ошондо гана ийириле токтоду. Кан дүргүткөн коркунучтан дале арыла албай омуроо-сооруларынан чыккан калың буу астында солуктап турду. Ысык эриндери менен кар жалмалайт. Танабай да кар жеп отурду. Эки өңүрү жайылып, үңкүйө отуруп, аппак кардан умачтап ашады. Анан эки алаканына бетин басып, кыймылсыз катты да калды. Чаар асмандан кар сампарлап, аттардын ысык сооруларына түшөр менен эрип жатты, тер кошулган сары суу аяк астына сарыгып жатты...

Кар кетип, жер көгөрдү. Гүлсары тез эттенип, дүгдүйтө жал байлады. Жылкы түлөп, соорулары жылтылдап, ирeңине чыкты. Катаал кыш, кынжыйткан жутамчылык болбогондой. Анын баары жылкы баласынын эсинде калбады, адам баласынын эсинде калды. Чыкылдаган темир аяз, бөрү улуган түндөр, ат үстүнөн түшпөй ээрде тоңгон күндөр, отко кактаганда жаны качкан манжалары сыздап ооруп, ыйлап жибербеске эрдин кесе тиштеген учурлар адамдын эсинде. Көктөмдөгү шыргалаң, кылтыйган чөптү чып кармап, жылкынын туягын мүлжүгөн, тумшугун канжалаткан көк муз, жандан өткөн жаздын ызгаары, кыштан начар чыккан көтөрүм аттар очорулган жеринен кайра турбай, үйүрдөн бир нечеси

чыгаша болгону да адамдын эсинде. Тоодон түшүп, колхоздун кеңсесине барып, башкармага тик багып карай албай өлгөн малдын актисине кол койгону, кайра чыдай албай атып туруп, столду койгулап бакырганы да эсинде.

– Сен эмне акыраясың мага? Мен сага фашист эмесмин! Жылкынын сарайы кана, жем-чөбү, сүлүсү[1] кана, тузу кана? Жел ооп күн көрүп жүрөбүз. Ушинтип иштегиле деди беле? Моминтип самтырап жүргөнүбүздү көрбөй көзүң жокпу? Кырк курак үзүк үйдү көр, жалам талкан жок үй ичин көр! Тиги кан кечкен бронтто да күнүбүз адамдай эле. Болбосо өлгөн малды мен муунтуп салгансып акырайбагын!

Ошондо башкарма лам дебестен кумсарып отуруп калганы да эсинде. Ачуусуна чыдабай сай-сөөккө жеткире айтып алып, кайра бармагын тиштегени, башын шылкыйтып, башкармадан мукактана кечирим сураганы да эсинде:

– Сен... Сен кечирип кой, ачуу менен кармана албай кеттим...

– Мен сени эмес, сен мени кечир,– деген анда Чоро.

Анан кампачыны чакырып алып, турган жерден буйрук берди:

– Танакеңе беш кило ун бер. Мында Танабай ого бетер уялды.

– Жетимдерди кантебиз? – деди кампачы.

– Кайсы жетимдер? Бээ десе төө дейсиң да! Бер! – деп Чоро кампачынын шылтоосун түшүнмөксөн болуп, кесе айтты.

Танабай унду албайм дегиси келди. Жакында уй тубат, кымыз чыгып калат, акка аралашып алсак, эгин бышканча чыдаарбыз демекчи болду да, кайра башкарма кампачыны алдагансыган амалын түшүнүп, унчук-

---

[1] с ү л ү – сулу.

пады. Кийин ошол ундан жасалган кесмени ичкен сайын оозун күйгүзүп жүрдү.

– Сен эмне, жыдытып өлтүргөнү жүрөсүңбү?– деп кашыкты таштап ийип, ачуусун аялынан чыгарчу.

– Суутуп ич, бала эмессиң го,– дейт анда аялы кебелбестен.

Ошонун баары эсинде...

Жадыраган май келди. Айгырлар азынап, кездешкен жерде алышып, жеңгени жеңилгендин үйүрүндөгү байталдарды өз үйрүнө кубалап кетип жатты. Айгырларды ажыраштырып жылкычылар чапкылашты, бөтөн үйүрдүн айгырын уруп-сабап кубаласа, анын ээси жолугуп, эки жылкычы кер-мур айтышып, камчы үйрүшкөндөрү да көп болду. Гүлсары болсо, үйүр тегерене буландап жорго салып ойноктоп, айгырлардын чатагы менен иши жок. Өткүн өтсө, кайра күн жаркырап, ташка чейин чөп чыкты. Көйкөлгөн шибер жапжашыл, тегеректе аппак карлуу чокулар, төбөдө көк асман. Кунан жорго бой-келбети сыналып, ушул жазда жаштыгынын кызыгына мас жүрдү. Бою жазылып, тулкусу узарып, балалык жумур денеси чыйралып, көөдөнү кеңейди, соорусу жайылып, курсагы кынжыя тартты. Кең омуроо, балбан билек, «чаткаягы чаткалдай», катыңкы баш, дулдул жон тартып, нагыз сынакы жоргонун кебин кийип келатты. Кочкор тумшук, жыйнак эрин, алагар көздөрү аңтарылып, жазы маңдай. Бирок өзүнүн айгырак сымбатын билип жаткан Гүлсары жок. Бу жазда ал боор болсо боорлой, тектир болсо тектирлей бөжүп чуркап, жорголугун күчөттү. Ошентип оюн салып, кумардан чыкпаса тынч оттоп турбас болду. Ан сайын жылкычыда тыным жок. Өзү курбал кунан-тайды ээликтирип-элиртип, алар оюн салып мөңкүсө, Гүлсары жоргосун жазбай безилдейт, курбуларынын арасында сары жылдыз болуп учат. Тула боюнда кайдагы бир кажыбас күч туйлап өргө чабат,

өрдөн ылдыйга, ылдыйдан сайга, сайдан кырга чабат, кырды кырдай зымырылып, туягынан майда таштар чыркырайт. Түнкүсүн үйүр четинде үргүлөп турса да кыялында учуп-күйүп жөнөлөт, кулагында жел ышкырып, жер танабы кыскарып, төрт туяктын дүбүртү коңгуроодой шыңгырап угулат.

Кожоюнуна Гүлсары көнүп алды, жатсынбайт, жакындаса чунаңдап кулак жапырбайт, бирок айланчыктап үйүр да эмес. Танабай да аны өнтөлөп көңүл бурбайт, тек сырттан багып ичи жылыйт. Ырас, кээде кунан-тайды азгырып алыстап кетсе, кууп кайрыйт. Кыжырына тийгенде эки-үч курдай укурук менен соору талаштыра салып калган учуру да болду. Анда Гүлсары эти ооругандан эмес, үрккөнүнөн тула бою дир-дир этип чоочуп кетип, анан ызылдап суу жоргосуна түшөт. Үйүрдү беттеп, Гүлсары куйруктуу сары жылдыздай агылып учат. Ал ансайын артта укуругун сүйрөп чаап келаткан кожоюндун ичи жылыйт, сүрөөн сала айкырып, ээлиге чабат. Анан Гүлсары кожоюндун кыялданган ырын угат. Ырды жорго жактырат, ырдаган кожоюнун да ал учурда жакшы көрөт, ырдын ыргагына сала бөжүйт. Кийин Гүлсары ыр ыргагын жазбай сезчү болду, ар түркүн ыр укту: шаңдуусун да, узунун да, кыскасын да, сөзү бар, сөзү жогун да угуп жүрдү. Анан дагы Гүлсары кожоюндун жылкыга туз берген саатын жактырчу. Буттуу узун аштоого кезек-кезек жылтыр көк туз салат. Үйүрү менен каптап, жылкы туз жалайт. Мына ушунусу жыргал эле.

Акыры Гүлсарынын түбүнө да ошол туз жетти.

Бир күнү кожоюн бош дагыраны каңгыратып, жылкыны тузга чакырып: «По-по-по», – лоп калды. Үйүр жылкы жүгүрүп келип, аштоого баштарын салды. Гүлсары да аттардын арасында туз жалап турган. Кожоюн жардамчысы экөө укурук алып, айлана басты. Гүлсары ага маани берген жок. Укуруктун ага тиешеси жок. Уку-

рук менен мингич аттарды, саан бээлерди кармайт. Гүлсары болсо аркан-жиптен азат мал. Бир маалда кыл аркан тумшугун сылай өтүп, мойнуна илинди. Гүлсары андан да шек албай тура берди. Башкасы болсо укурук салынганда кетенчиктеп кошкуруп, асман чапчып атырылмак. Гүлсары былк этпеди. Анан сайдан барып суу ичмекке Гүлсары кетенчиктеп катардан чыгып, жөнөй бермекчи болду эле, моюнундагы кыл аркан сыйыртмактап тартылып келип, тык токтотту. Мындай шумдук башынан өткөн эмес. Гүлсары кежең эте бир жулкунуп алды, болбоду. Ошондо эси чыгып, турган жеринде так секирди, көзү чарасынан чыга кошкуруп, кишенеп жиберди. Жанында турган жылкыдан бири калбай дыр койду. Кыл арканды муунта тарткан эки адамдын ортосунда Гүлсары жалгыз калды, кашында кожоюну, артында анын жардамчысы. Жакында жакадан келген топ бала чурулдап, четте турат. Алар келгенден бери сандарын чапкылап үйүрдү айлана чуркай беришип, Гүлсарынын мазесин алган эле.

Жоргонун үрөйү учту. Жанталашып көккө дагы атылды, анан үстү-үстүнө аба чапчыды. Күн элтеңдеп топтой секирип, шакек-тегерек ичке алкактарга сынып кеткендей асманга толуп чыкты, туш-тарапка дөңгөлөндү. Тоо томкорулуп, жер астын-үстүн аңтарылып, адамдар аласалып кулап жатты. Анан тоо да, күн да өтүп, Гүлсары бүткөн бою калчылдап, караңгы түндү чапчылап калды.

Бирок канчалык туйлаган сайын кыл аркан ошончолук кылкындыра берди. Муунуп бараткан жорго кармаган адамдардан качам деп, кайра аларды көздөй секирди. Адамдар жапырыла жалт берип, кыл аркан бир азга бошоңдой түштү. Эми кутулгандай көрүнүп, Гүлсары сүйрөй качты. Катындар кокуйлап, балдарды үйгө кубалады. Бирок жылкычылар куткарбады, сүйрөлүп барып, тура калышканда жоргонун моюнундагы аркан кайра

тартылды, жанагындан бетер муунтту. Гүлсарынын деми кыстыгып, башы айланып, көзү караңгылады.

Колундагы арканды жыйнай кармап, кожоюн жакындай басты. Гүлсары аны бир көзүнүн кыйыгы менен көрүп турду. Кожоюндун кийими дал-далынан айрылып, бети канталап жүрөт. Анткен менен жүзү жылуу, көзү мээримдүү карайт. Алкына дем алып, канаган эриндерин чопулдатып, жоошута күбүрөп келди:

– Так, так, жаныбарым Гүлсары. Коркпо, так, так, ата жосуну, ата расмиси!

Бир жактан арканды бошотпой жардамчысы келди. Кожоюндун колу акыры жоргонун моюнуна жетти, жаагын сылап, алкымын кашып туруп, бурулбастан:

– Жүгөндү, – деди.

Жардамчысы жүгөндү алкым астынан сунду.

– Так, так, Гүлсары, эй, тентегим,– деп кожоюн кулагынын түбүн кашый берди. Жоргонун көзүн алаканы менен калкалап, башына жүгөн катты.

Эми ооздуктоо калды, анан эптеп ээрин токуур. Жүгөн башына катылганда Гүлсары кошкуруп, бир жулкунду эле, кожоюн үстүңкү эрдин шап уучтады.

– Толгочту! – деп бакырды жардамчысына.

Жардамчысы үстүңкү эрдине кайыш орой коюп, жыгач тээк менен толгоп жиберди.

Гүлсарынын жаны чыга жаздады, көткү эки бутуна очорулуп, былк эте албай моюн сунду. Муздак темир шылдырап тишине кагышып, эки ууртун жыра тартып, оозуна кептелди. Анан адамдар жонуна бирдеме салып, басмайылды көөдөнүн кыса жулка тартканда теңселе түштү. Эми ага баары бир эле. Толгоч салган эрди ооруп, жаны чыгып баратты. Көзү агып түшүп калчудай чакыйып, ак-карасы аңтарылды. Же дем аларга, же тырп этерге чамасы жок, жалдырап асманды тиктейт. Жаны ооруганы ошончолук, жонуна кожоюн мингенде да бай-

кас албады. Эрдинен толгочту бошотуп алганда гана эсине келди.

Адегенде Гүлсары башы айланып, бүткөн бою арчындалганын түшүнө албай калчылдап тынч турду. Анан чоктугу жакка кыйыгын сала коюп, жонунда бирөө зоңкоюп отурганын көрүп алып, чоочуп кетти. Атырылып жөнөй берди эле, ооздук эки ууртун айрып, оозу араандай ачылды, адамдын эки буту эки колтугуна батып баратты. Жорго аны көккө серпип таштачудай асман апчып секирди, жаалдана кишенеп жиберди. Токтой калып, мөңкүп да көрдү. Жонуна жабышкан балээ түшүп калар эмес, анда жорго атырылып беткелди чапты. Бирок атчан турган жардамчынын такымындагы кыл аркан аны алыстатпай жулка тартып токтотту. Анда жорго тиги атчанды тегерене чапты, ушу тегерек жазылып кетсе баш оогон жакка окторулуп алып-учмак. Бирок кырчоо жазылбады, андан чыга албай жорго тегерене берди. Адамдардын көздөгөнү да ошол экен, үстүндөгү кожоюн тумсак санды ачыштыра камчы чаап, өпкөсүн ургулай курч такасы менен теминет. Анткен менен жорго эки жолу кожоюнду таштап кетти. Бирок ал ыргып туруп, кайра минди.

Бул машакаттуу тегеретме көпкө созулду. Жоргонун башы айланды, теребел жер-дүйнө кошо айланды, жакындагы боз үйлөр, алыста жайылып жаткан жылкы, алкактанган тоолор кошо айланды, көктөгү булуттар кошо айланды. Жорго зорукту, чапканын коюп калчылдай басты. Ичи ысып, чаңкап баратты.

Бирок адамдар суу ичирбеди. Кечкурун ээр-токумун албастан, басмайылын гана бошотуп, тизгин каңтарып, мамыга аса байлап койду. Башы кежейе тартылып, ооздук кемирип, жорго какчыя катты. Үзөнгүлөр да кайрылып, ээрдин кашына илинген. Ушу калыбында же эңкейип топурак жыттай албай, же жата калып кычыш-

кан жонун төшөп оонай албай, буттарын эркин суна албай таң аткыча турду. Ойдо жок жерден башына түшкөн бүгүнкү мүшкүлгө түшүнө албай аргасыз жоошуду. Көнбөгөн ооздук саал кыймылдаса жанына батат, даттуу темир даамы жагымсыз. Ооздук жырган эки уурту шишип чыккан, ал ооруйт. Басмайыл кысып салган бооруу сыздайт, ээр баскан эки капталы сыздайт. Суу ичкиси келип, өлүп турат. Тиги өзөндө шаркырап аккан суунун шары тынбай угулуп, ого бетер чыдамын кетирет. Өйүздө жылкы адатынча жайылып жатат. Кээде дүбүрт, кээде кишенеген үн, түнкү жайыттагы жылкычынын «айт-айттаганы» угулат. Күүгүм талаш адамдар от башында кобур-кобур сүйлөшүп отурушту. Балдар ойноп итче үрүп, иттер абалап жатты. Гүлсары турду какчыйып, каңтарылып. Аны ойлогон киши жок, аны баары унуткандай.

Бир маалда ай чыкты. Караңгы түн кучагында тоолор үнсүз каалгып, ай шооласы астында теңселип турган тариздүү. Жылдыздар мурункудан бетер бажырайып, жерге салаңдап түшүп келген тариздүү. Байлоодо турган Гүлсарыны кимдир бирөө издеп жүргөнсүдү. Өзү менен бир жазда туулуп, бир жайылып, бир өскөн тору байталдын кишенегенин укту. Байталдын маңдайында кашкасы бар жарашыктуу. Гүлсарыны коштой чуркаганды жакшы көрөт. Жакындан бери чоң айгырлар эркелетип чакыргандай окуранып, байталды имерчиктей турган болду. Бирок байтал чунаңдап алардан качып чыгат, экөө ээн жерге ойноп кетет да, бири-биринин жалын кашып, моюндашып турганды жакшы көрүшөт. Байтал али бала эле, кексе айгырдын каалаганын биле элек, Гүлсары да бала эле, али үйүргө кире элек. Экөө кең дүйнөнүн бейкүнөө балдары эле азырынча.

Тору байтал жакын эле жерден дагы кишенеди. Гүлсары анын үнүн жазбай тааныды. Кишенеп жооп кайтарайын деди, бирок уурту шишиген оозун ача албады.

Ачса эле жаны кошо чыгып кетчүдөй. Акыры тору байтал издеп таап келди. Желе жортуп, айдын жарыгына кашкасы кашкайып келди. Өзөндөн өткөн байтал куйругуна, чачысына суунун муздак илебин ала келди. Экөө жыттташып калды, жумшак, жылуу эриндери менен байтал аны аймалап жиберди. Ойноок бышкырып, айгырак Гүлсарыны чакыргандай болду. Гүлсары болсо ордунан козголо алгыс абалда. Анда тору байтал айгырактын жалына ээк артып, жалын кашып кирди. Гүлсары да байталдын ыйык жалын кашып берсе болмок, бирок ылаажы жок, байталдын эркеген ниетине ыкласын билдире албады. Козголууга дармансыз. Каны катып суусап турат. Аттиң, байтал ага суу апкелип берер болсочу! Акыры тору байтал желе-жорто кайра кетти. Карааны караңгы түнгө сиңип кеткиче Гүлсары артынан томсоруп карап турду. Келди да, кетти. Айгырактын көзүнөн жаш мөлтүлдөдү. Мончоктоп тумшугуна чууруп, аяк астына үнсүз таамп жатты.

Гүлсары жорго ошентип өмүрүндө бир ыйлады. Таң эрте кожоюн чыкты боз үйдөн. Жашыл этек, ак чокулуу жазгы тоолорго шүйшүнө карап туруп, оозун чоң ачып эстенип, керилип-чоюлуп алды. Арка омурткасы ооруганга кыңкыс онтоп да жиберди.

– Алда, Гүлсары, кечээ мени жанчып салыпсың го. Эмне? Чыйрыгып турасыңбы? Бир тергеката түшүпсүң го? Жарайсың!

Кожоюну жоргону кашып, омуроосун сылай таптап, жылуу сөздөрүн айтып эркелетип турду. Адам эмне айтып жатканын Гүлсары кайдан түшүнсүн. Танабай болсо:

– Мага таарынба, досум. Качанга дейре килеңдеп бош жүрмөк элең. Эчтеме эмес, көнүп кетесиң. Ырас, кичине кыйналып калдың, ансыз болбойт да. Турмуш деген ушундай, эселегим, төрт аягыңды да такалайт. А, бирок, анын жакшылыгын да көрөсүң, көрүнгөн ташка жүгүнбөй ка-

чырата тепсеп өтөсүң. Ачыгып калдыңбы? Суусап турасың, ээ? Билем...

Танабай жоргону жетелеп суугa алпарды. Жаралуу оозунан суулугун абайлап чыгарды. Диртилдей тизеси бүгүлүп, Гүлсары суугa тумшугун салды. Муздак суу чыкыйын какшатты. Ох, чиркин, не деген таттуу суу. Ушу суудан ичирген ээсине Гүлсары өмүр бою кул болууга ыраазы болуп ичти.

Ошол ошо болду. Гүлсары токумга үйрөнүп, жатыркабай, кысынбай калды. Ээси минип алса кайра шаттангандай жүрөт, ооздук кемирип шукшурулат. Танабай тизгин кагып, жоргосуна салып коёт. Анда Гүлсары даңгыр жолду тапыратып, ыргактуу чыккан дүбүртү кулактын кычуусун кандырат. Минген адам салмагына ыргагын жазбай безилдешке биротоло ык алып кетти. Көргөн кишинин көзү жайнап, тамшанып калат.

– Ай, жаныбар, жорго болбосоң коё кал, соорусуна суу койсоң да чайпалбас ов! – деп үн салып калышат.

Мурдагы жылкычы кадимки Торгой кезигип, Танабайга ыраазы болду:

– Бали, Танабай, өркөнүң өссүн. Жакшы үйрөтүпсүң. Ал эми көрүп ал, жоргонун жылдызы жаркырап жанар!

## III

Кажыган эски арабанын дөңгөлөктөрү ээн жолдо чыйкчыйк кылдырттайт. Анда-санда чыйкылы үзүлүп өчө калат. Картаң ат алдан тайып, улам токтой берди. Токтой калганда теребелди ың-жың басып, өз жүрөгүнүн: «тумтуп, тум-туп» какканы кулак түбүнөн угулат...

Танабай карыя Гүлсары эс алганча күтүп турат да:

– Жүр, Гүлсары, жүрө кой, күн кечтеп барат, кыбырап жыла берели,– деп жылоодон сүйөй кармап, кайра жетектейт.

Ошентип экөө дагы эт бышымча жүрүштү. Анан жорго биротоло токтоду. Арабаны андан ары тарта албай, араң таноо кагып турду. Танабай аттын нары жагына бир чыгып, бери жагына бир чыгып, күйпөңдөй берди.

– Эмне болду сага, Гүлсары? Ушинтип ээн жолдо түнөп калабызбы, ыя?

Бирок ат аны түшүнүүдөн өтүп калган. Өз башынын оордугун көтөрө албай улам бир жагына салбыратып, шайманы ооп теңселип турду. Жүрөгүнүн: тум-туп, тум-туп, тум-туп... кагышы кулак түптөн угула берди.

– Кечир мени, Гүлсары,– деди Танабай. Шордуу башым, баятан эмне билбедим. Чалдыбары калган арабаны шайманы менен кошо сага садага чаппайт белем. Эптеп үйгө алты саныңы жеткирсем болду эле.

Тонун жерге чечип таштап, шашып атты чыгара кетти. Жан жыгачтарын чечип, моюнчакты шыпырып алды да, бар абзелин[1] бүт арабага атып урду.

– Мына, сени кыйнаган ушу болсо,– деди ал тонун кайра кийип.

Моюнчаксыз, абзели сыйрылган аттын башы гана калдайып, күүгүмдөгөн ээн талаа бетинде Гүлсары көрдөн турган арбактай болуп көрүндү.

– Кудай сакта, Гүлсары, куруп калгансың го? – деп күбүрөдү Танабай. – Бу кейпиңди Торгой көрөр болсо көрүндө бир оонап кетер эле...

Танабай бош жетелеп, экөө илкий басып жөнөдү. Карыя адам, картаң ат. Артта араба калды тарбайып, алдыда батып кеткен күндүн кочкул кызыл нуруна жуурулушкан кара күүгүм кашка жолду коюулана басып, тегеректи тумчулап келет. Тоо караанын мунарыктап, жер кыйыры көк жээк өчүп, караңгы түн каптап келет.

Танабай өңүрү жер чийип келатып, узак өмүр ичиндеги жоргого байланыштуу өткөн-кеткендин баарын эси-

---

[1] а б з е л – жабдык, шайман.

не салып, адамдар тууралуу: «Баарыбыз ошондойбуз. Жакшыны унутабыз, жаманды эстебейбиз. Бирөөбүз төшөк тартып жатып калсак, же көз жумуп кетсек, ошондо гана эстейбиз. Ошондо гана кадырын билип, кандай асылдан айрылганыбызды айтып эскеребиз. Адамды ошентебиз, адамдын жанында тилсиз макулуктун баркын билмек кайда. Гүлсарыны ким минбеди, ким кумардан чыкпады? Кимди гана алчылантып алып жүрбөдү эсил жорго? Эми картайганда баары унутуп таштап кете берди. Мына, каруусу кетип мүргүп, карылыктан мөгдөп келет. Чиркин, күнүндө кандай ат эле!..»

Өткөндү эстесе оролу келди. Өмүрүндө басып өткөн жолуна көптөн бери кылчайып карабаганына таң калды. Эми кай-кайдагынын баары кайра тирилип, көз алдынан өтүп жатты тизилип. Эч нерсе эстен мүлдө чыгып кетпейт экен. Башта Танабай өткөндү көп ойлочу эмес, ойлогусу да келчү эмес. Бүгүн уул-келини менен сүйлөшүп, эски жараттын оозун ачып алган соң, түн жамынган ара жолдо өлөсөлүү ат жетелеп келатып, өткөн өмүрүнө жаны кейиди, өкүнө бир кылчайды эле, караңгыдан калкып чыккансып, көз алдынан чууруй берди.

Божуну ийинине салып сүйөй тартып, батмандаган ойлордун салмагы ого бетер ыйыктап, Танабай илкип келатты. Божу тизгин улам тартыла калат. Ийини талып кеткенде божуну башка ийинине которот. Бара-бара антиш да кыйнады, ат араң эле бутун сүйрөп, оордугун ага салгансыды. Ошондо Танабай атты эс алдырышка токтоду. Ойлонуп туруп, жүгөндү да башынан сыйрып алды.

– Чамаң келсе алдыга бас, мен артыңан жүрөйүн. Коркпо, таштап кетпейм. Кана, илээлеп баса бер.

Ошентип эми ат алдыга түштү, жүгөндү ийинине арта салып, артында Танабай барат. Төл башыдан калган жүгөндү таштап кетмек беле. Гүлсары тыныгып токтой кал-

са, Танабай да токтоп күтүп турат. Анан экөө дагы жол тартат. Карыя адам, картаң ат.

Ушул жол менен кезинде чаң ызгытып өткөнүн эстеп, Танабай кейиштүү жылмайып койду. Гүлсары жоргосун кызый салганда чаңы куйрук улаш жүрө албай, узунунан узун чубалып калар эле. Учкан жылдыздын куйругундай чаңды көргөн адам дароо таанычу: «А жаныбар, Гүлсары баратат!» деп калар эле. Желсиз күнү Гүлсары зымырап өткөн жол үстүндө боз була чаң реактив самолёттун түтүн изиндей болуп, көпкө турат тарабай. Алыстан көргөн койчуман боордо таягын жөлөнүп туруп, алакан серепчилеп: «А, жаныбар, Гүлсарынын жүрүшү го бул!» – деп шыпшынар эле, керимселге бетин куйкалатып, жорго үстүндө канат бүткөндөй бараткан адамга ичи күйөт. Мындай жорго такымына тийгенде кыргыз баласынын төбөсү көккө жетип, колтугуна канат бүтөрү да ырас!

Гүлсары – Гүлсары болгону канча башкарма минбеди. Алардын ичинде акылдуусу да болду, акмагы да болду, ак жүрөк адалы да, суук кол арамы да бар эле, бирок кимиси болсо да башкармалыктан түшкүчө Гүлсарыдан түшчү эмес.

«Кайда эми ошолор? Эртеден кечке бел оорутпай ээринде чайнаган Гүлсарыны эстээр бекен ошолор?» – деп ойлоду Танабай.

Экөө кыбырап отуруп, жарлуу сайдагы көпүрөгө жетти. Жетип токтоду. Гүлсары жаткысы келип, буттары бүгүлө берди эле, Танабай жаткызбады, бир жатып калса, кайра тургуза албасын билди.

– Тур. Тур дейм! – деп бакырып ийип, жүгөн менен атты башка салып калды. Урганына өкүнүп, ачуусуна уулуга кыйкырды: – Билбейсиңби, акмак? Арам өлгүң барбы? Өлбөйсүң! Өлтүрбөйм! Тур! Тур дегенде тур! – деп аттын жалынан тартты.

Гүлсары бүрүшкөн буттарын кайта араң түзөп, өпкөкага онтоп жиберди. Түн караңгы болсо да Танабай аттын көзүн дагы бир кароого даабады. Мойнун, омуроосун сылап, сол колтугуна кулак төшөдү. Жаныбардын жүрөгү көөдөнүндө аптыга кагып, аңтарылып-коңторулуп, тумчуга чабалактап жаткансыды. Танабай бели талып кеткенче ушу калыбында тура берди. Бир оокумда белин түзөп, башын чайкады да, оор күрсүнүп алды. Көпүрөдөн өтүп, жар бойлой кеткен жалгыз аяк төтө жол жакын, бирок караңгыда адашып кетпесе болду. Танабай бул аймактын коён жатагына чейин билет, адаша койбос, ат чыдаса болду.

Танабай ушуну ойлоп турганда алыстан келаткан машиненин жарыгы көрүндү. Жаркыраган эки көз жерден чыга калгансып пайда болду да, теңселген узун шооласы менен түн коюнун тинткилеп, тез жакындап келатты. Келаткан машине экөөнө жардамын тийгизе албасын Танабай билип турду, билсе да ээн талаада адам пайда болгонуна канимет алып, келишин күттү. «Айтор бири көрүндү», – деп ойлоду. Жүк машиненин жарыгы көзүн карыктыра тийгенде колун калкалады.

Машиненин кабинасында отурган эки адам көпүрөнүн башында турган адам менен атты таңыркай караштты. Ат дегидей ат эмес, башында жүгөнү, үстүндө ээр-токуму жок, тек ээсин ээрчип жүргөн ит шекилдүү. Машиненин жарыгы көз ирмемге караңгыдан таап алып, кубарта жарык кылган ат менен чалдын элеси аппак болуп, арбактын сүлдөрү кейиптенип кетти.

– Тообо, түн ичинде эмне кылып жүргөн немелер? – деди шофердун жанында отурган тумакчан узун жигит.

– Жанагы жолдон көргөн араба ушунуку го,– деди да шофер машинесин токтотуп, башын кабинадан чыгарды. – Эй, абышка, жайчылыкпы? Тиги жолдо жаткан араба сеникиби?

– Меники,– деди Танабай.

– Баса, ошондой дейм да. Эски араба турат чалдыбары чыгып, абзелин ала кетели десек, анысы да иштен чыгып калыптыр.

Танабай унчуккан жок.

Шофер кабинадан түштү, оозунан арактын жыты бурр этип чалдын жанынан өттү да, нараак жол үстүндө талтая тура калып, заара ушата кетти.

– Арабаны эмне таштадың? – деди мойнун буруп.

– Ат болдуруп, тарта албай калды. Картаң ат, байкуш.

– М-м. Эми кайда бармаксың?

– Үйгө. Сарыгоого.

– Туу!.. – деп ышкырып жиберди шофер. – Тоогобу? Анда жолубуз башка экен. Же болбосо совхозго таштап коёюн, андан ары үйүңө жетип аларсың.

– Ыраазымын. Атты таштап кете албайм.

– Алдагы өлөсөнүбү? Ой, ит карайбы мунуңу, жардан нары кулатып жибер, карга-кузгун жеп коёр. Келе, жардамдашып коёлу.

– Жолуңа түшүп кете бер,– деди Танабай түнөрүп.

– Өзүң бил,– деп шофер бырс күлүп, кабинанын эшигин карс жапты. – Алжып калган чал тура.

Машине ордунан козголду, узун шоола жарыгын ала кетти. Көчүгүндөгү кызыл көздөрү үңүлө тиктеп, машине өткөндө көпүрө кычырап калды.

– Карыган кишини шакаба чегесиңби, өз башына келсе кантесиң? – деди жанындагы тумакчан узун жигит машине көпүрөдөн өткөн соң.

– Урдум ошону... – деди шофер рулун айландырып. – Мен да далайды көргөм. Айтсам, иштин жөнүн айттым. Таштай албайм дейт жанагы сөлөкөтүн. Эскинин калдыгы да. Билсең, азыр күн көрсөтүп жаткан жалаң техника. Кайда барсаң техника. Согушта да техника. Алигидей чалдар менен жылкынын заманы өткөн.

– Айбан экенсиң! – деди берки жигит.

– Атаңын как башы! – деди шофер.

Машине кеткен соң караңгы түн кайра каптап алды. Көзү караңгылыкка кичине үйрөнгөндө Танабай атын айдады.

– Чү, жаныбар, чү! Илгерилегендин иши илгерилеген, чү!

Көпүрөдөн өтүп, атты жалгыз аяк жолго бурду, жар башындагы караңгыда жүлгөсү араң байкалган бозомук сызманы кубалап, экөө өр талаша жүрдү. Тоо артынан ай кылтайды. Төбөдөгү жылдыздар да айдын чыгышын күткөнсүп, көктүн ызгаарында муздак дирилдеп турду.

## IV

Гүлсары үйрөтүлгөн жылы жылкы күздөөдө көп туруп калды. Кыш кечигип түштү, жумшак түштү, жааган кар жер тиштеп жатып калбай бат-бат эрип, малдын чөбү жеткиликтүү болду. Кыштан мал эттүү чыкты. Жаз чыгары менен бөксө тоо ачылып, жака жадырап жашыл кийингенде жылкы төмөн түштү.

Согуштан кийин Танабайдын өмүрүндөгү жыргалдуу доорону ошол учур болду. Ак боз ат минген карылык али артуу-артуу ашуунун ары жагында эле, ага чейин деп, азырынча Танабай алкынган бышты жорго минип, алчыланып жүрдү. Балким жорго эки-үч жыл кечигип тийсе андагысындай кызыгын көрө албас беле, жигитчиликтин доорун сүрө албай калат беле. Гүлсарыны минип баратканда Танабай эл көзүнө көйрөңдөнүп коюудан да тартынбады. Сымаптай чайкаган жоргонун үстүндө көйрөңдөнбөскө чара барбы? Аны Гүлсары да жакшы сезчү. Айрыкча жакага түшүп келатканда эгин талаасында иштеп жүргөн топ келин жолукса, аларды алыстан көрө сала Танабай ээр үстүндө боюн түзөп, үзөңгүнү

чирене тээп, чалкалай отурат да, тизгинди бошотот. Ээсинин кыймылын Гүлсары да сезе коёт, арылдап жоргосун күүлөп жиберет. Жалы желге сапырылып, куйругу чубалжый илээшип, анда-санда кошкуруп кулак тикчийте коюп, жүрүп берет Гүлсары, мемиреген эгин талаасынын үстүнөн дүпө-дүп дүбүрт чыгат. Убат[1] жолдо келаткан ак, кызыл жоолукчан келиндер жарыла берип, эки бетте белден чыгып көйкөлүп турган буудайга кире качат, чурулдап токтой калып, жалт карашат. Жорго зуу этип өтө бергенде келиндердин жүздөрү, күлмүңдөгөн көздөрү, аппак акак тиштери көз алдынан учуп өтөт.

– Ай, жылкычы жигит, токто! – деп арт жагынан шаңкылдаган күлкү чыгат.

– Байка, бир күнү колго түшүп калсаң оңбойсуң!

Кээде каршы келип калганда келиндер кол кармашып, жол бербей тегеректеп, кармап алган күндөрү да болгон. Оюнсак келиндердин тамашасына даба барбы. Танабайды аттан оодара тартып, шакылыктап туш-туштан тытмалашып, камчысын колдон жулуп кетишет.

– Айт жаның барында, бизге качан кымыз апкелесиң? – деп кысымга алышат. – Биз быякта керээли кечке талаада иштеп, таңдайыбыз так катып жүрсөк, сен жорго минип чалкалайсың ээ!

– Ой, силерди кой деген ким бар? Жылкычы болуп алгыла. Бирок өзүңөр жарабайсыңар. Байыңарга айткыла, жылкы багам десе жашыраак токол алсын. Болбосо силер бу түрүңөр менен тоодо тоңуп өлөсүңөр.

– Апей, муну карасаң! – деп анда келиндер жабыла келип, жулмалап жиберишет.

Бирок Танабай жоргого өзүнөн башка бирөөнү мингизбеди. Башканы мындай койгондо Бүбүжаны да жоргого бир минип көргөн жок. Балким ал жоргого мингиси

[1] у б а т – айдоо аянттарынын чегин бөлүп турган чыйыр жол.

деле келбегендир. Бирок аны көргөндө Танабай өзгөрүлө түшөт, оропара келгенде тизгин тартып, жай бастырып калат.

Ошол жылы Танабай текшерүү комиссиясына мүчө болуп шайланып калган. Мурдагыдан айылга көп түшө турган болду, түшкөн сайын алиги келин менен жолугушуп кетет. Кеңседен Танабай көбүнесе ачуулуу чыкчу. Гүлсары аны басканынан, дабышынан, көзүнөн, кол кыймылынан сезет. Бирок алиги келинге жолуктубу, болду, Танабайдын пейили жазылып кетет.

– Так, так, жулкунба, жайыраак! – деп туйлаган жоргонун омуроосун таптай шыбырап, келинге жанашканда жай бастырып калат.

Анан келин экөө бирдемени жайбаракат сүйлөшүп, же эчтеме сүйлөшпөй жай жүрүп отурушат. Ээсинин ачуусу тарап, колу жумшарып, үнү мээрленип чыгат. Ошол үчүн Гүлсары ээсинин алиги келин менен жолугушкан сааттарын жакшы көрөт.

Колхоздун ахыбалы начар, элдин көргөн күнү кыйын экенин Гүлсары кайдан билсин. Эмгек күнгө жарытылуу эчтеме тийбейт. Текшерүү комиссиянын мүчөсү Танабай Бакасов кеңсеге келген сайын такып сурайт: бул эл тоюнуп, мамлекеттин милдетинен да кутулуп турар күн качан келет? Журт качанга чейин кысыла берет? Деги эмне болуп жатат?

Былтыр болсо кургакчылык болуп, колхоз түшүмдөн куру кол калды, мал жем-чөпсүз кара желге ооз ачты. Быйылкы түшүмдү былтыркыдан аяптоор арбын алып, карызынан да, пландан да ашык төктү, жалпы райондун намысы деп, башка колхоздордун эсебине эгин, мал төктү. Ошентип отуруп, аягында колхозчулар куру жалак кала берди. Эми алардын көргөн күнү не болот? Убакыт өтүп атат, эл согуштун ызгаарын унута баштады, бирок тиричилиги оңолбой келатат го? Отуз сотук огороддон алга-

нына жашап атат. Шылуун-шумдар колхоздун кырманынан көрүнөөсүн көрүнөө, көмүскөсүн көмүскө кытып кеткенине корстон. Же колхоздун чөнтөгүндө каржысы болсочу, мамлекетке төгүлүп жаткан дан, сүт, эттин баары чыгымдын эсебине кетет. Жазда-күздө малдын башы көбөйүп калат да, кыштан чыкпай жутка келет. Создуктурбай койго кашар, уйга сарай куруп, жем-чөптү мол топтоп, сарамжалдап ыраскут[1] этер мезгил жетпедиби. Бирок курулуш материалдын аты-жыты жок, камдайбыз деген чоңдордун дареги жок. Элдин турак жайы да согуштун тушунда кароосуз калып, азыр түртүп койсоң четинен жыгылгыдай. Бирди-жарым там салгандар, алар да болсо мал сатып, картөшкө сатып, базарын күчөткөн, иштин көзүн тапкандар. Андай шылуундар курулуш материалдарын көздөн жаздым, жең ичинен таап жүрөт.

– Жок жолдоштор, биз иштин көзүн таппай жатабыз,– деп туталанат Танабай. Бузуп жаткан бир балээ бар. Иштин жүйөсү ушул дегенге ишенбейм. Же биз дурустап иштебей жатабыз, же силер бизди жакшылап башкара албай жатасыңар.

– Балээ бар дегениң кандай? Ишти бузуп жаткан деп... – Бухгалтер кагаздарын Танабайдын алдына кармады. – Мына, планды кара... Мына, бул алган түшүм, кошулган мал, бу болсо төгүлгөнү, мына киреше, чыгаша мына натыйжасы. Эмне калды? Чыгым көп, кириш жок. Дагы эмне керек сага? Алды менен билип алып, анан айт. Жалгыз сен коммунист болуп, калганыбыз эл душманы бекенбиз?

Анан сөзгө башкалар аралашып, кызуу талаш башталат. Танабай эки колдоп башын мыкчып «бу кандай?» деген ойдун түйүнүн чече албай, түбүнө жете албай бушайман болот. Анын күйгөнү керт башынын камы эмес,

---

[1] ы р а с к у т – расход, чыгым.

кеп башкада. Колхоздо Танабайга тишин кайрап жүргөндөр да бар. Азыр алар сыртынан күлүп, жолуга калганда, ии, кандайсың дегенсип табалай тиктеп, кырдана басат. Какшык айтышат: бизди дагы кулакка тартып, куурата көрбө деп, болгондо, азыр бизден жырык темене да таппай калдың го. «Ач иттин көчүгүн сук ит жалайт» болорсуң. О, оңбогур, согушта сага тийбеген октун көзү жок!.. – дегендей жүрүшөт алар.

Танабай да аларды жалтанбай тиктеп, ичинен: кыжына бергиле, иттер, баары бир жол биздики, биздин оюбуздагыдай болот дейт. А чынында алиги адамдар Танабайга бөлөк-бөтөн эмес, экөө ага-ининин балдары. Аталаш агасы Кулубай согушка чейин жети жыл Сибирге айдалып барып келген. Анан кайдан жакшы көрсүн, ит менен мышыктай. Кулубайдын балдары да Танабайды көзүндө огу болсо атып салуудан таюу тартпайт. Араздашкан аталардын укум-тукуму да, балким, араздашып өтөр. Анын себеби бар. Алдагачан өткөн иш болсо да Кулубайдын тукумуна доо кеткен, Танабайга каткан кеги көкүрөгүндө сакталуу. Кезинде Кулубайды кулак деп кубалаганы туура беле? Же ал өз оокатына тың, орто чарба беле? Андай болсо уялаш ага-ини экенин кантет? Кулубай байбичеден болсо, Танабай токолдон туулганы жалганбы? Танабай өз бир тууганына кара санаганы калппы? Туушкандыгын аттап кеткени тууралуу ал кезде эл оозунда не деген гана сөздөр болбогон. Азыр го жөн башка, ал кездеги иштерди ар кандай баалаupdated болор. Андачы? Колхоз үчүн ошенткени туура болду беле? Кеп ушунда. Учурунда бу тууралуу жада ою бек болчу, мына согуштан бери кээде күдүктөнө ойлончу болду. Өзүнө да, колхозго да кас күтүп алган жокпу?

– Ой, Танабай, уктап калгансыңбы, эмне унчукпай калдың? – деп жолдоштору аны ойдон алаксытып, кайра кызуу сөзгө аралаштырат. Баягы эле түгөнбөгөн түй-

шук: кышкысын үй башы сайын кык жыйнап, айдоого ташып төгүш керек. Арабалардын дөңгөлөгү жок, элден жыгач сатып алып, шаардан алкак темир таап, эптеш керек. Бирок, ага акча кана? Өкмөт карызга акча берер бекен? Банк куру сөзгө такыр ишенбей калды. Эски арыктарды жөндөп, жаңы арык салыш керек. Айта берсе иш чачтан көп. Кышкысын жер тоң, арык казылбайт, элди кыйнай албайсың. Жаз чыгары менен жарыш башталат: жер айдоо, эгин эгүү, мал төлдөтүү, анан чөп чабык, иши кылып, жеткениң алдың, жетпегениң калдың. Мал демекчи, жазгы төлгө даярдаган короо-жай беленби? Сүт фермасынын да абалы начар. Сарайы кулаганы турат, жем-чөбү жок, уйлар мөөрөп, ар кимдин шыбына моюн созуп, келтек жеп жүрөт. Эртеден керээли кечке темселеп бир ууртам сүт саап ала албай, саанчылар да иштегиси жок... Эмнесин айтасың, ичке үзүлүп, жоон сүзүлгөн чак. Ойлой берсең үрөйүң учат.

Бирок шалдайып отуруп калган менен жумуш бүткүдөй эмес. Андыктан белди бек бууп, маселени партиялык жыйналышта, башкарманын жыйналышында, кайра-кайра талкуулашат. Башкарма Чоро. Анын кадырын Танабай кийин баалады. Сындаш оңой. Танабай көп болсо жылкыга жооп берер. Чоро болсо бүт колхозго, колхоздогу элге жооп берет. Ырас, андай ишке Чородой гана азамат чыдамак. Чарбасына келсе эл жакадан алып, районго барса, чоңдор үрөй учура стол муштап, иш кыйшаңдап турганда да Чоро чөгүп калбады. Анын ордуна Танабай же жиндеп кетмек, же асылып өлмөк. Чоро болсо чарбаны чачып жибербеди, алы кеткенче, жүрөгүн илдет басканча чымыркана тиштенип, тиреп турду. Кийин парторг болуп дагы эки жыл иштеди. Чоро журттун тилин таба билчу. Жаны кашайып келген Танабай да Чоронун сөзүн уккан соң иш оңолоруна, күрөшүп, тилеп келген жакшы заман жакында орнооруна көзү жетип,

оор жүгүн Чоро алып калгандай жеңилденип кайтар эле. Тек бир жолу гана Чоро деген ишенимине шек келтирди, бирок ага да көбүнесе Танабай өзү күнөөлүү эле.

Кеңседен кабагы карыш түйүлүп, көзүнүн чаары чыгып келип, үзөнгүнү бек тээп, жалды аткый кармап мингенде, тизгинди жулка тартканда ээсинин ичинде эмне болуп жатканын Гүлсары кайдан билсин. Бирок ээси кысталыш кыйноодо экенин туюк сезчү. Танабай эч качан жоргого камчы салып көргөн эмес, антсе да андай учурда Гүлсары коркуп басат. Тек жүрө түшүп, тааныш келинди көргөндө жоргонун бели жазылып, азыр ээси да жумшарып, тизгинди жумшак тартаарын, ээрге таш өбөк салып, акырын сүйлөшөрүн, келин болсо жоргонун жалын тарап, омуроосун сылаарын сезет. Мындай ажайып кол эч жанда жок. Үйүрдөгү тору кашка байталдын эрининдей мээримдүү жибек кол. Адам баласында бу келиндин көзүндөй сүйкүмдүү көз да жок. Танабай улам өбөктөй берип сүйлөшсө, келин бирде жылмайып, бирде алда немеге көнбөгөндөй кабагын чытыйт. Ошондо көздөрү айлуу түндөгү булак түбүндө жаткан асыл таштай жаркылдайт, же көлөкө түшкөндөй тунжурай калат. Коштошуп жөнөй бергенде да келин бурала бир кылчаят да, капа болбо дегенсип, кылгыра карап калат.

Жалгыз калган Танабай ойлуу жүрүп отурат. Тизгинди бош таштап, жоргонун өз жүрүшүнө коёт. Гүлсары анда кой жоргосун салат. Үстүндө адам бар-жогу сезилбей калат андайда, ээси өзүнчө, жорго өзүнчө бөлүнүп кеткенсийт, же биригип кеткенсийт. Көмөкөйдөн ыр чыгарбай, илгерки өткөн эрлердин күйгөнүнөн ырдайт. Гүлсары тааныш жолго түшүп, өзөн үстүндөгү конушка бет алып жөнөйт... Гүлсары ээсинин ушундай көңүлдө жүргөнүн, алиги келинди бөтөнчө жактырат. Жорго ал келинди сырт турпатынан, басканынан эле таанычу. Атүгүл келиндин боюнан буруксуп турар бир ажайып

чөптүн артыкча жытын сезер эле. Ал жыпар гүлдүн жыты. Келин жыпар мончок тагынып жүрө турган.

– Бүбүжан, карачы, Гүлсары сени жакшы көрөт,– дейт Танабай келинге. – Дагы сылап койчу, дагы. Көрчү, кулак жапырып эркелеп жатканын. Эреркеген эле музоо. Үйүрдө жүрсө мазаны кетирет. Коё берсең айгырлар менен алышып, азынайт да жүрөт. Бири болбосо бири чайнап салабы деп корком. Ошол үчүн жүгөн албай минип жүрөм. Али жаш да.

– Гүлсары го мени жакшы көрөрүн көрөт,– дейт анда келин өзүнчө бир ойго жетеленип.

– Башкалар сүйбөйт дегениңби?

– Жок, андай деле дебейм. Биз бир базардан өтпөдүкпү. Тек сени аяйм.

– Эмнеге аяйсың?

– Сен өңгөлөрдөй эмессиң, кийин кыйналып каласың.

– Өзүңчү?

– Менин эмнем кетти? Мен деген жесир, кайтпай калган аскердин жарымын. А сен болсоң...

– А мен болсом, текшерүү комиссиянын мүчөсүмүн. Мына, сага жолугуп, берер фактыларды аныктап алайын деп баратам,– деп Танабай сөздү тамашага чаргытат.

– Фактыларды тез-тез аныктагыч болуп кеттиң го. Алды-артыңды байкасаң боло.

– Ой, менин айыбым кайсы? Мен келатсам, сен келатыпсың. Кездешип калганыбыз жалганбы?

– Мен келатсам, өз жолум менен келатам. Экөөбүздүн жолубуз эки башка. Кош, эмесе. Мен шашып баратам.

– Коё турсаң, Бүбүжан?

– Дагы эмне дейсиң? Кой, Танабай. Кантесиң, өзүң эстүү адамсың. Сенсиз да кулагым чуулдап, араң жүрөм.

– Мен эмне, сага кара санап атамбы?

– Мага эмес, өзүңө.

– Бул эмне дегениң?

– Ошо дегеним.

Келин өз жолу менен кетет. Танабай болсо, аттын башын буруп, зарыл жумушуна шашып бараткандай теминет, тегирменге, же мектепке кайрылат да, анан башка көчө менен кайра эле алиги келиндин алдын тороп чыгат. Бүбүжан жумушка жөнөөрдө кичинекей кызын кайненесиникине калтырып кетет. Жумуштан кайтканда жолдон кызын ала кетет. Кайненесинин үйүнөн кызын жетелеп чыгып, көчөнүн этегиндеги өз үйүнө кетип баратканын оолактан болсо да бир көрүүгө Танабай алыстан кайрылып келет. Бүбүжан көрмөксөнгө салып бара жатканы да, кара шалы жоолугунан көрүнгөн ак-жуумал жүзү да, колунан жетелеп алган кызы да, кызынын жанында жүгүргөн күчүгү да – баары Танабайга ысык көрүнөт.

Барып-барып акыры Бүбүжан үйүнө жетет. Танабай өз жолу менен андан ары жөнөп, келиндин үйдөгү турмушун элестетет. Ана Бүбүжан каңгырап ээн турган үйдүн эшигин ачты, кырк жамачы купайкесин чечип салып, көйнөкчөн сууга жүгүрдү. Ана, ал от жагып, казан асып, кызын жуунтуп, тамак берет. Жайыттан кайткан уюн тосуп алат. Анан түн кирет, кулагы чуулдаган ыңжың караңгы үйүндө, муздак төшөгүндө жалгыз жатып, Танабай экөө бирин бири сүйүшө албасын ойлойт.

Танабай үй-жайлуу киши, анын курагында бирөөгө ашык болуш жарашпай турган жорук. Ар нерсе өз мезгилинде. Танабайдын аялы жакшы киши, күйөөсү теңсинбей чанып, башка бирөөгө көз арта турган жазыгы жок.

Бүбүжан ушинтип ойлоор деген өзүнүн түкшүмөлүнөн Танабай жанын коёр жер таппай ичи бышып чыгат. «Демек, тагдыр жазбаганы да», – дейт ал өзөндүн нары жагындагы мунарыктаган чыбырды тиктеп баратып. Анан бу жалган дүйнөнүн баардык түйшүк-тирилигин унутат:

колхозду да, бала-чаканын кийим-кечесин да, дос-жолдошторун да, кастарын да унутуп, илгерки муңдуу ырды кыңылдап жүрүп отурат. Мындайда бет карашпай, салам айтышпай калган Кулубай агасын да, кээде түшүнө кире калса муздак терге чөмүлткөн согушту да – жарык дүйнөнүн илгери-кийинин бүт унутуп жиберет. Ырдаган ырына термелип келатып, астындагы аты кантип суу жалдап кечип өткөнүн, өйүзгө чыгып, кайрадан жалгыз аяк жолго түшүп, чайпалган жоргосуна кайра түшкөнүн да байкабайт. Тек үйүр жакын калганын сезип, жорго жүрүшүн ылдамдатканда гана Танабай ыр дүйнөсүнөн ойгонот.

– Так, так, Гүлсары, жулкунба! – деп тизгин тартат.

«Күлүк күнүндө, тулпар тушунда» – деп бекер айтпаган. Канткен менен ошол мезгил Танабайга да, жоргого да күнү тууган кез эле. Чыгаан аттын даңкы футболчунун даңкына тектеш. Кечээ гана көчөдө топ кубалап жүргөн балакай бир эле күнү күйөрмандардын сүймөнчүлүгүнө жетип, жарданган көпчүлүктүн оозуна илинет. Торго тепкен тобу түшүп турган сайын анын атак-даңкы да көтөрүлө берет. Анан күнү өтүп, өзү оюн талаадан кетер менен дарек-дайыны билинбей унутулат. Учурунда жерге-сууга тийгизбей көкөлөтө мактап жүргөндөр аны элдин алды болуп унутат. Айтылуу футболчунун ордун башка бирөө ээлейт. Күлүктүн даңкталар жолу да ушу сымал. Алдына ат салбай чыгып турган чагында атагы жер жарып турат. Болгондо, адам менен аттын ортосундагы айырмачылык бир гана: ат атты күнүлөбөйт, биринин даңкына биринин ичи күйбөйт. Ат жаныбар ич күйдүлүктөн аруу жаралган. Адамдар болсо, кудайга шүгүр, атка ич күйдүлүк кылышты али үйрөнө элек. Бирок кандай деп болот, адамга ишенич жок, ич күйдүлүктүн, көрө албастыктын жолу миң тарам. Адамга кастык ойлоп, минип жүргөн атынын туягына чеге кагып жибер-

гендер да болгон эмеспи. Э, атың өчкүр ич күйдүлүк, аты өчсө кана! Айтып-айтпай эмине...

Торгой чалдын айтканы келди. Ошол жылы жазында жоргонун жылдызы жаркырап көкөлөдү. Кары да, жаш да: «Гүлсары!» «Танабайдын жоргосу», «Айылдын көркү», – деп ооздон түшүрбөй жүрдү.

А тиги «р» га тили келбеген шакмар мурун балдар да топурагы бырпылдаган көчөдө жоргонун жүрүшүнө салып жүгүрүп, биринен бири талашат: «Мен Гүлсалы... Жок, мен Гүлсалы... Апа, айтчы, Гүлсалы менмин ээ? Чу, жаныбайым Гүлсалы! Эй-ии, мен Гүлсалы!..» – деп чуулдашып жүгүрүшөт.

Даңк деген эмне экенин, анын деми канчалык болорун жорго өмүрүндөгү алгачкы чоң байгеде билди. Ал Биринчи Май майрамындагы маараке эле.

Күркүрөөнүн жээгиндеги чоң сазда митинге болуп өткөн соң маараке башталды. Эл казганактап кара таан. Тегеректеги айылдардан, атүгүл Казакстандан да эл келиптир. Казактар байгеге өз күлүктөрүн коштү.

Согуш бүткөнү мындай чоң байге боло электигин журт айтып жатты.

Танабай жакындан бери жоргосун аспиеттеп карап, жем-чөбүн ырастап, тер алып, таң ашырып, таптап жүргөн. Ошондон улам, анан калса бүгүн таң эртеден бери ээсинин көздөрү жайнап, колдору калтырап, элеңдей жүргөнүнөн, жеңилдеп токуп, кош басмайыл тартканынан, куюшканын узартып, чап олоңун бек тартып, көкүлүн шүйгөнүнөн улам бүгүн бир керемет болорун туйган жорго.

– Кана, Гүлсарым, Камбар-Атаң жар болсун. Үмүттү актай көр,– деп күбүрөп турду. Танабай жоргонун жалын тарап, омуроосун улам-улам таптап. – Көзгө көрүнөр күнүң бүгүн. Багың ачылар күнүң бүгүн!

Элдин дүрбөлөңү толкуткан асман асты көк аба да бүгүнкү болор кереметти сездирип турду. Тиги-бу конуш-

тагы жылкычылар да үйүр үркүтүп укурук салып, жараган аттарын минген. Кунан-тай минген балдар ээленип тегеректе чапкылайт. Анан эки-үчтөн аттанган жылкычылар улам бири кошулуп, жоон топ болуп өзөн боюндагы чоң сазга келди.

Чоң саздагы адам менен аттын көптүгүнө Гүлсарынын башы айланды, күрү-гүү эл доошу ээлендирди. Кызыл-тазыл жоолуктар кылактап, алоолонгон кызыл желектер кылкылдап, ак элечектер кыркаар тизилип, өзөн бою көз уялтат, асман асты азан-казан. Үзөңгүлөр шыңгырап, күмүш чапкан көмөлдүрүктөр жаркылдап, аттар да жасалган.

Чабендестер минген аттар сапка сыйбай тыбырчылап, жер чапчып, тизгиндерин жулка тартат. Мааракени башкарган аксакалдар аттарын таскактатып, жорго салдырып, ары-бери жүрүш кылат.

Гүлсары бүткөн бою чымырап, күчү ашып-ташып баратканын сезип турду. Денине от ойноткон дымак киргенсип, топтон суурулуп чыкканга, куюн болуп учканга ээлигип турду.

Анан элден бата сураар маал келди. Аксакалдар белги бергенде Танабай да тизгинди саал бошотуп, эки беттеме казганактаган элдин ортосуна ойноктото чыкты. Кайда сызып жөнөөрүн билбей Гүлсары чарк айлана туйлады. Калың топтон дуу кетти: «Гүлсары, Гүлсары!..»

Байгеге иргелип элүү чакты күлүк кошулду.

– Кана, калайыктан бата алалы! – деп заң этти маараке башы аксакал чабендестерге.

Жалаң баштарына бир байлам жоолукту чарт түйгөн чабендестер кыркаар турган калың катардын алдында алакан жая ээрчий бастырды. «Оомийин!» деген деми күчтүү бата сөз казганактаган элдин бу четинен тиги четине дуу этти да, жүздөгөн кол бет сылап, сакалга аккан суудай төгүлдү.

Андан соң чабендестер тогуз чакырым жердеги ат кайрылар арага желе-жортуп жүрүп кетти.

Күлүктөр кайткычакты ортодо күрөш, оодарыш, тыйын эңмей сыяктуу оюн-шоок болду. Мунун баары күлүк чабылар чоң байгенин алдындагы тамаша эле.

Жолду катар Гүлсары тыбырчылап кызуулана жүрдү. Ээси эмнеге тизгинди коё бербегенин түшүнө албайт. Жанында бараткан күлүктөр да ооздук кемирип туйлашат. Атырылып жөнөшкө даяр баратканын карап, Гүлсарынын тула бою жыйрылат, тапатаңдан зыр коюшка булчуңдары түйүлөт.

Жолдун ченине жеткенде ат айдаган адам баарын кайрып токтотту да, озунганы суурулуп жөнөшкө үлгүрө элек көз ирмемде заң этти: «Айт, жолуңар болсун!» Аттар атырылып жөнөп берди. Калың агымдын эпкини менен Гүлсары кетти. Чулу туяктардын дүбүртүнөн жер титиреп, арттан асманга чаң көтөрүлдү. Чабендестер кулак тундура ач кыйкырык, куу сүрөөн салып, күлүктөр жерге жапырыла сызды. Жалгыз Гүлсары гана кулач керип чаппады, кош аяктап каргып учпады, дүпүлдөтө жер муштап, жоргосуна кирди. Анын чабалдыгы да, күчү да ушунда эле.

Оболу аттар чогуу жүрдү эле, анан бара-бара каркырадай чубалды. Гүлсары аны байкабады. Окторулган ыкчам күлүктөр озуп баратканына ызырынды, алдына ат салып көрбөгөн жаныбар алардын даңканы как чекесине тийген сайын ыза болду. Эки жактан чабендестердин сүрөөнү кулагын көзөгүлөп, камчылары көз үстүндө сереңдеп, калың чаңдын ортосунда калганына ызаланды. Ат тери, ысык топурак, тепселген жаш шыбак жыттанып, така жарган чакмак таштардын күйүк жыты тумшук астынан сезилет. Гүлсары ызага буулугуп, ал ансайын дене жайып көшүлө албай, кемеге аралыкка ыкчам жетчү күлүктөрдүн артында калганына көзү күйүп барат.

Ушу калып менен жолдун жарымы өттү. Алдыда жорго жете алгыс күү менен он чакты күлүк баратты. Жан жагынан кыйкырык-сүрөөн сээлдей баштады. Бирок ээси тизгинди дале толук бошотпогону, алдында күрпөң жүгүргөн аттар озуп бараткны Гүлсарыны ого бетер өчөгүштүрдү. Арылдаган шамал менен жан кашайткан ызалыктан көзү караңгылап, кара жол зымырылып бут алдына жоголуп, асмандагы күн оттуу шар болуп көктөн ылдый каршы дөңгөлөнүп келаткансыйт. Дене-бою ысып, кара тер эми төгүлдү, ал ансайын жеңилденип, көөдөнү шамалдап, жер апчыган арышы кеңейди. Акырындап алдыдагы чабаган күлүктөр күүдөн тая баштады, ал ансайын жоргонун кулачы айрылып, кара жолду тапырата муштады. «Чү, жаныбарым, Гүлсары!» деген үстүндөгү ээсинин дабышы дем берип, маңдайдагы оттуу күн ал ансайын каршы ылдый зымырап кулады. Текиреңдеп калган чабаган күлүктөрдү улам бирден басты. Кардыга сүрөп кыйкырган чабендестер сереңдеген камчылары, таноолору дерделдеп, уурттарынан көбүк чачыраган, көк буу бүркүп күшүлдөгөн ат тумшуктары улам бирден артка кала берди. Мына ошондо Гүлсарынын тизгини бошоду. Эми ал үстүндө ээр токуму, ээрге минген чабендеси бар экенин да сезбеди. Бууракандаган албуут дымак алга сүрөп, дулдулдун күчү кирди тула бойго.

Дале болсо алдыда эки күлүк жеткирбей барат, бири буурул көк, бири жээрде. Экөө тең чабендестердин кыйкырык-сүрөөнүнө, камчынын уусуна ачуурканып, бирин бири моюн улаш узатпай катар барат. Экөө тең күрпөң-күрпөң жүгүрүп, Гүлсарыга оңой менен жеткирбеди. Бирок алдан тая баштаган немелерди Гүлсары акыры бир өр талашкан жерде басып өттү. Ошондо тайпаң белге атып чыгып, толкундун жалына каргыгандай болду да, көз ирмемге асман-жердин ортосунда каалгып илинип калгансыды. Көөдөнүн күч жарып, көзүнөн от жанып,

Гүлсары белден ылдый апай бетте жылдыз болуп агып учту. Ошентсе да болбоду, арттан дүбүрт катуулап, алиги эки күлүк такымдап жете келди. Буурул менен жээрде өткөн өчүн, кеткен кегин куугандай, жеп ийчүдөй эки жактан кысып келип, катар чуркады. Озуп кетпей, же өксүп калбай эрегишип катар чуркады.

Ушинтип үчөө тең бир тизгинге байлагандай көпкө катар жүрүштү. Үчөө жан талашып катар чаап баратпай, ың-жыңсыз дүйнөдө кыймылсыз катып калышкандай сезилди Гүлсарыга. Эки жагындагы аттардын акшыңдаган көздөрүн, умтула сунган тумшуктарын, кан аралаш шүүшүндөп көбүк агып, карыша тиштеген суулуктарына чейин даана көрүп баратты. Буурул күлүктүн тиктеши өжөр, жан аябай эрегишип алган. Жээрде болсо жардам издегендей тайсалдап эки тарабына кыйыгын салып барат. Акыр түбү биринчи болуп жээрде өксүй баштады. Обол мурун тайсалдаган көздөрү, анан дердеңдеген таноолору көрүнбөй, анан биротоло дүбүртү бастап артта калды. Көк буурул жанын сабап, көпкө тырмышты, тер куюлган көзүнөн ызалуу жини көрүнүп, чаап баратып жан бергендей кыйналып өксүдү. Акыры жеңилгенин мойнуна алгысы келбей ал да артта калды.

Эрегишкен күлүктөр калгандан кийин Гүлсары жеңилдене түштү. Алды жактан жалтырап өзөн, көк саз көрүнүп, алыстан калың элдин азан-казан доошу угулду. Ичи түтпөгөн күйөрмандар жол жээктеп утурлай келип калган экен, кыйкырык-сүрөөнгө алып, эки жактан коштой чапты. Жорго мына ушунда дарманынан тайып баратканын сезди. Жол алысы, күч ченеми эми билинди. Артындагылар кууп жете келатабы, жокпу, Гүлсары эми аларга кызыкпады, билбеди. Жер көчүп башы айланып, алсырап баратты.

Бирок алдыдагы казганактаган калың эл толкуп, калың кыйкырык-сүрөөн жер дүңгүрөтүп, кулак тунду-

руп, калың топ как жарыла каршы умтулду. «Гүлсары! Гүлсары! Гүлсары!..» деген ач айкырык, калың чуу жоргонун кулагынан кирип, дене-боюн чымыратып жиберди. Сүрөөнгө кубат алган жорго чыйрала түштү, марага окторулуп, демдүү чыгып барды... Адамдардын кудуреттүү демин кара! Эл сүрөөнү эмне кылбайт!

Жер дүңгүрөткөн калың доошту жарып марадан өтүп, жорго тегерек сазды айлана кайрып салды.

Аны менен тынган жок. Кайрылып келип, кичине дем баскыча элдин аба жарган сүрөөнү кайрадан ээликтирди, Гүлсары менен Танабай өздөрүнө өздөрү ээ болбой, чар тараптан кыйкырып урматтап турган уу-дуууга канат байланып, кайрадан ортого чыкты. «Гүлсары! Гүлсары! Гүлсары!» – деген даңаза дууга аралаш: «Танабай! Танабай! Танабай!» деген мактоо үндөр көпкө көтөрө салып, көкүрөктү өрөпкүтүп жиберди. Элдин сүрөөнүнөн жаңы күч алган Гүлсары көздөрү жайнап, башын чулгуп, көкүлүн көккө серпип, дагы талбай жүрүп берчүдөй каптал салып туйлай басты. Жаалаган элдин алдында ал өзүнүн көркөмдүгүн, кудуретин, бүгүнтөн баштап бүткөн атагын сезгендей даража кармап, маашырлана басты.

Танабай алакан жайып, элден дагы бата алды. «Оомийин!» деген калың доош аба толкутуп, жүздөгөн алакандар өйдө көтөрүлдү да, маңдайдан төгүлгөн суудай ылдый акты.

Мына ушунда Гүлсары жайнаган элдин арасынан баягы тааныш келинди көрдү. Келин бата кылып жүзүн сылай бергенде тааныды. Бул жолу келин басмырт түс жоолукчан эмес, ак көйнөкчөн экен. Калың топтун алдыңкы катарында кубанычы койнуна батпай толкундап, мөлтүр суунун түбүндөгү кубулжуп ойногон асыл таштардай коймолжуган көздөрүн кадап, Танабай экөөн айрыбай карап турган экен. Гүлсары адатынча келин та-

рапка ыкыс сала басты. Жанына барып тургусу келди, ээси адатынча келин менен сүйлөшсө, анда келин баягы тору кашка байталдын эрининдей кебездей жумшак колу менен жалын тарап, омуроосун сылап турса деп каалады. Бирок Танабай негедир башка жакка тартты. Жорго ээсинин кылыгын түшүнө албай, келинге тарткынчыктап бир ордунда тегеренди. Ээси эмнеге али көрбөйт келинди? Кантип көрбөсүн, кантип сүйлөшкүсү келбесин? Гүлсары түшүнө албай башын чулгуп, ордунда тыбырчылайт...

Эртеси экинчи май да Гүлсарынын доорону жүргөн күн болду. Түш оой эгин аңызда көкбөрү башталды.

Талаа-түздүн бетинде атам замандан калган арбактуу ураан жаңырып, жердин көкүрөгү добулбас ургандай дабырап кетти. Көчкүдөй жапырылган, ташкындай атырылган калың атчан бир ары удургуп, бир бери удургуп, кайра бир жерге додолоно токтоп калса, кара туман калың чаң асман бетин, күндүн көзүн жаап калып жатты. Бул күнү да Гүлсарынын жылдызы көкөлөп жанды. Кечээги байгенин даңкы менен журтка таанылган жорго азыр да көпчүлүктүн назарында. Улакка салынган көп аттардын караан алды болуп, кайда жүрсө көзгө түшүмдүү. Бирок Танабай аны алды-качты аламанга сактап жүрдү.

Көпчүлүк улактын кызыгы менен жүргөнчө күн эңкейиштеп, тиги көз учунда көшүлүп жаткан казактын талаасынын мемиреген көк жээгине конгону калды. Күндүн көзү жумуртканын сарысындай коймолжуп, күндүзгү табы кайткан, тике карасаң көз уялтпай эрип барат.

Кыргыз менен казактар дуу салып чаап, ээрден эңкейип улакты эңип, такымдаша жулка тартып, катар чабышып узай түшсө, калың топ дүргүп кайра токтолуп, кырк жигитке түшкөндөр кайрып сала бергенде эки

тарап тең ач кыйкырык салып, кулак тундуруп, жер дүңгүрөтүп, кең талаанын түзүндө согуш чыккандан берки ичке толгон черди жазып жатты. Эл ошентип жүргөнчө күн да кечтеди.

Талаа бетинде көлөкөлөр узарганда гана аксакалдар «алды-качты аламанга» уруксат бата беришти. Серке улак ортого ташталды. Аны жерден эңип ала качышка туш-туштан баары умтулду. Ортого киргени суурулуп чыгып кете албай, четтегиси сыгылып ичкери кире албай, калың доонун төбөсүнөн кара буу көтөрүлдү. Аттар чамынып көк чапчыйт, ооздук чайнап, өпкөлөрү кыңкыс кагат. Додочулу омуроолоп, чабалынын капталын кайыштыра сүрүп барат. Ээн жайкында аркырап жорго салган Гүлсары додонун ичинде жаны кейиди, четте күтө туруп, суурулуп чыкканын такымдабай деп, Танабай өкүндү. Аңгыча бирөө чаңырып калды: «Алды! Казактар алып кетти! Карма!» Адырандаган карагер айгыр минген, үстүндөгү гимнастеркасы дал-далынан айрылган бир казак жигит кыжылдаган додону жарып чыкты да, улакты такымга кысып, айгырдын башын коё берди.

– Карма! Карагер кетти! – деп чуулдап калгандары арттан сундура кууду. – Танабай, кайдасың, сен жетпесең болбой калды!

Карагер айгырчан казак жигит такымындагы улакты бултактатып, батып бараткан күндү көздөй түз салды. Саал болсо тиги алоолонгон күндүн оозуна жутулуп кетчүдөй кызыл түтүн булатып, кайып болчудай кетип барат.

Эмнеге Танабай тизгинди бошотпогонун түшүнө албай Гүлсарынын ичи бышат. Танабайдын болсо өз эсеби бар эле. Азырынча улакты ала качкан казак жигитти бир топ жамаатташтары корголоп коштоп барат. Көпчүлүктөн улакты тартып кайтыш жок. Карагер айгыр эми кутулдум дегенсип алардан кичине суурулуп

жөнөсүн, ошондо сундура кууп барып, жекеме жеке тартышта жулуп кайтпаса, башка айла азыр болбос.

Карагер айгыр коштогон тобунан чыгып, окторулуп учканда Танабай жоргонун оозун коё берди. Ээлигип келаткан Гүлсары бошоно калган соң шукшурулуп жөнөдү. Жер танабы кыскарып, четте кызарып турган күн бери карай дөңгөлөнгөндөй болду. Айкайлаган ызы-чуу, калың дүбүрт артта калып, Гүлсары менен карагердин ортосу акырындап жакындай берди. Карагердин кантсе да жүгү оор эмеспи, аны баса калыш Гүлсарыга кыйын болбоду. Танабай жоргону карагердин оң тарабынан салды. Ал анткени казак жигит улакты оң такымына кысып бараткан. Гүлсары карагерге катарлаша бергенде Танабай ээрден эңкейип, улакка кол сунду. Бирок көкбөрүчү казак ага жеткизбей улакты сол такымына оодара салды. Эки ат кулак тийишип, эрегише катар бараткан. Карагердин сол капталына өтүш үчүн Танабай жоргонун башын тартып, кала түшүп, кайра коё бериш керек эле, ага жорго көнөбү. Үзөңгүнү чирене тээп, Танабай тизгинди карыштыра тартты. Гимнастеркасы дал-далынан айрылган казак жигиттин сол жагынан кайра кууп жеткенде ал улакты оң такымга оодарып кетти.

– Баракелде! – деп Танабай кардыга кыйкырды.

Эки ат болсо катарлаша жер сабап, жан уруп, алоологон күндүн оозуна түптүз кирип баратты.

Эми кайра тизгин тартып жоргону өксүтүш кыйын болмок. Тобокел деп Танабай жоргону карагерге жабыштыра тартты да, айгырдын жалына боюн арта салды. Казак жигит тизгин буруп, бөлүнүп кетмекчи болду, бирок Танабай жибербеди, такымга элпек жорго жаныбар карагерге жабышып, ушерде бир жарап берди. Мына ошондо Танабайдын сунулган колу улакка жетти. Айгырды таканчык кылып, улакты өзүнө оодара тартты.

– Казак тууганым, эми бекем бол! – деп кыйкырып, чирене тартты Танабай улакты.

– Ауре болма, бермеймин! – деп айкырды каршыккан казак.

Кошоктолуп учкан эки аттын үстүндө эки улакчы айыгыша тартышты. Бир аңды талашкан эки бүркүт сыңары экөө бири бирине сес көрсөтө айкырышып, аяныш-пай сөгүнүшүп, арстан айбатка салып аркырашып, тырмак астынан кан чыккыча тартышып баратты. Экөөнүн күчүнөн бири бирине жабышкан аттар кызарган күндүн оозуна жетүүгө ашыккандай жер көчүрүп, баш айланта чаап баратты.

Бизге ушундай эрендердин эр оюнун мурас калтырган ата-бабалардын арбагына кулдугум бар-ов!

Экөөнүн ортосунда улак чытырап барат. Не болсо да эми болгудай. Улакчылар тиштенип, көздөрүнүн чаары чыкты. Казак жигит күчтүү экен. Тарамыштуу жоон билек, анын үстүнө Танабайдан алдаганча жаш. Бирок тажрыйбанын жөнү бөлөк. Танабай бир маалда оң бутун үзөңгүдөн чыгарды да, карагерди капталдан чирене тээп, бар күчүн сала тартты эле, казак жигиттин колу аргасыздан шыпырыла берди.

– Байка! – деди жеңилген казак.

Улак бошоно түшкөндө Танабай ээрден учуп кете жаздады. Оодарылып барып оңолду да, көөдөнүнөн жеңиштин шаңы айкырык болуп чыкты. Жоргону чукул кайрып, ак эрегиш, адал күч менен тартып алган улакты такымга бекем кысты, кыргыздарды көздөй салды.

– Гүлсары! Гүлсары алды, жаныбар! – деп калың эл кыйкырык салып каптап келаткан.

Казактардын калың тобу тууралдан торой чапты:

– Ойбай, уста, Танабайды уста! Акетти!

Эми казактардын тобуна түшүп калбай, эптеп кыргыздарга жетүү керек.

Казактар алдын тороп беттеше келерде Танабай Гүлсарыны дагы чукул буруп кетти да, кайкып учкан куштай кууган топту четтете кайрып салды. Куугунчулар улам такымдай бererde тизгинге элпек Гүлсары улам ойт берип тапатандан бурулуп, ойкуп-кайкып, кууган атты куйрук улаш жолотподу. Жоргосуна ыраазы болгон Танабай: «Жарайсың, жан жолдошум, ыраазымын!» – деп жалынып баратты.

Жан жактан камалган курчоодон түлкүчө мант берип, мышыкча жерге жапырыла чуркап, кутулуп чыккан соң Гүлсары көшүлүп тике жөнөдү. Арттагылар анамына дегенче Танабайдын жамааты тосуп алды да, андан ары тегеректеп калкалап кыйкырык-сүрөөн сала коштоп алып кетишти. Ага болбой көшөргөн куугунчулар кайрылышта жол тороду. Эми Гүлсары жалгыз эмес, коштогон тобу менен жапырыла кайыган топ куштай бура салып, тосотту тоготпой кете беришти. Күзүндө жери менен коштошкон келгин куштардын тобундай улакчылардын ала качканы да, жетпей ызалана кууганы да бирде оң канатка, бирде сол канатка аңтарылып-төңкөрүлүп бара жатты. Асман-жердин ортосун кара туман чаң басып, чаң ичинде калың сүрөөн чарчоо сездирбей дымак кошуп, – ал ортодо аты мүдүрүлүп башынан алыс кетип жатканы бар, кокустаткан бутунан аксап, тигиндейрек барып токтогон атына жүгүрүп бараткaны бар,– иши кылып бүгүнкү мааракенин кызыгына баары аралаш, баары баткан.

Оюндан от чыгат, бирок жообу жок. Тобокелчилик менен эрдик бир энеден жаралган эмеспи... О, эсил кайран ата-баба салтыңан!..

Күн уясына батып, кылтайып тырмак учу гана калды. Күүгүм талаш көгүлтүр кечки салкында алды-качты аламан дагы эле талаа бетин дүңгүрөтүп жүрүп атты. Аба дымып түн жакындап келаткангабы, калың кыйкы-

рык-чуу алигидей аба толкутуп жаңыра албай тумчугуп жаңырат, бирок удургуган калың топ дале токтоно албайт, көкбөрүнүн кызыгы бастабайт. Капталдай канат жайган чабендестер топ чабыштын ыргагы менен толкуп учуп күүгүмдөгү карагөк толкундар сыяктуу бирде белес тартып жалданат, бирде эңкейиш тартып жайыла төгүлөт. Чабендестер күүгүмдөгү улак тартыш, ат чабыштын кумарына батып, үндөбөй ат жалына өбөктөшөт.

Оргуштап кайнап чыккан казак домбрасы менен асмандап шаңшып чыккан кыргыз комузунун эртегини эске салып жүрөк эзген, келечектен үмүт козгоп дымак берген күүлөрү ушундан чыккан белем!

Удургуган жоон топ улам кайкып, өзөнгө жакындап келатты. Күүгүмдөнө каралжын жакаланган шабыр-бадалдын нары жагынан ак көбүгү күңүрт жылтылдаган өзөн суусу көрүндү. Эми чекке аз калды, суудан өткөн соң оюнга тамам, анткени улак айыл аралап калат. Танабайды калкалай коштоп, курчап чапкан жоон топ кыргыздар тобун бузбай келет. Алды-артынан, жан-жагынан жандооч кемелер коргогон баш кемедей болуп, Гүлсары ортодо топтун шары менен келет. Болбосо ал азыр алдан тая баштаган. Бүгүнкүдөй эч качан чуркабагандыр. Эки жагынан сүрөгөн эки жигит жылоолоп тартып барат, калгандары туш-тушунан коргоп алган. Танабай болсо улакты туура өңөрүп, өбөктөй басып алган, муунунда күч калбай, каруусунда ал калбай башы шалактайт. Эгер коштогондор болбосо жоргосу экөө тең кыбыроого дарманы жок мүргүп туруп бермек. Илгери жигиттер барымтаны ушинтип ала качып жүргөнбү дейм, болбосо жаралуу баатырды жоо колунан ушинтип куткарып чыгып кеткенби дейм!..

Мына жээк сазга жетишти, мына өзөн сууга кириштι. Шагылдуу кечитке жоон топ атчан чаап киргенде күңүрт жылтыраган суу көк буурул болуп кайнап чык-

ты. Кара терге чөмүлүп ысып-күйүп келаткан омуроолор терең кечиттин толкунуна мингенде ичиркене сергип алды. Курч такалар шагыл ташта чакылдап, көк буурул суу оргуштап кайнап буркулдап, эр жигиттер буудан жоргону өйүз жээкке сүйрөп чыгып кетти. Болду! Жеңиш деген ушул!

Бир жигит Танабайдын алдындагы улакты өңөрүп алып, айылга чапты.

Казактар өзөндүн тиги өйүзүндө каңтарылып токтоп калды.

– Ракмат, туугандар, тамашалаш болгонуңарга!

– Сау болыңдар! Алдагы күздө кездесемиз али! – деп казактар аттарын бура тартып, айылдарына кайтып жөнөп кетишти.

Түн бир оокум болгон чак. Танабай мейманда отурат, Гүлсары топ аттардын арасында каңтарылып байлоодо турат. Азоосунда үйрөтүлгөн күндөн бери Гүлсары бүгүнкүдөй эч качан чарчаган эместир. А кезде го тал чыбыктай буралган жаш кези, азыр болсо туркусу тулпар кейиптенип, балакатка жеткен. Үйдөгү көкбөрүчүлөрдүн да азыр сөз кылганы Гүлсары.

– Кана, Танабай, Гүлсарың үчүн алып коёлу. Ал болбосо бүгүн бизге мөөрөй жок болчу.

– Ай-ай, алиги карагер айгыр тим эле жеп ийчүдөй атырылат, жаныбар. Чабендеси да куп келишкен экен алгыр куштай болуп. Көрөрсүңөр, ал алыска чабар ов!

– Аның, ырас дечи. Бирок менин көз алдыман алигиче жанагы улакты алып, Гүлсарынын кайрып салганы кетпейт, тим эле муундуу чөптөн пас болуп, көшүлүп чуркады го, жаныбар. Карап туруп кумарым бир канды да.

– Эмнесин айтасың. Илгери жоо чапкан баатырлар минген ат ушунчалык эле болгондур да. Ат эмей эле дулдул го чиркин!

– Танабай, Гүлсарыны үйүргө качан кошосуң?

– Азыр да азынап чуркап жүрөт, бирок али эртедир. Келерки жаздан үйүр кайрыр кези келет. Күзүндө агытам, кубат алсын...

Кызыган көкбөрүчүлөр бүгүнкү мааракенин тамашасын, жоргонун өнөрүн сөз кылышып көпкө отуруп алышты. Гүлсары болсо сыртта тери кургап, жүнү жабышып, чыйрыккандан ооздугун кемирип турду. Ансыз да бүгүн таң ашар түнү. Ал ачкалыктан кыйналбады, сан эти талып, эки колу өзүнүкү эместей, туяктары дале ысыпкүйүп, күндүзгү калың дуу, күнгү жетчүдөй дымактанып чабыштын эпкини кулагынан жаңырып, башы гүүлдөйт. Айкайлаган жоон топ дале кууп келаткандай сезилет. Маал-маалы менен селт этип чоочуп алат, кошкуруп кулактарын тикчийтет. Ушул азыр көк тулаңдуу жайытта жүрсө, кычышкан жонун төшөп оонап-оонап, анан туруп силкинип албас беле да, анан үйүргө кошулуп, шашпай оттоп жүрбөс беле. Ошону эңсейт жорго, бирок зарыктырган ээси үйдөн чыгар эмес.

Акыры бир маалда үйдөн Танабай чыкты теңселе басып. Оозунан каңырсыган ачкыл жыт бур этти. Ал кээде ушинтип жыттанып калчу. Бирок жыл өтөр, Гүлсары башка кишинин колуна тиер, ошондо ал кишинин оозунан бу жыт дамаамат кетпес, акыры Гүлсары ушу жытты жек көрүп кетер.

Танабай жоргонун жанына келип, ыйык жалын салаалады, тердиктин астына колун сойлотту.

– Кичине муздап калыпсың го. Чарчадыңбы? Мен да өлөрчө чарчадым. Акшыя карабай эле кой, сенин урматыңа деп, кичине ичип койдум. Майрам эмеспи. Аша чапкан жерим жок, аз эле ичтим. Билип кой, ченеминен ашпаймын. Согушта жүргөндө да ашкере ичкен жан эмесмин. Кой, Гүлсары, жаман көзүң менен караба. Азыр жылкыга кетебиз, анан аябай дем алабыз дейсиң...

Танабай ушинетип сүйлөшүп туруп, жоргонун басмайылын тартты, үйдөн чыккан беркилер менен кош айтышып дагы бир аз кармалды да, анан баары аттанышып, тарап кетишти.

Айыл түгөл уйкуда. Түн коюну тынч. Терезелер караңгы. Айыл үстүндөгү айдоо тараптан трактордун тарылдаганы угулат. Ай чоң шашке болуп, тоо чокуларынын үстүнө келиптир. Бак ичинен гүлдөгөн алма ак шоокум. Кайдандыр бир жерден булбул үнү кубулжуйт. Негедир бир айылдын жалгыз булбулу окшойт. Сайрап алат да, саамга өз үнүн тыңшап токтой калып, кайра кубулжутуп кирет.

Танабай эрксизден тизгин тартты.

– Пай-пай, ушундай түн болорбу! – деди ооз учунан күбүрөп. – Түн жымжыртын карачы. Анан тиги булбулду!.. Түшүнөсүңбү, Гүлсары? Кайдан түшүнмөксүң. Сенин ашыкканың үйүр, а мен болсо... а мен эмне кылам?.. ыя, менчи?..

Экөө дүкөндүн жанынан өттү, эми четки көчө менен жүрүп отуруп өзөнгө чыгуу керек, ары жагында жылкы жатат. Бирок ээси тизгинди негедир башка жакка тартты. Ортоңку көчөгө түшүп алып, этегине чыкты, баягы тааныш келиндин үйүнүн жанына барып, тайсалдагандай токтоду. Ушул үйдүн кичине кызын ээрчип жүрчү күчүк жүгүрүп чыкты да, чебелене үрүп алып, кайра куйругун шыйпаңдата бат басылды. Ээр үстүндө Танабай унчукпады, ойго батып кеткенсиди, анан бир маалда күрсүнүп алып, тизгин какты.

Жорго андан ары жүрүп берди. Танабай аны чоң сайдагы өзөнгө бурду, жолго чыккан соң аттын жүрүшүн ылдамдатты. Гүлсарынын каалаганы да ошол эле, үйүргө эртерээк жетип кошулууга ашыгып, түн койнунда тынч жаткан кара жолду дүпүрөтө сабап жөнөдү. Чабынды саздан өтүп, өзөнгө кирди. Жээктеги шагыл ташка тий-

генде ат такасы чакылдады. Суу шаркырап, мөңгүдөн бери күн көрбөй келгенге сөөк какшатып турган экен. Кечиттин ортосуна жеткенде ээси жоргонун тизгинин тартып, кайра артка шарт бурду. Жаңылып жатабы деген кыязда Гүлсары суулугун карыштыра тиштеп, башын чулгуду. Кайра артка барар кандай кажаты бар эле? Ушинтип эле аркы-терки бастырып жүрө береби? Бирок санга камчы чып жабышты. Камчы чапканды Гүлсары такыр жактырчу эмес. Ачуусуна чыдабай ооздугун карсылдата кемирип, бирок кайрылып артка жүрүп берди. Кайрадан алиги чабынды саздан өтүп, жолго чыгышты да, кайрадан алиги келиндин үйүнө келишти.

Келерин келип алып, ээси дагы тайсалдады, тизгинди биресе мындай, биресе тигиндей тартты, жорго эчтеме түшүнбөдү. Чоң короонун дарбаза түбүндө турду. Дарбаза дегидей, анысы деле жок экен, эки жагындагы босого мамы гана турат кыйшайып. Жанагы күчүк чаңкылдап дагы үрүп келип, дагы шыйпандап айланчыктап калды. Үйдүн терезелери караңгы, жымжырт.

Танабай аттан түшүп, жоргосун жетелеген бойдон терезе түбүнө барды, акырын чертти.

– Бу ким? – деди үн ичкериден.

– Мен, Бүбүжан, ач. Уктуңбу, мен деймин. Ичкериден шам күйүп, терезе бүлбүл күүгүм болду.

– Сенсиңби? Түн катып кайдан жүрөсүң? – деп Бүбүжан эшик ачты.

Үстүндө жакасы ачык ак көйнөк, колоң чачы ийинине төгүлүп турат. Жыпар гүлдүн жыты аралаш жылуу төшөктөн туруп келген аял денесинин жыты бур этти.

– Кечирип кой, – деди Танабай апкаарып. – Көкбөрүдөн кеч кайтып, аябай чарчадык. Ат жүрбөй калды. Таң ашырсам болор эле, конуш алыс, өзүң билесиң.

Бүбүжан үндөбөдү.

Көлөкө түшүп, кайра ачылып турган булактын түбүндөгү мөлтүр таш сымал келиндин көздөрү бир жарк

этти да, кайра көлөкөлөндү. Жаныма келип, омуроомон сылаар деп жорго турду күтүп, бирок ага да келбеди.

– Ичикий,– деди Бүбүжан дир эткен ийинин куушуруп. – Эмне турасың? Кантейин эми, кирбейсиңби. Тапкан шылтоосун; төгүнүңөн болоюн-ай, – деп Бүбүжан акырын кыт-кыт күлдү. – Баладан бетер тайсалдап, атыңан түшпөй али турасың, эмне турасың, чыдай албай күйүп-жанып мен жаттым...

– Мен азыр... Атты байлап коёюн.

– Тиги бурчка байла.

Ээсинин колу минтип эч качан калтырачу эмес. Шашкалактап суулугун чыгарды, анан кош басмайылдын бирин бошотту да, экинчисин унутуп кетти.

Бүбүжан экөө ичкери кирип, эшик жабылды, терезедеги жарык да өчтү.

Бейтааныш короодо байланып, жорго жатыркап турду.

Толгон айдын ак жуумал шооласы теребелди чайыган. Пас дубалга ээк арткан калыбында Гүлсары тиги сүткө жуунгандай шаңданган кырка тоону карайт. Кулагын бирде жапыра калып, бирде тикчийте түн коюнун тыңшайт. Арыкта суу шылдырайт. Айыл четиндеги айдоодон баягы жалгыз трактордун татыраганы угулат. Жакын жердеги бактан жалгыз булбул дале безеленет.

Дубал түбүндөгү алма шагынан ак гүлдөр күбүлүп, Гүлсарынын жалына конуп жатты.

Түн коюну шоолаланып баратты. Жорго салмагын бир бутунан бир бутуна алмаштырып, кожоюнун көп күттү. Дал ушул жерде нечен ирет таң атырып күтөрүн ал азыр билбеди.

Таң кулан ээктенген кезде гана Танабай үйдөн чыгып, жылуу колдору менен жоргону ооздуктады. Келинден келчү жыпар гүлдүн жыты анын колунан жыттанды.

Танабайды атказганы чыккан Бүбүжан анын балбан кучагына батып турду. Танабай кыса кучактап, көпкө сүйдү.

– Болдучу эми, мурутуң кытыгылап жиберди,– деп ысык шыбырады келин. – Жөнө эми, таң агарып кетти,– деп коштошуп ал толгоно берген.

– Бүбү, бери келчи,– деп Танабай аны кайрадан чакырып алды. – Сылап койчу жоргону, сага ылымталап турат. Жорго экөөбүздү аяй жүрсөң.

– Алда, унутуп бараткан турбаймынбы,– деп күлдү Бүбүжан. – Карачы, үстүнө алманын гүлү жаап салыптыр. – Анан Бүбүжан эркелетип жылуу сөздөрүн айтып, баягы тору кашка байталдын эрининдей жумшак, сезимтал колу менен сылап турду...

Өзөндөн өткөн соң Танабай созолонтуп ырдап коё берди. Ээсинин ырын жактыргандай жорго да кулак жапырып, жайыттагы жылкыга ашыгып, тапырата жөнөп берди.

Бу жаздагы май түндөрү Танабай жолдуу болуп жүрдү. Жылкы жаяр түнкү кезеги да ушул айылга туш келген. Жорго үчүн да түн жоругу башталды. Күндүз оттойт, дем алат, түнкүсүн ээси минет да, жылкыны коктуга өрдөтүп салып, Бүбүжандын үйүн көздөй салат. Таң үрүлбүрүлдө экөө жылкы барымтачылардан бетер көз далда көмүскө жол менен салып-уруп жылкыга жөнөйт. Танабай жылкыны бир имерип түгөлдөп алат да, анан көңүлү тынат. Баштапкы түндөрү Гүлсары мүчүп да кеткенсиди. Караңгы кирери менен ээси алиги келиндин үйүн көздөй ээлигип жөнөсө, таң алды жылкыга жеткиче шашат. Түн катып бөрү жортчу жолсуз жер менен жазылып жорго сала албай жүдөп жүрдү. Бирок айла канча, ээсинин каалоосу.

Гүлсарынын каалоосу башка. Эрк өзүндө болсо эч качан жылкыдан бөлүнгүсү жок. Айгыр заты күүгө толуп

келаткан кези. Азырынча үйүр кайрыган айгыр менен эптеп батышып жүрөт. Бирок экөө тең бир бээни шынаарлап калышса, азынап беттеше түшөт. Гүлсары майтарылар түрү жок, мойнун дүгдүйтө ийип, куйругун көккө чычайтып, үйүрдү тегеренип, көйрөңдөнө кетет. Аба жаңырта азынап, көзү түшкөн бээни капталдан чымчый тиштеп шынаарлайт. Байтал бээлерге Гүлсарынын бул кылыгы жагат белем, карт айгырды ого бетер кызгантып, жоргонун омуроосуна тыгылышат. Үйүр башы карт айгыр каардуу, нечен ирет Гүлсарыны чайнап сала ташстаган. Бирок Гүлсарыга бул түндөрү акыйып Бүбүжандын короосунда байланып тургандан көрө, үйүрдү четтей жүгүрүп бээ кубалап айбансок айгырдан жапа чеккени жакшы көрүнөт. Ошону эңсеп тынчы кетет жоргонун. Тыбырчылап жер чапчыйт, анын туюмун бирөө туярынан түңүлгөн соң акыры тынч туруп берет. Түнкү жортуулдар дагы канчага созулмагын ким билет, эгер кийинки бир окуя болбогондо...

Ал түнү да жорго адатынча короодо шыптан чыккан устунга аса байланып, үйүрүн сагынып жүрөгү өйүп, ээсин күтө-күтө түңүлгөн соң үргүлөп турган. Асманды булут каптап, түн караңгы, үлп эткен жел жортпой аба дымыктырат.

Бир оокумда уйку-соонун ортосунда Гүлсары бак-дарактардын шуудурай түшкөнүн туйду. Капилет келген чоң кара канат желпип өткөнсүп, тал-теректин баштары ийилип, короо ичин шамалдын катуу экпини урду, бош турган чаканы тоголото коюп, калдырттата айдады, жипте илинүү кирлерди жулуп алып, учурган бойдон кетти. Босогонун оозунда жаткан күчүк кыңшылап, бекинер жер таппай далбастап калды. Жорго кулак жапыра кошкуруп алды да, тыңшай катып калды. Ээгин дубалдан арта салып, кулагын тикчийте тигил түпөйүл гүүлдөп келаткан туңгуюк түндү теше тиктеп турду. Аңгыча байтерек

сынып түшкөнсүп караңгы түн чатырап, дал төбөдөн күн күркүрөп, чагылган кара булуттарды кесип өттү. Кара нөшөр шатырата төгүп жиберди. Гүлсары күтүүсүз камчы жегендей байлоодон бир жулкунуп алды да, алыстагы үйүрүнөн коркуп кишенеп ийди. Өз тукумун коркунучтан коргоо деген табигый сезими көкүрөгүн сайып өткөнсүдү. Ошол сезим алыстагы үйүргө шаштырды. Байлоодон жулкунуп жер чапчып, үстү-үстүнө кишенеп, бир ордуна карыштырып жибербеген кыл чылбыр менен алышты, үйүрдүн дабышын угууга зар болуп, ичи туйлап чыкты. Караңгы түндү буркан-шаркан түшүргөн добул келди.

Атаганат ошондо кыл чылбырды үзүп кетсе кана!..

Уйгу-туйгу караңгы түндө эшик шарак ачылып, үйдөн ак көйнөк, ак дамбалчан ээси чуркап чыкты, артынан ак көйнөкчөн аял чыкты. Кара нөшөр тийгенде кубаңдаган экөө заматта карая түнөрдү. Чагылган бир жарк эткенде экөөнүн шөмтүрөй түшкөн кубакай элестери, алаңдаган көздөрү, бороон жулмалап шарактаган эшик көрүнө түштү!

– Так! Так!– деп бакырды Танабай чылбырды чече албай карбаластап. Бирок эси чыккан жаныбар ээсин таанybай калган сыяктуу, дабышына кулак салар эмес. Кайра анын өзүнө атырылып, так секирип дубалды чапчып, байлоодон жулкуна берди. Танабай эки колдоп башын калкалап, дубалды бойлой уурдана жетти да, жылоого асылды.

– Чеч! Бол! – деп айкырды.

Келин чылбырды бошотор замат азынаган айгыр жалт артына секирип, Танабайды короо ичине сүйрөп жөнөдү.

– Камчыны! Тез, камчыны! Бүбүжан камчыга жүгүрдү.

– Токто! Арам өлгүр, союп салам! – деп эси-учун жыя албай жинденген Танабай камчы сап менен жоргону тум-

шукка берип-берип калды. Эптеп ээрге минсе, тезирээк жылкыга жетсе! Жылкы эмне болду? Добул жылкыны кайда үркүтүп кетти!.. Танабайдын ою уйгу-туйгу. Жоргону да алып учуп жулкунткан айгырдык дем-дымагы ошол үйүр болчу. Бул алааматта ал көз ачып-жумгуча үйүрүнө жетмекчи. Ошол үчүн азынап, ошол үчүн аба чапчып так секирип жаткан. Кара нөшөр ал ансайын дүйнөнүн төрт тарабын жаап калың төгүп, чагылганы жаркылдап, түн алай-дүлөй.

– Карма! – деп Танабай Бүбүжанга бакырды.

Келин эптеп жылоого колу жеткенде ээрге ыргып минди. Ал минди-минбеди, ыйык жалдан алып, каргыганча Гүлсары да жылоодогу келинди көлчүккө сүйрөп салып, короодон чыга атырылып жөнөп берди.

Эми жорго оозун чойгон суулукка да, омуроо ачыштырган камчыга да, ээсинин бакырган дабышына да моюн бербей, тек сокур сезим менен багыт алып, жол таап, чаба жааган нөшөрдү, омуроодон тепкен кара бороонду как жарып чапты. Айгырга алы жетпей калган Танабай суу болгон көйнөк-дамбалы көкүрөккө жабышып, жонун чапылдата ургулап, шамал менен жамгырдан көзүн ача албай баратты. Аманат болуп калган үстүндөгү ээсин жорго бууракандаган өзөндөн буйдалбастан алып өттү, чагылганга тийгизбей, чырканак-бадалга тыттырбай, кез келген аңга жыкпай каргып, албууттана чапты. Не бир жарышта болсун, же аламан-байгеде болсун Гүлсары бу добулдуу түндө чапкандай учуп-күйүп жүгүргөн эмес.

Алкына чуркап алган айгыр караңгы түндө аны кайда алпаратканы Танабайга беймаалим. Бетке-көзгө чаба жааган жаан көөдөнүн куйкалаган өрттүн алоосу сыяктанды. «Үйүр кантти? Жылкы кайда кетти экен? Э кудай, ылдый темир жолго эпкиндеп жүрүп кетпесе болгону. Калың топко кагышып поюз кулабагай эле! Э, Алла,

жар боло көр! Колдой көр, арбак! Сүрдүгө көрбө, Гүлсарым! Жеткир мени жайытка, жеткир жылкыга!» деген ой гана жер сабаган ат туягы сыңары мээсин сабап баратты.

Төмөнкү жайыкта караңгы түндү ак жалын менен аймалап, ак боор жылан өңдүү чагылган оттору ойноктойт. От өчөр замат караңгылык кайра чүмкөнө калып, түн күркүрөйт, добул жаан бетке урат.

Жарк этет да, жалп өчөт, жарк этет да, жалп өчөт...

Ал ансайын Гүлсары асман чапчып чарк айланып азынап алат да, оозун араандай ачып кайра аркырап жөнөйт. Айгыр үйүрүн издеп эси чыгат, жооп дабыш күтүп жинденет. «Кайдасыңар? Кайдасыңар? Кишенеп жооп бергиле!» деп барат. Ага жооп кайтарып күн күркүрөйт. Ал ансайын Гүлсары үстүндөгү аманат ээсин сезбей караңгыга бой урат, добул жарып үйүрүн издеп чабат...

Жарк этет да, жалп өчөт, жарк этет да, жалп өчөт...

Добул таңга жуук араң бастады. Чокмороктошкон кара булуттар тытылып тарай баштады, бирок асмандын чыгыш тарабы дале күркүрөп, өксүгүн баса албай жаткансыйт. Добул сабап эси ооган кара жерден буу көтөрүлдү...

Чачылган жылкыны топтоп, ойдо-кырда жылкычылар жүрөт.

Танабайды болсо, зайыбы издеп чыккан, издеп эмес, күтүп чыккан. Ал түнүндө эле атталып, коңшулары менен Танабайга жардамга чапкан. Жылкыны таап, жар туюгуна камап турушту. Бирок Танабай көрүнбөдү. Жылкысынан адашып калганбы дешти башкалар. Аялдын сезими анын адашпаганын туюнду. Жерге шоола киргенде шөмтүрөп келаткан Танабайды көрө коюп, коңшунун баласы: «Тигине, Жайдар апа, Танакем келе жатыры!» – деп кубанып, алдын тосо чапканда Жайдар ордунан козголгон жок. Адашып кайткан эрин ат үстүндө

үнсүз карап, күтүп турду.

Түнү бою алдастап шайы кеткен жоргонун үстүндө үнсүз-тилсиз, денесине чапташкан суу көйнөк-дамбалчан, үрпөйүп жылаң баш, түрү суук Танабай келатты. Астындагы Гүлсары оң колунан аксап алган.

– Биз сизди издеп жүрбөйбүзбү... – деди бала кубанычы, койнуна батпай. – Жайдар апамын тынчы кетти аябай!..

Бала деген ушу да...

– Адашып кеттим,– деп күңк этти Танабай.

Эрди-катын ушинтип жолугушту. Бири бирине лам деген жок. Тиги бала жылкыны туюк жардан айдап чыгарууга кеткенде гана аялы акырын унчукту:

– Кийине чыгышка да шайманың келбептир го, байкуш. Дамбал, өтүкчөн келгениңе да шүгүр. Ыя, уялсаң боло! Жээликкидей же бир жаш болсоңчу. Балдарың эр жетти, а сен...

Танабай унчукпады. Унчукканда не демек?

Ал ортодо алиги бала жылкыны кайрып келди. Кудай жалгап, кулун-тайы менен үйүрдүн туягы түгөл чыкты.

– Жүр, эми Алтыке, журтка баралы,– деп баланы чакырды Жайдар. – Бүгүн силерде да, бизде да жумуш көп. Үйлөрдү бороон кулатып кеткен. Баш-аягыбызды жыйнап алалы.

Анан Танабайга акырын айтты:

– Сен ушерде эле бол. Кие турган, жей турган бирдеме апкелип берейин. Ушу түрүң менен элге кантип көрүнөсүң....

– Тиги этекте болом,– деди Танабай күңк этип.

Жайдарлар жөнөп кетти. Танабай жылкыны төмөнкү жайытка айдап жөнөдү. Күн көтөрүлүп, аба жылыды. Талаа бууланып, жандана баштады. Жамгырга жуунган жашыл ыраң жаш чөптөрдүн жыты буруксуду.

Жылкы жайбаракат бөртө желип, жылга-жыбыттардан өттү да, кудүрөйгөн боорго көтөрүлдү. Танабайдын алдынан өзгөчө бир дүйнөнүн пардасы ачылгандай болду. Каз боор булуттар тиги чыгыштын көк жээгинде каалгыйт. Төбөдө көк асман томуктай булутсуз, күн нуруна чайынып, түпсүз. Көз учунда, кең талаанын түзүндө түтүн булатып, чубалжыган поезд кетип барат.

Танабай аттан түшүп, өскүлөң чөптү кечип бир аз басты. Аяк астынан боз торгой пыр учту да, бийикке көтөрүлүп, сайрап кирди. Башын салаңдатып келаткан Танабай бир маалда күп эте жерге жүстөмөнүнөн кулады.

Гүлсарат эч качан ээсинин минтип мөгдөп жатканын көргөн эмес. Танабай жер кучактап, ыйыгы дирдир кагып, ыйлап жатты. Ал уяты менен кайгысына чыдабай ыйлады, өмүрүндө бир келген бактысынан түбөлүк кайра айрылганына ыйлады. А үстүндө болсо, боз торгой сайрайт..

Арадан бир күн өткөн соң жылкы тоого бет алды. Эми бул жайытка келерки жазда гана кайрылып келет. Чубаган көч өзөн бойлоп, айылды жакалай жүрдү. Короо-короо кой, үйүр-үйүр жылкы... Жүк арткан төөлөр менен аттар... Ээрде термелген аялдар менен балдар. Барак жүндүү дөбөттөр күрпөң жортот. Жылкычылар айт-айттап, койчулар кыроойлоп, жылкы кишенеп, кой маарап, жайлоого бет алган көчтүн шаңы өзгөчө...

Танабай жылкысын чоң саз менен айдап отуруп, кечээ жакында эл майрамдап, улак тарткан жайыкка чыкты. Каптал жакта калып бараткан айылды бурулуп карай албады. Бир маалда Гүлсары көнгөн адатына салып, айылды көздөй, айыл четиндеги үйдү көздөй бура тартмакчы болду эле, ал айыбына ачуу камчы жеп алды. Ошентип баягы-баягы тору кашка байталдын эрининдей

жумшак колдуу келиндин үйүнө ал экөө кайрылбастан кете беришти...

Калың жылкы бөкөн жортуш менен шашпай баратты.

Ээси кадимкисинче ырдаар бекен деп күттү Гүлсары. Бирок Танабай ырдабады. Айыл артта калды. Кайыр кош, айыл. Алдыда улуу тоо. Көрүшкөнчө эсен жат кең талаа, келерки жазга чейин кош бол. Алдыда улуу тоо.

## VI

Түн ортосу жакындап калды. Гүлсары мындан ары жүрө алгыдай эмес. Ушу жардуу сайга мүргүп жеткенче миң токтоду. Эми сайдан чыгар дарманы жок. Мындан ары атты кыйноо кажатсыз экенин Танабай да түшүндү. Гүлсары кыйноодо жаткан адамдай болуп онтоп турду. Анан төрт аягы бүгүлүп жата кетти, Танабай да жолтоо болбоду.

Муздак жерде жорго башын чулгуп, кээде жерге ургулап, онтоп жатты. Чыйрыгып үшүгөндөн бетер калчылдайт. Эси кеткен Танабай үстүндөгү тонун чечип, жоргосуна жапты.

– Кыйналдың го, байкушум. Катуу кыйналдың го. Үшүдүңбү? Эч качан үшүбөгөн сен эми үшүдүңбү? – деп Танабай оозуна келген бирдемелерди күбүрөй берди, Гүлсары бирин да уккан жок. Көөдөндөгү жүрөгү башын тээп жаткансып, эки чыкыйдын ортосунда бирде аптыга, бирде үзүлө кагат: тум-туп, тум, тум-туп, тум... деп куду куугандан качкан үйүр топ жылкыдай арыдан бери сүрдүгө кагат.

Тоо артынан чыккан ай дүйнө үстүндөгү тумандуу мунарыкта жылбай токтоп калгансыйт. Көктөн жалгыз жылдыз учту, үнсүз шуулдап түшүп, куйругу үзүлдү, өзү өчтү.

– Сен жата тур, мен куурай терип келейин, – деди чал.

Былтырдан калган бирин-серин каксоо куурайды түн ичинде кайсалап, Танабай көпкө жүрдү. Бир кучактай отун алганча колуна кирбеген тикен калган жок. Ага көңүлү толбой сайдын таманына түштү, кереги тиер деп, бакисин ала басты. Темселеп жүрүп, чоң түп жылгынга туш болгондо кубанып кетти. Нагыз отун ушул эле.

Гүлсары от жанына жолобой качар эле, эми антер алы жок, кайра жан тарткансып, оттун табына жылынгансып, каптаган түтүнгө бышкыра албай тим жатты. Танабай отко жылгын менен кара куурайдан алмак-салмак таштап коюп, каптын үстүндө отко колун кактап, үнсүз отурду. Окто-текте туруп, аттын үстүндөгү тонду оңдоп жабат да, от башына кайра отурат.

Гүлсарынын дене-бою жылып, калчылдаганы басылды. Бирок сары закым мунарык көз алдынан кетпей, көөдөнү кысылып, дем алышы кыйындай берди. Алоологон жалын биресе күл кайсалап өчүңкүрөп, биресе дуулдап күйүп, караңгы түнгө чатырата учкун чачат. Каршы алдында отурган чал, эзелтен берки ээси Танабай бир көрүнсө, бир көрүнбөй алоо менен кошо титирейт. Эсеңгиреп жаткан жоргого ошондо ээси экөө караңгы түндөгү кара добулду как жарып чаап бараткандай сезилет. Жорго кээде көк чапчып азынап, чарк имерилет, үйүрүн издеп кишенейт, бирок үйүрү табылбайт. Алыстан асманды чатырата тилген чагылгандын ак алоо жарыгы жарк этет да, жалп өчөт.

Жарк этет да, жалп өчөт, жарк этет да, жалп өчөт...

## VII

Малчынын бу жарык дүйнөдөгү түйшүгү анчалык деле кыямат эмес дегенсип, кыш өтүп, өлбөгөн кулга жаз келди. Эми күн жылыйт, адам акка, мал көккө жетет. Анан

кыштын кыяматын күзгө дейре биротоло унуткарар майрам келет, майрамдын таң-тамашасы башталат. Ага чейин, же андан кийин деле жанды көп кейитпес күнүмдүк иштер жүрөр: мал төлдөөр, төл телчигер, анан кыркын бүтөр, жан жыргачу жайлоо кайдасың деп, желе тарткан көч көчөр. Ошентип күндөлүк чарба турмуш өтө берер да, ал ортодо ар кимдин керт башынан жеке тагдырлар уланаар: сүйүү менен ажыроо, туулуш менен өлүм ээрчий жүрөт эмеспи... Мындан башка да майда тирилик бар: баласы жакшы окуса кубанып, интернаттан окуусу начар деген жайсыз кабар алса, капаланар. Өз колунда жүрүп окуса жакшы окуур беле деп ойлоор. Антишке малчынын шарты кана... Дегинкиси, ушундай аз кубаныч, көп түйшүк менен жүрүп, баштан өткөн ызгаарлар унутулат. Жут, малдын өлүм-житими, көк шыргалаң көктөм, жыртык үй менен суук короо кордугу келерки кышка чейин эстен чыгып, маалымат, отчет кагаздарда гана калат. Бирок антип-минткенче борошон буурул буура минген кыш кирип келер, малчы байкушту ойдогусун ойдон таап, тоодогусун тоодон таап, унутчаактыгынын жазасын берер.

Бу жыйырманчы кылымда деле кыш илгеркисинен жазбай каардуу келатат негедир.

Ошентип кайра жаз келди. Арык-торук, көтөрүм болуп кыштан чыккан мал кыштоодон чыгып, көк кубалап талаага жайылып кетти.

Ушу жазда Танабай Гүлсарыны үйүргө салды. Минбей аяп, өнтөлөп багып, айгыр улам күчкө толгон сайын көзү кубанып жүрдү.

Гүлсары да үйүргө карамдуу, кулун-тайга кайрымдуу, чунаңдаган бээлерге каардуу айгыр болчудай. Мойнун дүгдүйтүп жер чапчып, үйүрдү чарк имерип, ит-куш келе калчудай көзү акшыңдайт. Кокус чоочун көз же алыстан

түрү суук караан көрүнсө үйүрдү далдаа жерге сүрөт. Гүлсары үйрүп жүргөндө жылкычынын да көңүлү ток.

Ошол кышта колхоздо өзгөрүштөр жүрдү. Чоро ооруkчал болуп кеткен соң, ишин өткөрүп, райондун оорукaнасына жатып калган. Ордуна райондон жаңы башкарма келген. Чоро байкушту эски жүрөк оорусу ишке жараксыз кылып салды. Танабай досунун көңүлүн сурап, районго бир чаап барууга камынып эле жүрдү, бирок куу тириликтен колу бошободу. Малчы да көп балалуу катын мисал эмеспи, күндүр-түндүр малына каралаганы каралаган, айрыкча кыш менен жазда иши кычайт. Мал жарыктык же машине эмес, моторун өчүрүп салып, басып кете бергидей. Акыры ошентип жүрүп Танабай райондогу ооруканага бара албады. Мурдагыдай жардамчысы да жок. Аялын жардамчы кылып жаздырып алган. Эмгек күнгө жарытылуу эчтеме тийбесе, бир адамдын тапканынан көрө эки адамдыкы артык эмеспи, күн көрүштүн камы да. Жайдардын болсо эмчекте баласы бар. Ал кайдан жылкы кайтарсын. Күндүр-түндүр аттан түшпөгөн Танабай өзү. Коңшу жылкычылардын бирөөн карай тур деп сурамакчы болуп жүргөн тапта Чоро ооруканадан чыгып келиптир деген кабарды укту. Ошону менен Танабай аялы экөө Чорону тоодон түшкөндө барып көрмөкчү болушту. Анан минтип тоодон түшүп, жакадан konуш алып, жайыт таап жайгашканча бир окуя болуп кетти. Аны Танабай ушул азыр эстесе да ызасына чыдабай онтоп жиберет...

Жоргонун даңкы – өзүнүн шору. Даңкы алыска тараган сайын чоңдордун көзү кызарат.

Ошол күнү Танабай жылкыны таңкы салкын менен жайытка айдап салып, шашкелик чайга кайтып келген. Кичинекей кызын тизесине кондуруп, аялы экөө тиричилигин сүйлөшүп, чай ичип отурган эле. Интернатка барып, баласын көрүп келмек болуп, кайра тартканда

стансага кайрылып, үйдөгүлөргө көйнөк-кече ала кайтмак болуп, акылдашып отурган.

– Анда эмесе жоргону токуюн,– деди Танабай чайдан ууртап. – Болбосо бүгүн кайра жетип келе албасмын. Жоргого бу жазда мингеним ушул болсун, мындан кийин тийбейин.

– Өзүң бил,– деди аялы. Сырттан дүбүрт угулуп, атчандар келаткандай болду.

– Чыкчы,– деди аялына Танабай. – Киши келатабы?

Аялы сыртка чыгып, кайра баш бакты.

– Ыбрайым ферме келатат, жанында дагы бир бала бар.

Танабай ордунан ыргылжың туруп, кызын көтөрө сыртка чыкты. Жылкы фермасынын башчысы Ыбрайымды Танабай көп жактыра берчү эмес, бирок келаткан мейманды тосуп алыш парз эмеспи. Эмнеге жактырбаганын Танабай өзү да ачык билбейт. Бир көргөнгө Ыбрайым деле жексур эмес, адамдын ичи-койнуна кирип купшуңдап турат. Бирок колдон суурулма жайы бар. Жумушунун көзүн таап иштебейт, эсеп чоттон башка түйшүгү жок. Фермада жылкычылык иштин эмне болуп жатканын эч ким билбейт. Партиялык жыйналыштарда бу тууралуу Танабай нечен ирет айтып чыккан. Анда Ыбрайым куп деп отура берет, ыракмат, көзүмү ачтың деп ыраазылык кылат. Бирок эртеси өзгөрүп кеткен эчтеме жок. Дагы да болсо Чоро өзү тандап койгон жылкычылар ак ниет экен, өздөрү менен өздөрү болуп, малды кор кылбай багып келатат.

Ыбрайым аттан түшүп, кош колдоп салам айтты:

– Ассолоому алейкум, бай.

Жылкычылардын баарын «бай» деп коёр адаты эле.

– Алеки салам, – деп Танабай токтоо учурашты.

– Мал-жан аманбы? Жылкы кандай, Танаке, өзүңөр жакшы жатасыңарбы? – деп Ыбрайымдын майланыш-

кан жалпак бети күлкүгө жайылып, жат болгон сөздөрү чууруду.

– Шүгүрчүлүк.

– Кудайга тобо. Сиз барда менин убайымым жок.

– Үйгө киргиле.

Жайдар меймандарга кеңитип кийиз салып, үстүнө бөстөк төшөдү. Ыбрайым Жайдарга да жалпаңдап жатты.

– Арыбаңыз, Жайдар байбиче. Аман-эсен турасыңарбы? Байыңызды жакшы багып жатасызбы?

– Амансыздар... Жогору чыккыла, төргө өткүлө. Баары жайланып отурушту.

– Кымыздан куй, – деди Танабай. Кымыз ичишти, аркы-теркини сүйлөштү.

– Азыр чарбанын берекелүүсү эле төрт түлүк мал болуп калды. Жазда, жайда сүтү бар, эти бар дегендей,– деп отурду Ыбрайым. – Мал береке эмеспи. Болбосо өндүрүштү, же башка жумушту карагылачы, элди жутатып жиберди. Ошол үчүн бу кезде малчылыктан артык жумуш жок. Ыя, туура айтамбы, Жайдар байбиче?

Жайдар башын ийкеди. Танабай унчуккан жок. Ал ансыз да билет. «Малчынын жагдайы жаман эмес, анын кадырын биле жүргүлө, малчылыкка койгон менин кадырымды да унутпагыла», – деп Ыбрайым кези келген жерлерде айтып калат. Элдин баары эт менен сүттү кубалап кетсе, анда калгандар эмне болот дегиси келди Танабай. Качанга эл бекер иштеп, куру ооз калып жүрө берет? Согушка чейин мындайды ким көрүптүр. Күз келгенде ар бир үй эки-үч арабадан буудай түшүрүп алышчу эмес беле. Азырчы? Азыр кабын колтугуна кысып, каерден дан табылар экен деп самсып жүргөн кишилер. Эгинди өздөрү багып, оруп-жыйып берип, өздөрү куру кол калышат. Ушундай да иш болобу? Тек жыйналыш менен, курулай сөз менен калкты качанга чейин асырай-

сыңар? Ушу эмгекчилердин мээнет акысына куру сөздөн башка эчтеме бере албаган убайымдан Чоро байкуш жүрөгүнөн кесел таап, жарым жан болуп калды.

Бирок санааркаткан бул ойлорду Ыбрайымга айт-айтпа, бекер. Андай ырбаак сөздү азыр козгогусу да келбеди. Ал меймандарды эртерээк аттантып жиберип, жоргону токуп, жарыкта кайтып келип калыш үчүн эртерээк жүрүп кетүүнү ойлоп отурду. Булар эмне жумуш менен келди экен? Озунуп суроону оңтойсуз көрдү.

– Сени тааный албай отурам, иничек, Абалак маркумдун баласы эмессиңби? – деди Танабай баятан бери унчукпай отурган боз уланга.

– Ооба, Танаке, ошо кишинин баласымын.

– Мезгилдин куштай учканын карачы. Жылкычылыкты көрүп, кымыз ичкени келгенсиң го? Кандай, кызык бекен?

– Жок, Танаке, биз...

– Бу бала мени менен бирге келди,– деп сөздү бөлдү Ыбрайым. – Биз бир иш менен келип отурабыз, аны шашпай айтарбыз. Азырынча кымыз ичеличи, кымызыңыз кымыз экен, Жайдар байбиче. Буруксуган жытын ай, жарыктык. Кана, дагы куюп жибериңизчи.

Дагы да аны-муну аңгемелешип бир аз отурушту. Кандайдыр бир жайсыз сөз бар экенин Танабай туйду, бирок Ыбрайымдын келген жумушун даана биле албады. Акыры Ыбрайым бир кагаз алып чыкты.

– Танаке, биз бир иш менен... мобу кагаз менен келдик. Окуңуз.

Танабай ичинен эжелеп окуп жатты, окуганына ишене албай отурду. Кагаз бетинде шартылдата жазылган мындай сөздөр бар эле:

«Буйрук.

Бакасов жылкычыга.

Гүлсары жорго мингич көлүк катары ат сарайга жөнөтүлсүн.

Колхоз башкармасы *(колу түшүнүксүз).*

*5-март 1950-ж.»*

Күтпөгөн жерден кабылган бул окуяга тилден калгансып, Танабай кагазды төрт бүктөп гимнастеркасынын төш чөнтөгүнө салды да, көпкө унчуга албай, башын көтөрбөй отурду. Ичи ачышып, ою уйгу-туйгу болду. А чынында күтпөгүдөй бул иштин эмнеси бар эле. Жылкыны ал эмне үчүн багып, эмне үчүн өстүрүп жүрөт? Колхоз үчүн, жумушка унаа, минүүгө көлүк болсун деп багып, нечен атты чарбага жөнөтпөдү беле. Анысы ырас. Бирок Гүлсарыны беришке кантип колу барат? Гүлсарыны кантип бербей алып калардын амалын ойлоп отурду. Жеңил ачууга алдырбай, бир жооп табуу керек эле. Ага болбой Ыбрайым чыйпылыктады:

– Ушу бир болбогон иш менен келип калдык, Танаке, – деп абай менен жайкады ал.

– Болуптур, Ыбрайым,– деди Танабай ага токтоо карап. – Бу жумуш эч кайда качпайт. А көрө шашпай кымыз ичкиле, айылдын жаңылыктарынан сүйлөй отургула.

– Аныңыз туура, Танаке, эстүү кишинин сөзү.

«Эстүү!» Атаңдын башы! Сенин түлкүдөй кууланган амалыңа мен түшө коёрмун» – деди Танабай ичинен ызырынып.

Кайрадан элдир-селдир маек кетти. Эми ашыга турган жумуш жок эле.

Жаңы башкарма менен Танабай алгач ушинтип кездешти. Өзү менен эмес, түшүнүксүз койгон колу менен. Башкарманын өң-түсүн али көрө элек. Ал Чоронун ордуна келгенде Танабай тоодо жүргөн. Мурун чоң кызматтарда болуптур, катаал киши экен деген сөз тоого да

жеткен. Алгачкы эле жыйналышта жалкоолорду кырамын да жоёмун, эмгек күнүн аткарбагандарды сотко берем деп коркутуптур. Бар балээнин баары колхоздун майда чарбалыгында, жакында чарбалар ирилендирилет, ошондо абал оңолот, мени ошол үчүн жиберип отурат дептир. Негизги максат колхоздун иштерин агротехника менен зоотехниканын алдыңкы эрежелери боюнча жүргүзүү. Ал үчүн колхозчулардын баардыгы агротехникалык жана зоотехникалык ийримдерде окууга милдеттүү болуптур.

Айтканындай эле азыр айылда окуу иши оңолуп, плакаттар илинип, лекциялар окула баштаптыр. Бирок ал лекцияларда чабандар уктап отурса мейли экен...

– Танаке, биз жөнөйлү,– деди Ыбрайым кандай жооп болорун күдүктөнө күткөнсүп түлкү тебетейин силкип кийип, өтүгүнүн бырышкан кончун тартты.

– Эмесе мындай, ферме. Башкармаңа айтып бар. Гүлсарыны бере албайм. Ал үйүргө салынган айгыр, бээ караар мезгили жакындап калды.

– Обой-ой, Танаке, биз анын ордуна сизге беш айгыр таап берели, бир да бээң кысыр калбайт. Ошо да кеппи? – деп Гүлсарыны азыр коштоп кетерге көңүлү тынып отурган Ыбрайым аң-таң калды. Танабайдан башка бирөө болсо сөз кыска эле, бирок Танабай деген Танабай, жакын агасын аябаган неме менен эсептешпеске чара жок. Сылап-сыйпап сүйлөшпөсө эпке келбейт.

– Силердин беш айгырыңардын мага кереги жок. – Танабай нымшыган чекесин сүрттү да, кичине буулуга түшүп, анан түз айтты: – Эмне, сенин башкармаң минерге башка ат табылбадыбы? Ат сарайдагы аттар кырылып калдыбы? Жорго айгырдан башка ат көтөрө албайбы аны?

– Кантесиң, Танаке. Башкарма деген баарыбыздын башчыбыз, аны сыйлашыбыз керек. Районго тынбай кат-

тап турат, ага да жогортон кишилер келет дегендей. Башкарманын жүргөнү да, турганы да калктын көз алдында болот эмеспи, мындайча айтканда...

– Мындайчаң кандайча? Башка ат минсе башкарманын кадыр-баркы түшүп калабы? Калктын көз алдында болсо жоргодон башка ат жарашпайт бекен ага?

– Жарашсын, жарашпасын, жөнү ошондой да. Мына өзүңүз, Танаке, согушта болуп келдиңиз. Айтыңызчы, ошоякта сиз жеңил машине минип, генерал жүк машинеге түшүп жүрдүбү? Арийне, андай болбогондур. Генералга генералдын шыбагасы, солдатка солдаттын энчиси. Ушундай эмеспи?

– Буерде кеп башка, – деп Танабай сөзгө кыскарыла түштү. Эмне үчүн башка экенин түшүндүрүп отурбады, түшүндүрө да алмак эмес. Жоргонун мойнуна түшкөн сыйыртмак кыса баштаганына ызаланган Танабай чорт айтты:

– Бербеймин. Жаратпасаңар мени жылкыдан кууп жибергиле. Көнгөн дүкөнүмө барам. Аерде менин колуман барсканымы тартып ала албассыңар.

– Антпеңиз, Танаке. Биз сизди сыйлайбыз, урматтайбыз. А сиз жаш баланын ишин кыласыз. Ушу мүнөз сизге кантип жарашсын, өзүңүз эле айтыңызчы? – Ыбрайым отурган ордунда ойдолой кетти. Маскара боло турган болдум деп, ичинен кыжыры келди. Башкармага ушундай бир жорго бар деп айтып, мингизем деп убада берип, белсенип киришкен өзү эле, эми мобу кежир неме баарын бүлдүрмөй болду.

Ыбрайым күрсүнүп, Жайдарга карай жалооруй сүйлөдү:

– Сиз эле, айтыңызчы, Жайдар байбиче, бир ат деген, ырас жорго экен, бирок бир ат деген эмине? Жылкынын ичинде не бир түркүн аттар бар, каалаганыңды кармап, токуп мине бер. Өзү жаңы башкарма болсо, аны жогортон жиберип отурса...

– Ага сен мынчалык эмне күйпөлөктөп калдың? – деди Жайдар.

Ыбрайым оозунан сөзү түшүп, эки колун жайды.

– Кантмек элек анан? Тартип. Мага тапшырды, мен болсом кичинекей адаммын. Өзүм минбеймин. Мага эшек болсо деле жарай берет. Сураңыз, мына Абалактын баласын жибербедиби жоргону апкел деп.

Ал бала унчукпай башын ийкеди.

– Мунубуз дурус болбойт го,– деди Ыбрайым. – Бизге башкарма кылып дайындап жиберсе, өзү мейман киши болсо, анан айылыбыз менен дурустап бир ат таап бере албасак. Эл укса эмне дейт? Кыргызда жок жаман жосун болбойбу.

– Эл укса уксун, – деп илип кетти Танабай,– бүткүл айыл билсин. Мен Чорого барып айтамын. Ошол өзү чечсин.

– Чоро бербе деп айтат дейсизби? Бул иш оболу Чоро менен келишилген да. Аны кайра ыңгайсыз жайга салбайсызбы. Бекер ал кишини уятка калтырасыз да. Жаңы башкармага баш ийбей, мурдагы башкармага барып чагым салгандык болбойбу. Анын арты эмне болот? Чоро өзү оорулуу адам болсо, анан жаңы башкарма экөөнүн ортосун араздаштырсак. Жакында Чоро парторг болот, башкарма менен бирге иштешет. Ал үчүн экөөнүн ортосун эмитен бузбайлы да...

Сөз Чоро тууралуу болуп кеткен соң, Танабай унчуга албады. Баары үнсүз отурду. Бир маалда Жайдар оор күрсүнүп:

– Берсеңчи,– деди эрине. – Буларды жолдон калтырбасаңчы.

– Мына эстүү кишинин айтары, бая эле ушунтпей, рахмат сизге, Жайдар байбиче.

Көрсө, Ыбрайым бекеринен Жайдарга жалпылдап, ыраазылыгын миң кайталап жатпаптыр. Арадан көп

өтпөй ал ферма башчылыгынан көтөрүлүп, колхоз башкармасынын мал чарбачылыгы боюнча орун басары болуп чыга келди...

Танабай ээрде үлүрөйүп отурганы менен баарын көрдү. Тигине, алар Гүлсарыны кармаганын, башына жаңы нокто катканын (Танабай малдын башбоосун башка бирөөгө бермек беле), көрүп отурду. Гүлсары үйүрдөн кеткиси келбей Абалактын баласынын колундагы чылбырды жулка тартканын, Ыбырайым биресе быягына, биресе тыягына чыга калып, аябастан камчылап жүргөнүн көрүп отурду. Мобу бөтөн адамдар кайда, эмнеге алып баратканын, үйүрүнөн, ээсинен ажыратып эмнеге алып кетип жатышканын түшүнө албай азынап аба чапчылаган Гүлсарынын көзүн көрүп отурду. Азоолонгон айгыр кишенегенде оозунан чыккан бууну, сапырылган жалын, дирт-дирт этип жылтылдаган соорусун көрүп отурду. Соорусу менен санына Ыбрайымдын камчысынын тагы күдүрөйүп чыга түшкөнүнө чейин көрүп отурду. Жоргонун кыйыктанып аяк ташташын, ныгыра баскан туяк издерин, дирилдеген гүлгүн сары жүнүнүн ар бир кылына чейин түгөл көрүп отурду Танабай. Аргасы түгөнүп, эрдин кесе тиштеп, ичинен кан өтүп көрүп отурду. Бир маалда башын көтөрсө тигилер Гүлсарыны жетелеп, тумшуктан бурулуп бараткан экен. Танабай бир бакырып алды да, атка камчы салды.

– Токто, койсончу! – деп Жайдар үйдөн жүгүрүп чыкты. Атырылта чаап баратып көңүлүнө кылт эткен бир ойго Танабай капилеттен аттын башын кекейте тартты: аялы баягы жигитчилик түндөрдүн өчүн алып жаткан белем! Танабай аттын башын чукул бурду да, камчылана чаап жетип келди. Үй оозунан тизгин тартып, аттан ыргып түштү да, сурданып аялына камчы көтөрө опурулду.

– Сен эмне?.. Сен эмне бер дедиң? Ыя? – деди аялын акырая тиктеп, каардуу күбүрөп.

– Сабыр эт. Түшүр камчыңды,– деп Жайдар адатынча байыстуу сүйлөп, эринин ээликкен жинин басты. – Менин сөзүмө бир жолу кулак салып койчу. Гүлсары сенин жеке менчик малың беле? Жеке өзүңкүбү? Деги түктүүдөн эмнең бар? Бүт караган-бакканыбыз колхоздуку эмеспи. Ошону менен күн көрүп жатпайбызбы. Жорго да колхоздуку. Башкарма колхоздун ээси, эмне десе, ошо болот... А эгер мурдагыңан күдүктөнүп, мага ачууланып атсаң, анда азыр кетсең да мейли. Бара бер. Ал менден артык, сулуу экен, жаш экен. Жакшы аял. Мен да ага окшоп жесир калмак элем, бирок өзүң аман-эсен келдиң. Канча күттүм мен байкуш! Мейли, аны колко кылбайын. Бирок үч балаң бар. Аларды кантесиң? Кийин эмне дейсиң, аларга? Алар эмне дейт? Мен эмне дейм аларга? Өзүң бил...

Танабай талаага безип кетти. Кечке чейин жылкынын жанынан чыкпады, бирок көңүлү ордуна келбеди. Үйүр жетимсиреп калды. Көңүлү да жетимсиреп калды. Жан бирге болуп калган жорго кумарлуу көңүлүн кошо ала кеткенсийт. Жорго менен баары кошо кетти. Эми дүйнө ээнсиреп, коңултак. Күн да башка, асман да башка, жадагалса Танабайдын өзү да башка болуп калгандай.

Конушка каш карайганда келди. Унчугар кеби жок түнөрүп үйгө кирди. Кыздары уктап калыптыр. Очокто жетимсиреп от күйүп жатат. Аялы колуна суу куйду. Тамак берди.

– Жебеймин, – деди Танабай. Уңкуюп отуруп, анан акырын суранды:

– Ооз комузуңду алчы. «Боз иңгендин арманын» какчы.

Жайдар комузду эриндерине тийгизип, калдыркан ничке тилин сөөмөйү менен кагып өттү. Анан көчмөндөрдүн

байыркы муңдуу күүсү жүрөктү эзип, күүгүмдөгү коңур салкын абаны толкутуп ала жөнөлдү. Ак ботосунан айрылган боз иңгендин арманы. Ээн талаа, эрме чөлдө жоголгон ботосун издеп, жер кезген инген. Ботосун издеп боздогон инген. Таңга маал ээрчитип, талдын башын сыдыртып, кечке маал ээрчитип, жардын башын кыдыртып жүрө албадым, ботоюм, деп баратты боз инген. Тайтаңдатып ойнотуп, талаадагы кокону жегизбедим, ботоюм, аягыма куюлуп, эмчегиме сүт толду, эмизбедим, ботоюм деп баратты боз инген. Кайдасың сен, каракөз ботоюм? Үн катчы? Ийип барат желиним, сүт куюлуп зыркырайт, кайдасың сен, ботоюм, көп какшатпай үн катчы, деп баратты боз инген. Ийиген эмчегинен сүт агып, аяк ылдый куюлат. Ак ботосун издеген, ал эненин ак сүтү…

Жайдар ооз комузду жакшы какчу. Танабай аны беш көкүл кыз кезинде ушул сыйкырдуу өнөрү үчүн сүйүп алган.

Башы жерге салаңдап, көзүн чылк жумуп уккан Танабай баарын көрүп отурду. Аялынын катаал турмушта ысыкка күйүп, суукка тоңгон колу комуздун назик тилин назик кагып жатканын көрүп отурду. Ак аралаган чачын, көз айланасын, моюнун желелеген бырыштарын көрүп отурду. Ошол бырыштардын ар биринин катмарынан Жайдардын кайра кайтпас гүлгүн чагы элес берет. Тал-тал өрүм чачтары далысынан ылдый төгүлгөн кара тору кыз көрүнөт. Кызды жандаган боз бала өзү көрүнөт… Жайдар болсо комузунун күүсүнө кошо термелип, кошо муңканып, кыялында алдагайда жүргөнүн да көзү жумулуу, көкүрөгү ойгоо Танабай көрүп отурду. Ал баштан, кечирген азап-кайгысынын жармысын Жайдар көтөрүп келатканын да көрүп отурду. Аялың – жарым өмүрүң деген ошол белем, биринин кайгы-кубанычын бири тең бөлүшүп көтөрүп жүрөр белем…

...Күндөп издейт боз иңген ак ботосун, түндөп издейт боз иңген ак ботосун, зарлап издейт боз иңген. Кайдасың, каракөз ботоюм? Эмчегим сыздап, сүтү куюлат, аягым ылдый сарыгат, ботоюм. Кайдасың. Үн катсаңчы! Ийиген эмчегинен сүт агат. Ак ботосун издеген ал эненин ак сүтү...

Кыздар болсо кучакташып уктап жатат. Үйдөн сырткары караңгы түн жамынып уч-кыйырсыз талаа жатат тунжурап.

Бу маалда айылдагы ат сарайда атчылардын тынчын алып Гүлсары туйлап турду, азынап үн салып турду. Ат сарай деп аталган жылкынын камагына ал биринчи түшкөнү.

## VIII

Бир күнү таң эрте үйүрдө жүргөн Гүлсарыны көрүп, Танабай кубанганынан жүрөгү жарыла жаздады. Чылбырдын үзүгү жылоосунан салбырап, токулуу жүрөт жоргосу.

– Гүлсары! Жаныбарым, Гүлсары! – деп Танабай жоргосуна учуп жетти.

Гүлсарынын башында чоочун жүгөн катылуу, үстүндө чоочун ээр токулуу. Баарынан да Танабайдын кыжырын келтирген көрпөчөсү болду. Жоргону эркек эмес, кучак көчүк аял минип жүргөнсүп, көрпөчөсү көрпөчө эмес эле баркыт тыштаган чоң жаздык экен.

– Тфу! – деп түкүрүнүп жиберди жини келген Танабай.

Жоргону кармап алып, тиги балээсинин баарын сыйрып салмакчы болду эле, Гүлсары ойт берип кача берди. Ал азыр Танабайды тааныр эмес. Бээлерге окуранып, имерчиктеп жүрөт. Көптөн көрбөй, катуу эңсеп келген айгыр сагынып жүргөн мурунку ээсин байкас албады.

«Чылбырды үзүп качкан экенсиң го, жаныбарым. Жарайсың! Ал, сайранда, сайрандап ал! Мен эч кимге айтпайын»,– деди ичинен Танабай. Анан жылкыны бир ээликтирип алмакчы болду. Артынан кууганчу келгенче Гүлсары кумардан чыга ойноп алсын.

– Айт-айт-айт! – деп айкайлап Танабай үзөңгүдөн обдула укурук булгалап, жылкыны күтүрөтө кууп жөнөдү. Кулундарын издеп окуранган бээлер бөрт-бөрт желип, жан жакта ойноок байталдар так секирип баратты. Жалдары көккө сапырылып, куйруктары чубалжыйт. Жашыл ыраң жамынган жер да кубангандай калың дүбүрткө дүңгүрөйт. Гүлсары силкинип алып, боюн жасап, мойнун дүгдүйтө ийип үйүрдүн алдына чыкты. Жаңы кошкон айгырды артка кууп таштады да, кайра үйүрдүн алдына чыгып жол баштап, көйрөңдөнө ойноп баратты. Улам бир тарапка чыгып, үйүрүн кайрып баратты. Сүттүү бээлердин жытына, шыбактуу талаа жытына мас болуп, башы айланып, көөдөндөгү жалындуу күчкө дүүлүгүп баратты. Үстүндөгү баркыт жаздык-көрпөчөлүү ээр-токум менен, эки капталын ургулаган салмактуу сары үзөңгү менен иши болбоду. Кечээ гана райондун борборунда мамыга аса байланып, кордугуна чыдабай суулугун кемирип турганын, көнбөгөн неме жолдон машине өтсө селт үркүп турганын унутту. Андан кийин аракканaнын алдында саргайып дагы көпкө байланганын, жаңы кожоюну аракканадан бир топ жолдоштору менен арак сасып чыкканын, кожоюну улам сасык кекирип, ээрге араң мингенин да унутту. Андан кайра келаткан баткак жолдо жарышып чапканын, Гүлсары адатынча алдына ат салбай, жаңы кожоюнун ала качып келатканда ал неме ээрге жөндөп отура албай эт салынган каптай лөкүлдөгөнүн, ал айыбын жоргодон чыгарып, башка-көзгө чапканын да унутту. Гүлсары азыр анын баарын унутуп, сүт жыттанган бээлердин жытына, ууз жыттанган ку-

лундардын жытына, шыбактуу талаа жытына башы айланып, кумарын күчөткөн жалындуу күчкө дүүлүгүп баратты... Артынан кууган кuugunчу жакындап келатканын сезбей, дүйнө капар ойноп баратты жаныбар.

Танабай жылкыны кайра жайытына кайрып келгенде айылдан чыккан эки атчы да келип жетти. Гүлсарыны кайтадан үйүрдөн бөлүп, алып кетти.

Бирок жорго көп кечикпей кайта качып келди. Бу жолу жүгөнсүз, ээр-токумсуз келди. Түнкүсүн ноктосун башынан шыпырып алып качса керек, кургур. Танабай оболу күлдү да, анан ойлонуп туруп, жоргого укурук салды. Өзү кармап, өзү ноктолоп, өзү айылга коштоп жөнөдү. Жарым жолдон атчылар жолукту. Жоргону аларга тапшырып жатып, Танабай жемелеп алды:

– Деги кандай жансыңар, колуңар жокпу? Жабылып жүрүп башкарманын бир атына көз боло албайсыңар. Бекем байлагыла.

Анан Гүлсары үчүнчү ирет качып келгенде Танабай чындап ачууланды:

– Сен кандай акмак малсың? Шоруң кайнагыр, эмне эле күндө келесиң? Айбан мал деген сенсиңби, айбан? – деп урушуп жүрдү ал укурукту сундуруп жоргону кубалап.

Анан дагы коштоп жөнөдү, атчылар менен дагы урушту.

Бирок Гүлсарыга акыл кирбеди, көз жаздымда калса эле качып келе берди. Атчылардын да, Танабайдын да жанына батты.

Ошол күнү Танабай жайыттан кеч кайтып, кеч жаткан. Сактыкка кордук жок деп, жылкыны үйгө жакын ийрип салды да, уйкуга кирди. Бирок, күнү бою катуу чарчаган неме түйшөлүп уйкусу тынч болбоду. Кайдагы жаман түштөр кирди: кайра баштан согушта жүргөнсүйт,

же бир кушканада жүргөнсүйт. Тегереги бүт кан, колдору да кан. Түштө кан көргөн жакшылык жышаан эмес деп ойлоп да коёт уйку-соонун ортосунда. Бир жерден колун жууп алсам дейт. Бирок дайынсыз бирөөлөр аны түрткүлөшөт, шылдыңдап күлүшөт, каткырышат чаңырышат: «Танабай, колуңду кан менен жууп атасың, кан менен! Буерде суу жок, суу болбойт. Танабай, бу тегеректин баары кан! Ха-ха, хо-хо, хи-хи!..»

– Танабай, Танабай! – деп аялы аны ийининен жулкулдатып жатты. – Ойгон, Танабай, турчу!

– Ыя, эмне?

– Кулак салчы, үйүр жакта бир балээ болуп жатыры! Айгырлар алышып жатса керек. Гүлсары дагы келген бейм?

– Арам өлгүр, адамга тынчтык бербес болду го! Мунун бары да балээ, жогу да балээ! – Танабай шаша-буша кийинип, үйдөн жүгүрүп чыкты, укурукту ала коюп, нары жылга тараптан азынашкан доошту кубалай чуркады.

Таң агарып калган кез эле.

Жүгүрүп жетип, Танабай көргөн көзүнө ишене албай, ишенген соң жаны кейиигенге онтоп жиберди. Эки колу кишенделген Гүлсары серең-серең секирип, чарк имерилет, азынай албай онтолойт. Үйүргө кошкон жаңы айгыр болсо биротоло ыйыктап, тизелетип алыптыр, ага болбой Гүлсары тура калса, тиги айбан капталынан, туш келди жагынан чыга калып, аркасын сала кош аяктап тээп жүрөт.

– О мыкаачы ит! – деп бакырган бойдон Танабай жетип барып, жаңы айгырды жон талаштыра укурук менен салып калды. Укурук эки бөлүнүп түштү. Айгыр качып берди. Танабайдын көзүнөн жаш сыгылды. – О шордуу, ушу күнгө түштүң беле? Кайсы оңбогур сени кишендеп салган? Акмак айбан, ушунча жерден эмнеге сүйрөлүп келдиң?

О, жараткан, о табият, ушунча жерден, өзөн суудан, терең аңдардан секиреңдеп жүрүп отуруп келген жаныбарды карачы! Түнү менен жүрүп отурган го бу шордуу, түнү менен! Сүргүн камоодон качкан туткунга окшоп, кишенин шылдыратып, эки көзүн жайнатып жүрүп отурган белем, жаныбар!

«Кудая тообо!» – Танабай башын чайкады. Жоргону аймалай сылап, эриндерине жаагын тосту. Гүлсары анда кытыгы келтирип эриндерин кыбыратып коёт, жайнаган көздөрүн ачып-жумуп коёт.

– Эми экөөбүз кандай айла кылабыз, ыя? Мунуңду койсоңчу, Гүлсары. Түбү жакшылык болбойт го. Макоосуң да, макоосуң. Эчтеме билбейсиң...

Танабай жоргонун үстү-башын карап чыкты. Айгыр тиштеген жараттар айыгып кетер бат эле. Мобу кишен кыйган билектерин кантесиң? Тушоолугу канталап турат. Кишендин каптама кийизи күбө жеп койгон чирик окшойт. Жорго суудан өткөндө кийиз эзилип түшүп жылаңач темир калган тура. Жалаң темир жоргонун эки билегин кан чыгара кажып салыптыр. «Болсо болбоду, чалдардан сурамжылап жүрүп таап келген Ыбрайым го. Бул ошонун гана колунан келмек» – деди кыжыры кайнаган Танабай. Андан башка ким болмок. Илгерки кишендин ар биринин тили ар башка болчу, биринин ачкычы бирине түшчү эмес. Ууру алып кетпесин деп, айтылуу күлүктөргө салып, тушуна байлап жатар эле ээлери. Бу кишен да ошо эскиден калган эстелик экен. Илгеркилер ошентишер эле, азыр кишендин кажаты канчалык. Эски кишендер азыр кай бир чалдарда гана калса калгандыр. Ошону ойлоп, издеп таап алганын карабайсыңбы. Бирөө жарым айткан го. Анан жоргону айылдын четиндеги жайытынан узап кете албасын деп кишендеп салышкан турбайбы. Ошого моюн сунбай качып келгенин карачы, жаныбардын...

Гүлсарыны кишенден бошотушка Танабайдын үй-ичи бүт жабылды. Жайдар жылоодон алып, жоргонун көзүн далдалап турду. Кичинекей кыздары жанында ойноп жүрдү. Танабай темир-терсек салган көмүркөйүн алып келип, кишендин кулпун ача турган шайман таппай тердеп-тепчиди. Канча деген менен дүкөндө темир узанып калган эмеспи, колун көгөртө чаап отуруп, акыры амалын таап кишенди ачты.

Жанга баткан кишенди Танабай көз көргүс жакка ыргытты. Анан жоргонун жараттарын май менен майлап болгон соң Жайдар мамыга байлап койду. Тойпоңдогон эже-сиңди эки кыз бирин бири көтөрүп, үйгө жүгүрдү.

Танабай чарчап калган экен, энтиккенин баса албай көпкө отурду. Анан темир-терсегин жыйнап ордунан турду да, алиги ыргытып жиберген кишенди кайра барып таап келди. Кайтарып бербесе доогер болор. Дат баскан кишенди ары айландырып, бери айландырып карап, аны соккон устанын өнөрүнө ыраазы болду. Усталыгында айып жок, чебер колдон чыккан экен бу кишен. Илгерки өткөн кыргыз усталарынан калган мурас. Азыр ал өнөрдөн жик калбады, баары биротоло унутулду. Азыр кишендин да кереги жок. Бирок башка буюмдар да жоголуп баратат, ошого ич ачышат. Күмүштөн, жезден, жыгачтан, булгаарыдан не бир укмуш жасалга, идиш-аяк, буюмдарды жасачу эмес беле илгери. Анчалык кымбат деле эмес, бирок көркөмү менен артык эле алар. Бирине бири окшобой, ар биринин өз-өзүнчө наркы болор эле. Эми алардын бири жок. Азыр табакты да, кашыкты да, сөйкөнү да, дагараны да алюминийден чампалай берет, кайда барсаң, кайдан көрсөң – баары окшош. Көңүлүңдү айнытат. Ээр чапкан усталарды айтчы. Азыр кемде-кем бирөө билбесе, калган жок. Илгери болсо, ар бир ээрдин өзүнчө таржымалы боло турган: ким качан чапканы, кимге тартуулаганы, тартуусуна эмне алганы эл оозунда сөз

болуп жүрөр эле. Жакында элдин баары тиги Европадагыдай болуп машине минип, бирин бири машиненин номурунан гана ажыратып калат го. Өткөн ата-бабанын өнөрүн унутат, өлтүрөт деген ошол. Болбосо колдун көөрү – көздүн көөрү, жүрөктүн тили, ыры эмеспи...

Кээ-кээде Танабай ушинтип өз алдынча кыялдана бере турган. Элдин кол өнөрү жөнүндө ойлонуп отурат да, анын жоголуп бара жатканына кимди айыптаарын билбей, өзүнөн өзү кыжынат. Жаш кезинде эскиликке көр казгандардын бири Танабай өзү болчу да. Бир жолку комсомол жыйналышында боз үйдү жоюу керек деп да сүйлөп чыкканы бар. Боз үй деген революциядан мурдагы жашоо жай, ал бара-бара жоюлуп кетет деген сөздү бир жерден кулагы чалып калган неме: «Жоюлсун боз үй! Эскиче жашоо жоюлсун!» деп кыйкырып чыккан. Ошентип боз үйдү «тап катары» жоюп жиберишкен. Ылай тебелеп там салышып, боз үйдүн кабыргасы кыйрады. Үзүк-туурдугун кескилеп ичмек өңдүү бирдемелерге жаратты, уук-керегесин малга кашаа, тамга чарбак куруп, кала берсе отун кылып жагып да жиберишти.

Кийин көрсө, көчүп-конуп жашаган малчынын боз үйү жок көргөн күнү курусун. Эми Танабай өзү таң, боз үйдү курутуу керек деп кантип оозу барып айтты экен? Адам баласы көчмөн жашоого боз үйдөн артык жай ойлоп таба элек тура. Боз үй жарыктык өз элинин акыл-оюнан чыккан ажайып үй турбайбы, анын ар бир тетиги муундан муун жараткан улуу өнөрдүн жемиши турбайбы,– муну башта кантип байкабады?..

Ошенткен Танабай эми Торгой чалдан арткан кырк тешик, ыш баскан карала үйдө турат. Туурдугу тозуп, үзүгү миң жеринен чычылган үй дагы да болсо Жайдардын бүйрөлүгүнөн, талыкпай күндө жамап-жаскаган ишмерлигинен чыдап келатат. Колунан темене менен шоона түшпөй жамап жатса деле апта өтө электе кайра

чычылып, ар жеринен күн көрүнүп калат. Тешик-тешигинен шамал үйлөп, кар кирип, жамгыр шорголоп кетет. Күн ачылар замат сыйрып алып, жадабаган Жайдар кайрадан жамоого киришет. Ошентип жамоодон көзү ачылбайт.

– Деги качанга чейин азап чегебиз, кудай-ай,—деп жаны кашаят Жайдардын. – Карачы, ушу да кийизби, кийиз эмей эле курмушу да, колго илинбей үбөлөнүп турат. Тиги кереге-ууктарыңдын кейпин көр! Чоочун көзгө көргөзгөндөн уяласың. Колхозуңдан жаңы кийиз сурасаң боло. Ушул үйдүн ээси сенсиңби, ким? Биз дагы адамча жашай турган күн болобу деги?..

Алгач Танабай «болот» деп убадасын берип, шаштырбай келген. Анан айылга бир түшкөндө жаңы боз үй тууралу сөз кылса, үй жасаган кары чеберлер алдагачан көзү өтүп, жаштар болсо ал өнөрдөн куру жалак калыптыр. Колхоздо болсо туурдук чыгаар кийиз аттуу жок экен.

– Э мейли, өзүбүз басып алабыз, деги кийиздик жүн бергиле, – деди Танабай.

– Кайдагы жүн! – деди ага кеңседегилер. – Сен эмне, көктөн түшүп келдиңби? Жүндүн баары планга төгүлөт, колхоздо бир грамм да жүн калбайт...

Ошентип Танабайга боз үйдүн ордуна брезент чатыр бермей болушту.

Жайдар жолоткон жок:

– Ошо чатыры чамыран болсун, а көрө курмушу үйдө отурганым артык.

А кезде малчылардын бирдаары аргасыздан чатырда туруп калышкан. Брезентиң чатыр болбой курусун. Отурсаң тура албайсың, турсаң отура албайсың. От жагышка да болбойт. Жайкысын тозоктун алоосундай ысык, кышында ит байласаң тургус суук. Же көлдөлөң салар орду жок, же супура жаяр жайы жок. Капилет

киши-кара келип калса, кайсы бурчуна тыгарыңы билбейсин.

– Жо-ок, бай болгур! – деп Жайдар арстан-көрстөн болду. – Эмне кылсаң ошо кыл, мен чатырыңа тура албаймын. Чатырың жалгыз бой кишиге ылайык, анда да убактылуу турук кылар болсо де. Биздин кудая шүгүр, бала-чакабыз бар, аларды жуундуруу керек, кийиндирүү керек. Жок, жок, чатырына кирбеймин...

Бир жолу Танабай Чорого жолугуп калып, алиги жагдайды айтып берди.

– Ие, башкарма, мунубуз кандай? Чоро башын кейиштүү чайкады.

– Муну биз экөөбүз кезинде ойлонушубуз керек эле. Жогор жактагы башчылар да ойлонсо болмок. Эми эмне? Кат жазып, сурап жатабыз, эмне жооп келерин кудай билсин. Жүн деген баалуу дүнүйө экен. Өзүңө ыраа көрбөй, чет мамлекеттерге сатышыбыз керек экен. Чарбалык ички керектөөлөргө коротууга тыюу салынган.

Ошондон кийин Танабайдын жаагы жап болду. Демек, бир эсептен өзү да күнөөлүү тура. Бир кездеги өзүнүн акмакчылыгына кейиштүү күлүп: «Тыюу! Ха-ха-ха! Тыюу салып коюшат тура!» – деди.

Ушул «тыюу» деген кайрымсыз сөз Танабайдын көңүлүнөн көпкө чыкпай жүрдү.

Ушинетип алар кырк жамаачы курмушу үйдө тура беришти. Аны оңдошко, же жаңыртууга азганакай жүн керек эле. Ал жүн колхоздун оторлорунда тонналап кыркылып, тонналап кайыры жок кетип жатты...

Ушундай ойлорго баткан Танабай кишенди кармаган бойдон үйүнө жакындады. Өз үйү өз көзүнө ушунчалык жүдөө көрүнүп, өзүнө, жоргонун бутун канталаткан колундагы кишенге, бүтүн дүйнөгө ачуусу келип, аргасыз тишин кычыратты. Ал ушинтип жаны кашайып турганда Гүлсарыны издеген куугунчулар келип калса болорбу.

– Алып кеткиле! – деп бакырды Танабай жаак эттери диртилдеп. – Мобу кишенди башкармаңарга ала барып бергиле. Анан дагы айтып койгула, эгер жоргону дагы кишендей турган болсо, ушу кишен менен башын жанчам! Дал ушинтип айтты дегиле!..

Бекер айтты ал ушу сөздөрүн. Дайым тилинен тапкан шордуу башы! Ал кызуу кандуу, бетке чабар мүнөзүнүн сазайын тартпай калчу эмес эле...

## IX

Жадыраган жаздын күнү. Жаркын жаз кыздай болуп көйкөлүп, күндөн уялып узун кирпиктерин салаңдатып, жашыл жалбырак болуп бак-дарактарга көрк берип, жылымта буу болуп айдоодон көтөрүлүп, сары сойгок чөп болуп такыр жерди жарып чыгып келген кези.

Ат сарайдын жанында балдар чикилик чаап ойноп жатышты. Шудуңдаган бир бала кезеги келгенде чикитин иликтей коюп чапты эле, алыс барып жол боюна түштү. Тосоттогу бала тосо албай калды. Анда чапкан бала таягын салып, макке чейинки аралыгын өлчөй кетти: бир, эки, үч... жети... он... он беш... Эки жаат болуп, баланы эки жактан ээрчип алышкан, чурулдап талашып келет. Акыры эсеп жыйырма эки болду.

– Жана жетимиш сегиз тай болчу, азыр жыйырма экини кошкондо жүз тай, – деп бала кубанганынан колун серпе кыйкырды. – Жүз! Жүз тай болду! Биз уттук!

– Ура! Биз уттук! – деп жаатты коштоп кетти. Эми утулган жаат зуулдаш керек. Уткан бала макке барды да, чикитти зымырата чапты. Түшкөн жеринен жааттташы андан ары чапты. Үчүнчүсү дагы чапты. Ошентип мактен алдаганча оолактатып кетишти. Мына ошерден макке чейин дем албастан зуулдаш керек. Утулган бала ызасынан көзүнө жаш тегеренди, бирок оюн шарты катаал.

«Эмне турасың, бол зуулда!» Зуулдачу бала өпкөсүн толтура желди илеп тартты да, чымылдай чуркап, ырын айтып жөнөдү:

Акбай, Токбай,
Ат болоту жорго тай.
Жорго тайдын жолу менен
Кашка тайды тобу менен
Зуулдатып айдап келем...
Зу-у-у-у!..

Каны бетине тээп, көзү чекирейип чыкса да болбой бала чымылдап чуркап, зуулдап баратат. Бирок макке жете албады, деми түгөндү. Уткан бала кыйкырып жете келип, жонуна чап жабышты.

– Чү, жаныбарым Гүлсары! – деп теминип, эки тарапка мактана кыйкырды. – Эй, карагылачы, мына менин Гүлсарым! Жоргосун карагыла! Чү!..

Гүлсары болсо бу маалда ат сарайдын ичинде, акырында аса байлануу турду. Зарыгып турду. Бүгүн негедир аны токубады. Жем бербеди, сугарбады. Унутуп коюшту. Сарай ичи алдагачан ээн калган, арабага кошор аттарды арабага, минер аттарды минүүгө алып кеткен. Гүлсары гана акырында аса байланып, жалгыз калган.

Атчылар кык тазалап жүрүшөт. Дубалдын сыртынан балдардын ызы-чуусу угулат. Эркине койсо Гүлсары азыр жылкыга, ээн жайытка желдей учуп жетер белем! Көз алдына даркан талаа, ээн оттоп, эркин жүргөн бээлер элестейт. Төбөдө каздар учуп, калдагай канаттарын каалгый кагат, кубалап чап деп чакыргансыйт...

Гүлсары үзүп кетишке бир жулкунуп көрдү. Кайдан үзсүн, эки жактан керме тартып, чынжырлап байлап таштаган. Же кишенесе жардамга келер жакыны угар бекен? Шып түбүндөгү оңурайган тешикке башын чул-

гуй көтөрүп, тыбырчылай кишенеп жиберди: «Кайдасыңар? Кайдасыңа-ар?»

– Так, ылаң алгыр, кишенегенди азыр көрөсүң! – деп атчы күрөгүн ала умтулду. Анан сырттагы бирөөгө кыйкырды: – Чыгарайынбы?

– Чыгар! – деди сырттан үн.

Эки атчы эки жактан жылоолоп, Гүлсарыны кең короого жетелеп чыгышты. Күүгүм сарайда туруп күндүн ачыктыгын, жаркындыгын билбептир. Абанын тунуктугун! Жаздын жылымта таза абасын илеп жутуп, жоргонун жука таноолору дир-дир этти. Кермек даам жалбырак жыттанат, жылымдаган нымдуу жер жыттанат. Жоргонун тула боюна кан ойноп чыкты. Гүлсары элтең секирип койду.

– Так! Так! – деп бир нече дабыш жабыла чыкты. Бүгүн негедир аны тегеректеген адамдар көп. Жүндүү жоон билектерин түрүнүп алган сур халатчан бирөө ак чүпүрөктү жайып салып, не бир жаркырак темир аспаптарды коюп жатат. Аспаптар күнгө чагылышса, көз уялтат. Тигинде бирөө түрүлүү аркан кармап турат. И, жаңы кожоюну мында экен! Кең галифе шым кийген кыска буттарын талтайтып, майпаң турат.

Кабагы сурданат. Башкаларга окшоп жеңин түрүнбөптүр. Бир колун бөйрөгүнө таяп, бир колу кителинин көкүрөк топчусун кармалап турат. Кечээ күнү да бу кишинин оозунан алиги ачкыл-кычкыл жыт каңырсып жүргөн.

– Кана, урушта туруш жок, баштагыла! Жорокул Алданович, баштайлыкпы? – деп Ыбрайым башкармага бурулду.

Башкарма унчукпастан баш ийкеди.

– Алгыла эмесе! – деп Ыбрайым күйпөңдөп, түлкү тебетейин дарбазанын башындагы чегеге иле койду эле, чала илинген тебетей мыжылып жаткан жижиң кыкка

түшүп кетти. Ыбрайым тебетейин жийиркене алып, силкип-силкип кайра илди. – Сиз саал кийинчерээк турсаңыз, Жорокул Алданович. Жазатайып туягы тийип кетпесин. Ат деген айбан мал, абайлабаса ишеним жок.

Мойнуна кыл аркан түшкөнүн сезип, Гүлсарынын денеси дир-дир этип койду. Сыйыртмакталган аркан омуроосуна сыдырылып, бир учун эки бутунун ортосунан артына ыргытышты. Булар эмне кылып жатат? Негедир арткы бутунун бакайына аркан илишти. Гүлсары түпөйүл чочулап, кошкуруп, көздөрүн акшыйтты. Булардын эмне ою бар?

– Тарт! – деди Ыбрайым. – Жык!

Жоон билек жигиттер бутка чалынган арканды тартканда Гүлсарынын төрт аягы бүгүлүп, тумшугу менен жер сайды. Күн оодарылып кеткенсиди, кулаган жеринен дүңк эткен дабыш чыкты. Бу жатышы кандай? Адамдардын беттери сүйрөйүп, үстүнөн карап турганы кандай? Бак-дарак узарып, асманга созулуп кеткени кандай? Эмне үчүн минтип эпсиз жатып калды? Жок, болбойт.

Гүлсары башын чулгуп, обдула берди. Аркан ого бетер тартылып, төрт аягы бооруна жыйрылды. Жорго бир балээден чындап чочулап, катуу туйлады. Бирок, жүрүп баратканда кетмендей даңкан ыргытчу күчтүү буттары бооруна тартылып, дарман жок, аркан кыйып баратат. Ошондо да айгырдын күчү оңойбу, кыл аркан чытырап үзүлө жаздады.

– Бас, кокуй, үстүнөн баскыла! – деп чырылдады арттан Ыбрайым.

Жигиттер жабылып мойнунан тизелей ныгыра басып калышты.

– Башын көтөртпөй баскыла! Байла! Бекем тарт! И, ушинт. Бол ылдам! Мобу жерден дагы бир чалып ташта.

Тарт, тарт, дагы тарт, И, болду. Эми буеринен ил да, чалып байла!.. —деп Ыбрайымдын жаагы басылбайт.

Адамдар жоргонун төрт аягын бүрүштүрүп, таш түйүн кылып байлашты. Гүлсары дагы да моюн сунбады, түйүндү тытып кетүүгө дагы обдулду, дагы башын чулгуду. Мойнунан басып отургандарды эки-үч курдай серпип таштады. Бирок алар кайра жабыла басып, тизелери менен ныгырып калат. Жорго каратерге түшүп, буттары талыды. Мына ошондо аргасыз моюн сунду.

– Тү атаң көрү, араң көндү го.

– Күчү күч эмес бекен, ыя!

– Эми трактор болсо да козголо албас. Ошондо жаңы ээси жоргонун баш жагына келип, чөгөлөй отурду. Кечээги арагынын сасык жыты азыр да каңырсып турду оозунан. Алдында ат эмес, айыгышкан касы жаткансып, маашырлана жылмайып отурду башкарма. Анын катарына терин арчына келип, Ыбрайым да отурду. Экөө азыр боло турган кызыкты күткөндөй, катарлашып чылым чегишти.

Короодон сыртта балдар чуулдап ойноп жатты.

Акбай, Токбай,
Ат болоту жорго тай.
Жорго тайдын жолу менен
Кашка тайды тобу менен
Зуулдатып айдап келем –
Зу-у-у-у!..

Күн жанагысындай эле ачуу тийип турду. Тыяктагы кең талаа, көк жайыт, ээн оттоп, эркин ойноп жүргөн жылкы, кылыктанган байталдар, байыстуу бээлер Гүлсарынын көз алдына акыркы жолу дагы бир элес берди... Жайыт үстүнөн каалгып каздар учуп, желе тартып баратат... Гүлсарынын тумшугуна чымын үйүлдү. Серпинишке чама жок.

– Баштайлыбы, Жорокул Алданович? – деп дагы сурады Ыбрайым.

Башкарма унчукпастан баш ийкеди. Ыбрайым ордунан турду.

Жигиттер жапырт кыймылдап, жоргону жабыла басты, башын жерге такап, чыкыйына тизе ныгырды. Кимдир бирөө Гүлсарынын чатын тинткилеп жатты.

Үркүп конгон таранчылардай болуп, балдар дубалдын кырына тизиле отуруп алыптыр.

– Карагылачы, эй, карагылачы, эмне кылып жатышат.

– Туягын тазалап жатышат.

– Ой, билгич бекенсиң. Туягын дейт. Туягын эмес...

– Эй, силерге эмне жок, нары кеткиле,– деп Ыбрайым кол жаңсай кыйкырды. – Бар, өз оюнуңарды ойногула. Буерде силердин ишиңер жок.

Жапырылып учкан таранчылардай балдар дубалдан шыпырылып жок болушту. Айлана жымжырт боло калды.

Гүлсары чатына тийген муздак заттан тула бою чочулап дирт-дирт этти. Жаңы кожоюну кашында чөгөлөп, бир кызыкты күткөндөй. Бир маалда катуу тийген оору жүрөгүн үзүп кеткенсиди, көзүнөн от чагылды. Кызыл жалын лап этип дүйнөнү бир жалмады да, жалп өчтү, анан капкараңгы түн басты да калды.

Чарбасы бүткөн соң Гүлсары дале жатты. Каны токтосун деп, бутун чечишпеди.

– Мына, Жорокул Алданович, бүттү, – деди Ыбрайым колун укалап. – Эми эч кайда кача албайт. Качып жүрүп жеткен жери ушул болду го. А жанагы Танабайдын айтканын көңүлүңүзгө албай эле коюңуз. Куюшканга кыпчытпаңыз. Ал кудай урган башынан ошондой. Бир тууган агасын аябай кулакка тартып, Сибирге айдаткан неме башкага жакшылык кылмак беле...

Көңүлү тынган Ыбрайым дарбазанын башында илинүү турган түлкү тебетейин алып, силкип-силкип коюп, тердүү башына кийди.

Балдар чикилик ойноп жатышты.

Акбай, Токбай,
Ат болоту жорго тай.
Жорго тайдын жолу менен
Кашка тайды тобу менен
Зуулдатып айдап келем
– Зу-у-у-у!..

– Аа, макке жетпей калдың, көтөр анда. Чү, Гүлсары, чү, жаныбарым. Ура, мына менин Гүлсарым. Күн жаркырап тийип, дүйнө жадырап турду...

## X

Түн ортосу. Карыган чал, картаң ат. Жар башында от күйөт. Жорткон желге алоо жалын бир жапырылып, бир көтөрүлөт...

Тоңголок муздак жер жоргонун капталын какшатты. Моюну зил тартты. Бир кезде кишенделүү үйүр издеп, башын кейкеңдете секиргендей болуп, баятан бери башын кейкеңдете чулгуп жатып, эми анте албай шайы ооду. Азыр ошондогудай болуп арыш керип чуркай албай, кишенди үзүп кете албай дармансыз жатат. Чулу туяктарын кызытып, аягын эркин таштап, жоргосун салайын дейт, мууңдуу чөптүн үстү менен зымырап учайын дейт, кең омуроо аба жарып жайытка жетип барайын дейт, үйүрлүү бээни кубантып түн жаңырта азынайын дейт, ошондо шыбактуу талаа бетин дүңгүрөтүп кулун-тайын ээрчиткен бээлер жетип келсе дейт... атаганат дүнүйө, бутун кишен бошотпойт, атаганат дүнүйө, көмөкөйдөн каргылдуу онтоо чыгат. Сүргүн камоодон

качкан туткундай болуп, караңгы түндө жалгыз өзү аңдыдөңдү карабай секиреңдеп келатат; бир секирет, бир аттайт, эки секирет, эки аттайт. Айлана түн, айлана ээн, ал жалгыз. Улам секиргенде башы кейкең эте көккө көтөрүлсө ай маңдайдан жарк этет, башы кайра шылк түшсө көккө ыргыткан таштай болуп ай асманга зымырайт.

Жарк этет да, жалп өчөт, жарк этет да, жалп өчөт... Жарк-журктан көзү талыды.

Кишен шыңгырап, шыйрактарын канталатып барат. Бир секирет, бир аттайт, эки секирет, эки аттайт. Айлана түн, ал жалгыз. Кишендүү жанга жол арбыбайт, кишендүү жанга жол азабы – көр азабы.

Жар башында от күйөт. Тоңголок муздак жер жоргонун капталын какшатат да, сыздатат...

## XI

Эки аптадан кийин конуш жаңыртып, кайрадан тоого көчмөй. Жай, күз, кышы менен тоодо болот. Көчүүнүн машакаты оңой бекен. Андайда арткан жүктөн артылып, көр-жер көбөйүп кетет. Кедей болсоң көчүп көр деп, кыргыздар тегин айтыппы.

Көчтүн камы-чому түгөнгүс, түркүн тириликти бүтүрүш керек: тегирменге, базарга, өтүкчүгө барыш керек, интернатта окуп жаткан балага жолугуш керек... Танабай болсо кийинки күндөрү нес болгон немедей. Таң атарда бир ооз кепке келбей жылкыга кетет. Түшкү тамакка түнөрүп, кыжырланып келет. Кайдадыр кулак түрүп, кайдандыр бирдеме күткөндөй жүрөт.

– Сага эмне болгон, ыя? – деп Жайдар жанын койбоду.

Унчукпай басып кетчү эле, бир күнү:

– Түшүм жаман болуп жүрөт, – деди.

– Койчу тамашаңды.

– Жок, чыным. Жатсам-турсам оюман чыкпай койду.

– Э жараткан, кудуретиңе тобо. Бир кезде айылдагы кудайсыздардын үйүрүн баштаган сен эмес белең? Кемпир-кезек жатып-туруп сени каргачу эмес беле? Картая баштагансыңбы дейм? Койчу алжыган сөзүңдү. А көрө көчүүнүн камын көрсөң боло. Жылкыдан чыкпайсың, көчөр күн болсо кирип келди. Эчтемеден капары жок биз отурабыз. Жалгыз мен каягына жетишем? Жадегенде чаап барып, Чоронун ахыбалын сурап келсең боло. Көчөр алдында киши деген эл-журт менен көрүшүп, коштошуп кайтчу эмес беле.

– Кийин бардарбыз, – деп Танабай кол силкип койду.

– Кийиниң качан? Ушу сен айылга баргандан чочулайсың го дейм? Кой, эртең эле барып келели. Балдарды да ала баралы. Менин да тирилигим бар айылда.

Эртеси жылкыны коңшу жылкычыга табыштап коюп, Танабай үй-бүлөсү менен аттанып айылга жөнөдү. Жайдар кичүү кызын, Танабай улуусун өңөрдү.

Айылга киргенде жолуккандар менен амандашып баратып, дүкөндүн тушуна жеткенде Танабай токтоп калды.

– Токто,– деди аялына.

Өзү аттан түштү да, улуу кызын апасына учкаштырды.

– Эмне? Каякка барасың?

– Мен азыр жете барам. Сен бара бер. Чорого азыр келет деп кой. Кеңседе шашылыш жумушум бар. Азыр кирбесем түшкү дем алышка жаап коюшат. Дүкөнгө да кире чыгайын. Алыс көчөрдө така, мык камдап албайлыбы.

– Бөлүнүп барганыбыз да болобу.

– Эчтеке эмес, эчтеке эмес. Бара бер. Мен азыр.

Танабай кеңсеге да, дүкөнгө да кирген жок, түз эле ат сарайга барды. Аттан түшүп, дабыш чыгарбай, сарайга

кирди. Күүгүмгө көзү көнгөнчө аптыгып, көмөкөйү кургап кетти. Сарайдын ичи тынч, аңгырап бош экен. Аттардын баары жумушта. Айландыра карап алып, оор жүгү жонунан түшкөндөй жеңилдене дем алды. Атчылардын бири кездешеби деп, сарайдан короого чыкты да, кийинки күндөрү коркуп жүргөнүнө мына ошерден кездешти.

– Ай, иттер, ушунуңарды билдим эле, – деп өзүнчө күбүрөп, муштуму түйүлдү.

Гүлсары бастырманын астында байлануу турган экен. Куйругун ак даки менен ороп, жипке тартып, мойнуна байлап коюптур. Алчайган чаткаягынан күпчөктөй болуп шишип кеткен кумурадай жарат караят. Ат акырга башын салаңдатып, кыймылсыз турат. Танабай эрдин тиштеп, ыңгырана онтоп жиберди. Жоргосуна жакын баргысы келип, бирок батына албады. Дене-бою дүркүрөп, эрксизден чыйрыккандай силкинип алды. Аңгыраган сарайдын, каңгыраган ээн короонун, тигинтип бычылып турган жоргонун көрүнүшү үрөйүн учурду. Терс бурулду да, үн-сөзсүз илкий басып кете берди. Болору болуп калган эле.

Кечинде журтуна кайтып келишкенде кабагы салаңдаган Танабай муңканып айтты:

– Менин түшүм келди.

– Эмне болду?

– Чоронукунда айтууга оозум барбады. Гүлсары эми бизди издеп эч качан келбейт. Кылган ишин карабайсыңбы иттердин. Бычып салышыптыр.

– Билем. Сени айылга сүйрөп алпарганым да ошо болчу. Көрүп көңүлү суусун дедим. Сен эмне, кичине бала болуп кеткенсиңби? Мындан мурда айгыр актаганды көрбөй жүрдүң беле? Атам замандан бери келаткан жорук, мындан ары да актай беришет. Анын эмнеси бар экен.

Танабай аялына жооп кайтарбады. Бир айтканы:

– Билбейм, деги биздин жаңы башкармабыз жаман адам окшойт. Жүрөгүм сезет,– дегени болду.

– Анткениңди койсоңчу,– деди Жайдар. – Сенин жоргоңу актатып койсо эле башкарма жаман болуп калабы. Ушинтип айтыш жарайбы. Ал жаңы келген адам. Чарбасы чоң, жумушу кыйын. Тигине, Чоро айтып отурбайбы, колхоздорду иреттеп, жардам беришет деп, жаңыча уюштурар ойлору бар дейби. Сен болсоң иштин аягын күтпөй эле бүтүм чыгара бересиң. Биз четте жүргөн кишибиз, көп нерсени билбейбиз...

Иңирде тамагын ичип, Танабай жылкыга кетти да, түн жарым оогончо келбеди. Өзүн өзү жемелеп, унуткусу келсе да, күндүз короодон көргөнү көкөйүнөн кетпей койду. Жылкыны имере бастырып жүрүп, ойлору чатышты: «Ырас, жаңы келген башкарманы билбей жатып жамандаганым чекилик окшойт. Акмакчылык болор. Картайып баратканым ушу го. Жыл он эки ай жылкы менен жүрүп, эл ичинде эмне болуп жатканын билбегеним чын эмеспи... А, бирок качанга чейин турмуш кыйынчылыгы жоюлбай жүрө берет?.. Жыйналышта сөздөрүн уксаң, телегейибиз тегиз өңдөнөт. Макул, жаңылыштык менин мойнумда болсун. Ылайым эле мен жаңылсам кана... Бирок башкалар да мен ойлогон ойлорго бушайман болуп жүрүшпөйбү...»

Танабай талаада, жылкы четинде жүрүп ойго чөмүлдү, бирок ой түбүнө жетпеди, күдүктөнткөн суроолоруна жооп таба албады. Анан бир кезде өздөрү колхозду кантип баштаганын, кой үстүнө торгой жумурткалай турган заман келет деп элге убада бергенин эстеди. Анда баарынын тилеги даана эле, ошол тилек үчүн жан аябай күрөшкөн. Тилек ордунан чыккандай эле болду,– эски заманды аңтарып таштап, жаңынын пайдубалын курушту. Башталышында жашоо да жаман болгон жок. Кыр-

гындуу согуш мертинтип кетпегенде андан да жакшы болмок. Азырчы? Согуш бүткөнү качан, бирок колхоз кырк тешик үйдөй болуп, бир жерин жамасаң, башка жеринен тытылат. Дале жамап келатышат, жамап келатышат, аягы көрүнбөйт. Эмнеликтен? Эмне үчүн азыр колхоз өзүңдүкү эмес, башка бирөөнүкү сыяктуу көрүнөт? Колхоз алгач курулган кездерде, согуштан мурунку жылдары жыйналыш кандай бүтүмгө келсе, ошол закон болуп калар эле. Эл да өздөрү кабыл алган законду өздөрү аткаруу керек экенин айкын билчү. Азыркы жыйналыштагы сөздөрдүн баары ооздун куру жели болуп калды. Сени менен эч кимдин иши жок. Колхозду колхозчулар эмес, сырттан бирөө бийлеп тургандай. Эмне иштеп, эмне кылуу керек экени, чарбаны кандай жолго салып, жумушту кандай жакшыртуу керек экени сырттан жакшыраак көрүнө тургансышат. Чарбаны нары калчап оңдошту, бери калчап оңдошту, аягында оңдобой эле бузулуп калып жатат. Азыр карапайым журттун көзүнө көрүнүү кыйын болуп калды. Кана, сен партия эмессиңби, колхоз куруп жатканда баарынан мурун сен кыйкырдың эле кызыл өңгөчүң айрылганча, ошентип жеткен муратыбыз ушубу деп жазатайып сурап калса, эмне жооп бересиң? Жадегенде чогултуп алып, ачык айтып түшүндүрсө болбойбу. Кимдин кандай ою бар, муктаждыгы бар, сураса болбойбу. Жок, анын ордуна райондон띠 ополдомочуну келет үрпөңдөп. Азыркы ополдомочундар да илгеркидей эмес. Мурдагылар элдин арасында жүрчү эле. Азыр болсо, колхоздун кеңсесинен чыкпай башкарманы тилдеп-сөгүп кете берет, сельсовет жакты карап да койбойт. Партиялык жыйналышта сүйлөп калса, көбүнесе эл аралык абалдын жагдайын айтат. Колхоздогу абал анчалык мааниси жоктой эсептейт. Бар айтканы: иштегиле, планды аткаргыла... болду.

Жогору жактан жакында өкүл келип кеткенин эстеди Танабай. Кетер кеткенче тил тууралуу кайдагы бир жаңы илимди түшүндүрүүнүн аракетинде болду. Танабай аны менен колхоздун тиричилиги тууралуу сүйлөшүп көрөйүн десе, ал олурая карап: «ойлоруңуз шектүү экен», деп коёт. Жактырбады. Деги эмне болуп жатканын түшүнбөй башың катат...

«Чоро төшөгүнөн турсунчу,– деген бүтүмгө келди Танабай, – чечилип ыймандай чындыгын айткызбасамбы. Өзүм да оюмду төкпөй-чачпай айтып бербесем. Эгер мен жаңылып жатсам – айтсын, а эгер жаңылбасамчы?.. Анда эмне болгону? Жок-жок, андай болушу мүмкүн эмес. Өзүм жаңылып жүрөмүн го. Мен киммин? Карапайым бир жылкычы. Жогоруда болсо кеменгер кишилер отурбайбы...»

Танабай түн бир оокумда үйүнө келип, дагы көпкө уктай албай жатты. «Эмнеликтен?» деп колхоз жайын ойлоп жатып, башы катты. Баары бир жооп таппады.

Чоро менен бир отуруп сырдаша албады. Көчүү-конуунун камы менен жүрүп, колу тийбеди.

Кайрадан көч тоого бет алды. Жайды жайлата, күздү күздөтө, кышты кыштата тоодо болуп, эмки жазда жакага түшкөнгө чейин деп, көч кетип атты. Өзөн бойлой төрт түлүк мал күтүрөп, желе тарткан кербен көч. Малдын чуру-чуусу менен малчылардын кыйкырыгына өзөн жаңырып турду. Кызыл-тазыл кийинген кыз-келиндер, обон созуп ырдаган кыздар...

Танабай бу жолу да жылкысын чоң кара саз менен, андан өтүп өзөндү жакалата айылдын тушунан айдады. Айыл четинде баягы жалгыз үй, жалгыз короо азыр да турат. Жорго минип, түн катып далай барган короо. Көөдөнүндө жүрөгү акырын сыздап коёт. Азыр болсо Танабай ал жоргодон да, ал келинден да айрылган. Баа-

ры өттү-кетти. Жазда тизилип учкан каздардай ал доорондун карааны үзүлдү...

...Күндөп издейт боз иңген ак ботосун, түндөп издейт боз иңген ак ботосун, зарлап издейт боз иңген. Кайдасың каракөз ботоюм? Эмчегим сыздап, сүтүм куюлат, аягым ылдый сарыгат, ботоюм. Кайдасың? Үн катсаңчы. Ийиген эмчегинен сүт агат. Ак ботосун издеген ал эненин ак сүтү...

## XII

Ошол жылы күздө Танабайдын тагдырында күтпөгөн өзгөрүш болду.

Жайлоодон жаңы түшүп, кыштоого көчкүчө деп, жакада жаткан. Ошо күндөрү колхоздон чабарман келип калды.

– Чоро жиберди,– деди чабарман. – Эртең колхозго келсин дейт, анан бүрсүгүнү районго жыйналышка барат экенсиңер.

Эртеси Танабай колхоздун кеңсесине барды. Чоро баягы парторгдун бөлмөсүндө экен. Жайлоого көчөр алдында көрүп кеткенге караганда кадыресе оңолуп калыптыр, бирок дагы эле эриндери көгөрүп, кесел биротоло чыгып кетпегендей. Жүрүш-турушу чыйрак. Иши кычап турган экен, келим-кетим үзүлбөйт. Танабай досунун кебетесин көрүп, кубанып калды. Жумушка кайра киришкенине караганда оңолуп калган экенсиң, кургурум деди ичинен.

Танабай экөө жеке калганда Чоро шимирилген жаагын сылап койду да, досуна жымыя карады.

– Дурус, Танаке, картаяр түрүң жок. Мурункудай эле экенсиң. Көрүшпөгөнүбүзгө канча болду, жаздан бери ээ? Кымыз менен тоо абасы дары го, жарыктык... Мен бол-

сом чөгүңкүрөп барам. Карылыктын келгени го... – Чоро бир азга үнсүз отурду да, чакырган жумушуна кирди. – Сөз мындай, Танабай. «Турнадан бий койсоң, төбөңдөн кыйкуу кетпейт» дээрсиң. Дагы сага жабыштым. Эртең малчылардын кеңешмесине барабыз. Мал чарбачылыгы, анын ичинде кой чарбачылыгынын абалы начар. Асыресе биздин колхоздо өтө начар. Арга түгөнүп турган чак. Коммунисттер менен комсомолдор койго барсын деп, райком үндөө кабыл алды. Куткар. Баягы жылы жылкыга барып, мени бир кыйынчылыктан куткардың эле, бу жолу да куткарбасаң болбой калды. Отор алып, чабандыкка өт.

– Ай-уйга келбейсиң го, Чоро,– деп Танабай ойлонуп калды: «Жылкыга көнүп калдым эле, кой артында жүрүп ичим жарылып кетпес бекен?»

– Билем, зордоп атам сени, Танабай,– деди Чоро дагы. – Бирок сен да түшүн, бул партиялык тапшырма. Ачууланба. Кези келгенде досчулук менен эске саларсың, ошондо баарына жооп беришке мен даяр!..

– Эсиңе салсам катуу салаармын, кубанбай кайра ыйлап жүрбө ошондо! – деп күлдү Танабай. Көңүлүндө кири жок неме жакында эле Чорого баарын айтып, катуу тиерин азыр билбеди. – А жанагы коюң тууралуу болсо, кабыргам менен кеңешип көрөйүн...

– Кеңешсең кеңеш. Эртең эрте бүтүмүңдү айткандай бол, кеңешме башталар алдында чоңдорго айтышым керек. Жайдар менен кийин акылдаша жатарсың, баарын түшүндүрөрсүң, ошондо. Өзүм да кези келе калса барып айтармын. Ал эстүү жан, түшүнөт. Жайдар болбосо сен алдагачан бир жерде-арка моюнуң астыңда калмаксың, – деп тамашалады Чоро. – Ал кандай жүрөт, дени-карды сакпы? Балдар чоңоюп жатабы?

Ошентип экөө үй-бүлө тууралуу, оору-сыркоо, аркы-теркини сүйлөшүп кетти. Танабай көптөн көкөйүндө жүргөн чоң сөзүн баштайын деп жакшы эле ыкыс берип

отурду эле, бирок тоодон чакырылган малчылар кире баштады. Чоро да чыйпылыктап саатын карай берди.

– Эмесе кеп бүттү. Атыңды сарайга калтыр. Таң азандан баарыңар машине менен жөнөйсүңөр. Биз машине алганбыз, аны билесиңби? Жакын арада дагы бирди алганы турабыз. Оңолот деген ушу! Мен азыр жөнөйм. Кечки саат жетиге райкомдо болушум керек. Буйрук ошондой. Башкарма барып калгандыр. Жорго менен арылдатып жетип калармын, ал азыр машинеден кем жүрбөйт.

– Гүлсарыны сен минип жүрөсүңбү? – деп таң калды Танабай. – Башкарма сени сыйлаган экен да...

– Ким билсин. Сыйлап бердиби, жөн бердиби, иши кылып мага тийди Гүлсары жоргоң. Балээ болгондо,– деп Чоро колун жая күлдү,– балээ болгондо Гүлсары, эмнеликтен экенин кудай билеби, башкарманы жанына жолотпой койбодубу. Акылым жетпейт бул жоругуна. Жакын барса эле жиндеп кетет. Мындай да, тигиндей да айландырып көрдү, болбоду. Өлтүрсөк да көнөр эмес. Мен минсем, жок, жоош эле турат. Сен да жоргосун мыктап чыгарган экенсиң. Ишенсең кээде жүрөгүмдүн оорусу кармаганда жоргого минсем, оорунун кайда кеткенин билбей калам. Тек өмүр бою парторг болсоң жоргодон түшпөйсүң десе, парторгдон да түшпөс элем. Гүлсарынын кереги эми тийди мага, – деп күлдү Чоро.

Бирок Танабай күлгөн жок.

– Аны мен да жаман көрөм.

– Кимди? – деди Чоро күлкүдөн чыккан көз жашын сүртүп.

– Башкарманы. Чоро олуттана калды.

– Эмне үчүн жаман көрөсүң?

– Билбейм. Көңдөй кишиби деп ойлойм. Көңдөй да, ырайымсыз да.

– Э, койсоңчу, сенин көңүлүңү табуу кыйын. Мени го өмүр бою жумшаксың, деп урушуп келдиң. Эми бул баш-

карма да жакпаса... билбейм. Өзүм ишке жакында эле чыктым. Азырынча сырын биле элекмин.

Экөө тең унчугушпай калды. Танабай баягы кишен тууралуу, жоргону бычтырып салганы тууралуу айтмакчы болуп отурду эле, эми аны орунсуз көрдү. Анын ордуна бу тунжуроону бузуш үчүн алиги сөз арасында уккан машинеге кубанганын айтты:

– Машине бергени жакшы болуптур. Эми колхоздор да машинелүү болот экен да. Керек, керек. Убактысы келди го. Эсиңдеби, согуш чыгар алдында бир машине албадык беле. Эл чогулуп, митинг өткөрбөдүк беле. Колхозубуздун өз машинеси деп, пай-пай! Машинеге чыгып алып сен: «Мына, жолдоштор, социализмдин жемиши!» – деп сүйлөбөдүң беле. Кийин ал машинени да майданга алып кетти...

Ырас, ал бир өзүнчө доор эле... Күлүңдөп күн чыккандай доор болгон экен. Автомашина эле бекен! Тиги Чүй каналынын курулушунан кайткандар патефон ала келгенде мүлдө айыл ыр менен гана жашап калбадыбы. Кечкисин патефону бар үйлөргө чогулуп алып, патефонду сыртка чыгарып коюп, «Кызыл жоолукчанды» кайта-кайта ырдатар эле: «Ээй кызыл жоолукчан, кандай алы-жайыңыз!» Курсак ачып кетти го, кайнады бекен оо-ой чайыңыз!» – деп... ах, чиркин! А дагы социализмдин жемиши болчу...

– Андан кийин, эсиңдеби эмне кылганыбыз. Митингден кийин баарыбыз машинеге толтура түшүп алып бир майрамдабадыкпы,– деп Танабай желпине сүйлөдү. – Мен кабинанын тепкичине туруп алып, кызыл желекти кармап баратам. Жумушубуз болбосо деле станчага жөнөдүк. Андан ары темир жолду бойлой дагы бир станчага бардык, Казакстанга өтүп кеттик. Паркынан барып пиво ичтик. Барар-барганча, келер-келгенче бир тынбай ырдап жүрүп отурдук, ошол эсиңдеби? Ээ, андагы жигит-

терден аз калдык го, баары согушта кыйрап кетти. Атаң көрү... Ошондо түндөп келатып да мен колумдан кызыл желекти түшүрбөйм. Түн ичинде ким көрмөк. Жок, мен болбой кармап жүрүп отурдум... Көрсө, ал менин туум экен. Анан калса шамал жутуп, тынбай ырдап келдим, үнүм кардыгып чыкпай калганы күнү бүгүнкүдөй эсимде... Эми ошентип эмне ырдабайбыз ыя, Чоро?

– Картайбадыкпы, эми жарашпайт го...

– Жок, мен аны айткан жерим жок. Бизди койчу. Биз ырдаарыбызды ырдадык, жасаарыбызды жасадык. Азыркы жаштарды айтам. Мына мен интернаттагы балама барып жүрөм. Кандай адам болууга окуп жатканына таңым бар. Бешиктен бели чыкпай жатып, чоңдоруна жагынганды үйрөнүптүр. Ата, дейт, мектептин директоруна бат-бат кымыз апкелип берип турсаң дейт. Эмне үчүн? Окуусу жаман эмес... Анда эмне үчүн дейм да... Анан дагы алардын ырдаганын көрдүм... Бала күнүмдө мен Александровкада Ефремов деген орускa малай жүргөм. Бир жолку кызыл тукум майрамда[1] Ефремов мени чиркөөгө ээрчитип барды. Биздин азыркы балдар да ошол орустун чиркөөсүндөгү ырчылардай болуп, сахнага чыгып алып, какчыйып кыймылдабай туруп алып ырдашат экен. Бир эле айтканын кайталай беришет... Мен жактыра албадым. Деги мен көп нерселерди түшүнө албай жүрөм, бир отуруп сырдашсак болор эле... Турмуштан артта калып баратамбы, көп нерсени түшүнбөчү болдум.

– Жарайт, Танабай. Дагы бир жолу чоло тийгенде сырдашса сырдашалы. – Чоро кагаздарын жыйнаштырып, сомкесине сала баштады. – Сен анчалык бушайман боло бербегин. Мисалы мен бейпил заман келерине, азырынча кыйналсак да жакында жашообуз жакшы-

[1] кызыл тукум майрам – пасха майрамы.

рарына ишенем. Илгерки тилегибиз ошондо орундалат... – деди Чоро кетип баратып. Анан босогого жете берип, бирдемени эстей кайра бурулду. – Айтмакчы, Танабай, бир күнү көчөдө келатып, сенин тамыңа көзүм түштү. Чалдыбары чыгып баратыптыр. Карабайсың го такыр. Дайым тоодо жүрсөң, ээсиз калган там ошо болот да. Сен согушта жүргөндө Жайдар жалгыз өзү там-ташыңы мынчалык жүдөткөн эмес. Барып өзүң көрчү. Оңдойм десең, бир айласын таап, жазында жардам берели. Биздин Самансур жайында каникулга келгенде көрүп алып, чыдай албады. «Танакемин үйүнүн тегерегин чөп басып кетиптир, барып чаап салайынчы»,– деп чалгы алпарып чаап келди. «Шыбагы түшүп, терезелери сынып, ичин чымчык уялап алыптыр», – деп келди.

– Аның туура. Самансурга рахмат. Окуусу кандай анын?

– Экинчи курска өттү. Окуусу дурус эле го дейм. Сен жаштарга наарazы болуп жатпайсыңбы, мен уулумду карап отуруп, азыркы жаштарыбыз жаман эмес деп ойлойм. Самансурдун айтуусуна караганда, институтта эстүү-жөндүү балдар окушат окшойт. Албетте, келечек көрсөтөт дечи. Бирок, билимдүү жаштар өсүп келатат, келечекте кем болбойт алар...

Чоро ат сарайга кетти. Танабай болсо тамын көргөнү жөнөдү. Короо-жайын айланып чыкты. Жайында Чоронун студент уулу чапкан алабата куурай чөп куурап калган экен, аяк астында бырсылдайт. Ээси жоктой жүдөп турган тамын көрүп, Танабайдын бети чымырады. Башка малчылар тамдарына туугандарын киргизип, же бирөөгө тапшырып кетишет. Танабайдын анте турган да кишиси жок, болгон тууган-туушканы башка айылда турат. Кулубай тууганы менен илгертен араз. Жайдардын жакындарынан эч ким жок. Ошентип Танабайдын тамы баш-көзү жок аңгырап калган. Эртеңки күнү да көчмөн

малчылык менен өтчүдөй. Чабан болуп кетеби?.. Танабай өзү азырынча олку-солку, бирок Чоро акыры көндүрөр. Анын тилинен Танабай да чыга албас.

Малчылар таң эрте айылдан машине менен чыгып, райборборго жөнөдү. Үч тонналык жаңы «ГАЗ» машине түшкөндөргө аябай жагып барды. «Падышадай эле болуп баратабыз!» – деп тамашалашты малчылар. Танабайдын да көңүлү көтөрүлдү. Согуштан бери машинеге түшкөнү ушул. Согушта жүргөндө болсо, алиги америкалык «студобеккер» деген машинени минип, Словакия менен Австриянын жолдорун далай кыдырбадыбы. «Студобеккер» дегениң үч билектүү, күчтүү машине боло турган. «Ушундай унаа бизде болсо ээ,– деп тамшанар эле ошондо Танабай. – Тоолуу өлкөдө эгин ташыганга табылбас унаа экен. Ой-кырың буга сөз эмес го». Анан кайра өзүн жооткотор эле: согуш бүтсүнчү, мындай машине бизде да болот! Жоону жеңсек баары болот!..

Ачык машиненин үстү шамалдап, анда-санда кыйкырышкандан башка узак сөз сүйлөшө албады. Машиненин дөңгөлөк астына жыйрылган кара жолду тиктешип, унчукпай бара беришти. Акыры Танабайдын ичи бышып кетти.

– Ырдабайсыңарбы, балдар! Биздей чалдарга карабагыла. Ырдагыла, биз угалы,– деди.

Жаштар ырдап баштады. Оболу мүдүрүлүп, сүрдүгүп барып, анан күүлөнүп кетишти. Бараткандардын көңүлү көтөрүлдү. «Мына эми дурус болбодубу,– деди ичинен Танабай. – Ушунуңар жөн. Назили район эл чогултуп, жыйналыш өткөргөнү жатканы жакшы. Иш жагдайын, эртеңки күндү, колхоз эмне болорун айтышар. Бизден көрө чоңдорго көрүнүктүү эмеспи  баары. Тоо-таштa мал артында жүрүп, биз эмнени билели. Акыл-кеңеш айтышса, көзүбүз ачылып, биз дагы дымактанып иштээрбиз...»

Райондун борборунда эл көп экен. Машине менен арабанын кулактары тийишет. Клубдун айланасындагы аянтка үзөнгүлөштүрүлгөн аттар батпай кетиптир. Шишкебекчи, чайханачылар эпилдеп-жепилдеп элди тейлеп жүрөт. Топураган малчыларды үстү-үстүнө чакырып, желпигичин желпишип, түтүнүн буруксутуп, соодасы кызуу жүрүп жаткан экен.

Чоро күтүп туруптур.

– Тез түшкүлө, тарабай мени ээрчигиле. Жыйналыш азыр башталат, кирип орун алгыла. Ой, Танабай, сен каякка?

– Азыр келем,– деп Танабай аттардын арасына кирип кетти. Ал машинеден түшө электе көп аттын арасынан Гүлсарыны көргөн. Жаздан бери сагынган неме эми жоргосуна баратты.

Кула сары кең омуроо, кочкор тумшук, куу далы, катыңкы баш, кара көз турпаты менен Гүлсары көп аттардын ичинде алдагайдан көзгө түшүмдүү.

– Амансыңбы, Гүлсарым! – деп күбүрөдү Танабай жоргосуна жакын барып. – Кандай күндөсүң, жаныбарым?

Жорго алагар көзүн кыйык сала карап, мурдагы ээсин тааный койду, бир ордунда тыбырчылап, окуранып жиберди.

– Көрүнүшүң жаман эмес, Гүлсары. Көөдөнүң кеңейиптир. Көп жүрөсүң го. Башыңан кандай кыйын күндөр өтпөдү. Билемин... Эми жакшы адамдын колуна тийипсиң, ага да шүгүр. Тек жүрсөң кор болбойсуң,– деп Танабай бөктөрүлгөн куржунга колун салып, сулу бар экенин көрдү. Демек Чоро жоргону ач кылар эмес. – Болуптур эмесе, Гүлсары, мен барайын.

Клубдун маңдайына кызыл мата тартылып: «Коммунисттер, алга!» «Комсомол – совет жаштарынын алдыңкы сабында!» деген ураандар жазылуу.

Эл каптап, жан жактагы эшиктерден агылып кирип жатат. Кире берište Танабайга Чоро менен колхоз башкармасы Алданов жолукту.

– Танабай, мындай чыкчы,– деди Алданов. – Сенин келгениңи белгилетип койдук. Мына блокнотуң. Сен сүйлөшүң керек. Партиянын мүчөсү, мыкты жылкычысың.

– Эмне деп сүйлөйм?

– Коммунист болгондуктан мен, деп айткын, артта калган чарбага барам, соолук кой алып, чабандыкка өтөмүн дегин.

– Ошол элеби?

– Ошол эле болчу беле. Өз милдеттемеңди айт. Ар жүз тубар койдон жүз ондон козу, ар бир койдон үч килограммдан жүн беришке партия менен эл алдында убадамды берем дегин.

– Ой, оторуңду бир көрбөй жатып кантип убада берем?

– Ошо да сөзбү. Аласың оторуңду. Чоро сөздү жумшартты.

– Тандаган койду аласың. Убайым жебе. Анан дагы эки комсомол жашты үйрөнчүк кылып алам де.

– Кимди?

Эл шыкалып кирип атат. Чоро тизмесин карады.

– Болотбеков Эшим менен Зарлыков Бектайды үйрөтүп чыгам де.

– Экөө менен бир ооз сүйлөшкөн жокмун, алар эмне дээр экен?

– Ой, бир кызык киши экенсиң! – деп башкарма чыртыя түштү. – Ошолор менен сүйлөшүү эле милдет бекен. Баары бир эмеспи. Биз сага белгилеп койгонбуз, болду, алар кайда качмак эле! Чечилген маселе.

– Чечилген маселе болсо мени менен эмне сүйлөшөсүңөр? – деп Танабай бурулуп жөнөй берди.

– Токто,– деп Чоро кармап калды. – Унутуп калбайсыңбы?

– Унутпайм, унутпайм,—деди Танабай басып баратып кыжырлана...

## XIII

Кеңешме кечке жуук аяктады. Райборбор заматта аңгырай түштү. Келген эл бири тоого, бири малга, бири фермага, башкалары айыл-айылдарына тарап кетти.

Танабай айылдаштары менен жүк машинеге түшүп, Кара-Суунун өрүн өрдөп, кең жайыкка чыккан соң, айылды көздөй зырылдатып жөнөп келет. Түн кирип, машиненин жүрүшүнөн арылдаган суук шамал коюн-колтукка кирди. Күз келгени ушул эмеспи. Танабай бир бурчка тыгылып, жакасын көтөрө тумчуланган калыбында чатышкан ою менен алек. Мына, кеңешме да бүттү. Өзү жарытып эчтеме айта албады, бирок өзгөлөрдүн сөзүн укту. Иш калыбына келүү үчүн дагы далай мезгил кара жанды карч уруп, маңдай тер төгүү керек экен. Алиги көз айнек тартынган обком секретары: «Эч ким бизге даңгыр жол чаап бербейт, карап турбай өзүбүз чабышыбыз керек», – дебедиби. Атаң көрү, отузунчу жылдардан бери канча өмүр кыскарды, дале болбой бир жогору, бир төмөн, биресе өрдөп, биресе эңкейиштеп келебиз... Колхоз дегениң оңой-олтоң иш эмес тура. Мына, чачы буурул болду, жаш өмүрү көбүнесе ушу колхоз курулушу менен өттү-кетти. Бул арада кайран баш нени көрбөдү, бу колунан кандай гана иштер бүтпөдү, ара жолдо билбестиктен кеткен эссиздик жоруктары да болду, бирок көздөгөн максатка эртең эле жетчүдөй көрүнгөнү менен, колхоздун убаракерчилиги али бүтө элек тура...

Болуптур, белди бек бууп, дагы иштөө керек экен, иштейт. Жанагы секретарь туура айтат. Танабай ойлогон-

дой согуштан кийинки турмуш өзүнөн өзү жакшырып сала бербейт экен. Көөдөнүңдө жаның турганда турмушту ийиндеп, дамаамат түртүп жүрүп отуруш керек экен... Бирок турмушуң түшкүр улам түрткөн сайын кырдуу жагын сала берип, ийинин жоорутуп бүтпөдүбү. Жадегенде иштеген ишиңин натыйжасы чыгып, жемиши бышып турса, эмгегиңин үзүрүн көрүп, мээнетиң кайтып турса, анда жооруган ийиниңе жаның кашаймак беле... Эми мына, кой бакмай болду. Жайдар эмне дээр экен? Атаат, кыздарына базарлык деп татты алууга дүкөнгө кирип чыгышка да чолосу болбоду. Базарлык ала келем деп, үмтөттүрүп чыкпады беле. Убадасын болсо тартынбастан берди: жүз тубар койдон жүз ондон козу, ар бир койдон үч килограммдан жүн өткөрөм деп. Айтыш оңой, аткарып көр эми. Ар бир кой аман тууп, төлү аман болсун де. Чырымтал козунун жамгыр, кар, ызгаар шамал деген касы көп. Жүн дагы ар бир талдан жыйнала турган дүнүйө. Өзүнөн өзү эле түрмөктөлүп, килограммдар чыга келбейт. Батмандаган кумдан мыскалдап алтын чайкангага тете. Үстүңдөгү жибектей куюлган кийими канчалык мээнет менен бүткөнүн билбегендер али көп эмеспи...

Ай, Чоро, Чоро, бекер шаштырды да... «Кыска сүйлө деп, тек милдеттемеңи гана айт, башка сөзгө чаргыба деп». Танабай анын айтканынан чыккан жок. Оболу чыгып алып алактап калды, милдеттемесин эптеп айтты да, көкөйүндө жүргөн көп оюнун бирин жарыя чыгара албай кайра түштү. Ошонусун эми ойлоп, бети чымырап барат. Чоро болсо ыраазы. Анын мынча жалтак болуп кеткени эмнеликтен? Ал байкушту оору айнытып койгонбу, же колхоздун биринчи башчысы болбой калганынан улам ошентеби? Танабайды анчалык сактандырып эмнеси бар эле? Жок, Чоро өзгөрүптүр, бирдемеден сактангандай. Же өмүр бою башкарма болуп, колхозду өгүзчө

тартып келатып, чоңдордон күндө тил уга бергенден ушинтип калганбы? Эмнеси болсо да, кууланганды үйрөнүп алыптыр...

«Анда шашпа, досум, амандык болсо бир күнү ушунун баарын көзүнө карабай айтармын өзүнө...» – деп ойлоду Танабай тонун тумчулана берип.

Түн коюну ызгаар, сөөк какшаткан шамал. Үйгө жетер жол али алыс.

Чоро жорго менен кайтты. Башка жоро-жолдошторун күтпөй жалгыз жөнөй берди. Жүрөгү сайгылаша баштаган соң үйгө эртерээк жеткиси келди. Жоргону өз жүрүшүнө коюп, тизгинди бош таштады. Күнү бою байлоодо буулуга түшкөн Гүлсары эми эрк өзүнө тийген соң кулач кере төрт аягы дүпүлдөп, бет алдыда чубалжыган жолду илеп жутуп бараткандай арылдата жүрүп берди. Жоргонун мурдагы көп кумарынын баарынан азыр жалгыз жорго салыш кумары гана калган. Башка кумарлыгынын баары денинде өлгөн. Аны өлтүргөндөр – адамдар. Эр мингизип жонуңа, эрегише жорголо, башка эчтеме сени кызыктырбасын деп койгон аны адамдар. Бу күндө Гүлсарынын тирүүлүгү чын болсо, тирүүлүк кумары жорголук жүрүшүндө гана калган. Адамдар тартып алган рахатты арылдаган жорголугу менен кууп жетчүдөй тизгин бошоп, эрк өзүнө тийгенде жебедей шукшурулуп бөжүп берет. Сары жылдыз болуп шуулдап учат, бирок алдырганын такыр кууп жете албайт.

Жоргонун үстүндө бир аз шамалдай жүргөн соң Чоронун көңүлү сергиди. Жүрөгү мыкчылганы басылды. Бүгүн өткөн кеңешмеден ал канагат алып кайтты. Асыресе обкомдун секретарынын сөзү жакты Чорого. Ал кишинин кабарын көп уга турган, өзүн көргөнү бүгүн. Бирок Чоронун көңүлүн өйүгөн бир ой деле басылбай келет. Ырас, да, Танабайга жакшылыктан башка каалаганы барбы? – ушул ой көңүлүн туталантат. Бүгүнкүдөй

кеңешмелерде, жыйналыштарда эмне сүйлөп, эмне коюу керек экенин тиш каккан Чоро жакшы билет. Башы бышып бүтпөдүбү мындай иштерге. Танабай болсо Чоронун айтканына көнөрүн көндү, бирок түшүнгүсү келбейт. Кеңешмеден кийин апасына таарынган баладан бетер бир кайрылып сүйлөшпөстөн терс бурулуп машинеге түштү да, кете берди. Таарынып калгандагысы. Ээ, Танабай, Танабай! Бу турмуштан бир сабак үйрөнбөгөн аңгүдүк байкушум! Эчтеме билбейсиң, эчтемени байкабайсың. Жаш күнүңдө кандай болсоң, ошо бойдон калдың. Маселенин баарын ачык айтып, ак сүйлөп, чорт кессем дейсиң. Азыр мезгил башка. Азыр айткан сөзүң мезгил менен үндөш чыксын десең эл кандай сүйлөсө ошондой сүйлөп, кат окугандай мүдүрүлбөй, кай жерде кандай, кимдин алдында эмне айтуу керек экенин билүүң абзел. Ошондо гана ишиң оңунан чыгат. Эгер, Танабай, эркиңе коё берсе баарын чаң-тополоңун чыгара сүйлөөр элең. Анан сенин азабыңы быякта биз тартып, суук тилди биз угар элек. «Өз уюмуңардын мүчөсүн кандай тарбиялагансыңар? Ушундай да тартип болобу? Бу не деген ээнбаштык?» – деген жеменин жообун биз берер элек...

Ай, Танабай, аны билген сен кайда...

## XIV

Экөө жолдо калган баягы эле караңгы түн. Карыя киши, картаң ат. Жар башында от күйөт. Танабай улам туруп барып, жантаслимде жаткан Гүлсарынын үстүндөгү тонун оңдоп жабат. Кайра келип, кашына отурат. Бүткүл өмүрү көз алдынан чууруйт. Жоргонун жүрүшүндөй зуулдап өткөн көп жылдар...

Анан чабан болуп, кой артына түшкөн ошол күздө эмне болду? Ошол кышта, ошол жазда эмнелер баштан өттү?..

## XV

Ошол жылы алтын күз дегендей күз болду, тоо да, жака да кызыл алоо жамынып, коңур мемиреп турду.

Башында гана бир-эки күн жаан-чачын болуп, кокту-колотторго туман уюп, сыдырым суук кыш кабарын эрте айтып эсти чыгарган. Анткен менен, эки күндөн соң күн чайыттай ачылды. Таң эрте Танабай үйдөн чыга калып, жаңы кар жамынган тоолорду көрө чалкасынан кете жаздаган. Жаңыртып кийим кийингенсип, тоолор моюн созуп шаңданып, түн ичинде бери бастырып келип калгандай. Жаңы кардын тоого жарашканын ай! Улуу Теңир түнүндө эле жаңы жасап, жакын апкелип колу менен коюп кеткенсип, аскарланган зоокаларынын ак, карасы даана көрүнүп, көк тиреп зыңгырайт тоолор. Ак кар, көк музу жаңы чыгып келаткан күн нуруна жылтыраган чокулары көк тиреп, көктүн түпсүз тунук түбүнөн нары кыйырсыз ааламдын чети башталып тургансыйт. Сүткө жуунгандай тумсак тазалыктан Танабайдын тула бою чымырап, бир силкинип алды да, жүрөгүн качанкы бир кусалык өйүп ийди. Гүлсарыны арылдатып, түн катып барчу Бүбүжаны эсине түштү. Азыр жорго кашында болсо минип алып, жүрөгүнө кубаныч куюп, толкутуп ийген мобу ак кар сымал тоо этектей айкай салып, Бүбүжанга жетип барбас беле...

Бирок мунусу тек, капилет келген кыял да... Атаганат, адамдын жарты өмүрү кыял менен өтөт белем, өмүр чиркин ошондуктан таттуу белем. Кыялыңдын баары орундала бербегендиктен адам өмүрү кымбат белем... Танабай маңдайдагы шаңдуу тоолорду, төбөдөгү тунук асманды карап туруп, адамдардын баары бирдей бактылуу боло бербейт тура деп ойлоду. Ар кимдин өз тагдыры бар. Тигине, карга бирдей жамынып, күн нуруна бирдей жуунуп турган тоонун да бир тарабы жарык, бир

тарабы көлөкө. Адам дагы тагдырында бирде кубаныч, бирде кайгы кечирип жүрүп, өмүрү кеч кирет тура. Өмүрдүн кунары да ошондо экен го... Бүбүжан деле мени күтүп отурган эместир. Тек тоого жааган жаңы карды көрүп эске алар...

Адам картаят экен, бирок көңүл чиркин ага моюн сунбай, капасты канаты менен чапкылаган куштай кээде талпынып-таңшып алат тура.

Танабай атын токуду да, кой короонун эшигин ачып салып, үйдөгү аялына кыйкырды:

– Жайдар, сен жыйналганча мен койду жайытка чыгарып таштайын!

Кой боорду бөксөлөй жайылып жөнөдү. Коңшу чабандар да койлорун чыгара баштаган экен. Жылга өрдөп, күнгөй боорлоп, кой жарыктык эзелтен жерден алар шыбагасын кубалап, агылып барат. Күзгү тоонун буурул-саргыч боорунда жайылган короо-короо койлор бозомук аралдар сыяктанат.

Азырынча Танабайдын ахыбалы жаман эмес. Багуусуна дурус отор тийди. Бир-эки ирет төлдөгөн токту менен соолук кой. Жарты миң туяк – жарты миң убаралык. Төлдөгөн соң анысы эки эседен ашып түшөр. Бирок койчулуктун кыраан кыйынчылыгы али алыс.

Жылкыга караганда, албетте, кой аяптоор тынч. Бирок Танабай дароо көнүп кете албады. Жылкы деген жылкы да! Ага карабай жылкы илгерки маанисин жоготту дешет. Машине чыкты, жылкы чарбасы кирешелүү болбой калыптыр. Азыр төрт түлүк малдын артыгы кой болуптур: жүнү бар, эти бар, териси бар. Бу сөздүн чындыгы бар экенин акылы түшүнсө да, «эсепчини жут алат» деген пейилде жүргөн Танабайдын кыжыры келет. Айгырың мыкты болсо, үйүрдү ийрип таштап, күнү бою көңүлүң тынч, башка тиричилигиңе бастырып кете бересиң. Бу койдун жанынан карыш жыла албайсың. Күнү

бою артында, түнү бою кашында жүргөнү жүргөн. Бир короо койго чабандан башка койчуманы да болчу эле, аны колхоз бербеди. Андыктан жалгыз башың күн тынымсыз, түн уйкусуз. Жайдар түнкү кароолчу болуп саналат. Үй тирилигинен колу бошой калса, күндүз кыздарын ээрчитип алып шашкеге чейин, түнкүсүн эл орунга отурганча каралашат, башка чолосу жок. Калган убакта Танабай өзү. Баягы Ыбрайым болсо азыр колхоздун мүлдө мал чарбасына кожоюн, өзгөдөн өөн издеп, өзүнө тиешелүү жерде баарына шылтоо табат.

– Алда айланайын Танаке, мен сизге койчуманды кайдан таап берем? – деп сыздап жиберет. – Эстүү кишисиз, баарын көрүп-билип турасыз, анан айтканыңыз бул. Караңызчы, ким бар? Жаштар бүт окууда. Окубаганы «кой» десең жаа бою качат. Андан көрө деп темир жолчулукка, же кайдагы бир кенге иштеп кетип жатышат. Айлам куруп отурам, билсеңиз. Сиз болсо, караганыңыз бир отор, ошого да ыйлактайсыз. Менчи? Колхоздун төрт түлүк малы бүт менин мойнумда. Шордуу башым бир күнү соттолуп тынар бекен. Өз башыма балээ издеп, бекер гана алган экем да ушул кызматын. Сиз шепке алган комсомол чабандарыңыз тиги Бектайга окшогондор менен иштешип бир көрсөңүз, ошондо жаныңыз кашаймак. Мага радио, кино, гезит жеткирип тур дейби, үйдүн жаңысын таап бер, жума сайын журтума дүкөн жиберип тур дейби, иши кылып азганакай акылым бар эле, аны да балдар курутмай болду. Антпесең, коюңу өзүң ал, башым оогон жакка басып кете берем дешет. А көрө сиз барып бир сүйлөшүп койсоңуз боло, Танаке!

Ыбрайымдыкы да туура эле. Чоң болгонуна чын кейип жүргөнүн ким билсин, бирок Бектай тууралуу айтканы чындык. Танабай окто-текте убакыт таап, үйрөнчүк комсомолдоруна барып кала турган. Болотбектин уулу Эшим кашаңыраак кыймылдаганы менен, ишинен

баш көтөрбөгөн ынтаалуу жигит. Бой-турпаты келишимдүү Бектай болсо, өткүр кара көзүнөн заар учкундап турат. Танабай барып калган сайын түнөрө каршы алат:

– Танаке, ала өпкө болуп жүгүрө бербей, балдарыңдын кашында эле отурбайсыңбы. Сенсиз да мага келген текшерүүчүлөр көп.

– Ии, менин келгенимен зыян тартып жатасыңбы?

– Зыян кылып колуңан эмне келмек. Деги сага окшогондордү мен көп жактыра бербейм. Жаныңарды үрөп: ура, ура! – деп чапкылап жүргөнүңөр жүргөн. Андан чекеңер жылып, жыргап кеткениңер көрүнбөйт, же бизге минтип тынчтык бербейсиңер.

– Сен, бала, байкап сүйлө, чырагым – деп Танабай араң карманып, тиштене сүйлөдү. – Мага акырандаба. Жаныбызды үрөсөк, биз үрөдүк, сен эмес. Ага өкүнбөйбүз. Кезинде биз жаныбызды үрөп кыйналбасак, сен минтип сүйлөп турбайт болчусуң. Кино, гезит мындай турсун, өз атыңды да билбей өтмөксүң. Сенин атың «кул» деген гана үч арип сөз болмок...

Танабай Бектайды жаман көрчү, бирок бетке чабарлыгына тымызын тан берер эле. Жаш жигиттин терс мүнөзү тескери жолго жетелеп баратканына кабыргасы кайышат...

Кийин экөөнүн жолу эки айрылып, бир жолу шаардан Бектайга жолугуп калганда Танабай лам дебеди, тигинин сөзүн да укпады.

Ошол бир эрте түшкөн кышта...

Ак буура минип, борошо бүркүп, кыраан кыш кирип келди, бейкам малчылардын айласын түгөтүп, кысымга алды.

Октябрь айы жаан-чачынсыз мемиреп өткөн, ноябрде кыш түштү да келди.

Кечкурун Танабай койду айдап келип, кадимкисинче короого камады. Чоочутар белги жок эле, бирок түн ортосунда аялы ойготту:

– Тур, Танабай, мен үшүп кеттим. Кар жаап келди.

Жаңы жааган кар жыттанган аялынын эки колу көк муштум. Бооруна кыскан мылтыгы да суу, муздак.

Сыртта буурул-чаар түн экен. Кар калың жаап турат. Кой жуушабай тынчы жок, бышкырынып, үстүндөгү карды силкине кулактарын чапылдатып баштарын чулгуйт. Кар басылар эмес. «Шашпагыла, жылуу жааган кар эмне, жыргал да, артынан чыкылдаган чилде келер,– деди ичинен Танабай жакасын көтөрө кымтыланып. – Кыш жарыктык, шаштырып эрте түштүң го. Бул эмнең, жакшылыгыңабы, жамандыгыңабы? Аягың жумшарып кетсе болгону. Төл маалында аттанып чыгып кетсең болгону. Биздин бар тилегибиз ушул. Азыр билгениңдей келе бер. Эч кимден суранбай, өз каалооң... акың бар...»

Саламы жок келген кыш унчукпады, эртең эрте элдин баарын таң калтырып, далбастатыш үчүн түн жамына лапылдатып жаай берди.

Тоолордун карааны көлөкөлөнүп кыймылсыз. Кышты тоготор түрү жок. Тынчы кетсе – малчыларга, бизге эмне дегендей. Кыштыр-жайдыр тура бергенбиз, тура беребиз дегендей.

Эстен кетпес кыш ошентип башталды. Бирок арты кандай болорун али эч ким биле элек.

Алгач жааган кар жатып калды. Эки-үч күндөн кийин дагы жаады, анан дагы жаады. Малчыларды күздөөдөн кууп чыкты. Кой жаныбар кайберенден бетер асказоонун күнөс түптөрүн кубалап, жукалтаң кар, кыраң кагынга жүгүрөт. Койчунун ата-бабадан калган өнөрү ушунда билинет. Башка бирөө ушерде кантип от болсун деп кол шилтеп кеткен жерден коюна жайыт табат. Антпесе эмнеси койчу... Окто-текте чоңдордун бири караа-

нын көрсөтүп келип калат, ал-ахыбалды сураган болуп, убаданы аянбай берет да, эртерээк кеткиче шашат.

Кыш менен бетме-бет жалгыз койчу кала берет.

Танабай колхоздун борборуна барып келүүгө көп эле камынды: мал төлдөтүүнүн дайындыгы кандай болду экен, эмне бүтүп, эмне даярдалды экен, ошону билмекчи. Бирок колу бошободу. Бир жолу Жайдар интернаттагы баласына барып, буйдалбай кайра тартты. Ошол арада Танабай кыздары менен жүдөп калды. Кичүүсүн коюнуна ката өңөрүп, улуусун учкаштырып, күндүзү кой кайтарат, кечкисин келип чай кайнатып бергиче, чарчаган кыздары уктап калат. Жайдар жокто от дагы жетимсиреп, табы жок күйөт экен.

Эртеси апасы кайтып келгенде эки кызды көрүп ал, эки жактан мойнуна асылышып, коё беришсечи. Атанын аты ата экен, балдарга эненин жөнү бөлөк тура.

Убакыт ошентип өтүп жатты. Кыш кубулма болду. Бир эсе коркутуп кысып келсе, кайра жумшарып калат, эки-үч жолу көз ачырбаган бороону да болду, анан кайра кар эрип, алды кетирди. Танабай ушундан чочулады. Төл маалында күн жылымдап кетсе жакшы го, а кокус ызгаары кармап калса не болот?

Тубар койлордун ичи салаңдай баштады. Кээ бир ири, же эгиз туумалары майпаңдап баса албай калды. Жону жукарып, жүрүшү оорлоп, эттен түшүп баратты. Таң калар иш беле, ичтеги козу энесинин майын соруп өсүүдө, кой байкуш болсо ар бир тал чөптү кар тээп, муз тиштеп оттоп жүрөт. Мындайда жем-чөп арбын болуп, кыштоо-кыштоого жеткирилип турса, чабан аянбастан малына берип турса кана? – Оо, ал жомокто болчу жыргал да. Колхоздун кампасын көрсөң, жылан жалап кеткендей. Бурчта гана жазгы кош айдоодо унаага деп, анан үрөндүккө деп сактап отурган сулу жатат.

Күндө таң эрте Танабай койду жайытка айдап чыгарарда аралап көрөт. Койлордун алды желиндей баштаган. Эгерде кырсыгынан сактаса, алган милдеттемесин аткарчудай. Бирок жүн жагы орундалар эмес. Койдун күздөп өскөн жүнү кыш бою кайра суйдаң тартып, даакыланып барат. Бу да болсо оттун жоктугунан. Багуусу жарашса кой жүнүнө кол аралабай калар эле. Аны көрүп Танабай өз алдынча түнөрөт, ачуусу келет, бирок кылар аргасы жок. Чоронун тилин алган өзүн боктоп сөгүнөт. Убададан аянбайт ээ. Мен кыйынмын, эпкиндүүмүн, партия менен Меkenге убадамды берем дейт. Жадегенде партия менен Мекенди жайына койсочу. Ал экөөнүн бул жерде кандай тиешеси бар. Кадимки чарбачылык жумуш эмеспи. Жо-жок!.. Айтуу керек дешет. Керек болсун-болбосун, андай ыйык сөздөрдүн баркын кетирип айта берчү болдук го?..

Бир айтасыңбы, эки айтасыңбы, башына балээни үйгөн өзү. «Ойлонбой сүйлөсөң онтобой ооруга жолугасың» деген ушул. Бирөөлөрдүн тилине кирип... качан ошентип жашачу эле? Чала болот. Алардын эмнеси короп жатыптыр, эртең таанып чыга беришет. Чоро байкушка гана убал болор. Байкуштун деги иши оңунан чыкпады. Бир күнү ооpу, бир күн соо. Өмүр бою күйпөлөктөп журтту үгүттөп, үмүттөндүрүп, дем берип келатат, андан эмне чыкты? Эми жалтак болуп баратат, айтар сөзүнөн да жалтанып турчу болду. Акыры оору болгон соң ишин өткөрүп берип, эс алышка чыкпайбы байкуш...

Кыш болсо малчыларды бирде үмүттөндүрүп, бирде үрөйүн учура коркутуп өтүп жатты. Танабайдын короосунан эки көтөрүм кой чыгым болду. Анын көзөмөлүндөгү үйрөнчүк койчулардын короолорунан да бир нечеден өлүп кетти. Албетте, мал болгон соң чыгашасыз болбойт. Бир кышта он чакты чыгым чыкса, эчтеке эмес. Катаал мезгил алдыда, катыраң көктөмдө.

Бир учурда күн жылымдап сала берди. Соолук койлор ашыккансып желиндей баштады. Карап турсаң курсактары гана салаңдап, баары арык, а желиндери тамылжып, күн санап эмес, саат санап уузга толуп бараткансыйт. Бул эмнеликтен? Мынча күчтү кайдан алат байкуштар? Бир чабандын оторунан баланча кой тууптур деген кабар угулду. Демек куут маалында жаңылыштык кеткен. Ошонун алгач келген кабары ушул. Эми бир-эки аптадан кийин козулар күздө шагынан күбүлгөн алмуруттан бетер жамырап келер. Алып үлгүр. Мына ошондо башталар койчунун жазгы жарыш, күзгү күрөшү. Мына ошондо койчу ар бир козунун амандыгын тилеп калтырап, кой бага баштаган күнүн тилдеп жаны кашаяр. Агерим төл аман-эсен алынып, чыгашасыз телчигип кетсе, анда койчу байкуштун кубанычына чек болбос.

Андай болсо кана, ылайым ошондой болсо экен! Элдин бетин карай албай жылдызы түшпөсө экен...

Колхоздон сакманчылар келди. Танабайга эки аял келди. Өздөрүнүн чатыры, төшөнчү-орду менен. Киши көбөйгөнгө короо тегереги да көңүлдүү боло түштү. Бир короо койго экөө эмес, аз болгондо жети сакманчы керек. Аны айтса, кийинчерээк Беш-Теректеги туут кашарга көчүп барганыңарда жиберем деп кетти Ыбрайым.

Оторлор ордунан козголуп, бөксөдөгү кашарды көздөй төмөн жыла баштады. Аялдарды көчүрүп-кондурууну Эшимге тапшырып, Танабай артта калды. Бооз мал кыйналбасын деп, жайып айдап отурду. Үйрөнчүк койчуларына жардамдашууга Танабай бу жолду дагы эки ирет өтөрү али бар. Кой да ашыкпай жайыла оттоп барат. Чыдамы кеткен дөбөттөр гана ары-бери жортуп алып, кайра келет.

Күн батууга ылдыйлап калса да, табы бар. Кой тоодон улам төмөндөгөн сайын аба жылуу тартып, а түгүл күңгөй беттеги жашыл ыраң көзгө сонун көрүнөт.

Төл башы туулуп, жолдо бир аз кармалды. Мал баласы болсо да аман туулганына сүйүнгөн Танабай козунун тумшугун сыдырып, кулак-мурдун үйлөп жатып, эртерээк туулганына гана кейип койду. Эсебинде дагы бир жума бар эле, мына сага!

Жолду катар дагы тууп, айласын курутар бекен деп чочулаган Танабай койлорун карап чыкты. Башкалары тың эле бараткандай. Жүрөгү ордуна келип, атүгүл көңүлү көтөрүлдү. Кичинекей кыздары козуга кубанып калышар. Төл башы ар качан сүйкүмдүү эмеспи. Мобу козу да, кирпиги кара, туягы кара, өзү агышынан келип, сүйкүмдүү экен. Оторунда он чакты кыргыз кой бар эле, ошолордун бири тууган экен. Кыргыз койдун козусу жүндүү туулуп, чыйрак болот. Тиги малиш койдой болорбу, кызыл эт кылып жылаңач тубат.

– Ашыккан экенсиң, мейли, көрүп ал жарык дүйнөнү,– деди Танабай. – Артың майлуу-сүттүү болсун! Сени ээрчиген козуларыбыз көп келип, көптүгүнөн жер майышсын, калың үнүнөн кулак тунсун, ылайым,– Танабай козуну өөдө көтөрдү. – Чолпон-Ата, өзүң колдо, мына төл башың! Койчунун мээнетин колдо!

Тегерете тоолор турду унчукпай.

Танабай козуну койнуна катып алды да, коюн айдап жөнөдү. Жаңы тууган кой маарап, артынан ээрчип келет.

– Жүрө бер, жүрө бер, – деди ага Танабай. – Козуң койнумда, жоголбойт.

Тон ичинде козу курганып, жылынып калды.

Кашарга Танабай койлорун кечке жуук айдап жетти.

Көч эбак жетип, конуп алышкан экен. Үйдүн түндүгүнөн түтүн булап, ачкарын койчуну киргиче шаштырды. Сакманчылар чатырларын тигип жатат. Эптеп аман-эсен көчүп келип алганына шүгүрлүк кылды Танабай. Эшим көрүнбөйт. Баса, ал эртең көчүп келиш керек да,

жүк арткан төөнү жетелеп, кайра кеткен тура. Аныкы да туура.

Ошентип чарчаса да көңүлү көтөрүңкү келген Танабай кашардын түрүн көрүп алып, башына союл тийгендей эсеңгирей түштү. Колхоз чоңдорунан ал жарытылуу деле жакшылык күткөн эмес болчу, бирок мынчалык болот деп үч уктаса түшүнө кирбес эле. Мал төлдөтөр кашар деп аталган жаман бастырманын камыш жапкан шыбы ар жеринен оюлуп, чириген саман салбырап турат. Дубалындагы терезе деген оюктарында айнек жок, короо ичинде шамал ойнойт. Талаанын кары кетейин деп калса да, короо ичинде сары жамбаш күрткү жатат. Турмуштун азап-тозогун көп көргөн Танабай баарына кайыл эле, бирок мындай шумдукту ким көрүптүр.

Бир заманда таштан калаган короо азыр кыйрап бүтүптүр. Бу көрүнүш жанына баткан Танабай кыздарынын төл башы козуга кубанганына да караган жок, кармата берди да, короо-жайды айлана басты. Кайсы бурчун караса да, баары жыртылып, эскирип, чирип бүткөн. Согуш алдында салынган эски короо ошо бойдон кароосуз калып, жыл сайын жазда мал төлдөтүүдө гана адам баласы бир бастырып келбесе, кайра таштап кете берип, ушул абалга жеткен тура. Бастырманын төбөсүндө бечара кемпирдин эски илекисиндей[1] болуп, кыйшык жыйылган бир чөмөлө чирик чөп турат. Анын түбүндө туш келди ыргытылган саман жатат. Бир короо тубар койдун төл учурундагы жем-чөбү ушул. Ырас, мындан башка да бурчта эки каптай арпанын уну, жашикке салынган туз жатат. Шишеси сынган төрт-беш фонарь, жер май куйган дат бочке, сабы сынык беш-алты айры-күрөк көрүнөт… Ушунун баарына жер май куюп туруп, өрттөп жиберип, баш ооган жакка басып кеткиси келди Танабай.

---

[1] и л е к и с и – (*диалект*) элечек.

Тоңуп жаткан былтыркы кык менен карга улам чалынып, Танабай мүңкүрөй басып жүрдү. Эмне дээрин билбеди. Бир гана оозуна келгени: «Ушундай да шумдук болорбу?.. Ушундай да шумдук болорбу?» – деген сөздөр, ошону кайталап күбүрөп жүрдү.

Бир маалда короодон далбалактап шашып чыкты да, атын токуй баштады. Колдору калтырап, куюшкан менен басмайылды ажыраштыра албайт. Баятан бери ичке толуп, кайнап чыккан кыжырлуу ою ташкындады: азыр жетип барып, түн ортосу болсо да баарын ойготпособу! Жоо кууп келаткандан бетер алаамат түшүрбөсөбү, карап тургула, иттер! Алиги Ыбрайымыңды да, Алданов башкармаңды баш кылып, Чорону да жакадан алып, аталарын тааныптпасабы! Эми алар Танабайдан жакшылык күтпөсүн. Алардын кылганы ушул болсо, Танабай аямакпы?.. Болду, жетишет!..

– Токто, кокуй! – деп Жайдар жүгүрүп жетип, жылоодон алды. – Кайда барасың? Баруучу болбо! Түш аттан, тил ал!

Ага Танабай болчу беле.

– Коё бер! Коё бер дейм! – деп тизгинди жулккулап, аялын омуроолотту. – Коё бер мени! Өлтүрөм аларды! Өлтүрөм!

– Коё бербейм. Бирөөнү өлтүрүү эле керекпи сага? Өлтүр мени!

Аңгыча сакманчы аялдар жүгүрүп келди. Кыздары чыркырап:

– Ата! Ата! Кой, ата! – деп ыйлап жүрүшөт. Танабай ачуусу бастай түштү, бирок деле өмгөктөп жүрөт.

– Кармаба мени. Көрдүңбү, ушундай да шумдук болобу? Эртең козулуу койлорду каерге киргизебиз? Кашары кана? Жеми кана? Төлдүн баарын кырып алабызбы? Жообу кимге? Коё бер?

– Коё турчу, сөз укчу. Макул, бардың дейли, өкүрүп-бакырып жаңжал салдың. Андан эмне чыгат? Ушу күнгө чейин эчтеме бүтүрбөгөн немелер эми бүтүрө салабы? Колхоз кудурети болсо бу кезге чейин жаңы кашар салып бербейт беле!

– Ой, жок дегенде бастырманын үстүн оңдоп жаап коюшка кудурети жок бекен? Дарбазасы кана? Терезелери кайда? Короосу кыйрап, ичинде кар жатыры! Көңү эзилип тизеден! Тиги чириген чөп канчага жетет? Козулардын астына эмне төшө дейсиң? Ушу бок-жиндин арасында төл кырыла берсин дейсиңби ыя? Тур жолдон!

– Кой эми, Танабай, болду. Сен эмне, башкалардан артыксыңбы? Көп менен көрөбүз. Эркек эмессиңби уялсаң боло, токтоолугуң кайда? Азыр да кеч эмес, камчомубузду өзүбүз көрөлү. Аларды эмне кыласың. Жооп берчү да өзүбүз, иштөөчүлөр да өзүбүз. Көчүп келаткан жолдон калың ит мурун көрдүм, ошондон чаап келип, бастырманы жабалы, үстүнө кык таштап салалы. Козулардын астына төшөөгө куурай оробуз, башка эмне кылмак элек. Күн бузулбаса эле болду, эптеп бир айласын табарбыз...

Сакманчы аялдар да Жайдарды коштоп, Танабайды көндүрө баштады. Танабай аттан шылкыя түшүп, жерге бир түкүрдү да, үйгө кирип кетти. Төшөктөн жаңы турган ноокас адамдай башы салаңдап көп отурду.

Үйдөгүлөр кыбыр этпеди. Сүйлөөдөн коркушту. Жайдар тезектин чогунан чайнегин алып, чайын ачуурак демдеп, кумган апкелип, эринин колуна суу куйду. Таза дасторкон салды. Кайдан-жайдан татты да чыга келди. Пиалага омуруп сары май койду. Сакманчыларды чакырып чогуу баары чайга кирди. Ай, ушу катындарды кудай албайт да! Мейманга келишкенсип, чайдан тердеп ичип, ардеменин башын чалып, узак аңгемеге киришти. Танабай үңкүйгөн калыбында унчукпады. Чай ичкен соң

тышка чыгып, бузулган короонун таштарын калай баштады. Бүтпөс жумуштун деги бир жеринен баштоо керек эле. Түндө кой камоого бирдеме калап койбосо болор эмес. Аялдар да чыгып, жабыла кол кабыш кылышты. А түгүл кыздары да тойтоңдоп таш көтөрүп келип жүрүшөт.

– Үйгө баргыла! – деп аларды атасы кууп жиберди.

Ал жанагы кызуулanganына балдарынан уялды. Эч кимдин жүзүнө тик багып карабай, таш калай берди.

Чоро ырас айткан: Жайдар болбосо каерде Танабайдын арка-мойну кайрылып астында каларын бир кудайдын өзү билер...

## XVI

Эртеси үйрөнчүк койчуларынын көчүүсүнө жардамдашты. Андан кийин бир апта бою баш көтөрбөй короонун жумушу менен алпурушту. Күндүн чыкканы менен батканын билбей мынчалык көшөрө иштеген эместир. Болсо, согушта жүргөндө коргонуу чептерин күнү-түн соккону болор. Бирок анда бүткүл полк болуп, бүткүл дивизия, бүткүл армия болуп иштеген. Азыр – жалгыз, каралашканы – аялы менен сакманчылардын бири. Экинчиси кой жанында жүрөт.

Баарынан кыйыны тоң тиштеген кардан короонун ичин тазалоо менен ит мурун чабуу болду. Ит мурун чычкан мурду аралагыс болуп жыш экен, тикенеги кол салдырбайт. Танабайдын этегинен тамтык калбады, аскер шинели дал-далынан тытылды. Кетмендеп араң чаап алган итмурунду же атка арта албай, же аркалап көтөрө албай, чийнеге салгандай сүйрөп ташып, абдан абыгер чегишти. Итмурун-итмурун эмей эле, кыпкызыл ит тикен экен, башка айла жок. Жердин аты Беш-Терек, бирок беш дүмүр таппайсың. Аны ойлоп, атаңа наалат деп сөгүнөт жаны кашайган Танабай. Тырмышып жер тиш-

теп атып, короого араң жеткирет. Аял байкуштар аябай кыйналды, бирок ылаажы жок. Ансыз да күн бүгүн бузулабы, эртең бузулабы дегенде уйкусу умачтай ачылат. Кокус кар жаап, анан ызгаар жүрсө, иштеген ишинин баары ириң болгону. Тууган кой жокпу деп, чоң кызын жайыттагы койго күнүнө жүз чуркатат.

Асты тоң, үстү эзилип жаткан көңдүн азабын андан бетер тартышты. Замбилдеп ташып үлгүрө албаганы тезек жайчудай колектеп, таш короонун жыртык-тешигин бүтөп жатышты. Танабай болсо, кайышса да кыңкыс онтоо чыгарбаган чыдамкай аялдардын улам эс алганы менен замбил колдошуп, бастырманын үстүнө төгүп жүрүштү. Бирок эки-үч жылдан бери оодарылбаган, чыгарылбаган, көктөмдүн жылымтасына эзилип жаткан короо толо көңдүн чети оюлар эмес. «Жетише алар бекенбиз?» – дейт Танабай колу жазылбай карышып, бели ийилбей кокоюп калса да өлөрмандыкка салып. Төл башталса койлор жыйырма-отуздан бир тубат. Көргүлүктү мына ошондо көрүшөр.

Ошентип үч күн өттү. Жанды үрөп, түндөп иштеп жатышты. Үчүнчү түн дегенде Танабай замбил колдошуп, короодон чыгып бараткан эле, жаны туулган козунун үнү кулагына шак этти. «Башталды!» – деп жүрөгү зырп этти.

– Уктуңбу! – деди аялына бурулуп.

Экөө замбилди таштай коюшту да, фонарь алып, кой аралай чуркашты.

Фонардын өлүмсүк жарыгы кой арасын тинтип жүрдү. Козу кайда? А, тигине, бурчта экен! Кол башындай козунун дирилдеген денесине жабышкан чарайнасын энеси жалап турган экен. Жайдар козуну этегине ороп алды. Дароо таап келишкени жакшы болуптур, болбосо жылаңач козу ачык короодо тоңуп өлмөк. Ошол эле бурчта дагы бир кой эгиз тууду. Аларды Танабай эки өңүрүнө

ороду. Аралап карашса, төрт беш кой толготуп жатат. Башталат деген ушу! Таңга жуук булар да туучудай. Танабай сакманчыларды чакырды. Кашардын тазалап үлгүргөн бурчуна корголотуш үчүн тууган койлорду бөлүп, ачык короодон чыгарышты.

Танабай бурчка саман төшөп, ууз эмген козуларды жаткызып, үстүнө кап жаап койду. Түн суук. Танабай эрдин кесе тиштеп, ойлонуп турду. Бирок ойлогондон чыгар майнап кайсы? Ойлоно берсең иш чачтан көп, бүткөн бири жок. Үмүтсүз шайтан болсун дегендей, жакшылыктан үмүт үзбөй, күн мээримине жалынышстан башка арга калган жок. Жадагалса саманы мол болсочу, Ыбрайым түлкү ага да шылтоо табар. Жолсуз жер менен тоого кантип саман жеткирейин дээр ал.

Эй, эмне болсо, ошо болсун! Үйдөн сыя куюлган тунукени апкелди да, туулган козулар менен энелерине белги коюп чыкты. Антпесе эртең козулар курттай кыжылдаганда ажыратып көр. Туут башталды деген ушул!

Башталганда да аёосуз башталды. Майдандагы чала бүткөн коргонуш чебиндей болуп, даярдык жок турса, душмандын танкелери каптап келет, коргонууга кудурет жок. Танкелер таптап келет, а сен окопто турасың, чегинерге жер жок. Эки арганын бири: же кармашта ажеп болуп тирүү калганың, же кармашып жатып өлгөнүң.

Таң эрте дөбөгө чыгып алып, Танабай айланага көз чаптырат. Байкаса коргонуш чеби жараксыз. Бирок анын коргонбоско чарасы жок. Чегинер жери жок. Куру сайдын эки жакасы адырмактуу чыбыр. Андан өөдө кары кете элек кырлар тууралanaт. Кырдан жогору кар жукпас кабаттуу жар таштар, борчуктуу аскалар. Анын үстүндөгү аскар зоолордо ажыдаардай артылып мөңгү жатат. Үйлөсө, бу короого ызгаар деми жеткидей. Каарына алса булуттарын каптатып, борошо бүркүп жиберер, анан алай-дүлөйдө кой короолуу конушуңду таап ал.

Асман боз чалып, сурданып турат. Жер бетин жалмалап, ызгаар сыдырым жандан өтөт. Теребел чыйрыгып тынч. Тоолор гана кенебейт. Быякта убайымдан жабыркаган адам менен иши жок. Адам болсо кайтарган коюнун ичинен дагы кайсынысы толгоо тартып калды деп, көзү алактайт. Жана эле он чакты койду короодон чыгарбай калтырып келди.

Койлор көк кубалап кетиптир. Имере кайрып жайбаса, кайсы бири курсагы салаңдабай туруп эле бир жар таштын түбүнө жата калып, тууп салат эмеспи. Учурунда көрө коюп, алып кетпесең, өпкөсүн суук чалган козу мал болобу.

Ою онго бөлүнгөн Танабай дөбөдө эсеңгиреп туруп калган экен, колун силкип таштап, төмөн басты...

Бир күнү Ыбрайым арсыз ун жеткирген болуп келип кетти... Силерге мен ак сарайды кайдан табайын? Колхоздун кадимки эле кашары ушул. Жакшысы коммунизмде. Ага жете койгон жерибиз жок,– дейт.

Аябай жанчып туруп коё берсем болор эле деп, Танабай ызырынып араң турду.

– Сенин мылжыңдаган күлкүң мага бир тыйын. Иштин жөнүн айттым сага. Иштеген мен, жооп берер да мен.

– Мени ойноп жүрөт дейсизби? Сиз бир короо койго жооп берсеңиз, мен баарына, сиз үчүн да, башкалар үчүн да, бүтүндөй мал чарбасына жооп берем. Мага эле жеңил дейсиз го! – Анан карап тургандардан уялбай Ыбрайым арсыз ыйлап жиберсе болобу. Кадимкидей ыйлап, муну айтып турбайбы: – Куруган башым сотко кетет го! Сотко! Колго илинер эчтеме таппайсың. Жадагалса сакманчылыкка да жалынып-жалбарып киши жибере албайсың. Мындан көрө мени талап жебейсиңерби. Ансыз да түбүмө жеттиңер го! Аны билбей кайра «сен» дейсиңер. Ой, шордуу башым, кайдан жүрүп бул ишке туш болдум эле!..

Ошентти да, кете берди. Аңкоо Танабай бу жолу да кайра өзү коомайланып туруп калды. Ошо бойдон Ыбрайымдын карааны өчтү.

Азырынча жүз чакты кой төлдөдү. Сайдын алкымында отурган Эшим менен Бектайдын оторлорунда али туут баштала элек. Бирок бир балээ кысып келатканын Танабай туюк сезип, жүрөгү түпөйүлдөнөт. Сакманчы болуп жанын багып келген бир кемпирди кошпогондо аял-эркек үч киши, дагы Танабайдын алты жашар чоң кызы менен төртөө болуп, уйку көзүн көрбөй жаңы туулган козунун чарайнасын аарчышат, энесине эмизип, жеригенин, же сүтү жогун башка койлорго телип, кечкисин колго илинген нерсе менен жылуулап жаап, кык тазалап, астыларын кургактап куурай төшөп, өлүп-талып үлгүрүп жатышты. Берерге жем жок, көктөмдүн ыраңына тойбой жаңы тууган койлор көтөрүм, сүткө тойбогон козулар жабыла маараса кулак-мээңи жеп, жүрөгүңү үзүп бара жаткансыйт. Алдыда дагы алдагандай күндөр бар?

Күн менен түнү аралашып билинбей, эс алууга чоло жок, бел бекчейтип, көз чекчейткен төл алуунун кызуу маалы келди чабанга.

Анан калса кечээ күндүн коркутканын айтсаң! Ызгаар шамал жүрүп, сурдуу кара булут каптап келди. Кыйпысыктап кар жаап, дүйнө түнөрдү.

Бирок булуттар кайра ыдырап, күндүн көзү ачылды, кайра жылымдады. Сыдырымдуу абадан жаздын илеби келгенсиди. «Э, кудай, жаз эртерээк чыкса экен. Алай-дүлөйү жок, биротоло орноп калса экен», – деп тиленди Танабай короодон саманга аралашкан козунун тонун айрыга илип чыгып баратып.

Ошенткен жаз келерин келди, бирок Танабай тилегендей болбоду. Бир эле түндүн ичинде тумандатып, кар аралаш жамгырлап келди. Көз ачырбай кашар менен

жаман үйдү басып калды. Бастырманын чириген шыбынан өтүп кетти, боорлой шорголоогон сары суу дубалды эзип, кашардын ичи тизеден чыла болуп чыкты. Жылаңач козулар чылага тыгылып, какшаган үндөрү чекеңди көзөп жатса, туба элек койлор өчөшкөнсүп төрт аягы менен тик туруп тууп жатты. Жаз ошентип жаңы туулган козуларды өпкөсүнө өткөн суук менен оозандырды.

Кап жамынып, фонарь кармаган кишилер караңгы короодо калдаңдаган көлөкө болуп, арыдан бери далбастайт. Танабайда ал калбады. Эки өтүгү чыланы шалпылдата кечип, куугунга камалган эки жырткычтай койлордун арасында нары барат, бери келет. Плащынын шөмтүрөгөн эки өңүрү чапкындуу жаанга жаралуу куштун канатындай далбактайт. Өзүнө да, өзгөлөргө да кардыга ачуу кыйкырат:

– Келе күрөктү! Сууну бөгө! Сыртынан, сыртынан!

Кашарга кирип жаткан сууну сырттан бууп, башка жакка агызгыча короо кулап калабы деп, жан жок. Тоң жерди темир менен ургулап арык чыгара албай сокур караңгыда кишилерге тыным жок.

– Жарык кыл! Мындайраак! Сен эмне карап турасың?

Түн түнөрүп, кар аралаш жамгыр жаай берди. Топон суу жүрчүдөй болуп, же токтотор, же качып кетер арга жок.

Танабай үйгө жүгүрүп кирди. Чырак жандырды. Үйдүн да тамчы өтпөгөн жери жок. Бирок бастырмадагыдай эмес. Кыздары уктап жатат, жамынган жууркаты суу. Танабай аларды төшөк-жуурканы менен камтый кучактап, капшытка жылдырды. Бош орун кеңирээк болсун деди. Жуурканы таптакыр шөмтүрөп калбасын деп, үстүнөн кийиз жаап салды. Анан сыртка атып чыгып:

– Козуларды үйгө киргизгиле! – деп кыйкырды аялдарга.

– Боз үйгө канча козу батмак. Жарым жартысы гана. Калганын каякка? О, кудай, ушуларын аман сактап калса да болду...

Акыры мунарыктап таң да атты. Асмандын түбү түшкөнсүп, уч-кыйры көрүнбөй түнөрөт. Түндөгүсүнөн жазбай дагы эле жаап турат: бирде карлап келсе, кайра жаанга өтөт, кар жаайт да, кайра жаан...

Үй толтура козу. Жаагын жанып какшайт. Каңырсыган чыланын сасыгынан дем ала албайсың, Жүктүн баарын бир капшытка үйүп, үстүн брезент менен жапты да, өздөрү сакманчылардын бир чатырына корголошту. Көк муштум болуп үшүгөн балдары ыйлап жанды кейитет.

Малчылыктын каранкүнү башка түштү. Тагдырына наалат айтып, күндү каргап-шилейт чабан. Дүйнөнү каргап-шилейт чабан. Уйку бетин көрбөй, орозосун ачпай, чылага батып турган кой-козулар менен алпурушат. Көрдөн суук короодо кой кырыла баштады. Аңдып келген ажалдын жолун тосор кедерги жок. Бастырманын оюк төбөсүнөн түшөбү, айнеги жок сокур терезеден түшөбү, дарбазасы жок, эки устун айкалышкан ачык ооздон киреби,– эрк өзүндө болду. Эрк өзүндө болгон соң жылаңач козулар менен ач койлорду боо-боо кылып кыра кетти. Шордуу чабан кокуйлап күндө нечен кой өлүгүн, көгөрүп каткан козу өлүгүн чыгарып, кашардын артына алпарып үйө берди. Өлүк сасытпай аларды көөмп салышка да акысы жок чабандын. Айында бир көрүнгөн мал догдур санап акти жазбаса, кийин жанагы эле Ыбрайым өзүң жедиң деп моюнга салат. Ушул арам өлүктөрдү киши кантип жесин? Атүгүл ит жыттабай, күн тие калса курт чымындар гана үйүлүп жатат...

Короодон чыгарып койсо, жайылып от издегенден үмүтү каткан бооз койлор ийрилген боюнча турат. Бүгүн-эртең булар да тубат. Бирок искеп алар чөп жок, суук жамгыр сөөккө өтүп, жаактары карышып калган. Суу болгон жүнү аткым-тутам болуп жыдып түшүп турат.

Ушу кар-жамгырлуу суукта жайыттан эмне табат? Кап жамынган кемпир чаңырып айдаса да койлор ийрилип жылбай турганы ошол. Бир четинен айдаса, короого чөп чачып койгонсуп, кайра качат. Кемпир байкуш ыйлактап, тыягынан түрсө, быягы качат, быягынан түрсө, тыягы качат. Бакырып Танабай чыкты бир жактан. Таяктап сабап кирейин десе, баары бооз. Сакманчыларды да чакырды. Баары жабыла айдап жүрүшүп, жайытка араң чыгарышты.

Жут башталганы Танабай күн эсебинен да, төлдүн өлүк эсебинен да адашты. Анан калса мынчалык да эгиз көп болорбу, ушу жанга батты. Атүгүл үчемден тууп жаткан койлор бар. Эртеңки күнү жерге батпай күтүрөөр мал колго кармалбай кетип жатты. Асыл эмгек үйүлгөн өлүк болду. Козулар туулган жеринде чылага аралашып, суукка катып калып жатты. Тирүүлөрү жөткүрүп, чыйкактап, биринин башына бири шатыратат. Козусунан айрылган койлор кыңылдап маарап, топ арасынан жок баласын издеп, толгоо тартып жаткан башка койлорду тепсеп жүрөт. Ушунун баары табиятка жарашпаган, тирүүлүккө каршы келген бир шумдук эле. Төл кечинен келсечи, жадегенде койлор күн ачылганча чыдай турсачы деп зар какшайт Танабай.

Бирок маалы келгенде төл токтомок беле, Танабайдын айласы түгөнгөндөгү бала кыялына табият баш иймек беле!..

Музга ыргытылган балыктай башын ургулап, жандалбастаган аракетинен берекет болбой жатканын көргөн сайын Танабай түнөрө катты, өзүн да, башкаларды да, тууп жаткан койлорду да, жаап жаткан күндү да, тирүүлүк – жашоо деген азабы көп дүйнөнү да жек көрүп, ичинде жини кайнап толуп келатты. Ал ансайын көзүнөн чаары чыгып, кутурган бөрүдөй кайсалай берчү болду Танабай.

Жаман ойлор төбөсүндө чарк айланган чымындардай болуп үймөлөктөй берчү болду. Кээде көңүлү сергий калса, жаман ойлорун алыс кубалайт. Бирок алар кетер эмес, кайра жабалактап жанын жеп барат: «Мунун баары эмнеликтен? Кереги кимге? Асырай албасак, кой өстүрүп кажаты канча? Ким күнөөлүү буларга? Ким? Айтсаңчы, ким? Сен, дал сен өзүң, сага окшогон былжырбайлар! О, биз баарын көтөрөбүз, кууп жетебиз, басып өтөбүз, убада беребиз! –деп таңдайыбыздан чаң чыгат ээ! Мына, көтөр эми арам өлгөн козуларды, убадаңды аткар! Тиги чылада өлүп жаткан койду сүйрөп озуп кет! Кана, кыйын экенсиң, көрсөтчү!..»

Айрыкча түн ичинде тизеден чыла кечип жүрүп, заманасы куурулуп кетет. Ай, шордуу чабандын, уйкусуз түндөрү! Үстүнөн жамгыр шорголоп, аягынан чыла былчылдап, ичинде ызалык менен кыжырдын чыласы кайнап... короо ичин шамал оюндагысындай жойлоп, өчөшкөндөй колдогу фонарды улам өчүрүп... о, түбүң түшкөн дүнүйө! Танабай караңгыда карайлап, улам бир койго урунуп, колундагы фонарын түшүрүп алып, аны кайсалап тапкыча жаңы тууган козуну тепсеп аламбы деп алдастап... анан эптеп фонарын таап, эптеп жандырып, колу башын караса, тиги өлүп жаткан койдон беш-бетер... жүзүн көрө албайт, бирок чыла менен сууктан чарт-чарт жарылган колдору кара шишик, бүгүлбөй дордоюп, жансыз... о, наалаттуу койчулук, о, шордуу койчу, туулбай өлсөңчү! «Кошчунун жаны күн жааганда тынат, койчунун жаны өлгөндө тынат» деген ушу белем!

Көптөн бери күзгүдөн жүзүн карай элек. Кийинки күндөрү сакал-муруту агарып, картайып кеткенин биле элек. Мындан ары абышка деген атка конорун сезе элек. Анын баарын көрүп-сезип ойлоого чоло жок. Жуунупчайынууга, жай отуруп тамак ичүүгө чоло жок. Өлөрман

киши өзүнө да, өзгөлөргө да тыным бербей жаналекетте жүрөт.

Бирок малы жутка бүт кетерине көзү жеткенде жашыраак сакманчыны атка мингизип, айылга жөнөттү.

– Чорого жет. Тез келсин де. Айткын, эгер келбейт экен, анда экинчи менин көзүмө көрүнбөсүн!

Сакманчы келин өтмө катарына чейин суу болуп кечке жуук араң кайтып келди да, кепке-сөзгө жарабай, эриндери көгөрүп үшүгөн бечара аттан оонап түштү.

– Чоро төшөктө экен,– деди аздан соң араң. – Эки-үч күндөн кийин өлсөм да барам деди.

– Жаткан жериңен турбай кал, атаңды!.. – деди Танабай тиштенип.

Жайдар «тек» деп тыймакчы болду да, эринин түрүн көрүп унчукпады. Үчүнчү күн дегенде гана күн ачыла баштады. Булуттар каалгый таркап, туман тоо таяна түрүлдү. Шамал бастады. Бирок ачылганда эмне, болор иш болду, боёсу канды. Ушул өткөн катаал күндөрдүн ичинде бооз койлор адам көргүс арыктап, салбыраган курсагы менен куу сөлөкөтү гана калды. Ушуну кантип кой десин! Төлдөгөн койлор менен тирүү калган козулардын канчасы көккө илинерин кудай билсин. Эртеби-кечпи көтөрүмдүгүнөн көтөрүлө албас. Тирүү калганы да же эттен жок, же жүндөн жок, өпкө оору, кырчаңгы болуп, сүлдөрү жүрөр да...

Күн ачылганы ачылды, бирок башка кырсык тооруду – жерди тоң тиштей баштады. Көктайгак болуп жер тоңсо, көргүлүктү ошондо көрөрсүң. Бирок, түшкө жакын жер жибиди. Ушу калганын сактап калсам да шүгүр деп, Танабай жандана түштү. Кайрадан айры менен күрөккө жармашып, замбил көтөрдү. Короонун ичин бүт тазалап чыгары жок, бирок салаа-салаа жол салып албаса басып жүрө албай калды. Мына ошого да убакыт жок, кол жок. Жетим калган козуларды козусу өлгөн койлорго телип,

өлөсөлүү жанын сактап калыштын убарасына түштү. Антсе, куураган койлор өз козуларын издеп маарап, бөтөн козуну бооруна албай жерийт. Жетим козу байкуштар түртмөлөктөп сүт тилейт. Муздак оозуна сөөмөйүңү салсаң жанталаша сорот. Бирин антсек, башкасы чурулдап жабышат. Тура качсаң кийиминин чылалуу өңүрүн жалмалап өлүп барат. Сүт тилейт жетим козулар. Чуу түшкөн топ болуп, артыңан зар какшап, калбай ээрчип алат.

Айлаң түгөнгөндө бир туруп ыйлагың келет да, бир туруп күлкүң келет. Козу го мал экен. Мына бу бечара аялдар менен бешиктен бели чыга элек кыз баланын убалы кимге? Буларды канчага кыйноого болот? Түртүп койсоң кулап түшкүдөй. Үстүндөгү суу кийимдерин чечпегенине канча күн болду! Танабай аларга ооз ачып унчукпайт, көзүн ала качат. Тек бир жолу кармана албай тарс жарылып кетти. Сакманчы кемпир койлорду короого дал түштө айдап келиптир. Танабайга кол кабыш кылайын десе керек. Танабай кашардан чыга калса, койлор биринин жүнүн бири чубап жеп турат. Малдын арааны оосо – бүткөнү да! Каны дүргүп башына тээп чыкты Танабай:

– Бул эмне кылганың, какбаш? Көрбөй көзүң жокпу? Эмне жалдырайсың? Жогол көзүмөн! Айда койду! Токтотпой айдай бер! Жүнүн жегизбе. Жайылсын! Көз ирмемге да токтотпо! Болбосо өлтүрөм, какбаш!

Кой азабы – көр азабы. Бир кой эгиз козусун жерип эмизбей калыптыр. Сүзүп, тепкилеп, жанына жуутпайт. Козулары мүдүрүлүп-сүрдүгүп, артынан маарап калбай жүрөт. Бул шумдук ачкалыктын кыяпаты, балам өлсө өлсүн, өзүм тирүү калсам экен деген жаналакет. Табияттын жолу. Бул илдет бирөөнөн башталса, баарына тарап кетер. Танабай шашып калды. Кызы экөөлөп тиги арааны ачылган койду козулары менен четке бөлүп чыгышты да, өзү койду кармап, кызы эмизе албай жатты.

Козусунун тумшугу такымына тийсе эле үстүнөн Танабай басып турганына карабай оңбогон кой тыбырчылап, тепкилеп жиберет. Кыз бала бүжүрөп, козуну эмизе албайт.

– Ата, эме албайт экен.

– Эмет, өзүңүн эбиң жок болуп атат.

– Мына карачы, тура албай жыгылып калды.

– Кел, койду сен карма, мен өзүм эмизем!

Кыз баланын алы канча. Танабай козулардын тумшугун жаңыдан желинге тийгизип, эмизейин дегиче айбансок кой так секирип чыга берди. Кызды сүйрөп таштап кетти. Ачууга алдырган Танабай кызын жаакка тартып жиберди. Кызы бышактап тумчуга ыйлап калды. Танабай урган колун азыр барып кесип таштачудай каңгып басып кетти. Басып жүрдү-жүрдү, бир оокумда кайра келди алиги колу менен. Кызын тике карай албай турган. Кызы жүгүрүп келди.

– Ата, ата, жанагы кой козусун алды. Апам экөөбүз алдырдык, Эми жерибей калды,– деди сүйүнүп.

– Жакшы болуптур, кызым. Баракелде!

Өзү да жеңилдене түштү. Тарткан азабы да жеңилдей түшкөнсүдү. Малдын тирүү туяктарын аман сактап калса болду, күндүн ырайы да оңолуп келатат. Жаз чындап келсе, койчунун башынан да кара булут таркаар... Ошентип, Танабай түгөнбөгөн түйшүккө өзүн кайра чекти. Иште, иште, иште – ошондо гана жаның калат... Болбосо жиндеп кетишке аз эле турат...

Эсепчи бала келди шелпейе бастырып. Койчуну да издээр жан бар экен ээ. Чыгаша-киреше кандай деп коёт. Танабай адегенде ата-бабасынан бери ашатып, кууп салмакчы болду, бирок бу балада эмне сурак. Колунан эмне келип жатты эле.

– Мурда кайда калдың?

– Кайда калчу элем. Оторлорду кыдырып жүрөм. Жалгыз өзүм кантип жетишем.

– Башкалардын ахыбалы кандай экен?

– Жыргап аткан эч ким жок. Ушул үч күндүн ичинде көп мал кырылып кетти.

– Чабандар эмне дейт?

– Эмне демек эле. Сөгүнүп жүрүшөт. Кээ бирөөлөрү сүйлөшпөй да коюшту. Тиги Бектай деген неме мени кууп жиберди. Жинденип алыптыр.

– Ошондой де. Ага барып келишке менин да бурчам келбей жатат. Эптеп бир айласын таап, барып келбесем. Өзүңчү, эмне кылып жүрөсүң?

– Эмне кылып жүрчү элем. Санак алып жүрөм.

– Бу бизге жардам деген болот бекен?

– Болот. Чоро жумушка чыккандай болду. Ат сарайдагы чөп-самандын баарын шыпырып-сыйрып, отор-оторго араба жөнөтүп жатышкан. Өлсө аттар өлсүн, кой кырылбасын деп. Бирок арабалар орто жолдо тыгылып жатат окшойт. Жолуңар жаман экен.

– Жол дейт! Мурда ойлошпойбу! Өмүр бою ушул. Эми бир араба чөптөн кандай жардам. Кап, ата-бабаңды... бир жетермин силерге! – деп Танабай кайта каарданды. – Менден сураба. Бар, өзүң көрүп, санап, жазып ал. Мага эми баары бир.

Танабай терс бурулуп, бастырмага кирип кетти. Бүгүн да он беш кой төлдөгөн.

Танабай козуларды терип алып жүргөн эле, эсепчи бала жанына келип, кагазын сунат.

– Чыгаша тууралуу актиге кол коюңуз. Танабай карабастан кол коюп берди. Кыжырланганы ошончо калеминин учу сынып кетти.

– Жакшы калыңыз, Танаке. Эмне салам айтасыз?

– Саламым жок. – Бирок эсепчи баланы кайра токтотту. – Бектайга кайрыла кетчи. Эртең түштөн калбай барып калам деп айтты де.

Танабай текке убайым жеген экен. Бектайга барып убара болгон жок. Ал өзү келди. Келгенде да кандай келди дейсиң...

Ошол түнү кайрадан күн бүркөлүп, шамал жүрдү, кымкарлап кар жаап келди. Таң эрте жердин бети кыламык болуп калыптыр. Түнү бою төрт аягы менен тик туруп чыккан койлордун үстү да аппак. Койлор эми жатканды койду. Тыгылышып бири бирине сүйөнүп, дүйнө-кайдыгер көздөрү өлүмсүк тартып тура беришет. Жут создугуп, жаз кечиккенде ушундай болор белем.

Кашардын ичи суук. Төбөдөгү жамгыр эзип кеткен оюктардан түшкөн кымкар кар фонардын жарыгында уюлгуп келип, калчылдап турган кой менен козунун жонуна конот. Танабай болсо, согуш өткөн талаадан өлүк жыйнаган көрчү аскерлердин солдатындай болуп, койлорду аралап, тыным албай басып жүрөт. Бу кезде ал оор ой, чукул ачууга жүрөгү муздап, эти өлүп, зарналаган ачуу ыза томпойгон дүлөй көккө айланган. Кеги берч болуп бооруна катып калган. Тек чоң өтүгүн шалпылдата чыла кечип, ишин иштеп жүрөт, өткөн өмүрүн эстеп жүрөт...

Бир заманда ал кой артында жүргөн бала эле. Бир байдын коюн Кулубай агасы экөө кайтарчу. Арадан жыл өткөн соң караса, тапканын ичкен-жегенине чегериштирип коюптур бай. Агасы экөөнүн арызын кулак учунан кетирди. Ошентип экөө чокойлорун жыртып, куру баштыктарын ийинге салып, колдорун мурунга тыгып кете берди. Кетерде Танабай кичинекей муштумун байга кезеди: «Карап тур, чоңойгондо көрсөтөм сага!» Кулубай болсо унчуккан жок. Ал Танабайдан беш жаш улуу эле. Байды антип коркута албасын билди. Өзүң аракеттенип мал курап, өз башыңа өзүң ээ болгонуң артык деп ойлоду ал. «Бай болсом, малайдын акысын жебейм», – деп койду ичинен. Анан ага-ини ал жылы эки жакка кетти. Кулу-

бай башка бир байга жалданды. Танабай Александровка деген кыштакта турчу Ефремов деген келгин оруска малай жүрүп кетти. Ал мужук бай дегендей деле бай эмес болчу. Эки өгүзү, эки аты, эгин айдаар, чөп чабар жери бар орто чарба эле. Буудай эге турган. Кызылын Олуя-Атага алпарып, тегирменге салдырып, ун кылып тарттырып келчү. Өзү таң атып, каш карайганча тыным албай иштеген көк неме эле. Танабай көбүнесе анын аттары менен өгүздөрүн багат. Ефремов катаал киши, бирок адилдиги да бар. Кишинин акысын жебейт. Ал кездеги кыргыз кембагалдары бай туугандарынан чекеси жылыбаган соң орус байларына жалчы жүргөндү артык көрөр эле.

Танабай орусча сүйлөгөндү үйрөндү, арабакеч болуп Олуя-Атага каттап турду, аны-муну көрүп, көзү ачылды. Аңгыча революция келип жетти. Заман астын-үстүн болуп кетти. Танабайдын заманы келди.

Ал айылына кайтты. Жаңы турмуш башталды, шар агымы башты айландырып алып жөнөдү. Жер да, эрк да, укук да – баары бир күндө колуна тийди. Танабай батрачкомго[1] шайланды. Чоро менен ошол жылдары таанышты. Чоро сабаттуу эле, жаштардын сабатын ачып, кат таанытты. Батрачком болгон соң Танабайга кат билүү төтөн керек болчу. Комсомол жачейкесине кирди. Аерде да Чоро менен бирге болду. Партияга да экөө бир өттү. Заман өз арышы менен алгалай берди, кедейлердин мартабасы көтөрүлдү. Анан колхоздоштуруу кезеңи башталды. Ал ишке Танабай шымалана киришти. Дыйкандын жаңы турмушу үчүн, жер, мал, эмгек, келечек – ушунун баарына баары тең орток болушу үчүн Танабай күрөшпөй ким күрөшөт. Кулактар жоюлсун! Кындан кылыч суурулуп, жан аяшпас, бөрк ал десе баш алуудан кайра

[1] б а т р а ч к о м – кедей жумушчулардын комитети.

тартпас кыйын кезең башталды. Күндүз ээрде, түндө – жыйналышта. Байлар, молдолор, кедейге кордук көрсөткөн жана башкалар отоо чөптөй жулунуп жатты. Адал чөп коолоп өссүн деп, арам отоонун баарын жулуу керек эле. Кулактардын тизмесине Кулубай да илинип калыптыр. Танабай күндүр-түндүр аттан түшпөй, жыйналыштардан колу бошобой жүргөн чакта ал оокаттанып алыптыр. Бир жесир аялга үйлөнүп, бакубат чарба кураптыр. Койлору, ую, эки аты, кулундуу бээси, соко маласы, дагы ошо сыяктуу курал-шаймандары бар экен. Эгин оргондо киши жалдай турган болуптур. Аны бай деп айтыш аша чабар беле, бирок кедей деп айтышка да ооз барбайт. Эңкее иштеп, кериле жатат экен. Сельсоветтин жыйылышында кезек Кулубайга келгенде Чоро айтты:

– Жолдоштор, ойлонолу. Кулубайды кулакка жаткызабызбы, жокпу, акылдашалы. Кулубай өңдүүлөрдүн колхозго да кереги тиер дейм. Өзү кедейден чыккан. Зыяндуу үгүт жүргүзбөйт.

Ар түрлүү пикир айтылды. Бири жактады, бири каршы болду. Сөз Танабайга токтолду. Ал өзүнчө үрпөйүп отурган. Кулубай экөө эки энеден болгону менен бир атадан. Агасы. Агасына каршы чыгабы? Сейрек көрүшсө да, ынтымактуу эле. Ар ким өз иши менен жүргөн. Кулубайга тийбегиле десе, башкалардын да жан ачыыр тууганы чыгат. Өзүңөр чечкиле десе,– таза бойдон кутулуп кеткиң келдиби деген сөзгө калат.

Көпчүлүк Танабайдын оозун карап, күтүп калды. Ушу күтүп калышканы да кошумча болуп кетти, Танабай өчөгүшө сүйлөдү:

– Сен, Чоро, дайым ушу кылтыңдап турмайың бар! Гезитте алиги бир китеп жандууларды жазып жатпайбы, жанагы энтелегендер тууралуу. Сен да энтелегенсиң. Ар качандан бир качан артын ойлоп тайсалдап, күдүк-

төнө бересиң. Күдүктөнөр эмнеси бар? Тизмеде барбы – бар, демек – кулак! Эч кандай аёо болбосун! Кеңеш өкмөтү үчүн өз атам болсо да аябаймын. Менин агам экен деп силер аябай эле койгула. Силер тартынсаңар, аны мен өзүм кулакка тартам!

Эртеси ага Кулубай келди, Танабай агасын салкын каршы алып, колун да берген жок.

– Мени эмнеге кулакка тартып жатасың? Экөөбүз бирге малай жүрбөдүк беле? Экөөбүздү тең бай куру кол кууп жибергени эсиңен чыгып кеткенби?

– Ал өткөн иш. Азыр өзүң байсың.

– Менин эмнем бай? Өз эмгегим, таман акы, маңдай терим менен тапкан малымы айтасыңбы. Көп көрсөң, ал. Баарын алгыла. Бирок мени кулакка кошуп кереги эмне? Кудайдан корксоңчу, Танабай.

– Баары бир. Сен касташкан тапсың. Колхоз куруу үчүн алды менен сени курутушубуз керек. Сен биздин жолубузду бөгөп турасың, бөгөттү алып таштообуз керек...

Экөөнүн акыркы сүйлөшкөнү ушу болду. Андан бери өткөн жыйырма жылдын ичинде бири бирине ооз ачып сүйлөшкөн жок.

Ошентип Кулубайды Сибирге айдатып жибергенде айыл ичинде канча ушак-айың сөз болбоду?

Ар ким оозуна келгенин айтты. Салт атчан эки милиционер Кулубайды айылдан айдап алып баратканда ал башын жерге салып, ызасын ичине түйүп, эки жагын карабастан, эч ким менен коштошпостон кетиптир деген сөз чыгарышты. Айылдан узаган соң эгинди бойлой кеткен жолдо баратып, Кулубай бир маалда жайкалып турган колхоз буудайына жутунуп, капканга түшкөн бөрүдөй тамыры менен жулуп, тепсеп-тебелеп буркан-шаркан түшөт. Айдап бараткан эки милиционер аны буудайдан араң сүйрөп чыгып, зордун зору дегенде жолго салып,

андан ары айдап жөнөгөн имиш. Журттун айтуусуна караганда этеги жашка толуп, ботодой боздоп баратып, Танабайды оңдурбай эле каргап кеткен имиш. Танабай ага анча ишене бербеди. «Душмандын табалаган сөзү го. Мейли, ичи күйсө туз жаласын, кылым кыйшайбайт», – деп кайра бекемденди.

Бир күнү орок түшөрдүн алдында эгинди аралап,– ошол жылы эгин ыңкып калган эле,– ичинен ыраазы болуп келатып, Танабай баягыда Кулубай өжөрлөнө тепсептир деген жерден бастырды. Караса чын эле, тегереги жалданган калың буудай, үй ордундай жери гана оюк болуп букалар сүзүшкөнсүп жапырылып, эзиле тапталып, куурап калыптыр, анын ордуна куурай чыгыптыр. Танабай аттын башын кежейте тартты.

– Ой, ит оой! – деди жини келип, сөз таппай. – Колхоздун эгинине колуң барыптыр... демек сен нагыз кулак экенсиң да! Башка ким болмоксуң...

Ат үстүндө ойго батып бир топ турду, анан шарт бурулуп жүрүп кетти. Кырсык чалган жерден бетер ойлосо дене-бою дүркүрөп, кийин ал жакка кайра бастырып барбады.

Ал кезде Танабайды жактаган адам аз эле. «Кудай ушундай иниден сакта. Мындай туушкандын барынан жогу!» – дешти жийиркенип. Кээ бирөөлөрү бу сөздөрүн Танабайдын көзүнө айтты. Чынында эл ал кезде Танабайды жерий түшкөн. Ачык билдиришчү эмес, бирок башкарма шайлоодо көз көрүнөө колдобой коюшту. Ошентип Танабай айыл активинин катарынан шыпырылып кала берди. Баары бир Танабай өзүн ак көрдү. Анткени ошол көпчүлүк жактаган кулактардын бирерлери колхоз мүлкүн өрттөп, киши өлтүрүп, кыянаттык кылып жатышты. Колхоздун иши болсо жылдан жылга илгерилей берди. Турмуш мүлдө өзгөрдү. Демек Танабайдын аракети талаага кетпегени ошол...

Танабай ошол өткөн күндөрдү ийне-жибине чейин эстеди. Кырчын өмүр курч кези ошол колхоз деген күрөштө калгандай сезилет азыр. Ал кайрадан «Кызыл жоолукчан» деген ырды, колхоздун түңгуч машинесин, машинеде колуна кызыл туу алып, ырдап жүргөн чагын кайра бир эскерип чыкты.

Бакырдын түнүндө тыным албай короо ичин тинтип, жанга баткан ишин иштеп да жүрдү, жанга баткан ойлорун ойлоп да жүрдү. «Ошенткен чарба эми эмнеликтен дал-далынан ыдырап барат? Же жаңылып башка жолго, бурулуш жолго түшүп кеттикпи? Жок, андай болуш мүмкүн эмес! Жолубуз айкын жол болчу. Анда эмне болду? Адашып кеттикпи? Жолдон чыгып, жолсузга кеттикпи? Бу башаламандык качан, кантип башталды? Мына, жарышты эле алчы. Милдеттенмени жазып алышат. Ошону менен аллоакбар, ахыбалың кандай, ишиң кандай, өзүң кандай деп бирөө да сурап койбойт. Мурда кызыл такта, кара такта деген болор эле. Ким кайсы тактага эмне үчүн жазылды деп, элдин күндө сөз кылганы ошол болор эле. Ошонун өзү элге, ар бир кишиге мааниси канча эле. Эми анын баарын эскилик деп таштап салдык. Анда жаңысы кана? Ооз көптүргөн жел сөз менен куру убадаларбы? Иш жүзүндө жаны күйгөн бирөө жок. Эмне үчүн мындай болуп кеттик? Ушунун баарына ким күнөөлү?..»

Танабай ойлой-ойлой ой түбүнө жете албай чарчайт. Баарынан көңүлү калгансып, акырындап муздак кайдыгерлик бүт оюн-дилин каптап чыгат. Ишке да көңүлү чаппайт. Башы зыңылдап ооруйт. Кирпиги салмактанып, уйку жетелейт. Тиги сакманчы келин да карайлап дубалга сүйөнүп турат. Канталаган көздөрү кайта-кайта жумулса, ачайын дейт байкуш, бирок тырп этер алы калбаган неме акырын дубалдын жылбышып түбүнө отурду да, чекесин тизесине коюп уктап кетти. Танабай аны көрүп

турду, бирок ойготкон жок. Өзү да дубалга жөлөнүп, чымыраган тизелери бүгүлүп, акырын чөгүп баратты. Зилдей кара таш болуп ыйыгынан баскан уйкуга туруштук бере албады...

Алда неме күрс кулап, бирөө чыңыргандай болду. Танабай ойгонуп кетти. Үрккөн койлор аны каптап кете жаздады. Эмне болуп кеткенин түшүнө албай ордунан атып турду. Таң сүрүп калган экен.

– Танабай, Танабай... кокуй... – деп онтоп жатат аялы.

Сакманчылар жүгүрүп жетти, артынан Танабай да жетти. Көрсө, бастырманын бир устуну кулап, басып калыптыр. Устундун бир учу эзилген дубалдан тайып, үстүндөгү чирикти көтөрө албай кулап түшкөн тура. Танабайдын уйкусу чайыттай ачылды.

– Жайдар! – деп бир бакырып алды да, устун астына ийинин тосо коюп, жулка көтөрдү.

Жайдарды сүйөп чыгышты. Ал онтолоп, калган аялдар кокуйлап, тегеректеп алышкан. Танабай аларды түртүп кирип келди да, аялынын купайкесинин астына колун салып, тинте сыйпалады.

– Эмне болду? Каериң?

– Белим. Ой, белим.

– Катуу тийдиби? Кана! – Ал плащын чечип жая салды, Жайдарды жаткырып, көтөрүп кетишти.

Чатырга алпарып, сөөк-саагын дагы сыйпалап көрдү. Сыртынан сынык билинбейт. Бирок катуу мертинип калды окшойт, козголо албайт.

Жайдар ыйлап жиберди.

– Эми кантесиңер? Ушундай кыйын кезде жатып каламбы? Эми канттиңер?

«О, кудай! – деди ичинен Танабай. – Тирүү калганыңа сүйүнсөңчү. Муну кара! Жумушу курусунчу!.. Өзүң амансоо болсоң болду, байкушум...»

Жайдардын чекесин сылады.

– Бул эмне дегениң. Ыйлаба, Жайдар. Сен туруп кетсең болгону. Калган тириликти койчу, эптеп бүтөр...

Аялдар эми эстерин жыйып, баары жабыла Жайдарды жубата баштады. Жакшы сөз – жарым ырыс, Жайдардын да ооруган жери басылгансыды. Жаш аралаш күлүмсүрөмүш болду байкуш.

– Кантейин. Кырсык да. Кырсыгыбыз болсо ушуну менен чыгып кеткей эле. Көп жатпасмын, бир-эки күндөн кийин туруп кетермин.

Аялдар Жайдарга төшөк салып жаткырып, от жакты. Танабай болсо бир жамандыктан аман калышканына дале ишене албай кайтадан короого басты.

Жердин бетин жумшак каптаган кыламык карга шоолаланып таң атты. Танабай кашардан алиги устун басып калган койду көрдү. Жана шашкалактап жүрүп байкаган эмес экен. Өлүп калган энесинин желинин түрткүлөп козусу турат. Көргөнүнө Танабайдын аза бою дүр этти. Аялынын тирүү калганына кайра кубанып, кырсыктын жандап өткөнүн эми сезди. Жетим калган козуну колтугуна кысып, телип алар кой издеп жүрдү. Аны тапкандан кийин кулаган устундун астына тирөөч коюп, кыйшайган дубалга таяныч коюп жүрүп, аялы эсинен чыкпады. Кайра барып көрүп келгиче көңүлү чыдабады.

Сыртка чыгып, тетигинде кар бетинде агылып келаткан бир короо койду көрдү. Бирөө түз эле аны көздөй айдап келаткансыйт. Бу ким болуп кетти? Кайдагы кой? Бери келатканы кандай? Эки короо аралашып кетсе жакшы болобу? Таңга маал каңгып айдап жүргөн кандай койчу? – деп Танабай алдын торой басты. Жакын барса, Бектай.

– Ой, Бектай, сенсиңби?

Бектай унчукпайт. Туш келген койду таяктап, үндөбөстөн айдап келатат. «Бооз койду токмоктогон бу кандай неме?» – деп Танабай ичиркенди.

– Ой, кайдан келатасың? Деги жайчылыкпы? Амансыңбы, саламга келсең боло!

– Саламдан жутаган эч ким жок. Кайдан келатканым сураба. Каякка келатканымы өзүң көрүп турасың. – Бектай белин жип менен бууп алыптыр, кол кабын плащынын көкүрөк койнуна тыгып койгон.

Чалдарча таягын белине туура кармап, жакын келди, учурашпады. Кыжырлана түкүрүп таштап, түкүрүгүн карга уйпалай тепсеп, ныгыра басып койду. Анан башын чулгуп алды. Өңү түнөрө карайыптыр, өсүп кеткен сакалы желимдеп койгонсуп сулуу жүзүнө жарашыксыз. Аябай жүдөгөнү көрүнүп турат. Мышык көздөрү акшыя тиктеп, сүзөнөк букача матап турду. Анан ызырына дагы түкүрүп, жанындагы койду таяк менен салып калды.

– Ал, санап аласыңбы, санабай аласыңбы, өзүң бил, үч жүз сексен беш баш.

– Бул эмне дегениң?

– Кеттим.

– Кеттим дегениң кандай? Каякка?

– Баш оогон жакка.

– Кетсең кантейин?

– Мени шефке алгансың, эми малды ал.

– Эмне дейт? Токто, токто, сен кайда кетмекчисиң? – Бектайдын пейилин Танабай эми гана түшүндү. Каны дүргүп башка чыгып, ысып кетти. – Ушундай да болчу беле?

– Болот. Тойдум ушу жашооңо! Жетишет!

– Ой, балам, дени-кардың сообу? Бүгүн-эртең койлоруң тууганы турса, таштап кетип калчу белең? Ушундай да болчу беле?

– Болот! Бизди иттен кем саноого болсо, эмне үчүн биз ушинтип басып кетишке болбосун. Кош! – деди да таягын башынан айландыра алыс ыргытты. Өзү кылчайбастан кете берди.

Танабай тили байланып туруп калды.

– Бектай, эсиңе кел! – деп артынан жүгүрдү. – Балалык кылба, өзүң ойлочу, ушунуң жакшыбы? Тил алгын.

– Кармаба кишини! – деп Бектай жалт бурулду. – Ойлонсоң сен ойлон. Мен кишидей болуп жашагым келет. Башкалардан эмнем кем? Шаарга барып иштеп, өз убагында айлык жеген менин колуман да келет. Эмне үчүн кой артында жүрүп өлүшүм керек? Жем-чөбү жок, короосу жок. Кармаба мени! Бар, өзүң чыла кечип, жанталаша бер! Кебетеңи карачы, кимге окшойсуң. Адам сыягынан чыгып калыпсың. Бир күнү арам өлөсүң. Чала болот сага. Ураан чакырасың ээ. Башкаларга үлгү болосүң ээ. Атаңдын как башы! Тойдум мен! – деп жерди ныктай басып жөнөй берди эле, изине суу толо калып, карая түшүп жатты.

– Бектай, сөз укчу! – деп Танабай аны дагы кууп жетти. – Коё турчу, түшүндүрүп берейин.

– Бар, келесоого түшүндүр. Мен акмак эмесмин.

– Токточу, сүйлөшөлү.

Бектай уккусу келбей кете берди.

– Ой, бала, сотко кетесиң!

– Ушинтип жүргөнчө сотко кеткен жакшы,– деп Бектай ызырына бир каап алды да, кайра кылчайбады.

– Качкынсың сен! Дезертир! Бектай кете берди.

– Токто дейм! – Танабай дагы кууп жетип, жеңинен булкту.

Бектай колун жулуп алып, кете берди.

– Жок, мен сени кетирбейм, акың жок! – Танабай аны ыйыгынан апчый берди эле... андан ары бозомук дөбөлөр каалгый түштү да, караңгылыкка эрип кеткенсиди. Ээгине тийген муштумдан кантип жыгылып түшкөнүн билбей калды.

Көзүн ачып, зыңылдаган башын көтөрсө, Бектай дөбөнүн далдасынан көрүнбөй кеткен экен.

– Куруду го, байкуш бала, куруду го, – деп Танабай эки колдоп жер таянып, ыңгырана турду. Кар аралаш баткак жабышкан алакандарын да байкабады.

Кичине эс алып турду. Анан Бектайдын оторун жыйнап, шылкыя басып, короосун көздөй айдап жөнөдү.

## XVII

Эки салт атчан айылдан чыгып, тоого бет алды. Биринин мингени кула сары, экинчисиники – тору. Аттарынын куйруктарын түйүп алганга караганда жаздын алашалбырт күнүндө барар жолу узак өңдүү. Туяк тийген жердин балчыгы былчылдап, кар аралаш баткак артта чачырап калып жатат.

Тизгини кыска Гүлсары арылдата жүрүш салып келет. Кожоюну ооруп жаткандан бери байлоодо тура берип бууругуп калган көрүнөт. Бирок бүгүн үстүндө кожоюн эмес, башка бирөө баратат. Кийгени булгаары пальто, анын үстүнөн кийген брезент плащы топчуланбаган, эки өңүрү далбактап келет. Бу кишинин кийиминен боёк менен резинка жыттанат. Катарында келаткан Чоро башка ат минген. Райондон келген кишини сыйлап, жоргону мингизген тура. Ким минсе, ал минсин, Гүлсарыга баары бир. Үйүрүнөн, алгачкы кожоюнунан ажыраткандан бери аны көп киши минди. Жакшынын да, жамандын да такымы тийди. Ээрде тың отурганы да, отура албай шөлпөктөгүнү да болду. Ала өпкөлөрдүн да колуна түштү. Ал акмактар атка минсе эле экиленип кетет эмеспи. Куюндатып чаап баратып, ууртун жыра тизгин тартып, аба чапчытып секиртет, анан кайра чаап, кайра тартат. Жорго мингенимди эл көрсүн деген көйрөңдүгү да, Гүлсары баарына башы бышты. Тек ат сарайда байланып, тур-

баса болгону. Анын жүрүш салгыч кумары деле бастабаган, аба жарып арылдап жүрүп турса кумары жазылат. Үстүндө келаткан ким болсун, баары бир. Бирок үстүндөгү адамга баары бир эмес. Гүлсарыны мингизген экен, демек бу киши сыйлуу адам экен го деп көргөн киши коркуп турат. Гүлсарынын жоргосу күчөп турган кези, анан калса көркөмүн кантесиң кургурдун. Минишке жайлуу, жыргап каласың.

Бу жолу Гүлсарыны колхозго өкүл болуп келген райондун прокурору минип баратты. Ага жанаша бастырган колхоздун парторгу. Парторг прокурорго жоргосун түшүп бергени – сыйлаганы, корккону. Ал азыр унчукпай баратат. Малды жут алып, туут жаман, ошондон коркуп баратса керек. Унчукпаса унчукпасын. Корксо корксун дейт ичинен прокурор. Көшөкөрлөнүп куру сөз менен кулактын кужурун ала бербей, кызматы төмөн киши кызматы бийик кишинин алдында бүжүрөп турганы ийги. Антпесе тартип болобу. Кээ бирөөлөр кишичилик кылам деп, карамагындагыларды тең ата кылып алып, кийин кайра ошолордон кордук көрөт. Мансап деген бийик жана жооптуу даража, көрүнгөн адам көтөрө бербейт.

Сегизбаев прокурор өзүнчө ушундай ойлоп, жоргонун жүрүшүнө ырахаттана термелип келатты. Малчылардын ишин текшерүүгө чыккан өкүл андагы абалдын начар экенин билет. Кыш менен жаздын кармашынан жут чыгып, эки ортодо төл кырылып, элдин айласы кетип турган чак. Жылда ушу көй. Аны баары билет. Бирок ополдомочун кылып атайы жиберген соң, бул өкүл бирөө-жарымды жоопко тартышы керек да. Райондун малы көбүрөөк кырылса, ага ошончолук жакшы болору да тымызын ой болуп, көкүрөгүнүн тереңинде тымпыйып жатты. Акыры түбү мал чарбачылыкка жооп берчү киши ал эмес. Ал бар болгону райондук

прокурор жана райондук партия комитетинин бюро мүчөсү. Жооп бере турган киши биринчи секретарь. Бул районго жаңы келди, эми азабын тартсын. Сегизбаев прокурор болсо четтен карап, табасы канып турар. Секретарды сырттан жиберип жаңылышпады бекен,– жогору жактагылар да көрсүн. Секретарь дайындаарда жогору жактагылар аны байкабай коюшканына Сегизбаевдин ичи күйүп калган. Прокурор болуп отурганына көп жыл болду, бул арада колунан кандай иш келерин таанытты. Бирок бул жолу байкабай коюшту. Мейли, эчтеке эмес, аякта да дос-тууган бар, оңтою келгенде колдоп жиберишер. Партиялык кызматка көчөр мезгил деле жетти, болбосо прокурорлукта узак отуруп калды... А, жараган жорго экен, ала-шалбырт баткакта толкун минген немедей гана термеп келатат. Мобу парторгдун мингени кара терге түшүп калды, жорго болсо жаңыдан гана кулак түбү нымшыды...

Чоро өз оюна чөккөн. Ирењи керсары тартып, көзү чүңүрөйгөн. Жүрөк оорусунан азап чеккени көп жыл болду, жыл өткөн сайын ого бетер күчөп баратат. Убайым да бир жактан сүлүк курттай сорот. Танабайдын айтканы туура болуп чыкты. Башкарма курулай бакыргандан башка жумуш бүтүрбөгөн киши экен. Районго деп күндө кетет, аны эле күтүп отурушкансып. Маселесин партиялык жыйналышка салайын десе, райондогулар коё тур деп коюшту. Коё турганда эмне? Алданов өзү кетем деп суранып жүргөн имиш, ошондон улам токтотуп жатышабы? Кетсе кетсе экен. Чоронун да кете турган убактысы жетти. Эми андан эмне пайда? Кеселден баш көтөрө албайт. Жумушундан бошосоңчу деп, Самансур да каникулга келгенде айтып кетти. Бошонуш кыйын эмес го, бирок уятынан кантип бошонот? Самансур эстүү жигит болду, чарба маселелерин да атасынан артык билбесе,

кем билбейт. Келген сайын айтканы ошол. Азыр аларды терең илимге сугарып, жакшы окутуп жатса керек. Ким билет, кези келгенде чарба да илим боюнча жүргүзүлүп, жаңыча өсөр. Кеселман Чоро ал күндү көрөбү, жокпу, кудай билет. Эгер иштен кетем десе эл эмне дейт? Жакшы күнгө үмүттөндүрүп убаданы аябай бере берип, акырында колхозду карызга белчесинен батырып, анан эс алышка чыгып кетти дебейби. Жок, Чорого эс алыш жок. Күн бүткүчө иш үстүндө калды го. Колхоз ушинтип эле очорулуп отура бермек беле. Жардам келер, оңолор. Бирок жардамы келсе тезирээк келсе экен. Тек мобу прокурор сыяктуулар эмес, чыныгы жардамчылар келсе экен. Чарбаны бүлдүргөнүңөр үчүн жоопко тартабыз дейт. Ии, тарт! Өкүм менен ишти оңдой албассың. Жалгыз ушул өзү гана колхоз үчүн жаны күйүп, тиги тоо арасында жалаң гана кылмышкерлер жүргөнсүп, кабагын түйүп баратканын карабайсыңбы... Сес көрсөткөнү гана болбосо, «өлбөсөң доңуз коп» дечүнүн өзү го. Бирок аны бетине айта албайсың да.

## XVIII

Аскар тоолордун башын булут чалган. Күндүн көзүн көрбөгөнгө ыза болгон алптардай бир силкинип алгысы келет да, тоолор кайра сабыр күтөт. Жаз оңоло албай, боз мунарык, ызгаар суук.

Жаман короосунда Танабайдын шору кайнай берди. Баягы эле ызгаар, баягы эле чыла. Беш-ондон кой бир тууп, козуларын каерге катарын билбей айласы куруйт. Чачыңы жулмалап, бакырып-өкүргүң келет, бирок ошондо эле оңоло калабы. Кой-козулар тегиз маарап, азан-казан. Ач немелер жаактары карышып, көздөрү тостоёт, четинен чымындай кырылып жатат. Какаганга-муштаган болуп, ушундай күндөрдө аялы да жатып калды.

Бүгүн турайын деп, белин түзөй албады. Э, эмне болсо ошо болсунчу! Мындан ары чыдашка ал калбады.

Жатса-турса оюнан Бектай чыкпайт. Ага деген ачуусу кайра өзүн муунтат. Кетип калды деп ачууланган жери жок,– кетмектен ары жоголуп кетсин. Коюн мага таштап кетти деп ачууланбайт, бүгүн болбосо эртең бирөөнү жиберишер, ошого өткөрүп берер. Танабайдын жанына батканы – Бектайга жөндөп жооп айта албаганы. Бетинен түгү чыккандай кылып айтса болбойт беле. Төбөсүн түшүрө айтса болбойт беле. Жанынан түңүлтө айтса болбойт беле. Акмак, бозбаш! Бокмурун! Бүт өмүрүн колхоз ишине сайып койгон карт коммунист Танабай ал балага жөндөп жооп айта албады. Ал бокмурун таягын ыргытты да, басып кете берди. Ушундай иш болот деп үч уктаса Танабайдын түшүнө кирди беле? Өмүргө тете ыйык максатын бир кезде бирөө шылдың кылат деп оюна келди беле!

«Болдучу»,– деп жабалактаган оюнан башын чулгуйт да, аздан соң кайра эле бушайман боло берет.

Мына, дагы бир кой эгиз тууду. Эми буларды кайда? Энесинин желини бош, кайдан сүт болсун. Бу козулар да тороёт экен го. Тигине, өлүмгө туулгандар, дагы боо түшүп калыптыр.

Танабай өлгөн козуларды терип, сыртка алып чыкканы бараткан. Энтигип кызы жүгүрүп кирди.

– Ата, биздикин көздөй чоңдор келатат.

– Келе берсин,– деп күңк этти Танабай. – Бар, апаңы кара.

Короодон чыгып, Танабай эки атчанды көрдү. «О, Гүлсары го!» – деп кубанып кетти. Көкүрөктөгү эски кумар оту жылт этти. – «Сени көрбөгөнүмө көп болду го, жаныбарым. Карачы, кадиксиз жүрүшүнөн танбаган экен». Бирөө Чоро. А тиги жорго минип келаткан булгаары пальточонун тааный албады. Райондон келген бирөө чыгар.

«Келгиле, келгиле. Силер да келет экенсиңер го,– деп ичинен ызырынды Танабай. Мындай учурда муң-зарын айтып, көздүн жашын көл кылып, арызданып калчу эмес беле малчылар. Жок, Танабай анте албайт. Мобу келаткандар өздөрү кызарсын, эгер уяты болсо. Болбосо ушундай да шумдук болорбу? Өлсөң-тирилсең өзүң бил деп, азапка таштап коюшат да, эми түштөн кийин минтип чирене бастырып келаткандарын...

Танабай келаткандарды тосуп чыкпады, короону айланып барып, өлгөн козуларды өлүктөрдүн үймөгүнө ыргытты да, кайра келди.

Меймандар короого жакын келип калган экен. Катуу жүргөн окшойт, аттары энтигет. Чоронун түрү аянычтуу, досунун алдында чоң күнөөсү бар экенин сезгендей тик карабайт. Жорго минген киши болсо келбей жатып негедир кабагын бүркөйт. Амандашкан да жок. Атүгүл аттан түшпөй жатып опурула кетти:

– Бейзобразие! Кайда барсаң ушул! Караңыз, бул эмне деген маскарачылык! – деп оңурандады Чорого. Анан Танабайга бурулду. – Мунуң кандай, жолдош? – деп ал өлгөн козулар тарапка башын жаңсады. – Өзүң коммунист чабан болсоң, козуларың өлүп жатат.

– Козулар менин коммунист экенимди билбейт окшобойбу! – деп какшык узатты Танабай. Анан көңүлүнүн бир кылы чорт үзүлүп кеткенсиди, көкүрөгүнө жел ойноп, ирээнжилик толуп чыкты, баарынан жадагандай, баарына кайдыгер боло түштү.

– Кандайча? – деп Сегизбаев чыйкандай кызарды, сөз таппай калды, аздан соң гана тилге келди. – Социалисттик милдеттенме алдың беле?

– Алгамын.

– Анда эмне деп айтылган.

– Эсимде жок.

– Ошол үчүн козуларың, тигинтип өлүп жатат! – Сегизбаев бүктөй кармаган камчысын үймөк өлүк тарапка нускады да, мобу адепсиз койчуну бир жемелеп, насаат айтып алууга ыңгайы келе түшкөнүнө шыктанып, үзөңгүгө тура калды. Оболу Чорону чүнчүттү: – Силер эмне иш бүтүрүп жүрөсүңөр? Кишилериң өз милдеттенмесин билбейт. Планды аткарбай, малды кырып жатышат! Ушубу силердин иштеген ишиңер? Өз коммунисттериңерди ушинтип тарбиялайсыңарбы? Мобу кандай коммунист? Мен сизден сурап атам! – Чоро башын шылкыйтып, унчуга албады. Тизгинди укалай берди.

– Кандай болсом ошондоймун,– деди ал үчүн Танабай токтоо гана.

– Мына-мына, ошондойсуң. Эй, сен зыянкечсиң! Колхоздун малын курутуп жатасың! Сен эл душманысың! Сенин ордуң партияда эмес, түрмөдө! Социалисттик жарышты шылдың кылып атасың.

– Ооба, менин ордум түрмөдө, – деп дагы токтоо коштоду Танабай. Тула боюн калчылдатып келген ачуу менен ызага чыдамы түгөнүп, ичтен кайнап чыккан жинин токтото албай, эриндери диртилдей күлдү. – Кана? – деди диртилдеген эриндерин баса албай Сегизбаевди акшыя карап. – Дагы эмне айтмаксың?

– Бул эмне деп сүйлөшкөнүң, Танабай,– деп Чоро ортого түшө калды. – Кой. Ишиңди жөн-жай түшүндүрүп бер.

– Жөн-жайбы? Сага да түшүндүрүп берсем кандай болот? Сен буерге эмне келдиң? Ыя, эмне келдиң дейм? Козуларың кырылып жатат деп мага айтыш үчүн келдиңби? Өзүм да билем! Белчемен бок-жинге батып жатканымы айтыш үчүн келдиңби? Аны да өзүм билем! Мен өмүр бою акмак болуп, колхоз деп кара жанымды карч уруп келатканымы айтыш үчүн келдиңби? Аны да өзүм билем!

– Танабай! Танабай! Эсиңди жый, Танабай!,– деп купкуу болгон Чоро аттан ыргып түштү.

– Кет! —деп Танабай аны итерип жиберди. – Милдеттенмеми да, сая кеткен өмүрүмдү да урдум! Жогол! Менин ордум түрмөдө! Мобу булгаары тончон жаңы манапты эмне ээрчитип келдиң буерге? Мени шылдыңдатыш үчүнбү? Мени түрмөгө отургузсун деп апкелдиңби? Кана, иттин баласы, кама мени түрмөңө! – Танабай колуна илингидей бирдеме издеп жанжагын кайсалады да, дубалга сүйөнүп турган айрыны ала коюп, Сегизбаевди качырды. – Жогол бул жерден, иттин баласы! Жогол! – деп ачуууга алдырган Танабай айрыны шилтей берди.

Жаны чыккан Сегизбаев жоргонун башын ары-бери жулккулай тартты, Танабай шилтеген айры ага жетпей, көзү чанагынан чыккан Гүлсарынын башына тийип атты, зың эте кайра ыргып жатты. Эмне үчүн Гүлсарынын оозу араандай ачылып, башы калтаңдап, көздөрү акшыңдап жатканын Танабай түшүнбөдү.

– Кет, Гүлсары, жогол! Коё бер мага алдагы булгаарычан манапты! Тур мындай! – деп Танабай өкүрүп-бакырып, жазыксыз атты башка-көзгө сала берди.

Сакманчы келин жүгүрүп келип, колуна асылды эле, ал тыякка учуп түштү.

Аңгыча атына мине калган Чоро кыйкырды:

– Кач! Качалы! Өлтүрөт! – деп Танабай менен Сегизбаевдин ортосуна түшө калды.

Танабай айры менен дагы умтулганда тигил экөө аттарын теминип, кача жөнөдү. Ит арсылдап үрүп, аттардын куйругун тиштегилеп, үзөңгүгө жармашты, бир топ жерге кубалап барды.

Танабай баткакта тайтарактай чуркап, жерден балчык ала артынан ыргытып, өкүрүп-бакырып баратты:

– Менин ордум түрмөдө! Түрмөдө! Жогол көзүмө көрүнбөй! Менин ордум түрмөдө! Түрмөдө!

Акыры кыстыга дем алып, өзүнчө сүйлөнүп кайра келди: «Менин ордум түрмөдө! Түрмөдө!» Бир чоң иш бүтүргөнсүп, жанында дөбөтү килеңдей ээрчип алган. Ээси анын эрдигин баалайбы деп күттү, бирок ээси аны элес алган жок. Өң-далеттен кетип, таягына оордугун сала кыйраңдаган Жайдар алдынан чыкты.

– Бул эмне кылганың, ботом? Бул эмне кылганың?

– Бекер кылдым.

– Эмне бекер? Арийне бекер!

– Жоргону бекер урдум да.

– Ой, эсиң ордундабы? Эмне кылганыңы билесиңби?

– Билемин. Мен зыянкечмин. Мен эл душманымын,– деп булдурады Танабай энтигип. Анан эки колдоп башын мыкчыды да, буркурап ыйлап жиберди. Танабайдын ыйлаганын Жайдар өмүрүндө биринчи көргөнү ушул эле.

## XIX

Ушу бир бөтөнчө окуядан үч күндөн кийин райондук партия комитетинин бюросу болду.

Танабай Бакасов чакыруу күтүп, оозгу бөлмөдө отурду. Ичтегилер анын тагдырын чечип жатты. Бул күндөрү Танабай өзүнүн күнөөлүү экенин же ак экенин биле албай он ойлонуп, жүз толгонду. Өкмөттүн өкүлүнө кол көтөрүп, оор кылмыш кылганына акылы жетти. Бирок кептин баары ушу кылмышта гана болсо, анда жөн башка эле. Өзүнүн адепсиздик айыбы үчүн кандай жаза болсо да мойну менен тартууга ал даяр. Бирок ачууга алдырып, колхоз үчүн жаны ачыган кайгысын, күн тынымын алган машакатын, түн уйкусун бөлгөн ойлорун, көкөйүнө түйүлгөн убайым-ызасын желге бүркүп салбадыбы. Эми Танабайга ким ишенет? Ким түшүнөт? Балким түшүнүшөр,– деп кайра үмүт оту жылт этет көкү-

рөгүндө. – Баарын айтам. Быйылкы катаал кышты айтам, короо-жайдын жоктугун, өзүм отурган үйдүн үрөйүн, жем-чөптүн жоктугун айтам, жаным кейиген ойлорумду да, Бектайдын жоругун да айтам... Териштиришсин. Ушинтип да чарба башкарууга болобу?» Анан кайра ойлоп, кылган ишине өкүнгүсү келбейт, тобокел дейт. «Мейли, мени жазалашса жазаласын. Ошону менен башкаларга жеңилдик болсо мен өкүнбөйм. Мындан кийин, мүмкүн, малчылардын тиричилигине көңүл буруп, ал-ахыбалына көз сала жүрүшөр, муң-зарыбызды угушар». Анан кайра эле өткөндөгү шойконун эстеп, жини кайнап келет, муштумун түйүп, эки тизесин ныкыйт. «Жок, менин эч кандай күнөөм жок!» – деп тиштенет. Артынан кайра түпөйүлдөнүп, ою онго бөлүнөт...

Эмнегедир Ыбрайым да ушерде отуруптур. «Буга эмне керек? Тарп көргөн кузгундай болуп жетип келген тура». – Танабай тескери бурулуп кетти.

Ыбрайым аны карап коюп, өз алдынча үшкүрүнөт, унчукпайт.

«Мынча эмне созушат? – Танабай орундукта ойдолоду. – Акыры согор болгон соң создуктурбай согуп салышпайбы. «Кабинетке келчүлөрдүн баары чогулду окшойт. Арты болуп азыр эле Чоро кирди. Танабай башын көтөргөн жок. Чорону өтүгүнүн кончуна жабышкан Гүлсарынын саргыч кылдарынан тааныды. «Жоргонун тердегени ушунча болсо, аябай эле шашып келген экенсиң»,– деп ойлоду Танабай, бирок башын көтөрбөдү. Саргыч кылдар жабышкан, ат тери сиңген өтүк Танабайдын кашында кирбиңдеп саал турду да, ичкери кирип кетти.

Чыдамын чыйпылдатып көп убакыт өттү. Акыры кабинеттен катчы келин башпакты:

– Жолдош Бакасов, кириңиз.

Танабай селт этти, жүрөгү түрсүл кага ордунан турду. Жүрөгүнүн түрсүлү кулагын тундура ургулаган боюн-

ча кабинетке кирди. Көзү мунарыктай түштү. Оболу отургандарды ажырата тааный албады.

– Отуруңуз. – Райкомдун биринчи секретары Кашкатаев узун столдун аяк жагынан орун көрсөттү.

Танабай салмактанган колдорун тизесине таяй отура кетти. Көзүнүн мунары таркабады. Столду жакалатып карап чыкты. Биринчи секретардын оң жагында кербезденип Сегизбаев отуруптур. Аны көрүп, жаалы козголгон Танабайдын көзүн тумандаткан мунарык заматта тарады. Столду тегерете отургандардын баарынын бешенеси дааналана көрүндү. Отургандардын ичинен кара көк болуп түнөргөнү Сегизбаев экен да, өң-алеттен кетип кумсарганы Чоро экен. Ал столдун этек жагында, Танабайга жакын отурган болчу. Арбайган арык колдору жашыл нооту жабылган столдун үстүндө күзгү жалбырактай дирилдейт. Чоронун бет маңдайында колхоз башкармасы Алданов жан жагын сүзө карап, мурдун кайтакайта шырылдата тартып коёт. Ал Танабайды жактабасын жашырган жок. Башкалары сөздүн жүйөсүнө жараша көрөрбүз дегендей. Бир маалда биринчи секретарь кагаздан башын көтөрдү.

– Азыркы маселе коммунист Бакасовдун керт башынын иши тууралуу,– деди ал ар бир сөзүн такаттап.

– Ушуну да коммунист деп... – деди бирөө мыскылдап.

«Ачуулу го баары,– деди ичинен Танабай. – Булардан жакшылык болор эмес. Жакшылык күтүп не кылам? Мен эмне, кылмышкер белем?»

Анын маселеси чечилерде алдыртан эрегишкен эки жаат тымызын кагышарын Танабай билбеди. Бир болгон кокус окуяны эки жааттын ар кимиси өз пайдасына жумшаар аракет жасамак. Сегизбаев менен анын жамаатташтары жаңы секретардын чаркын байкамак, өз жагына тартышка болобу-жокпу, ошону сынамак. Кашка-

таев болсо ордун Сегизбаев көздөп жүргөнүн билет. Андыктан өз беделин түшүрбөскө, анан дагы Сегизбаевге окшогон опурталдуу кишилер менен мамилени чиелеништирбеске далалат урмак.

Райкомдун секретары Кашкатаев Сегизбаевдин баяндоо катын окуп берди. Баяндоо катта «Ак-Таш» колхозунун чабаны Танабай Бакасовдун ары сөз менен, ары кыймыл менен иштеген иштери ийне-жибине чейин жазылыптыр. Жазылгандын аша чапканы, же кемитип койгону жок, баары ырас. Бирок сөз жүйөсү, келиштирген ой кыябы суук экен. Аны сезип, Танабай жандан түңүлдү. Тиги жыландын тилиндей кагаздын алдында аргасы куруп, каяша кылар чамасы жок экенине жаны кашайды, мандайынан муздак тер исиркектенди. Бу кагаз Сегизбаевдин өзүнөн алдаганча коркунучтуу экен. Кагазга каршы айры ала чуркайсыңбы. Танабай өзүн актоого белендеп келген сөздөрүнүн баары заматта батыраган сымаптай алакандан секирип качып, мааниси жоголуп, малчынын эчтемеге арзыбаган кадимки арыз-арманы болду да калды. Эс акылым ордундабы? – деп да шектенип алды Танабай. Тиги каардуу кагаздын алдында анын актанар ойлору эмнеге татымак? Ким менен кармашканы жүрөт, келесоо?

– Жолдош Бакасов, бюро мүчөсү жолдош Сегизбаевдин катында жазылган фактылардын ырастыгын мойнуңузга аласызбы? – деди Кашкатаев катты окуп бүтүп.

– Ооба, – деди Танабай түнөрүп.

Баары унчукпай калды. Баары тиги кагаздан коркуп отурган сыяктуу. Мына, көрдүңөрбү мен кандай кишилер менен алпурушуп жүрөм дегенсип, Алданов жан жагын жагалдана карап алды.

– Жолдош бюро мүчөлөрү, эгер каршы болбосоңуздар, мен кичине түшүнүк берип кетейин,– деп Сегизбаев чечкиндүү сүйлөдү. – Кай бир жолдоштор коммунист

Бакасовдун жоругун жөн бир бейбаштык катары баалап жүрбөсүн деп эскертип кетким келет. Эгерде иштин түп мааниси тек бейбаштык гана болсо, анда мен маселени райкомдун бюросуна коймок эмесмин. Бейбаштыкка каршы күрөшө турган башка чаралар бар. Кеп Бакасовдун мени кордогонунда да эмес. Мен райкомдун бюросунун өкүлү, кала берсе бүткүл партиянын өкүлү болуп барганмын, андыктан бирөөлөр мени кордоо менен бүткүл партиянын беделин кордошуна жол бербеймин. Ушунун баары биздин коммунисттер менен партияда жоктордун арасында саясы-тарбия иштеринин начар экенин, райкомдун идеология иштеринде оркойгон кемчиликтер бар экенин айгинелеп отурат. Маселенин түбү ушунда. Биз баарыбыз али Бакасов сыяктуу катардагы коммунисттердин ой-пикир кыябына жооп беребиз. Биз али мындай ойдогу адам бирөө элеби, же дагы пикирлештери барбы, ошону аныктообуз керек. «Булгаары пальточон жаңы манап» – деген сөзүн көрбөйсүздөрбү. Макул, пальтону жөн эле коёлу. Бакасовдун айтуусу боюнча мына мен, совет адамы, партиянын өкүлү элдин канын соргон жаңы манап экемин да! Ушундай болуп жатпайбы, жолдоштор! Мунун эмне экенин, бул сөздүн нары жагында эмне жатканын ойлоңуздарчы. Баарын чечмелеп отуруу артык баш го дейм... Анда маселенин экинчи жагына келели. «Ак-Таштагы» мал чарбасынын абалы өтө начар экенин көрүп, капа болгон мен ачуу үстүндө Бакасовдун «социалисттик милдеттемени унутуп калдым» деген шылдыңына жооп иретинде аны зыянкеч эл душманы, сенин ордуң партияда эмес, түрмөдө депмин. Бакасовду кордоп айтканым ырас эле, ал күнөөмү ошерде эле моюнга алып, кечирим сурамакмын. Азыр болсо айтканымдын чындыгына көзүм жетип отурат. Ошондуктан сөзүмдү кайра албаймын, тескерисинче Бакасов коркунучтуу, кас пикирлүү, жат элемент деп баса көрсөтөм...

Танабайдын башынан эмнелер гана өтпөдү. Согуштун биринчи күнүнөн бүтөр бүткүчө кан менен от кечип жүрдү, бирок адам баласынын жүрөгү жандалбастап туйлап, чыркырап ыйлап, чыңырып үн чыгарарын билген эмес. Азыр болсо көөдөнүндөгү муштумдай жүрөгү кулагын тундура чыңырып, биресе үзүлүп төмөн кулап, биресе тырмышып жогору чыгып, бир кулап, бир көтөрүлүп, далбас уруп жатты, бирок атылган ок ага болбой дал тийип, тешип өтүп жатты. «Э кудай, бүткүл өмүр-жашоомун маңызы, иш-аракетимин мааниси, бүгүнкү тирегим, эртеңки максатым деп жүргөн дил дымагым кайда кеткен? Жүрүп-жүрүп акыры эл душманы аталдымбы? Мен байкуш чыркырап кайдагы бир кой короонун, чычкак козулардын, ээнбаш Бектайдын азабын тартып жүрбйүмбү. Анын баары кимге керек?..» – деген ой чыкыйын зыңылдата ургулап жатты.

– Баяндоо катымын корутундусун дагы бир жолу эсиңиздерге сала кетейин, – деп Сегизбаев ар бир сөзүн чеге каккандай бекемдеп айтып жатты. – Бакасов биздин өкмөтүбүздү жек көрөт, колхозду жек көрөт, социалисттик жарышты жек көрөт. Ушунун баарын ал колхоз парторгу жолдош Саяковдун көзүнчө ачыктан ачык айтты. Мындан башка да Бакасовдун мойнунда керт башынын кылмышы бар – ал кызматын аткарып жүргөн өкмөт өкүлүнүн өмүрүнө кастык иштеди. Мени туура түшүнүңүздөр. Бакасовду сот жообуна тартууга санкция берүүңүздөрдү суранам, ушу бюродон чыгары менен камоого алынгандай болсун. Мунун кылмышы элүү сегизинчи статьяга туура келет. Ал эми Бакасовду партиянын катарында калтыруу жөнүндө сөз болушу да мүмкүн эмес!..

Сегизбаев аша чапканын билди, бирок арамза оюнда: бюро Бакасовду сот жообуна тарттырбаса да, партиядан чыгарылышына каршы боло албайт, – деди. Ат сурасаң

тай берет дегендей. Бул талапты Кашкатаев колдобой коё албайт. Демек Сегизбаевдин сөзү өтүмдүү болуп, бедели бекемдей түшөт.

– Жолдош Бакасов, өз күнөөңүз тууралуу эмне дейсиз? – деп Кашкатаев тынчсыздана баштады.

– Эчтеңке. Баары айтылды, – деди Танабай. – Мен зыянкеч, эл душманы турбайымбы. Анда менин пикирими угуп эмне кыласыңар. Жоопко тартсаңар эрк өзүңөрдө...

– Сиз өзүңүздү адал коммунистмин деп айта аласызбы?

– Азыр аны далилдей албай калдым.

– Сиз өз күнөөңүздү мойнуңузга аласызбы?

– Жок.

– Эмне, сиз өзүңүздү башкалардан акылдуумун деп эсептейсизби?

— Жок, тескерисинче, элдин акмагымын деп эсептеймин.

– Уруксат болсо, мен эки ооз пикир айтайын. – Көкүрөгүндө комсомол значогу бар жаш жигит ордунан турду. Ал ушерде отургандардын баарынан жашы экен, арыкчырай, чап жаак кебетеси али бала бойдон.

Танабай ага азыр гана серп салды. «Сок, балам, аяба,– деди ичинен. – Бир кезде мен да сен сыяктуу болчумун, аячу эмесмин...»

Ошондо алыстагы булуттан жарк эткен чагылган сымал, бир кезде Кулубай тепсеп, жулуп, тытмалап кеткен буудайдын бучкагы Танабайдын көз алдына келе түштү. Кулубай долуланып, аргасы куруганда жиндеп жатканы кадимкисиндей көзүнө көрүндү да, көргөнүнө тула бою дүркүрөп, көөдөндөгү муштумдай жүрөгү чыңырып-чыңырып алды. Ал элести Кашкатаевдин үнү бузуп жиберди.

– Айтыңыз, Керимбеков...

– Мен жолдош Бакасовдун тартибин колдобоймун. Тийиштүү партиялык жаза алуу керек деп ойлоймун.

Бирок мен жолдош Сегизбаев менен да келише албаймын. – Керимбеков толкундап, үнү дирилдей сүйлөп жатты. – Ал гана эмес, мен жолдош Сегизбаевдин өзүн да талкуулаш керек деп ойлоймун...

– Баракелде! – деп бирөө сөзүн бөлүп кетти. – Эмне, силердин комсомолуңарда тартип ушундайбы?

– Тартип баардык жерде бирдей,– деди Керимбеков мурдагысынан бетер толкундап, туталана кызарып-татарып. Ошол кысынып мукактана түшүп, анан жаны кашайганда ачууркана сүйлөдү: – Колхозчу чабан, карыя коммунистти кордоого сиздин кандай акыңыз бар эле? Мына мени эл душманы деп көрүңүзчү, кана?.. Сиз муну колхоздун мал чарбачылыгынын начар абалын көрүп, жаным кейигенинен айтып жибердим дейсиз. Чабандын жаны ошол абалга сиздикинен аз кейийт бекен? Сиз бу кишинин оторуна барганда кандай турасыңар, алахыбалыңар кандай деп бир ооз сурадыңызбы? Эмне үчүн төл кырылып жатат деп сурадыңызбы? Жок, жазган баяндамаңызга караганда сиз ооз ачкан жерден коркутуп киргенсиз. Колхоздордо туут кампаниясы өтө начар шартта өтүп жатканы эч кимге жашыруун эмес. Мен жер жерде көп боломун, иш жүзүндө чыныгы жардам көрсөтпөй талап коё бергенибиз үчүн комсомол чабандардын алдында кызарууга туура келет. Колхоздордогу кой короолорду көрүңүздөрчү, үрөй учкудай. Жем-чөп дегенден дарек жок. Мен өзүм чабандын баласымын. Мал багуу эмне экенин, козунун эмнеден кырыларын жакшы билем. Биз институтта окуганыбыз бир башка да, иш жүзүндө баары эски бойдон калган. Аны көрүп туруп чынында жаның кейийт!..

– Жолдош Керимбеков,– деп Сегизбаев сөздү бөлдү. – Биздин аяныч сезимибизди козгобой эле коюңуз. Сезим деген ой-кыры жок жумалак түшүнүк. Сезим эмес, фактылар керек, фактылар.

– Кечиресиз бул жерден кылмышкерди жазалоо соту жүрүп жаткан жок, партиялаш жолдошубуздун ишин караган бюро жүрүп жатат, –деп улантты Керимбеков. – Биз коммунисттин тагдырын чечип отурабыз. Жолдош Бакасов алигидей бейбаштыкка кантип жетти? – ошону ойлонуп көрөлүчү. Бакасовдун бейбаштыгын, албетте, айыптоо керек, жазалоо керек, бирок колхоздун алдыңкы чабандарынын бири болгон Бакасов мындай абалга кантип жетти, бу күнгө кантип дуушар болду?..

– Отуруңуз,– деди Кашкатаев кыжырланып. – Сиз негизги маселеден бизди буруп кетип жатасыз, жолдош Керимбеков. Коммунист Бакасов өтө оор кылмыш жасаган, анысы айкын болуп турбайбы, менимче. Бул не деген шумдук? Мындайды ким көрүптүр? Биз эч кимге өкүлүбүздү айры менен сабаганга жол бербейбиз, эч кимге кызматкерлерибиздин беделин түшүрүүгө жол бербейбиз. Сиз, жолдош Керимбеков, жүрөк менен сезим тууралуу дайынсыз талаш чыгаргандан көрө комсомол жумушун жолго коюуну ойлонсоңуз дурус болор эле. Сезим деген сезим, иш деген иш. Бакасовдун жоругу баарыбызды ойлонтуу керек. Албетте, мындайларга партияда орун жок. Жолдош Саяков, сиз колхоздун парторгу катары ушул айтылган окуянын болгонун ырастайсызбы?

– Ооба, ырастаймын,– деди кумсарган Чоро ордунан жай тура. – Бирок мен түшүндүрөйүн дедим эле...

– Биринчиден мен Бакасовдун маселесин өзүбүздүн баштапкы партиялык уюмда кароого уруксат этүүңүздөрдү өтүнөм.

– Анын кажаты жок. Райкомдун бюросунун чечимин кийин партия уюмунун мүчөлөрүнө кабарлап коёсуз. Дагы эмне?

– Мен түшүндүрөйүн деп...

– Эмнени, жолдош Саяков? Бакасовдун антипартиялык жоругу айкындалды. Түшүндүрүүсүз эле түшүнүктүү

болбодубу. Бул иште сиз да жооптуусуз. Коммунисттерди тарбиялоо жумушун таштап салганыңыз үчүн сизди да жазалайбыз. Бул маселени бюрого койбоо жөнүндө эмне үчүн Сегизбаевди үгүттөйсүз? Кылмышты жашырып калгыңыз келдиби? Бейзобразие! Отуруңуз!

Талаш башталды. МТСтин директору менен райондук гезиттин редактору Керимбековду колдоп чыгышты. Алар чогулуп, Танабайды актап кетчүдөй да көрүндү. Көңүлү уйгу-туйгу болуп басынып отурган Танабай алардын сөзүн тыңдаган жок. Ал тек өзүнөн өзү сурай берди: «Өмүр азыгым деген дымагым кайда кеткени? Бул отургандардын эч кимисинин тыяктагы отордо эмне болуп жатканы менен иши жок сыяктуу го? Акмак болгондо мен болупмун да! Колхоз деп, колхоздун кой-козусу деп өмүрүмдү зарп кылып жибербедимби. Анын баары буларга бир тыйын турбайбы. Кайра мен коркунучтуу элемент болуп чыктым. Сая кеткен өмүр деген ушубу? Урдум силерди! Эми мага баары бир, соккула, жанчкыла, тепсегиле,– эгер ошондон өркүнүңөр өсүп кетсе, мен кайылмын. Кана, кууп чыккыла мени! Акыры көрөр күн ушу болсо, аябагыла!..»

Колхоздун башкармасы Алданов сүйлөп жатыптыр. Өң-кебетесине, кол сермешине караганда бирөөнү аябай согуп жаткан окшойт, бирок кимди айтып жатканын Танабай оболу түшүнө албады. «Кишен... Гүлсары жорго...» деген сөздөр кулагына шак этКенде гана өзүн айтып жатканын билди.

– ...Ошону менен эмне болду дейсиздер? – деп алкынып алыптыр Алданов. – Биз атты кишендөөгө мажбур болгонубуз үчүн бул менин башымды жанчам деп ачыктан ачык коркутпадыбы. Жолдош Кашкатаев, мени коркутканына күбө өтчүлөр буерде, каалганын нары жагында отурат. Ошолорду чакырууга уруксат этиңиз?

– Жок, кереги жок,– деп Кашкатаев жийиркене кабак чытыды. – Ушу да жетиштүү. Отуруңуз.

Анан колго салды.

– Бакасов партиянын мүчөлүгүнөн чыгарылсын деген бир гана сунуш түштү. Бул сунушка ким добуш берет, колуңарды көтөргүлө.

– Бир мүнөткө, жолдош Кашкатаев,– деп Керимбеков дагы ордунан атып турду. – Жолдош бюро мүчөлөрү, биз азыр оор ката жиберип отурган жокпузбу? Башка да сунуш бар. Бакасовго катуу сөгүш жарыяланып, эсеп катына жазылсын. Аны менен бирге жолдош Бакасовдун партиялык жана кишилик касиетин кордогону үчүн райкомдун өкүлү болуп барып, жараксыз метод колдонгону үчүн бюро мүчөсү жолдош Сегизбаевге сөгүш жарыялансын.

– Болбогон сөз! – деп бакырып алды Сегизбаев.

– Тынчтаныңыздар, жолдоштор! – деди Кашкатаев. – Сиздер үйүңөрдө отурган жоксуздар, райкомдун бюросунда отурасыздар, тартип сактооңорду суранам.

Эми тагдыр райкомдун биринчи секретарынын колунда калды. Мына ошондо секретарь дал Сегизбаев ойлогон жерден чыга келди.

– Бакасовдун ишин сотко берүүнүн кажети жок деп эсептеймин. Бирок, ага партияда орун жок, ал тууралуу жолдош Сегизбаев туура айтты. Колго салам. Бакасов партиядан чыгарылсын деген жолдоштор кол көтөрсүн.

Бюро мүчөсү жетөө эле. Үчөө «чыгарылсынга» кол көтөрдү да, үчөө ага каршы болду. Кашкатаевдин өзү калды. Ал бир аз создуктуруп отуруп, «чыгарылсынга» кол көтөрдү. Танабай мунун баарын көргөн жок. Кашкатаев катчы келинге карап:

– Протоколго жазыңыз, райкомдун бюросунун чечими боюнча жолдош Бакасов Танабай партия мүчөлүгүнөн

чыгарылды,– дегенде гана Танабай тагдырынын кандай чечилгенин укту.

«Бүттү!» – деди ал тула бою муздап.

– Мен Сегизбаевге сөгүш жарыялоону талап кылам,– деп көшөрдү Керимбеков.

Бул сунушту колго салбай кайтарып койсо да болмок, бирок Кашкатаев колго салууну туура көрдү. Мунун да купуя эсеби бар эле.

– Жолдош Керимбековдун сунушун ким колдойт? Кол көтөрүңүздөр.

Бу жолу да үч-үч болуп калды. Бу жолу да Кашкатаев төртүнчү болуп кол көтөрдү. Ал Сегизбаевди сөгүштөн аман алып калды. «Бул жакшылыгымды түшүнөр бекен... баалар бекен? Ким билсин... айлакер арамза».

Кишилер тарамак болуп орундарынан козголо баштады. Ушуну менен иш бүткөн экен деп ойлоп, Танабай эч кимди карабай эшикти беттей басты.

– Бакасов, кайда барасыз? – деп токтотту Кашкатаев. – Партиялык билетиңизди калтырыңыз.

– Калтырамбы? – Бир шумдуктун болгонуна эми гана түшүнгөндөй Танабай эңгиреп туруп калды.

– Ооба. Столго коюңуз. Сиз эми партиянын мүчөсү эмессиз, андыктан партбилет алып жүрүүгө акыңыз жок.

Танабай партбилетин алып чыкмак болуп, койнуна кол салды. Өлүк чыгаргандай тунжураган жымжырттыкта ал коюнун көпкө тинтти. Партбилет болсо Жайдар тигип берген булгаары калтага салынып, купайкенин астында, андан ары бешманттын астында, андан ары жектенин астында катылуу жаткан. Боо тагылган калтаны Танабай ичинен асынып, дамаамат жылаңач колтугуна катып жүрөр эле. Айтоор бир топто барып алиги булгаары калтаны алып чыкты. Колтугунун жүрөк тушун жылыткан, жан тери сиңген партбилетти алып чыгып, жыпжылуу боюнча Кашкатаевдин муздак жылтыр столуна койду.

Столдун жылтыр муздагына колу тийгенде эриксизден өзү да ичиркенип алды. Ошо бойдон эч кимге карабай булгаары калтаны коюнуна тыгып, кетмекке бурула берди.

– Жолдош Бакасов, – деп жан ачыган үн угулду артынан. Ал Керимбековдун үнү экен. – Сиз өзүңүз эмне айта аласыз? Эчтеме айтпадыңыз го? Балким кыйналган чыгарсыз? Эшик сизге жабык болбос, эртеби, кечпи, партиянын катарына кайтып келерсиз деген оюбуз бар. Айтыңызчы, азыр кандай ойдо турасыз?

Батман жүк болуп башына түшкөн оор кайгыны аз да болсо жеңилдетүүгө далалат кылып жаткан бу бейтааныш жигиттин алдында коомайланып, жаны сыздап турган Танабай олдоксон бурулду.

– Эмне дейин, чырагым? – деди муңайып. – Буерде баарын айтып түгөтө албасмын. Жалгыз гана айтарым: мен күнөөлүү эмесмин. Бирөөгө кол көтөрүп, тил тийгизсем да мен күнөөлүү эмесмин. Бирок аны түшүндүрүп жеткизе албайм. Ушундай, чырагым.

Секретардын кабинетин жан кыйнаган тунжуроо басып турду.

– Хм. Демек партияга таарындым деңизчи? – деди Кашкатаев кыжырлана. – Түшүнбөйт экенсиң, жолдош. Партия сага оң жол көрсөтүп, соттон сактап калып отурат. Сен ага ыраазы болбой, кайра таарынасың. Демек сен партиянын мүчөсү деген атка чынында да татыктуу эмес экенсиң. Андай болгон соң сага партиянын эшиги кайра ачыла койбос!

Сыртты көздөй Танабай райкомдон сабырлуу чыкты. Аябай эле сабырлуу чыкты. Мына ошонусу кыйын болду. Сыртта күн ырайы ачык, жылуу эле, маал кечтеп калыптыр. Ары-бери өз тирилиги менен өтүп жаткан эл. Клубдун алдындагы аянтта чурулдап балдар ойноп жүрөт. Бирок Танабайга бу көрүнүш жек көрүнүп, өзүн да жек көрүп чыкты. Тезирээк тоого житип кетпесе болор

эмес. Дагы бир шойкоң чыгара элегинде кетип калганын эп көрдү.

Мамыда өзү минип келген аттын жанында Гүлсары байланып туруптур. Эшик-төрдөй чубалган жаныбар, көркөмү келишкен кайран жорго Танабай жакын келгенде аяктарын алме-телме которуштуруп, жатыркабай, коймолжуган кара көздөрүн жалжылдата карады. Танабай айры менен башка-көзгө урганын унутуп койгон көрүнөт. Ат деген ошо да...

– Таарынба, Гүлсары, унут, – деп күбүрөдү Танабай. – Менин жайымы сураба, кайгым оор. Айласыз оор... – деп жоргонун мойнун кучактай каңырыгы түтөп кетти. Бирок карманды. Өткөн-кеткендерден уялып, эптеп карманды.

Анан өз атына минди да, тоону карай жөнөп кетти.

Чоро аны Кара-Суунун өрдөшүнөн чыккан жерден кууп жетти. Арт жагынан жоргонун тааныш дүбүртү угулганда Танабай умсунган балача эрдин тиштеп, ичинен сыздап ийди. Кылчайып караган жок. Өпкөсү кара казандай, ичке толгон ызасы жүрөгүн ачыштырып, көзүн тумандатып барат. Бу келаткан Чоро да мурдагы Чородон таптакыр башка окшоду. Жаначы, Кашкатаев үнүн бек чыгарып, жекирип койду эле, тартипке көнгөн окуучудан бетер бүжүрөп отуруп калды. Минтип каерге барат? Эл ага ишенет, ал болсо чындыкты айтуудан коркот. Керт башынын камын ойлоп, аңдап басып, абайлап сүйлөйт. Муну кайдан үйрөндү? Макул, Танабай турмуштан артта калган, чарбанын жай адамы. Чорочу, билимдүү, өмүр бою эл башкарып келатат. Сегизбаев менен Кашкатаевге окшогондордун айткандары бир башка, чындык бир башка экенин ушу Чоро кантип көрүп-билбесин! Жанагылардын сөздөрү сыртынан кооз, ичи чирик, маңызы жок бош экенин көрбөй туру дейсиңби? Бу Чоро анда кимди алдамакчы, эмне үчүн алдамакчы?

Чоро кууп жетип, эти кызыган жоргонун башын тартып, катар бастырганда да Танабай бурулуп карабады.

– Ыя, Танабай, экөөбүз бир кайтабыз го десем, карабай кетип калыпсың,– деди Чоро энтигип. – Чыга калсам эле жоксуң...

– Сага эмне? – деп күңк этти Танабай бурулбастан. – Жүрө бер өз жолуң менен.

– Кел сүйлөшөлүкчү. Нары карабай, бери кара, Танабай. Досторчо, коммунисттерче бир сүйлөшөлү, – деп баштап келген Чоро Танабайдын кесе сүйлөгөн сөзүнөн какап калды.

– Мен сага дос эмесмин, коммунист да болбой калдым. Сен болсоң алдагачан эле коммунист болбой калгансың. Тек ошондой көрүнүп жүрөсүң...

– Бул эмнең, чыныңбы? – деди Чоро ындыны өчүп.

– Арийне, чыным. Абайлап сүйлөгөндү али үйрөнө элекмин. Каерде кандай сүйлөп, кандай коюшту да билбеймин. Кош эмесе. Сен түз кетесиң, менин жолум бурулуш. – Танабай атынын башын буруп, жолдон чыкты да, кылчайбастан, досунун жүзүн бир жолу карап койбостон тоо таянып кете берди.

Чоро өңү купкуу болуп, бирдеме айтмакка колун созсо үнү буулуп, жүрөк тушун мыкчый бүк түшүп, оозун ачып аба жалмап, жоргонун жалына кулады. Танабай аны көргөн жок.

– Ой, жаным,– деп эриндери араң кыбырап, бүрүшүп баратты. – Ой, жаным-ай! Кыйналдың го, кургур! – деди кырылдап таноосу тартылып, көгөрүп баратты. – Тезирээк үйгө Гүлсары, тезирээк!

Түн баскан ээн талаа менен жорго аны айылга алып учту. Ээсинин үнү башкача угулуп, илебинен чыккан суук сезим аттын дене-боюна өткөндөй үрөйүн учурду. Гүлсары кошкурунуп алып, кулак жапыра зуулдап ба-

ратты. Үстүндөгү адам жаналакетке түшүп кыйналып, жал чайнап, өбөктөгөн бойдон барат. Бош калган тизгин моюнунан салаңдап, жорго жүрүшүн салды.

## XX

Тоого бет алып, Танабай түндөп жолдо бараткан чакта бир атчан иттердин баарын чуулдатып айыл аралай чаап, эл чогултуп жүрдү.

– Эй, ким бар үйдө? Чык бери! Партиянын жыйналышына жүргүлө, кеңсеге!

– Эмне болуп кетти? Түн жарымда кандай шашылыш маселе экен?

– Билбейм,– дейт чабарман. – Чоро чакырып жатыры. Тез келсин деди.

Чоро кеңседе отурду. Столго өбөктөй бүрүшүп, дагы эле оозун ача аба жутат, колун коюнуна салып, жылаңач көкүрөгүн мыкчыгылайт. Жаны кыйналганда онтоп жиберип, эрдин кесе тиштейт. Өңү көгөрүп, муздак тер исиркектеп, көзү чүңүрөйүп ичине кирип кеткен. Кээде эсеңгирей түшөт да, караңгы жолдо жорго минип келаткандай көрүнөт. Танабайга кыйкырайын дейт, үнү чыкпай аба чапчыйт. Танабай болсо, коштошорунда досунун жүрөгүнө ийнедей сайылып, чоктой куйкалаган сөздөрдү айтып салып, артына бир кылчайып койбостон кетти. Танабайдын сөздөрү жүрөгүн өрттөп, жанын чыркыратып сызгырып барат.

Чоро жанараак ат сарайга жетип жыгылган. Аерде чөптүн үстүндө жатып бир аз эс алган соң атчылар колтуктап буерге апкелди. Үйүнө жеткирип коёлу дешсе, өзү болбой койду. Коммунисттерди чакырып келгиле деп киши чаптырып, эми өзү аларды чыдамсыздана алкынып күтүп отурат.

Кишилерди күтүп Чоро отуру, убакыт деген чиркин бир тамчылап кетип жатыры. Анын энчисине берилген өлчөлүү өмүр ар бир секунд сайын ачуу, оор тамчы болуп, тырс-тырс таамп, түгөнүп барат. Анын кадырын Чоро эми билип, эми баалайын дегиче өмүр суусу түгөнүп бараткнын кара. Өлчөмүнөн көп бербес табият! Тыным албай иш деп жүрө берип, бүт өмүрү байкоосуздан өтүп кетиптир. Ой-максаты көп эле, баары ишке ашпады, бирине жетти, бирине жетпеди. Алпурушту, адал болууга тырышты, бирок кээде таманынан өтпөсүн деп, таштуу жерлерди айланып өтмөкчү болуп, жолунан буйтаган, кетенчиктеген учурлары да болду. Буйтап кетем деген бөгөттү буйтай албады. Бетме-бет чыгуудан жалтанып жүргөн арам күч аны бир күнү жарга такады. Чегинерге жери жок, жарып өтүшкө чамасы жок куруду. Аттиң дүйнө, мындай болорун мурдатан билсе эмне, элдин көзүнө тик карап, бетине тик сүйлөөгө мурдатан умтулса эмне...

Убакыт чиркин ачуу, оор тамчы болуп тырс-тырс таамп, түгөнүп барат. Кишилер эмне кечикти, ушунча да күттүрөбү!

«Айтып үлгүрсөм экен, – деди Чоро өзүнөн чочулап. – Айтып эле үлгүрсөм! – Үнсүз чыңырып, кыймылсыз тырмышып, өчүп бараткан өмүрдү жанталаша токтотуп турду. Кайраттанды, акыркы жолу бир атып өлгөн аскердей, чымырканды. – Жашырбай баарын айтам. Иштин кандай болгонун, бюронун кандай өткөнүн, Танабайды партиядан кантип чыгарышканын, баарын айтам. Танабайды партиядан чыгарганга мен макул эмесмин, ошону айтам. Алданов тууралуу оюмду да айтам. Мейли, анын маселесин менден кийин талкуулашсын. Коммунисттер өздөрү чечсин. Өзүм тууралуу да жашырбай айтам... Тек үлгүрсөм экен, тезирээк келсе экен, журт, тезирээк...»

Биринчи болуп аялы жүгүрүп келди. Колунда белен дарысы бар. Үрөйү учуп, үн чыгара ыйлап жүрөт.

– Кудай-ай, акыл-эсиң ордундабы? Дагы эле жыйналышка тоё элексиңби? Жүр үйгө. Карачы кебетеңи. Э, кудай жок дегенде өзүңдү аясаң боло!

Аны угар Чоро жок. Колун силкип коюп, дарысын ичти. Тиши стаканга тийип шакылдап, суу көкүрөгүнө төгүлдү.

– Эчтеме болбойт, оңолуп калдым эми,– деди энтиккенин басууга тырышып. – Сен эшик алдында күтө тур, жыйналыш бүткөн соң мени үйгө алып кеткидей бол. Коркпо, бара кой.

Сырттан келаткандардын кобур-собуру угулду. Чоро боюн түзөп, оорунун азабын тумчуктуруп ичине басты. Акыркы милдетим деген ишин аткарууга белсенди.

– Эмне болуп кетти? Деги жайчылыкпы? – деп сурап атты келгендер.

– Эчтеке болгон жок. Баары жыйналсын, азыр айтам, – деди Чоро.

Убакыт чиркин ачуу, оор тамчы болуп, тырс-тырс таамп, түгөнүп баратты.

Коммунисттер жыйналып болгон соң парторг Чоро Саяков ордунан турду да, баш кийимин алып коюп, партиянын жыйналышын ачык деп жарыялады...

## XXI

Танабай үйүнө түн бир оокумда жетти. Жайдар сыртка фонарь ала чыкты. Бүгүн кечке ал жол карай берип, көзү тешилген.

Эрине катуу сокку тийгенин Жайдар бир эле карап билди. Танабай унчукпастан аттын ооздугун чыгарып, ээр-токумун шыпырды. Жайдар жарык кылып турду. Танабай дагы эле лам дебеди. «Байкушум ай, жадеген-

де райондон арак ичип алса мынчалык кыйналбас беле»,– деди ичинен Жайдар. Танабай дагы эле дулдуюп аркасын салат, ал анткен сайын Жайдардын эси чыга берди. Эрине жаңылык айтып кубантайын деп турган ал: аз болсо да жем-чөп, саман, сулунун унун жеткизишти, күн да жылымдап, отуккан козулар көк кубалап оттоп калды демек.

– Бектайдын коюн айдап кетишти. Жаңы чабан жиберишиптир, – деди Жайдар.

– Ошо Бектайыңын да, коюңун да, чабаныңын да энесин!..

– Чарчадыңбы?

– Чарчадыңбы деп коёт. Партиядан кууп чыгышты!

– Акырын, сакманчылар угат.

– Эмнесин жашырам? Иттин көткү шыйрагындай кылып кууп чыгышты. Чала мага! Сага да чала. Экөөбүзгө тең чала болот. Эмне жалдырайсың?

– Жүр, эс алчы.

– Өзүм билем.

Танабай кашарга кирип кетти. Койлорду аралап көрдү. Андан чыгып, ачык короону кыдырды. Аерде жүрүп-жүрүп, кайтадан кашарга кирди. Жанын коёр жай таппады. Тамакка да карабады, сөзгө да келбеди. Бастырманын бурчундагы саманга боюн таштады да, тырп эптестен жатып калды. Жашоо турмушу, кубаныч-азабы, тирилик убайымдары, эртеңге деген тилектери – баары сокур тыйынчалык болбой калды. Жансерек денесинде жүрөгү гана тил албай кагат, болбосо жашоодон, ойлоодон кечкен чала өлүк жатты.

Ооналактайт, түйшөлөт, уктайын десе уйку келбейт, кайра эле жабалактаган ойлор жан-жагынан камалап, кысмактап келе берди. Тигине, боз кыламык кар бетинде карайган из калтырып, Бектай кете берди. Бир кылчайып, сөз угуп койбоду. Тигине жорго минген Сегизба-

ев жекирип-сөгүп, түрмөгө камайм деп алкынып турат. Мына, зыянкеч ким? – Танабай, эл душманы ким? – Танабай болуп, ал райкомдун бюросунда отурат...

Бүттү, бар өмүрү ушул экен, бүттү. Мындан нары жагы караңгы туңгуюк. Туңгуюкка камалган Танабай айрыны колго алып, мобу түн баскан дүйнөгө айкай салып сөгүнүп, айры шилтеп жүргүсү келди, караңгыда жардан учуп, арка-мойну алдында калганча айры шилтеп, бүт дүйнөнү боктоп-тилдеп буркан-шаркан түшкүсү келди.

Болбосо эмне, башка эчтеме калган жок, өлүм гана калды. Ырас, ушинтип жашаганча, өлүп тынганы жакшы... деп ойлоду көзү илинип баратып.

Ойгонсо, жанчып салгансып башы зилдей. Көпкө эсин жыя албай, эмне болгонун, каерде жатканын биле албай жатты. Жанынан койлор бышкырып, козулар маарады. А, короодо жаткан тура. Сырт шоолаланып, таң сүрүп калыптыр. Эмне үчүн ойгонду? Эмнеге? Ушундан көрө биротоло ойгонбой калсачы.

Өлүүдөн башка айла калган жок, өлгөнү жакшы... Анан арыктагы суудан кочуштап ичти. Жакасы калдыркан муздуу тиш сындырар шыргалаң суу салааларынан шорголоп агып кеткиче аптыга жутат. Алаканында калганы менен ысык чекесин чаят да, кайра сузат. Ошентип жатып ичи да, сырты муздады, башы ооруганы басылды. Анан ойлоп отурса, өлөм дегени, өзүнө кол көтөрмөк болгону акмакчылык көрүндү. Адам баласына бир жолу гана берилген өмүрдү дити барып кантип кыя алат? Сегизбаевге окшогондорго өчөшүп, өмүрдөн аша кечкен болобу? Жок, Танабай дагы жашайт, тоону томкоруп, дагы нечен жумуштарды бүтүрөт.

Үйүнө келип, мылтыгы менен окчонтоюн эч кимге билдирбестен көздөн далдага бекитип салды да, күнү бою тынбай иштеди. Аялына, кызына, сакманчыларга жы-

луу-жумшак сүйлөп, жадырап жүрүүгө тырышты, бирок алар бирдемеден шекшинеби деп, кайра тартынды. Алар да эчтеме болбогондой, эчтеме билбегендей иштеп жүрүштү. Танабай ичинен ыраазы болуп, баш көтөрбөдү, унчукпады. Жайытка барып, койду айдашып да келди.

Кечке жуук күн бузулду. Жамгырыбы, карыбы, айтоор эмнеси болсо да, түнөрүп келди. Тоо этегин туман каптап, асманды салмактанган кара булут басып алган. Жаңы төлдү суукtan сакташтын сары санаа, убаракерчилиги кайрадан жүрөктү мыкчыды. Короону тазалап, астын кургактап саман төшөбөсө, тополоң дагы тиер бейм. Танабай да түнөрдү, бирок кечеги окуяны эстебеске тырышып, өжөрлөнө сергек кыймылдап жүрдү.

Каш карайган маалда бир атчан келди. Аны Жайдар тосуп чыгып, экөө сыртта сүйлөштү. Танабай короонун ичин тазалап жүргөн.

– Бери чыкчы, киши келди,– деди аялы ооздон баш багып.

Танабай аялынын бул чакырганын алда бир жаман кабардын жышааны сыяктуу туюп, денеси кичине үркүп койду. Сыртка чыгып, келген киши менен амандашты. Ал коңшу кашардагы чабан экен.

– Ой, Айтбайсыңбы? Аттан түш. Кайдан жүрөсүң?

– Айылдан. Бир жумуш менен барып калдым эле. Сага айтып кой дешти, Чоронун оорусу катуу экен. Сени келсин деп калды.

«Чоро болбой курусун...» – деп кара казандай болгон өпкөсү кайрадан калдайды. Аны көрөйүн деген көзү жок эле.

– Мен эмне, доктур белем? Оорусу баягы эле кеселидир. Ансыз да ишим чачтан көп болуп жатыры. Күндүн түрү болсо бу.

– Өзүң бил, Танаке. Барсаң-койсоң өз эркиң, мен милдетимен кутулдум. Кайыр кош. Мен кетейин, түн кирип келатат.

Айтбай темине берип, кайра токтоду.

– Деген менен ойлон, Танаке. Оорусу катуу экен. Окуудагы баласын чакыртыптыр. Станчадан тосуп алууга киши кетти.

– Кабарлап койгонуңа ыракмат. Бирок мен бара албаймын.

– Барат, барат,– деди уялганынан Жайдар. Танабай унчуккан жок да, Айтбай узап кеткенде аялына алая карады:

– Сен мен үчүн жооп бергениңди кой. Өзүм билем. Барбаймын дедим – барбаймын.

– Эмне деп атасың, ойлочу.

– Ойлой турган эчтемеси жок. Жетет! Көп ойлойм деп жүрүп, акыры партиядан да куулуп калдым. Менин эч кимим жок. Жазатайып төшөктөн турбай калсам, эч ким келбей эле койсун. Жалгыз жатып өлөмүн! – деп колун силкип таштап, короого кирип кетти.

Бирок көңүлү кургур тынч алалбады. Тууган койдун козусун алып, бурчка алпарып жайгаштырып, какшап маараган койлорго кошо бакырып, аларды түрткүлөй аралап жүрүп, өз алдынча күңкүлдөп коёт:

– Ушу жумушун баягыда эле таштаса го, минтип жаны кыйналбайт эле. Башчы имиш. Өмүр бою ооруп, жүрөгүн мыкчып жүрсө да аттан түшпөдү, шордуу. Сени эле мен көрөйүн деп тургандырмын. Таарынсаң таарын, мен да таарынычтуумун. Мага эч кимдин жаны ачыган жери жок.

Түн орноп турду. Кыйырчык кар себелей баштады. Айлана кулак тунгандай жымжырт, кар таруусу тырс-тырс түшкөнү да угулгудай.

Танабай аялы менен сүйлөшүүдөн тайсалдап, үйүнө кирбей койду. Аялы да келбеди. «Келбесең келбе, – деди Танабай. – Мени зордоп жибере албайсың. Мага эми баары бир. Чоро экөөбүз бири-бирибизге жат адамбыз. Анын

жолу бир башка, менин жолум бир башка. Бир кезде дос элек, эми бүттү. Дос экени чын болсо мурда кайда калды эле? Жок, мага эми баары бир...»

Акыры Жайдар өзү келди. Танабайдын плащын, жаңы өтүгүн, курун, колгабын, сыйга киер тебетейин ала келди.

– Кийин,– деди Жайдар.

– Бекер убара болбо, баары бир барбаймын.

– Бол, кечиктирбе, кийин өмүр бою башыңы муштагылап жүрбөгүн.

– Эмнеге муштайм?.. Чорону кудай албайт, коркпой эле кой. Бир аз күн жатып, кайра туруп кетет. Баягы эле оорусу да...

– Ай, Танабай, мен сенден эч убакта эчтеме сураган эмесмин. Бир сураганым ушу болсун. Ачууңу мага бер, башыңа түшкөн кайгыңды да мага бер. Барып кел. Кишичиликти унутпа. Эл бар, журт бар...

– Жок,– деп Танабай көшөрө башын чайкады. – Барбаймын. Мага эми баары бир. Сен адамгерчиликти, парзды ойлойсуң. Эл эмне дейт дейсиң. Эмне десе ошо десин. Мага баары бир.

– Кой, эсиңе кел, Танабай. Мен үйгө барып отту карайын, кийизге чок түшпөсүн.

Танабайдын кийимин калтырып, Жайдар үйгө кетти. Бирок Танабай ордунан козголор эмес. Бурчта отуруп, өзүн зордоп тургуза албады, Чорого айткан сөздөрүн унута албады. Эми барып: «Амансыңбы, ден соолугуң кандай, ал-жайыңы сурайын деп келип калдым. Эмне жардам керек?» – деп кашында отурабы? Жок, анте албайт, антип көргөн эмес.

Жайдар кайра келди.

– Али кийине элексиңби?

– Мазамы албачы. Айттым го барбаймын деп...

– Тур өөдө! – деп ачуу кыйкырды Жайдар. Анын буйругуна моюн сунуп, аскерден бетер ордунан атып турга-

нын Танабай өзү да байкабай калды. Жайдар жуук келди. Фонардын мунарык жарыгында ачуу-ыза аралаш от чачкан көздөрү жалтылдап турду. – Ырас сен эркек эмес, адам эмес, күңкүл-күйпүл катын болсоң, анда сенин ордуна мен барайын. Сен отур ушерде мурдуңдун суусун агызып! Мен азыр жөнөйм. Тез барып, атты току!

Танабай айтканына көнүп, ат токууга кетти. Кыйырчык кар себелеп турат. Чоң суунун көк ириминдей болуп, тегеректе караңгы түн уу-чуусуз тегеренип тургансыйт. Караңгыда тоолор да көрүнбөйт. «Кудай урганда муну карачы, ушу караңгыда эми кайда барат? – деп ойлоду Танабай атты токуп жатып. – Бу долуну эми көндүрө албайсың. Жок, көнбөйт. Өлтүрсөң да көнбөйт бир көгөрсө. Бу түндө адашып кетсе эмне болот? Мейли, өз убалы өзүнө...»

Атты токуп жатып ушинтип ойлоп, анан кайра өзүнөн уялды Танабай: «Мен да бир айбан экемин. Таарынычтан макоо боло жаздагамбы. Эл-журтка бечара болуп көрүнүп, менин азап тартканымы карагылачы дегенсип, аягыла дегенсип... эки ортодо аялымды кыйнап... А байкуштун жазыгы кайсы? Адам сыягым калбай калганбы? Айбан болуп кеткемби?..»

Ушинтип эки анжы болуп турду Танабай. Жанараак айткан сөздөрүнөн кайтуудан да арданды. Сүзөнөк букача көзүнүн төбөсү менен тиктеп, аялына барды.

– Токудуңбу? – деди Жайдар.

– Ии.

– Анда кийин. – Жайдар плащты сунду.

Танабай үн-сөзү жок кийине баштады. Аялы озунуп жумшарганына кубанды. Ошондо да кара күчкө кыйыктанымыш болду.

– Эртең эле барсам кантет?

– Жок, азыр аттан. Кечигип каласың.

Тоонун түнү түпсүз иримдей туңгуюк. Жана кыйырчыктаган кар эми зампарлап келди. Экинчи жүз көрүшпөс болуп ажырашкан досунун чакыруусу менен жападан жалгыз түн катып Танабай бaратат. Лапылдата жааган кар үстү-башына, сакалына жабышты. Аны силкип коёр Танабай жок, өз оюна термелип, ат үстүндө кыймылсыз. Өткөн-кеткен күндөрдү ойлойт. Боз бала чак. Чоро да жаш, айылдын агартуучусу, журттун сабатын ачкан жигит. Чоро экөө бирге комсомолго, андан кийин бирге партияга өтүштү. Чүй каналынын курулушуна барып, аерде экөө бир иштеди. Танабайдын сүрөтү басылган, эпкиндүү иши тууралуу жазылган гезитти биринчи болуп Чоро апкелип, биринчи болуп колун кысып куттуктаган. Анын баары эсинде.

Чорого деп муздаган пейили кайтадан жибий баштады. Жүрөгү кургур чыдабай: «Кандай күндө болду экен, байкуш? Чын эле кыйналып жаткандыр. Болбосо окуудагы баласын чакыртмакпы. Же бир кеңеше турган кеби барбы? Акылдашайын дегендир балким...»

Таң атты. Кар деле уюлгуп жаап турду. Танабай атын теминип, желе-жорто жүрдү. Эми тигил дөбөдөн түшсө эле, этекки чоң тектирде айыл. Чоро кантип калды экен? Тезирээк жетпесе болбос.

Аңгыча айыл тараптан үзүл-кесил үн угулгандай болду. Чың этип көккө атып чыккан үн кайта тып басылды, угулбай калды. Танабай тизгин тартып, кулак төшөдү. Жок, эчтеме угулбайт. Жөн эле угулгансыды окшойт.

Дөбөгө чыга келди Танабай. Төмөндө кар жамынган чарбактардын арасында айыл жатат көшүлүп. Бейубак бу маалда айыл ичи ээн, көчөлөрдөн кыбыр эткен жан көрүнбөйт. Тек бир үйдүн алдында гана опур-топур кишилердин карааны, байлоодогу аттардын карааны калдаят. Ал Чоронун үйү... Мынча эл чогулганы соо эмес го?.. Чыны менен?..

Үзөнгүгө тура калып, көзү көргөндү үңүлө тиктеп, Танабай кар аралаш муздак абадан аптыга жутту да, дөбөдөн кулаган таштай төмөн чапты. «Кантип эле?.. Кантип?.. Жок, кантип?..» Чородон жаман ат угулса, ага өзү күнөөлүүдөй Танабайдын оюу уйгу-туйгу болуп кетти. Жалгыз досу Чоро түбөлүк ажырашар алдында келсин деп чакыртса моюн толгоп барбайм деп, өпкөсү кагынып, өтү жарылып отуруп албадыбы. Мына, карабет болсо кантти? Жайдар бетине түкүрсө болмок экен! Бу кандай итчилиги! Өлүм алдында жаткан адамдын акыркы каалоосунан ашкан парз болобу, ошону аткарбаган Танабай ким өзү?!

Райондон кайтканда жорго минген Чоро артынан жете келгенин эстеди. Ошондо Чорого айткан сөздөрүчү! Аны эми өзү эч качан кечире албас!

Жөөлүгөнсүп өзүн өзү сөгүнүп, кар баскан көчөдө күйүп-жанып бараткан Танабай Чоронун үйүн көздөй нарытан бастырып келаткан топ атчанды көрдү. Унчукпай жоон карайткы болуп келаткан атчандар жакындай бергенде жабыла өкүрүк салып, чаба жөнөдү:

– Ойбай, баурым-ай! Ойба-ай баурым!

«Казактар келген экен»,– деди ичинен Танабай. Шумдуктун болгонуна күдүктөнгөн көңүлү ошондо ишенди: Чоро өлгөн тура! Күркүрөө суунун өйүзүндөгү казактар Чорону өз тууганындай көрүп, жалпы аймакка кадырлуу киши экенин урматтап, казасына кайгырып, суу кечип, эртелей жетип келген тура.

«Ракмат силерге, казак туугандар,– деди ичинен Танабай. – Ата-бабабыздан бери кайгырсак кайгыбыз орток, кубансак кубанчыбыз орток, маараке-тойдо байгежарыш, көкбөрүбүз орток. Ыйлагыла, туугандар, Чородон айрылган биз менен бирге ыйлагыла!»

Ошентти да Танабай таңга маалкы айыл ичин жаңыртып, боздоп өкүрүк салды:

– Эсил кайран бир боорум-оой! Эми кайдан көрө-йүн! Боорум-оой! Оо-о-ой!..

Ат үстүндө теңселип, дүйнөдөн көзү өтүп кеткен жан досун жоктоп, Танабайдын бели бүгүлүп, кабыргасы сөгүлүп, көзүнөн жашы төгүлдү.

Мына короо-жайы, мына эл. Тигине байланып турган Гүлсары. Кара жабуу жаап коюптур. Карага кар жаап, эрип кетип жатыры. Ээсиз калган эсил жорго. Кара жамынган кайран жорго, эми ушинтип тул турмак!..

Танабай атынын жалына кулап, кайра түзөлүп, кайра кулап, мууну катуу бошоду. Көз алды туман, адамдар жамгырлуу айнектеги элестердей, туш-тарап өкүрүк.

– Танабайды аттан алгыла! Чоронун уулуна жакын алпаргыла – деди бирөөнүн үнү.

Бир топ жигит аттан сүйөп алып, колтуктаган бойдон калың элди аралатып алып кетти.

– Эсил кайран бир боорум-оой, эми кайдан көрөйүн!.. Кечир, боорум, кечир мени!.. – деп өкүрдү Танабай.

Босогодо дубалга чекесин сүйөп өкүрүп, Чоронун студент уулу Самансур туруптур. Көз жашы көл болуп бери бурулду да, Танабай экөө кучакташып калды.

– Сен атадан айрылдың, балам! Мен досуман айрылдым! Жетпей калдым, эсил кайран жан досум, кечир мени! – деп боздоду Танабай.

Кишилер келип, экөөн ажыратты. Ошондо Танабай аялдардын арасынан Бүбүжанды көрдү. Ал Танабайды карап, көзүнүн жашы мөлт-мөлт төгүлүп турган экен. Танабай мурдагыдан бетер мууну бошоду.

Танабай Чорону жоктоп ыйлап, ага кошо көп нерсени жоктоп жатты. Көзү тирүүсүндө жете келип, көрүшө албай калган досун жоктоп, досуна бетке чапкандай катуу айткан сөздөрүн кайра алалбай калганын жоктоп ыйлады. Кашында турган Бүбүжандын бөтөн кишидей турганына жаны кейип, арманда кеткен асыл сүйүүсүн жок-

топ, ошол бир алай-дүлөй түндү жоктоп, эми тигинтип Бүбүжан жалгыз картайып, жар кызыгын көрө албай кеткен анын жаштыгын жоктоп ыйлады. Кара жабуу жабылып, тул турган Гүлсарыга жаны ачып, өз башына түшкөн ыза менен кордукка жаны ачып.., ушу күнгө чейин ый болуп чыкпай, ичте бук болуп келген бар азап-тозокторуна жаны ачып ыйлады Танабай.

– Эсил кайран жан досум, кечир мени! – дей берди Танабай эки сөзүнүн биринде. Ал азыр жалгыз Чородон эмес, кечиримди тиги Бүбүжандан да, бу Гүлсарыдан да сурап турду.

Бошогон көңүл ичинен: Бүбүжан келип сооротсо, көзүмдүн жашын арчыса деген тымызын сезим өттү. Бирок Бүбүжан басып келбеди, ал өзүнчө ыйлап турду.

Танабайды башкалар сооротту.

– Сабыр кыл, Танабай! Эми ыйлап Чорону тирилте албайбыз! Сабыр кыл!

Бул айткан кайрат сөз Танабайды ого бетер бошотту.

## XXII

Түш оогондо Чорону жерге беришти. Боз чаңгыл булуттардын арасынан күндүн көзү өлүмсүк тартып суз көрүнөт. Абада үлпүлдөк кар сээлдей каалгып, бирок дале токтобой жаап турат. Чорону акыркы сапарына узатып чыккан азалуу эл убай-чубай желе тартып жүрүп, кыламык ак кар баскан талаа бетине жаңыдан нук салып аккан куйругу кыска из түшүрүп баратат. Алдыда кыр тактайларын түшүрүп койгон ачык машиненин үстүндө аруу жууп, ак кийизге оролгон Чоронун сөөгү жатат. Жанында аялы, балдары, жакын туугандары отуруп барат. Ээрчиген эл атчан. Эки киши гана машиненин артында баштарын жерге салып, жөө келет. Бири – Чоро-

нун уулу Самансур, экинчиси – Танабай. Кара жабуу жабылган, бош ээр-токумдуу Гүлсары жорго Танабайдын жетегинде.

Айылдан чыккан жол бетине из түшпөгөн. Азалуу узун топ өткөн артта ат туягы эзмелеген кара жол калып жатты. Тирүүлөр көзү өткөн адамдын акыркы жолунун белгисин салып бараткандай. Жол барып дөбөдөгү көрүстөнгө кирди. Чоронун жолу кайрылбас болуп, мына ушерден түгөндү.

Кара жабуу Гүлсарыны жетелеп, жолду катар Танабай ичинен арманын айта жүрдү: «Мына, Гүлсары, экөөбүз Чородон айрылдык. Эми Чоро жок... Кечээги райондон келаткан жолдо сен эмне мага үн салып токтотподуң экен? Кудай сага тил бүтүрбөгөн. Мен болсом тилдүү-оoздуу боло туруп, тилсиз айбан сенден жаман иш кылдым. Досумду жолго таштап, кайрылбастан, карабастан кете бердим. Чорону мен өлтүрдүм, ырайымсыз ачуу тилим менен өлтүрдүм...»

Көрүстөнгө жеткенче Танабай Чородон кечирим сурап барды. Мүрзөгө Самансур экөө түшүп, Чорону түбөлүктүү мекен-жайына жаткызып болуп да Танабай кайта-кайта:

– Кечир мени, Чоро. Кош! Угар болсоң, кечир мени!.. – деп сыздады.

Оболу ар ким уучтап салган топурак башына жаздык болуп төшөлдү. Анан казанактын оозу бүтөлдү да, чуңкуруна күрөктөп топурак түшө баштады. Акыры дүмпүйгөн жаңы дөбө пайда болду.

Кош, Чоро!.. Кечир, Чоро!..

Кара ашы бүтүп, эл тарап жатканда Самансур Танабайды четке чакырып алды.

– Танаке, сизде сөзүм бар.

Экөө түтүн булаган самоорлордун жанынан, жер кемегелердин тушунан, казганактап турган элдин арасы-

нан өттү да, короодон чыгып, чарбакты аралап, бакка киришти, кол арыкты бойлоп басып, огороддон чыгышты да, сулап жаткан талга отурушту. Тапатандан сөз баштабай ар кимиси өз оюна малынды. «Турмуш дегенин, ушул экен го,– деди Танабай ичинен. – Мына Самансур кечээ күнү ойноп жүргөн бала эле, эми эр жетти. Башына түшкөн кайгыдан ого бетер эсейе түшүптүр. Эми Чоронун ордун басар ушул. Эми экөөбүз тең кишидей сүйлөшөбүз. Тагдырдын жөнү ушундай. Атанын ордун уулу басат. Уулдар тукум улайт, аталардын ишин илгерилетет. Атасын тартсын, ылайым. Бизден да акылдуу, бизден да билимдүү болуп, бизден бийик көтөрүлүп, өздөрүн да, өзгөнү да бактылуу кылсын бу балдар. Биз ошол үчүн атабыз, баланы бизден мыкты, бизден өөдө болсун деп тилегенбиз. Турмуштун маңызы ушунда».

– Самансур, сен эми үйдүн ээси болуп калдың,– деди Танабай сакалын сылай берип. – Чоронун ордуна эми сен Чоро болдуң. Чоронун сөзүн уккандай угайын. Сүйлө!

– Мен сизге атамын аманатын айтмакмын, Танаке,– деди Самансур.

Танабай Чоронун үнүн уккандай болуп, селт этип алды. Баамдаса баласы атасын айныбай тартыптыр, айрыкча азыркы үн ыргагы жаш Чоронун үнүндөй. Чоронун жаш кезин баласы көрбөсө да, Танабай көргөн. Атаң, өлсө өлсүн, атаңы көргөн өлбөсүн деген ушундан белем.

– Кулагым сенде, балам.

– Атамын көзү жумула электе жетип калдым. Кечээ кечинде мен келгенден бир сааттан кийин үзүлдү атам. Актык деми токтогончо акылынан танбай жатты. Сизди, Танаке, аябай күттү. «Танабай кайда? Келе элекпи?» – деп улам сурап жатты. Жолдо келаткандыр, азыр келип калар, – деп биз көңүлүн жубатып отурдук. Кыязы сизге айтар сөзү бар окшоду. Айта албай кетти.

– Ырас, Самансур, ырас. Ал экөөбүз көрүшүп калганда болмок. Эмнесин айтасың. Өзүмдү өзүм кечирбесмин. Мен күнөөлүүмүн. Көзү барында жетип келе албаган күнөө менден.

– Ошондо айтып кой, кечирим сурайм андан, мага таарынбасын, райкомго менин партбилетими өзү алпарып тапшырсын деди дегин. Унутпай айт, менин партбилетимди Танабай өз колу менен тапшырсын... Ушуну айтты да, тили байланды. Кыйналып жатты. Өлүп баратып да көзү менен бирөөнү издегенсий берди. Эриндери кыбырап, бирдеме деп жатты, көзүнө жаш алды. Биз түшүнбөдүк...

Танабай унчукпады. Сакалын салаалап тарап, бышактап ыйлап отурду. Дүйнөдөн Чоро өттү ушинтип, өткөндө да Танабайдын жартысын ала кетти.

– Айткан аманатыңа ыраазымын, Самансур. Атаңа ыраазымын,– деди Танабай ыйлаганын токтотуп. – Мени кыйнаган бир нерсе бар. Мени партиядан чыгарып салышканын билерсиң?

– Билем.

– Партиядан чыгып калган мен кантип Чоронун партбилетин райкомго тапшыра алам? Укугуман ажырап отурбайымбы.

– Билбейм, Танаке. Өзүңүз чечиңиз. Мен атамын акырет кетер алдындагы аманатын айттым. Атамын аманатын аткарып коюңузду сурайм сизден.

– Сөзүңөн садага болоюн, Самансур. Бирок алигидей балээге учурап отурбайымбы. Өзүң алпарып тапшырсаң кантет?

– Жок, болбойт. Атам да аманатын кимге тапшырарын билип айткандыр. Атам сизге ишенген соң мен ишенбей коёмбу. Райкомдогуларга айтыңыз, коммунист Чоро Саяковдун өлүм алдындагы аманаты ушундай болду деңиз.

Таң караңгысында Танабай айылдан аттанып чыкты. Жакшылыкта да, жамандыкта да эр адамдын жан жолдошу, талыбас канаты болгон эсил жорго Гүлсары katkалаң жолдон даңкан аттырып, салып-уруп жөнөдү. Бу жолу ал каза тапкан досу коммунист Чоро Саяковдун бөтөнчө тапшырмасы менен аттанган Танабайды алыпучуп баратты.

Бет алдыда көзгө илинбес жер кыйырынан таң кылайып атып келатты. Ак шоокумдун коюнунан жаңы күндүн жарыгы туулуп жатты. Ак шоокумдун коюнунан алтын нур кирпигин ачып, буурул мунарыкка шоола чачып келатты.

Гүлсары кулан ээк таңды көздөй, балбылдап турган чолпон жылдызды көздөй зуулдап барат. Ээн жаткан каткалаң жол айтылуу жоргонун таптап түшкөн туягынан кол баштаган добулбастай дүпүлдөйт. Танабай жоргону минбегенине көп болгон. Гүлсары баягы эле күүсүндө экен. Каршы соккон жел жоргонун жалын сапырып, Танабайдын бетин аймалайт. Турасы[1] жоюлбас Гүлсары али күч-кубаты кайтпаган, аргымак табында экен, жаныбар.

Жолду катар Танабай ойлой-ойлой башы каткан бир нерсе: Чоронун атайы ага аманат тапшырганы болду. Партиядан чыгып калган кишиге кандай ой менен тапшырып кетти? Сынаганыбы? Же Танабайды партиядан чыгарганга макул эместигин билдиргениби?.. Эми аныктоо кыйын, кайра сурап алуу жок. Эми эч качан Чоро кайра сүйлөбөйт. Ушундай да ырайымсыз сөз болорбу: «Эми эч качан...» Амал жок.

Жан-жактан түркүн ойлор камалап, унутайын, таптакыр эстен чыгарып салайын деген арманын кайра козгоду. Ушу менен бүттү деген нерселер али бүтпөптүр го.

---

[1] т у р а с ы – сымбаты, турпаты.

Али Танабайдын айтар сөзү бар экен, коюнуна катып Чоронун керээзин, акыркы аманатын алпаратат. Азыр райкомго барып, ал Чоронун жайын айтат, ким болгонун, ким экенин, элге кадыры өткөн, эмгеги сиңген, жан жолдошун кыйбас киши болгонун айтат. Өзү тууралуу да айтат. Айтпаса болбос, Чоро экөө бир колдун эки манжасы сыяктуу адамдар болгон.

Жаштык чагын, жаш кезде Чоро экөө кандай кыйынкыстоо күндөрдү баштан кечирип, кандай жумуш бүтүргөнүн да айтат. Райкомдогулар билсин. Балким түшүнөр. Танабайды Чородон тирүүсүндө да, өлгөндө да ажыратуу болбосун түшүнөр. Тек айткан арманды аягына жеткире угушса экен, кунт коёр кулак болсо экен.

Танабай секретардын кабинетине кантип кирип, алдына Чоронун партбилетин кантип коюп, кантип сүйлөп берерин элестетип баратты. Өз айыбын моюнга алып, кечирим сурайт. Иши кылып партияга кайра алышса болду, антпесе партияда жок жашоосу маанисиз болуп калды.

А эгер: сен партиядан чыгарылган адамсың, партиялык документти апкелүүгө кандай акың бар? – десечи? Сен коммунисттин билетине кол тийгизбешиң керек болчу, райкомго апкелип тапшырууга сенден башка киши табылмак, – десечи?.. «Жок, бул иш Чоронун өлөр алдындагы каалоосу! Өлүп баратып, журт алдында айткан керээзи!» – «Анын эмнеси бар экен. Өлүп бараткан адам сандырактап эмне айтпайт»,– десечи? Анда Танабай эмне дейт?..

Ал ушинтип ойдун кысмагынан кутулганча Гүлсары каткалаң кара жолдун танабын кыскартып, кең жайыктан сымаптай зыргып өтүп, Кара-Суунун кырына жетти да, эңкейиш ылдыйга куюлуп түштү. Кайран жорго Танабайды райборборго көз ачып-жумганча алып жетти. Кантип келип калганын Танабай өзү да байкабай калды.

Танабай көчө аралап бастырып баратканда мекемелердин эшиктери жаңыдан ачыла баштаган маал эле. Эч жерге бурулбастан Танабай ак көбүктөгөн армандуу жоргону туура райкомдун алдына жетип бир токтотту. Атты мамыга байлап, үстү-башын кагынып, жүрөгүнүн түрсүлүн токтото албай, Танабай кеңсеге бет алды. Эмне дешээр экен? Кандайча каршы алар экен?.. Узун далис аңгырап ээн турат. Жер-жерден келчүлөр али жолдо окшойт. Танабай тике Кашкатаевдин кабинетине кирип барды.

– Амансызбы? – деди катчы келинге.

– Саламатсыз.

– Жолдош Кашкатаев ордунда бекен?

– Өзүндө.

– Мен ага келдим. Мен «Ак-Таш» колхозунун чабаны болом. Атамын аты Бакасов.

– Сизди тааныйм,– деп келин бырс этип койду.

– Таанысаңыз, тиги кишиге айтыңыз, биздин парторгубуз жолдош Саяков Чоро кайтыш болду. Өлөр алдында партбилетимди райкомго жеткир деп мага тапшырган. Мен ошол иш менен келдим.

– Жарайт. Бир мүнөткө күтө туруңуз.

Катчы келин көп күттүргөн жок, бирок ошо мүнөт ичинде Танабай ордун таппай чыдамы кетти.

– Жолдош Кашкатаев бош эмес,– деди келин кабинеттин эшигин ныктай жаап. – Саяковдун билетин эсеп секторуна тапшырсын деди. Далис менен барып оңго бурулсаңыз, табасыз.

«Эсеп сектору... далис менен барып, оңго... Бу кандай?» – деп Танабай эсеңгирей түштү. Анан акырындап иштин маани-жайын түшүндү да, көңүлү чөктү. – Кантип? Ушинтип эле опоңойбу?.. Мен дагы...»

– Жолдош Кашкатаевге айтар сөзүм бар. Көптөн көп суранам сизден. Өтө маанилүү сөзүм бар.

Катчы келин кайсактай туруп кабинетке кирди да, кайта эле чыкты.

– Колу тийбейт. Өтө зарыл жумушу бар. – Анан Танабайга жан тарткандай шыбырады. – Сиз менен сөзү бүтпөдү беле. Сизди кабыл албайт. Кайта бергениңиз оң.

Танабай далисти бойлой жүрүп барып, оңго бурулду. «Эсеп сектору» деген жазууну көрдү. Эшиктен тешик жасап коюптур. Тык-тык кагып дабыш берди. Тешиктин капкагы ачылды.

– Сизге эмне керек?

– Билет өткөзөйүн дедим эле. Биздин парторг Чоро Саяков өлдү. «Ак-Таш!» колхозунан.

Танабай койнуна колун салып, боолуу булгаары калтадан Чоронун билетин алып чыкканча сектор башчысы чыдап күтүп турду. Кечээ күнгө чейин өз партбилетин салып жүргөн булгаары калта, эми Чоронун билетин салып келген калта. Танабай билетти тешиктен сунду.

«Кош бол, Чоро!»

Сектор башкарган аял партбилеттин номерин, Чоронун аты-жөнүн, партияга өткөн жылын жазды. Чоро тууралуу акыркы эскерме жазылгандай болду. Анан Танабайга кол койдурду.

– Бүттүбү? – деди Танабай.

– Бүттү.

– Кайыр кош.

– Кайыр кош. – Тешиктин капкагы тарс жабылды.

Танабай деңгиреп сыртка чыкты. Жоргонун чылбырын чечти.

– Бүттү, Гүлсары,—деди жоргого. – Бүттү деген ушу.

Арыбаган аргымак эми аны айылды көздөй алып жөнөдү. Кол чакырып дабыш салган добулбастын үнүндөй дабыраган дүбүрт астында жазгы талаа каршы жүгүрүп, сыдырым жел аймалайт. Жоргонун жүрүшүнөн Танабайдын жан азабы бастагандай болду.

Ошол күнү кечинде Танабай тоодогу үйүнө кайтып келди. Аялы үндөбөстөн тосуп, атын жылоодон алды.

Эрин колтуктап түшүрдү.

Танабай аялына бурулуп, кучактап көрүштү. Аялы да ыйлап, экөө Чорону жоктоду.

– Чородон айрылдык! Эми Чоро жок, Жайдар. Эми менин досум Чоро жок,– деп Танабай көз жашын көлдөттү.

Анан мөгдөп барып, үй артындагы корум ташка отурду. Ак найза чокулардын артынан кумсарып чыгып келаткан айды карап, жалгыз отургусу келди. Үйдө аялы балдарын жаткызып жатты. Очоктогу оттун чатырап күйгөнү, туурдуктун жыртыктарынан жылтылдаганы көрүнөт. Бир маалда жүрөктү мыжыгып, ооз комуздун зарлаган үнү чыкты. Ызылдап ышкырып шамал соккондой, ай талаада бир адам муңкана ырдап, зар какшап ыйлап жүргөндөй туюлду. Дүйнө демин ичине тартып тунжурап, алиги зарлаган адам гана теңирге үнү жеткидей какшап, дүйнөнүн суук койнунан алда кимди издеп жүргөндөй туюлду. Карып киши кайгы-муңун кимге барып айтаарын билбей чарк айланып, чыркырап ыйлап жүрөт, бирок анын зарын угар жан жоктой. Дүйнө тунжурап жымжырт. Карып киши зарын айтаар жан таппайт, башын катар жер таппайт, тек өз үнүн өзү угуп, боздоп жүрөт.

Танабай да тунжурап угуп отурду. Жайдар атайылап ал үчүн «Карагул ботомду» кагып жатканын түшүнүп отурду.

...Илгери-илгери бир заманда бир абышканын ашкан мерген, көй баатыр жалгыз уулу болгон экен. Баланы жаштайынан мергенчиликке атасы үйрөтүптүр. Бала атасынан ашып өтүптүр. Көздөгөнүн куткарбай мээлегенин качырбай атчы экен. Жүгүргөн аң, учкан куш анын огуна жем экен. Тоодогуну тоодон, ойдогуну ойдон атып-

тыр. Эчки менен телкини боозуна карабай, улак менен чаарчыгын жаштыгына карабай кыра бериптир.

Ошентип бала мерген Кайберенден тукум койбой, Сур Эчкинин үйүрүн кошо кырып жибериптир. Аягында Сур Эчки Алабаш текеси экөө гана калат. Ошондо Сур Эчки мергенге жалынып-жалбарып: кайберен тукуму курут болуп кетпесин, Алабаш текеме тийбесең экен,– деп зарлайт. Бирок мерген жигит Сур Эчкинин зарына кулак салбай, Алабашты сулатат. Алабаш теке аскадан учуп түшөт. Ошондо Сур Эчки жаны кашайып, мергенге капталын салып туруп айтат: «Эми менин жүрөгүмдү далдап ат, козголбой туруп берейин. Бирок тийгизе албайсың. Бу сенин өзүңө аткан огуң болот»,– дейт. Жаш мерген алжыган Эчкинин сандырак сөзүнө күлүп, мээлеп туруп басып калат. Сур Эчки кулабайт. Караса аткан огу алдыңкы бир туягын гана чырпып өтүптүр. Жаштайынан жаза атпаган мерген сестене түшөт. «Көрдүңбү,– дейт анда Сур Эчки, – эми аксаган мени кууп кармап ал!» – «Качып көр эмесе. Өз убалың өзүңө. Кармаган жерден соёмун!» – деп күлөт да, мерген кууп жөнөйт.

Сур Эчки качып берет. Аска-зоону аралап, мерген жигит аны нечен күн, нечен түн кубалайт, такыр жете албайт. Мылтыгын алдагачан таштаган, кийим-кечеси тытылган. Сур Эчкиге жетем менен жүрө берип, акырында бир караса аскага камалып калыптыр. Же жогору чыгып, же төмөн түшүп кетер жолу жок, же оңго, же солго бурула албайт, жалама көк асканын боорунда турат тырмышып. Ошондо Сур Эчки айтат: «Бул камактан сен эми кутулуп кете албайсың, эч ким куткарып алалбайт. Кайберендин умай энеси мени кандай зарлатсаң, аска таштын арасында сенин атаң да ушинтип зарлап калсын! Каргышым атсын сени, Карагул, каргышым

атсын!» – деп каргап, өзү зар какшап ыйлап, Карагул кырган тукумун жоктоп кеткен экен Сур Эчки.

Ошентип не жогору, не төмөн, не оңго, не солго бурула албай, кылт этсе учкудай болуп, Карагул мерген жалама зоонун боорунда жарганаттай жабышып кала берсин.

Ал учурда атасы ар жерден издеп жүрөт. Тоо коюнун тинтип жүрөт. Бир жерден мылтыгын таап, бир балээ болгонун туят. Аска-зоонун арасын, капчыгайдын ичин койбой тинтип: «Карагул ботом, кайдасың?» деп издеп келет. Аска-зоо гана жаңырып: «Карагул ботом, кайдасың?» – деп жооп кайтарат.

Бир маалда: «Ата, мен мындамын!» – деген дабыш чыгат кайдандыр бийиктен. Селт караса, көк тиреген зоонун боорунда жарганаттай жабышып уулу турат.

Жүзүн буруп карай албайт, кылт этсе сөөгү сөпөт болгудай.

– О, байкуш, балам, ал жерге кайдан барып калгансың? – дейт үрөйү учкан атасы.

– Сураба, ата, шумдукту, – дейт уулу тескери карап турган боюнча. – Мени буерге каргыш камады. Сур Эчки ушинтип камап салып, кутулгус кылып каргап кетти. Турганыма көп күн болду, же күндү, же көктү, же жерди көрө албаймын. Сенин жүзүңдү да көрө албай турам. Мени аясаң атып ал. Бул азаптан куткар мени, ата. Атып ал да, сөөгүмү терип көөмп кой.

Ата шордуу не кылсын? Зар какшап ары жүгүрдү, бери жүгүрдү, куткарып алар айла таппады. Баласы болсо асканын боорунан: «Аясаң ата мени, ата, азап тартпасын десең атып ал!» –деп жалынат. Ата шордуунун сай сөөгү сыздап, аргасы куруйт. Кечке чейин колу барбай, акыйып отурат. Күн батар алдында гана көзүн жуумп туруп ок чыгарат. Мылтыгын ташка чаап, кулап түшкөн баласынын башын кучактап, ошондо минтип ыйлаган экен:

Тагдырым мени, каргады, ботом,
Тагдырым сени жайлады ботом
Кайберен кырып – кыйраттың, ботом.
Как баш кылып мени куураттың, ботом,
Аска-зоо, тоону жаңыртып, ботом,
Зар какшап минтип ыйлаттың, ботом.

Танабай үй сыртында үңкүйүп, элдин эзелки зарын угуп отурду. Карайган тоо башынан каалгып чыккан ай мөңгүлүү аскалардын учуна жетип, илинип турганын карап отурду. Кайрадан мууну бошоп, өлгөн досунан кайрадан кечирим сурап отурду.

Жайдар болсо үйдө «Карагул ботомду» какшата кагып жатты.

Тагдырым мени каргады, ботом,
Тагдырым сени жайлады, ботом...

## XXIII

Таң атары жакын. Өлүп бараткан аттын башында, өчүп бараткан оттун кашында отуруп, Танабай өмүрүнүн андан кийинки окуяларын эстеди.

Ошол күндөрдүн биринде Танабай областтын борборуна барып келгенин эч ким билген жок. Акыркы аракети болчу ал. Былтыр райондо өткөн кеңешмеде сүйлөгөн обком секретарына бир жолугуп көрөйүн, муң-зарымы айтайын деп чыккан. Бешенеси жылуу көрүндү эле, жардам берсе ошонун колунан келер деди. Аны маркум Чоро да, башкалар да мактап жүрө турган. Бирок ал кишини башка областка которуп жибергенин Танабай обкомго барганда билди.

– Мурда уккан жок белеңиз?

– Жок.

– Жумушуңуз анчалык зарыл болсо, жаңы секретарга айтайын, кабыл алар, – деди катчы аял.

– Жок, рахмат,– деди Танабай. – Мен керт башымын жумушу менен келдим эле, мурунку секретарды билчү элем, ал да мени таанычу, башкаларды убара кылганым болбос. Айып көрбөңүз, жакшы калыңыз. – Обкомдон чыгып баратып өзү мурунку секретарды тааный тургаНЫНА, ал киши да өзүн тааныганына шек келтирбеди. Обкомдун секретары колхоздун чабаны Танабай Бакасовду тааныса, анын эмнеси таң калыштуу? Андай эки адам бирин бири таанып, сыйлаша жүрсө, анын эмнеси бар экен? Алиги катчыга ошол үчүн айтты.

Танабай көчө менен автостанцияга келаткан. Пивокананын тушунан өтө бергенде машинеге бош бочкелерди жүктөп жаткан эки жумушчуга көзү түштү. Бири машиненин үстүндө туруп, экинчиси жерден бош бочкени жогору томолотуп чыгарып жатыптыр. Ошол жигит жалт карап, Танабайды көрдү да, өңү өзгөрүп кетти. Ал Бектай экен. Бочкени тиреп туруп, Танабай эмне айтар экен дегенсип, жаман көзү менен тиктеп калды.

– Ой, уктап калдыңбы? – деп шаштырды машиненин үстүндөгү шериги.

Таяп турган бош бочке төмөн тоголонуп, аны Бектай чирене түртүп туруп, Танабайдан көзүн албады. Бирок Танабай саламдашкан жок. «Сен буерде экенсиң го. Тапкан жерин. Жетишиптирсиң. Ичкилик жагына ооган турбайсыңбы... – деп ойлоп Танабай кете берди. Кайран жигит, кор болосуң го! – деди да, жайыраак басты. – Мыкты эле адам болмок эле... Же кайрылып сүйлөшсөмбү?» Бектайды аяп, кайрылмакчы болду да, эгер түшүнүп, туура жолго түшсө, өткөн-кеткенди кечирүүгө ниеттенди. Бирок, кайрылбады. Эгер Бектай партиядан чыкканын уккан болсо, экөө жөндөп деле сүйлөшө албайт. Заар тилдүү чогоол немеге Танабай өз тагдырын табалаткысы келбе-

ди, партиядан чыгарылганына карабастан кармап калган адал дилин кордоткусу келбеди. Ошентип, кайрылбастан кете берди.

Жолдо бир машинеге түшүп келатып, ойлогону Бектай болду. Төмөн сыдырылган бочкени эки бүктөлө тиреп туруп, жаман көзүн айырбай тиктегени элесинен кетпеди.

Кийин Бектай соттолду. Сотто Танабай Бектайдын оторду таштап кетип калганын гана айтты, башка эчтеңке деген жок. Бектай өз каталыгын түшүнүп, күнөөсүн мойнуна алса деп каалады. Бирок Бектай кылган күнөөсүнө өкүнөр ою жоктой.

– Түрмөдөн бошонуп чыкканыңда мага кел, тиричилик жагын акылдашалы, – деди ал Бектайга.

Бектай жооп бербеди, башын да көтөрбөдү. Танабай эмне демек эле, кете берди. Партиядан чыгарылгандан бери ал өзүнө өзү ишене бербей, кишилердин алдында күнөөсү бардай, корунчаак болуп кеткен. Мындай күндө калары түшүнө кирбес эле башта. Эч ким аны көзгө чукуп, көкүрөктөн итерип жатпаса да, элден четтеп, сөздөн качып, аз сүйлөп, көбүнбесе унчукпай, жазгана берчү болду.

## XXIV

От боюнда сулап, кыймылсыз жатты Гүлсары. Тула боюнан тирүүлүк акырындап кетип барат. Кадимкидей кыркыроо кирип, чанагынан чыккан көздөрүнүн өлүмсүк нуру өчүп, төрт аягы тырайып жата берди.

Танабай болсо жорго менен коштошуп, ыраазылык сурап, өз ыраазылыгын айтып отурду: «Жаныбарым, буудан туума ат элең. Мага канат болдуң Гүлсарым, жолдош болдуң, Гүлсарым. Менин гүлгүн өмүрүм, жаркын жылдарым сени менен кетти. Өмүр бою эстей жүрөрмүн.

Мына эми, колумда өлүп баратасың, ал ансайын мен өткөндү өксүй эстеп отурам, бууданым. Күлүк күнүң кетти, тулпар тушуң өттү, Гүлсарым. Кези келсе о дүйнөдөн жолугарбыз. Бирок ал жайда дүбүртүңдү уга албасмын, дүйнөнүн дүңгүрөтүп жорго салар жолу жок, туякка такат кылар жери жок, анткени ал жайда жашоо жок. Бирок бу дүйнөдө көзүм тирүү кезимде сен өлбөйсүң, дайым менин эсимде жүрөсүң. Сенин дүбүртүң бу дүйнөдө менин өмүрлүк ырым болуп кошо жүрөр...»

Ушинтип ойлойт да, жоргонун жүрүшүндөй зуу этип өтүп кеткен өмүрүнө кейийт Танабай. Жоргосу экөө бат картайып кеткенине кейийт Танабай. Бирок чалмын деп мөгдөп калышка али эртедир. Адамдын картаюу-картайбоосу жашка байланыштуу эмес, көңүлгө байланыштуу. Доорум өтүп кетти, калган жашты улагада жатып тим жашайын деп моюн сунса, анда адамдын чындап картайганы...

Мына азыр, өлүп бараткан жоргосунун кашында отуруп, Танабай бүт өмүрүн көңүлдүн элегинен кайра бир өткөзүп чыкты да, карылыкка мынча тез моюн сунганына өкүндү. Баягы райкомдун бир кишиси аны унутпаганын, атүгүл издеп келгенин, камкордук көргөнүн ойлоп, ошондо анын тилин албай койгонуна өкүндү.

Ал окуя партиядан чыгарылгандан жети жыл кийин болгон. Танабай анда Сарыгоодо колхоздун чөп чабыгына корукчу. Кароолчунун үйүн ээлеп, кемпири Жайдар экөө гана турат. Кыздары окууга кетип, ошо бойдон турмушка чыгышты. Уулу техникумун бүтүргөн соң райондо калып, ал да турмуш курду.

Жайдын бир жадыраңкы күнүндө Танабай суу боюнда чөп чаап жүргөн. Тамылжыткан керимселдүү күн, шар аккан суунун шапатасы. Чегирткелер чырылдап, чөп чабыктын гана маалы. Танабай чалдарча ак жекте, ак дамбалчан, кериле шилтесе чалгысы зыңылдап, чапкан чөбү

жалданып, узатасынан түшүп барат. Өзү да кызыгына кирип калган эле, жакындай келип токтогон Газик машинени, андан эки киши түшкөнүн байкас албады.

– Саломалейкум, Танаке! Иш илгери болсун! – деген дабыш чыкканда башын көтөрсө, маңдайында Ыбрайым турат. Кадимкисиндей жапакечтенип, эки бети былтыйып, курсагы чыккан. – Мына, сизди таап алдык, Танаке,– деди жалжая күлүп. Райкомдун секретары өзү издеп келди сизди.

«Ой, куу түлкү, ээй! – деп таңданды Танабай. – Кайсы заман болсо да жугундусун таап жейт. Жойпуланганын карачы. Мындан ашкан мээримдүү адам жоктой. Чоңго күлөганыч, кичинеден алаганыч».

– Амансыңарбы, балдар? – деп Танабай алардын колун алды.

– Таанылбадыңызбы, абаке? – деп сурады чоочун жигит, Танабайдын колун кысып туруп.

Танабай бүшүркөй берди. «Кайдан көрдүм эле?» – деп эстей албады. Мандайында тааныш адам турган сыяктуу, бирок аябай өзгөрүп кеткен тааныш сыяктуу. Тепсе темир үзгүдөй жаш жигит, жүзү күнгө тотуккан, көз карашы ишенимдүү, өңү жылуу, үстүндө сур кенен костюм, башында чий калпак. «Ким болсо да шаардан го...» – деди ичинен Танабай.

– Бу киши жолдош... – деп Ыбрайым кыпчыла калды эле:

– Токто, токто, өзүм айтайын,– деп Танабай аны тыйды, анан кылт эткен ойдон ичи жылый түштү. – Тааныдым, балам. Сени кантип таанытбай калайын! Аман-эсен жүрөсүңбү, чырагым?

Бул Керимбеков эле, Танабайды партиядан чыгарып жаткан бюродо тайманбастан жактап сүйлөп, катуу айтышкан комсомолдун секретары ушул болчу.

– Таанысаңыз, анда сиз менен бир аз сүйлөшөр сөз бар. Суу жээктеп басалы. Сиз болсо, чалгыны алып, чөп чаба туруңуз, – деди Керимбеков Ыбрайымга.

Ыбрайым карбаластап, кемселин чечкиче шашты.

– Куп болот, жолдош Керимбеков, – деп жалпаңдады. Танабай менен Керимбеков чабыкты четтей басып барып, жээкке отурду.

– Мен кандай жумуш менен келгеними ичиңизден сезип отургандырсыз, Танаке, – деп баштады Керимбеков. – Сыртыңыздан карасам, али тың экенсиз, жаш жигиттей чалгы шилтегениңизди көрүп, кубанып калдым.

– Сени көрүп, мен да кубандым. Кулагым сенде, балам.

– Анда эмесе, сөздүн ток этер жерин айтайын. Өзүңүз билесиз, азыр көп нерсе өзгөрүп, заман түзөлүп баратат.

– Көрүп жүрөм. Айтканыңда калет жок, чырагым. Биздин колхозду эле карап туруп, көкүрөгү жетик түшүнбөйбү. Жагдай жакшырып келатканы көз кубантат. Кээде ишене албай кетесиң. Баягы жылдары койчу болуп жүргөн Беш-Теректи жакында барып көрүп, ичим күйдү. Жаңы кашар салыныптыр, үстү шифер менен жабылган, жарты миң кой баткыдай. Чабанга өзүнчө үй, жанында ат сарайы дагы турат. Өңүмдө эмес, түшкө кирбеген иш болуптур. Башка оторлордо да ошондой экен. Айыл ичинде да күндө жаңылык. Бара калсаң жаңы үйлөр туруп калганын көрөсүң. Иши кылып элдин эртеңи да ушундай болсо болгону.

– Биздин да аракет, максатыбыз ошол. Азыр да жетишпей жаткан жаштар көп. Көч жүрө-жүрө түзөлөр деген эмеспи. Ал эми менин сизге келген жумушум мындай. Партияга кайра өтүңүз. Ишиңизди кайта карайлы. Бюродо сиз тууралуу сөз болду. Жакшылык иштин кечи жок деген эмеспи.

Танабай унчуга албай калды. Кысынып отурду. Кубанып да отурду. Эски күйүттүн орду сыздап, жүрөгү мыкчылып да отурду. Көкүрөгүнө кара кан болуп каткан ызалык өйүп чыкты. Бирок эски жаратты тырмагысы келбеди.

– Ыкыласыңа ыракмат, балам. Мен сыяктуу чалды унутпаганыңарга ыракмат,– деп бир аз отурду да, чын пейилин айтты: – Картайып калдым, балам. Эми менден партияга не пайда? Ага мен кандай кызмат көрсөтө алам? Жарамдан чыгып калган чагым. Менин доорум өтүп кеткен. Көңүлүңө алба, балам. Мен ойлонуп көрөйүн.

Танабай райкомго барууга чыгынбай күндө эртең менен жүрө берди, убакыт өтө берди. Мурдагыдай чапчаңдыгы жоголуп, ыкшоо тартып калган чагы эле.

Ошентип жүрүп бир күнү атанып районго бет алды да, жарым жолдон кайра келди. Ал эмнеси? Кайтканы натууралык экенин өзү да түшүнүп келди. «Алжып баратамбы, бул эмне кылганым?» – деп өзүнө өзү кейип келди. Бирок кайра атанып барбады.

Ошол орто жолдо эки анжыланып турганда көз учунан Гүлсарынын чаңын көрдү. Чаңынан улам Гүлсары экенин жазбай тааныды. Кийинки кезде жоргону сейрек көрчү болгон. Жайдын кенен, ысык талаа бетинде Гүлсары бөжүп өтсө, артынан чубалжыган боз шалы чаң калып барат. Танабай алыстан карап туруп, жаны кейиди. Мурда артта калган чаңы жоргону кууп жетчү эмес. Гүлсары куйруктуу сары жылдыз болуп шыркырап учуп өткөндө чаңы карааныны илешпей чубалжып кала берчү. Азыр карап турса, уюлгуган чаң бирде жоргону кууп жетип, тумчулап баса калат, бирде жетпей чубала түшөт. Гүлсары улам чаңынан суурулуп чыгат, ага болбой чаңы кайра жете коюп барат. Жаныбар, эми чаңынан кутула албай калган чагы экен. Демек карылыкка алдырып, чаа-

лыга баштаган тура. «Ушу күнгө жеттиңби?» – деп Танабай өзүнчө туруп кейиди.

Чаңынан кутула албай Гүлсары тозоң жутуп, чымыркана жүрөөрүн, ага болбой үстүндөгү киши жан ачытып камчы салып баратканын элестетип, Танабай чыдай албай, тигил атчан алыста баратса да: «Ой, атты чаппа!» – деп кыйкырып, тууради теминип калды. Бирок жетмек кайда, бара түшүп, тизгин тартты. Анын оюн тиги киши түшүнсө дурус го, а эгер: «Ишиң эмне? Кайдан чыккан кожоюнсуң? Чабам коём – өзүм билем. Былжырабай жолуңа түш!» десечи? Анда Танабай эмне демек?..

Ал ортодо Гүлсары биресе чаңга көмүлүп, биресе суурулуп чыгып, алка-шалка тер менен кара-буурулданып кетип баратты. Танабай көпкө карап турду. Анан аттын башын буруп, айылды көздөй кайра тартты.

«Дооронубуз өткөн экен, Гүлсары,– деп келатты күбүрөп. – Картайыппыз. Эми биздин керегибиз кимге. Мен да чуркагандан чаалыктым. Төрүбүздөн көрүбүз жакын калган тура, Гүлсары...»

Бир жыл өткөндөн кийин Танабай Гүлсарыны дагы бир көрдү. Жорго арабага чегилип калган экен. Көңүлү дагы бузулду. Карылыгы жетип, иштен чыккан жоргонун мойнуна чириген камыт салынып, чалдыбары чыккан жаман арабага чегилип калганын көрүп, Танабай капа болду да, карагысы келбей терс бурулду.

Кийинчерээк Гүлсарыны дагы көрдү. Көтөнүндө турсиси, ийининде айрык майкеси бар жети жашар бала минип баратыптыр. Атка мингенине маашырланып, жалаң согончогу менен теминип коюп, көйрөңдөнүп бараткан экен. Ат мингени ушул болсо керек, жоош деп чобур болгон жоргого мингизишкен окшойт.

– Ата, карачы! – деп мактанды бала. – Мен Чапаевмин! Азыр суудан өтөйүнбү?

– Кана, азамат, көрөйүнчү! – деп Танабай да мактап койду.

Тизгинди кагып, бала атты сууга салды. Гүлсары өйүзгү бийик жээкке тырмышып чыга бергенде бала шыпырылып сууга шалп түштү.

– Апа-аа! – деп корккoнунан бакырып жиберди.

Танабай аны суудан алды да, жетелеп атка алпарды. Гүлсары улам бут оодарып коюп, жалгыз аяк жолдо турган. «Тураң жоюлган экен ээ, шордуум!» – деди Танабай. Картаң жоргонун жонуна баланы көтөрүп мингизип койду.

– Бастыр, эми жыгылба. Гүлсары илкий басып кете берди. Тагдыр айдап, Гүлсары акыр соңунда кайрадан Танабайдын колуна тийди. Танабай аны багып-кагып, мал катарына кошкондой болду эле, мына эми Кара-Суунун өрдөшүнөн акыркы жолу араң чыгып, орто жолдо өлүм оозунда жатат.

Танабай райондогу баласына кубанычка барган болчу. Экинчи небереси төрөлгөн. Бир кой союп, бир кап картөшкө алып, Жайдарга боорсок-нан бышыртып ала келген. Маанимжок деп Жайдар келбей калган, анын себебин Танабай кийин түшүндү. Жайдар жан баласына ооз ачып айтпаса да, келинин жактыра берчү эмес. Ансыз да ылдый баш, жоош уулу бар эле, ага минтип бейжай, тажаал колукту туш келгенин кантесиң. Айтор өзгөнүн көңүлүнө карабас, өз өктөмдүгүн гана жүргүзгөн, бирөөнү кордоп, тепсендиге салбаса башы ооруй турган жандар болот эмеспи. Танабайдын келини да ошондой чыккан.

Бу жолу да Танабай чырдын үстүнөн чыгыптыр. Көрсө, баласы кызматтан көтөрүлмөкчү экен, бирок анын ордуна башканы көтөрүп коюшуптур. Ошого туталанып отурган келин кайнатасын беттен алды:

– Жылкычылык менен койчулуктан башыңар көтөрүлбөс болгон соң башында эле партияга өтүп силерге

суутуп койду беле. Акырында партиядан кууп салды, мына силердин кесепетиңерден балаңар өсө албай отурат. Ушул кызматында бирөөнүн көзүн карап, бу шордуу эми өмүр бою отурат эмеспи. Силердин эмнеңер кетип жатты эле, бир чал-кемпир жатыры жайлоодо, силер үчүн быякта биз шорломой болдук.

Ал анан тили ышкырып жөнөлдү дейсиң...

Танабай бекер келген экемин деп, эрдин тиштеп отурду. Келиндин көңүлүн жубатышка бир маалда:

– Андай болсо мен партияга кайра кирүү жагын караштырайын, – деп айтып салса болобу.

– Ак эткенден так этип, партия силерди эле күтүп отурат дейт. Чалдыбары чыккан чалсыз партиянын иши жүрбөй калыптыр дейт! – деп келини заарлана бырс этти.

Маңдайында какшап отурган өз келини эмес, өзгө бирөө болсо Танабай ушинтип сүйлөттүрө коймокпу? Өз колуңду өзүң кантип кесесиң? Жаманбы, жакшыбы, чыдайсың да... Үндөгөн жок, айтышпады. Күйөөң өзү болумсуз, ошол үчүн өстүрбөй жатат да, анысы аздык кылгансып, адал адам жакын жолобос сага окшогон ажаан катынга жолукса, ушу жаман кантип өссүн... деп айтуудан тартынды. «Жакшы катын жаман эрди зор кылат, жаман катын жакшы эрди кор кылат» деп эл бекер айткан эместир. Муну да айтпады. Тек: – «Жаман болсо да уулумду катынынын көзүнчө кордобоюнчу, а көрө мен айыптуу боюнча калайын», – деп унчукпады.

Танабайдын ашыгып беймаал жолго чыкканы да ошол.

«Албарсты акмак! – деп тилдеп отурду азыр Танабай жол боюнда, от кашында, өлгөн аттын башында. – Сендей албарстылар кайдан чыгар экен? Же өзүндө уят-абийир жок, же адамга ызаат-ыйбаасы жок. Өзүм гана деп, башканы да өзүндөй көрүп... Бирок сенин каалаганың боло койбос. Эл бар, журт бар. Мен да керектен биротоло чыгып калган жерим жок...»

## XXV

Агарып таң атты. Жерден суурулуп чыккандай аскар тоолор көрүндү, танабы узарып, талаанын этеги жайылды. Жар башында жаккан оттун быкшыган кору калды. Кор башында тонун желбегей жамынып, ак сакал абышка турду. Эми жоргого тон жабуунун кереги жок эле. Ал башка дүйнөгө кетти, теңирдин жылкысына барып кошулду... Танабай өлгөн атты карап туруп, таң калды: жаныбардын арыганын! Гүлсары далбас уруп жатып жан берген калыбында моюну кежейип, башы артка карай чабылган. Жаагында кара так болуп жүгөндүн изи калган. Төрт аягы төрт жакка тырайган боюнча катып калды. Чарт-чарт жарылган туяктарында жешилип бүткөн такалары калды кыймылсыз. Болду! Эми кайта бу кайран туяктар жер баспайт, дүбүрт төгүп даң салбайт. Болду... Бүттү... Кетиш керек. Танабай эңкейип жоргосунун муздаган кабагын укалап, көзүн жапты, көкүлүнөн бир тал кесип алып, коюнуна катты, анан жүгөндү алды да, жолуна түштү.

Талаа кезип, тоо таянып, жүрүп отурду. Түгөнбөгөн ойлорун ойлоп жүрүп отурду. Карылыгын, ичер суусу, көрөр күнү байып баратканын ойлоду. Ошондо да желе тарткан тобунан адашып калган куштай болуп жалгыз өлгүсү келбеди. Не болсо да канат кагып бара жатып, көк бетинде үзүлсөм, ошондо бир уядан учуп чыккан сапарлаштарым үстүмөн үч айланып учуп, азалуу үн салып өтсө деп ойлоду.

«Самансурга кат жазайын,– деп көкүрөккө түйдү Танабай. – Гүлсарыны жазайын. Эсиндеби баягы айтылуу жорго? Сенин атаңын партбилетин мен районго ошол жоргону минип жеткирбедим беле. Сен өзүң узатпадың беле. Кечээ райондон келаткан жолдо ошол жоргом өлдү. Узун түндө көз ирмебей өлгөн аттын башында отурдум,

мүлдө өмүрүм чууруп көз алдыман өттү. Жаман айтпай – жакшы жок. Гүлсары жоргодой болуп мен да бир күнү ач бел, куу жондо үзүлөрмүн. Самансур балам, мен партияга кайра өтөйүн, ошого жардамдаш. Эчкинин жашындай жашым калды. Өмүрүмдүн башында кандай болсом, акырында да ошондой болуп өтсөм дейм. Эми ойлосом, атаң Чоро партбилетин райкомго жеткирүүнү бекеринен мага тапшырган эмес экен. Ошол Чоронун уулу сен да Танабай Бакасов деген карыяны жакшы билесиң...»

Жүгөндү ийинине арта салып, Танабай тоону беттеп баратты. Көзүнөн аккан жаш бетин жууп, сакалын суулады. Танабай аарчынбады. Бу көз жаш тулпар туума Гүлсарынын азасына аккан жаш эле. Көзү жаштуу, көкүрөгү дарттуу Танабай агарып келаткан таңды, тоо бөксөлөй учуп келаткан жалгыз казды карап баратты. Жалгыз каз тобун издеп, кууп баратты.

– Уч, жаныбар, уча бер! – деди Танабай. – Канатың тала электе катарыңды кууп жет! – Анан үшкүрүнүп алып, артына бир кылчайды:

– Кош, жаныбарым Гүлсары!

Басып барат, кулагына илгерки ыр угулат.

...Күндөп издейт боз иңген ак ботосун, түндөп издейт боз иңген ак ботосун, зарлап издейт боз иңген. Кайдасың, каракөз ботоюм? Эмчегим сыздап, сүт агат, аягым ылдый сарыгат, ботоюм. Кайдасың? Үн катчы! Ийиген эмчегинен сүт агат. Ак ботосун издеген ал эненин ак сүтү...

# КЫЯМАТ

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

### I

Кыштын кыска күнүндө тоонун күңгөй беттери аз убакка жылымта тартып, наристенин тыноосундай үлпүл мемирей түштү эле, көп узабай күн ырайы кайра бузулду, капилеттен өзгөрдү – мөңгүдөн ызгаар уруп, аюудай жылган эрте күүгүм кокту-колотту мелт-калт толтура жойлоп келатты, өзү менен кошо алтүндө түшөр боз мунарык көзгө көрүнбөгөн аязын ала келатты.

Теребелге кар оор түшкөн. Эки күн мурда албууттанган табигаттын өрттөй алоолонгон борошосу уйгу-туйгу салып каптап өтүп, Ысык-Көлдүн кыркаар бөксөсүн башынан аягына күрткү уруп, үстүн сапырылган тозоң менен үйлөп салды. Борошо күчөп бурганактап, асман да жок, жер да жок, баштагы дүйнө орду-түбү менен сапырылып бараткансып, көргөндүн үрөйү учту. Анан алаамат тып басылып, күн чайыттай ачылды. Ошондон бери ак бороон басылганга айлана көшүлүп, ой-чуңкурду күрткү тегиздеп салган, шаңкайган тоолор дүйнөнүн түйшүгүнө кайдыгер карап, зыңылдаган жымжырт аязга зыңкыя катып турат.

Бирок Узун-Чатты өрдөп, күн ылдыйлаганга белин боз чалган, чоку үстүндө булут уюлгуган, көк жалтаң музун шамал жалап турган Ала-Мөңгү ашуусуна бет алып учуп бараткан жүк ташыгыч зор вертолёттун күркүрөгөн

доошу күчөгөндөн күчөп, дене-бойду дүркүрөтүп чыкты. Акырында айлана-тегерекке жалгыз өзү ээ болуп төбөдөн күркүрөп, калдыркан канаттарынан коштоп чыккан зуңулдаган ышкырыгы жүлүндү көзөп, үн менен нурдан башка эчтеме жете албаган аска-зоолордун, чуштуйган чокулардын, жалама көк мөңгүлөрдүн үстүнөн аяздуу абаны жаңыртып өттү. Саал болсо баягы жер титирегендеги алаамат башталчудай болуп, аска-зоолор коштоп кошо жаңырып, төбөдөн басып келаткан кайра тарткыс каардын күчү менен сүрү ошончолук үрөй учурду.

Кычап кирип келгенде ошондой эле болду – вертолёттун багытына туш келген алдындагы жалама тик беттен күркүрөк дооштун эпкинине такат бере албай жер көчкү кылт козголо берди да, кайра эле кан буугандай тып токтоду. Ошону гана күтүп тургансып, беш-алты корум таш токтоно албай тик беттен ылдый кулады. Сайдын тамానына жеткиче күүлөнгөндөн күүлөнүп, артынан бырыксыган кар аралаш шагылды уюлгута ээрчитип, аласалып андан-мындан бир тийип шилби менен бөрү карагаттын калың тобун аралай чаап, сай таманына жетээрде мурдатан кулап келип орун алып тынч жаткан өздөрүндөй корум таштарга замбирек огундай тарс тийип, карс жарылып, кептешке толгон күрткүнү көккө сапырып өттү, сай таманында күбүр баскан булактын башатындагы салаңдаган борчуктун карагандуу коңулунда карышкырдын үңкүрү бар эле, алдас уруп келген таштар акыры ошерге жетип, жатып калды.

Үстүдөн күр-шар келаткан таштардан чочуган Акбара артына жалт секирип, кетенчиктеп барып, жараканын караңгы түбүнө кыпчылды, үңкүрдүн оозунан куюлуп жаткан карды көрө жогдору[1] түксүйүп, кара күүгүм түпкүрдөн көздөрү оттой жанып, келчү балээни азыр

[1] ж о г д о р у – желке жүнү.

барып алкымдан алууга окторулуп туруп калды. Бирок бул айбаты азыр бекер эле. Аңгыраган ээн талаада вертолёт үстүнөн сая түшүп кубаласа, буйтап качсаң да куткарбай төбөңөн күркүрөп, калдыркан канаттарынын зуңулдаган ышкырыгы мээңи көзөп, кулагыңы тундурса, автоматтын огу жаап, ушунча кең дүйнөдө вертолёттон кутулуп кетер калканыч болбосо, же куугун жеген шордууларды коюнуна катып алгандай жер жарылып жарака бербесе, өмүрү куугун менен сүргүндө жүрүп өтчү бөрүлүк башыңа баанек жок болсо – мына ошол жаман, ошол азап...

Тоо арасынын жөнү такыр башка – же буйтап качып кутуласың, же буйтка таап коркунуч өтүп кеткенче баш калкалап турасың. Тоо арасында вертолёттон коркунуч жок, кайра вертолёт өзү тоодон коркот. Анткен менен мурда баштан нечен өткөн коркунуч заматта буй кылып салат тура. Асмандан вертолёт жакындаган сайын канчык кыңшылай баштады, боюн жыйрып, башын катты, бирок баары бир чыдай албады, аргасын түгөтүп келаткан коркунучтан Акбара улуп жиберди, боортоктоп жата калып, бүткөн бою диртилдеп, оозго сойлоду, ушерден киргизбей алышууга чамынып, жаны кашая ызырынып, азууларын карсылдатты. Бул кылыгы – доошунан жан чыгып, жер титирегендей, аска беттен таш кулаткан тиги чат үстүндөгү темир желмогузду Узун-Чаттан ыраак качырчудай болгон аргасыз кыжыры эле.

Акбара алдастап кыңшылай бергенден улам дөбөтү Ташчайнар үңкүргө башбакты. Канчыгынын курсагы салаңдап, оор тарта баштагандан бери Ташчайнар айланчыктап алыс кетпейт, үңкүрдүн оозундагы карагандын арасын агылгалап жатчу болгон. Тегеректеги чабандар Ташчайнар деп ыраса койгондой азуусу шамшаар чоң бөрү канчыгынын жатагына боортоктой жылып келип, жоошуткандай, ар кандай балаадан аны денеси менен кал-

калагандай ырылдады. Канчыгы да боортоктоп келип кынала жатып, болбой эле кыңшылай берди – адилеттиги жок асмангабы, шору көп тагдырынабы, же дагы кимгедир арманын айткандай кейиштүү кыңшылай берди. Вертолёт Ала-Мөңгүнүн ак кар, көк муздуу ашуусун ашып, булуттан ары көрүнбөй, доошу угулбай кеткенден кийин деле бүткөн бою калчылдап, калыбына келе албай жатты.

Ааламды тумчуктурган үнсүздүктөй улуу тоонун кулак зыңылдата басып калган бу жымжырттыгында канчык аңгыча жүрөк астынан, тагыраак айтканда, чоңоюп келаткан курсак ичинен тирүүлүктүн кыбыроосун, түрткүлөөсүн туйду. Дал ушундай нерсени Акбара алгачкы бир чабытында алаңкөз коёнду тырпырата баса калганда бир туйганы бар: алкымдап жаткан коёндун ичинен ошондо дал азыркыдай көрүнбөгөн тирүү жандардын кыбыроосун, түрткүлөөсүн туйган. Тырпыроого алы келбей тумчугуп жаткан коёндун ичиндеги бу укмуштуу кыймылды туюп, анда чабыттын кызыгына жаңы батып жүргөн жаш канчык таң калган, кызыккан, кулагын серейтип, олжосунун ичиндеги укмушту таңыркай тиктеп турган. Анан, кызыкканы ушунчалык, чала өлүк чычкан менен ойногон мышык сымал, тиги көрүнбөгөн макулуктар менен ойногусу келген. Мына эми күтүүсүз жерде өз кардынан тирүүлүктүн жүгүн сезди. Ал деген – жайчылык болсо эки-үч жумадан кийин жарыкка келчү бөлтүрүктөрдүн алгачкы берген кабары болчу. Азырынча туула элек кызыл эт күчүктөрү эненин жатынын жай кылып, эненин жаны менен жандары бирге, денеси менен дендери бирге болгондуктан энесин чочуткан, жанын кашайткан алиги коркунучту алар да толук сезимде кошо бөлүшүп, кошо чочуп жатканы. Бул окуя ичте жаткан күчүктөрдүн сырт дүйнө менен, аларды күтүп турган кайрымсыз дүйнө менен алгачкы катнашканы бол-

ду. Эненин кыйналганын туюк сезип, ошондуктан алар ичте жатып, энесине болушкандай кыбырап жиберишти. Алар да коркту, коркунуч аларга эненин каны менен жетти.

Курсагында бирдеме болуп жатканын, көтөрүп жүргөн жүгүнө жан кирип жатканын тыңшап, Акбаранын тынчы кетти. Көкүрөк астына катып багып, чоңойтуп келаткан күчүктөрүн ар балээден калкалап, коргоп калар кайраты боюна толуп, жүрөгү түрсүл какты. Ушул азыр ал каршыккан кайсы жоосу бет келсе да тартынбас эле. Канчыктын туңгуюк туюмунда урук-тукум сактоонун табият берген улуу сезими күч алды. Ошону менен бирге жүрөгүн элжиреткен сезим ысык толкун болуп боюна тарады, туула элек күчүктөрү азыр боорунда жаткан болсо жадабастан көпкө-көпкө эмизе бергиси келди. Эне бактысынын абалкы туюму ушу белем. Ушул элжирөөдөн боору ылдый эки катар жонсок тартып, сүт тепкен эмчек үрпүлөрү кызарып борсоюп турганга жаны жыргай кыңкыстап жиберди. Талыкшый магдырап, үңкүрдөгү чээндин ченине жараша акырын keриле, чоюла суналып, көңүлү эми биротоло тынчып, көкжал Ташчайнарына дагы кынала жылып жатты. Дөбөтүнүн сырттан сыны бар эле, барак жүнү бай, кылкандуу, колтугу жылуу. Дулдуюп өмүрүндө үн катпаган Ташчайнар да жароокерлене жакындап, улам бооруна кирип келаткан канчыгынын ичинде эмне болуп жатканын туюк сезиминде туйгандай болду, ошого бою кеңирсип, пейили жайылгандай болду. Бир кулагын серейте тыңшап, Ташчайнар орою бийик[1] башын көтөрдү, чарасына терең баткан күүгүмдөгөн көздөрү муздак жылтылдап, анан кандайдыр жагымдуу сезимдин жылуу илеби тийгендей жандана ачылды, оор салмак менен каргылдана ыркырап, как-

[1] о р о й – II (*ир.*) бет, өң, жүз; III (*кырг.-монг.*) чоку, төбө; орою бийик – кабагы бийик, маңдайы жазы (чоң баш).

шыган тамагынан жөтөл чыккандай күрсүлдөй ыркырап, ошону менен ыраазы экенин сездиргенсиди, демейкисиндей көк көз канчыгына кың дебей баш ийерин, арылдап коргоп турарын сездиргенсиди. Анан шилекейлүү жылуу тилин кең жайып, Акбаранын кулак түбүн, чекесин, көк жылтыр көзүн, тумшугун жалай кетти. Акбара дөбөтүнүн тилин жакшы көрөт: Ташчайнар каны ойноп делебеси козголуп, чыдамы кетип буулугуп турганда, же жылаандай бирде иймеңдеп, бирде окторулуп, алдынан ары секирип, бери секирип, жата калып эркелеп, жалмаңдай кеткенде же туймаксанга салып, кайдыгерленген болуп, качан жалаарын күтүп, мойноп турат; же чабыты жакшы болуп, этке аябай тоюп, дөбөтү талыкшып жатып калганда да шилекейлүү жумшак тилин, менен качан жалайсың дегенсип, канчыгы жанында магдырап жатат.

Бул бир жуп – эки канкордун башчысы, акыл ээси, чабыт баштоочусу Акбара, дөбөтү болсо анын ишенген кара күчү, үмүтү, чаалыкпастан, кыңк дебестен буйругун аткаруучусу. Ортодогу бул мамиле эч качан бузулбаган. Бир гана жолу түшүнүксүз, күтүүсүз жорук болду: дөбөтү түнү бою дарексиз кетип, таңга жуук бөтөн канчыктын жыты менен келди. Зиңкилдеген дөбөттөрдү алдагайдан боюна тартып алып үйүгүшкөн күүгө тойбос ал куу канчыктын жийиркенткен жытына Акбаранын итиркейи келип, Ташчайнарды боюна жуутпай, анын далысына азуусун матыра катуу каап алды, ал аз келгенсип көп күн бою артынан салпактатып ээрчитип койду. Абийири жок акмак деп, улуган үнү угулгудай кылып алыстан – арттан ээрчитет, Ташчайнар өзүнүн дөбөтү эместей кыяз менен, улуп-уңшуганына кылчайып да, токтоп да койбойт. Эгер дөбөтү жакын келип, асылгыдай, же жалбарып эркелегидей болсо, Акбара аны менен чындап алышуудан тартынбас эле ал күндөрдө. Алыстан жер ооп

келген көкжал жуптун баш ээси өзү, а буттары тиги дөбөтү болуп келатканы бекер эмес да.

Азыр болсо Ташчайнарынын кең колтугунда жатып кичине жылынып, жаны жай алып калганга, дөбөтүнүн боорукерлигине, кең пейилдигине, алиги калчылдаткан коркунучту тең бөлүшкөнүнө ыраазы болуп, дөбөтүм бар – камым жок дегендей, анын жалап эркелетип жатканына магдырап, өзү да эки-үч курдай анын кара тумшугунан жалап койду. Жаны жай алганы менен алиги алдастаткан, калчылдаткан коркунуч дале толук тарай электей анда-санда дирт эттирип коёт, ошону тыңшап жатат Акбара. Өзү менен кошо чочуп калган ичиндеги күчүктөрү дале болбой анда-санда бүлк эте кыймылдап коюшат, дале тынчый албай жатышат, ошону тыңшап жатат Акбара. Көргөн күнүнө, түнөк кылган үңкүрүнө, улуу тоого түшкөн улуу кышка, алдыртан басып келаткан алтүнгө моюн сунуп, тагдырына шүгүрчүлүк кылып жатат Акбара.

Канчык бөрүнү калчылдаткан коркунучтуу ал күн ушинтип өтүп баратты. Энелик табияттын кемибес сезимин ала жүргөн канчык өз жанынын эмес, жакында ушул үңкүрдө туула турган балдарым деп, туула элек күчүктөрүнүн амандыгын ойлоду. Ушул күчүктөр деп, дөбөтү экөө буйтка-буйгаал койбой тинтип жүрүп, акыры оозун куураган шилби, жыш караган баскан, үстүндө саландаган борчугу бар, коңулу терең кеткен жараканын түпкүрүндөгү ушул үңкүрдү жай кылышкан да. Туулар күчүктөрүнүн түнөк жайы, баарына жер үстүнөн буюруган башбаанеги ушул үңкүр.

Анын үстүнө Акбара менен Ташчайнар жергиликтүү эмес, ооп келген немелер. Каныккан көзгө булардын сырт келбети да жергиликтүү бөрүлөрдөн бөлүнүп турат. Биринчи бөтөнчөлүгү – ооп келгендер талаа-түздүн бөрүлөрүнөн экенин билгизип, жогдор жүнү, моюн жүнү,

чоктук жалына чейин оролгон шалы жоолук сыяктанып агыш-көк түстүү. Ошол үчүн буларды «акжал» аташып, акжалдар Ысык-Көлдүн бөксө тоолорун жай кылган жергиликтүү бөрүлөрдөн ирдүүрөөк. Агерим бирөө Ак-бараны жакын жерден көрсө айран-азыр калар эле – тунук көкмөк көздүү канчык болсо ушу болор, болбосо жоктур. Ташчайнардын түгөйү болгон бу канчыкты көргөн жергиликтүү малчылар обол Акдалы атаган, анан сөз кыябы жылбышып Акбары болду, аягында Акбара атка конуп тынды. Анткен менен ким айтса да бу сөздүн түпкү маңызы тегин эмес эле...

Былтыр эле буларга окшогон көкжалдар бу чөлкөмдө жок болчу. Келерин келишти да, бул экөө топко кошулбай бөлөк жүрүп калышты. Башында жер ээлерине жолугуудан четтеп, окчундап жойлоп жүрүштү, жергиликтүү бөрүлөр ээ кылган аймактардан алыс жортуп, буюруганын буюругандай таап жеп, эптеп жансактап жүрүштү. Кээде ылдыйлап элдүү жерге да чабыт сала коюшту. Бөтөн бөрүлөрдүн жоон тобуна кошулуп, көз каранды болчу канчык – Акбара бекен, ал өлсө өлүп берер, бирок андайга көнүп берчү жан эмес.

Баары-жоктун калысы – мезгил. Жер ооп келген көкжалдар бара-бара кынык алып, намысын коргоп, айыгышкан нечен кармашта Ысык-Көлдүн бөксө тоолорундагы өз аймагын, өз ордун биротоло ээлеп алышты.

Кечээги эле «келгин» делгендер эми өз жерине ээ, башка бөрүлөр бул экөөнүн чөлкөмүнө баш багуудан мурда нечен ыкыс берип, нечен жолу тумшук учун кыймылдата жыт искейт. Ошентип, буюруса, кара жанын ала качып келген экөөнүн Ысык-Көлдөгү жашоосу оңдой берди болуп, калыптуу ыгына түштү. Ушул бейпил жашоонун артында канча таржымал жатат. Эгер айбандар башынан өткөндөрүн айтып бере алгыдай, же эстей алгыдай

болсо, анда сезимтал, зирек Акбара эртегисин кайра жашагандай болор беле. А балким, ким билет, эсине түшкөндө баарын кайрадан эстеп, Акбаранын көзүнөн жаш кылгырып, алкымынан кыңкыс онтоо чыгып жүргөндүр.

Ал өткөн дүйнө алыскы Моюнкумдун сөксөөл-бадалдуу ээн талаасында калды. Ал жакта улуу чабыт, кең жайыт калды. Моюнкумдун кыйырына көз жеткис мейкининде сан жеткис бөкөндөрдү керээли-кечке удургута кубалап жүрчү кез калды. Атам замандан бери түбөлүк куурай өскөн сөксөөл-бадалды жай кылган, ача туяктуунун чөл мезгилиндей эзелки макулугу болуп калган, чуркагандан чаалыкпас, доңуз тумшук, түтүк таноо ушу жаныбарларды – кит балык мурутунан суу бүрккөндөй кең таноосунан өпкөсүнө абаны шамал кылып оп тарткан, качса жеткирбес, таң аткандан күн батканга чейин чуркаса да чарчабас кийик тукумун кубалап жүрүп жан багыш не деген кашкөйлүк. Короо-короо болуп жайылып жаткан жеринен миңдеген бөкөндөрдү эзелтен бери ээрчий жашап келаткан бөрүлөр чабыт коюп дүргүтүп, бир короосу башка жайыттагыларды кошо үркүтүп, анан дагы бир, дагы эки, дагы үчүнчү топтору кошо үркүп жөнөп бергенде, кылкылдаган калың кийик Моюнкумдун бадалдуу чыбырын топон суу каптагандай ташкындатып, жайкы добул сабагандай бут астында жер дүңгүрөп, закым болуп артка учуп, төбөдө тегеренип, курч туяктардан чагылган чакмак таштардын учкуну менен кара чаң уюлгуп, абага жан киргендей болор эле; калың топтон чыккан тер жыты, же өлүм, же өмүр деп далбас урган жан жыты ого бетер дүүлүктүрүп, тасмадай созулуп чуркаган бөрүлөр арттан калбай кубалап, жандай салып чаап, калың бөкөндү өз билген буктурмасына айдай берет. Буктурмада азууларын кайрап, аңдып турган «сойгучтар» капыстан атып чыгып, качып өтүп бараткан

бөкөндү желкеден алып, бөкөн менен кошо аласалып кулап, кекиртегинен кан жайылта жыра чайнап жиберет да, тура чуркап, башкасын кубат. Кээде бөкөндөр бөрүбуктурманы кандайдыр туюк сезим менен сезип калып, четтей качат. Андайда бөрүлөр куугунун кайра жаңыртып салат. Ошентип куугунга алгандар менен куугунга калгандар ырайымсыз жашоонун бир түйүнүнө чие байланып, бири куткарбастын, бири кутулуунун амалы менен кан күйгүзүп, жан кулактын учуна барат. Бири жашоонун, бири аман калыштын азаптуу кумарына кирген бул күрөштө куулгандардын да, куугандардын да айыгышын бир кудай өзү токтотпосо, башка эч кандай күчтүн алы келбей калат. Анткени – жан сактоонун мыйзамы ушундай – жашоо үчүн кан керек, тирүүлүккө болсо жан керек. Ошондой өлө-тала эрегиште, кан күйүп кетчү катуу чабытта эрегиштин андай ташкынына чыдай албаган, жеңиш буюрубаган, жашоо-жарыш деген өчөгүшкө жаралбаган, турмуштун сынаганынан өтө албаган маес бөрүлөр кара бороон болуп удургуп бараткан топтун кара чаңын жутуп, кан кусуп, жолдо жыгылып өлүп кетер эле, же эптеп тирүү калганы бу чөлкөмдөн качып, бөтөн жер, бөтөн аңыт издеп, качса кутулбас кой короону айланчыктап, ити коңулунан башбакпас жай издеп жөнөп бермеги. Бирок ал жайлардын бир опурталы – кой кудайы кишилер бар. Кой кудайы десең, койдун кулу ошолор, бирок өлүп баратса да аксак коюн жолго таштабайт, эркиндикке туулуп, эркин жашап өтчү бөрүлөр түгүл, колунда кул болуп жүргөн иттерине сөөк ыргытпай, өздөрү жеп өлчү ач көз кишилер болот.

О, кишилер, кишилер – адам-кудайлар! Ошол кишилер да эзелтен бери Моюнкумдун бөкөндөрүн куугундап келатпайбы. Оболу алар жаргак шым, куур тон кийип, мингени ат, колунда жаасы болор эле. Андан кийин тарс

этме балээ таап, бөкөндөрдүн тобун чаң-тополоң түшүрүп куугундашты. Ага болбой бөкөндөр сөксөөл-бадалды аралай качып, кутулуп жүрүштү. Кийинчерээк адам-кудайлар машине ойлоп минишип, куду бөрүлөргө окшоп жиниктире куугундап, тарс этмейинен татыраган ок жаадырып кырчу болду. Ошого эле ынсап кылып калчу адам-кудайлар бекен, андан кийин калдыркан канат вертолёт минип, жайылып жаткан короо-короо бөкөндөрдүн төбөсүнөн тик сайылып учуп, жерде машинечен келаткан аткычтарына кайгуулунун кабарын берип, а тиги машинечендер болсо саатына жүз-жүздөн ыкчам чакырым тездикте чабышып, бөкөндөрдү көз жазгырып кетчү туюгуна жеткирбей кыра баштады. Вертолёту көктөн шилиңди көзөп тиктеп, жердегилерге жол көрсөтүп, жердеги машинечендер болсо туягыңдын даңканын көккө сапыртпай сая түшүп, тынбай аткан мылтыктары көтөн чучугуңан кирип, как желкеңе жетип такалып, бөкөндөр оңкобашатып куланып жаткан кез келгенде Моюнкумдагы жашоо аңтар-теңтер болуп, сырайган буттар асманга сайылып жатып калды. Бөкөндөрдүн акыр кыяматы мына ушунда башталды...

Азыркы эки түгөй – бир жуп бөрүлөр ал кезде жаш эле – Акбаранын тай канчык курагы, Ташчайнар болсо кунан дөбөттүккө жаңыдан жеткен кези. Экөө ушул курагында чабыттын кызыгында жүргөн калың бөрүлөрдүн үйүрүнө кошулду. Ободу жаштык кызуулук менен бөкөн кууган алгырлардын артынан чуркап, чала жан жыгылган бөкөндөрдү мууздап кынык алышты, бара-бара куугунчулардын жоон тобуна кошулуп, суурулуп алдыга чыгып, картайып жүрбөй калган карышкырларды көчүккө таштады. Ушинетип табият кут кылган жосунду улап жүрө берсе экөө аз арада калың топ бөрүнүн сырттандары болуп чыкмак. Бирок эки ортодо ойдо жок окуя болуп кетти...

Жылга жыл жалгашпайт экен. Ошол жылы жазда бөкөндөрдүн төлү жакшы кирди, жалкысы аз, эгизи арбын болду. Өткөн күздөгү куут маалында күн жылуу болуп, жаан-чачын мол түшкөн эле, ошонун себебиненби, айтор, демейде куурап учуп калчу жашаң чөп эки кайталап жашылданып, тоют кенен болгон. Жазда төлдүн жакшы кириши да ошонун шарапаты сыяктуу. Туут маалында бөкөндөр Моюнкумдун түпкүрүндөгү кар жукпас кумдуу чөлгө ооп кетет, аерге ит-куш да жетпейт, эшилген кумдун бетинде бөкөн куумак кайдан. Бирок кексе болгон көкжалдар күздү күтөт, жазгы тууттан көбөйүп кайра келген короо-короо бөкөндөрдү кадимки сөксөөлдүү чыбырдан күтөт. Кудай берди деген мына ошондо болот. Жаз эмес, жайдын ысыгында да бөкөнгө тийбейт, быякта тумшук алдында башка жем толуп жатпайбы. Чыбырдын боорлорун жойлоп, башка жандыктар жыл бою искеп жечү тоютту суурлар чээнге киргичекти, ыраң учкучакты деп далбастап, жаз аягы, жай эртесинде жалмап оттойт эмеспи. Көртиричиликтин ошол далбасында алаңдап жүргөн суурлар көкжалдарга жем болбогондо, кайда качмак. Кышта булар табылбайт деп, кайгуулчу кашабаң суурду аямак беле. Суурдан башка да ар кандай илбээсин, айрыкча карабоор чил дегендер бадал түбүн, таш коңулун корголоор жай кылып, чөпкө бекингенсип жата берет, түн каракчысы шим-шилеп келип, бырпырата баса калары менен алардын иши болбойт. Бирок улуу чабыт күздө башталат, бөкөндөр сүмбөдөй болуп семирген күздөн кыш аяктаганча ачынып, сууп турган бөрүлөргө той түшөт. Ардеменин өз маалы бар деген ошол. Бадалдуу чыбыр чөлдөгү жашоонун ушинтип тегеренип турганында табият жараткан адилдик бар белем. Моюнкумдун бетиндеги тиричиликтин бул жүрүшүн же бир алаамат, же адам гана бузуп жибербесе, калыбынан жазбаганы жазбаган...

## II

Чөлдүн бети таңга жуук араң серүүндөдү. Жер үстүндө кыбыраган макулуктар да үп баскан түндөн кутулуп чыккандай сергий түштү. Шор баскан чөлдү биротоло кубарта куйкалап турчу аптабы бар күн менен талыкшытып өтүп бараткан үптүү түндүн ортосундагы ырахаттуу маал тууду. Жерге көк сур шооласын чачып, Моюнкумдун төбөсүндө сары тегерек ай турду. Кай жакты карабагын, бу жердин кыйыры көрүнбөйт, туңгуюктап барып, көздөн учкан жээги асманга биригип кетип жатат. Жылаандан башка макулуктун баары чөлдүн ушу маалдагы серүүнүнө жыргап алгысы келип, кыймылга кирди. Түп-түп өскөн жылгындын түбүнөн балапандары чыйпылдап, канаттуулар талпынды. Кирпилер шүмшүңдөп жойлоп, түнү бою тынбай чырылдап чыккан чегирткелер кайрадан үн салды. Суурлар ийиндеринен сестене башбагып, эки жакты элеңдей карап, сөксөөлдүн күбүлгөн уругун терүүдөн ышынып, уйкусурап отурушту. Оро баш чоң боз бабырган жаңы талпынган балапандарын ээрчитип, бирине бири үн салып, улам бир жерге конупучуп жүрүшөт. Алардын үнүн коштоп, таңга маалкы чөл бетиндеги ар кандай жан-жаныбар, макулуктар өз бетинче үн салышып жаткан кез...

Чаалыкпас куугунчулугун далилдешип, ошон үчүн Моюнкумдун бөрүлөрүнүн арасында бирине бири тең келген сырттан жуп болуп өзгөчөлөнгөн көккөз Акбара менен Ташчайнар жупташкан алгачкы жайдын ортосу эле. Экөөнүн бактысына,– жапайы жаныбарлардын арасында да бактылуу, шордуулары болсо керек,– табият Акбарага да, Ташчайнарга да чөл жырткычтарына өтө керектүү болгон сапаттарды мол бериптир: экөө тең сезгич, чабытка кыраан, алдын ала туйган баамчыл, анан дагы кууса жүйрүк, өмгөктүү, алышса күчтүү жырткыч-

тардан болду. Күнүмдүк жан сактоонун азабын да тартышары, жырткычтык ырыскысынын ырахатын да көрүшөрү, келечекте не бир укмуш чабыттарда келберсип жеңиш менен чыгышары эртелеп байкалды. Азырынча экөө Моюнкум чөлүнүн эгедери болушка эчтеме тоскоол эмес. Анткени бу чөлкөмдө адамдын келип калышы кээдеги бир кокустук гана болбосо, экөөн жалтантар башка күч жок. Анан калса экөө али адам менен бетме-бет кезигише элек. Ал кийинчерээк болор. Табият тартуу кылган дагы бир ырыскысы – бейпилчилик: башка жаныбарлар сыяктуу бу жырткычтар да эртеңки күндүн камына жапа чекпей, же бир коркунучка калтаарыбай, буюруганы жолунан белен табылып, бейкапар жашоого туш болушту. Эзелтен адилдикти ала жүргөн табият жаныбарларды тирүүлүктүн оор түйшүгүнөн бошоткон экен. Анткен менен ушул кең пейилдиктин арты Моюнкумдун жапайы жаныбарларына кара кыргын, кызыл сүргүн менен бүтөрүн бир да бири туйбады. Баарын берген табият макулуктарынын бир да бирине ошол эртеңки келип басчу балээнин туюмун буюрубаптыр. Учу-кыйыры жок көрүнгөн бадалдуу чыбыр, эрме чөл Моюнкум географиялык картада сары-күрөң түскө боёлгон бармак басым гана жер экенин макулуктар туйбады. Жылдан жылга дың жердин кыйыры кеңейе жыртылып, Моюнкумду туш-туштан кысып, жылдан жылга бакма мал көбөйүп, жайыт издеп, жаңы казылган кудуктардын артынан кошо ээрчип, Моюнкумду баардык жактан басып келатты. Каналдар казылып, жолдор салынып, Моюнкумдун капталына дүйнөдөгү ири газ түтүгү төшөлүп, адамдар илгеркидей келди-кетти конок болбой, техника менен аябай куралданып, жаңы ээлеген жерлерине күнүмдүк эмес, түбөлүктүү отурук-жай куруп, Моюнкумду ээлеп келатты. Мингени машине, дөңгөлөктөрү чимирилип, моторлору күрүлдөп, эрме чөл менен ээн

талаада канча жүрсө камы бар, ала жүргөн суусу бар, борбору менен радио аркылуу каалаганда байланышкан ал адамдар – географиялык жаңы ачылыш таап жаткан илгерки атактуу, сыймыктуу, жигердүү окумуштуулар эмес, жөпжөнөкөй эле адамдар жөпжөнөкөй эле иштерин иштеп, Моюнкумду тепсеп келе жатты. Алар өжөр адамдар эле, азиялык субконтиненттин бармак басым Моюнкумун, аерде жашаган жаныбарларга учу-кыйры жок көрүнгөн, кең дүйнө сезилген, эч балээ жолой албайт деп туюнган Моюнкумун ошол жөпжөнөкөй адамдар кысып келе жатышты. Адам жамаатынын күндөлүк турмушундагы демейки жорук көрүнгөн иштеринин арты жакшылык менен жамандыкты кошо ала жүрө турганын Моюнкумдун макулуктары кайдан туймак. Ошол жөпжөнөкөй жосунун адалдыкка бурабы, же арамдыкка бурабы, кырып-жоймоюн баштайбы же, курап-түзмөйүн улантабы – мунун баары адамдардын өз пейилинде экенин да Моюнкумдун макулуктары кайдан туймак. Баарынан да адамдар акыл-ой жүгүртүп ойлой баштаган заман түпкүрүнөн бери баш катырып чече албай келаткан маселеси – эмнеликтен адалдыгын арамдыгы көп учурда жеңип кетет деген табышмактын маңызына али ушу заманга чейин – өздөрү түшүнө албай келатканын Моюнкумдун төрт аяктап чуркаган, жер боортоктоп сойлогон макулуктары эч качан туймак да эмес, сезмек да эмес...

Адам баласынын ушундай жорук-жосундары Моюнкумдун жаныбарларынын табиятынан сырткары, тажырыйбасы менен сезиминен алыс болгондуктан алар эчтемеден шекшинип да коюучу эмес. Дегиңкиси ушу күндөргө чейин Азиянын бул улуу талаасындагы, мелмилдеген чала чөл мейкини болуп чалкып жаткан талаасындагы, күн аптабына куйкалаган чыбырдуу, кургакчылыкка чыдамкай, тал менен чөптүн ортосун жылгын баскан талаасындагы, таштай катуу, кыл чылбырдай эшилген, кум

түбүнөн ным жыттап өскөн сөксөөлдүү талаасындагы, терскен, кекире өңдүү каксоо чөп баскан, жаадай жерге сайылган чийлүү талаасындагы, ай шооласында да, күн жарыгында да алтын сары түс боёнуп, көздүн жоосун алган кооздугу бар, арасынан ит-куш башын көтөрсө да теребелдин баарын көргүдөй, баарына көрүнгүдөй жапыс бадалдуу талаасындагы Моюнкум жырткычтары менен жан-жаныбар макулуктарынын жашоожосунун эчтеме буза элек болучу.

Канчык, дөбөт – бир жуп бөрү Акбара менен Ташчайнардын тагдыры дал ушул ээн талаа, эрме чөлдө жалгашып, жүрүш алган. Ошол жайда Акбаранын туңгуч үч бөлтүрүгү туулган. Үч күчүгү бар жуп бөрүнүн ийини ковуш колотто, сөксөөлдүн суу жеген түбүндө, бөлтүрүктөрүн ойнотуп чыгарууга ылайыктуу калың жылгындын четинде. Бөлтүрүктөр кулактарын аяптоор серейтип, эки жакка серп салган болот, өз ара ойной кеткенде кулактары кайра жапырылып калганы менен иши жок, аяк таштагы кадыресе болуп келатат. Ата-энеси күндүзү болобу, түнкүсүн болобу, чабыт салып чыгып калышса, калбай ээрчип алышат.

Ушинетип ийининен алыска кетип, бир жолку күнтүндөп чабыт салганы бөрүлөрдүн бул үйүрүн капилет кырсыкка кептеп сала жаздады.

Моюнкум талаасынын жакасындагы жайыгынан кеткен ээн сайларда, суу жеген коңулдуу жарларда, шыралжын сымал калың бийик өскөн, каңырсыган жыты магдыратып баш айланткан кара куурайлуу жайларда ар кандай илбээсиндер, сойлоп жүрчү макулуктар көп болор эле. Акбара бир күнү таң эрте бөлтүрүктөрүн чабытка машыктыруу үчүн ошол тарапка ээрчитип жөнөдү. Чаңы бырыксып күбүлгөн алиги кара куурайды көбүрөөк аралап жүрсөң оболу жер бетинде жортпой эле сызып бараткандай, дене-боюң каалгыгандай жеңилдик сезесиң

да, анан муун-жүүнүң бошоп алсырап, талмоорсуй баштайсың. Акбара бу жерлерди күчүк кезинен билет, алиги баңги кылчу куурай гүлдөгөн маалда бир келип кетчү. Жолду-катар чөлдүн майда макулуктарына чабыт куруп, анан бу бийик өскөн куурайды аралап, кыял мас болгонду, буруксуган жытына башы айланып, оонап жатканды, жортпой эле сызып жүргөндөй жеңилдикти сезип, аягында катуу уктап алганды жакшы көрчү.

Бу жолу Ташчайнар экөө гана эмес, тарбаңдаган узун шыйрак үч бөлтүрүгүн ээрчите чыкты. Күчүктөр күчүк чагында эле көп жортуп, жер таанымагы, жаштайынан келечектеги чабыттын аймагын жыбыт-жылгаларына чейин билип алмагы абзел. Канчык жол баштап бараткан мобу жыттуу куурайдын аймагы өздөрүнүн ээлигинде. Андан ары бөтөн дүйнө жатат. Ал тарапта адамдар бар сыяктуу. Күзгү шамалдын доошундай болуп ал тараптан кээде паровоздун уңулдаган үнү угулат. Ал тарап – бөрүлөргө жат тарап. Акбара азыр үйүрүн аймактын ошол четине баштап баратты.

Акбаранын соңунан желе-жортуп Ташчайнар барат. Бөлтүрүктөр болсо ары-бери ойт берип, оюн сала ээлигип келатышат. Анда-санда энесинен озуп алдыга чыга берчүдөй жулунушат. Бирок Акбара андай ээнбаштыкка жол бербейт, ал алдына бирөөнү чыгарып көнгөн кашабаң эмес.

Оболу сөксөөл менен шыраалжын өскөн кумай жер менен жүрүп отурушту. Күн улам көтөрүлүп, чөлдүн бети бүгүн да демейкисиндей ачык, ысык болчудай. Кечки жарыкта бөрүлөрдүн үйүрү алиги жерге жетти. Бөрү аралаcа жалы гана тигинден-мындан бир көрүнүп, быйыл куурай бийик өсүптүр. Керээли-кечке табынан кайтпаган аптапта ысыган, көрүмү кунарсыз гүлү бар, сабагы түктүү куурайдын жыты аңкып турган экен, айрыкча калың өскөн жерлеринде каңылжаарды кытыгылайт. Узак жол жүрүп келген бөрүлөр ушердеги тайыз аңга эс

алып токтошту. Жаны тынбаган бөлтүрүктөр болсо эс алгандын ордуна аркы-терки шимшилеп, бейтааныш жердин ардемесин кызыга тиктей калып, бөртө жортуп жүрүшөт. Жолду катар үч-төрт семиз суур, эки-үч коён басып жеген, ар кандай уялардын балапан-жумурткаларын жайлап келген ток бөрүлөр жолдогу бир аң түбүнөн көз ачкан булактан суусун кандырып алган. Эми ушерге эле түнөп калышат беле, бирок бир капилет окуя боло калып, түн ката тыным албай келген жагына, ийинине кайра жөнөп беришти.

Ал мындай болду. Күн батар алдында баңги куурайдын жытына магдырап, куурайдын түбүнө суналып жатып калышкан эле. Аңгыча жакын эле жерден адамдын үнү угулуп калды. Эң оболу адамды аңдын кырында алышып ойноп жатышкан бөлтүрүктөр көрдү. Капыстан буерге пайда болгон неме адам деген экенин бөлтүрүктөр кайдан билмек, түкшүмөл да кылышкан жок. Көчүгүндө плавка, бутунда кета, башында эскилиги жеткен шакмар панамасы болбосо, дырдай жылаңачтанып алган бир киши алиги куурайды аралай чаап чуркап жүрүптүр. Чуркашы да кызык, куурайдын калың өскөн чоктуу жерин аркы-терки аралап, ошондон ырахат алып жүргөндөй ахалайт. Мындай жанды башта көрбөгөн бөлтүрүктөр бир чети коркуп, бир чети таңыркап, жашынып карап калышты. Тиги киши болсо жин тийгенден бетер куурай сабактарын жапырылта нары-бери чуркайт. Бөлтүрүктөрдүн кызыгы артты, коркуу сезими тарап, кайра эрдемсип, эки буттуу, жаргак тери тиги жаныбар менен ойногулары келди. Аңгыча киши өзү да бөлтүрүктөрдү көрүп калды. Баарынан кызыгы – карышкыр тукуму бу жерде кайдан жүрөт деп ойлобой, сестенбей, тиги неме кайра колун сунуп, бөлтүрүктөргө жакындады.

– Опе-ей, булар эмне? – деп чекесинен терин сүртүнө энтиге дем алып, үн катты. – Бөлтүрүктөр деген ушубу?

Же менин башым айланып, ушундай көрүнүп жатабы? Жок, үчөө тең татынакай күчүктөр экен, чоңоюп калган тура. Байкуш бала көкжалдарым! Кайдан жүрөсүңөр, кайда барасыңар? Буерде эмне кылып жүрөсүңөр? Мени го айдап келген жамандыгым бар, силерчи, бу оңбогон куурайдын арасында, ээн талаада эмне кылып жүрөсүңөр? Кана, күчү-күчү, коркпогула! Алда, эрке талтаң бала жырткычтарым!

Эси жок бөлтүрүктөр кишинин эркелеткенине чындап эле берилип, куйруктарын шыйпаңдатып, жерге бооrтоктой жата калып, жакындай жылышты, жарышып ойношмокчу болду эле, алаңгыча Акбара аңдан атып чыкты. Күчүктөрүнө коркунуч тууп турганын көз ирметпей баамдап, батып бараткан күндүн нуруна мала кызылдана нымшып турган жылаңач кишиге ыркыраган бойдон атырылды. Күүсү менен жетип, канжар азуу менен же алкымдан мууздап, же ичин жарып өтсө болмок, бирок жутунуп келаткан карышкырды көргөндө эсеңгирей түшкөн киши жаны оозуна тыгылып, башын мыкчый отура калды. Ошонусунан аман калды окшойт. Кишинин отура калганынан улам Акбара азуусун салбастан, күүлөнгөн бойдон башынан аша секирип кетти. Азуусу менен бир урганда жайлап салар жардамсыз жылаңач кишинин башын аттап, күүлөнгөн деми жаба берип, өң-алеттен кеткен кейпин, чанагынан чыга алайган көзүн байкап, адам жытына итиркейи келе секирди. Кайра кайрылып, артынан жете дагы секирди. Анан бөлтүрүктөрүнө жетип, куйрук түптөн чымчып тиштегилеп, аңга кубалап кирди. Кишини көрүп, жалы түксүйүп калган Ташчайнарга урунуп, аны да бир каап артка кайрып, баары аңга сүрдүгө кирди да, жите качып жоголуп кетишти...

Киши ошондо гана эсине келди, тартайган жылаңач неме «апалап» бакырган бойдон карышкыр көргөн жер-

ден качып жөнөдү... Эсин жыйбай, боюн токтото албай, кылчайбастан өлө-тала качып баратты...

Акбаранын үйүрү биринчи жолу капилеттен кишиге жолукканы ушу болучу... Бу жолугушуунун арты кийин кандай болорун анда ким билиптир...

Керээли-кечке куйкалап өткөн күн кечтеп, ысып калган жердин табы кайра абага илеп уруп, какшып турду. Күн менен талаа эзелтен түбөлүккө бирин бири даңазалашып келет: күндү карап, кең талаанын кыйыры канчалык чексиз экенин билебиз, талааны карап, чексиз кыйырынын четине чейин жарыгын чачып турган күндүн улуулугун билебиз. Ал эми көкөлөп учкан айры куйруктун бийигинен улам талаа үстүндө көмкөрүлүп турган асмандын канчалык түпсүз төнүм экенин билебиз. Күн батаар ошол маалда тик төбөдө – Моюнкум талаасынын түндүгүндө каалгып, бир топ айры-куйрук учуп жүрдү. Ысыктын деми жетпеген, көк мунарык болуп төнүп турган асманда айры-куйруктар жайма-жай каалгып, эчтемеден бейкапар, ырахаттана учуп жүрдү. Ушул жер менен ушул асмандын түбөлүк туруктуулугун аныктагансып, айры-куйруктар биринин артынан бири каалгып, чоң аймакта тегерене учуп жүрдү. Эч кандай үн катпай, ушу маалда канат астындагы күйүк жыттанып какшыган жердин бетинде эмнелер болуп жатканына тунжурай көз салып учуп жүрдү. Угуму быякта калып, көзү курчтугуна жараша келберсиген жырткыч куштар кең талаанын бийик жандары боло турган. Арамдык толгон жер бетине жем жешке, анан түнөккө гана түшпөсө, алар көбүнесе көк асманда.

Айры-куйруктар көз мелжиген бийикте учуп жүрүп, те жердеги бириндеп өскөн жылгын менен сур жылтыр чий баскан жапыс дөбөдө эс алып жаткан эки бөрү менен үч бөлтүрүктү алаканга салгандай даана көрдү окшойт. Ысыкка чыдабай тилдерин салаңдатып, бөрү үйүрү

ушу тапта төбөдөгү айры-куйруктардын көз алдында көрүнөө жаткандарын элес албады. Ташчайнар өзүнө жаккан калыбында эки колун кайчылаштыра төшөп, башын бийик көтөрүп, жер боортоктоп жатат. Тик жалдуу, сөөктүү, кажырлуу бөрүнүн келбети башкалардан өзгөчө. Анын жанында жаш канчык Акбара мултук жоон куйругун көчүгүнө жыйыра басып, таш бетизден бетер кыймыл какпай чочоюп, тарамыштуу эки колун жерге бекем таяп отурат. Агылжын төшү багжайып, сүтү байып калса да чуштуюп көрүнгөн эмчек үрпүлөрү эки катар жайгашкан курсагы кындыйып, табына келген канчыктын күч-аракети бели менен жамбашында. Бөлтүрүктөр болсо, үчөөндө дагы деле тыным жок. Бирок күчүктөрүнүн байыс алып тынчыбай, кайра жабышкактап асылып, оюнга тойбогон тентектиги ата-эненин кыжырына тийбеди. Дөбөтү да, канчыгы да, мейли ойной беришсин деген кыязда көңүл бурбай жөн карап коюшат...

Айры-куйруктар болсо, күн кылкылдап батаар маалда Моюнкумдун мейкининде эмне кыймыл бардыгына кайдыгер карек атып, көз мелжиген бийигинде учуп жүрдү. Бөрүлөр жаткан жерден анча оолак эмес, бирок окчунураак жердеги жылгындуу жайытта бөкөндөрдүн калың тобу жайылып жатты. Сан жеткис десе болбос, бирок жыбыраган көп бөкөн тиги топтон бөлөгүрөөк дагы бир жерде жайылып жатат. Эгер айры-куйруктар бу талаа кийигин сая кууган мергендерден болсо, жүздөгөн, миңдеген бөкөн бейкапар жайылып жатканына бүйүрү кызыыр эле. Бийиктен караган курч көздөрүнө ээн талаанын ар жеринен короо-короо бөкөн көрүнөт. Бу жарым чөлдү – оттуу аймакты байыртадан жай кылган бөкөндөр ушул жердин байлыгы, ушул жердин ээлери. Кечки үп серүүндөшүн күтүп, анан бөкөндөр бул аймактан алыс болсо да өздөрү гана билген башатты издеп чубайт. Кээ

бир топтору улам ыкчамдап жүрүп, эмитен жол тартышты. Суугa жеткиче алар итапкан жол басат.

Бөкөндөрдүн бир тобу бөрүлөр жаткан дөбөгө жакын өттү. Кечки жарык күүгүмдө калың чийдин арасынан алардын бирде жону күржүңдөп, бирде каптал боорлору закым болуп кубаңдап жылып барат. Баштарын жерге салып кетип аткан кочкорлорунун чакан мүйүздөрү байкалат. Кайсы маалда болбосун капилет чыгар кырсыктан качып, кең көкүрөктөрү менен аба жиреп, кыйналбас үчүн алар дамамат баштарын жерге салып жүрүшөт. Эч кандай коркунуч жок беймарал учурда деле бөкөндөр желе жортуп, текирең-таскак менен жүргөнү жүргөн. Убай-чубай өңүрөңдөшүп, карышкырдан башка эчтемеге жол бербей, селдей агылган көптүгүнүн өктөмдүгүнө салып кете берет.

Азыркы топ жылгындын арасында көз далдаа жаткан Акбаранын үйүрүнүн жанынан текирең сала өңүрөңдөп баратты. Калың топтун агылган жүрүшүнөн шамал чыгып, бөкөндөрдүн тердүү жыты менен туяктардан чыккан чаң уюлгуп ээрчип баратты. Тумшуктарына искелген жыттан каны дүүлүгүп, бөлтүрүктөр дүрбөй түштү. Үчөө тең тумшуктарын көтөрө аба жыттап, бул эмне экенин айра билбей, бирок бөрүлүк напсиси козголуп, кийиктин жыты каңылжаарды кытыгылап келип жаткан тиги калың чийдин арасын көздөй, кубаңдаган калың караан агылып чуркап өтүп жаткан тарапка чаап жөнөшкө ыкыс берип турушту. Бирок ата-энеси Ташчайнар менен Акбара козголуп да коюшпады, калыбын жазбай жата беришти. Каалашса эки секирип топко жетип анан кан кызыта, зоруктура кубалап, асман-жер аңтарылып, ошол өлүм менен жашоо жанаша чуркаган куугунда оңу келе калган бир кайрылыштан төрт-беш бөкөндү жара тартса болор эле. Антиш айдан ачык иш болчу. Бирок желдей учкан бу бөкөндөрдү кууп жетпей калган

күндөр да болгон. Кантсе да, куугунга кан кызып, жем өзү келип оозго түшүп турганына карабай Акбара менен Ташчайнар орундарынан козголуп койгон жок, ниет да кылган жок. Мунун себеби бар – экөө азыр ток эле, ооздун ичи кургап, күйүк чаң жыттанган ушул үптө курсагың ток туруп жанды сабай куугун салыш деген өлүм менен барабар. Баарынан да тигил бөлтүрүктөргө андай куугун чабыт али эртелик кылат.

Бөлтүрүктөр мертинип калмак. Кууганына жетпей күйүгүп, көздөгөнүн ала албай сынып, экинчи ээленгис болуп, биротоло көңүлдөрү калып, үмүттөрү өчүп, азуусун айга жана албай, ийин аңдыган шалпаң болуп өсмөк. Кыш түшсүн, жабыла куугун салчу сонор башталсын, жыл маалына толуп, кубат алып калган тай бөрүлөр мына ошондо сыноого кирсе жарашат. Канаттары канчалык катканына көздөрү жетип, чоң чабытка кадимкидей белсенген учур болот. Чоң маараке ошондо. Азыр болсо канды бекер бузуп алып не керек.

Ээленген бөлтүрүктөрү жанын койбой асыла бергенге Акбара нары секирип отурду да, жебедей сайылган көз курчун закым болуп агып өтүп жаткан бөкөндөргө кадай берди. Урук чачууга дайраны өрдөп сүзгөн балыктар сыңары калың чийди аралай чаап өтүп жаткан боз жылтыр боор бөкөндөрдүн, үзүлбөгөн бир агым болуп, бир багытка бет алып, суу издеп кетип бараткан бирине бири коёндой окшош бөкөндөрдүн караанын узата карап отура берди. Анткен менен Акбаранын бу көз карашында өзүнчө түшүнүгү бар эле, ал – бөкөндөр азыр мейли алыстап кете берсин, ардеменин өз маалы бар, бу чөлкөмдүн макулуктары ушерде эле болот деген ишеним. Ошол ортодо бөлтүрүктөр атасына асылып, үңкүйгөн Ташчайнарды козголто албай жатышты.

Акбара болсо кыш түшөр кезди элестетип отурду: күндөрдүн бир күнүндө таңга маал кар жаап салар да,

уч-кыйырсыз улуу талаанын бетин ак кар басып, сүткө жуугандай мелтиреп жатып калар. Бирок алгачкы ал кардын бир күндүк же түш жарымдык эле өмүрү болор, али тоң тиштей элек жер бетинен бат эле эрип кетер. Анткен менен чоң чабыттын карышкырларга келген кабары ошо. Ошондон баштап бөкөн куумай бөрүлөрдүн тирилигинин негизи болот. Анан күтүнгөн күн келет! Төмөнтөн жөө туман бери жылжып, калың чий бубак оронуп, жылгыны карга ийилип, талаа үстүндө жылуусу качкан күн мунарыктап турар – ушуларды даана элестетип алып, чын эле ошол күн келип калгандай Акбара бир силкинип койду. Ал күндө чыкыроон абадан кере жутуп, чоюлуп-керилип дене-боюн жазып, анан кар бетине жылдызчалантып из калтырган булчуң жаздыктуу буттарын төшөп, желе-жорто жүрүп бергенде, арыш керип баратып башка бөрүлөрдүн издерин да ажыратаары бышык. Сан эти катып булчуңданып калган тай күчүктөрүнүн изи мобулар, а мобу аюу тамандаган барбагай жылдыздар – тырмактары бата түшкөн издер Ташчайнарыныкы. Дөбөтүнүн изин Акбара жазбай тааныйт: зор дөбөтү баскан кар оюлуп калат, көк омуроо, барак төш неменин күчү изинен эле билинип турат. Ташчайнар бөкөндөрдүн кекиртегине жаралган канжар, ал бир чалып өткөн бөкөн канатын карга чапкылаган кызыл баренде өңдөнүп, кан чачыратып барып кулайт. Бирөөнүн каны – бирөөнүн жеми, тирүүлүк башталгандан келаткан жосун ушул. Жашоонун башка жолу жок, тиричиликтин башаты ошол. Мында эч кимисинин адилдиги да, күнөөкөрлүгү да жок, таразалаган калысы да жок, күнөөкөр эле болсо – биринин канын бирине жем кылып жаратып койгон Эге болор... (Адам тагдыры гана башкача – мээнет кылып нан таап, мээнет кылып эт таап, адам өз табиятын өзү курат).

Алиги Моюнкумдун сonoруна чыккан издер, жылдызчаланган чоңу да, кичинеси да чубап, туман аралап барат да, бадалдуу бир жылгага токтойт, «кеңеш» куруп, айдоочулары чабытка кетет, мууздачулар буктурмада калат...

Акбара айдоочу куугунчулардан. Көптөн камынып күтүнгөн маал келип, жайылып жаткан бөкөндөргө жакындаганда Акбара өңүп жатып, калдыркан муз каптаган чеп менен чеп болуп жер боортоктоп, оттоп жүргөн бөкөндүн баёо көзүнөн көзүн албай шыйпаңдап эркелемиш болуп жуук барып, анан атырылып ат коёт. Ана, бөрүнүн дооранын сүргөн кез ошол! Бөлтүрүктөрүн оозандырчу биринчи чабытты элестетип отурган Акбара чыдай албай кыңшылап жиберди, кара тумшугун жаланып, араң карманды.

Алгачкы сонордогу куугунга не жетсин! Миң-сандаган бөкөндөр өрттөн үрккөндөн бетер дуу коюп, күтүрөтө качып барат. Ак кар жаткан жердин тумсак бети заматта кара тырык болуп жыртылат. Куугунчуларды баштаган Акбара алдыда барат, аны ээрчип ушу дүйнөгө ушундай чабыттын кызыгына жаралган үч бөлтүрүк калбай келет. Аларды ата-баба жосунуна салып, чабытка оозандырмакка чыккан энеси – куштай зыпылдап учкан Акбара, атасы – жандай чаап келаткан букачар кейиптүү Ташчайнар. Бу дөбөт куугандан чарчабайт, бир көздөгөнү – бөкөндөрдү буктурмага оңдуу кайрып, анан аерде бөлтүрүктөрүнө сабак кылып, кыргын көрсөтүү. Буюрсабуюрбаса да ал чабыт улуу чабыт болор. Эңсеткен ал чабытта Акбаранын көздөгөнү – кыргындан түшөр көп олжо эмес, көк-сур канат куштай зыпылдап, мейкин талаа бетинде куугун салып учуп бараткан кызык... бөрүлүк жашоосунун кумары ушунда...

Канчык бөрүнүн табият берген кыялы ушул. Ким билет, Теңири ылайык көрүп, канына кошо куйган бу кы-

ялдан акыры жүрөк өйүгөн өкүнүч болор, өңүндө ишке ашпай, түшүндө гана көрүнүп, азуу жеткис арман болор. Куру кыялдын азабын ошондо тартып, канчыктын көзүнөн кандуу жаш агар. Куру кыялдын баары эле ушундай эмеспи – ободу көңүл эргитип пайда болуп, анан көбүнесе ишке ашпай кыйрап калат. Куру кыял деген ошол, жыты жок гүлдөй, тамыры жок дарактай... Жакшылык менен жамандыкты айра таанып билем деген жаналакеттен берекет чыкпай калчу куру кыял ошол...

## III

Моюнкумдун мейкинине кыш түшкөн. Жарым чөлгө октотекте бир түшчү калың кар жаап, мелмилдеген кең талааны ак матага ороп салган. Кыйырына көз жетпеген чыбырдуу кең мейкин ак океан сыяктанып, адырмак, дөңсөө, жалдары аркырап келатып токтоп калган толкундарга окшоп кетет. Эбелекти эркинче кубалап ойногон шамал жойлоп өткөн соң чексиз ааламдын жымжыртынан бетер кулак зыңылдаткан тынчтык орноду да калды. Жайды-жайлай канкаксып жаткан кумдуу чөл ным жутуп, шамал жукпай какшыган такырлар жумшарды... Ошо кар түшөр алдында эле желе тарткан каз-тоодактар каркылдап үн салышып, күзгү көчтүн кербени сыяктанып, Гималай тарапка учуп өтүшкөн. Дайынсыз кайдагы бир деңиз менен дайраларынан дайынсыз кайдагы бир жайларына, кыязы, түпкүлүгү жаралган сууларына кетишти. Алардын бийикте бараткандагы үндөрү ушунчалык азгырма эле, эгер бу эрме чөлдүн макулуктарынын канаттары болсо аларды ээрчий артынан кошо учмак. Бирок ар макулуктун өз бейиши жазмышта белгиленген эмеспи... Жер боортоктогон макулуктар түгүл, ошол бийикте каалгып жүргөн айры-куйруктар да жол бошотуп четтей беришти...

Ушу кышта Акбаранын туңгуч үч бөлтүрүгү бой салып, жиликтүү тай күчүктөрдөн болуп чы-га келди. Ар биринин кыял-жоругу бар. Ырас, кудай-таала айбандарга буюрубаган соң Акбара бөлтүрүктөрүнө бөлө-бөлө ат коё албады. Бирок адамга буюрубаган сезимдин күчү менен ар бирин жытынан, дагы башка белгилеринен ажыратып, каалаганын кандайдыр ишарат же үн менен чакырып алчу. Үчөөнүн ичиндеги ирдүүсү Ташчайнарды тартып, жайык маңдай, жар кабак чыкты, ошондуктан аны Чоңбаш деп ажыратат. Ортончусу да ирдүү, узун шыйрак, келечекте айдоочулардын алды болгудай, аны Желтаман деп ажыратат. Үчөөнүн бири ургаачы, анан калса куду Акбаранын өзүндөй болуп көк көз, жука чабысында алакандай агы бар, энесинин жакшы көргөн оюнкарагы, муну энеси сөзгө жетилбеген сезиминде Сүйгүнчүк дегендей бөлөт. Эгер ат коё алса, мунусун Сүйүмкан деп эле коймок беле, ким билет. Бойго жетип, суйсалып чыга келгенде не бир дөбөттөрдү өлүм талаш алыштырган айыгыш чыгарар шойкон ушу болор...

Билинбей түн ичинде жаап салган биринчи кар баарына күтүүсүз келген майрам болду. Теребелди бүт каптап калган бейтааныш ак чаңдын түсү менен жытынан бөлтүрүктөр оболу чочуркап турушту да, анан чыйрыктырып силкинткен серүүндүгү жагып калды белем, тегерене чуркап, аласалып ойношуп, кубалашып жарышып, карга ооналактап бышкырып-чүчкүрүп, кубанычтан үрүп да жиберишти. Кыш аягында канчык энеси, дөбөт атасы менен ажырашып, ар кимиси өз бетинче турмуш куруп кетчү туңгуч бөлтүрүктөрдүн биринчи кышы ушинтип башталды.

Кечке жуук кар себелеп дагы жаады да, эртеси күн чыгаар таңкы маалда айлана ак шоокумга жуунуп, жарык болуп берди. Мейкин бети мемиреп тынч турду. Курсак кынжыйып, араан ачылган кез келди. Чабытка чы-

гар учурга чыдамы кетип, бөрү үйүрү теребелге кулак түрүп калды. Азырынча козголгон эч жан жок. Баарынын күткөнү чабытка «айт» демей белги. Чоңбаш отурат чабытта кандай мүшкүл тартаарын сезбей чыдамы түгөнө жаздап. Желтаман да белен. Сүйгүнчүк болсо энесинин көк көзүн мисирейе тиктеп, маңдайында. Үйүрдүн атасы Ташчайнар куйругун чубалтып, ары-бери басат. Баарынын күткөнү Акбаранын буйругу. Бирок баарынан улук дагы бир нерсе бар, ал ачкалык. Ач бөрү гана чабыттын кумарына жете алат.

Күткөн чак келди дегендей Акбара ордунан туруп, желе-жорто жөнөп берди. Беркилер аны ээрчиди.

Бу чабыттын башталышы Акбара канчык күчүктөрү кичинесинде элестетип эңсегендей эле башталды. Үйүр-үйүр бөрүлөр топтошуп, куугун баштаар мезгил ушул. Дагы бир аз мезгил өтүп, чилде түшкөндө жалгыз-жарым каңгып жүргөн бөрүлөрдүн баары бир топко биригип, кыш чыкканча тобун жазбай чабыт салып, жан багат.

Ушинетип, Акбара менен Ташчайнар улуу чабытка чыгып, туңгуч бөлтүрүктөрүн оозандырганы ээрчитип барат.

Бирде илкип, бирде жортуп, тумсак кардын бетине гүл чайытындай издерин калтырып, чөл талаанын оңтою менен бөрүлөр жүрүп баратты. Жанаша кеткен бул издер – топтошуп кан издеген күчтүн кайра тартпас белгиси. Бадалдуу жерде кар үстү, бадал асты болуп жыбылжып, жыбытка киргенде кубаңдаган көлөкөдөй зыпылдап жүрүп баратты бөрүлөр. Болор чабыттын болору да, олжого тоюнары да эми кара тумшукка ыйгарылган буйруктан...

Бирер жерге барганда Акбара эки жакка көз салып коюш үчүн дөбөчөгө жортуп чыкты. Сыдырым соккон шамалдан жыт искеп, көк көздөрүн мунарыктаган төнүмгө кадап, былк этпей туруп калды. Кыйырына көз

жетпеген улуу чөлгө жан кирип келатты. Боз чалган мейкиндин ар тарабынан шамалдын канатында келген жыт каңылжаар кычыштырат. Тыякта да, быякта да бөкөндөрдүн калың топтору жүргөндөй. Жаздагы козулар азыр ушу тапта бөлүнүп, өз алдынча короо-короо болуп бөлөк жайылып калган. Быйыл төл берекелүү болгон. Демек бөрүлөргө да береке.

Шамалдын багытына жараша талаанын кайсы тарабына бет ала жүрүп, каерден жаңылбай чабыт салууну белгилемекчи болгон канчык чий баскан дөбөчөдө көбүрөөк туруп калды.

Дал ушул учурда кандайдыр бир бийик тараптан кандайдыр күркүрөгөн доош чыкты. Бу шумдук доош же жайкы күндүн күркүрөшүнө окшобойт, бирок талаанын асманынан жаңырып жатат. Башта кулак укпаган таптакыр бейтааныш, улам күчөп келаткан бул дооштон кармана албай Ташчайнар да дөбөгө атып чыкты, канчыгы экөө катар туруп кулак түрүп, корккондорунан куру айбатка ырсайып азуу көрсөтүп, куйрук кыпчып кетенчиктей беришти. Асманда бир балээ болуп жатыры. Доошун мурда кулак укпаган, өзүн мурда көз көрбөгөн кандайдыр бир укмуш талаа үстүнөн кайып учуп келатыры. Тумшугун жерге салып, саал кыңая учуп алыптыр. Андан артта алысыраакта дагы бир ушундай балээ учуп келатыры. Кайып учкан бойдон экөө тең алыстан өтө беришти да, доошун ээрчите алыстап кетишти. Бара-бара доошу да өчтү.

Бөрүлөрдүн бу көргөнү вертолёттор болучу.

Ошентип, сууда из калтырбай сүзгөн балыктар сымал эки вертолёт Моюнкумдун асманында бир кайрып салып, кайып учуп кетишти. Анткен менен асманда да, жерде да эч өзгөрүү боло койгон жок. Бирок чөл макулуктары билбеген бир жаңылык бар эле, вертолёттордун бу учушу асмандан чабыттаган чалгын болчу. Ас-

мандан жерди чалган учкучтар кайсы квадратта канча жандык бар экенин, вездеходдор менен жүк машинелер кайсы тараптан кантип келсе боло турганын радио аркылуу айтып, тиешелүү жерге кабар берип кетишти. Бөрүлөр эмне кылмак эле, дүрбөлөңгө салган коркунуч өткөн соң бөкөндөрдүн жайытын издеп, андан ары желе-жортуп жөнөштү. Ээн талаа, эрме чөлдүн бетиндеги жаныбарлардын баары номур коюлган квадраттарга бөлүнүп, чектелип, эми жапырт атылмайы пландашып калганын, мерчемдүү жерлерге белгилүү сандагы машинелер жөнөтүлүп, ушу тапта сандаган моторлор күркүрөп, сандаган дөңгөлөктөр чимирилип, каптап келатканын туяр сезимди кудай-таала бу талаанын бөрүсү болобу, бөкөнү болобу, бирине да буюрубай койсо, баёо макулуктар кайдан билсин...

Эзелтен ит-кушка жем болуп буюруган бөкөндөр эми эт төгүү планын аткарууга керек болуп калганын бөрүлөр кайдан туйсун. «Беш жылдык план аткарылбай», областтын иши чатакка айланып, кыжаалат болуп турганда облбашкармадагы шойкондуу бирөө Моюнкумдагы жапайы эт ресурстарынын стратегиясын жоктон таба койсо болобу: негизги милдет планга тете эт өндүрүү эмес, белен-бекер жаткан этти жыйнап өткөрүү, мына ушинтсек гана эл алдында да, жогорудан зекип отурган чоңдордун алдында да жүзүбүз жарык болуп, областтын намысын сактап калабыз десе болобу. Борбордон чалышып, областтарда телефондор тынбай шыңгырап, жерден чукусаңар да эт төгүү планын аткаргыла, созо бериш мүмкүн эмес, үстүбүздөгү жыл – беш жылдыкты жыйынтыктоочу жыл деп, планыңар кана, эт кана, милдеттенмеңердин аткарылышы кана, элди кайсы бетибиз менен карайбыз деп арганы түгөтүп жатканын ээн жердин бөрүлөрү кайдан туйсун?!

«План сөзсүз аткарылат,– деп жооп берип жатты облбашкарма,– жакынкы декадада аткарабыз. Кошумча резервдер бар, жер-жерлерди кысымга алабыз, талап кылабыз...»

Акбара баштаган ээн жердин бөрүлөрү болсо бу маалда эч балээден бейкапар, жумшак карды аста басып, көздөгөн максатка өңүп баратты. Түптүү чийлердин быткылы менен өңүп, коңур күрөң-көгүш чий түсүнө түстөшүп өздөрү да байкалбай, өңүттүн чегине жетип токтошту, ат коёр алдында кичине бой токтотуп, дем жыйып алышка бөгүп калышты. Алдыдагы жайыт Акбаранын көз алдында, алакандагыдай көрүнөт. Жылгындуу жайытта эрмен-шыбак аралаш оттоп, жайнаган бөкөн жайылып жатат. Жаралгандан бери бири-бирине коёндой окшош, куйкул-күрөң жон, ак боор бөкөндөр беймарал. Акбара карманды, күтүндү, өңүттөн атып чыкканда куткарбастай болууну, анан куугунга алганда селдей агылган топту кайда кайрып жөнөөрүн чамалап жатты. Чыдамы кеткен бөлтүрүктөр куйруктарын бир жазып, кайра чыйралтып, талпынган куштай кулактарын бир тикчийтип, бир жапырат. Камырабас Ташчайнардын да каны кызып баратты, азуусун канжардай шилтөөгө азыр турду. Бирок Акбара көз отун жашырып, ат коюшка али белги бере элек. Ал деле оңтоюн күтүүдө. Оңун таап ат койбосо бөкөндөр тапатаңдан аткан октой кетет, оңу болбосо жырткычтын жырткычы да жете албайт. Акбара ошол куткарбас оңтойду күттү.

Дал ушунда капилеттен күн күркүрөп коё бергенсип, асманда жанагы эки вертолёт дагы пайда болду. Бу жолу вертолёттор жапыз учуп, шукшурулуп келди да, беймарал жайылып жаткан бөкөндөрдүн калың тобун уйгутуйгу түшүрдү. Үрккөн бөкөндөр жарылган тосмонун көлүндөй каптап, көктөн түшкөн балээден сүрдүгө качты. Капыстан келген бу шумдуктан эси чыккан жандык-

тар чаң-тополоң түшүп, башчысын таппай, башаламан дүрбөлөңгө кабылды, бейкүнөө макулуктардын канаттуу темир шумдукка каршылык кылар аргасы болбоду. Вертолётторго ушунусу керек окшойт, үрккөн топту ого бетер жерге жапыра кууп, андан озо учуп, кайрый кууп, нарыдан үркүп келаткан башка топ менен кагыштырып, тополоңун тоз кылып жиберди. Жолду катар улам үрккөн топтор кошулуп, эзелтен мындай алааматты билбеген, же баштоосу жок, же качаар багыты дайынсыз макулуктар удургуп, Моюнкумдун акыр кыяматы башталды. Жалаң ача туяк адал жандыктар эмес, алардын демейки жандоочусу, эзелки жоосу – бөрүлөр да селдин шарына кетти.

Вертолёттор чабуул койгон бу шумдук каратып туруп заматта боло кеткенинен эси чыккан бөрүлөр обол чийдин коңулдуу түптөрүнө кыпчылышты, анан ага да чыдай албай бу каргашалуу жайдан качып беришти. Бөрүлөрдүн жаналакети ушерден алыс житип кетиш, аман кетиш, тынчыраак жерге жоголуп кетиш эле, ал да болбоду. Ыраак эле качып чыгышкандай болду эле, аңгыча дүңгүрөп кулак тундуруп, жер титиретип, арттан бороон келаткансыды. Вертолёттор кайрылып, каалаган багытына кууган миң-сандаган бөкөндөрдүн сели бөрүлөрдү каптап басып, кууп келатты. Бөрүлөр же буйтап чыгып кетишке, же коңулдуу жерге бекине калышка чоло таппады, сайды толтуруп, дөңдү тегиздеп келаткан, жолунда тоо болсо да токтотуп такат бере алгыс, кара булуттай каптаган жандуу селдин агымына кетти. Эгер бөрүлөр саал эле токтоно калган болсо жапайы табияттын дүргүүсүндө алды-артын карабай каптап келаткан бөкөндөрдүн курч туяктарына жанчылып, кар аралаш жуурулган кара баткакта дайынсыз калмак. Бөрүлөр чуркашын акырындатмак түгүл, жанталашып жер тырмалай качканынан аман калышты. Эми бөрүлөр акыл

жетпес, ойго келбес бу жер оогон улуу куугунга кабылып, эпкинине кетти. Жанараакта эле өздөрү бирден алкымдап, улам кууп жетип, бирден жара тартып, кыргын салып, кумар кандырууга камынып турган бөрүлөр эми жалпы баарынын башына капилет түшкөн тагдырдын мындай каарына каны куйүп, бөкөндөр менен жанаша чуркап, сүрмө топтун калканычында жандарын ала качып баратты. Минтип бөрүлөр менен бөкөндөр моюндаша бир качканын Моюнкумдун талаасы эч качан, улуу өрт учурунда да көрбөгөн чыгар.

Акбара нечен ирет качкын топтон суурулуп чыгып кетишке ыкыс берди, бирок амалын таппады, саал эле буйдалса, же бурулса күтүрөп жыш чаап бараткан жүздөгөн бөкөндөрдүн туяк астында тепселип кала берчүдөй. Эпкиндеген ушул чабышта Акбаранын үйүрү көпкө чогуу жүрдү – мына эки тарабында жиптей созулуп арыш керип, күшүлдөгөн бөкөндөрдүн арасында жакындары келатат: мына Чоңбашы, тигине Желтаманы, ал экөөнөн өксүңкүрөп, күчтөн тайып Сүйгүнчүгү келатат. Бөлтүрүктөрүнүн жанында сүрүнөн чөл бети титиреген Ташчайнар үрөйү учуп, катуу чуркап алыптыр. Чоң чабыттын ордуна ушинтип бөкөндөрдүн сүрдүккөн тобу менен кошо сүрдүгүп, аман кутулуп чыгышка айла таппай, суугa аккан чабындыдай калың качкындын эпкинине кетебизби деген нерсе көк көз Акбаранын кыялына кирди беле!.. Биринчи болуп Сүйгүнчүгү көздөн жоголду. Сүрдүгүп барып жыгылды да, каңк эткен үнү чыгып, ошол замат миңдеген туяктардын дүбүртүнө жутулуп кетти...

Куугун салган вертолёттор болсо рация аркылуу бири менен бири сүйлөшүп, качкан топту эки жактан сүрөй кысып,– чачырап кетсе ээн талаадан кайра издеп, чогултуп жүрмөк кайда,– улам күчөй сүрөп, төбөдөн ажал болуп күркүрөп, ансыз да катуу качып бараткан бөкөндөрдү андан катуу качууга аргасыздандырып, кууп кела-

тат. Шлемофондон куугунчулардын киркиреген үндөрү кулакты кезейт: «Жыйырманчы, уккун, жыйырманчы! Кана, дагы күчөтө түш! Дагы күчөт!» Жогортон карап бараткан вертолётчу учкучтарга астыдагы өздөрү жасаган кара сүргүн даана көрүнөт: Сапырылган ак карды уюлгутуп, киргин кара дайра албууттанып тынбай агып бараткандай. Анда жыйырманчынын ээликкен үнү кулакчындан шаңдуу угулат: «Күчөтсө, мына! Ха-ха-ха, карасаң, арасында карышкырлар да качып баратат. Мына кызык, кара сүргүнгө кабылган экенсиңер ээ, кашабаңдар! Өлүмдөн кайда качып кутуласыңар? Буерде кинодогу «Коё тур!»[1] дегениң жарабайт!»

Ошентип куугунчулар калың топту зоруктура кууду. Зоруктуруп жыгыш алдын-ала тактап ойлонулган иш.

Акырында күтүрөп качкан бөкөндөрдүн калың тобу жайык түзгө агылып чыга бергенде аткычтарга кептелди. Вертолётчулар эртеден бери чогулуп айдаган максаты да ушул болчу. Бу жерде күтүп тургандар мергендер деле эмес, кадимки эле кырып-жойчу аткычтар болчу. Чүмбөтү ачык «Уазик» минген аткычтар бөкөндөрдү андан ары кубалай артынан сая түштү да, автоматтарынан ок жаадырып, огородунан чөп чапкан сыңары мээлебей-этпей эле кыра баштады. Алардын артынан прицептүү машинелерге бекер олжо жыйналып, кишилер ок жеген бөкөндөрдү машинеге ыргытып салып баратты. Алдуу-күчтүү кайдагы бир немелер бу жаңы жумушту бат эле өздөштүрүп алышты: өлгөнүн кузовго ыргытып, чала жандуусун шамшаар менен сол колтукка бир сайып, аны да ыргытып, жаралуусун кууп жетип сайып жүрүштү. Бирок алар көрсөткөн негизги өнөр – канга жуулган бөкөндү колдон-буттан алып, күүлөнтүп туруп,

[1] «Коё тур!» – атактуу «Ну, погоди!» мультфильмдеги карышкырдын дайыма кайталаган сөзү эске алынууда.

борттон ары ыргытканы. Жапан жандык мекендеген чөл талаа жаратып койгон кудайына кандуу салыгын ушинтип төлөп жатты. Кузовдордо бөкөндөрдүн өлүктөрү дөбөлөнүп чыкты.

Тыякта кыргын дале жүрүп жатты. Жанагыдай чуркай албай чаалыга баштаган бөкөндөрдүн калың тобун машинелери менен омуроолото кирип барып, автоматчан аткычтар оң жагын оңдой, сол жагын солдой кырып-жоюп бара беришти. Ал ансайын тополоңу тоз түшүп, бөкөндөр чалдыгуйду удургуду. Акыр кыяматтын коркунучу да мынчалык болбос – дүңгүрөгөн дүбүрттөн, ок жаадырган автоматтардын дабышынан кулагы биротоло тунуп калган Акбарага бүтүн дүйнө дүлөй болуп калгандай туюлду, асман-жер астын-үстүн түшүп, колго кармалгыс, көзгө көрүнгүс болуп кыйрап кеткенсиди, төбөдөгү боз чалган күндүн өзү да бу кара сүргүнгө жердегилер менен кошо куулуп, жылтылдаган миң сан майда сынык болуп быркырап, үн-дабышсыз ың-жың алоолоп бараткансыды. Тиги вертолёттор күрүлдөгөн доошунан, ызылдаган ышкырыгынан ажырап, бийикте айланып учкан айры-куйруктар сымал төбөдө доошсуз тегеренип учуп жүргөнсүдү... Автоматчан аткычтар «Уазиктердин» үстүндө бири тизелеп, бири бортко өбөктөп, үн-доошсуз атып баратышат, жер үстүндө кайкып учуп баратышат, машинелер үнсүз зыпылдап чуркап, зоруккан бөкөндөр алсырай тикирендеп, окко тепчилип, кан жаая үнсүз кулап жатышат... Мына ушул каныбайрамдын ың-жыңы жок уюлгусунда Акбара адамдын жүзүн көрдү. Жакын жерден адам жүзүн даана көрө коюп, эси чыкканынан машиненин астында кала жаздады. «Уазик» жандай салып жүрүп бараткан. Алиги киши белинен өөдө көрүнүп, алдыда отуруптур. Көзүнө шамалдан калкаланчу көз айнек тартынып алыптыр, шамал менен арылдаган жүрүштөн ыржайып, кара-көк тартып,

кан тепкен кара оозуна микрофон кармап алган, машине мөңкүгөн сайын кошо секирип, бүт талаага бирдемелерди үнсүз кыйкырып барат. Кыязы, куугунду башкарган киши ушу көрүнөт. Эгер канчык бөрү кулагы угуп, адам тилин түшүнгөндөй болсо, тиги киши рация менен минтип кыйкырып баратканын укмак: «Чет-жакасын аткыла! Чет-жакасын терип аткыла! Ортосун атпагыла, тепсеп салышат! Тепсеп кетишет дейм, айбандар!» – Ортодо жыгылган бөкөндөрдүн этин арттан каптап качып келаткан топтун туяктары эзип салат дегени болуу керек...

Мына ушунда алиги микрофон кармаган киши бут алдында машиненин дөңгөлөгү менен кошо жарышып, калың бөкөндөрдүн сүрмөсүнө кошо сүрүлүп, карышкыр чуркап келатканын көрө калды. Анын артынан дагы экиүч карышкыр келатат. Киши селт этип алып бирдемени кардыга кыйкырды, табалагандай ызырына микрофонду таштады да, бут астынан мылтык сууруп чыгып, оңтойлото кармап затворун шак тартып, кайра чаптырды. Акбара анын баарын көрүп баратты, көз айнекчен киши мээлеген мылтыктын кара оозу дал өзүнө түздөлүп жатканын да көрүп баратты, бирок түшүнбөдү, түшүнсө да эч аргасы жок эле, калың топтун эпкининде буйтап кетер, же токтой калар аргасы жок эле. Тиги киши мээлей берди, аябай мээлеп баратты, Акбара ошондон да аман калды окшойт. Катуу бирдемеге мүдүрүлүп, Акбара аласалып кетти, тепсендиде калбас үчүн кайра дароо тура чуркады. Ошондо көргөнү бу болду: бөлтүрүктөрүнүн ичиндеги ирдүүсү Чоңбашка ок жаңылып, көккө секирип учту да, каалгып жай кулады, бир капталына оодарылып, буттары тырайып жыгылды. Кыязы, жанталаша каңшылады окшойт, же араң эле кыңкыс эткендир, Акбара эчтеме уккан жок. Көз айнекчен киши мылтыгын башынан өөдө көтөрө, кубангандай баржаңдап, бирдемелерди кыйкырды. Акбара болсо күүсүн жаза албай

кара тумшугу канжалап жаткан бөлтүрүгүнүн үстүнөн каргып өттү. Мына ушунда гана анын кулагынын калдырканы айрылып кеткенсиди, тегеректеги кызыл кыргындын үн-дооштору күргүштөп кирип келди: күтүрөгөн калың качкындын дүбүртү, татыраган автомат үнү, өкүргөн машинелердин доошу, кишилердин кыйкырык-чуусу, жан талаша кулап жаткан бөкөндөрдүн кыркырагы, төбөдөн кетпей коштоп келаткан вертолёттордун күрүлдөшү... Көп бөкөндөр ок жебей, зоорукканынан оңкобашатып кулап, буттарын тыбыратып, жүрөктөрү жарылып, түтүк тумшуктарынан кан кетип өлүп жатышты. Арттагы өлүк жыйноочулар шамшаарын бир шилтеп, алкымын шыла кесип, али жаны чыга элек жаныбарларды колдон-буттан колдошо күүлөп туруп, машиненин кузовуна ыргытып келатышты. Кийимдери башынан аягына кан болгон бу кишилердин кейпи курусун, түрлөрү суук...

Агерим асманда дүйнөнү түгөл багып турган көз болсо Моюнкумдун талаасында эмнелер болуп, эмне менен бүтүп жатканын толук көрмөк, бирок ал көз деле бу талаада дагы эмнелер болорун, кишилер дагы кандай шумдукту ойлоп жатканын туймак эмес...

Куугандар да, куулгандар да биротоло алдан тайып, талаа бетине кечки ирешире[1] түшө баштаган кезде гана токтошту. Эртең эртелеп вертолёттор май куюп келгенсоң бүгүнкү ишти кайра жаңыртуу керек деп чечилди. Ошентип, каныбайрам бул аймакта үч күндөй созулса, анан Моюнкумдун батыш жагындагы кумдуу чөлгө оошмок. Вертолёттордун көктөн жүргүзгөн байкоосуна караганда ал тарапта али баёо бөкөндөрдүн тобу миң сандап, буердегиден көптүк кылбаса, аз эмес. Ушунун баары официал тилде «ачыла элек резервдер» деп аталат.

---

[1] и р е ш и р е – күүгүм (*син.*)

Демек, ачыла элек резервдер али мол болгондуктан алардын баарын бу чөлкөмгө тагылган пландуу иштин кызыкчылыгына пайдалануу керек. Моюнкум «ыкмасынын» официал негизделиши ушундай болду. Бирок анткен менен ар кандай официал чечимдердин артында тарыхтын өнүгүшүн аныктаган турмуштук кырдаал болот эмеспи. Ал кырдаал назили келип, напсиси да бар, ынсабы да бар, арамдыгы менен адалдыгы катар жүргөн, болжолсуз кыялы менен дилинде карама-каршылыгы бар адамдарга байланыштуу. Мындай караганда Моюнкумдун трагедиясы бөтөнчө боло калган окуя эмес эле. Жиңкени куруганданбы, же бирөөлөрдүн көрсөтмөсүн аткарыппы, иши кылып бүгүнкү кыянатчылыкты ою менен ойлоп, колу менен кылган кишилер ал түнү эрме чөлдү тинтип жүрүштү.

Акбара канчык менен Ташчайнар дөбөт аман калгандарына ыраазы болуп, кыргын түшкөн талаадан алыс кетиштин аракетинде түн катып, тыным албай жортуп жүрүп отурду. Күнү кечке кара тополоңдун арасында чуркай берип, көкүрөк, боор жүндөрү, чаты, сооруларына чейин кара баткак болгон немелер каалагандай тез жүрө албады. Жараланган, жанчылган буттары отко күйүп калгандан бетер сыздайт, жер бастырбай оорутат. Ошентсе да эптеп жан жай алар ийнине жетип, бүгүнкү каргашалуу катаал күндү унутсак дегенде таңдай кургап, көздөрү кызарат.

Бирок аяктан да жол болбоду. Ийинине жакын калганда аерде дагы кишилер бар экенин туюп калышты. Коңулунда ийин бар жылганын кырында дөңгөлөгү жылгындын боюнан ашкан жүк машиненин калдайган карааны туруптур. Караңгыда машиненин жанынан кишилердин кобуру угулат. Бөрүлөр телмире тиктеп бир аз турду да, ачык талаага кайра тартты. Эмне үчүндүр дал ушул маалда машиненин жарыгы жанып, бөрүлөр ба-

раткан тараптан тескери жактын караңгы түнүн көздү. Ошонусу да оңой болбоду, бөрүлөр жан талаша дагы качты. Бири аксаңдап, бири кыйраңдап, башы оогон жакка жөнөштү. Айрыкча Акбара эки колун жерге тийгизе албай бүжүрөйт... Тешилген таманын муздатышка кыраң карды тандап качып барат. Гүл чайытындай чубалып калып жаткан издери эми эртемененкидей жылтылдабай, кандуу так таштап, кейиштүү калып жатат чубалып. Бөлтүрүктөрү болсо кырылды. Ийинин кишилер ээлеп алыптыр, эми кайра баруу жок...

Кишилер алтоо болучу, атылган олжону жыйноо үчүн чогултулган, ар кошкондон бир кошкон кишилер, шопуру Кепаны кошо эсептегенде алтоо. Талаада өлүп жаткан бөкөндөрдү терип жыйнаса, ар бирине элүү тыйын алат. Бүгүндөн калган ошол ишти эртеменен улантуу үчүн алтоо ушу талаага түнөп калган, үч машинени жүктөп жиберишсе да, атылып өлгөн, куугунга тепселип, же зоругуп өлгөн бөкөндөр талаада жайнап жатат, толук жыйнап бүтө алышкан жок, кеч кирип кетти. Эртең эртелеп, калгандарын дагы терип, бу машиненин бортунан алыс ыргытып жүктөп беришсе, машине тыяктагы прицептүү транспортко жеткирет, аерден брезент чүмбөттөлгөн кузовдорго карай оодарып жүктөп, Моюнкумдун аймагынан ташып чыгып кетишет...

Он бешине толгон ай Моюнкумдун асман менен жалгашкан көк жээгинен каалгып чыга келди да, таза кар жаткан жери аз, кар-топурак жуурулуп, мыжыга эзилген жерлери көп чаар-ала талаа бетине шоола чачты. Ай шооласы жердин ак-карасын дааналап, карайткы бадалдарды, жылга, аңдарды, дөбөлөрдү бөлө көрсөттү. Бирок калдайган чоң машиненин карааны киши жүрбөгөн бу талаада сүрдүү көрүнүп, эси чыккан бөрүлөрдү ого бетер коркутуп, улам алыс качыра берди. Улам кача түшүп, бир кылчайышат да, куйруктарын кыпчып, андан

ары качып берет. Чыдай албай дагы токтой калып, кылчая карап, ийиндин жанында кишилер эмне кылып жатышат, эмне үчүн дал ошерге токтошкон, тетиги калдайган зор караан дагы көпкө турабы деген туюк суроолордун туюмун туюнгулары келгендей баштарын кыңайта элейе тиктеп турушат. Сүрдүү караан демекчи, ал – МАЗ, жол тандабай жүрөр аскер машинеси, үстүнө брезент чүмбөттөлгөн, дөңгөлөктөрүн коё кал, жүз жыл жүрсө жыртылгыдай эмес. Кузовунда эртең жөнөтүлүүчү он чакты бөкөндүн өлүгүнө аралаш ээн талаада туткунга түшкөнсүп, эки колу артына байланган бир киши жатат. Бөкөндөрдүн эттери улам барган сайын муздай баштаганын кишинин денеси сезип жатат. Антсе да бөкөндүн жүндүү капталы жылуу, болбосо минтип кыймылсыз жата берип, эмгиче селейип тоңуп калмак. Брезент чүмбөттүн эшик жылчыгынан тиги киши толгон айды асмандын көзөнөгүндөй көрүп, ойсуз телмирет. Купкуу өңүндө кыйналуу бар.

Жанараак болгон окуядан кийин эми мунун тагдыры тиги кишилердин колунда. А чынында баары тең Моюнкумдун олжосун жыйнап, бирдеме таап алалы деп келишпеди беле.

Адам турмушун кандай деп болот. Эмнеси болсо да адамдардын чечмелиги жок түгөнгүс чиеленишкен мамилелери, ар кандай тагдырлардын ар кандай муундар менен кыйчалышы ушунчалык татаал дейсиң, бүгүнкү компьютердик системанын эң мыктысы да кадыресе эле адам табияттарынын жалпылыгын интеграциялап бере албас. Бул алты киши, тагыраак айтканда, бешөө, анткени шопур Кепа өз алдынча, буларга айдоочу болуп гана кошулган жана алтоонун ичиндеги үй-бүлөлүү адам, бирок, дегинкиси, ал деле дилинде булардан алыс кетпеген, айырмасы анча эмес жан, кыскасы, бул алтоо – кайнаса каны кошулбаган карама-каршылыктардын кошу-

лушу да мүмкүн, аны териштирүү үчүн компьютердик интеграциянын кереги деле жок деген ойго далил боло алчу алтоо. Кудайдын кудурети күчүнө, аңдап акылың жетпейт дегендей, кайдагы бир сандалбаптар кошулуп деле коллектив түзө алар беле дегенге далил боло алчу алтоо ушулар. Демек, кудайдын кудурети күч экени ырас, ар кандай гүлдөрдөн кураган бир десте сыяктанып, алтоо бириккенде алтоонун тең табият маңызы бирдей болуп чыкты. Дегинкиси, Моюнкумга аттанып чыгарда дал ушундай туюлду.

Баарыдан мурда алтоо тең көрүнгөн жерде бытпылдык айткан, кудайдан жөө качкан, Кепадан башка бешөөсү тең үй-жайсыз немелер. Алтоо тең турмушта жолу болбогон, өздөрүнөн башканын баарына нааразы, ошон үчүн баарыга ызырынган, андыктан дүйнөгө да ошондой мамиле кылган немелер. Бул кылкадан айрымаланып турган эле Авдий деген торattан алган аты бар (жөөттөрдүн ушундай бир пайгамбары болгон имиш) жанагы жаш жигит. Өзү Псковдун жакасында турган бир дьякондун баласы экен, атасынын көзү өткөн соң чиркөө кишисинин тири карак уулу катары бааланып, диний окууга кирген экен. Эки жыл өтпөй динге сыйбаган жоругу үчүн окуудан куулуп чыгат. Мына эми, Обердин өзү айткандай, баары түшүп келаткан бир кемеде бузукулук кылган күнөөсү үчүн эки колу артына байланып, алдыдагы тагдыры эмне менен бүтөрүнө акылы жетпей, МАЗдын кузовунда жатат.

Авдийди эсепке албаганда баары тең артынан кууп ичкен, же өздөрүн өздөрү көтөрө чалып айткандай, профессионал аракечтер болчу. Бирок мында да Кепа бу жамаатка көп кошула албайт, анткени шопурлук укугун алдырып койсо катыны эки көзүн оюп алар. Бирок Моюнкумдун ээнинде аракты беркилерден кем калбай согуп алды. Тиги Авдий-Авдюха гана бөтөнчөлөнүп, шек-

тентип баш чайкап, тентип жүргөнү менен иши жок, ичпей койсо болобу, ошонусу Обердин жинин ого бетер кайнатты.

Обер дегени – айтууга ылайык деп, карамагындагы өлүк жыйноочуларды өзү көндүргөн, жашы да улуу киши. Экинчиден, өзү бир кезде аскер кызматындагыларды кайра тарбиялоо тармагында ага лейтенант болуп жүрүп, кийин ал даражасынан ажыраган неме экен, алиги сөздүн маанисин түшүнөт белем. Даражасынан ажыраганда ылымталаш жолдоштору катуу кейип, берилип иштедиң деп, өзүңөн кетти деп сооротушкан. Чоңдорунун адилетсиздигине ичинен кан өтүп, сурагандарга ошондой түшүндүрүп, аскерден куулган чыныгы күнөөсүн айтчу эмес. Өткөн иш өттү, эми аны кайра жаңыртып отуруунун кажети канча.

Чындыгында Обердин фамилиясы Кандалов, сөздүн түпкү чыгышында Хандалов болсо керек эле. Бирок ага кызыккан эч ким жок, Оберби – Обер, ансыз деле беркибешөөнү кыңк эттирбей башкарып жүрбөйбү.

Бу топ өздөрүн «хунта» деп алышкан. Кош көңүл каршы чыккан бир гана Гамлет-Галкин болгон. Ал мурдагы артис: «Койгулачы, балдар, «хунта-мунтаңарды», мага такыр жакпайт. Биз сафарага баратпайбызбы, келгиле, «сафара» болуп алалы!» – деген. Бул сунушка башкалар көңүлдөнбөдү, балким, мажүрөө «сафара» деген сөздөн көрө өктөм айтылар «хунта» деген сөз жага бербей калды окшойт. Ошентип «хунтанын» ичиндеги экинчи киши болуп Мишаш деген неме өзүнөн өзү эле чыга келди. Мишаш дегенди түшүндүргөндө Мишка-Шабашник болот, бука жиндүү неме, кимди болсун, атүгүл Обердин өзүн да ашатып сөгүп жиберет. Ылайык келсин-келбесин, эки сөзүнүн бири: «Энеңди...» – ушу сөз менен оозандыргандай сүйлөйт. Авдийди байлап-таңып, кузовго ыргытып

салалы деген ойду чыгарган да ошол. Беркилер карап турмакпы, айтылган сөздү шапа-шуп аткарышты.

«Хунтанын» ичиндеги карапайым, жоошу Гамлет-Галкин, мурда областтык театрдын артиси болчу, кийин ичип кетип, маалына жетпей сахнадан чыгып калган. Туш келген ишти иштеп, эптеп жансактап жүргөндө көктөн тилегени жерден табылып, бул иш чыга калбадыбы. Сайгак дейби, бөкөн дейби, айырмасы эмне, шыйрагынан кармап кузовго ыргыта берет экенсиң, анан айлап иштеп таппаганыңды эки-үч күндө табат экенсиң. Анан дагы Оберден сыйлык болот. Жалпы иштешкендердин эсебинен алынса да, Обердин атына кала турган иш – бир жашик арак болот. Алтоонун ичиндеги айдаган жагына жүргөн, каяша дегенди билбеген, Моюнкумдун айланасынан чыккан жергиликтүү Үзүкбай деген бар. Аны жөн эле «абориген» деп коюшат. Үзүкбайдын баа жеткис бир сапаты – ал ар-намыстан үч күнү кийин туулган, эмне айтсаң ошого макул, аракка жумшасаң Түндүк Уюлга деле барып келүүгө даяр. Абориген – Үзүкбайдын кыскача таржымалы мындай: оболу тракторчу болучу, анан көзү ачылбай иче баштаган кезинде бир түнү тракторун чоң жолдун ортосуна таштап кетет. Өтүп бараткан бир машине тракторго урунуп, киши майып болот. Үзүкбай эки жыл камалып кетет, ал ортодо аялы балдарын көтөрүп алып, төркүнүн табат. Үзүкбай камактан чыгып, кайсы бир шаарда санда жок жумушчу болуп жан багат. Азык-түлүк дүкөндөрдө жүк ташыгыч болуп жүрөт, караңгы босоголорго корголоп арак ичет. Ошентип жүрүп Оберге жолугат да, кылчайбастан, кың дебестен аны ээрчип алат. Кылчайганда эмнесине кылчаймак... Обер-Кандалов чынында ийри тумшук киши, азган-тозгондордун ичинен иттей ээрчип алчуларын оңой эле тандачу...

Обер-Кандалов баш болгон «хунта» ушинтип табышкан, анан Моюнкумдагы уу мааракесине туш болушту.

Эгер тагдыр жана тагдырлар тууралуу сөз кылсак, башка окуяларга мурдатан себеп болчу тиричиликтин ар кандай жагдайлары тууралуу сөз кылсак, анда жолу болбогон семинарист Авдий Каллистратов өз учурунда диний окуусун бүтүп, чиркөөнүн бир кызматына жетип калгыдай болсо, Обер-Кандалов менен жолукмак беле, ушинтип байланып кузовдо жатмак беле. Баса, Авдийдин семинариядагы окуулаштары, мектеп окуучуларынын баарындай эле эселек курбулары бир жолу тандап алган турмуш жолунан тайбай, раматылык дьякондун уулу Авдийге караганда алдаганча өжөр, айрыкча эстүү болуп чыгышты. Алар диний окуусун бүтүрүп, чиркөө кызматында мансап кууп баратышат. Башында Авдий жөндөмдүү окуучулардын катарына кирип, окумал динчилердин сүйгүнчүгү болуп жүргөн. Авдий азыр окуулаштарына тагдырлаш болгон болсо, Обер-Кандалов менен тагдырлаш болмок беле. Анан калса Обер-Кандалов попторду чын пейилинде мезгилдин жаңылыштыгы деп эсептеп, жөн-жай кызыкчылык үчүн да өмүрүндө чиркөөнүн босогосуна барган жан эмес, барууну ойлоп да койбойт.

Болсо-болбосо дейбиз, бирок ушундай болорун ким билиптир. Күн мурунтан билген болсо... Кайдан билсин, чогулуп талаага чыгып, бир күн иштеп, каржы таап келишке киши жыйнап жүргөндө кызмат анкетасын сурап отурмак беле. Коллективди картөшкөгө айдагандай кеп да. Болгон айырмасы – бу талаада картөшкө эмес, атылган жандыктарды жыйноо... Вокзалда кокусунан кездешип калган сандалбап Авдий дени-карды соо эмес, кеңкелес чыгып, эми кийин Моюнкумдун чөлүндө андан кантип кутулуунун айласын таппай кыйналам деп, Обер-Кандаловдун үч уктаса түшүнө кирди беле. Жан таштап аракет кылып уюштуруп, ушунун аркасы менен өткөндөгү айыбын жууп алсам деген үмүттө жүргөн Обер-Канда-

ловдун бүт аракетин жокко чыгарып, үмүтүнөн тайсалдатып салган ушул көктөн түшкөнсүгөн Авдий болуп отурбайбы. Акыл жетпес, ойго келбес жерден, анан калса акмакчылыктан бир түйүнгө баары чиеленишип калары кимдин оюна келиптир. Ушуларды ойлогондо Обер-Кандаловдун ичкиси келип кетет. Арамдыгын албууттантып, өзү жакшы билген ык менен жарты стаканды бир тартып, анан дагы жарты стаканды кагып жиберип, анан жартыны согуп, кулагы тунгудай, кара жини кайнагыдай, эч тоскоол токтото алгыс болуп, арамдыгы күч алса... анан кашайган жаны түнөрүп, төбөсүн оё койсо, акыл-эсин былчыйта койсо...

Бирок антиштен да коркот, анткени эртең эле азабын тартарын билет...

Кайдан келип, жакасына жармашкан балээ болду ушул Авдий! Дагы эле, эгер тагдыр жана тагдырлар тууралуу, башка окуяларга мурдатан себеп болчу тиричиликтин ар кандай жагдайлары тууралуу сөз кылсак, анда бу чиеленишкен түйүн мурда эле, мындан алыс жерде эле чиелене баштаган экен.

Диникайыр, бузук ойлуу делинип, диний окуудан куулуп чыккан Авдий ал кезде областтык комсомол гезитинин штаттан тышкаркы кызматкери болуп иштеп жүргөн. Диний окуу жайынын кечээги семинаристи бүгүн окурмандар кызыккан темада жаза билгендиктен редакцияга керек болду. Чиркөө динден четтетип кой-гон неме динге каршы үгүт иштерин жүргүзүүгө ылайык эле. Окуусунун өтөсүнө чыкпай калган семинарист дешип, демек, кызыкчылыгын ойлоп, жаштар арасында купулга толорлук деңгээлде адеп-ыйман темасында жаза алат дешип, ошол мүмкүнчүлүгүнө кызыгышкан. Гезиттин кенебес кенендиги менен чыгып калчу анын жаңы сыяктанган ой жүгүртүүлөрүнө жаштар түгүл, областтык басма сөзгө күн сайын чыга берчү кургак насаатчыл чакырыктар

менен социалдык арбоолордон жадаган окумалдардын көпчүлүгү назар бурду. Гезит менен кызматкер – эки тарап бирин-бири толуктап, бирине бири керек болуп турган арада жаш болсо да эрте жетилген ой сыландын дилинде кандай ниет күч алып келатканына бир гана жандан башка эч ким түкшүмөл кылган жок. Авдий бара-бара гезит рубрикасына атын бекемдеп алган соң ылайыктуу бир форма таап, чек арадагы бейтарап тилке сыяктантып өзүнө ылайыктуу идеологиялык бейтарап түзүп алып, көөнө дин илиминдеги догматтык постулаттарга каршы, биздин доордогу кудай жана адам тууралуу жаңы ойлуу көз караштарын, өзү эсептегендей, турмуштук мааниси өтө чоң, актуал ойлорун жазып турууну көздөгөн. Көздөгөнү го көздөгөн, бирок алдында кебелбес эки чеп, эки зор күч турганын ойлобогону күлкү келтирет: ал экөө бирин-бири эч качан жактырган эмес жана жактырбайт, бирине-бири эч качан моюн сунган эмес жана моюн сунбайт – бир жагында мезгилге жеңдирбеген, миңдеген жылдардан бери жактаганын бербей, пасха концепцияларын өзүмдүк диний ишеним, ак ниет менен айтылган жаңы ой болсо да, ар кандай жаңыртуудан караманча жактапсактап келаткан диний көз караш; экинчи жагында анын баарын түп-тамыры менен четке каккан илимий атеизмдин күчтүү логикасы бар. Тиги байкуш бул эки опол тоонун ортосунда зыңылдаган чиркейдей гана болуп калмак. Бирок үмүт оту өчкөн эмес. «Адамзаттын тарыхый өнүгүш процессине жараша мезгилге карай өткөн жолду жолдоо менен бирге өнүгүп-өсүп отуруучу кудай категориясы» деген өзүнөн чыккан идеяга ээлигип алган динийкайыр Авдий Каллистратов эртедир-кечтир элге өз көз караштарын ачып берүүгө тагдыр жол берер деген үмүтүн үзгөн жок. Ал кез качан келет дегенде, ал: эл өзү эңсеп калар кез келет, индустриянын ашуусун ашып, адамдын акыл күчү ашып-ташып, жарылып кетер чекке жеткен-

де адам кудайын таанышысы келип калат, мына ошондо... деп өзүн өзү соорото. Авдийдин бул акыл бүтүмдөрү токтоло элек, талаш мүнөздө, бирок официал дин илими ушинтип ээнбаш ойлонууга да тыюу салып, арам оюңдан кайткын, күнөөңдү мойнуңа алгын десе болбой койгондо диний семинариядан кууп чыгып отурбайбы.

Авдий Каллистратов өзү узун бойлуу, ак куба жигит. Бир катар курбулары өңдөнүп, ал да чачын ийнине түшүрүп, коңур куйкул сакалын да коё берген. Бу кейпи жаштыгына анча көрк кошо албаса да, кудайы момун кылып көрсөтчү. Ою-дили уйгу-туйгу экенин билдирип, тостойгон көк көздөрү жылтылдап турат. Ушул табияты аны ар бир жетишкенине маашырлантып да жиберчү жана ак пейили менен аралашса да болбой тегерегиндеги кишилерден көп запкы тарттырчу...

Кийгени чатыраш көйнөк, свитер, жынсы, жылуусу качып, эскилиги жеткен пальто сөрөйүн ийнине салып, атасынан калган эски тумагын башына кондуруп алат. Моюнкумдун чөлүнө да ушул кейпинде пайда болду...

Эми минтип машиненин кузовунда байлануу жатканында ар түркүн мүшкүл ойлор жабалактап, өтө кападар. Баарынан да ушул азыр жанында жакын бирөө жок жалгыз экени жанына батты. Кайсы бир Чыгыш акындын жалгыздык тууралуу эсте чала калган ыры болор эле, ошону эстеди: «Атадан алтоо болсоң да – бир жалгыздык башыңда, жападан жалгыз болсоң да – бул жалгыздык башыңда». Ал-ансайын жаны кейип, көңүлү чөктү, жакындан бери жанындай жакшы көрүп калган, ой-санаасынан чыкпай, жанынын жартысындай болуп калган бир жанды ойлой берди. Аны өзүнөн бөлө албайт, аздектегени да, азаптанганы да ошол жан. Эгер коммуникабелдүүлүктүн жеткен чеги телепатия деген адамдардын ортосунда бар болсо, сезимтал жандын өз-

гөчө бир чымырап чыңалган учурунда анын сезими жакын көргөн башка сезимтал жанга таасир этип жетип турары чын болсо, анда бүгүн түнү тыякта бир жан жабыгып жатмак, кырсыктын аянын сезмек...

Ал алиги Чыгыш акынынын теңирден тескери айткан бир сөзүн ойлой калганда ичинен: «ушинтип да тантыйбы» деп күлүп жүрчү эле, ага эми араң түшүндү, адилет маанисине көзү ачылды. «Адал сүйө турган жан ак сүйүүгө жете албайт...» – деп жазыптыр ал акын. Маңызына эми жетип, Авдий буулуга ыйлап жатты. Эгер жер жүзүндө ал жан бар экенин билбесе да, туйбаса, өлөр алдында өз жанындай көрүп, аны мынчалык кашая, ичтен сызып сүйбөсө ушунчалык арылбаган азапты, таркабаган кусалыкты өзү сезмек беле. Ушул азыр бошонуп алып, түндү түн дебей эрме чөлдү кезе чуркап жетсем деген азаптуу, дайынсыз каалоосу болмок беле. Жердин түбүнөн учуна созулган темир жолдун бир тоомунда, кыйырсыз чөлдүн четинде турган Жалпак-Саз станциясына жетип барып, баягыдай болуп, ал жашаган оорукана үйлөрүнүн биринин босогосунда жарым эле саат турууну ушунчалык эңсемек беле... Бирок антиш колунан келбесине аргасы куруп, эмне эле ага мынчалык берилдим деп кайра өзүн жемелейт. Азиянын бу каргыш тийген талаасына жалаң ошо деп кайрылып экинчи жолу келбедиби, эми минтип Моюнкум деген жеринде колубуту байлануу, ит көрбөгөн кордукту көрүп жатат. Бирок ага жете албасына көзү жеткен сайын жетсем, бир көрсөм деген умтулуусу күчөп, жанын кашайтып, жалгыздыгына ого бетер жабыркаган сайын ушул азаптуу акыбалынын жыргалын сезгенсийт. Жаны кудай менен бириккени деп түшүндү мунусун. Анткени кудайдын кудайлыгы сүйүү аркылуу гана билинип, ошону менен кудай-таала адамды турмуштун эң бийик жыргалына батырат деп өзүн өзү жубатты. Бу мааниде кудайдын кең

пейил, марттыгына баш-аягы жок мезгилдин ченеми да жетпейт. Ошону менен сүйүү жазмышы ар учурда ар кишиде ар кандай... «Кудай улук! – деп Авдий айды карап жатып өзүнчө күбүрөдү да, анан дагы муну ойлонду: – Жүрөктү сүйүүгө балкыткан кудайдын мээрими канчалык улуу, канчалык чексиз экенин ал билер болсо кана...»

Ушу чакта машиненин түбүнөн бирөөнүн шыбырты чыкты да, ал неме бышылдап-күшүлдөп, кекирип коюп, кузовго асылды. Ал Мишаш экен, борттон ашып түштү, артынан Кепанын башы көрүндү. Кыязы, бирден согуп алган окшойт, арактын жыты бур этти.

– Жата бересиңби, энеңди... Кана, тур, иттин попу, Обер чакырып жатат, баш териңди байкап көрөм дейт,– деп Мишаш үңкүрдөгү аюудан бетер күржүңдөп, бөкөндөрдүн өлүктөрүн тебелеп келатты.

Кепа артынан мылжыңдап, коштоп койду:

– Баш териң сыйрылып, Моюнкумдун чөлүндө калар бекен.

– Жанагысы үчүн Моюнкум эмес, Сибирге айдаш керек бул итти, энеңди... Кудайлап отуруп бизди көк мээ кылгысы бар, кечил кылып чиркөөгө камагысы бар, бирок биз деген сен ойлогон кишилерден эмеспиз, энеңди...

## IV

...Ал ортодо Авдий Жалпак-Саз станциясына бир топ кат салды. Инга Федоровна да шаардык почтого «сурап алма» кылып, жооп кат жиберип турду, анткени ал учурда Авдий Каллистратовдун туруктуу адреси болбой калган. Энесинен эрте ажырап, жесир калган атасы дьякон Каллистратов ошо бойдон өлөр-өлгөнчө жаңыртып үйлөнгөн жок. Аталык мээримин жана окумал киши бол-

гон соң диний жана коомдук илим-билимин бүт уулу менен андан үч жашар улуу кызына ыйгарды. Авдийдин эжеси Варвара techинститутка кирүү үчүн Ленинградка жөнөгөн. Аерде аны окууга кийирбей коюшат, диний кызматтагы кишинин кызы экенсиң, techинститутту бүткөндөр болсо мектеп балдарын окутууга жөнөтүлөт деп жолотушпайт. Анда Варвара конкурстук сыноодон Политехникалык институтка өтүп кетет. Ошондон ары күйөөгө тийип, үй-бүлө күтүп, кайсы бир долбоорлоо институтунда чиймечил болуп иштеп, ошо бойдон келбей калган. Авдийдин алдыдагы жолу диний семинарияга багытталып калган. Аны өзү жактырган, айрыкча Варваранын techинститутка кирбей калыш окуясынан кийин атасы аябай жактырган. Чоң поптор батасын берип, семинариядагы окуусунун башталышына байланыштуу Авдийге куттуктоолор айтылган күндөрү дьякон Каллистратовдон бактылуу киши жок эле. Эл көзүнө ачыктан ачык сыймыктанып, тилеги кабыл болгонуна, айткан акылы, үйрөткөн сабагы, өткөргөн эмгеги текке кетпей, өтүнүчү кудайдын кулагына киргенине кубанычы койнуна батпай жүрдү. Көп узабай дьякон каза тапты, анысы да тагдырдын ырайымы окшобойбу, болбосо дүйнөдөн да түбөлүктүү, кудай-тааланын кудурети менен чексиз жана өзгөрүүсүз болуп берилген диний илимге жаңы ойлорду киргизмекчи болуп ээленген уулу Авдийдин мынчалык өзгөрүп-бузулуп кетишине ал чыдай алмак эмес.

Анан Авдий Каллистратов областтык жаштар гезити менен кызматташып калган соң, атасы үй-бүлөсү менен нечен жылы жашап келген чиркөөнүн карамагындагы кичинекей үйгө жаңы алынган диний кызматкер кирмей болуп, мурдагы семинарист Каллистратов чиркөөнүн бу козголгус мүлкүнө тиешеси жок деп табылып, үйдү бошотуп берүүгө аргасыз болгон.

Ушундан улам Авдий Ленинграддагы эжесин чакырды, атадан калган буюмдардан – көбүнесе илгерки иконалар менен сүрөттөрдөн мурас катары эстелик кылып, каалаганыңды алып кет деген. Өзүнө мурас кылып, Авдий атасынын китептерин алып калды. Бешенелерине жазылган жазмыш боюнча андан ары ар кимиси өз жолу менен кетер алдындагы ошол ажырашуу – эже менен инисинин акыркы жолукканы болду. Кайта көрүшпөдү. Мамилелери кадимкидей эле кала берсе да, турмуш жолдору ажырым кетти. Ошондон тартып Авдий бирөөлөрдүн ижараларына баш калкалап, жалгыздан бөлмөсүн жалдап, акыры ар кимдер жашаган бөлмөнүн бир бурчуна башбаанектеп жашап жүрдү. Андан көпкө каржысы түгөнгөн. Алиги каттардын «сурап алма» болуп, шаардык почтого келип жатышы да ушундан.

Дал ушул учурда областтык комсомол гезитинин редакциясынын тапшырмасы боюнча Авдий Каллистратов Орто Азияга командировкага жөнөп калды. Ал жакка барыштын негизги шылтоосу да Авдийдин өзүнөн чыккан: баңги заттын бир түрү болгон наша алынчу өсүмдүк Орто Азияда, Чүй менен Моюнкум талааларында өсүп, өлкөнүн Европалык райондоруна кандай ык жана жолдор менен өтүп кетерин жазмакчы болгон. Наша – атактуу марихуананын бир тууганы, түштүктө өсчү куурайдын бир түрү. Ал куурайдын жалбырактарында, айрыкча чокмороктошкон гүлдөрү менен чаңында адамды баңги кыла турган таасири күчтүү заттар болот. Аны чылым кылып тартсаң жаныңды жыргатып, көшүлтүп-талыктырып, анан көбөйтө берсең – мүңкүрөтүп, чүнчүтүп, андан өткөн соң – жээликтирип, жиндендирип, кудайыңды таанытпай, кишиге кол салуудан кайра тарттырбай салат.

Авдий жол очерктеринде бул барып-келгендеги көргөн-билгендерин калтырбай жазды, жадагалса ээн талаада

бөрү үйүрүнө туш болгонун жазды. Баңги кылып бузчу бу апжип уунун жаштар арасына тарап жатканына жаны кейип, атуул катары, көзү менен көргөн, башынан өткөргөн киши катары жазды. Бирок редакция жетине албай кабыл алган очерктери оболу кармалып турду да, акырында биротоло чыкпай калды.

Ушинтип мээнети талаага кетип, жабыркап жүргөнүн Авдий Каллистратов Инга Федоровнага жазды. Авдий аны жыргатар тагдырынын белегиндей көрүп, дүйнөдөгү эң жакын адамым деп эсептеп, жайык дайрага теңечү. Дайрага бир чөмүп алсам, өлүп бараткан жаным кайра тирилип, күнүмдүк жашоого кайра кайрылам дечү. Барабара Авдий Инга Федоровна менен кат жазышуу – турмушта тирүү жүргөнүн актаган эң башкы себеп, эң негизги окуя экенин түшүндү.

Катты жөнөтөрүн жөнөтүп жиберип, каттын демин ыйык көрүп, өзү ошону менен жашачу, жазылгандардын баарын кайра баштан эстеп, өзүнө өзү түшүндүрө берчү. Анан дагы, жооп күтүү да ага жашоонун бир мааниси болучу. Алыс турушуп, кат аркылуу сүйлөшүү – ал үчүн кыйноодо жүргөн дилинин мезгил менен кеңдиктеги тынымсыз нур чачышуусу болучу.

«...Асмандагы Атага, жерге түшкөн Уулуна жана жараткан Руханиге багыштап...» – ушундай сөздөр менен мен катымды баштаганым Сизди кейитип койдубу деп кийин көп күндөрү ойлоп жүрдүм. Ошол салтта тарбияланып-өсүп калганыман ошентип жаздым. Бу сөздөр олуттуу ойду айтарда, же чокунар алдында келтирер келмем, ошол эрежеми бузгум келбеди. Себеби чыккан жерим чиркөө жамаатынан, өткөндөгү окуган жерим семинария экенин Сизге кайталай берүүнү ылайык көрбөдүм. Сиз менен болгон мамилемде Сизден жашырып калар өзүмө тиешелүү баштан өткөн эчтемем жок. Ушул оюм-

ду дааналап жеткирүүгө салыштыруу издейм да, түк таба албайм. Андай салыштыруу жок болсо керек.

Анан дагы ойлогонум: азыр катымда «Сиз» деп жазып жатамын, а баягы коштошорго чейинки убакта экөөбүз «сенге» өтүп калган элек. Ажырашканыбызга азганакай убакыт болду, мен азыр алыстамын, бирок кандайдыр бир өзгөрүүгө дуушар болгондой сезем өзүмдү. Анткен менен апенди немелер дайынсыз актана берет эмеспи. Муну жөн эле айттым. Дегиңкиси, алыстан Сизге «Сиз» деп сүйлөшүүгө уруксат бериңиз. Ошенткенде мен өзүмдү оңтойлуурак сезем. Эгер тагдыр буюруп жолугар болсок, менин ичтен сыздаган, ошол үчүн терең сыр кылып каткан тилегим бар, ал тилек – бала. Кыялымда балдарымды бөпөлөп, аларсыз көрөр күнүм жоктой. Баланы кыялыңдагыдай сүйө алсан, сүйүү не деген таалай... Бул кыялым өзүмүн тирүүлүк маңызыман жаралган, рухумун жетилүүгө, түбөлүктүү чексиздикке умтулганынан жаралган. Ушу кыялымда Сизге умтулам. Өзүм байкабай тирүүлүккө жармашам, кыязы ошол үчүн сүйүү өлүмдүн карама-каршысы болуп калган окшобойбу. Төрөлүүнүн сыйкырынан кийинки тирүүлүктүн улуулугун билгизген сүйүү белем! Мунун баарын айтып жатканым – Сизге жолугарым бешенеме жазылган бактым болсо экен деп тилейм. Анан дагы жолукканда Сизди «сен» деп айтууга убадамды берем... Ага чейин айтар сөз аябай көп...

Инга Федоровна, атайы силердин аймагыңарга барып жазып келгендерим гезитке чыгары менен Сизге авиапочта аркылуу салып жиберем деп убадамды берген элем. Өспүрүмдөр жөнүндөгү, нашанын артынан түшкөн жаштар жөнүндөгү жана да биздин күндөрдө бул өкүнүчтүү нерсеге байланышкан башка ойлорумду жазган очерктерим жакын арада жарык көргүдөй эмес. «Биздин күндөрдө» дегеним, наша – отоо чөп болуп ал жерлерде эзел-

тен өсүп келаткан чөп. Кийинки он беш жылдан бери, кечиресиз, өзүңүз ал тармакты изилдеген адис болгон соң мен Сизге эмне айтып жатам, ансыз да билесиз. Бирок баары бир Сизге айтам, Сизге айтпасам баардык аракетим текке кетчүдөй. Ошентип жергиликтүү эл айткандай, он беш жыл эле илгери бул арам нерсени, же нашачылар айткандай, жаман чөптү чылымдыкка болобу, же башка бирдемеге болобу, жыйноо эч кимдин оюна келчү эмес экен. Бул арам өнөр кечээ-жакында эле, көбүнесе Батыштын таасиринен улам пайда болду. Эми болсо жазган материалыңды оңдоп-кыскартып, арыз түрүнө келтир да, жогорку чоңдорго салып жибер дешет. Ушундай да болобу? Бул кеңеш кандай негизден улам айтылганы мага дайын, жаштарга, – жылмалоочулар үчүн жылмалап айтайынчы, – жаштардын арасындагы аң-сезими өсүп жетиле элек бир бөлүгүнө жуккан баңгилик кесел жөнүндөгү чуулгандуу материал элибиздин, өлкөбүздүн кадыр-баркына доо кетирет деген ушундай жалган сактык ачууну да, күлкүнү да келтирет. Сагызгандын саясаты деген дал ушул эмеспи... Ооруну жашырсаң өлүм ашкере кылат дейт, андай кадыр-барктын кереги эмне!

Инга Федоровна, бу жазгандарымды окуп жатып, баланын жоругуна жылмайгандай жылмаярыңызды элестетип отурам, а балким, менин кагыла элек момундугума кабагыңызды бүркөрсүз. Баса, кабак бүркөө Сизге аябай жарашат. Сиз кабак бүркөгөнүңүздө динчилдиктин аруулугуна жетсем деп дилин берген кечил кыздар түспөлдөнүп, Сиздин жүзүңүзгө нур балкып чыгат. Эгер Сиз ошол кечил кыздардын ордунда болсоңуз, кудай-таала көктөн түшүп келип, жүзүңүзгө үңүлө караар эле да: Христос колуктуларынын чыныгы сулуулугу дил деминде дээр эле өзүнө. Эгер мен ушу сөзүмдү жолдошторуңуздун көзүнчө жарыя айтсам, чынга окшобой, жагынгандык болуп калар эле. Бирок Сизге деген менин мамилем-

де басаңдатып же апыртып жиберүүгө аргасыз болгудай эчтемем жок. Сиздин бушайман болгонсуган жүзүңүз Ренессанс сүрөттөрүндөгү кудай энени элестетет, бул – ак ниетимдеги оюмду айтканым, эгер макул болбосоңуз, анда муну көркөм өнөрчүлүктөгү менин кемпайлыгыма ыйгарып коюңуз.

Эмнеси болсо да, менин ак ниетиме, түз пейилиме Сиз ишенет деген үмөттөмүн... Баары ушундан башталбады беле – Сиз менин ооз ачып айткан сөзүмө ишендиңиз, ошону менен мага турмуштун жаңы кыйырын ачып бердиңиз...»

* * *

Баягы жазгандарымдын жайын сурамжылап редакцияга мен бүгүн да бардым, дагы эле эч жылыш жок, үмүттөндүрөр сөзү да жок. Башында редакция кубанып кабыл алган менин талаа очерктерим эмне үчүн бүгүн эч кимди кызыктырбай калганын бир да бирөө жөндөп түшүндүрүп бере албады. Очеркте козголгон проблемалардын гезитке коюлушу эң туура экенин ошол эле кишилер мурда колдоп алышпады беле. Гезиттин башкы редактору болсо менден жаа бою качат, телефон чалып жете албайсың, секретарь келиндин айтуусунда ал качан болсун колу бошобойт: же жыйналыш, же планёрка өткөрүп жаткан болот, же алиги келин атайылап барктана айтканындай, жогорку инстанцияларга чакырылып кеткен болот.

Кокустан келип калган чоочун кишиден бетер, бу шаарда туулуп-өспөгөндөн бетер ичим эңшерилип, тааныш көчөлөрдү бойлой сандалып кайра кетем. Кээ бир тааныштар азыр учурашпай да калышты, аларга мен чиркөөдөн куулган, семинариядан чыгарылган жана дагы балээ-бастандуу кайырдинмин. Мына ошондо жүрөгүмдү

жылыткан жалгыз үмүт тамызгым гана калат көйүмдө, ал – кат. Каңгып жүрүп ойлогонум да ошол кат жазам, эмки катымда сүйгөнүмө кызыктуу ойдун баарын жазам, аны менен бөлүшөр ойлорумду, сырдашар сырларымды жазам... дейм. Сүйгөнүмдү ойлой берүү, ага кат жазуу – жашоомдун маңызы болуп каларын башта түк болжогон эмес экем. Күткөнүм, самаганым да ошол – экөөбүз кезиккен жерге кайра эртерээк жетсем дейм. Качан эми? Бассам-турсам ойлогонум ушул. Башка кишилер да жашоосунун түпкү маңызын сүйүүдөн гана таап жашаган, ошого бактылуу болгон учурлары бардыр. Мен болсом көзүм жумулганча сүйүп өтөм, бүт өмүрүмдүн максат-маңызы ушунда болот, башкалардан айырмам да ушунда...

Мына, бульвардагы бактын жалбырактары да күбүлүп жатыры. Мурда кат жазганымда али жайдын алды эмес беле. Маселе ишке ашарына айланганда редакция кынына кайра кирип кетерин мен анда кайдан билипмин. Жалпыга жарыя айтчу басма сөзүбүздө өзүбүзгө ыңгайлуу, курулай кадыр-барк гана берүүчү таң каларлык принцип ушунчалык күчтүү экенин мен анда кайдан билипмин.

Ал күндөрү болсо мен элеттик орус баласын азгырып турган бейтааныш, түштүк жактарга узак убакка барарым ойдон чыкпай турган. Аякка мен коомайланган көзөмөлчү эмес, наша чабыттап жөнөгөн чабармандардын бири болуп, алардын жашыруун тобуна кошулуп кетмекмин, кеп ушунда эле. Ырас, жашым алардан элебирээк[1] болор, бирок ашкере шектенткидей сырт кебетем анчалык кыйды катамал эмес. Редакцияда ары карап, бери карап отурушуп, сакалыңды кырып салсаң, үстүңдөгү көөнөргөн жынсы шымың, эскилиги жеткен крос-

[1] элебирээк – улуураак.

совкаң менен көчөдөгү көп шумпайдын бири болуп калгыдайсың дешкен. Чөнтөк дептер дегенди албадым, эс тутумума таяндым. Мага баарынан ошол чөйрөгө аралашып кирип, эмне үчүн жаш балдар ошол ишке кириптер болгонун, дүнүйө таап, соода кылыштан башка да аларды ээликтирген кандай кызыгы бар ошону билишим керек эле. Мен бул апааттын жекече, социалдык, үй-бүлөлүк, айрыкча психологиялык түрткү-себептерин ичинен изилдеп чыгышым керек эле.

Ошентип камынып калдым. Май айы болучу. Алиги наша чыкчу кара куурай дал ушу маалда гүлдөйт. Моюнкум менен Чүйдүн талааларына өрүп кетчүлөр алиги апжип түтүндүү гүлдү терүүгө дал ушул маалда жөнөшөт. Мунун баарын мага биздин шаардагы бир мектептин тарых мугалими, таанышым Виктор Никифорович Городецкий айтып берген. Экөөбүз ээн отуруп, ардеменин башын чалып сүйлөшүп калганда ал мени «Авдий молдоке» деп коёр эле. Өзү жаш эле неме, Варвара эжем менен бир окуган. Ошо Виктордун жээни, аны Пахом деп коюучу экен, ошо Паша да нашачылардын тобуна кириптер болуптур. Обол анысын ата-энеси да, Виктор Никифорович да билбейт.

Бир жолу Паша Рязандагы чоң атасына барып келейин деп ата-энесинен уруксат сурап калат. Дайыма барып-келип жүрчү экен, уруксат беришет. Беш күн өтпөй Виктор Никифоровичке алыскы Казакстандагы бир станциядан, жол прокуратурасынын тергөөчүсү Жаслыбековдон телеграмма келет. Телеграммада жээни темир жолдо баңги жүк алып бараткан жеринен кармалып, кылмышкер катары камакта жатканы айтылыптыр.

Тергөөчү Жаслыбеков эмне үчүн телеграмманы баланын ата-энесине салбай, ага салганын Городецкий дароо түшүнөт. Мүнөзү катаал атасынан Паша аябай корко турган. Виктор Никифорович буйдалбастан Алма-Атага

учат да, андан ары поезд менен жүрүп, бир суткеден кийин жанагы талаа станциясына жетет. Пашанын айласы куруп калган экен. Ал токтоосуз соттолуп, өзгөчө указ боюнча катуу режимдеги камакка үч жылдан кем эмес мөөнөткө кесиле турган болуп калыптыр. Кылмыш үстүнөн кармалып отурган соң соттолоруна шек жок. Виктор Никифорович алынын келишинче жээнине башка айла жок экенин, колу менен кылганын мойну менен тартарын түшүндүрүп, сотто кандай туруп, кандай жооп беришке кеңешин айтып, ата-энесине жөн-жайды өзү түшүндүрүп коёрун, камалган жерине каттап турарын айтат. Ушунун баары тергөөчү Жаслыбековдун көзүнчө сүйлөшүлгөн сөз болчу. Бир маалда Жаслыбеков мындай деп калды:

– Виктор Никифорович, эгер Сиз бу жээниңиз мындай кылмышты экинчи кайталабасына кепилдикке өтсөңүз, мен жоопкерчиликти өз мойнума алып, бошотуп жибере алар элем. Акыл-насаатыңыз менен Сиз бу чычымды ак жолго сала алчудай көрүнөсүз. Эгер ага болбой, наша алпаратып дагы бир жолу колго түшсө, анда жээниңиз рецидивист катары соттолот, кандай дейсиз, ойлоп көрүңүз.

Албетте, Виктор Никифорович көктөн тилегени жерден табылып, аябай сүйүндү, ошерден эле кепилдикке өттү, тергөөчүнү алкаар сөз таппай алдастады. Ошондо Жаслыбековдун айтканы:

– Виктор Никифорович, сиз бизге ошо турган жериңизден жардам бербейсизби? Ушул теманы басмасөздө козгоп чыксаңыз кандай сонун болор эле. Мугалим экенсиз. Биз кылмыш болуп өткөндөн кийин же болуп жатканда күрөшүп калат экенбиз. Буларга окшогон мадыра баштарды элден чыккандарга кошуп, ээн чөлгө кимдер жана эмне себеп менен жөнөтүп жатканын биз буерде билбейбиз, анан ушулардай өспүрүмдөрдү соттоого маж-

бурбуз, милдеттүүбүз. Асыресе, сиз кабар аларыңыз менен токтоосуз жетип келип, бизге аябай жардам кылдыңыз. Көп эле ата-энелер таптакыр келбей да коюшат. Анан он бешке жашы толбогон бозбаштар катуу режимдеги камакка түшөт. Аер жыргал дейсизби? Аерде эмнелер гана болбойт, ошондон эмне үйрөнүп чыкмак эле? Оңолуп кетет дейсизби? Адамдык сапатынан ажырап, баш териси тескери капталып чыгат. Камак деген айла кеткендеги иш да, аны өзүңүз түшүнөсүз. Ушунун баарын көрүп-билип отуруп, жаның кейийт. Ишенсеңиз, өткөн сезондо эле темир жолдун биз көзөмөлдөгөн бөлүгүнөн жүздөн ашуун баланы кармадык, кармалбай өтүп кеткени канча дейсиз. Болбой эле келип атышат, келип атышат, тыягы Архангельск, быягы Камчаткадан бери биттей өрүп келип жатканы. Качан токтолот? Баарын соттоп бүтө аласыңбы? Булардын кылмыш жоругу өзүнчө эле өнөктүк болуп кетти. Жергиликтүү баңгилерден, болбосо алыстан келип-кетип жүрүп, кандим болгондордон жол көрсөткүчтөрү бар, жаш балдарга кара куурайдын калың өскөн жерлерин көрсөтүп коюп отурат, биз аларды да соттоп жатабыз. А поездди илме-чалма кылгандарычы? Ээн талаада жүк поезддерди токтотуп алышат. Жүргүнчүлөрдүн поезддерине тийбейт, ага жутунушса түшкөн жерден кармалбайбы. Атайын бир порошок жасап беришет экен буларга, түн ичинде рельса менен шпалдарга чачып салса, жарык келип түшкөндө жол өрттөнүп жаткандай көрүнөт имиш. Шпалдар күйүп жаткансыйт, рельсалар да күйүп жаткансыйт. Ээн талаада эмнелер гана болбойт, машинист поездди токтотуп, жерге секирип түшүп караса, жол аман эле турат. Ошол ортодо нашачылар баштык-кап, чамадандарын көтөрүнүп алып, вагондорго култ-култ кирип алышат. Азыркы поезддин составдары да бөтөнчө, узуну бир чакырым келет, анын башынан аягына чейин ким кыдырып карап

чыкмак эле. Ошентип бу эргулдар тоом жолдогу станцияга жетишет. Аерде эл катары чыпта сатып алышат. Жүргөн эл көп, кимиси ким экенин ким билиптир. Ырас, милиция кийинки жылдары нашанын жытын атайын ажырата сезген ит алып жүрчү болду. Мына сиздин жээниңизди да ошондой иттин жардамы менен кармап келишти...

Виктор Никифорович аерде жүрүп, дагы көптү билиптир. Бул иштин сырын мага айтып берген да ошо киши болду. Бирок мындай сөзгө өзүм да мурдатан эле даярданып жүргөн элем. Өз курбалдарымдын дили менен пейилине таасир этер жаңыча жол тапсам деген ой көптөн бери көкүрөгүмдө. Жакшылыктын насааты менен жашоо – менин өмүр максатым. Мен ошол үчүн жаралгам деш – өзүмдү өзгөчө көтөрө чалганым болор, бирок дал ошондой болсом деген ниетим менин ата-тегим, чыккан уюгум себептүүдүр. Жазган макалаларымда мен жалпы жонунан болсо да жаштардын арасында алкоголизмдин зыяндуулугун сөз кылган болчумун. Батыштын кейиштүү тажрыйбасын эске алып, баңгиликтин апжиптүүлүгү жөнүндө да жазгамын. Бирок мунун баары чынында бөлөк бирөөлөрдүн жазганынан, айтканынан чыккан ойлор эле да. Ал эми жаштардын арасында, айрыкча жеткинчек өспүрүмдөрдүн арасында жекече маңбаш болуп бузулуу – мыкаачылык менен киши өлтүрүүгө чейин жеткирип жатканы баарыбызга белгилүү, бирок балээден өзүбүздү алыстай кармап, кеп кылуудан тартынып баңгилик жөнүндөгү ойлорумду, жүрөк өйүткөн кейиштеримди жаза турган материалды түп тамырынан аңтарып көрсөтүү үчүн ал проблеманын ичине кирип, бүт шарттарын сүңгүп аралап, көрүп-билип чыгышым керек болчу. Дал ошентип жүргөн кезде алиги окуяга туш болгон Виктор Никифорович Городецкий жаны ачыган ойлорун айтып отурбайбы. Нашанын артынан түшкөн жолдошторунун

тобунан Пашаны алакчылап калыш үчүн ата-энеси үйүн начар үйгө алмаштырып, шаар которуп кетиптир. Азыркы кейиштүү аңгемесинде Виктор Никифорович ушуну да айтып берди.

Ишке бел байлап киришүүгө бул окуя түрткү болду.

* * *

Казан вокзалынан поездге түшүп, кара талааны көздөй жол тартуу үчүн Москвага келдим. Өздөрүн «чабаган» атап алган немелер оболу дал ушу Казан вокзалынан табышып, уюшуп, анан жол тартат. Кийин билсем, чабагандар Түндүк менен Балтика боюндагы ар кандай шаарлардан келип чогулат экен. Көбүнесе алардын уюткусу Архангельск менен Клайпеда порт шаарлары тура. Кыязы, аерде нашасын деңиз сапарына сүзүп кетип жаткан моряктарга сатышат окшойт. Чабагандардын изин табыш үчүн мен Казан вокзалынан төш белгисинде сексен жети деген саны бар жүк ташыгычка жолугуп, Пашанын баягы досторунун биринен салам айтышым керек. Жүк ташыгычты Үтүк же Үтүтай деп коюшат экен. Үтүктүн чыпта кассаларында таанышы бар имиш, «тер акысын» берсең каалаган поездиңе чыпта сатып келип берет. Бирок бул иштин учугун ким кармап турганын биле албадым. Жашыруун башкарып жүргөн бирөө болуш керек да. Ошентип алиги Үтүк чабагандардын бир тобуна бир поездге, бирок бөлөк-бөлөк вагондорго чыпта алып берип, уюшуп алып жөнөөнү камсыз кылат экен. Чабагандар менен ыкташкандан кийин дагы муну билдим, кокус бирөө колго түшкүдөй болсо өлүм-барым башкаларын айтпасы эң биринчи касамы. Ошон үчүн жолдо баратканда бирине бири бейтааныш, жакындашмай жок.

Мына, Москвага келип-кетип жүргөнүмдө нечен болгон баягы үч вокзалдын аянты. Эл жүнүн жейт, айрык-

ча метро менен вокзалдын ичинде бут коёр жер жок, сыгылышып өтүш азап, кыжылдаган элдин айлампасы чарк тегеретип отуруп, үч вокзалдын жай жерине бүркүп саларын билбейсиң. Ошентсе да мен Москвага келип-кеткенди жакшы көрөм. Элдин шары менен жүрө берип, шаар ортолой барганда киши сээлдеген көчөлөрдү кыдырып, букин дүкөндөрдө жөөлөшкөндү, афиша менен рекламалардын түбүндө турганды жакшы көрөм. Жолум болуп калса, келген сайын Третьяковкага же Пушкин музейине бир барып кайтканды жакшы көрөм.

Бу жолу Ярослав вокзалынан электричкадан түшүп, элдин шары менен Казан вокзалына өтүп баратып, бир кызык ойго туш болдум: Москванын көчөлөрүн каңгый аралап, өзүм менен өзүм болуп, өз кыялыма жетеленип жүрө берүүгө жолто болор колумда жүгүм жок, мойнумда түйшүгүм жок мурдагы кезим жыргал турбайбы. Азыр болсо мобу кумурсканын уюгундай кайнаган Казан вокзалындагы элдин ичинен алиги Үтүк атка конгон, төшүндө сексен жети сандуу белгиси бар жүкчүнү табышым керек. Эгер ал өзү сексен жетинчи болсо, анда жалаң Казан вокзалында канча жүк ташыгыч бар, кыязы, жүздөн ашуун окшойт. Чынында да бу кыжылдактын ичинен аны табыш кыйын экен. Жүк ташыгычтар токтой калар булуң-бурчтардын баарын тинте берип, жарым сааттай убак өткөн соң гана аны Ташкенге жөнөп бараткан поезддин перронунан таптым. Үтүк бир жүргүнчүнүн чамадан, таңгактарын тайтак арабасынан вагонго киргизип жатыптыр. «Акчам бар – Казан жүрөмүн, акчам жок – Чешмада күнгө күйөмүн» деген демейки жол тамашасын кондукторлорго айтып бажаңдайт. Анын колу бошоп, кетүүчүлөр вагондоруна киргиче, узатуучулар купе терезелеринин түптөрүнө топ-топ болуп чубалгыча мен четте турдум. Үтүтайым «тер акысын» чөнтөгүнө бурдап салып, тамбурдан чыгып келди. Күлтүңдөгөн куйкул эр-

гул, ууру мышыкча көздөрү эки жакты иликтей карайт. «Сиз» деп сылыктанып, тынчын алганыма кечирим суроого ниеттенип, аз жерден баарын бүлдүрүп ала жаздадым.

– Салам, Үтүк, иш кандай? – дедим мамадана[1] барпаңдамыш болуп.

– Ишим Польшаныкындай: арабасы бар адам – мырза, төрө жана пан,– деди Үтүк, тим эле экөөбүз илгертен бери тааныштай.

– Пандыгың ушудан го,– дедим мен кол арабасын нускап.

– Ананчы! Мен арабалуу жүрөмүн, кимисинде акча барын билемин. Жумушуңду айт, жеткирип коёр жүгүң барбы? Мен даяр!

– Жеткирип алышка өзүм даяр,– дедим мен да тамашалап. – Башка жумушум бар.

– Айт, эмне жумуш?

– Буерде болбойт, мындай чык.

– Чыкса чыгалы, достум, жүр.

Узун перронду бойлоп, вокзалдын имаратын карай бастык. Ташкендин поезди жылжып жөнөй берди, тизилген терезелер, алардан тигилген адам жүздөрү чууруп өтүп жатты. Берки жолго кайдандыр келген башка поезд токтоду. Катарлашкан поезддер, карбаластаган жүргүнчүлөр, келип жаткан, кетип жаткан поезддерди атап айтып турган радио үнү жаңырат.

Вокзалдын имаратына жеткенде Үтүк кол арабасын ээн бир бурчка бурду, мен эки жагымды каранып алып, Пашанын досунун атынан салам айттым. Анын аты Игорь деген, бирок чабагандардын арасында Морж аталат экен. Эмнеликтен Морж аталып калганын билбейм.

– Морж өзү кайда? – деди Үтүк.

---

[1] м а м а д а н а – (ир.) *тушт. диал.* кургак чечен.

– Ал өлөр күнүн санап калды. Ашказандагы жараты ырбап кетиптир,– дедим.

– Менин айтканым келген экен,– деп Үтүк кейигендей, бирок өзүнүн билермандыгына корстон болгондой айтты. – Достум, ага мен өткөндө эле айткам, иттенбе, Моржок, дегем, кутурба дегем. Ал айбан экстраны шимип кайра тарта албай калган. Ушуну көрмөк.

Мен түсүмөн кейимиш болуп турдум, бирок, ачыгын айтканда, экстрасы эмнеси, аракпы, же дагы бир балээсиби, билбедим. Кудай жалгап, маанисин сурап жибербепмин. Кийин билсем, кара куурайдын чаңы чогултулган, балдардын пластилинине окшогон мыжыкма затты айтат экен. (Пластилин демекчи, аны да Виктор Никифоровичтен уккам). Ошол мыжыгып алган апи-йимдей күчү бар неме эң баалуу баңги зат. Экстра дегени ошол. Химиялык лабораторияга салып, андан героиндей порошок чыгарып, ийне менен денеге сайышат. Моржго окшогон чабагандар ага жетмек кайда, бирок аракет кылса алигидей мыжыкма чогултуп, бир үзүмдөн тилинин астына салып сорушат, же чайнап жешет, же арак менен ичишет, нанга аралаштыра жутат. Экстра кабыл алууну алар мээни кеңгирете коюу дешет. Бирок көпчүлүгүнүн колунан келери, оңоюрак табары – наша тартуу, бири таза өзүн тартса, башкасы тамекиге кошуп тартат. Бу деле мээни кеңгирете коёт окшойт, болгондо да беркилерге караганда түтүндүн таасири тезирек тарайт окшобойбу.

Ушуларды, чабагандардын турмушундагы дагы башка нерселерди мен «Халхин-голго» баратып билдим. Кара куурай өскөн жерлерди да алар «Халхин-гол» деп атап алышкан. Ошо «Халхин-голдон» улам да бетим бир ачылып кала жаздады.

– Мадыра, сен да «Халхин-голго» баратасыңбы? – деп сурады Үтүк байкоостон.

«Халхин-голу» эмне экенин түшүнбөй обол мукактана түштүм да, дароо эсиме келдим.

– Ошондой го. Дегиңкиси ошондой, болбосо мага эмне…

– Андай болсо мындай. Чыптаны бөркүңдөй көр, мадыра. Баары болот. Калгандарын чөп тиштеп келгениңерден кийин Дог өзү билет. Ага менин тиешем жок.

Баарыбызды чыпта менен камсыз кылчу Догу ким, кийин ал эмнени өзү билмек, анысын мен билчү эмесмин, билген да жокмун. Анткен менен Үтүк экөөбүздүн сөзүбүздөн мен буларды тактадым. «Халхин-голго» жүрөрүбүз эртең, анткени чабагандардын баары жетип келе элек экен. Мурманскиден келчү эки чабаган түнкү поезд менен келишет. Дагы бири, кайдан экенин билбедим, эртең эрте гана жетип келе алат. Бу жагына мен кабатыр болбодум, кайра Москвада бир күн болсо да кыдырып алганым олжо көрүндү.

Эртең шерттешкен маалда кайра Казан вокзалына келишимди айтып, коштошуп жатып (ансыз деле кайра келип вокзалга түнөйм), Үтүк менин наша чөп сала турган жол баштыгым, полиэтилен пакетим бары-жогун сурады. Анан дагы магазин кыдырып, туюк жабыла турган шише же пластик идиш алып коюшумду айтты, ага жанагы пластилин боло турган чаңдын мыжыкмасын салыш керек экен.

– Делдейип жүрө бербей, аз да болсо пластилин жыйнай кел. Жыйнаш кыйын дечи, ошондо да… – деп койду. – Өзүм барбасам да, көп уккам. Ушерде Лёха деген бирөө бар, эки сезондо бир «Жигули» тапты. Эми көрсөң Москваңа түкүрүп коюп, зыркыратып айдап жүрөт. Он күн чуркагандын байгеси ошол…

Ошону менен коштоштук. Жаман чамаданымды сак камерага салып койдум да, Москваны кыдырып кеттим.

Май айынын аягы. Москванын жай алдындагы ушу маалына башка учурлары тең келе албас. Күзү да сонун дечи. Абасынын тунуктугу, алтын сары жалбырактарынын түсү, элинин көздөрүнөн чагылышкан күзү да ажайып. Бирок мага айрыкча Москванын жай алдындагы маалы жагат. Күндүзү жаркын, кеч отурган күн баткан соң шаардын ичин да, жылдыздуу асманын да буурул түн ээлеп, көгала шоокум көлбүп турганы ажайып.

Мен вокзалдан таза ашыгып чыгып алдым да, шаар борборуна метро менен жеткеним дурус болорун ойлоп, кайра агылган элдин шарына кирдим. Иштен тараган эл толуп кетер кечки учур али эрте болгон соң, ала-була жарыгы өчүп-жанып шуулдаган метро менен борбордун чок ортосуна ээн-эркин жетип бардым. Свердлов аянтынан өзүм жактырган скверге кайрылдым. Кысып келген имараттар менен чарк айлана тынбай агылган кыймылдын ортосуна корголоогон көк-жашыл арал жан сергитет. Эл агымына кошулуп, оболу манежге бет алдым. Дагы бир көргөзмө болсо карап чыгайын десем, манеж жабык экен. Мен андан ары эски ММУнун алдынан, Пашковдун үйүнүн жанынан өттүм да, Волхонкага чыгып, Пушкин музейине бет алдым. Эмнеликтен экенин билбейм, балким, кечки убакта иштен тараган эл көчө-көчөгө батпай жык-жыйма болуп кетер алдында мемирөөчүлүк боло калабы, же дөбөнү ороло курчап, ошол тоодой орноктуу турган кынама кызыл кыштуу Кремлдин барааны ушинтип мемиретип турабы, айтор, жаным жайлуу, дилим магдырап бараттым. «Ушу сепил дубалдар эмнелерди гана көрбөдү, дагы эмнелерди көрөр экен?» – деп ойлоп коюп, анан дагы ар түркүн ойлор биринин артынан бири башыма толо берип, жакында эле сакалымы алдырганымы унутуп, жылаңач ээгими кайра-кайра сыйпалап коюп баратканымы байкадым. Казан вокзалына уялаган арамдыктын уюткусуна сүңгүп кирип, сыр тар-

тып билип чыгууга жигерленгеними да анда-санда бир кылт эстебесем, көбүнесе көңүлүмдүн коңулуна кирип кетти.

Жок, анткен менен тагдыр бар, жакшы менен жаман окуяларды тескеп турган ошол. Болбосо Пушкин музейине бет алып жөн эле баратып, ушундай жолум болорун мен кайдан ойлопмун. Музейге жаңы илинген экспонат болсо көрүп чыгармын, болбосо залдан залды кыдырып, эскилерин дагы бир тамшана карап өтөрмүн деп гана бараткам. Азыр болсо кире бериштеги чакан бактын алдынан бир жуп аял-эркек жолугуп, мени токтотуп калышты:

– Ай, жигит, сага белет керек эмеспи? – деди ачык жашыл түстөгү галстук тагынган, сары туфличен (кыязы, кысат окшойт) киши. Эркегинин да, ургаачысынын да жүздөрүндө балык сатылып атат деп ойлоп нөөмөткө сурабай туруп алып, бирок гезитке туш болгондой иренжигендик бар.

– Эмне, белет калбай калыптырбы? – дедим мен эч кандай нөөмөт көрө албай.

– Жок, концерт экен. Алсаң экөөн тең ал.

– Кандай концерт?

– Ким билсин, чиркөө хору дешет го.

– Музейдеби?

– Аласыңбы, жокпу. Эки белетти үч сомго берем, ал.

Мен эки белетти ала коюп, музейге ашыктым. Пушкин музейинде концерт уюштурулаарын билчү эмесмин. Администратордон сурап билсем, жакындан бери атактуу музыканттардын аткаруусунда классикалык, көбүнесе камералык музыканын лекторийи иштей баштаптыр. Бу жолу болсо, Аталиян короосу деп аталган залда көөнө болгар чиркөө ырынын концерти болот экен. Кудай жалга! Бу менин үч уктасам түшүмө кирбеген укмуш эле. Ыя, кудай, славян литургиясынын атасы Иоанн Куку-

зелдин чыгармалары да аткарылар бекен? Бирок администратор катын анчалык майда-чүйдөсүн айталбады. Болгариянын элчисинин өзү келеби, айтор, чоң меймандарды күтүп жатышыптыр, билгени ушул экен. Ал жагы менен ишим жок, болгардын чиркөө ырчылары тууралуу атаман көп уккан элем, ошондон улам толкундап, кубанып кеттим. Тобокелге баш уруп бараткан жолумда мындай укмуш болорбу, тим эле пайгамбардан бата алчудай өрөпкүдүм. Концерт башталгыча дагы жарым саат убакыт бар экен, зал кыдырып ой бөлүштү болбоюн деп, таза абадан дем алып туруууга көчөгө чыктым.

Алда жарыктык, Москва! Москва дайрасынын боюндагы жети дөбөнүн биринде турган Москва май күнүнүн кеч маалында не керемет! Пейилиң жайылып, аз убакка болсо да тилегиң тегиз болуп, бу шаардын коюну көңүл эргитип, маңызга толтура. Көкүрөк кере аба жутам, асман чайыттай ачык, жер бети жылуу, музей ал-дындагы бактын темир тор кашаасын бойлой аркы-терки басып мен жүрөм.

Күткөн эч кимим жоктугун ойлоп, негедир ичим ачышты. Колумда эки белет бар, ошондонбу, айтор, ичим ачышты. Ушу маалда ал кыз келатса, азыр келип калар болсо, көчөнүн өйүзүндө келатканын көрсөм, кечигип калдымбы деп шашкалактап көчөдөн бери өткөнү жатканын көрсөм, эселек татынакайым, абайла деп, мен быякта тынчым кетип, көчөдөн чуркап өтчү болбо деп кол булгалап далбастасам, – машинелер көчө толо агылып жатса, жайнаган эл жүрсө, көп арасында мага буюруган бактым болуп ал келатса, – анан ал мени көрүп, өңүмдөн оюмду туюп, өйүздөн жылмайса, ушунун өзү кадыресе, табийгы таалай болбос беле. Ошондо озунуп мен каршы чуркасам, өз жаныман коркпоймун, шамдагаймын, чапчаң жетип, маңдайына тура калсам, жалжылдаган көзүнө тигилип, колдон алсам... Жок жерден кыялыма келген

ушул көрүнүштү элестетип алып, чын эле сүйүү сагынып, бук болуп кеттим. Тагдырым бешенеме жазган сүйгөнүм алиге чейин жолуга электигин дайыма ойлочу элем, азыр да ойлоп алып, кейидим. Бирок ошол бешенеге жазылган жан бар бекен, болор бекен, же мен өзүм ойлоп таап алып, жөпжөнөкөй нерсени чиелештирип жүрөмбү? Муну да мен көп ойлогом, же мен келечек тагдырыма өтө эле сугалакмын, же кыз жактырар жан эмесмин деп кейиштүү жыйынтыкка келе берем. Неси болсо да курбуларым мага караганда жолдуу да, шылуун да экен. Жаштыктын өртүнө бой уруп кирип кетишке диний семинария тоскоол болду деп гана актанам. Андай десем, семинариядан чыгып кеткенден кийин деле чабыттап олжо кууп кете албадым. Эмнеликтен? Айталы, жанагы мага буюруган, мен сүйөр жан чыны менен келди дейли, ошондо мен ооз ачып эмне демекмин? Жүр, чиркөө ырын угалы да, дилибизди агарталы демекмин. Анан кайра бушайман боло баштадым. А эгер чиркөө ыры ага жакпай калсачы, зериктирме, түшүнүксүз көрүнсөчү? Анан калса чиркөөдө ырдоо расмиси бир белек, а момундай мырзалык жайда, ар кошкон элдин алдында ырдоо такыр башка таасир калтырат эмеспи. Бахтын хоралдарын стадиондо чалгандай, же күпүлдөгөн маршка көнүп калган авиа-десантчылардын казармасында ойногондой болуп жүрбөсүн?

Пушкин музейине жылтыраган машинелер келе баштады, атүгүл туристер ташыган автобус да келди. Демек, маалы болгон экен. Итальян короосуна кирер ооздо эл чогулуп калыптыр. Негедир кирчү кишилердин баары, аял-эркегине карабай бири бирине окшош, – кишилер бирдемени, бир окуяны жабыла күткөндө ушундай болот. Артык баш белет сурагандар жүрөт. Мен бир белетимди, студент окшойт, тоок карамабы, же натуура көз айнек тагынып алганбы, ошого бердим. Берип алып, кай-

ра кейидим. Бечара эл арасында майда тыйындарын эсептеп, түшүрүп жиберип, кайра издеп, кишини жүдөтүп жиберди, жөн кой дедим, мага жөн эле берип кетишкен, сага да жөн эле берейин десем көнсөчү, анан мен залга кирип бараткканда алиги тыйындарын күрмөмүн чөнтөгүнө салып ийди. Ырас, мен деле жыргап кеткен жерим жок, акча керек, кудай берген насибим менен жашап жүрөм. Ошондо да... Концертке келген борбор калкы жарашыктуу кийиниптир, менин үстүмдө болсо көөнөргөн жынсы шым, көкүрөгү ачык күрмө, бутумда да эптеп бирдеме,– ушуга коомайландым. Анан калса сакалымы кырдырып салып, бир нерсем жетишпей жаткансып көнө албай жүрөм... Камынган сапарым алыс, атам көрбөгөн кайдагы бир нашачылар менен көз көрбөгөн кайдагы бир кара куурайлуу талаага баратам. Бирок азыр мунун баары көңүлгө арзыгыс майда нерсе сыяктанды.

Бийиктиги эки кабат келген Итальян короосундагы экспонаттар илинүү боюнча орду-ордунда экен, залдын ортосуна гана катар-катар орундук коюшуптур, биз ошерден орун алдык. Сцена, микрофон, көшөгө дегенден эчтеме жок. Президиум болчу жайдын бурчунда гана бир кафедра турат. Эки-үч мүнөт өтпөй орундардын баары ээленди, батпай калгандар улагага топтошту. Киргендердин көбү өз ара тааныш немелер көрүнөт, сүйлөшкөндөр көп. Мен гана сүйлөшөр кишим жок, өзүм менен өзүм болдум.

Бир маалда каптал эшиктен эки аял чыкты. Бири ушу Пушкин музейинин кызматкери экен, ал береги болгар аялды, өзү айткандай, Софиядагы Александр Невский соборуна тиешелүү музейден келген коллегасын тааныштырды. Залдагы кобур-собур тып басылды. Чачын жымсал таранган байсалдуу болгар келин сүмбө балтыр келишимдүү буттарына жарашыктуу жакшы туфли кийиптир (негедир балтыры көзгө урунду), күңүрттөнгөн

көз айнегинин төбөсүнөн олуттуу карап, бизге салам айтты да, орус тилин дурус эле билет экен, чакан сөз сүйлөдү. Эскиден калган баа жеткис чиркөө архитектурасы, илгерки кол жазмалар, икона тартуу жана китеп басып чыгаруу өнөрү менен бирге алар өз музейинде собордун «Крипт» деп аталган жер алдындагы залдарында, кечки концерттерде (сүйлөп жатып жылмайып да койду) тирүү экспонаттарды да, так айтканда, орто кылымдагы чиркөө ырларынын ырдалышын уктуруп турушарын айтты. Ошол максат менен Пушкин музейинин чакыруусу боюнча «Крипт» капелласын алып келишкен экен.

– Чакыра берели эмесе! – деди болгар келин кол чабууларды коштой.

Ырчылар кирди. Алар азыр биз кирген эшиктин алдында эле туруптур. Он киши экен, болгону он, бирок баары жаш, мен куражтуу десе болот. Баары концерттик бир кылка кара костюмчан, ак манишкаларына тагынган калдыркан көпөлөк канат жагоочон, кара батиңкечен. Атайы жасалган сценасы жок, эч кандай аспапсыз, микрофонсуз, үн жаңырткычтары, же жарыкты жаркылдатчу манипулятору жок, жөн эле алдыбызга келип туруштту. Болгону, залдагы жарыкты гана саал басып коюшту.

Бу жерге келип отургандар капелла деген эмне экенин жакшы билген, барктаган угуучулар экенин түшүнүп отурсам да, мен негедир аяп кеттим. Ушунча эл чогулса (анан калса биздин жаштар кулак тундурган электрон аппараттарынын тажаал доошуна көнүп албадыбы), тиги бечаралар куралы жок майданга чыккан аскердей болуп, баёо балапандарга окшоп турду.

Ырчылар ийиндеше ыкташып, ийириле тартып тизилди. Эч балээден камаарабагандай жүздөрүндө сүр баскан калтааруу жок, ойго баткан. Анан дагы бир кызык нерсени байкадым – баары негедир бири бирине коёндой

окшош көрүндү. Кыязы, ушу тапта баарынын ой-пикири бир болуп, пейил камы, ниет туташтыгы жуурулушуп кетет окшобойбу. Күндөлүк турмушта ар кимдин ар башкача маанилүү түйшүгү мындай учурда ой-санаадан такыр куулуп, урушка кирерде аман-эсен жеңип чыксак деген аскерлердей бир тилекке байланып калат окшобойбу.

Ал ортодо алиги сөз баштаган болгар келин жанагысындай эле күңүрттөлгөн көз айнегинин үстүнөн тиктеп, концерт башталар алдында чакан тарыхый түшүндүрмө айтты: болгар чиркөөсүнүн түпкү тамыры Византиядан келатканын, андай болгону менен өзүнчө өзгөчөлүгү бар экенин, диний расмисиндеги бөтөнчөлүктөрүн жана да болгар элинин улуттук ыр ырдоо салтынын кошумча таасирлерин сөз кылды. Анан концерттин башталышын жарыялады.

Ырчылар даяр туруптур. Бир азга дем тарта тунжурай түшүп, дагы тыкысыраак ийиндеше-ыкташа калышты эле, зал ичи бош калгандай тымтырс катты – сүрдөнбөй даап чыккан ушул онунун колунан эмне келер экен, ниет койгону канчалык болду экен деген кызыгуу ошончолук эле. Оң башынан үчүнчү турганы жетекчиси көрүнөт. Ошонусу баш ийкээри менен ырдап коё беришти. Үндөрү түркүн түстүү көп көпөлөк болуп көкөлөп учту...

Мемиреген ушу маалда кудаанын ыр канаттуу кош дөңгөлөк арабасы көлбүп учту, алкактары жаркылдап, чабактары жылтылдап, көрүнбөгөн толкундардан толкундарга артылып, залдан суурулуп учту, бирде жайлап, кайра байыбаган демден оргуштап, кубулжуган үндөрдүн нурдуу жагал изин таштап, каалгып учту.

Ар кимиси ар башка жаралган адамдар ырдоо өнөрүнүн чеберлигинин түбүнө канчалык жетпесин, табият канчалык мукам үн бербесин, баары бир жете алгыс бirimдикке ушул он үн эзилишип, туташкан капелла ыр-

гакташып жеткени «а» деп ооз ачкандан, «у» деп үн чыккандан эле даана болду. Эгер бул ырдоону азыр музыкалык аспаптар, төтөн бүгүнкү оштонгон аспаптар коштоп чыккан болсо, он тирөөчкө курулган бу шоокумдуу имарат бүкөнбара талкаланып кетер эле. Кудаанын илхамынан жаралган ушул ону бир учурда жарыкка келип, көз жумбай аман-соо эсейип, көп ичинен бирин бири табышканына тообо, илгерки ата-бабалары Адам заманынан берки азабынан Кудааны тилеп алган, рухуна тундурган соң, Жаратканына кайра зарлап жетпей калган ата-бабаларынын тукум кууган милдетин моюнга артып чыкканы үчүн гана ушул онунун ыры жан кашаа ырдалып, жан кашайта угулуп, тагдырга таң калтыртып, тообо келтирип турду. Жаттап алган сөздөрү жөн эле шылтоо, Кудаага арналган ниет гана болуп, аны кумарланган, ырахаттанган үн менен сезим күчү ээликтирип алып учту да, өз кунарынын туу чокусуна умтулган адамдын руху суурулуп алдыга чыкты – бул өнөрдүн кубаты ушунда эле.

Угуп отургандар биротоло моюн сунуп, арбалып, ойго чөгүп кетти. Кылымдан кылым санап адам эс-акылынын өлүп-тирилип, өчүп-жанып келаткан, жаңылыш менен ийгилиги аралаш келаткан изденүүсүнө, өз маңызын өзүнөн эмес, өзгөдөн, сырттан изденген түбөлүктүү талыкпаган аракетине ушул азыр угуп отургандардын ар кимиси кошулуп, өз алдынча аракет кылышына айрыкча бир шарт болду. Ошону менен бирге көптүн жандилин бириктирип, ырдын кумарын он эселеп күчөтүп турган сөздү көп менен кошулушуп кабыл алууга, аңдоого шарт болду. Ошол эле учурда ар кимдин кыялы ар кимди өмүр жолунда башынан кечирип келаткан кайгы-кубанычынан, ариет-арманы менен сары-санаасынан, келечек кыялы менен эртегисин эскерүүлөрдөн куралган

боз мунарыктуу, бирок ар дайым жүрөк өйүтө көксөткөн дүйнөсүнө азгырып алып кетип жатты.

Мен өзүмө түшүнбөдүм, чынын айтканда, ушу маалда эмне болуп жатканымды, менин ой-санаа, сезим-талымымды ушул он ырчыга кандай күч тап жылдырбай байлап салганын түшүнгүм да келбеди. Ону тең мендей эле немелер, а бирок ырдаган ырлары менин дилимин түпкүрүнөн чыгып жаткансыйт, менин кыял-эңсөөмөн, көкүрөгүмө жык толуп, чыга албай бук болуп жүргөн арман-азабыман, кайгы-кубанычыман чыгып жаткансыйт. Алардан эңшериле бошонуп алып, көөдөнүм кайра жаркын, аруу аянга толгонсуйт. Ушул ырчылардын өнөр шарапатынан мен чиркөө ырынын баштапкы маңызын түшүнгөндөй болдум. Ал көрсө, турмуштун чыркыраган үнү, эки колун көккө созуп какшаган адам зары эмеспи, өзүнүн кунар наркын далилдөөгө, тагдырын жеңилдетүүгө ааламдын санаа жеткис кыйырында бир Кудайдан башка да кудуреттүү күчтөр бардыр деп, эзелтен түбөлүккө какшап келген зары эмеспи. Ой тообо, арганын түгөнгөнү бейм! Көк Теңир-Эгеси зарын укса дегенде адамдын аракетине чек жок! Кулдугуна ант берип, ыйманын ачып сыйынып, улуктуугуна моюн сунушка, каяша кылбаска дүүлүккөн канын суутуп, ар дайым жаңылык издеп умтулган, көктүк менен безерликке ээликкен өз табиятын тушап келиш үчүн адам канча күчүн, канча акылын коротту. Ошондо да жетпей келатат. Ригведа, псалом, арбоо, гимн, шаманчылык! Булардан башка да кылымдар бою жалынып-жалбаруу, тайынып-чокунуу айтылып келатат, ошолордун баары колго илинер нерсе болсо жээгинен артылып ашкан ачуу муздуу океан болуп, жер бетин каптап кетпес беле. Адамдын, адам кунарынын жаралыш наркы ушунча кыйынга турган белем!..

Тигил он ырчы болсо ырдап жатыры. Бизди өз дилибиздин түпкүрүнө үңүлтмөккө, жан-дил айлампабызга

чөгөрмөккө, өткөн муундардын арбагы менен арманын өз дилибизде кайра жаңыртмакка, андан соң өзүбүздөн өзүбүздү көкөлөтүп өөдө учурмакка, дүйнөнүн төбөсүнө чыгарып, баарын аңдатмакка, ошону менен бу жалганга жаралгандагы максатыбыз жана маңызыбыздын кунарын жана сулуулугун түшүндүрмөккө, ал кунар менен сулуулук жаралган дүйнөнүн ыйыктыгы анын укмуш кереметинде экенин туюнтмакка кудай өзү кошоктоп койгон тигил он ырчы ырдап жатыры. Бул он ырчынын ак ыймандан, ак дилинен берилип ырдаганы ушунчалык экен,– аны өздөрү деле байкабады окшойт,– биздин жандилибиздин аруу ниеттерин ойготуп жатты. Күндөлүк жашоонун тузу жок аштай жадаткан мээнет-түйшүгүндө жүргөн кишилердин башына мындай учур өмүрүндө келсе бир келер, келбесе жок. Ошол үчүн бул отургандар жыргалдуу магдыроого балкып, жүздөрү жаркып, кээ бирлеринин көздөрү жашылданып отурду.

Эртеги өткөн эстегилерим, бүгүнкү көргөн-билгендерим жана эртеңки деген ой-санаам биригишип, укуштуудай жуурулушуп, тирүүлүгүм мезгил менен мейкиндин кыйыр-чегин теңине албай чалкыган бул майрамга туш кылган тагдырыма кубанып да, алкап да отурдум. Ушинетип ойлоп отуруп, мен али сүйүп көрө элегиме кейидим, канымды кызытып, маалын эңсеген сүйүү сагынычым жүрөгүмдү өйүп чыкты. Сүйөр жаным ким, ал кайда, кандай табышабыз? Балким, ушу тапта ал келип, босогодо ыр угуп турбасын, качан мени кылчайып карайт деп күтүп турбасын деп эки-үч ирет эшик жакка кылчайдым. Ушул учурда ал да ушул залда болсо кана, мени толкундаткан, кыялымды алып учкан жыргалымды аны менен бөлүшүп отурсам кана. Ушунун баарын берген тагдырым мени мазак кылбаса болгону, кийин эстеген сайын өкүнтпөсө болгону деп дагы ойлодум...

Негедир апамын мен бала кезимдегиси эсиме түштү... Кыш күнү эле, эрте маал, бульварда кар зампарлап жаап турган. Апам эреркей тиктеп, далбактаган пальтомун көкүрөк топчуларын топчулап жатып, бирдемелерди айтат, мен андан качам, ал жетине албай айланып-кагылып кубалап келет. Кырдагы чиркөөдөн жаңырган коңгуроонун коңур доошу заңылдап шаарыбыздын үстүнөн каалгып угулат. Кудайга жан-дили менен кызмат кылган дьякон атам ошол чиркөөдө. Эми ойлосом, атам кудайга жан-дили менен ишенчү экен, бирок кудайдын ысмы менен, кудай акы деп адам өзү жасагандары шарттуу экенин ачык-айкын эле билсе керек... Мен болсом атама канчалык жан тартсам да, анын жолун жолдобой, тилин албай, башка жолго түштүм. Атам өз жолунан тайбай, өз ишенимин а дүйнөгө ала кетти. Мен болсом өткөндү жерип, эки ортодо чабалактайм, ошого жаным кейийт. Бирок кылымдан кылымга күчөп-жанып, өзүнө моюн сунбагандарды моюн сундуруш үчүн чабытын жайып, жердин жүзүн бүт камтууга, адамдын эзелтен баш ийбей келаткан безерилик шектенүүсүн чагылган тарткыч сыңары моюн сунган кулдукка багынтууга, ошону менен укумдан тукумга сугун агыткан идеяга, бир station кездеги таасири күчтүү, албан кубат идеяга суктанам. Антсем да, турмуштун түрткүчү, тирүүлүктүн күчү болгон Ишеним менен Шекти жалгасын!

Мен шектин күчү үстөмдүк кылып, бирок өзү кайра шектенүүнү туудуруп турган маалда туулгам. Мен ошо бир тараптан анафема (каргыш) алган диникайырлыктын жана бар татаалдыгы менен экинчи тарапка толук кабыл алынбаган процесстин туундусумун. Кантейин, кары тарых мендейди кайра сайып, алдырганын кайра алып, кыбасын кандырат эмеспи... Көөнө болгар ырларын угуп отуруп, мен ушуларды ойлодум.

Ырлар болсо бирден бирге алмашып ырдалып жатты, биз отурган залда өткөн замандардын жаңырыгы болуп жаңырып жатты. «Кечки курман», «Бөбөктөр кыргыны», «Зарлаган периште» өңдүү Библиянын сезим какшаткан ырларын дин деп жан кыйган башка азапкечтер жөнүндөгү жалындуу ырлар улантып жатты. Булардын баары мага мурдатан тааныш болсо да, азыркы ырдалышы арбап алды – азапты көп тарткан жан аруулуктун баркын билет деген эзелки сырды жаңыртып каныбызга куюп, атамзамандан ушу бүгүнгө чейинки тарыхтын маңызын, эл рухунун өлчөөсүз сыйымдуулугун даңазалаган тигил он ырчы эстегини кайра эскерткен өнөрү менен баарыбызды арбап салгандай.

Өздөрүнүн ырдаганына өздөрү берилип, өздөрү толкундап ырдап жаткан Софиялык ырчыларды карап отуруп, ыр ыргагына ылайык жүздөрүнүн бирде жаркып, бирде томсоруп, бирде ыйламсыраганын тиктеп отуруп, байкоостон ушул он ырчынын бири, кара чач, кара тору болгарлардын арасындагы бири, солдон экинчи турган аксаргылы мага окшош экенин байкадым. Өзүнө куюп койгондой окшош кишини көргөнүң таң калтырат экен. Ийини кууш, көзү көк,– кыязы, муну да мага окшотуп бала чагында жилбик дешкендир,– аксаргыл чачы узун, кол шадысы тарамыштуу арык бу бечара да мага окшоп уяңбы дейм, мен кишилер менен сүйлөшкөнүмдө тарткынчыктай берип, сөз учугун өзүмө жакын теология темасына буруп кеткен сыңары, бу дагы уяңдыгын ыры менен жеңип жүрөт окшобойбу. Менин сөз учугун алигидей буруп кетмейим кыз-келиндерге таң калтырган коомайлык эле болсо керек. Тиги бечаранын кейп-кебетеси да куду өзүмдөй экен: эки жаагы шимирилип, мурду дөң жондуу, чекесинде катар кеткен эки сызык бырышы бар, баарынан да сакалын айт, так эле мен кырып сала электеги сакалымдай. Эрксизден ээгими сыйпалай берип,

эртең нашачыларга кошулуп алыс сапар жол жүрөрүмдү эстедим. Эстеп алып, кайда баратам, эмне үчүн баратам деп кайра таң калдым. Кудай пейил гимн ырлар жана арам чөптүн арам жытына моюн сунуп, вокзал байырлап калган Үтүктөрдүн кумарлыгы – экөөнүн ортосунда асман менен жердей айырма жатпайбы. Бирок адалдык менен арамдык аралаша жүргөн пенделик турмуш эзелтен бери чиркөөдөн тышкары өтүп келатпайбы. Биздин бүгүнкү турмушубуз да андан өзгөчөлөнө алган жок.

Ошол концертте мен ушундай окшоштукка туш болдум. Көрүп алып, адашыман[1] көз албадым: үнү созулганда моюну да созулуп, жаагы субагай тартып, оозу оңурая ачылат. Ушул азыр тиги бечара кубулуп турган өзүм сыяктанып, өзүмдү анын ордунан көргүм келди. Ошентип мен да кошулуп ырдап жаткандай болдум. Аза боюм бүт ыр болуп жаңырып, хорго сиңишип кеткенсидим, каңырык түтөткөн туушкандык сезим бийлеп, улуулук, биримдүүлүк канат болуп, биз көптөн бери табышпай жүрүп, жетилип, күчкө толгондо гана мына азыр табышканыбыздай, эми сандыргалуу үнүбүз көккө же-тип, бут алдыбызда опол жер орноктуу, кебелбес болуп тургандай өрөпкүп отурдум. Ушинтип эч басылбай ырдай берчүдөйбүз, ырыбыз эч качан байыбачудай...

Ушундайча ырдап жатты он ырчы, алар менен ырдап жаттым мен дагы. Көөнө грузин ырларын угуп отурганда да дал ушундай магдыроону сеземин. Эмнеликтен экенин түшүндүрүп бере албайм, бирок үч эле грузин, карапайым эле үч грузин ырдаса болду, жандилим чалкып кетет, жөпжөнөкөй эле ыр таасирине тартып алат да, өзүңө өзүңдү унуткартат. Кыязы, грузиндердин табият берген даргөйү, маданият наркы башкачабы дейм, же Кудай берип койгон кунтудур. Эмне деп ырдап жатыш-

---

[1] адашыман – окшошуман.

каны мага түшүнүксүз, бирок алар менен кошо мен да ырдай беремин, кеп ушунусунда.

Ыр угуп, ушуларды ойлоп отуруп, мен кокусунан бир кезде окуган «Жетинин бири» деген грузин аңгемесинин түп маңызын эми түшүнүп, көзүм ачыла бергендей болду. Чакан аңгеме болчу, андайлар гезит-журналдарга сандап чыгып жатпайбы, өнтөлөөр өзгөчөлүгү деле жок, психологиялык тереңдигин көздөбөй, мазмун кууганcыган романтикалык мүнөздөгү аңгеме, бирок анда жазылган окуянын бүткөн жери эстен кетпей калыптыр, терең кирген тикенден бетер даргөйүмөн такыр чыкпайт.

Аңгеменин, тагыраак айтканда, «Жетинин бири» аттуу балладанын (окурмандарга анча деле белгисиз авторунун фамилиясы татаал болгондуктан азыр эсимде жок) окуясы да эчен айтылып, нечен жазылып, көкүрөккө тааныш, кулакка жат болгон окуялардын бири. Революциянын жалындап турган учуру, кан төгүлүп, атуул согушу жүрүп жаткан чак, революция акыркы айыгышкан кармаштарда өзүнүн эртеңки өмүрүн, басчу жолун айкындап, бекемдөөдө; Грузияга да, арийне, тарыхтын бул тилкесине мүнөздүү тагдыр туш келген – совет бийлиги жеңип, революцияга каршы колуна курал алып чыккан душмандардын калган-каткандарын баардык жерден, атүгүл алыскы тоо арасындагы айыл-кыштактардан да кубалап, сүрүп бараткан кез. Мындай тапта негизги мыйзам ушу – эгер душман багынбаса, ал жок кылынат, ага ырайым болбойт. Бирок ырайымсыздык ырайымсыздыкты жаратат – бу да илгертен келаткан мыйзам эмеспи. Айрыкча Гурам Джохадзе деген бир өткүр жигит топ курап, жаңы бийликке жанталаша каршы чыгат. Өзү мурдагы жылкычы, бу чөлкөмдөгү тоо арасын, жер танабын беш колундай билген неме, эми минтип жигит топтоп, тап күрөшүнүн татаал жолуна туш келип, куюндап чабуул коюп, кайра кайыптай жок болуп, өжөрлөнүп

колго түшпөй жүрөт. Бирок канткен менен анын да күнү бүтүп барат. Гурамдын отрядына чекист жиберилет, кокус билинип калса эмне болору белгилүү иш, ошого карабай ал тобокелге салып, эптеп Гурам Джохадзенин ишенимине кирип, анын жан жигиттеринин бири болуп алат. Чекисттин аракети аркасында мындай бир кырдаал түзүлөт: катуу салгылаштан кийин жигиттеринин бир тобунан айрылган Гурам Джохадзе дарыядан кечип өтө берер жерден мурдатан өңүп отурган буктурмага кептелет, Гурам жигиттери менен атка үстөккө-босток камчы уруп, суууга күү менен келип кирген чекист атынын басмайылы үзүлүп кеткен киши болуп, жээктеги бир бадалдын түбүнө түшө ка-лат. Тоо арасындагы жайык өзөн, Джохадзе жоон топ жигиттери менен ат үстүндө суу жиреп кетип баратат. Суунун дал ортосуна жетип, алаканга салгандай дап-даана болуп берген кезде, өйүз-бүйүз эки жээктин көмүскө жерине мурдатан орнотулуп коюлган эки пулемёттон каршы-терши ок мөндүрдөй төгүп кирет. Адамдар ат үстүнөн топтой учуп, суууга кулап, октон өлбөгөнү суу ичинде тумчугуп, андан өлүп, өзөн үстү ат менен адамдын өлүгүнө толуп чыгат. Бирок Гурам Джохадзе – тагдыр колдогон кишиге айла жок! – шарт артка бурулуп, аргымагынын күчүнө салып жээкке жетип, жээкти бойлой бадалды аралай чаап, октон башын ала качып чыгат. Ажалдан аман калган бир нече ишенимдүү жигиттери артынан жөнөйт; ойлогон ойдун ордунан толук чыкпай калганын, корбашынын кутулуп кетип баратканын көргөн чекист ошо замат аларга аралашып, кошо кетет.

Дарыянын ортосундагы бу кыргын Джохадзе кураган топтун акыркы талкаланышы, жок болуп бүтүшү эле.

Ошондон жүрүп олтуруп, арттан кууган куугундан кутулуп, акыры Гурам Джохадзе көл-шал тердеген атынын тизгинин тартып караса, өзүн кошкондо жети гана

киши тирүү калган экен. Жетинчиси – чекист, аты – Сандро. Кыязы, аңгеменин «Жетинин бири» деп аталышы ушундан окшойт.

Сандрого кандай айла кылбасын, банданын корбашчысы Гурам Джохадзени жок кылуу буйрулган. Байгесине өтө көп акча коюлган. Бирок кеп акчада эмес, кеп буйрук канткенде аткарылат – ошондо. Джохадзенин эми ачык салгылашка чыкпасы айкын иш, антсе бир жерден болбосо бир жерден аңдып туруп атып салса болор эле; азыр минтип, чын-чынына келгенде, камоодо калган жырткычтай кайсалактап жалгыз, өзүнөн башка бир да жанга ишенбей, өз амал-айласына гана таянып, өз тагдырына гана сыйынып турган кезинде мындан өткөн сак, мындан өткөн аяр ким бар. Өз өмүрү үчүн өлбөгөн жерде каларына, көөдөндөн жаны чыгып кетмейинче алышып, кармашып, тиштенип жатып күрөшөрүнө шек жок…

Бул таржымалдын аягы мына минтип бүтөт – мени катуу толкундаткан баарынан да ушу жери…

Дарыянын үстүндөгү катуу кыргындан кийин коктуколот, капчыгай-өрөөндөрүн коён жатагына чейин жакшы билген Гурам Джохадзе ошо күнү кеч күүгүмдө Түркиянын чек арасына жакын, тоо арасындагы киши жетпес бир токойлуу жерге өрүү кылды. Аттардын ээрин алыпалбай баары тең, алты адам менен жетинчи киши, ырп этерге алдары жок чарчаган немелер, ар кими ар жерге тоголонуп жатып калышты. Бешөө ошо замат эле жыга чапкандай уйкуга кирди, экөө гана уктабай жатты. Бири – чекист Сандро, көңүлү тынчыбай, эми кандай кылмакчымын, буйрукту кантип аткарам, канткенде мунун жазасын колуна берем деп санаасы санга бөлүнүп, ал жатты. Бүгүнкү катуу талкаланыштан кийин жигиттеринен айрылганына жүрөгү канап, эртеңки тагдырын ойлоп көөдөнүн от каптап, өрттөй өктөм Гурам Джохад-

зе, бул жатты. Революциянын мыйзамына ылайык эки тарапка бөлүнгөн, кайнаса каны кошулбаган, бири-бирине кас бул эки адам дагы эмнелерди ойлоп жатканын билсе бир Кудай билер.

Айдын толуп турган кези, оң тараптан жаркырап тийип турат, түнкү токой өзүнчө бир оор күңгүрөнүп, төмөндөн таштан-ташка урунуп шаркырап аккан дарыянын дабышы келет, аска-таштары арсайып мисирейип, айланадагы тоолор тымтырс. Аңгыча жүрөгү бир нерсени сезгендей Гурам Джохадзе капыстан ыргып турду.

– Сен ойгоо жатасыңбы, Сандро? – деп таң кала сурады ал жетинчи кишиден.

– Ойгоо жатам, сен эмне тура калдың? – деп кайра өзүнө суроо салды Сандро.

– А мен жөн эле. Уйкум келбейт, мына бу жерге жата алчудай эмесмин, ай өтө эле жаркырап туруп алды. Үңкүргө барып жатам. – Джохадзе кементайын, курал-жарагын, башына жазданарга ээрин алып, ары баса бererде мындай деди: – Калган сөздү эртең сүйлөшөбүз. Эми биздин кеп-сөзүбүздүн бүтөрүнө да аз калды.

Ушуну айтты да, үңкүрдү көздөй бет алды – жылкы кайтарып жүргөндө ал нечен ирет жаан-чачындан, бороон-чапкындан ушерге келип баш калкалаган – мына эми да көөдөнүн өрттөгөн күйүттү ээндеп барып тартайын дедиби, же бир күдүк ой так ушундай үңкүрдүн оозуна, эч ким эч тарабынан келе албай турган, кайра ким келатса өзү даана көрүп турган жерге жат дедиби, айтор, үңкүрдөн барып жай алды. Сандронун көңүлү уйгу-туйгу боло түштү: корбашынын бу жоругу кандай, кай жерден шек алып калды?

Ал түн ошо менен өттү, эртең менен Гурам Джохадзе аттарды токугула деп буюрду. Анын оюнда эмне турганын, эмне ниети бар экенин эч ким билген жок. Токулган аттарды суулуктан кармай, баары анын алдына ке-

лип, унчукпай туруп калышты. Ошондо ал бир үшкүрүнүп алды да:

– Жок,– деди,– туулган жерден минтип жөнөп кеткенибиз болбойт. Бүгүн мына бу киндик каныбыз тамып, боорубузду көтөрүп өсүп чыккан жерибиз менен коштошобуз, анан ар кимибиз каалаган жолубузга түшөбүз. Азырынча өз жергебизде турабыз, демек, өз үйүбүздө тургандай иш жасайлык.

Ал эки жигитти шарап менен тамак-аш апкелгиле деп, өзүнүн ишенимдүү кишилери турган жакынкы айылдардын бирине жөнөттү. Сандро менен дагы бир жигитти отун чогултуп, аттарды күзөтүп турууга койду. Өзү болсо калган экөөн алып, коштошоор күнкү кечки тамакка кекилик-уларбы, а балким, кийик болуп калар, бирдеме атып келели деп жөнөп кетти.

Сандро-чекистке айтканды жасабастан башка арга калган жок; моюндагы милдетти аткарууга ыңгайлуу учурду күтүү керек, андай учур азырынча келбей жатат.

Кечинде баары – алты адам жана жетинчи киши кайрадан чогулушту; токойдун четине, үңкүргө жакын жерге оттон улуу жагышты, тасмалды жайып, үстүнө Гурам Джохадзенин ишенимдүү кишилери коштошуу белгиси катары берип жиберген нан, шарап, туз, тамак-ашты коюшту. От дуулдап күйүп турат. Жетөө тең отко жакындай олтурушту.

– Аттар токулуубу, шарт минип, жөнөп берүүгө даярсыңарбы? – деп сурады Гурам Джохадзе.

Баардыгы унчукпай баштарын ийкешти.

– Бу сен, Сандро,– деди капыстан Гурам Джохадзе,– отундун кургагынан жакшы жыйнапсың, дуулдап күйүбатат, бирок очоктон оолак, тетиякка жыйып салганың кандай?

– Ага кабатыр болбо, Гурам, оттун милдети менде, өзүм жайгарам. А сен айтчу сөзүңдү айта бер.

Мына ошондо Гурам Джохадзе мындай деди:

– Досторум, биз жеңилдик, биз утулуп калдык. Эки тарап согушса бири жеңет, бири жеңилет. Ошон үчүн согушат. Биз нечендин канын төктүк, биздин кан да кем төгүлгөн жок. Бу тараптан да, тиги тараптан да не деген кайран жигиттердин башы кетти. Өткөн өттү, болору болду. Набыт болгон досторумдан да, набыт болгон душмандарымдан да кечирим сурайм. Урушта өлгөн душман – сага душман болуудан калат. Мен күнү кечээгидей кан кечип кармашып жүрсөм да, баары бир набыт болгондордон кечирим сурамакмын. Бирок тагдыр бизден жүз үйрүп кетти, ошон үчүн элдин көпчүлүгү да бизден жүз үйрүдү. А түгүл мына туулуп-өскөн жер да бизди жерип турат, биздин биерде калышыбызды каалабай турат. Бул жерде эми бизге орун жок. Бизге эч ким кечирим да бербейт. Эгер мен жеңип чыкканда, жеңиш мен тарапта болгондо, мен душмандарымды аямак эмесмин, бу менин Кудай алдында айткан ак сөзүм. Эми биздин алдыбызда бир гана жол бар – биерден оолактап кетип, башыбызды бөтөн эл, бөтөн жерге калкалашыбыз керек. Мына бу көрүнүп турган чоң тоонун ары жагы – Түркия, сунсаң колуң жеткидей, а мындайраакта, алдагы ай көтөрүлүп келаткан тоонун артында – Иран. Кимиңер кайда барасыңар – өзүңөр чечкиле. Мен болсом Түркияга, Стамбулга бет алам, барып, кемелерге жүк ташыгыч болом. Ар кимибиз азыр кайда барып күн көрөрүбүздү чечишибиз керек. Жети киши калдык. Бир аздан кийин жетөөбүз жети тарапка, бөтөн эл, бөтөн жерди көздөп, бирибизден соң бирибиз жөнөп беребиз. Ар кимибиз ар жерде темселеп, тагдырдын башка салганын көрөбүз. Мындан ары биз эч качан жолукпайбыз. Мына бу күн – тирүү калган жетөөбүз, чогуу болуп, бири-бирибиздин көзүбүздү көрүп, сөзүбүздү угуп олтурган акыркы күн. Кана, досторум, бири бирибиз менен коштошолу, жерибиз менен кошто-

шолу, грузиндин наны, тузу менен коштошолу, биздин мынабу шарабыбыз менен коштошолу. Мындай шарапка эми оозубуз эч жерде жетпейт. Коштошуп, ар кимибиз өз жолубузга түшөбүз. Биз биерден эч нерсе албайбыз, атүгүл грузин жеринин бир бүдүр кумун да албайбыз. Ата-Мекенди алып кетүү мүмкүн эмес, алып кетсе сарсанаа, кусалыкты гана алып кетүүгө болор, эгер Ата-Журт деген баштыктай сүйрөп, өзүң менен алып жүрө турган нерсе болсо, анда анын баасы сокур тыйынга турбас эле. Кана эми, коштошор алдында шараптан алалы да, биздин ырлардан үн созуп ырдайлы, анан коштошолу.

Шарап чаначта ачытылган, күн менен суунун, асман менен жердин касиетинен бүткөндөй, дыйкандардын колунан чыккан накта шарап эле. Ичти жалындатып, ой-сезимди сапырып, жан-дүйнөдөн шаттык менен муңду бирдей чакырып, кайгы-касиреттин баарын козгоду да кетти. Тоо боорундагы таштардын арасынан капыстан булак атылып чыкканын, ал булактын суусу кай жерге барса, кай өсүмдүккө жетсе, ошердин баары гүлдөп-көктөгөнүн көргөн барбы, дал ошондой болуп, өзүнөн өзү толкуп-ташып, көөдөнгө батпай, ыр төгүлүп кетти. Ата-бабадан бери келаткан бул ырлар алгач жай башталды, анан бара-бара тоо боорундагы булактын булдураганындай көмөкөйдөн мукамдуу күч алып, улам көтөрүңкү боло берди – жетөөнүн тең үнү мыкты эле, ырды теңир грузинге берген, ырдабаган грузин жок эмеспи, биринин үнүнө бириники шайкеш, ар ким өзүнчө, өз алына жараша үн созгону менен, бир бүтүн керемет ыр жаралып, ал ыр өздөрү тегеректеп турган улуу оттой улам күч алып баратты.

Жети адамдын, тагыраак айтканда, алты адам менен жетинчи кишинин коштошуу ыры мына ушинтип башталды. Жетинчи киши болсо өзүнүн мойнунда кандай милдет турганын бир саамга да унуткан жок. Бул алтоо-

нун бири да, айрыкча Гурам Джохадзе тийиштүү жазасын албай чет өлкөгө чыгып кетүүгө тийиш эмес. Буга чекист жол бере албайт – ага тагылган буйрук ошондой. Ал буйрукту аткарыш керек.

Ырга ыр уланды, шарап артынан шарап ичилди, бу шарапты канча ичсең ошончо ичкиңди келтирет, ошончо көңүлүң жалындап, кайрадан-кайра шарап менен ырга тартылат.

Алар тегерете туруп алып колдорун бирде бири биринин ийинине артып коюп термелип, бирде бош таштап коюп ырдашты. Ал эми ушунун баарын көрүп, баарын билип турган, кай жерде экени белгисиз, бирок сөзсүз бир жерде бар экенинде шек жок теңирдин сыйкырдуу кудуретине кайрылгылары келгенде колдорун асманга созуп ырдап жатышты. Оо, кудай, баарын көрүп, баарын билип турганың ырас болсо, бизди эмне өз жерибизден кууп жатасың? Бу дүйнө өзү деги кандай жаралган; адамдар бири-бири менен согушуп жатат, кан төгүлүп, көз жаш агып жатат, ар ким өзүнүкүн туура, өзгөнүкүн натуура дейт, чындык кайда, аны айтчу укук кимде? Адамдардын мындай көйүн акыйкаттап, калыстап берчү пайгамбар кайда?.. Мына ушундай күдүк ойду, күлүк санааны, байыртан, байыртан, байыртан жакшылык менен жамандыктын улуулугун, түбөлүктүүлүгүн ата-бабалар аңдап-билгенден бери өмүргө жандооч болуп коштоп келаткан, адам баласынын башына нечен келип, нечен кетчү сарсанаа, убайым, кайгы-кусалыкты көөдөндөн жалбырттатып алып чыктыбы бу элдин эсинен өчпөгөн, урпактан урпакка өткөн байыркы ырлар? Жетөө ырга ыр улады, тегерете турган ийриминен жазбады, бир гана Сандро улам арадан суурулуп чыгып, ары жакта жаткан отундан апкелип, отко таштап коюп жатты. Ал бекеринен ошерге куураган бутак-дүмүрдөн тоодой кылып үйүп койгон эмес, бекеринен эмес (турмушта ар нерсе-

нин өзүнүн себеп-шарты болот турбайбы). Бирок ал да ырдап жатты, жан-дили менен, көңүлүн берип ырдап жатты – ыр баардык адамга бирдей таандык эмеспи. Жалаң гана падышалар ырдап, башкалар ырдай албай турган, же бу тексиз томаяктардын ыры, бөлөктөр ырдоого болбойт деген ыр жок. Тирүүсүңбү, көөдөндө жаның барбы, ырда, ыйла, күл, кайгыр, бийле...

Кимди сүйдүң, жүрөгүң кулундай туйлап кимге жолукканы барчу элең, ким сени сүйбөй кетти, сенин ким экениңди түшүнбөй, ким экениңди билбей, сүйбөй кеткенде бул дүйнөгө кош айткын, келип, бул дүйнөгө кош айтар алдында акыркы ырыңды ошол аялзадага ырдап бергиң келди беле; бала кезиңде энең сени эркелетип олтурган учур эстеби; кайран атак, кайран атаңдын алтын башы кай жерде калды; достор бирине бири курал сунуп, кан төгүп кармашып кеткен кездерди айт; ыйманың алдында тазарып, жан-дүйнөң көк асмандай чаңкайып кирсиз турганда кайсы кудайга жүрөгүңдү ачып, жарылып бердиң; адам неге туулат, жарыкчылыкка неге келет деп ойлогонсуңбу, денесинде кан жүгүрүп, дем алып, дем чыгарган ар жандын башында бир өлүм бар экенин, өлүм ак, өлүм бир, өлүмдөн кийин өлүм жок экенин, бирок өмүр өлүмдөн өйдө экенин, бу дүйнөдө өмүрдөн артык, өмүрдөн бийик чен жок экенин, ошон үчүн бирөөнү өлтүрүүдөн кач, бирок да эгер душман жериңди тепсеп кирип келатса, каруунду казык, башыңды токмок кылып жериңди коргош, сүйгөнүңдүн абийирнамысын коргош парз экенин ойлоп көргөнсүңбү; сүйгөндөн айрылып, же сүйгөнүң алыста калып, сагынып-саргайып, кусалык тарткансыңбы, сүйгөнүңөн алыстоо тоо көтөргөндөй оор экенин, сүйгөнүң жанда жок болсо аткан таң, баткан күнгө, дүйнөнүн кооздугуна кайдыгер бир пенде болуп олтурарыңды билип калган жайың барбы – мына ушулар, мындан башка да не бир ой-санааны

куюндаткан нерселер жөнүндө,– анын баарын тизмелеп айтып чыгышка болобу,– ырдалып жатты.

Ушул түнү, коштошуп, айрылышар алдында кайгылуу көөдөндөн эргип-эргип үн созгон ушу жети грузиндей бири бирине жакын, бири бирине туугандай жуурулушкан, бирине бири көлкүлдөп эрип турган эч ким жок эле. Ырдын сыйкырдуу касиети жетөөн ого бетер ширелиштирип турду. Нечени көрүп, нечени баштан өткөргөн ата-бабалар, өлбөс-өчпөс, ыргак-күүгө мол, кулактан кирип, бойду алган не деген гана ырларды чыгарып, урпактарга таштап кетүүгө жараган. Куш учканына карай аныкталгандай грузин грузинди тээ он чакырымдан эле ырдаган ырынан анын ким экенин, кайдан келатканын – оюн-күлкүлүү тойдо болгонбу, же бирдемеден улам жүрөгү канап, кайгырган түрү барбы, эмне деген күндө, эмне деген абалда келатат – жазбай билет...

Ай арсайган тоо кыркаларынан алда-качан өйдө көтөрүлүп кеткен, бүткүл жерге аппак, жупжумшак жарыгын төгүп турат – караңгыда карайып, дүпүйгөн талдарактардын баштары калкылдап соккон желаргыга акырын чайпалат, таштардын үстүнөн күмүштөй чагылышып, жылтылдап агылып өтүп жаткан дарыя күңгүрөнө дабыш берет, от жанында ырдап жаткандардын үстүнөн түнкү куштар эч дабышсыз, көлөкөдөй учуп өтөт, шырп эткен үндү кыя кетирбес сак кулактарын бирде жапырып, бирде тикчийте калып, токулгалуу аттар ээлерин чыдамдуулук менен күтүп турат... Бул аттардын маңдайына чет өлкөлөргө жол тартуу жазылган экен, мына ошол саат жакындап келатат...

Бирок ырдын аяктаар түрү жок, айрыкча Гурам Джохадзе баарынын өтөсүн ушу ырдан чыгармакчы кыязда. «Ырдагыла, досторум, ичкиле шараптан, экинчи минтип биз чогуу-чараан отурар күн болбойт, грузиндин мындай ыры экинчи кулагыбызга угулбас...» Жалгыз-

дан да ырдашты, жалпы да ырдашты, ырга аралаш бийге түшүштү, бийлегенде да жанды таштап салып, алакандарын, сандарын тарсылдата чапкылай, өздөрүн өздөрү унутуп, өлүм алдында тургандай катуу бийлешти, кайрадан жетөө, тагыраак айтканда, алты адам менен жетинчи киши, тегерете туруп ырларын улантты. Сандро анда-санда алардан суурулуп чыгып, отундан апкелип отко таштап жатты – от алоолоп, табы лаулдап күйүп турду.

Кана, ушу акыркы ырыбыз болсун дешти, жок, ал ыр менен бүтпөдү, ал ырдын артынан дагы ыр созулду, биринин ийинине бири колдорун артып, баштарын ылдый салып, бир саамга тунжурай калышканда көөдөндөн дагы бир ыр, жер алдынан өйдө тээп келаткан жапан күчтөй өзүнөн өзү оболоп чыга келип жатты. От алоолоп күйүп турганына карабай, Сандро дагы отунду көздөй жөнөдү. Бул кынтыксыз, так ойлонулган иш эле – мындайраактан ага алтоонун ар бири дапдаана көрүнүп турат, ал эми жаркырап күйгөн оттун жанында ырдап жаткандардын көзүнө ал жакшы байкалбасы бышык.

Оор маузер октолуу, баса берүүгө даяр. Алтоо жазадан буйтап кетпеш керек эле, мына эми жазаны тартар кез келди. Ичинде жетиштүү огу бар, бат атар маузерди Сандро кезей кармап, сол колун оң колуна жөлөк кылып, тоо арасын күн күркүрөгөндөй жаңырыктаткан биринчи ок менен корбашы Гурам Джохадзени сулата атты, ошол замат ооздон чыккан ырдын абазы өчө электе калганы биринен сала бири жалп-жалп дей түштү; эмне болуп кеткенин билүүгө алардын чамалары да келген жок. Ушинтип кишини киши өлтүрүү деген балээлүү айлампанын бир бурчамында, төгүлгөн кан үчүн дагы бир жолу кан төгүлдү.

Аттиң! Адамдар ортосундагы мамилелердин законун кайсы математикалык эсепке аласың: бу жагынан ал-

ганда биздин тоголок Жер кандуу драмалардын айлампасындай айланып турган жокпу? Азырынча Жер күндү айланып жашап туру дейли, а бу айлампа акыр заман болгонго дейре эле ушул калыбынан жазбай айлана береби?!

Октун баары дал тийген экен, алтоонун бирөө гана капыстан диртилдей түшүп, колдорун таяна көтөрүлө калмакчы болду эле, Сандро жетип барып, желкеге бир атып жайлап койду... Тарс эткен октон чочуган аттар жалт бере түшүп, кайра байланган жерлеринде тынчып туруп калышты.

От күйүбатат, шаулдап дабыш берип дарыя агыбатат, тоо, токой – баары ордунда турат, өзүнүн алыскы кемибес-кебелбес бийиктигинде, өз ордунда ай да турат, бир гана ыр үзүлдү, ушу кечте тоо арасында эркин жаңырыктап, обого оттой жалбырттап жаткан ыр үзүлдү...

Иреңи күлдөй өчүп, купкуу болгон Сандронун ичи өрттөнүп, тили оозуна батпай, көмөкөйү кургап чыкты; ичиндеги өрттү басыш үчүн чаначтын түбүндө калган шараптан аптыгып, төшүнө төгүп-чачып ичип жиберди... Анан барып биртке акыл-эси ордуна келип, оттун тегерегинде кимиси октон кандай куласа, ошо боюнча сулап жаткан алтоон кыдырата карап чыкты. Баарынын куралын жыйнап алды да, аттардын үстүндөгү ээр каштарына илди, андан кийин башынан жүгөн-ноктолорунун баарын шыпырып алып, аттарды бош коё берди. Бүт жети атты, анын ичинде өзүнүн тору атын да коё берди... Бошогонуна көзү жеткенден кийин аттар бирин бири ээрчип, тоо түбүндөгү айылдарды көздөй жөнөп бергенин карап турду... Аттар дайыма адам жашаган, адам туруктаган жерди көздөй бурулат эмеспи... Бир аздан кийин аттардын туяктарынын үнү алыстап өчүп, өздөрүнүн ай мунарыгында ээрчишип кетип бараткан караанЫ да көрүнбөй калды...

Жасалчу иш жасалды. Сандро дагы бир мерте ажалы октон жеткен алтоону бир сыйра унчукпай карап чыкты да, мындайраак басып барып, маузердин оозун чыкыйына такады. Октун үнү дагы бир жолу тоо арасын саамга жаңырыктатып жок болду. Сулап түшкөн бул адам – өз ырын ырдап бүткөндөрдүн жетинчиси эле...

Алиги грузин балладасы ушинтип бүтөт.

Музейде болгар ырчыларынын оозунан көөнө болгар чиркөө ырларын угуп отуруп, ушул окуя эсиме келди. Өздөрү жаратып алып, улук туткан Жаратканга, өздөрү арбактуу кылып алып, үрөйү учкан чындыкка, турмуш-тиричилик чындыгына, бу жалганда өздөрүн жалгыз көрүп, жардамсыз кор тутуп, моюн сунган дини менен дилин берген ыры аркылуу гана зарыбыз жетет деп бек ишенип, кылымдардын туңгуюк түпкүрүнөн зар какшап келаткан кишилер өздөрү чыгарган эмеспи ушул жан кашайткан ырларды.

Мен алиги окуяны бир жылт эткен көз ирмемдин ичинде бүтүн эстеп, жүрөгүмөн сыдырып чыктым. Жарыктын ылдамдыгына караганда ой-санаа чексиз тез эмеспи. Мезгил менен мейкиндиктин уч-кыйырына каршы жүрүп кыдырып, эртегиңин тереңине сүңгүп кирип кетер ой-санаанын тездигине эчтеме теңдеше албайт.

Ал заманда дал ошондой болмогуна мен азыр чындап көзүм жетти. «Жетинин бири» деген ангемесинин акырында автор жанагы Сандро деген неменин арбагы кайсы бир орден менен сыйланганын жазыптыр болчу.

Атуулдук согуштун трагедиясы бүтүндөй бир улуттун трагедиясына айланбагыдай болсо, жаңы тарыхтын башатына бөгөт тосуп, каршылык кылгандар менен ошол эле тарыхтын тезирээк жетилишине чыдамсыздангандардын кагылышы турмушту түп тамырынан бери коңторуп салбаган болсо, революциянын айдоосунда алигидей

түрү суук коңулдуу бороз калмакпы да, грузин балладасы алигидей болуп аяктамакпы?.. Наркы кунуна жараша деген ошол... Жанагы жетинин бири тирүү калган соң сайрандап жашай берсе болмок го, бирок өлүп тынды – себебин түшүндүрүү кыйын. Ар ким өзүнчө түшүндүрөр жөнү бар. Мен болсом, жашоо океанынын көз жеткен ачык кыйырын кайып, улуу дилдин ак парусун делбиретип каалгып, түбөлүк сүзүп жүрчү жел кайыгына болгар ыры салып койгон соң, анда магдырап баратып, грузин болмушунун алигидей аякташынын негизги себеби – жетөөнүн тең дил ишениминин биримдиги болгон жетөө ырдаган ырда деген ойго келдим...

Бирдеменин сырына жетип, көзүң ачылганда дилиң да жаркын нурга жуунгандай боло түшөт. Ыйык мурас ырларын ырдап жаткан Софиялык ырчылардын такыба берилип, жалжылдаган көздөрүн карап отуруп, чымыркана дилин койгондорунан улам тер баскан жүздөрүн карап отуруп, мен булардын катарында жоктугума, тиги адашым менин түгөйүм болуп калбаганына өкүндүм, суктандым.

Ошентип жаркын нурга балкып турган чагымда бир ой кылт этти: бу музыка, ыр, диний дуба адам дилине кайдан кирген? Турмуштун айлампасынын акыры жакшылык менен бүтпөсүн алдыртан сезгендиктенби, бу дүйнөдө баары күнүмдүк, баары жалган, келет, кетет, кайра келет да, кайра кетет, ошону билген адамдын ичиндеги бугун чыгарып, тамга салып, түбөлүккө калтырып кетишке кылган жаналакетиби? Акыры бир кезде, миллиарддаган жылдардан кийин акыр кыямат күн жетип, Жер планетабыз өлүп, баары тамам болгондо башка галлактикадан келгендер биздин ордубуз жок ың-жың боштуктан жадегенде музыкабыз менен ырыбызды угуп калышы ажеп эмес! Кеп ушунда белем – тирүүлүк жарал-

гандан бери карай адамдын умтулганы өзү өлгөндөн кийин да жашап калмагы белем! Ушинтип өз өмүрүн узартууга болоруна ишенүү адам үчүн арыбас кубат белем! Мынчалыкка жеткен адам өзүнөн кийин калтырышка түбөлүктүү автомат өңдүү бирдеме, же түбөлүктүү аваздык-музыкалык кыймылдаткыч ойлоп чыгарып, артына калтырып, анан өлөт го. Анысы адамзат жашап өткөн узак өмүрдөгү жараткандарынын мыкты үлгүлөрү топтоштурулган антология болор; биз адамдар табияты кыйчалыш болгону менен, генийи көккө жеткен, бирок жер бетиндеги жандыктардын ичинен жалгыз акыл-эстүү боло туруп, өмүр бою азаптан арылбай өткөнүн алиги аалам түпкүрүнүн бир коңулунан келген жандар сезишер, түшүнүшөр. Ырчылардын ырына ырахаттанып отуруп, мен ушуну ойлодум да, ушуга ишендим.

Өмүр, өлүм, сүйүү, боорукерлик жана дил жаркыны – музыкада ушунун баары айтылат, тарыхыбыздын башатынан бери, жылт эткен аң-сезими адам дилинде алгач жангандан бери күрөшүп жете албай келаткан эң улуу эркиндикке биз музыкада гана жете алдык. Музыка гана ар кандай замандын бузулгус деген заң-жоболорун жиреп өтүп, келечекке бой уруп барат… Ошон үчүн биз айта албаганды музыка гана айта алат…

Саатымды карап коюп, жаныма жакын Пушкин музейиндеги бу концерт да бүтөрүнө аз калганына жаным кейиди, мен болсом Казан вокзалына барып, такыр башка турмушка кирем, ал турмуш жалган дүйнөнүн күнүмдүк тиричилигинин эзелтен тынбай келаткан чаң-тополоң, будун-чаң айлампасы, аерде кудайы пейил ыйык ырлар угулбайт, угулса да эч кимге маани-баркы жок… Мен эми ошол айлампага барып кирем… Дал ошонусу үчүн барып киришим парыз…

## V

Жолго чыкканга түш ооду, поезд Волганы жакалап барат. Купелүү вагондордо бир топ күн жүрөр узак жолдун ылайыгына жараша тирилик орноду, Авдий Каллистратов түшкөн сүрмө топ вагондо болсо өзүнчө сүрмө топ тиричилик. Ар түркүн киши ар түркүн жумушу менен сапар жүрүп, поезд минип баратат. Зарыл иши болгон киши жолго чыгат, боло келген өнөкөт. Ошо-лордун ичинде наша чабытына жөнөгөн чалгынчылар, Авдий Каллистратовдун жолулаштары. Чабагандар бул поездде ондон ашуун баратканын болжойт, өзү билгени азырынча экөө гана. Бул экөөнө Авдийди вокзалда алиги шылуун жүкчүл Үтүк кошкон. Бул экөө тең Мурманскиден келиптир, бири катамалыраак Петруха, жыйырмалар чамасында, экинчиси али оозунун саруусу кете элек жаш өспүрүм, Лёня деп коюшат. Бирок жаш туруп Лёня ушуну менен наша чабытына экинчи жолу баратыптыр. Ошон үчүн чабытка жытыгып калган бөлтүрүктөн бетер азуу кагып, кырдана жүрөт. Авдийди мурмандыктар түндүкчө Авдяй деп, өз киши катары санашты да, ишенимдүү кишилердин жөндөмөсү менен чабытка баратканын билишсе да, оболу сыр бербей тымпыйып жүрүштү. Чабыт тууралуу кыйытып гана сүйлөшөт, а дагы чылым чегип тамбурга чыкканда. Сапар бараткан эл тыгылышып көп, ансыз да абасы быкшып тургандыктан азыр вагон ичинде чылым чектирбей калышкан. Ошон үчүн биресе чылым чеккени, биресе аркы-беркини сүйлөшүп алганы тамбурга чыкмай болушкан. Авдийдин чылым чеккени кандим болгондордун калыбына коошпой олдоксон экенин эң алды байкаган Петруха болду.

– Авдяй, сен тамеки тартып көргөн неме эмессиң го? Чоёке айымдан бетер оозуң чормоюп, ичиңе тарткандан коркосуң да?

– Бир кезде тартчумун, анан таштап койгом...

– Ошондой дейм да. Мен бала күнүмөн бери тартып келатам. Бирок Лёнька балакет, чылымчыл деп ошону айт, тим эле кээ бир чалдардан бетер чыласын соргудай. Ичишке калганда да эр. Азыр ичкенибиз болбос, бирок кийин акесин таанытабыз.

– Лёнька али бала го.

– Ким, Лёнькабы? Бала эмей эле балээ ал. Мына сен чоң ишке биринчи бараткандан ардеме өөн көрүнүп жатса керек. Бу сага күнүмдүк жалдана коюш эмес, билип кой. Лёнька барбы, ал деген мындайдан нечен кайнап чыккан, али көрөсүң.

– Тиги чөптөн чегип коёбу, же тим эле чабагандыгына маашырбы? – деп Авдий кызыга сурады.

– Лёнькабы? Чеккенди ошондон көр. Азыр баары чегет. Аны да акыл менен чегиш керек,– деп анан Петруха насаат айта баштады. – Кээ бир акмактар көтүнөн көк түтүн чыкканча чегип алат, андайлар бул ишке жарабайт. Алар сасыткылар. Май боткону кара буламык кылат. Ал чөп деген чебер колду, назик сезимди талап кылчу нерсе, сырын билип, кадырына жетсең көңүлүңдү курсант кылып, жаныңды бейишке чыгарат.

– Курсанттыгы кайсы?

– Курсанттыгы ошол, мына дейли, кол арыкта билектей суу агып жатат, аттап өтүш сөз эмес. А бирок көңүлүң чөптөн курсант болгон чакта билектей суу сага жайылып аккан дайра, чалкыган океан болуп көрүнөт. Ана – жыргалы. Жыргал деген эмне, аны кайдан тапса болот? Жыргалды! Мына нан сатып жейсиң, кийим сатып алып кийесиң, арак сатып ичесиң. Жыргадым дейсиң. Бирок чөптөн алган жыргалың, бар эмеспи, ал дагы оңой акчага келбейт, анын жыргалы башкача жыргал: өңүңбүтүшүңбү, билбейсиң, тим эле кинонун ичинде жүргөндөй болосуң. Болгондо кинону жүздөп, миңдеп чогуу көрүшөт

го, жо-ок тигинде болсо өзүң менен өзүңсүң, эч кимдин тиешеси жок. Эгер бирөө-жарым тийишсе, тумшугун канжалатасың, тийишпе дейсиң, өз билгенимдей жашайм дейсиң, бирөөнүн алтын аягына ит тумшугуңду малба дейсиң! Мына, көрдүңбү! – Анан токтоло калып, шойкоңдоно көзүн жүлжүйттү. – Авдяй, сен кичине жыргап алайын десең, колтук көрөңгөмөн бөлүшөйүн, ыя?..

– Мен өзүм табайын, анан,– деп көнбөй койду Авдий. – Өз шыбагамды чогултайын, анда сөз башка.

– Мунуң да туура,– деди Петруха,– өз шыбагаң өзүңкү. – Унчукпай туруп, оюндагысын дагы айтмакчы болду. – Биздин иште, Авдяй, баарынан мурун сактык керек. Тегерегиңин баары жоо: ушакка кулак түргөн кемпир да, темир-тезегин көкүрөгүнө тагып алып, ошого корстон болуп жүргөн пенсионер да жоо, а башкаларын айтпай эле кой. Баары эле биздин көзүбүздү таза-ласак дешет, түрмөгө тыгып, сүргүнгө сүрүп жиберсек дегенде эки көзү төрт. Ошон үчүн өз шыбагаңа ээ болгучакты чөптөн жапыс бол, сөөлжандан жоош жүр. Биздин эреже ушул. Анан шыбага колго тийген соң бизди көрүп ал! Чөнтөккө тыйын толгондо жанагы ак жүрөктөрдүн энесин урганым жок... А эгер кокус бирдеме болсо, өлүмбарым өз кишилерди сатмай жок. Закон ушул. Ага чыдабасаң – бүткөнүң, ит өлүгүн көрдүм дей бер. Түрмөнүн төрүндө отурсаң да жетер кол табылар. Билдиңби, оюнчук ойноп жүргөн жерибиз жок...

Бара-бара Петруханын да чоо-жайы билинди: кайсы бир курулуштарда иштейт экен, жай келер замат Моюнкум кайдасың деп жортуулдап жүрүп берет экен, кара куурай каерде кандай өсөрүн коён жатагына чейин билген неме экен. Не бир жылгалар бар дейт, адамзат жапырт жабылса да түткүдөй дейт. Үйүндө жалгыз карыган энеси калыптыр, анысы да ичкиликтин түбүнө жакындап калган неме окшойт. Ага-инилери чилдей тарап,

көбүнесе газопровод куруп, түндүктө экен. Акчаны этектеп табышат дейт, бирок суукка тоңуп, чиркейге таланып тапканы курусун дейт кайра. Өзү болсо антип жинди бекен, жайкысын кыйгач көз Азияны бир жойлоп чыгат, болду, жыл маалы чардап жүрө берет. Үйрөнчүгү Лёньканын үй-жайы кыйынырaак экен: апасын билбейт, таштандылардын үйүндө багылыптыр. Үчкө чыкканда мурманскилик бир капитан – көбүнесе Кубага каттап турган алыс сапар кеменин капитаны зайыбын ээрчитип келип, эреже менен өзүнө каттатып, асырап алыптыр. Өз баласы жок экен. Беш жыл өтпөй баары ойрон болуптур. Алиги зайыбы бирөөнүн этегин кармап, Ленинград жакка кете бериптир. Капитан ичкиликке берилип, портто гана иштеп калыптыр. Лёнька окуусун элдир-селдир окуп, бирде капитандын таежесиникинде, бирде капитандын бухгалтер иниси бар экен, ошонукунда жүрүп калат. Бухгалтердин катыны жеткен бир тозоку экен. Ошентип эбебине себеби чыга берип, жаш бала кароосуз калат, ээнбаш өсөт, ага дүйнө коюнунун жылуусу качат. Асырап алган капитан атасынан биротоло кетип тынат. Согуштун мунжусу, кезинде суу астында сүзгөн кемеде кызмат өтөгөн, азыр жалгыз бой бир кишинин колунда жүрөт. Ал кең пейил, жакшы киши экен, бирок Лёнькага таасири өтпөй коёт. Бала өзү менен өзү болот. Башы оогон жакка кете берет, кайрылса – келе берет. Ошентип Лёнька чабагандыкка өткөнүнө мына эки жылдын жүзү болуптур, өзү да баңгиликтин кызыгына кире баштаган көрүнөт. Он алтыга араң толгон бала, он гүлүнүн бири ачыла элек...

Улам жаңы жаштарды оп тартып торуна түшүрүп жаткан баңгиликтин табият таржымалын ийне-жибине чейин билип чыкмайынча тырс этип сыр бербеске Авдий Каллистратов шерт кылып койгон, ошон үчүн алигидей тагдырларды угуп туруп, жаны кашайса да араң чыдады. Анан калса, бу кейиштүү тарыхка канчалык

тереңдеп кирген сайын мунун баары бети мемиреп көрүнгөнү менен түбүндө буркан-шаркан толкундуу агымдары жүрүп турган турмуш-тиричилик деңизи сыяктуу экенине ошончолук көзү жетип, бу жамандыкка моюн сунгандык ар кимдин керт башына тийиштүү жекече жорук болгону менен, андан тышкары да жаштарды мындай кеселге чалдыктырып жаткан коомдук себептер да бар экенине ишене берди. Ал себептер тармакташып туташып, бир ооруну бүт денеге тараткан кан тамырлары сыяктанып, бир караганда колго кармалгыс да, жоюшка моюн бербегистей. Бул себептердин тамырынын түбүн жекече издей берүүдөн азгана түгүл, таптакыр жыйынтык чыккыдай эмес. Мындайда бери болгондо толук бир социологиялык трактат жазып чыгуу керек окшойт. Же андан көрө басма сөздө жана телевизиондо жамы журтка жарыя дискуссия ачыш керек. Баракелде, таппасаң сыйпалап кал, бөтөн чөлкөмдөн келгенсип мунун ойлогонун... Авдий өзү семинариялык чекке чектелген, күндөлүк тириликтен кабары жок неме экенин эске алсак, ал башка чөлкөмдүн кишиси экени ырас. Бирок буга окшогон маселе тууралуу жарыя айтышка эч кимдин кызыкчылыгы жок экенин, анын себеби ар качан коомубуздун кадыр-баркын сактоо керек деген куру намыс менен түшүндүрүлөрүн, а чынында минтип ооруну жашыруучулук ар ким өз абалын сактоо менен алек болуп, бирөөнүн абалы башка бирөөлөрдүн пикирине жана көңүлүнө жараша болуп калгандыгын, мына ушулардын баарынан улам көчүк кысып кайдыгер жүрүү өнөкөт оору болуп калгандыгын Авдий кийин билди. Кыязы, коомдун кайсы бир бөлүгү ооруга чалдыкканын жарыя кыйкырып чыгууга башка негиздерден мурун өз жанына зыян келерин билип туруп, тобокелге бара турган эрдик керек болуп калган окшобойбу. Бактысынабы, шорунабы, Авдий Каллистратов мындай купуя коркунучтан аман

болчу. Бирок буга окшогон тирилик-турмуштун сырларынын ачылышы али алдыда эле. Ал чындыктын сырын билер түйшүктүү жолуна жаңы гана кирип бараткан, адашкан жандарга боору ооруп, жардам бериш үчүн чын турмуштун азаптуу жактарын өз башынан кечирип, курутуп коёр акыбалдан куткарып чыгар жол ар кимдин өз дилинин жаңырышында, демек, ар ким өз рухунда революция жүргүзүшү керек экенин насаат сөз менен эмес, жемелөө же айыптоо менен эмес, ошо тозокту өзү аралап өтүп, өз ыйманынын үлгүсү менен далилдеп жардам берүүнү алдына максат кылып алган болучу. Бирок мындай сонун кыялдын күнү өтө эле кыйынга турарын ал дале болсо көз алдына элестете албады.

Жаш эле. Бирок кеп жаштыгында эле бекен... Семинарияда Христтин тарыхын окуп жүргөндөчү – Гефсиман багында Иуда Христти сатып жибергенин окуп алып, өңгүрөп-өксүп ыйлаганычы, – бу кудайынын азабын өзү кошо тартышканы эмес бекен! Баарынан да Христти аптап ысыкта Кашка дөбөнүн төбөсүнө буту-колун керип, крест мамыга мык менен чегелеп кадап салышканын билгенде Авдий үчүн бүт аалам быркырап кетпеди беле. Бирок анда али көргөнүнөн көрө элеги көп өспүрүм Авдий бирдемени ойлобоптур: дүйнө пейил тазалыгы менен дил тунуктугу үчүн эң оболу өз уулдарын айыпка тартары бу жалгандын закону экенин кантет? Ак пейилдин жашоо ылайыгы жана салтанат курар айласы ошол болсо кантет? – ушуну бир ойлоп койсо болмок. Чын эле ошондой болсо кантмек? Жеңиштин күнү ошо болсо эмне кылат?

Бул тууралуу оболу бир кезде Виктор Городецкий экөө сүйлөшкөн жайы бар. Жаш айырмасы аз эле болсо да, Авдий сыпаалык кылып, аны Никифорович деп атаар эле. Ал сөз Авдий диний семинария менен кол үзүшмөкчү болгондун алдында сүйлөшүлгөн болучу.

– Эмне дейин? – дечү Городецкий кээде Авдий анын үйүнө барып калып, экөө чай ичип отурганда. – Өзүң ойлочу, бала молдоке... Авдий, сен капа болбо минтип айтканыма, жөн эле айтылышы жакшы экен... Семинариядан кетем дейсиң. Сен кетпей эле, сени чиркөөдөн кууп чыгышат го, себеби аларды жерип кетип жатканыңа устат молдолоруң көнө койбойт... Анын үстүнө сенин кетип жаткан себебиң чиркөө үчүн өтө сейрек жана өтө жагымсыз себеп. Сен же бир адилетсиздик көргөнүңөн, же бирдемеден улам ыза болуп, кысым тартканыңан, болбосо чиркөө кишилеринин бирөөсү менен чатакташып алганыңан кетип жаткан жериң жок, бала молдоке, сенин алдыңда чиркөөнүн эч күнөөсү жок... Сен чиркөө менен идеялык ажырымдыктан улам кол үзүшүп жатасың.

– Ал ырас, Виктор Никифорович. Ызалык деп жөн гана түшүндүрүп коёр түз себеп жок. Кеп түйүнү жалаң менде эмес, кеп салттуу диндердин бүгүнкү күнү таптакыр эскирип калганында, жаңы ойгонуп келаткан төмөнкү катмардагы адамдардын ата-бабасынан бери калыптанып калган аң-сезимине ылайыкташкан дин тууралуу олуттуу сөз кылууга болобу? Өзүңүз түшүнөсүз, эгер тарых бүт дүйнөлүк дин ишениминин аймагына ылайыктуу бүгүнкү күндүн талабына жараша жаңы, ыйык идеялары бар борбордук бир Кудайды сунуш кылып алып чыга алса, ошондо гана дин ишеними ишенерлик деп үмүт этсе болор эле. Менин кетип жаткан себебим ушул да.

– Түшүнөм, түшүнөм! – деп Городецкий мыйыгынан жымыйып коюп, чайын ууртады. – Айтканыңа уккан кулак таңгалгыдай. Бирок сенин теорияңа кабылуудан мурун айтып коёюн, мына азыр ушерде жайма-жай чай ичип отуруп, экөөбүз орто кылымдарда жашап жатпаганыбызга абдан кубанам. Мунуңа окшогон дини-кайырлыгың үчүн католиктик Европада, Испания же Италияда болсо азыркы айтканың эле үчүн сени, аргасыздан

укканым үчүн мени, бала молдокем, экөөбүздү тең эң оболу колубузду кол, санибызды сан кылып мүчөлөп, анан улуу от жагып, төрт даңканыбызды өрттөп, сөпөтүбүздү тозоң кылып талкалап, анан шамалга чачып жибермек. Инквизиция экөөбүздү жини кайнап кычырап, табасы канып жыргап жатып жоготмок. Күнөөсүз Бүбү Маржанын боюна бала бүткөнү жөнүндө сөз кылып жатсак, ал сырдуу жылмайып койду деген чагымга ишенип, бир бечараны өрттөп жиберген ыйык инквизиция экөөбүздү эркелетип отурмакпы...

– Виктор Никифорович, кечирип кой, сөзүңдү бөлгөнүмө, – деп Авдий семинаристтик кемселин калдастай топчулап жатып жылмайды. – Ырас, менин айтканымы тамаша чалып жатасың, бирок чынында эле биздин күндөрдө да инквизиция өкүм сүрүп, дини кайырлыгым үчүн эртең мени өрттөй турган болуп жатса да, мен алиги айткан сөзүмдөн кайтпайт элем.

– Ишенем, – деп баш ийкеди Городецкий.

– Бул ойго мен кокусунан жеткен жокмун. Мен бул ойго христианчылыкты изилдеп чыгып жана бүгүнкү күнгө көз салып, акыл чайкап отуруп жеттим. Эч качан жете албасам да, таппай сыйпалап калсам да, мен баары бир Кудайдын бүгүнкү күнгө ылайыктуу жаңы формасын издегеним издеген...

– Тарыхты эскергениң ырас болду,– деп Городецкий анын сөзүн бөлдү. – Эми менин сөзүмдү укчу. Жаңы Кудай туурасындагы сенин идеяң – биздин интеллектуалдардын тили менен айтканда, бир жагынан өтө маанилүү идея болгону менен, абстрактуу идея. Бу сенин оюңдан чыккан, илгери айтышкандай, ой толгоолоруң. Сен Кудайды программалаштырып жатасың, бирок канчалык кызыктуу жана ишенимдүү болуп көрүнгөнү менен Кудай акыл-ойдун толгоосунан жаралбайт. Түшүнсөң, эгер Христос керилип өлбөгөндө ал Кудай да болмок

эмес. Адилеттиктин жалпы бийлигин көздөгөн бул таңгаларлык инсан элде мурун адамдардын колунан ырайымсыздык менен өлтүрүлөт да, анан рух болуп көкөлөп, мактал болуп ырдалып, кошок болуп айланып, азап болуп кыйналып чыккан. Мында баш уруп сыйынуу менен өзүн өзү күнөөлөчүлүк, өкүнүч менен үмүт, жазалоо менен кечиримдүүлүк – баары жуурулушуп, адамгерчилик чыккан. Ал эми кийин бул идея бузулуп, белгилүү бир күчтөрдүн белгилүү бир кызыкчылыгына ылайыкташып кеткен. Дүйнөлүк идеялардын тагдыры качан болсо ушундай. Мына эми өзүң ойлоп көр: кимиси күчтүү, кимиси ыйык? – идеясы үчүн крест мамыга керилип, кыяматка өз ыктыяры менен барып берген азаптуу Кудай ыйыкпы, же бүгүнкү күнгө жарашкан, телегейи төп келген көктөгү бир абстрактуу идеал ыйыкпы?

– Муну мен ойлогом, Виктор Никифорович. Актык сизде. Кудай жөнүндөгү түшүнүк канчалык опол, орноктуу болбосун бүгүнкү күндөгү дүйнө таанууга ылайык келбей эскирип калды, мына ошол эскини кайра карап чыгар маал келди деген ойдон мен такыр бошоно албайм. Айкын эле көрүнүп турбайбы. Талашпай эле коёлу. Балким, мен абстракциядан аттанып чыгып алып, изделбей турган нерсени издеп, карайлап жүргөндүрмүн. Эмнеси бар экен! Канон болуп калган дин илимине менин ойлорум ылайык келбей эле койсун. Бирок мен оюмду кантип өзгөртөм? Мунуң натуура, назили чындык момундай деп бирөө мени башка нерсеге ишендире алса, деги эле кудай жалгабайбы. Андай нерсе жок да!

Айла канча дегендей Городецкий эки колун жайды.

– Аңдап отурам, Авдий молдоке, аңдап отурам. Бирок кандай болсо – андай болсун, баары бир эскертип коёюн: чиркөөлөрдүн түшүнүгүндө жаңы кудай издөөчүлүк деген чиркөөгө каршы болгон эң оор кылмыш, дүйнөнү астын-үстүн кылам дегенге барабар.

– Аны билем,– деди Авдий жай гана.

– Бирок баарынан жаманы – жаңы кудай издөөчүлүктү чиркөөдөн сырт дүйнө да жактырбайт го. Ушуну ойлодуң беле?

– Ой, тообо... – деп таңыркады Авдий.

– Аман болсоң аны да көрөсүң...

– Кандайча? Эки тараптын позициясы ушерден биригип кетеби?

– Биригип кеткенде эмес, деги сенин аракетиңин эч кимге кереги жок...

– Кызык, эң керектүү нерсенин эч кимге кереги жок экен да...

– Менимче, нечен азапка түшөрсүң, Авдий молдоке. Ай деп да айтпайм, кой деп да айтпайм, өзүң бил,– деди Городецкий акырында.

Городецкийдин айтканы туура эле. Баардык жагынан. Көп өтпөй Авдий Каллистратов анын тууралыгына дагы бир жерден көзү жетти.

Бу кичинекей окуя Авдий семинариядан куулуп кетер алдында болду. Ошо күнү алардын кичинекей шаарчасына окуу жайлары боюнча патриархиянын Координатору Дмитрий-Ата келди. Бу кадырлуу пирди ректорат вокзалда чоң урмат менен тосуп алды. Семинария чөйрөсүндө бу кишини дал ошентип Координатор-Ата деп аташчу. Идеал элесте кандай болуш керек болсо дал ошондой келбеттүү, акылдуу Координатор-Атанын бу жолку келишине себеп – семинариядагы чектен чыккан окуя болду: мыкты семинаристтердин бири Авдий Каллистратов безерилик жолго түшүп, ыйык жазууну текшерип-тескөөгө алып, замандаш Кудай жөнүндөгү шектүү идея чыгаргандыгы. Албетте, Координатор-Ата жетекчи жана жайкоочу катары адашкан жашты аброй-баркы менен кайра чиркөөнүн жайкынына киргизүүгө, ошону менен ичтеги чырды сыртка чыгарбоого келген. Бу жа-

гынан алып караганда чиркөө деле атуул пенделердин жосунунан алыс кетпейт. Авдий Каллистратовдун ордунда турмуш тажрыйбасы бай башка киши болгондо Координатордун аталык ниетин ошондой деп эле түшүнмөк, бирок Авдий көрүнүктүү чиркөө жетекчисинин ниетин чынында такыр түшүнө албады да, ошонусу менен тиги кишинин маселесин бузуп салды окшойт.

Координатор-Атанын маегине Авдий түш ченде чакырылды да, кашында чыпчаң үч саат отуруп чыкты. Оболу Координатор-Ата башкы имараттын бир залына жасалган академиялык чиркөөнүн алтарына барып чокунууну сунуш кылды.

– Үммөтүм, сени менен сүйлөшөр олуттуу кебим бар экенин сөзсүз түкшүмөлдөп тургандырсың, бирок ашыкпайлы, Кудаанын алтарына мени коштоп барууну мархабат эт, – деди ал канталаган тосток көздөрүн Авдийге балбылдатып. – Эң алды чокунуп алуубуз керектигин сезип турамын.

– Жараткан Эгем сизди жалгасын, – деди Авдий,– мен даяр. Мен үчүн чокунуу Эге жөнүндөгү дамамат ойлоруума контрапункт болуп турат. Замандаш Кудай жөнүндөгү ойлор көйүмө биротоло уялап алгандай.

– Анчалык ашыкпайлы, үммөтүм, – деди оор басырык менен Координатор-Ата мамык орундуктан туруп жатып. Авдийдин замандаш Кудай, контрапункт деген шок сөздөрүн бай тажрыйба клирик кулагынын сыртынан кетирип, сөздү азыртан чаташтыргысы келбеди. – Чокунуп алалы. Бу дүйнөдө канчалык узак жашаган сайын мен Кудаанын ак пейилинин, бизге боорукерлигинин чексиздигине ошончолук тереңирээк ишенип келатам. Жараткандын ичи кең, кечиримдүүлүгүнө чек жок. Жараткан Эгенин бизге арнаган сүйүүсүнө чек жок. Биздин чокунганыбыз ал үчүн, балким, эселектин элбир сөзү

сыяктуу эле болор, бирок жан-дилибиздин Кудай менен ажырагыс биримдиги ошонубузда.

– Айтканыңыз ак, аким,– деди Авдий босогодон.

Анан Авдий жаштыгына, чапчаңдыгына алдырды да, маек курушуп отургандагы зикит каадасын карманбастан сактаган оюн ортого салды:

– Шоктук дебеңиз, бирок айтарым – биздин түшүнүгүбүздө Кудай чексиз. Демек, тирүүлүктүн оюу бирден экини таанып өнүгө турган болгон соң Кудай (деген түшүнүк) да өнүгүп отурушу керек да. Буга сиз кандай дейсиз, аким?

Ушерде Координатор-Ата жооптон буйтай албады.

– Анткен менен кызуу кандуу окшойсуң, үммөтүм,– деди да, тамагын кырына жөтөлүп, үстүндөгү калың кийимин оңдонду. – Жаш болсун, кары болсун, адам Кудай жөнүндө антип ойлогону жарашпайт. Башталышы бүтөрү жок Жаратканды толук түшүнүү бизге буюруган эмес. Кудай биздин эркибизден тышкары. Дүйнө биздин аң-сезимибиздин эркинен тышкары деп материализм деле мойнуна алып отурбайбы. Кудай-таала төтөн улук.

– Кечириңиз, аким, канткенде да ар нерсени өз аты менен атаган жакшы. Биздин аң-сезимибизден тышкары Кудай жок да.

– Ошого көзүң жетеби?

– Жеткен үчүн айтып турам.

– Макул дейли, ушуну менен эле ойду тамам кыла койбойлу. Мейли, кичине дискуссия сабагын уюштурса уюштуралы. Ага чокунганыбыздан кийин кайрылалы. Азыр болсо, кудай жалгагыр, мени храмга кошточу.

Координатор-Ата Авдийди академиялык чиркөөдө бирге чокуналы дегендин өзү эле чоң сыймык, ак пейилдин белгиси болмокчу, окуудан куулганы турган семинарист өзүнө ыңгайлуу болуп турган мындай жагдайдан пайдаланып калыш керек эле да.

Экөө дализ менен баратты – алдыда Координатор-Ата, жанында жарты кадам улаш Авдий Каллистратов. Чиркөө жетекчисинин зыңкыйган турпатына, салабаттуу басканына, этеги жер чийип, бөтөнчө бараандуу көрсөткөн рясасына[1] назар салып баратып, пенденин ар бир ишинде дин мыйзамын, баарынан мурда чиркөөнүн өз мыйзамын миң жылдап коргоп-жактап келатып, салт заңына айланган кудуреттүү күчтү сезди Авдий. Жашоо-турмуштагы акыйкатты издеп чыккан жолунда Авдий эми ушу эзелтен каршыккан күч менен кагылышмак. Бирок азырынча ал экөө Эгесине баратты, ар кимиси ар башкача болсо да, экөө тең ишенген, жалпы баарыга тиешелүү дүйнө, анын ичиндеги кичинекей пенде жөнүндөгү ишенимди жамы журттун аң-сезимине киргизүүдө экөө тең атын атоого милдеттүү болгон Эгесине баратты. Авдийдин да, анын жетекчисинин да бар үмүтү Эгесинде, анткени баарын билген жана баарын кечирген жалгыз тирек ошол Эге. Ошентип, экөө баратты...

Академиялык чиркөө ошо тапта ээн экен, андыктан анча чакан деле көрүнбөдү. Башкасынын баары кадимки эле чиркөөдөй. Болгондо күүгүмдөгөн алтардын төрүндөгү жаасы катуу көз карашы теше тиктеген, кара чачы жаак ылдый төгүлүп, бозомук шоола кошумча жарык кылып турганга ого бетер шапайып азыңкы көрүнгөн Христтин жүзү гана өтө кумсарыңкы. Диний жетекчиси да, өз оюн өз эркинче ойлонуу укугунан азырынча ажырай элек окуучусу да – экөө тең тизелей туруп, Эгенин жүзүнө тике карап, ниеттерин ачты. Ар кимиси бу жерге Эгеси менен өзү гана көзмө-көз сырдашам деген ниет менен келип отурат. Анткени Эге күн-түн дебей, маалдын кайсы учуру болбосун, тайынып келгендердин саны канча болбосун, мейли бүт адамзат жер бетинде бир ма-

[1] р я с а – диний даражаны белгилөөчү кийим.

алда аны энтелеп турбасын, ошол эле маалда баары менен да, ар кимиси менен көзмө-көз жекече да сырдаша турган кудурети бар. Эгенин баардык жерде, ар кимдин көйүндө болмогу ошо.

Мына азыр дал ошондой эле болуп атты: ар кимиси Эгесине деген ишениминен чыккан сырларын – түпөйүл санаасын, арыз-арманын, актанган аракетин айтып жатты. Анан да ар кимиси өзүн кыялындагы ааламга ылайыктап, аалам ичинде ал микроскопиялык орун ээлеп, микроскопиялык өмүр сүрөрүн аңдап, Жаратканды ушул жарык дүйнөгө жаратканы үчүн алкап, күнү бүтүп, бу дүйнөдөн кетеринде Эгесинин аты оозунан түшпөсүн тилеп жатты.

Анан экөө алиги бөлмөгө кайра келди да, көзмө-көз отуруп, ачык сөзгө киришти.

– Эмесе, үммөтүм, мен сага насаат айтып отурбайм,– деди Координатор-Ата Авдийдин маңдайына булгаары орундукка жайланып отуруп жатып. Авдий Каллистратов болсо семинариялык кийиминин эки өңүрүнөн уркуюп чыгып турган эки тизесинин ортосуна эки колун салып, маңдайкы жыгач орундукта кулжуюп момун отурду.

– Кулагым сизде, аким,– деди семинарист кулдук уруп.

– Дагы айтам, сени жемеге алып, насаат айтпаймын. Сага андай жупуну тескөөнүн таасири жок. Бирок эселектигиңен мурун да кызуулугуңан улам чыккан алиги сөздөрүң кейитпей койбойт. Ошону уккандан соң да, байкап отурган чыгарсың, мен сени менен тең жамааттыкта сүйлөшүп жатам. Анан калса, өзүң акылдуу жансың... Сага ачык айтайын: чиркөө сенин акылыңдын дин окуусуна каршы чыкпай, кайра Кудаанын осуяттарына кыңк этпестен, баш-оту менен кызмат кылганын каалайт. Муну сенден неге жашырайын. Чынында аталык тес менен кула-

гынды ушата чойсом деле болор эле, анткени ракматы атаңды көргөм, ал экөөбүз бири бирибизди нак түшүнүшкөн жандар болчубуз. Ал киши христиандын адалдыгын алып жүргөн жан эле, анын үстүнө аябай билимдүү болучу. Мына эми, тагдырдын иши экен, көп жылдар бою чиркөө кызматын өтөп өткөн ракматы дьякон Иннокентий Каллистратовдун уулу Авдий – сени менен кездешип отурам. Эмнеликтен дебейсиңби? Башында сен тууралуу жакшы пикирлерди көп укканымды жашырбайм, бирок бу келишиме, өзүң түшүнүп отургандырсың, мени түпөйүлдөнткөн шарттар себеп болду. Байкап көрсөк, статусуң боюнча шакирт гана боло туруп, сен дин окуусун текшерүүгө шоктонупсуң. Буга чейинки сенин капилет айткан ойлоруңду угуп, адашып жатканың көбүнесе жаштыктын залдарынан экенине ишендим. Ушундан го деп ойлогум бар. Көптөгөн себептерден улам жаштыкка менменсинүүчүлүк мүнөздүү болот, ал ар кимдин тарбиясына жана кыял-жоругуна жараша көрүнөт. Турмуштун азап-тозогун көп тарткан кары киши өмүрүнүн аягында Кудайга ишениминен кечип кеткенин же диний ыйык түшүнүктөрдү өз бетинче чежирелей[1] баштаганын уккан жайың барбы? Жок, болсо да өтө сейрек учурар. Кудайдын кудурет-касиети карыган сайын улам тереңдеп ачыла берет. Эстеп көрчү, революция чыгар алдындагы дүрбөлөңдүү доордо динге атеисттик чабуул койгон (анысы үч жүз жыл өтсө да ушул убакка чейин басылбай келаткан) Европанын философтору, асыресе Франциянын энциклопедисттери жаш эле жигиттер болучу, ыраспы?

– Ырас, аким, алар жаш болучу, – деп макул болду Авдий.

---

[1] чежирелей – чечмелей.

– Мына, көрдүңбү. Ушунун өзү эле жаштыкка азыр мода кылып айтып жүрүшкөн экстремизм мүнөздүү экендигин көрсөтөт, жаштыктын өзгөчөлүгү да ошол.

– Ырас, бирок ошол сизге экстремист болуп көрүнгөн жаштардын адилеттик үчүн айтканда, негиздүү ишенимдери бар эле да,– деп кыстарып койду Авдий.

– Сөзсүз, сөзсүз,– деп Координатор-Ата кошулууга ашыкты,– ал бөтөнчө маселе. Дегиңкиси алар чиркөө кызматкерлери эмес болучу, динге болгон мамилелери өздөрүнүн жекече иши эле, ошон үчүн алардын жөнү башка. Ал эми сен болсоң үммөтүм, эртеңки пастырсың.

– Төтөн ийги,– деп сөзүн бөлдү Авдий,– идея боюнча адамдар мага, менин билгениме толук ишенмеги парыз.

– Ашыкпа,– деп Координатор-Атанын кабагы чытылды,– эгер сенин пайдаңа деп айткан менин кептеримди кабыл алар ниетиң жок болсо, кел анда башкача сүйлөшөлү. Биринчиден, дин ишениминин маңызына жетчү жолдо каршылыктын каяшасына алдыргандар-дын биринчиси да, акыркысы да сен эмессиң. Чиркөө өзүнүн узак тарыхында сага окшоп күдүктөнгөндөрдү көп көргөн. Андан эмне экен? Ар кандай улуу иштин аргасыз чыгымдары да болот. Андай өткөөл учурлар, кокустуктар боло келген жана боло берет. Бирок акыр-түбү эки тыянак менен бүтө келет: же алиги каяшачыл өзүнүн күдүктөнүүсүнөн таптакыр баш тартып, баштагысынан ашкан ынтаалык менен назили таза ишенимди кыңк этпестен кабылдайт, ошондон улам жетекчи аталарынан кечирим алат же кашайып көнбөй койсо, андай безери диникайыр чиркөөдөн куулуп чыгат да, кудайдын каргышына калат. Түшүндүңбү, үчүнчү жол жок, үчүнчү жол болбой турганын билдиңби? Сенин жаңыча ойлооң кабыл алынбайт. Аңдадыңбы?

– Аңдадым аким, бирок үчүнчү жол мага эмес, чиркөөнүн өзүнө керек деген ойдомун.

– Ики, – деп Координатор-Ата шылдыңдагандай баш чайкады. – Ушунча тантырап кеткен да болмок беле! – деп барк этип алды да, табалагандай кыжыр менен сурады: – Андай экен, мархабат, ыйык чиркөөгө кандай үчүнчү жол даярдап койдуң айта койчу? Дагы бир революция чыгарганы жүргөндүрсүң? Тарых али билбеген нерсе экен...

– Кылымдап катып калган сенектиктен бошотуп, догматизмден куткарып, адам рухуна өзүнүн назилий ажыты болгон Кудайды даана тааный турган эркиндик берүү...

– Токтот, токтот! – деп Координатор-Ата каршы чыкты. – Бул ээн баштык күлкү келерлик кымбаттуум!

– Эгер ойдун ар кимде өзүнчө болуш мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарсаңыз, анда аким сөзүбүздүн дагы уланышында эч кажет жок!..

– Дал ошондой – кажет жок! – деп Координатор-Ата кызуулана кетти да, ордунан турду. Доошу сүр алып, күркүрөп чыкты. – Эсиңе кел жигит, кесириңен кайт! Сен бараткан жол – тозоктун жолу! Сен шордуу, Кудай деген кыялымдын туундусу, ошол үчүн аны ойлоп алган адам өзү Кудайдын Кудайы деген бүтүмгө келип кекирейип алган окшойсуң. Бирок ой-кыялды да теңирдин кудурети жаратканын билип кой. Жаңыча ойлооңо жол берилсе, укумдан тукумга жетсе деп адамдар азап менен тозоктун арасынан алып өткөн, түпкүлүк негизинен миң жылдап куралган куну кымбат осуят-нарктын, ак-каранын жоболорун сен биротоло жокко чыгаруудан таюу тартпайсың. Догматизмден бошонуу керек демиш болуп, сен кудайдын жакшылыгынан жаралган догматтарды кыйраткың бар. Чиркөө жаңыча ойлоосуз эле жашап келген жана жашай алат, бирок догматы жок дин окуусу болбойт. Андай экенсиң, эсиңе түйүп ал: догматизм деген баардык жоболордун жана бийликтердин тиреги.

Эсиңде болсун. Сен жаңыча ойлооң менен Кудайды жакшыртам демиш болуп, кайра аны четке кагып жатпайсыңбы. Кудайдын ордуна өзүң отуруп алуудан кайра тарткың жок! Жакшы жери, Кудайдын биз деген ниети сага же сага окшогондорго көз каранды эмес. Сенин Кудайга кылган акааратың өз башыңды гана жейт. Кудай-таала түпкүлүктүү жана да түбөлүктүү! Омийин!

Координатор-Атанын күпүлдөгөн наарazылыгына араң чыдап, Авдий анын алдында эриндери кумсарып араң турду. Ошентсе да өз оюнан кайтпады.

– Кечириңиз аким, өзүбүздөн чыккан нерселерди теңирдин кудуретине жабыштырбаңыз. Эгер Кудай өзү жараткан биз ак менен караны аралаш ала жүргөн соң анда баары колунан келип турган Кудай бизди антип чала жаратып кереги эмне эле. Бизде шектенүүчүлүк көп кемчилик, атүгүл Жараткандын өзүнө кылар митаамчылыктарыбыз боло турган соң Кудай пендесин андай кылып эмнеге жаратмак. Сиз дин окуусунун абсолюттугун колдоп, дүйнө менен өз ажытыбыздын маңызына бир жолу жеткенибиз жетишет деген позицияны жактап күрөшүп жатасыз. Мына ушунуңуз логикага каршы келип жатпайбы – библиялык доордон мурдагы доордо бир айтылып калган экен деп, христианчылыктын эки миң жылдан бери айтылып келаткан жобосуна биз сөз кошо албаганыбыз кандай? Сиз чындыкка монополия орнотуп коюш үчүн күрөшүп жатасыз, бирок ал деген бери болгондо өзүн өзү алдоочулук болбойбу, анткени кандай гана окуу-илим болбосун кудайдын өзүнөн чыккан күндө да, чындыкты бир жолу биротоло түбөлүккө билип, өздөштүрүп алган окуу-илим болбойт. Эгер андай болсо, анда ал окуу-илим өлүү да!

Авдий айтып басылды, ошондогу орноп калган тынчтыкта терезе сыртынан шаар чиркөөсүнүн кагылып жаткан коңгуроосунун үнү угулду. Адам менен Кудайдын

ортосундагы байланыштын символу болгон бул коңгуроо үнү ушунчалык жакын жана тааныш угулганынан Авдий ушул үн сыяктанып алыстап каалгый сүзүп, чексиздикке төнүп кеткиси келди...

– Чектен аша чаап баратасың жигит,– деди Координатор-Ата сурданып. – Мен сени менен Кудай илими боюнча талашка кирбей койсом да болмок, анткени сенин билимиң али жетиле элек, анан калса шектүү. Же сен адамзат тукумунун касы – азезилдин азгырыгында жүрбөгүн? Бирок коштошор алдында сага бир нерсени айтып коёюн: мындай ойлоруң менен сен чиркөөдөн тышкары да аман-соо жүрө албайсың, анткени орноктуу окууилимге шек келтирүүнү тиякта жөн пенделер да жактырбайт, ар кандай идеология чындыктын жеткен жерин ээлеп туруучу умтулат, андай нерсеге сөзсүз кагылышасың. Пенделик жашоо жобосу чиркөөнүкүнөн алдаганча катаал келет, мына ошо чөйрөдө өзүңүн кем ойчул экениңин азабын тартасың, мына ошондо ушул азыркы сөзүбүздү эстеп, бармагыңды тиштерсиң. Эмесе жетишет, семинариядан кетүүгө камын, сен Кудайдын үйү болгон чиркөөдөн кууласың!

– Менин чиркөөм дамамат өзүм менен бирге,– деп Авдий Каллистратов да жак дегенин бербей кашайды. – Менин чиркөөм – мен өзүм. Мен храмды ыйык жер деп эсептебеймин, төтөн чиркөө кызматкерин, айрыкча азыркыларын олуя көрбөймүн.

– Кантейин балакай, Кудай жаныңы аман койсун, бирок бөркүндөй эле көр, сени пенделик тиричилик өзү эле сопу кылып коёт, анткени аякта бир сындырым нанды да мээнет менен таап жеш керек. Мына ошол аргасыздык сага окшогон миллиондорду чүлүктөп жетелеп жүрөт...

Бул эскертүүлөр кийин чын эле бир эмес, эки эмес, далай жолу эске түштү. Бирок кандай күндө калбасын,

Авдий Каллистратов өз ажытынын максатын башкадан көрдү, кандайдыр бийик мааниси көк жээктин сызыгындай болуп али алдыда деп чыдай берди, ага жеткенге чейинки тириликтин кыйынчылыктары утурумдук деп билди, жетер күн келерине, ошондо көп-көп адамдар анын артынан ээрчирине, өмүр максаты мына ошондо экенине ишенип жүрө берди.

Чабагандарга кошулуп, чабытына бирге чыгып, кара куурайдын талаасын көздөй бараткан күндөрү Авдий эртеден кечке поезддин терезесинен ээн талаа-эрме чөлдү карап туруп, өзүнө өзү айтты: «Мына эми өз башыңа өзүң ээсиң, редакциянын тапшырмасынан башка байланган эчтемең жок, эмне кылам десең өз эркиң. Кана эми, азапты артынып жүрүп, эмнени билдиң? Мына, турмуш деген ушул, эми гана бет келишип турасың. Мындан жүз жыл илгеркидей эле эл поезд минип, бир жактан бир жакка баратат. Анын ичинде сен да жолоочулардын бирисиң, чабагандар да бул элдин ичинде жүргөн жолоочулар. Бирок бир айырмасы – булар жанкечти немелер, анткени адам кемчилигинин эң залалдуусун жайылтып жүргөн арам тамактар. Жанагы ачуу түтүнү эчтеме деле эместей, маңыроо кылганы жыргал экен, бирок ошентип ал адамдын дилиндеги адамдык касиетин өлтүрүп жатпайбы. Ошентип булар өз жанын өздөрү кыйнап жатышса сен кантип токтотосуң? Ушунун баары кайдан чыгып жатканын билесиңби? Себеби кай чуңкурда жатат? Унчукпайсың, кай жагынан тооруп чыгарыңды, кантип түшүндүрөрүңдү, кандай арга кыларыңды билбей турасыңбы? Аз болсо да жардамым тийип, жакшылыгым жугар деп семинариядан кутула жадап качып, турмуштун шар агымына бой урган сен эмес белең? Семинариялаш жолдошторуң сага идеалист деп ат коюп алышты эле. Бекеринен эмес окшойт. Эми болсо бул чабагандар сенин жардамыңа муктажбы, иши-

це, жорук-жосунуңа сенин кийлигишкениңди булар каалап турабы-жокпу? Ошондой болгондо да буларга сен эмне кылып бере алмаксың? Жаман жоругунан айнытып, башкача жашоого ынандыра аласыңбы? Сен минтип айла таппай, амалың түгөнүп турган чакта булар көздөгөн максатына бел байлап, жол ийгисин күсөп, бакталайыбыз ошондо деп жүрүп-кетип баратат. Буларды ушу тобокелинен кантип айныта аласың, кантип ак жолго сала аласың? Эгер кийлигишпесең, жардамдашпасаң, булар эртедир-кечтир жаза тартып, кесилип кетери бышык, аны күнөөбүз дебей балээбиз деп түшүнүшөр. Жамандыктан коргоп калып, өкүнтүп тазалантып, бу кылмыштуу ишинен өздөрү баш тарткандай кылып, бак-таалайдын адалдыгын башкадан көрсөтө алсаң го, анда сонун болбойбу! Бирок ошондо булар бак-таалайын эмнеден көрө алат? Курулай мактаган асыл нарктанбы? Ал асыл нарктардын баркы кетип, булганып бүтпөдүбү. Бак-таалайыңды Кудайдан табасың десең, булар аны бала күнүнөн чоң ата, чоң энелеринин күлкү келер жомогу деп билет, Кудайың андан жогору болбой калган. Дегинкиси, бекер жерден этеги толо акча таап турса, сөзүң эмнеге өтөт? «Кур ооз ыракматың ырыскы болбойт, келе акчалай» деген сөз кийин эл оозунда лакап болуп кетпедиби! Ал эми бу чабагандар таап жаткан акча мүлдө биздики гана эмес, башка эл-жердики да болсо керек. Чабагандар аттанып чыккан деңиз боюндагы порт шаарларды эле карачы: Мурманск, Одесса... Балтика бою жана да тиги Ыраакы Чыгыштан бери чабыттап тургандар бар дешет. Жанагы нашасы, жуурулган пластилини менен экстрасы кайда гана кетип жатпады болду экен? Чынында кеп кайда кетип жатканында бекен? Мындай балээ эмне үчүн биздин турмушубузда, ар кандай кемчиликтен биздин социалдык системабыз аруу деп бүт дүйнөгө жарыя кылган коомубузда болуп жатат,– кеп ушунда!

О, эгер ушунун баарын келиштирип бир материал жазсаң, ага көптөгөн кишилер үн кошсо, өздөрүнүн каны-жанына тийиштүү иштей, өз үйүнөн чыккан өрттөй, өз балдарынын жанына жабышкан макоо-пестей жан кашая кыйкырып чыгышса, ошондо гана акчанын аргасы түгөнүп, жамандык жеңилер эле! Кудай ошондой эле кылса кана, айтканың талаада калбай, «Оболу сөз болгон...» деген осуят чындыгына чыгып, сөз оболку күч-таасирине жетсе кана... Кудай ошондой кыла көр! Ошондой жашасак, ошондой ойлосок...

Бирок Кудай, кайра эле өзүңө кайрылайын: шыңгыраган теңгенин жанында сөз эмне? Жашыруун бузукулуктун жанында дубанын күчү кайсы? Сөздүн күчү аркылуу арамдыктын материясын кантип жеңсе болот? Андай болсо мага күч-кубат бер, байсалдуу жолумда мени жалгыз таштаба, мен жалгызмын, азырынча жалгызмын... Оңой оокатка жээликкен буларга эсеп жетпейт...»

* * *

Саратов аймагынан өтүп, Москва – Алма-Ата поезди Казакстандын ээн-жайкын талаасында бараткалы эки күнгө карады. Континенттин Туран тарабына биринчи баратып, Авдий бир кезде Россия өзүнө ээлеп алган географиялык аймактын айласыз кеңдигине таң калды. Көз алдында учу-кыйыры жок Сибирь менен кошуп эсептегенде дүйнөнүн кургак жеринин жарымысына тете жаткан талаа жатты. Анан эл жашаган кыштак-конуштардын сейректигин... Шаарлар, кыштактар, айылдар, станциялар, бекеттер, адашып калгансыган мал кашарлар, жетим тамдар темир жолго жармашып, бул чексиз талаа сүрөтчүнүн жаңы гана керип, жаңы гана түп шыбагын кургатып, жаңы эле ар-ар жерине боёк сүртүп, бирок сүрөтүн тартып бүтпөй таштап кеткен чалкар таары

сыяктанып бозоруп жатат... Кай тарабыңы караба, чексиз талаа. Анан калса, ушу кез талаанын гүлдөгөн маалы тура, өсүмдүк болуп өсүп чыккан чөптөрдүн чоң-кичинеси бүт жабырап гүл ачып, жердин жүзүн аз күнгө болсо да өзгөртүп, анан кайра ачуу тийген күндүн нуруна күйүп кетип, эмки жазды күтүп бозоруп жатып калар маалы тура...

Талаа чөптөрүнүн буруксуган жыты вагондун ачык терезесинен толкуп-толкуп кирип келет, айрыкча төрт тарабы ачык ай талаадагы бир жетим бекетке поезд токтой калганда аңкыган жыт вагонго толуп чыгат. Ошондо абасы оорлоп келаткан вагондон талаага чыгып, түрү кунарсыз, бирок көөдөнгө толуп чыгар коңур тулаң, ачкыл шыбак жытына көңүлсүгөн коңул менен какшыган топурак жыты аралашып, толкуп турган абалуу талаада аркы-терки чуркагың келет. Кызык, деп ойлоду Авдий, жанагы каргыш тийген баңги кылчу кара куурай да ушинтип өсүп, дүүлүктүрүп жыттанып турар бекен? Ачылып сүйлөшүп калгандагы чабагандардын айтуусуна караганда, кара куурайдын жыты мындан күчтүүрөк, ачкылыраак болсо керек. Бирок кара куурай сабактуу узун өсүп, кээ жерде белкурчоого жетип турат дешет. Кара куурай дегениң, көрүнгөн жерде эле өсө бербейт экен, дайыма өскөн жерлери бар дешет, анысына да шүгүр, аны издеп жер кезип убара болуш да ырас болуптур, антпесе, баардык жерде өсө берсе эмне болмок... Мына ошо жоктугунан баңги кылып баш айлантар куурайды издеп, чабагандар кайдагы бир жердин четиндеги порт шаарлардан сугун артып жутунуп баратпайбы... Барар жер али алыс жеткиче дагы далай жол жатат, жеткенден кийин кандай күнгө түш болорун бир кудай өзү билет.

Кээде Авдий Каллистратов жашырынып бараткан сапарынын максатын унутуп, бу уч-кыйырсыз талааны

кайсы доорлордо кайсы элдер жердегенин кыялданат, ага байланыштуу мектеп курагында окуган китептерин, көргөн кинолорун эстейт да, ошол кыялындагы доорлордон калган эстеликтер сыяктанып, андан-мындан бир жолуккан нерселерге өрөпкүйт: ээн талаада үйүр-үйүр болуп, ийри моюн, дөң өркөч төөлөр жүрөт, эли көчүп кеткен эски журттай болуп, андан-мындан көрүстөн жолугат, беш-он тамы жепирейген чакан айылдар же айталаада адашып калгансыган жападан жалгыз боз үй кездешет, аны көргөндө атам замандан калган баш-баанегин дале жерибей жашап келаткан андагы кишилерге боор ооруйт, кээде эки-үчтөн же жалгыз бастырган атчандар көрүнө калат, ат алардын абзелдери да эзелки, кээсинин башындагы шукшугуй бөркү да эзелки... Мына ошондо: бу ээн талаа, эрме чөлдө суусуздуктан каны катып, кусалыктан жаны катып кырылып калбай бул эл кантип күн көрөт деп эриксиз ойлонот. Түнкүсүн кантишер экен булар? Ааламдын түнкү асманы үстүнөн көмкөрүлүп басып турса, ээн талаадагы жалгыз адам дүйнөнүн чексиздигинен жабыгып өлбөйбү. Ошон үчүн бу кыйырдан поезд өтүп турганы шаардагыдай болуп кыжырыңды келтирбей, кайра кубантат болуу керек. А балким тескерисинче, айдың талаанын улуу түндөрү көңүлгө улуу ырларды жаратар... поэзия деген дүйнөлүк аймакта адам рухун бекемдеген нерсе эмеспи...

Бирок бул ойлору аз убакка гана алаксытат да, кайра чабагандар менен кошулуп нашанын үйүтүнө[1] баратканын законго салып караганда, кылмышкерлер менен байланышып алганын, социалдык-ыймандык жөнүндө газетага репортаж жазам дегенин аткаргыча бул жашоого, нашачылар таратып жүргөн жамандыкка моюн сунуп, шүк жүрүшү керектигин эстейт. Эстеген сайын сүбөсүнүн

[1] ү й ү т ү н ө – ордосуна, көп топтолгон жерине.

асты муздап, ашказаны уйгу-туйгу болуп, өзү да чабагандардын бири кылмыш кылып жүргөндөрдүн бири сыяктанып, түпөйүл коркунучка калчылдап кетет. Мына ошондо тигилердин ички бушайманын түшүнөт, жашыруун көтөргөн жүгү бар жанга жердин улуулугу, дүйнөнүн кеңдиги, улам жаңы жолуккан көрүнүштөр канчалык көңүл көтөрбөсүн, эчтемеге арзыбай каларын, көөдөнүндө өйүгөн оору бар болгон соң алдыртан көңүл чөгөрүп, жүрөгүңдү мыжыгып, айланадагы эчтемеге көңүл чаппастыгын да түшүнөт. Кара куурайлуу талааны көздөй сапарлаш болуп бараткан чабагандарга алдыртан көз салып, аларды сөзгө чакырып, тартууга аракет кылганда Авдий Каллистратов, булар сыртынан канчалык менменсинишкени менен, жолулаш ар бир чабаган ичинде өз жоругуна бушайман болуп, акыры кутулбас жазага бир күнү тутуларын ойлоп, ошондон дамамат коркуп жүрөрүн ойлоп, боору ооруду. Болбосо кара күчкө эрдемсингендери, дайынсыз жаргон сөздөрү, карта ойноп, арак ичип, тобокелге бел байлап калгандары – же бар, же жок, акыры башта бир өлүм деп, турмуштун башкача жүрүшүн көрбөй калышканы да. Ушулардын кор болгон жанын күнөөдөн куткарып, өздөрүнө өз көздөрүн ачып, абага чачылган уудан бетер булардын дили менен денине сиңип калган коркунучтан бошотуп алуу – Авдий Каллистратовдун көздөгөн асыл максаты болуп калды. Акылы жеткен бүт билимин, аз болсо да, турмуштан көргөн тажрыйбасын пайдаланып, алиги ак ниетин аткарар ачкыч издеди. Семинариядан кетип, дөөлөттүү чиркөөдөн ажырап калса да, дилинде диний үгүтчүл бойдон калып, актык менен адалдыктын назилий маанисин адамдарга жеткириш – өмүр жолундагы колунан келер эң улуу иш экенине көзү жетти. Ал үчүн кудаа жолуна атайылап бата алуунун деле кажети жок, өзүн моюн сунган актык-

ка гана такыба болуу милдет. Бирок акылынын айтуусу, жүрөгүнүн каалоосу, ниетинин жетектөөсү менен бел байлаган максатынын канчалык экенин али элестете албайт. Жаркын кыялга минип алып, күнөөдөн арылтар дарыны чачуу бир жөн, ал эми адалдыкка моюн сунууну каалабаган, дүйнөнүн бу четинен тиги четине арамдык жол менен акча табуунун далбасында бараткан өздөрүнө окшош кайдагы бир Авдийдин ак жолуна бурула койбой турган баңгилердин арасында адалдык жаратуунун жөнү таптакыр башка. Кудай ак сөздө, андыктан айткан сөзүн аруу да, адал да болуш керек деп ишенип алган кайдагы бир Авдий Каллистратовдун ниети жакшы экен деп, арамдык жолдон кайра тартып адалдык жолго түшө койчулар ушу немелер бекен. Бирок Авдий Каллистратов өзүнүн ак ниетине дүйнөлүк мийзамга ишенгендей эле ишенет. Арамдык оңолоюн дебейт, оңолтоюн деген адалдыкка көнбөйт, ыйыктап алгандарына жуутпайт,– арамдыгы ошо да... Андай экенин билиш али алдыда эле...

## VI

Сапардын төртүнчү күнүнө караган таң атканда аркайган баштарын кар чалган опол тоолордун кыркалары көрүндү. Чабагандар чабыттап бараткан Чүй менен Моюнкум талаалары жакын калганына белги ошол болучу. Кардуу тоолор алгачкы бак белги сыяктуу, алыстан келгендер талааны өрүп кеткенде алар да көрүнбөй калат. Мына күндө чыгып жүргөн эзелки салтын жазбай күн дагы чыкты, мемиреген нуру теребелге дагы тарады. Түркүн тагдырлуу жүргүнчүлөрдү тартып бараткан поезд боорун жылтылдата ийриле тартып, тоолордон тескери бурула берди да, жеткенде тоо көрүнбөй калчу боз мунарык баскан талаага бет алды...

Чабагандар Жалпак-Саз станциясында поездден түшөт да андан ары өз бетинче, бирок бир кишинин эркине баш ийип, тобокел ишке бел байлап жөнөп берет. Ошол эркине баарын кыңк дедирбей баш ийдирген, кээде сөз арасында гана беркилери күңк-мыңк дегендери болбосо, жарыя келип көрүнбөгөн, бирок баарын көзөмөлдөп турган Өзү ким болду экен – Авдий Каллистратовду аябай кызыктырган эми ушу болду.

Жалпак-Сазга жетерге эки-үч саат убакыт калды. Чабагандар буюм-теримдерин жыйнай баштады. Түндөгү ичкиликтен кыйналып калган Петруха Өзүнө барып жолугуп, көрсөтмө алар алдында поезддин ажатканасына кирип алып, көпкө жуунам деп, жаңы турган жүргүнчүлөрдү бир топ наараазы кылды. Кечээ кечинде ал достору менен оболу шампандан баштап, аны баланын оюнчугундай көрүп стакандап ичип, анан аракка киришкен, азыр ошонун залдары кетпей жатпайбы. Сары ооз Лёнька таптакыр көзүн ача албай калыптыр, Авдий араң дегенде тургузду. Жалпак-Сазга жакын калдык деген сөз гана аргасыз кылды аны, үзүлүп кетчү билектей шакмар мойнуна илинген саксагай башын салаңдатып, тектирчеде отурат. Ушул жаш өспүрүм бала кылмыштуу жол менен этек толтура акча таап, өмүрүн эртелеп өрттөп жатат деп ким ойлосун.

Жайык талаада поезд шакылдап катуу баратты. Кеңгиреген Петруха башын жазып алышка бир стакан ачуу, коюу чай ичип алды да, кайсы бир вагондо келаткан Өзүнө жөнөдү. Ал Өзү ичкендерди жактыра бербеген неме окшойт. Канча күндөн бери бир поездде келатышканы менен Авдий Өзү деген немени сыртынан да бир көргөн жок. Ким ал, кандай неме? Көп жүргүнчүлөрдүн арасынан таанылмак беле. Ким болсо да, ушунча күндөн бери билинбеген неме камышка жамынып жойлогон жырткычтан бетер сак көрүнөт. Чакырып алып урган иттей

болуп, бир топтон кийин Петруха келди, башы жерге түшүп түнөрүп алыптыр, бирок ойлуу. Чекке жетер түнүндө ичип алганына Өзүнөн аябай тил уккан экен. Анысы да ырас – Жалпак-Сазга жеткенден чабагандардын аракети башталат, Петруха болсо минтип бир аптага башы оңолгус болуп ичип алганын көр. Ошонун баарына Авдий күнөөлүүдөй аны акырая бир карап алды да, корс этти:

– Бери жүр, сөз бар.

Экөө тамбурга чыкты, чылым чегишти. Дөңгөлөктөр шакылдап, кулак тунат.

– Эмесе Авдяй, эсиңде болсун, – деп баштады Петруха.

– Угуп атам,– деп Авдий кабак түйдү.

– Сен огеле керкейбегин,– деп Петруха жиндене кетти. – Анчалык ким элең?

– Сага эмне болду Пётр,– деп Авдий жоошутууга далбас кылды,– куру эле кыжырдана бересиңби? Мен ичпейт экем, сен ичет экенсиң, ошондон да чатак чыгарасыңбы? А көрө мындан ары эмне кылабыз, ошону айт да?

– Мындан ары Өзү айткандай кылабыз.

– Мен деле ошону айтып жатпайымбы. Өзү эмне деди?

– Ал сенин ишиң эмес,– деп Петруха сөздү бөлдү. – Сен жаңы кишисиң, андыктан Лёнька экөөбүз менен бир болосуң. Башка балдар жалгыздап, же экиден өз жолдору менен жөнөйт.

Болуптур. Бирок каякка жөнөйбүз?

– Каякка барарыбыз менен да ишиң болбосун, мени менен жүрөсүң. Жалпак-Саздан түшөбүз. Андан ары өз билгенибизче жол тартабыз. «Моюнкум» совхозуна чейин машине менен жетербиз, андан ары жөө жөнөйбүз.

– Ошондой де?

– Сен кандай дедиң эле, «Жигулек» минип зымыратып жетип бармак белең? Жо-ок, үкөм, бирөөнүн көзүнө

кыйшаң көрүндүм дегиче колго түштүм дей бер, машине же мотоцикл минип жетчүлөр деги эле соо болбойт.

– Ой ит оой! Өзүчү, Өзү ким менен, кантип жетет?

– Анда эмне жумушуң бар? – деп Петруха кайра жинденди. – Сен эмне эле аны сурап калгансың? Барабы, барбайбы деп... Балким, ал таптакыр барбас! Ал эмне, сага жоопкер беле, эмне дегиң бар?!

– Эчтеме. Башчыбыз ошол болгон соң, кандай күн болот, анын каерде экенин билгенибиз жакшы да.

– Дал мына ошо билбегениң жакшы! – деп Петруха керсейип койду. – Анын кайда, эмне кылып жүргөнүн билиш экөөбүзгө буюруган эмес. Керек болуп калсаң, ал сени жердин түбүнөн болсо да таап алат. – Петруха айткан сөзүнүн таасирин сынагандай маани баса унчукпай турду да, али соолуга албай бозчаңгылданган көзүн такай тиктеди. – Сага болсо Авдяй, Өзү айтып кой деди: жүрсө жүргөндөй жүрүп, айдаганга көнсүн, ошондо гана кол бала кылып аларбыз, а кокус кандай деп болот, итчилиги бар болсо азыртан чыгып кетсин деди. Мына азыр станцияда түшөбүз го, төрт тарабың кыбыла, акырын жылып житип кет, биз сага тийбейбиз, болбосо ишке киришип алгандан кийин – бүттү, кайра тартуу жок. Итчилик кыла турган болсоң жер үстүндө сага орун болбойт. Билдиңби?

– Билдим, билбей турган мунун эмнеси бар. Бала эмесмин,– деди Авдий.

– Эмесе ошол, эсиңде болсун, мен айт дегениң айттым, сен угарын уктуң, анан бирдекиде укпапмын, билбепмин, жан соога деп жүрбөгүн.

– Жетишет Пётр,– деп Авдий да сөзүн бөлдү. – Куреле кайталай бербегин. Мен дагы өз башыма өзүм ээмин. Эмнеге баратканымы, эмне керегин өзүм билем. Андан көрө сен бу кеңешти угуп ал. Бүгүндөн баштап ичкениңди токтот, Лёньканы да ичирбе. Ал – акмак. Сага деле

эмне азап? Мына эми эрме чөлдүн ысыгына чыкканда ал-күчүбүз ушу болсо, эмне жумуш бүтүрөбүз?

– Макулмун, – деп Петруха сөздү бүтүрдү да, шилекейлүү эриндерин тылтыйтып, жеңилдене жылмайды. – Тууранын туура деш керек. Ишенип кой Авдяй, өзүм да бир тамчы ууртабайм, Лёньканын да оозун байлайм. Бүттү жок!

Сөз аягы жалпы пайда менен бүткөнүнө ыраазы болуп, экөө тең унчукпай калышты. Поезд чайпала чуркап, Жалпак-Сазга шашты. Ал тоом станция, поезддин тепловоздору менен айдоочулары алмашат. Түшүп калчу жүргүнчүлөр буюм-кечесин жыйнап киришти. Лёнька да элеңдеп тамбурга башбакты.

– Силер буерде эмне? – деп башы ооруп турган неме бырышып-тырышты. – Жыйналбайлыбы. Бир саат эле калды.

Коркпо балам, – деп койду Петруха. – Эмнебиз чачылып жатты эле. Чалма этек кыз белек. Ала баштыкты алып, кете бермей.

– Лёня бери келчи,– деп Авдий баланы чакырып алды. – Башың ооруп атабы? – Лёнька күнөөлүүдөй баш чайкады. – Мына, Пётр экөөбүз макулдаштык, бүгүндөн баштап оозго бир тамчы алмай жок. Макулсуңбу? – Лёнька унчукпай баш ийкеди. Бар эмесе, биз азыр. Жетишебиз, шашпа.

– Али убакыт көп,– деди Петруха саатын карап. – Бир сааттан көбүрөөк убакыт бар. – Лёнька кеткенден кийин айтты: – Лёньканы саксактаганың туура. Бешиктен бели чыкпай жатып, өзү жутунат, анан ичип алса, айласын таппайт. Эми – болду! Иш деген – иш. Жолдо келатабыз деп кичине бошонуп кетпедикпи. Бирок сен билип кой, мен Лёньканын акчасына ичкен жокмун, өзү тантырап жүрбөсө... мен өз акчама ичем.

– Кеп ошондо бекен, – деп Авдий кейий сүйлөдү. – Жаш балага боор ооруйт.

– Аның туура,– деп Петруха үшкүрүндү. – Ачык пейилден айтылган сөз бушайман кылып, ичинде катылып жүргөн бир оюн козгоду окшойт. – Айтчы Авдяй, буга чейин бизге кошулганга чейин дейм да, сен каерде иштеп, эмне жумуш кылчу элең? Алиги чет элдик буюмдарды алып сатарлардан болбо? Сен эми тымпыйбай эле кой, мындан ары болду – же тойтойлоп бир дуулайбыз, же камакта бир куурайбыз. Кантсең да киндигибиз байланып калды!

Авдий жашырынган жок:

– Эч кандай алып сатар эмесмин. Тымпыйгыдай эчтемем жок. Буга чейин мен диний семинарияда окугам.

Сөздүн мындай чыгарын Петруха такыр күтпөгөн.

– Коё тур, коё тур! Семинарияда дейсиңби? Сен анда, поп окуусунда белең?

– Ошондой...

– Эхе! – Петруха көзүн алайтып, эрдин түтүктөй чүйрүп, кылжыңдай ышкырып койду. – Анан аерден эмне кетип жүрөсүң, же кууп чыгыштыбы?

– Анысы да, мунусу да болду.

– Ал эмнен? Бир кудайды талашып, бөлүшө албай койдуңарбы? – Петруха ажыкыздана баштады. – Мына кызык!

– Бөлүшө албай койдук окшойт.

– Андай эле баарын билет экенсиң, айтчы – кудай барбы, жокпу?

– Мунуңа жооп бериш кыйын, Пётр. Бирөөгө кудай бар, бирөөгө кудай жок. Ар бир кишинин өзүнө жараша. Жарык дүйнөдө адам баласы канча жашабасын, кудай барбы, жокпу деп ойлогону ойлогон.

– Макул, бар дейли, бирок бар болгондо ал кайда?

– Ал биздин көйүбүздө, айтсак– сөзүбүздө...

Айтылгандарды ойлонуп, Петруха тунжурай түштү. Ары-бери өткөндөрдүн бири жаппай кеткен тамбурдун

эшигинен поезддин дөңгөлөктөрүнүн шакылдагы жаңырып, күчөп чыкты. Петруха эшикти жапты да, тумчуга угулган шакылдакка кулак төшөп, анан айтты:

– Андай болсо, менде кудай жок экен. Айтчы Авдяй, сенде барбы?

– Билбейм Пётр. Бар болсо дейм, болсо дейм...

– Демек, сага керек тура?

– Ырас, мага абдан керек...

– Ит билеби сени,– деп Петруха жараты тырмалгандай ызырына түштү. – Кудай эле керек болсо, анда сен эмнеге бизге илешип кошо баратасың.

Сөздү тереңдетер маал да, чак да эместигин ойлоду Авдий.

– Бирок акча да керек го,– деп жоошута айтты.

– Ики, карасаң какшанганын. Же кудай болсо, же бекер акча болсо. Сен анда бекер акчанын артынан түшүпсүң да?!

– Ошондой болуп калды...

Ушу сүйлөшкөн сөз Авдийдин ой-санаасына түрткү болду. Биринчиден, жолду-катар бир көрүнбөй, бирок чабагандарды тап жылдырбай кармап келаткан Өзү эч кимге ишенбеген, баарын алдын-ала теске салып турган, эгер жүргүзүп жүргөн ишинин бир жеринен калпыс кетчү болсо, же ошентет деп шектенчү болсо өзүн да, өзүн ээрчип жүргөндөрдү да сактап калыш үчүн өч алып, эчтемеден кайра тартпаган катаал неме окшойт. Антпесе болмокпу, баңгилик соодадан пайда таап жүргөн неме башкача болмок беле. Экинчиден, жолду катар Петруха жана беркилер менен сүйлөшүп келаткан сөздөрүнөн улам муну байкады: чабагандарга сөз менен таасир этсе болгудай – сырдашкан сөз, арты коркунучтуу болсо да, сөзгө муютуу илгертен дин үгүтчүлөрүнүн иш усулу боло келген эмеспи. Байыркыда Африканын кырк уруу жапайы калкына Христтин сөзүн жайылтууга кожолор жанын бай-

лап чыккан эмеспи. Анткени өз жанын кыйып болсо да, бөтөндүн жанын күнөөдөн сактап калуу – акыр-түбү өзүнүн тагдыры, өмүр жолунун ажыты экенин, ошону менен өз жанын да тозоктон ак алып каларын билип чыгышкан алар.

Жалпак-Саз станциясына алар күндүзгү саат он бир чамасында жетти. Станциядан темир жол эки айрылып кеткен тоом эле, бир жактан келип, бир жакка кетип жаткандар көп, ошонусу чабагандарга жакшы далда болду, элге аралашып билинбей кетишти. Түшкү тамакка да эл менен кошо вокзалдын ашканасына киришкенине таң калып жүрөт Авдий. Байкоосунда, баары он экидей киши экен, мындан ары талаа безип, наша издеп жөнөмөй. Тамак үстүндө да чабагандар бирден-экиден бөлүнүп отурушту, бирок бирине бири сыртынан көзөмөл, өз ара сүйлөшмөй жок. Кыжылдаган жүргүнчүлөрдүн арасында Лёнькадай өспүрүмдөр, болбосо Петрухадай катамалдары жайнайт – кимди ким ажыратсын. Жайкы катташуу маалы күчөп, азиялыктар менен европалыктар аралашып кеткен... Тартипке көз салып, милиционерлер ашканага да кирип-чыгып жүрүшөт, сырттан да жолугуп калат, аны чабагандар элес алган жок. Шапа-шуп тамак ичип, шам-шум этип алуу үчүн нөөмөт күтүп тургандарга орун бошотуп, кимдиндир байкалбаган белгиси менен эки-үчтөн тарап-тарап кетишти. Нан, консерва өңдүү жолазыктары салынган баштык, сомкелерин көтөрүнүп алып, салаа-салаа жолго чыгышты да, Моюнкум талаасына өрүп житип кетишти.

Мурун ойлошкондой, анан калса Өзү бүтүм кылгандай Петруха баш болуп, Авдий, Лёнька үчөө бир кетти. Авдий ошентип алиги Өзүн көрө алган жок. Бирок баардык ишти ошол Өзү башкарып турганына эч шек болбоду. Үчөө жолулаш машинеге түшүп, эң алыска, Моюнкумдун желкесиндеги бир «Үчкудук» деген совхоздун бир

бөлүмүнө барышты. Шопурга Петруха Өзү бөлүп берген акчадан чейректик тыйын төлөдү. Үчөө эл көзүнө көрүнүү жолун сүйлөшүп алышкан: булар кыдырып, акча таап жүргөн жумушчулар. Авдий – жыгач уста. Бу чөлкөмдө жыгач уста деген колго тийбейт. Анан калса Авдийдин чынында жыгач усталык жайы бар болчу. Кичинесинен атасы үйрөткөн. Петруха да кереги тийип калар деп үйүнөн ала чыккан сүргүч, балта, тешкичтери бар экен, аларын Авдийдин баштыгына салып берген. Петруха Лёнька экөө шыбакчы болуп алышты. ПТУда окуйбуз, жайкы каникулда Моюнкумдун тегерегиндеги элдин курулушуна кол кабыш кылып, каржы таап алмакка чыкканбыз дешет. Мунусуна ким ишенбей коймок эле.

Күн мээ кайнатып ысык, бирок жүк машиненин ачык кузову шамалдатып, салкын болду. Жол болсо, айылдын жолу да, өңгүл-дөңгүл, ичеги-кардыңды аралаштырып салат.

Өңгүл-дөңгүлгө машине бастай калганда арттан кууп келаткан чаң жапырып басып калат, кайра суурулуп чыгып кеткиче какап-чакап, айлаң кетет. Анткен менен теребелди карап, канатың болсо кайып учуп жүргүң келет – ушул кыял гана көңүл алаксытат. Кабиненин желкесин таянып баратып, Авдий өзүнчө ойго кетти: «Жер деген планета экенине эми көзүм жетти. Адамдар ынтымак кылып жашабай, ушул планетага батышпай жатат ээ? Планетаны стадиондой кылып тарытып жиберген себеп – адамдардын коркунуч, жек көрүү, түпөйүл, терс пикирлери болбосун? Стадионго толгон адамдар – барымтага кармалган эл, ойноп жаткан командалар болсо бирин бири жеңмекке ядролук бомбаларын ала келген, аны ойлобой күйөрман эл: гол, гол, гол! – деп кыйкырыксүрөөн салып бакырат – биздин планета ошол эмеспи... Ар бир адамдын алдында кечээ, бүгүн, эртең да боло келген түбөлүктүү маселе турат – адам болуу керек,– аны

унутуп коёбуз. Тарых ушундан курулат. Мына, биз азыр каякка баратабыз, турмуштун кайсы улуу максаты үчүн адамдар өзүнө жана өзгөлөргө уу издеп шимшилеп жүрөт, ушуга түрткөн зарурат эмне, өзүнөн өзү кечкен бул алаамат айлампадан адамдар эмне тапмак?».

* * *

Даркан талаанын бир бучкагынан орун алып, кудайдан көздалда калган бул «Үчкудук» деген казак айылынан алиги үчөө оңой эле иш тапты. Бир чабандын курулуп бүтө элек тамы бар экен, жыгач-тактасын курап, шыбагын шыбап бермекке үчөө жалдана койду. Чабан өзү үй-бүлөсү менен мал артынан түшүп, жайытта экен, былтыркыдай жалданмалар келип калса иштет деп, үйдүн жумушун тууганына табыштап кетиптир. Далысынан билгендей Петруха, Авдий, Лёнька – үч мандикер өздөрү келип берди.

Үчөөнүн түнөгү да ошол там болду, үстү жабылган экен, күн да ысып турган экен. Эшикке кемеге куруп, бирдеме кайнаткан болушат. Иштегенге келгенде аябай эле иштешти. Петруха таңзаардан ойгонот да, шериктерин ойготот, анан үчөө каш карайганча тынбай иштейт. Кечки тамакты оттун жарыгында ичип, Петруха ошондон кийин гана боюн жазып, ой чаргыта кеп козгоп калат.

– Мына сен Авдяй, карасам, жаныңды үрөп жакшы иштейт экенсиң. Кожоюн бере турган акыны аларын алабыз дечи. Бирок ошо да акчабы, билсең ал деген бир чыйт эткен түкүрүк! Биздин бир тишибизге илинбейт. Бул иш эптеп из жашыруунун айласы. Анан жанагы жерге жеттикпи, жеткенде да калың черин таап, ошо гүлдүн бүрүн кош колдоп аймап чогултсаң барбы, анда иш бышты дей бер: талаада бир күн тарталаңдап кой, болду, жыл

маалы министрче чардайсың. Лёнька, сен билесиң го! Ушундай эмеспи, ыя?

– Бир аз билем дечи,– деп койду көбүнесе түнөрүп үндөбөс болуп бараткан Лёнька.

– Көзүңөргө карагыла, балдар,– деди Петруха катаал сес көрсөтүп,– жан кишиге ооздон чыкпасын, кошуна болобу, башкасы болобу, тым-тым. Булар өзү ак көңүл эл келет, ошентсе да өлүп баратсаңар эч кимге сыр бербегиле. Айрыкча бирөө келип сурамжылай баштаса өтө этият болгула. Сен Авдяй, эч нерсе билбейм дей бергин, тигине де, мени айт, бригадирибиз де, ошону менен сүйлөш де, мен кичинекей кишимин, ишим эмне де. Билдиңби?

Билбей турган эмнеси бар – билдиңби, демек, болду да... Бирок Авдийдин көңүлүн түпөйүл кылган бул эмес. Кылмыш күч, жексур акчага жанкечтилик менен болсо да жетүүгө жанталашып, опурталдуу тайгак жолго түшүп кеткен жаш балдарга эптеп огожо боло албай, сөз айта албай оозун кармануууга аргасыз болушу жанын кашайтты. Кийлигишип кирүүгө жан-дили буулугуп турганы менен анте албайт, ушунусу кордук болду. Авдий сөз кудуретине салып, оюна муютуп олтуруп буларды эптеп көндүрүп, кургуйга түшүп бараткынына көздөрүн ачкан күндө да, булардын оңоло коёр аргасы жок экен. Түшкөн жолунан мындай буйтаганды түк кечирбес, жанына забын кылууга акылуу немелерге айрылгыс болуп чырмалып алышкан тура. Мына ушу тозоку түйүндү кантип үзсө болот! Авдийдин көңүлүнө топук берчү ой-максаты – ушу баңги чабагандардын жорук-жосундарын даана иликтеп чыгып, газетке бир чоң материал жарыялоо аркылуу элдин көзүн ачып, асыл ишке көмөктөш болууда эле. Ниетинде так ушунусу опуртал жолго түшүп кеткен жаштардын тагдыры үчүн ариет күрөштүн башталышы болмок. Ушу максат гана Авдийдин колун байлап, аргасыз-

дан булардын ишине аралаштырып, Петруханын тобуна кошуп олтурат.

«Үчкудукка» келгендин үчүнчү күнү бир окуя болду, Авдий ага анча маани деле берген эмес. Бирок Петруха угуп алып, аябай тынчы кетти. Ал ошо күнү согуш мунжусу кошуна чалдын татырак коляскасына учкашып алып, тамеки, кант, консерва апкелмекке совхоздун борборуна кеткен. Эртеси таңзаардан башка бир айылдан иш таап кеттик демиш болуп, айдың талаага бет алышмак.

Лёнька үйдүн ичин шыбап бүтө жаздап, Авдий болсо көлөкөгө корголоп малкананын эшигин аштап жаткан. Ошондо сырттан мотоциклдин дүрүлдөгөнү угулуп, Авдий серепчилеп караса, үйдүн алдына бир чоң мотоцикл дүрүлдөй келип токтоп, үстүндөгүсү леп этип жерге түштү. Мотоциклчен неменин жапжаш келин экенин көрүп, Авдий айраң калды. Олчойгон машинени тиги омогу жок жолдордо кантип айдап жүрөт? Тоголок туулгасынын кайыш илмегин чыгарып башынан алып, шамалдан калкас көз айнегин чечип салды эле, олоң чачы далысына жабыла берди.

– Күн кайнап кетти го! – деп акак тиштерин бадырайта жылмайды келин. – Чаң болбогон жерим жок, кудайым-ау, – деп кагынып-силкинип жатып жайдары кеп узатты. – Саламатсыздарбы?

– Саламат болуңуз,– деди Авдий тарткынчыктай, Петруханын кеңкелес акыл-насааты эсинен кетпей туруп алды. «Мунусу кимиси? Неге келди экен?» – деп койду ичинен.

– Кожоюн үйдөбү? – деди келин ошо жылмайганынан жазбай.

– Кайсы кожоюн? – Авдий апкаарып калды. – Үйдүн ээсиби?

– Ошо, үйдүн ээсин айтам.

– Ал азыр буерде жок, кайдадыр жайытта экен.

– Сиз эмне, аны көргөн жоксузбу?

– Жок. Көргөн жокмун. Кечээ-жакында бир келгенде сыртынан көргөм. Бирок сүйлөшкөн эмесмин.

– Кызык экен. Анын тамын салып жаткандайсыз, анан кантип сүйлөшпөй-этпей эле?..

– Кечиресиз, мен чындап эле аны менен сүйлөшө албай калгам. Шашып жүрүптүр. Башчыбыз сүйлөшкөн. Пётр азыр жок. Бир азда келип калар.

– Анын мага зарылдыгы жок, кечиресиз. Орманга жолугайын деп келдим эле. Чабан эмеспи, мага эмне керегин өзү билмек. Жолдо баратып тийе өтөйүн дедим да. Кечиресиз, ишиңизден алаксыттым окшойт.

– О, жок, алаксып эмне...

Келин туулгасын кайра кийип, кайышын тогоосуна бекитип, мотоциклин от алдырды да, жүрө берип Авдийге кайрылып көз айнегин жаркылдата баш ийкеп коюп, жөнөп кетти. Авдий болсо өзү байкоостон келиндин артынан кол булгалап койду. Анан бир топко ушул жөн-жай эле окуя эсинен кетпей туруп алды. Так олжого жөнөөр алдында кара сааттай болуп бу катын кайдан чыга калды, бирдеменин жытын алып жүрбөдү бекен деген шектенүүдөн эмес, жок, Авдийдин ойлогону таптакыр башкада эле. Келин чаң ызгыткан бойдон узап кеткенден кийин гана аны өмүр бою эстеп калууга тырышкансып, бой-келбетин улам элестете берди. Азыр эстеп көрсө, мүчөсү сымбаттуу, орто бойлуу, аялзаттын ажары жанган келин экен, купулуна толуп, бир чети таң калып, бир чети кумарлана ойлуу турду. «Жо, тамашасы жок,– деп бирөө менен сөз талашып жаткансып кобурап койду өзүнчө,– аял деген ушундай болсо. Так ушундай болгону эң дурус аял деген!» Келиндин айжаркын жамалынын ар бир белгиси: ойноктогон каралжын кой көзү, эки жаагын сылай далысына жаба төгүлгөн коңур

саргылт чачы – кара көз менен коңур саргылт чач экөөнүн жарашыгы куп келишип, Авдийдин сезимине бекем орноп калды. Сол жаагынын отундагы билинер-билинбес тагы, кыязы, бала күнүндө жыгылган го, кийген кийими – жынсы шым, күрмө, кончу кайрылган көөнө өтүк,– анан мотоциклди мизилдете айдашы – Авдий өзү велосипедди араң тепчү – ушунун баары купулуна толду... Анан да келин үйдүн ээсин сураганда, көрбөдүм, көрдүм, жок, билбедим дей берип жаш баладан бетер апкаарыганын эстеп, өзүнчө мулуюп уялып кетти.

Ошо келинди Авдий улам эстей бергиси келет, эсте каларлык деле иш эмес өзү – келди да, бир заматта кайра кетти, болгону ошо. Ошентсе да бу келин өзү ким, кайдан келди, кайсы жактан келгени го белгилүү дечи, мына ушу ээн талаада ушундай айжаркын аялзаты эмне кылып жүрөт?..

Бул жерге мотоциклчен бейтааныш бир аял келгенин угуп, Петруха аябай чочулады, бир топко анын эмне экенин, эмнеге кызыгып жүргөнүн, ага Авдий эмне жооп айтканын улам кайталап сурай берип, тынчы кетти. Ортодо болгон эки ооз сөздү он кайталап айттырды.

– Мында бир мандем бар, бир балээси бар мунун,– деп Петруха баш чайкап бушайман боло берди. – Кап, кете калганымды карачы, мен болгонумда ошо тотунун кандай-андай экенин дароо билет элем. Карачы, Авдяй, сен өзүң билимиң бар, акыл-эсиң да түзүк эле болгону менен, мындай иште сенден көрө мен мыктылык кылмакмын, келгендеги ой-максатын сурап билет элем. Ким экенин, эмне кылып жүргөнүн тактайт элем. Сен болсо, достум, балача апкаарып кала берипсиң, ойлосом. Мындайда этият бол деп эскертпедим беле.

– Эмне мынча күйпөлөктөдүң? – Авдий эптеп тигинин көңүлүн тынчытмай болду. – Андан эмне балээ чыкмак эле, корко турган эчтеме деле болгон жок.

– Кокус кызыл шапкелер изибизге түшсөчү? Ошо катынды билип кел деп, бизге атайылап жиберишсечи?

– Койсоңчу болбогон кепти!

– Муну кара, кийин капаска түшкөнде, же Өзү келип кекиртектен алганда көрөм сени, кантер экенсиң ошондо. Билсең Өзү кызыл шапкелерден бетер кысмактайт, териңи тетири сыйрып, жини келсе чирк эттирип салат. Чирк эттирет дегендин эмне экенин билесиңби сен?

– Болдучу эми, Пётр, маңдайга жазгандан кайда качып кутуласың? Аны башынан ойлонуу керек болчу. Ана, Лёнька, али бала бойдон, ким аны ушу жолго жетеледи? А сен өзүңчү? Жашың канчада, жыйырмага жетип-жете элек. Өз акылың деле жок, өз бетиңче иш кылуудан коркосуң, тиги Өзүнүн жинине тийип албайын деп жаның чыгып, безилдеп турасың. А көрө арты кандай болот, ошону ойлобойсуңбу. Мында баш катырар чалкеш маселе көп.

Авдийдин айткандары текке кетти – муну угар замат Петруханын кучунашы кармады.

– Сен, Авдяй, бу жоругуңду кой, Лёнькага да тийишпе. Поп болом деп окупсуң, аны эми биротоло унут. Сенин таттуу тилиңден, акылман сөздөрүңдөн бокчолук пайда жок. Өзү турганда биз акчаны күрөп алабыз. Билдиңби? Лёнька томолой жетим, аяп кимге керек? Акчасы көп болсо – мөрөйгө жеткени. Каалаганын жеп, каалаганын ичет. Сенин келжиреген кебиң оокат болуп бербейт. Достор менен үстөл майыштыра тамак жайнатып, эстрададан селкилер жүрөк элжирете ырдаганына чейинкисин айтпай эле коёюн, андай жыргал болобу... Ана, менин агаиндерим эртеден керээли-кечке кара жанын карч уруп иштеп тапканын көрүп ал! Анан дагы баш көтөрбөй иштешкенин кантесиң. Алардын тапкан сары чологу көчүк сүрткөнгө жарабайт. Акчадан акмак киши эле качпаса, туурабы ыя, Лёнька?

– Ананчы,– деп тиги бала сөздөн калет таппай жамажайын кулагына жеткире чоюп, өзүнчө жыргап отурат.

Бул айтылган сөз кийин бир эби келгенде чыгар олуттуу сөзгө чыйыр гана болду. Авдий аша чаап кетпөө керектигин да түшүнүп турат, антпесе өзү акча дегенде эттбетинен кеткен, бүт баарынан кечкен баңги-чабаган экенине ким ишенет.

Эртеси таң кылаяры менен турушту. Үч чабаган шырп алдырбай огороддорду аралай жылып, айдың талаага чыгып кетишкенде айылдын бирин-серин үйлөрүнүн иттери да туйбай калды. Петруханын айтымында барар жер анча деле алыс эмес, наша куурайга жетери менен Авдийге көрсөтөм деген.

Көп узабай жетип барышты. Европадан Азияга акактатып издетип келген наша чөп – сабагы кабелтең, солкулдап, узун өзөгүн бүт жалбырак баскан куурай экен. «О, кудайдын кудурети, – деди Авдий нашаны көрүп,– кебетеси кадим эле отоо куурай экен, анан дагы кишини магдыратып маң кылган күчүн кара, айрымдар ушул үчүн оттон-суудан кайра тартпай жанын таштап чуркап жүрөт. Буерде болсо тепселип жатат!» Ооба, наша деген ушу куурай эле. Күн көтөрүлүп, аптап күчөп, тиш чукуурга бир дарак жок эрме чөлдө үчөө кара куурайдын бүрлөрүн ушалап, каңырсып өрдөгөн жытына малынып турушту. Канчама-канча кылымдар бою бу наша дегениң баңгилердин мээсинде кандай гана кубулжуган көрүнүш-элестерди жаратпады дейсиң! Авдий ана ошол өткөн доорлордогу Чыгыш базарларын элестетти (китептерден далай окуганы бар). Индостандын, Ооганстандын, Түркиянын Стамбул же Жайпурга окшогон шаарларынын эски чеп коргондорунун жанында, бир кездеги даңазалуу сарайлардын рабат дарбазаларынын түбүндө нашаны ачыктан ачык жайма базар кылып алып сатып, кумар болгон немелер ошол эле жерден чегип, өз оюна

келгендей кыял чабытына жараша ар түрдүү элестердин толкунунда каалгып – кээси не келишкен гаремдердеги лаззаттарды элестеп, башкасы пил жонуна орноткон алтын тактылардын чарпаясында чайпалып, кужулдөгөн элдин салтанаттуу тобунун үстүнөн каалгып, айрымдары болсо тумандап уукккан аң-сезиминин түпкүрүнөн ойгонгон жаалга дүүлүгүп, бүт ааламды астын-үстүн кылып жиберүүгө жутунган ажаан жининин күүсүнө албууттангандыр!.. Бир доорлордо толукшуп гүлдөгөн Чыгыштын каныбайран бүлүнүшүнүн бир себеби мүмкүн ушундандыр? Анан ошо аң-сезимди бозчаңгыл кылып, акыл-эсти оодарган балээ так ушу куусаң талаада жайнап чыккан куурайда катылуу экенин карабайсыңбы!..

– Мына жанга аралжы жанбиргем! – деди Петруха кубанычы койнуна батпай кучагын жайып, кулачын кере айдың талааны беттеп. – Карачы, тигине, андан ары дагы, дагы!.. Ушунун баары наша! Бирок буерден чогултпайбыз, бул эмне бир бучкагы да! Мен силерди так чордонуна алпарам, тим эле көз тайгылып, башыңар адаша турган жерине!..

Анан алар арылап жүрүп, кара куурайдын чайлап өскөн калың жерине жеткенде анын көптүгүнөн көңүл чалкып, жытына чала мас болгондой көздөрү тумандай түштү. Кара куурайдын кени ушерде экен. Анан чогулта баштashты, бүрлөрү менен гүлдөрүн кургатмакка жерге жайып жатышты. Петруха нашаны эки саатча гана кургатып, андан ашырбаш керек деп үйрөттү. Иш кызыды... Баары ойдогудай жүрүп жатты. Бир маалда эле кайдан-жайдан вертолёттун күрүлдөгөн доошу угулуп калды. Жерге жапыз учуп, түз эле буларды көздөй келаткансыды.

– Вертолёт, вертолёт! – деп кубана кыйкырган бойдон Лёнька, бала эмеспи, тайраңдап секире кетти. Петруха дайым сак, дайым кылдат.

– Жат, көк мээ! – деп бир бакырып, ашата сөгүп жиберди.

Үчөө тең жер боортоктоп чөптү сойлой жата калышты. Вертолёт нарытан кайып өттү, ичиндегилер бул үчөөнү көргөндөй деле болгон жок, бирок Петруха андан кийин да көпкө көңүлү жай таппай Лёнькага тилдене берди. Анын оюнда вертолёт атайы ушул чабагандарды аңдып келгендей.

– Анан эмей, – деп ой жоруду ал. – Бийиктен баары тең, кыбыр эткен чычкандан бери көрүнөт. Бизге окшогон маңбаштар алдагайдан көзгө илинбейт бекен. Анан рация менен айтчу жерге айтып коюу – кеппи. Машинечен милиция келди дегиче – бүттү, качар жер жок, колуңду көтөрүп гана туруп бересиң, ал – анан боздоп кете бер.

Саамдан соң ишке алаксып, мунусу оюнан чыгып кетти. Анан так ошо күнү эс акылга сыйбаган бир окуя болду: Авдийдин үйүрлүү бөрү менен карп-курп чыгып теке маңдай беттешкени. Ал мындайча...

Биртке эс алып, өзөк жалгашкан. Ошондо Петруха айтып калды:

– Авдяй, эми сен биздик болдуң, баарыбыз бир көгөнгө байландык. Мына менин кебимди ук. Эмесе, жаңы кошулгандарга биздин бир жосунубуз бар. Жортуулга биринчи аттандыңбы демек, Өзүнө бата акы дейсиңби, тартуу дейсиңби, өзүң бил, бирок бирдеме сунушуң керек.

– Кайдагы тартуу? – деп Авдий эки колун жайып, элейе калды.

– Калдастаба, мынчалык эмне чочудуң? Белек издеп дүкөнгө чуркамак белең. Бу тегеректен миң издесең дүкөн таппайсың. Менин сөзүмө кулак салгын эле. Жанагы пластилин деген мазесинен бир аз жыйнаганың оң, айталы, ширеңкенин кутусунча. Куурайды аралай чаап чуркасаң эле чогулат, анын жолун мен айтып берем. Анан

ошо пластилинди бир жолукканда, достуктун белгиси дейсиңби, Өзүнө тартуулайсың. Эстүү жансың, түшүнгөндүрсүң, Өзү башчыбыз болсо, сен деген кол алдындасың. Өзү сага ишеним кылып жатса...

Авдий ойлоно калды: бул жагдайдын жөнү бардай – пластилин деген алиги нашанын гүл чаңынын мазесин тартууласа дал Өзүнө жол ачылбайбы. Дал Өзү менен көзмө-көз жолугар ыңгай болуп турбайбы. Анда эле оңдой берди болбойбу. Ушунча чабагандардын башын бириктирип, башкарып жүргөн Өзү менен сүйлөшүп көрсө кана! «Бийлик, бийлик – бийлигиң курусун, эки киши баш кошсо, бирине бири бий!» – муну ойлогон Авдий Каллистратов мукурап мыйыгынан жымыйды.

– Макул,– деди ал,– пластилин чогултуп, Өзүнө тартуулайт экем да. Каерден берем, станцияданбы?

– Аны так биле албайм,– деп чынын айтты Петруха,– эртең деле берип калгың бардыр.

– Кантип эртең?

– Ошентип эле. Кайтар кез келди. Жетишет. Эртең жыйырма бири. Эртең саат төрткө болжолдуу жерде даяр болушубуз керек. Жөнөбөскө болбойт.

– Болжолдуу жерибиз каер?

– Ошээр! – Петруха адатынча көптү билгенине мактана кетти. – Жетип чогулганда билесиң. Үч жүз отузунчу чакырымда...

Авдий андан ары сураган жок. Үч жүз отузунчу чакырым темир жолдун Чүй тарамынын кайсы бир бөлүгү экен деп түшүндү. Негизгиси – эртең эле ошээрден Өзү менен жолугушуп калышы ыктымал экен. Баарынан зарылы ошол. Демек, күндү кечеңдетпей жанагы пластилинди чогулта бергени ырас эмеспи.

Иш өзү жөнөкөй эле болгону менен жанга күч келтирип, айбанчылык ыгы бар экен. Дырдай жылаңачтанып алып, куурай аралай тарталаңдап чуркап жүрүп берсең,

гүл чаңы тердүү денеге жабышып жыйыла берет экен. Ал ошентти. Авдий Каллистратов а күнү аябай чарчады, өмүрүндө мынчалык күйүгө чуркаган эместир. Жаңагы чаң деген чаң дегендей эле бир түссүз майда тозоң экен, денеге жабышарын жабышканы менен анын көзгө илешпеген каңылтыр челин денеден сыдырып чогултуунун өзү тозоку иш болду. Ошончо далбастаган аракеттин майнабы койдун корголундай чыкпады. Ушунун баары жанагы Өзү менен бир жолугушуп, чабагандаган баңгилердин жашыруун сыр тамырын тартып, материал топтоп, газета аркылуу жалпы өлкөгө өзөк өрттөгөн өкүрүк сала жарыя кылуу максаты гана Авдийди күн төбөдөн куйкалаган чак түштө куурай аралата чуркатып жүрдү.

Кара куурайдын калың жерлерин тандап жүгүрүп жүрүп, Авдий берки шериктеринен бир топ оолактап кеткен эле. Бир маалда дене-бою жеңилденип, өңүндөбү же кыялындабы, айтор, жер үстүнөн каалгып учуп жөнөдү. Кандайча антип кеткенин Авдий өзү байкабады. Көктөн күн нур чачып, жерден куурай чаң чачып, аба жылуу, айлана мемирейт, кайсы бир баренделер бырпырап учуп-конуп, үн алыша сайрашып, айрыкча торгойлор безеленип, көпөлөктөр, дагы кайсы бир курт-кумурскалар көзгө илешип-илешпей чырылдашып, тим эле тирүүнүн бейиши… ошо бейиште жылаңачтанып алган – башында панама, мурдунан өйдөрөктө көз айнек, көчүгүндө плавка, бутунда кета – түндүктүн кубакай тыртайган баласы Авдий Каллистратов чөп чаңына мас болуп, эки санын чапкылап ахалап чуркап жүрдү. Айланасында дан түйө баштаган кара куурайдын чаңы бырыксып, делөөрүтмө жытына акылы тумандап, көзүнө ардеме-бирдемелер көрүнө баштады. Айрыкча бир элес жанына жагымдуу: кечээги мотоциклчен келинге учкашып, зымырап барат. Аркыраган күчтүү мотобуудандын тизгини эркектана өзүнүн колунда эмес, келинде болуп, өзү аны артынан кучактап

учкашып алганына уялып койбойт. Мотоцикл айдай албаса, дегеле техникага нонок[1] болсо айласы канча. Ошо келин менен бир мотоциклде зымырап баратканына эле кайыл. Келин чачы туулга астынан чубалжып, шамалдын колу сымал бетине чабылып, эриндерине, көзүнө илээшип, моюнунан кытыгылай сылаганына эле жаны жыргап барат. Маал-маалы менен келин толгоно карап, көзү жалжылдай шоктоно жылмаят – ушу жыргал бүтпөсө, түбөлүк созула берсе экен дейт Авдийдин кыялмас көңүлү...

Ошентип бараткан неме жанынан бөрүнүн үч бөлтүрүгүн көрө коюп, эсине келди. Мына сага тамаша! Булар кайдан чыга калды? Көргөн көзүнө ишенбейт. Үч бөлтүрүк тең сөөмөйдөй сопол куйруктарын сырандатып, ойногулары келип жакындап, кайра чочуркап этияттанат, бирок качып кетпеди. Тарталандаган узун шыйрак, серендеген шалпаң кулак, шиш тумшук, жалжылдаган наристе дил бала көз бөлтүрүктөр экен. Ушунусун көрүп, Авдий негедир мээрими төгүлүп, дүйнөнү түгөл унутуп, бөлтүрүктөрдү «күчү-күчүлөп» чакырып эркелеткиси келип, пенделик жетине албас пейили балкып кеткенде ак чагылган көзүнө жарк этти – ак азууларын арсайткан Акбаранын атырылып келатканын көрдү. Бул ушунчалык күтүүсүз болду, көз ирмемде зып этип жана да ушунчалык үрөй учуруп жай созулду, жүрөк үшүп шуу этип, Авдий тизеси кантип бүгүлүп, башын мыкчып кантип отура калганын өзү түк да сезбеди,– ошенткенинен аман калганын аңдабады. Канчык бөрү баса калып келгенде жырткыч жыты Авдийди жаба берди, башынан каргып кеткенде экөөнүн көздөрү чагылыша түштү. Түпсүз тунук, оттуу көк көзүнүн тажаал сүрүнөн дени муздап, боор эти титиреп кетти. Аңгыча куюндаган бөрү

---

[1] н о н о к – (*ир.*) ийкемсиз, эби жок.

канчык башынан дагы секирип өттү да, бөлтүрүктөрүнө барып бир тийип, чымчый каап, ары сүрүп кетти. Аңдан суурулуп, жалын түксүйтө алдынан чыга келген дөбөтүн да каап кайра кайрып, үйүр-тобу менен заматта көздөн кайым болду...

Авдий кара жанын уучтап, ай талаада бакырып качты, жон териси дүркүрөп, буту үзүлгүчө өкүрүп качты. Анан башы айланып, бүткөн бою оор тартып, буту чалыштап жер көчүп, кулап түшкүсү келди, сулап жаткысы келди, уктап калгысы келди. Мына ошондо жаны көзүнө көрүндү. Оозунан өжөк-өжөк жин атып, анын каңырсыган жытынан эптеп улам алыс качып, кайра үч бүктөлүп түйүлө токтой калып, кайра кусуп, ичеги-карды үзүлүп, жаны чыгып баратты. Гүл чаңынын уусун улам окшуп, муун-жүүнү бошоп калчылдап, түпкүчтөй түйүлүп, жанталаша онтоду: «О, Жараткан, токтот азабыңды, жетишет! Эч качан, эч качан наша дегенди чогултпайм. Болду, тойдум баарына, болду, жыты менен кара жерге кирсин ушунун... О, кудайым аясаң боло...»

Те бир маалда барып окшуганы токтоп, көзү саал ачылып, жаны саал ордуна келип, кийимин издеп карайлай баштаганда Петруха менен Лёнька жетип келишти. Бөрүлөргө кептелип калганын айтканда ал экөөнүн үрөйү учту. Айрыкча Лёнька коркуп кетти.

– Болду, коркконго кош көрүнөт болбой! Эмне калчылдайсың? – деп Петруха ага күпүлдөп калды. – Илгери адамдар алтын казганы жөнөгөндө мындан беш бетер окуяларга жолукчу. Ошого карабай бараткан жолунан кайтышкан эмес... Сен болсо кайдагы бир карышкырлардан коркосуң, кана ошолоруң? Өзү тургай изи жок...

– Алар алтынга бараткан да,– деп койду Лёнька саамдан кийин.

– Сага кандай айырмасы бар,– деп Петруха титиреңдеди.

Авдий ушундан пайдаланды:

– Айырмасы бар, Пётр,– деди. – Болгондо да чоң айырма. Алтыныңдын деле касырет-кусамасы көп дечи, бирок аны ачык казып алат, бу наша дегениң турушу менен уу экен, баарын тегиз уулантып. Мына көрдүм го өз башыман өткөрүп, талааны бүт кусунду кылдым...

– Койсоңчу оштонбой, чылгыйлык кылып саал ууга түшкөнсүң да, ага ким күнөөлүү? – деп Петруха жактырбай кол шилтеди. – Эмне, буерге сени бирөө зордоп сүйрөп келди беле? Кудай эле кудай дейсиң, тиги жаман, бу жаман дейсиң, сен эмне, келжиреп биздин ишти бузгуң барбы? Мына, акча дегенде сен деле безилдеп чуркайт экенсиң го, аз жерден бөрүлөрдүн азуусуна кете жаздадың!..

– Мен ишиңерди бузуп эмес, оңоюн деп атам. – Авдий эми бая ойлогон оюнан чыгып, бир аз сырын ачкысы келди. – Мына сен Пётр, акылдуу эле жигитсиң өзүң, анан ушу кылмыш ишке кириптер болуп баратканыңды кантип билбей каласың?

– Мен го кылмышка баратам. Сен кайда баратасың?

– Мен силерди аман сактап калганы баратам!

– Сактап? – Петруха ызырына кыйкырды. – Ушу сен бизди сактап каласыңбы? Кантип, кана, ошону айтчы!

– Адегенде кудай алдында, пенде алдында тообага жанып, кечирим сурайбыз...

Тигилер күлүп да койгон жок, Авдий ошого таң калды. Петруха гана оозуна курт кирип кеткенсип жийиркене түкүрүнүп салды.

– Кечирим сурап! Тапканын кара,– деп күңкүлдөдү ал. – Сен өзүң тообаңа жан, а биз акча жасайбыз. Бизге акча керек, билдиңби – жөнөкөй да, ачык да! А сен кечирим сурай бер! Эй Авдяй, эгер бу – тамашаң болсо, жөндөп тамашалап жүр! Сен мында бизди жолдон чыгарып жүргөнүңдү Өзү билсе, барбы, жетчү жериңе жетпей каласың, эсинде болсун! Мен сени дос деп айттым.

Биздин жинге тийбе, бизге баарыдан ыйыгы – акча! Лёнька, айтчы буга, сага эмне керек – кудайбы же акчабы?

– Акча! – деди ал.

Авдий үндөбөдү. Кеп-сөздү токтотуп, кийинкиге калтыргысы келди.

– Кана, жетишет эми, калжыраштыкпы, бүттү, жолго чыгабыз,– деди Петруха жоошуй түшүп, буюра сүйлөй. – А сенин пластилиниңден, Авдяй, эч майнап чыкпай калды көрүнөт ошо бойдон?

– Болбой калбадыбы кудай уруп. Карышкыр мага тап бергенден тартып эмненин кайда калганын өзүм да билбейм. Кийимим кайда болду экен, карайынчы...

– Кийимиңди жер жутмак беле, табылат да, пластилин чогулта албай калганың жаман болду. Бүгүн жолго чыгабыз. Мейли, иштин жөнүн айтабыз да, түшүнөр. Түшүнбөсө кийинки жолу чогултуп берерсиң...

Наша жалбырактары шыкалган баштыктарын аркалап, түн жарымына чейин темир жолду көздөй жүрүп отурушту. Жол жеңил эле болду, кургаган жалбырактарда эмненин салмагы, бирок полиэтилен баштыктарга да тумчукпаган нашанын кеңгиретме жыты баш айлантып, уйкуну келтирип кыйнады. Түн ортосунда гана чабагандар айталаанын бир чуңкуруна уктап, эртеси таң заардан кайра жолго чыкмай болушту. Лёнька Авдий менен Петруханын ортосуна корголоду, баягы окуядан кийин карышкырдан коркуп жүрөт. Анысы да жөн, али жаш бала болсо кантет. Жана жолдо аябай уктагысы келип карайлады эле, эми жаткандан кийин Авдий көпкө чейин уктай албай чакчайды. Ортоңорго алып жаткылачы деп Лёньканын сураганы мээримин ойготуп, көңүлүн жибитти: карачы, мына ушул жапжаш бала, карышкырдан коркуп сестенген наристе күнү кечээ эле кашкайтып туруп мага кудайыңдын кереги не, акча керек дебедиби, ушинтип бешиктен бели чыга элек баланын жашоо көз

карашын бүт тетириленткен соң, бузукулуктун касиети канчалык күчтүү экенин көрүп ала бер. Авдий ушуларды ойлонду...

Жай түнүндөгү айдың талаанын керемети өзгөчө. Жердин кеңдиги, түпсүз көктүн тереңинен көөлгүгөн жымжырттык, жер жайнаган түмөн-түрдүү чөп аңкыткан жылуу абанын жыты, анан калса эң эле кооз көрүнүш – мис табактай каалгыган ай, эсеби сансыз жымыңдаган жылдыздар. Анан ушул өзүңдөн тартып так ошо жылдыздарга чейинки ээндикте кыпын чаңдын жоктугун айт, ушунчалык тазалык, аруулук, андыктан адамдын көр-оокаттан көңүлү алаксый түшкөн сейрек көз ирмемдеринде ой-кыялы так ошол аруу, таза, сырдуу келген түпсүз көктүн түпкүрүн көздөй умтулат окшобойбу. Аттиң-ай, ошондой көз ирмемдин кыскалыгын...

Анан Авдийди бая ойлогон ою азырынча оңунан чыкпай жатканы бир топ бушайман кылды: кара куурай өскөн талаага чейин жетти, өз көзү менен көрүп, атүгүл даамын татып, азабын да тартып көрдү. Эми баарынан опуртал жери калды – поездге эптеп илинүү керек да, кетүү керек. Чабагандар үчүн эң эле опуртал жери – нашаны алып өтүү. Аларды милиция көбүнесе Азиялык станциялардан гана кармап, Россиянын жергесинде бир топ жеңилдей түшөт. Ал эми эптеп Москвага, андан ары мерчемдүү жерге жетсе, барбы, чоң жеңиштин салтанаты дей бер. Тирүүлүктүн эң чоң кусаматчылыгы майда кишилердин чакан бир ийгилигине айланып салтанат курганы ошо...

Оюнда ушуга көнө албай Авдийдин көңүлү карайды. Бирок бир айласын таап, бу кылмышты токтотуп калыш, төтөн нашакорлордун ой-пикирин өзгөртүп, тазалап алыш колунан келбесине көзү жетип турду. Ушу ээн талаада эле жүрүп, анын ниетине каршы турган, өзү көрүнбөй чабагандардын баарын чүлүктөп алган, алар-

дын ичинде Авдийди да ыйыктап турган, Өзү деп атыккан неме анын жанында алдаганча кудуреттүү экен. Булардын кожоюну ошол өзү экен, мындайча айтканда, наша-казатта өзүнчө бир колбашчы экен, анын жанында каракчыларды ээрчиген тентимиш кечил кейиптенип, буларга кошулган Авдий жүдөө баш бир бечара болуп калды... Бирок кудайдын такыба муруту болгон кечил кандай күнгө туш болсо да кечил бойдон кала бермек... Анын көрөр күнү дагы алдыда...

Авдийдин дагы бир ойлогону – кечээ күнү башынан өткөн сыйкырдуу окуя: узун шыйрак, эселек бөлтүрүктөр адамды ойносо боло турган бейкүнөө бир жаныбар деп туюшканын... анан алиги көк көз канчык бөрүнүн атырылып чыга келгеничи... Оболу жаалы кайнап, анан кайра бат эле тарап кетип, эки жолу башынан алыс секирип өткөнүндө маани бар? Дөбөтү экөө жылаңач кишини жара тартып салса эмне эле? Панамасы менен плавкасын айтпаганда, бу шаардан келген кеңкелес дырдай жылаңач эле, айтса адам ишенбей турган анекдот. Анан карачы – ошол эки жырткыч, тагдыры белем, аяды: бу сыйкыр иш анын али турмушка керектигинин жышаанызбы? Ай, коёгал, балдарын коргоп жаалдана атырылганда, жебедей учкан көк көз карышкырдын укмушу! Ал да өзүнчө адал жосун иш кылды окшобойбу, ошонусуна ыракмат, болбосо Авдий деле бейкүнөө неме эле, жара тартып коюш сөз беле. Анан Авдийдин ошондогу түрүн алиги мотоциклчен келин көргөн болсо отуруп-туруп күлмөк да! Цирктеги маскарапозго күлгөндөн бетер күлмөк. Антип ойлоп алып, Авдий кайра чочулады: кокус ээн талаада мотоциклинин оту өчүп калып, жалгыз келинге алиги бөрүлөр туш келсе эмне болот? Ушуну ойлоп алып, Авдий көк көз бөрүнү арбай кетти: «Зарымы ук, кереметтүү бөрү-эне! Сен ушу жерде жашайсың, табият берген ырыскың менен жашай бер. Сенден бир гана суранарым, ко-

кус ал келиндин мотоцикли ээн талаада өчүп калгыдай болсо, тийе көрбө, Кудай жалгасын, бөрү Теңири жалгасын, бөлтүрүктөрүңү жалгасын, тийе көрбө! Ага жамандык кыла көрбө! А эгерим сен, сулуу жан, ал сулуу жанга суктангың келсе, эки дөңгөлөк мотоциклин жандай чаап, көзүнө көрүнбөй, чочутпай, канат байланып, жандай уча бер да, суктана бер. Буддисттердин айтканы чын болсо, көк көз канчык бөрү, сен адам кейпиндеги ал келинден эжеңди же сиңдиңди таанырсың? Сен бөрү, ал адам болсо эмне экен, экөөңөр тең өзүңөрчө сулуусуңар, ажеп эмес, бириңерге бириңер эже-сиңди чыгарсыңар? Сенден кантип жашырайын, мен ал келинди аябай сүйүп калдым. Не кылайын, акмакмын да мен, жеткен акмакмын! Эси жок акмактар гана менчилеп кыял агытат. Эгер ал келин менин ушу кыялдарымды кантиптидир туйчу болсо, отуруп-туруп күлөр эле! Эгер ошондон маашыр алса, мейли, күлө берсин...»

Петруха Авдий менен Лёнькаsucca ойготкондо али таңкы үрүл-бүрүл болучу. Бирок жол арбытып, үч жүз отузунчу чакырымга жөнөөр маал болуп калган. Эрте салкында жүргөн жакшы. Анан калса жол тарткандар жалаң бул үчөө эмес, тыякта да нашаларын чогултуп, кургатып, баштыктарына артынып, чогулар жерге жанталаша бараткандар бар. Өтүп бараткан бир жүк поездди токтотуп, көрүнбөй минип, билинбей Жалпак-Сазга жетиш керек да, аерден башка поезддерге түшүп кеткендей болуу керек. Чабагандардын алыс сапарынын эң опурталдуу учуру ушул. Баарынын тизгини Өзүнүн колунда экен. Азыр чогулар жерде Өзү тосуп алабы, же баары тосуп алышабы, ал жагын Петруха жөндөп түшүндүргөн да жок. Же билбесе керек, же айткысы жок.

Баштыктарын артынып, Петруханы ээрчип дагы жөнөштү. Авдий Петруханын жер уусунан жаңылбай жүргөнүнө таң калат. Алдыдан каерден аң, каердеги бир

коңулдан булак, же каерде жылга, сай бар экенин айтып жүрүп отурат. Петруханын ушундай жөндөмү баңгиликке ууланып куруп баратканына кейийт Авдий. Анда-санда бир келсе да баарын эстеп калганын!

Мен өзүм дыйкан тукумунанмын дейт Петруха. Мына ушерден эки жүз чакырым төмөнүрөөк Моюнкумдун чөлү жатат, сан жетпеген бөкөндөр ошерде, кээ бир, «газиги» бар эргулдар аң уулап, ошерге Оренбургдан бери жетип келишет дейт. Ана жыргал дейт, закүскөң жайылып жүрөт, а ичкилигиңди да ала келбей жаның жокпу. Ханмырзанын мергенчилиги деп ошону айт! Бирок опурталы да оңой эмес дейт, машинелери бузулуп калып, ээн талаада суу таппай темселеп жүрүп, адашып өлгөн мергенчилер да болгон имиш. Кышкысын бороонго буюгуп өлгөнү да аз эмес. Кийин куу сөөгү гана табылчу экен. Бир мергенчи ошентип адашып калып, жинди болуп кеткен экен, вертолёт менен издеп араң табышыптыр. Жанын сактап калалы деп вертолёт кубаласа, ал кайра качат дейт. Эптеп жүрүп кармашса, алиги неме адамдын тилин да унутуп калыптыр. Ал ортодо катыны башка бирөөгө тийип кетиптир. Катын – жапа, ит – опа деген ошол! Ошон үчүн катын алгым жок дейт Петруха. Шаарда бирөөм бар дейт, иттей сулуу, чүпүрөк-чапырагына тыйын берип койсом көзүмүн агы менен тең айланат, боюма бала бүтүрсөм өлөйүн деп касам ичет. Азырынча мотом бар дейт Петруха, чехтердин спортачы, сарайда турат, эми «Жигули» керек, ал кеп эмес. Жанагы мерседеске окшогон «Волгага» жетиш керек, кассетниги менен болсо, энеңди... басып койсоң – ырдап турса, ичегикардың уйгу-туйгу аралашып жыргап турса. Тааныштар керек, азыр ал болбосо, ашыра төлөмөйүн сага «бу» да жок. «Волганы» айдап алып, Воркутага барсаң эси жок эски достор эсеңгиреп карап турса. Алардын катындары ичи күйгөнүнөн жарылып өлөр беле, ыя? Машине-

нин жүк салмасында толтура ичимдик, четтики, ичтики – баары. Өзүбүздүн арак да болот, ага жетеби. Жүргөн бир акмак Иван эле, эми карачы деп көздөрү кызарса... Мен ошону көздөп минтип чабагандап жүрөм, достор, силерди да тирденип алсын деп ээрчитип алдым. Колуңан келсе – күндүгүңө жорго мин, колуңан келбесе – жерге кир...

Жолоочуларга эрмек болгон Петруханын бу былжырын угуп баратып, Авдийдин оюу башка: пенденин пенделик кемдиги кыйынсынмакка, байлыкка жана көпчүлүктүн бир калпымы эмне кылса ошону тууроого умтулууда белем; көпчүлүктүн аң-сезимин кармап турган үч букасы ушу белем; баардык жерде атамзамандан бери чайпалбастан келаткан кемпенделик дүйнөнүн тиреги ушу белем; чоң-кичине жамандыктын, көз караштагы кур аракет менен жардылыктын турагы ушу белем; жер бетинде эчтеме, динди кошкондо да эчтеме жеңе албаган кемпенделик дүйнөнүн жеңилбес идеологиясы ушу белем! Борпоң эле көрүнгөнү менен эч коздолбогон бу опол тосколго урунуп, адам рухунун не деген жаркын жаал толкундары талкаланбаган... Мына азыр Авдий өзү да наша чогултчулардын жолугушар жерине сандалып бараткань адам рухунун чарчоо билбеген мээнеткечтигине карабай, алсыз бечара экендигине далил эмеспи... Өзүнүн аракетинин берекети да ушундай болмокпу?.. Кармашууга камынып, Авдий жолду-катар өзүн алиги Өзү менен жолугушууга даярдап жүрүп отурду...

Үчөө үч жүз отузунчу чакырымга эки сааттай эрте жетиптир, саат үч болуп калган экен. Темир жолду бойлой кеткен жылгага жакындаганда Петруха катуу эскертти: баштыктар ал көрсөткөн жерге бекитилсин, ары-бери поезд өткөндө караңдап көрүнгөн же делдейип басып жүргөн бир жан болбосун, анын гана көрсөтмөсүн күтүп, бүк түшүп жата бермей.

Аябай эле чарчашыптыр, бир күндө ошончо жол басыш оңойбу. Бетеге аралаш өскөн туландуу боорго керилип жатканы жыргал болду. Келаткан поезддин оболу алыстан гүүлдөгү угулуп, анан ал күчөп келе берип, чакырымдай чубалган узун, оор составдын астында рельстер калчылдап, күркүрөп-шаркырап басып кирип келет да, күркүрөп-шаркырап өтө чыгып, темир менен жер майдын жыты буруксуп жайылып кала берет. Поезддин күркүрөгү болсо алыстап барып, ээн талаанын тунжуроосуна тарап, сиңип кетет.. Кээде жүргүнчүлөрдү тарткан поезддер да бири тыякка өтсө, бири быякка өтүп калат. Авдий бала күнүнөн жол боюнда андай поездди узатып карап турганды жакшы көрчү, терезесинен ким көрүнөр экен, мен да ошентип баратсам деп суктана карап турчу. Эми болсо ошол көз ирмем жыргалга да акысы жок, бир түп шыралжындын түбүнө башын катып, бөгүп жатат. Ал эле эмес, аздан соң жүк поезддин бирөөн кылмышкерлик менен токтотууга катышат эмеспи. Составды тоноп алчу эч ким жок, эптеп токтотуп, вагондорго жылт түшүп алыш максат, андан аркысы сөз эмес. Билинбей кете беришет...

Поезддер аркы-терки өтүп жатты. Бир маалда көпкө жымжырт болуп туруп калды. Авдий үргүлөп кеткен экен, бирөөнүн ышкырыгы ойготту. Петруха да ышкырып койду эле, тиги ышкырык жооп берип кайталанды.

– Силер буерде тынч жата бергиле,– деди Петруха, – мени чакырып жатат, барайын. Менсиз бир кадам эч жакка жылбагыла, Авдяй уктуңбу, Лёнька? Жүк поезд токтотуш оюн эмес, баш керек.

Ушуну айтып, ал житип жоголду. Жарым сааттан кийин келди. Эмнегедир кызыкча болуп келди. Көзүн ала качып, өзүнчө эле карбаластайт. Авдий мындай учурда курулай шектене берүүнү жаман көрчү. Боло берет да,

балким, ичи ооруп жаткандыр... Ошон үчүн жөн-жай эле сурап койду:

– Иш кандай, Пётр?

– Азырынча жакшы, баары ордунда. Жакында баштайбыз.

– Поезд токтотконду айтасыңбы?

– Анан эмне. Жүк поездге жармашып кетиш керек, кеп ошондо. Түн катып станцияга жетип, состав четки жолго токтосо деги эле сонун болбос беле.

– Ошондой де.

Унчукпай калышты. Петруха чылымын чекти да, жутуна соруп, кайдыгер айтымыш болду:

– Тиякта Гришан деген бирөөбүз бутун кокустатып алыптыр. Азыр көрүп келдим. Таяк таянып калыптыр, эмненин наша чогултмагы. Ыза болуп отурат. Буерде баарыбыз канчообуз, он чактыбыз, кичинеден бөлүшсөкпү дейм. Биз чымчымдап бергенибиз ага кочуштап сузгандай болбойбу.

– Мен макул,– деди Авдий. – Лёнька деле каршы болбос, тигине уктап жатат.

– Лёнька го өзүбүздүн жылаңач баатырыбыз дечи! Авдясь, сен барып, Гришандын ал-жайын сурамыш болуп, сүйлөшүп келсең боло. Билимиң бар, аркы-беркини айтып, көңүлүн көтөрүп койсоңчу аксап калган немени...

– А Өзү кайда, ошердеби? – деп Авдий олдоксон сурап алды.

– Сенин эмне эле оозуңдан Өзү түшпөй калган,– деп Петруханын ачуусу келе түштү. – Мен кайдан билейин? Мен Гришан десем, сен болбой эле Өзү-Өзү дейсиң. Керек болсок Өзү таап алат, болбосо ишибиз эмне. Эмне эле тынчың кетип калган?

– Болуптур эми. Тим эле сурап койсо. Макул. А Гришаның каякта?

– Те-тээрге бар, тетиги чоң шыралжындын көлөкөсүндө отурат. Бар, бара бер!

Авдий ошо тарапты көздөй басты. Бара түшкөндө Гришанды көрдү. Ал калың чөптүн арасында жазылма орундукта отуруптур, таянган таягы бар. Кепкасы маңдайын жаап турат. Чапчаң неме окшойт, Авдий жакындагыча жалт бир карап, муштумуна жөтөлүп койду. Нараакта дагы экөө отурат. Булар да үчөө тура. Өзү деген ушул киши экенин жазбай билди Авдий... Басыгын жайлатып, аза бою муздак дүркүрөп, жүрөгү түрсүл какты...

# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

## I

– Салам жапа чеккенге,– деп учураштЫ Авдий карапайым түрдө, ошонусу менен жүрөгүнүн түрсүл каккапайым түрдө, ошонусу менен жүрөгүнүн түрсүл какканын баскысы келди.

Балыкчылардыкына окшогон бүктөмө кичинекей орундугунда отурган Гришан колундагы таягы менен ойногон калыбында бир көзүн жүлжүйтө карады.

– Салам го салам, а салам айткан ким экен?

Авдий эриксизден жылмайды.

– Оболу ал-жайыңды сурап алууга ынтызар киши экен.

– Ошондой де! Оболкусу үчүн гана болсо да абдан ыраазымын, терең ыраазымын. Элсиз эрме чөлдө мындай ынтызар көңүл эки эсе кымбат. Ананчы! Баарыбыз пендебиз, ушундай эмеспи?

«Сүйлөөк неме окшойт, төтөн билимдүү болсо, анда эле балээ. Мына ошондоюн күткөн эмес элем да. Кара күчкө сүйлөөктөнүп жатканы го,– деп ойлоду Авдий. – Бул эмнеси? Же өзүнүн оюнубу?» Анан дагы Авдий Гришандын кейип-турпатынан бөтөнчө сын көрө албады... Бар көрүнүшү жөнөкөй эле: аксаргылынан келген, шыңга бойлуу, арыкчырай неме экен, кийгени деле өз курагына жараша,– жынсы шым, сыдырма бүчүлүү көөнөргөн көйнөк, анан дагы башында көөнө кепка, андайды чөнтөккө солой салып жүрө берет эмеспи. Эгер Гришан аксап калып, анын айынан бир сынык бутак таянып жүрбөгөндө каерде болбосун эч кимдин көзүнө урунбай тургандай. А балким, көбүрөөк байкоо салган кишиге көзү гана эсте калар беле. Каралжын көзүндө шойкону бардай, улам өзгөрүп, өзү да элес албайбы, бирде жүлжүйө тиктесе, бирде олурая карайт, боз чаңгыл кашын үйрүп турга-

ны куду коңулга камалган, атырылгысы келип, бирок ага даабай, ошондо да түс үйрүп айбат берип турган жырткычка окшоп кетет. Бу көрүнүшүнө балким, улам оозу ачылганда көзгө түшө калып жаткан кашка тишинин кетиктиги ушинтип көрсөтүп тургандыр. «Элдей болуп алтын каптатып алса буга эмне, бирок антпептир, – деп ойлоду Авдий, – демек, ашыкча чек белги болбосун дегени го».

– Бутуң кандай? Кокустатып алдыңбы? Байкабастык кылгансың го? – деп Авдий көңүл улап койду. Гришан баш чайкамыш болду.

– Ошондой, кичине кокустатып алдым окшойт. Байкабастык кылдым, туура айтасың, Авдий. Баса атың ушундай беле?

– Ооба, менин ысмым Авдий.

– Ысымың бөтөнчө экен, Библиянын нускасынан го, – деп Гришан деги эле ар бир сөздүн кыраатын келтире айтып, ой толгото сүйлөдү. – Киндик кескенден атың Авдий болсо... – деп дагы ойлонгонсуп калды да: – Аа, баса, адам заты кудай деп турган кез болгон эмеспи. Өзүбүздүн Орусияда да сенин ысымыңа окшоп: майрам суугa алгандар, дооранчылар, актыкка алгандар... деген өңдүү маанилерден келген аттар бар эмеспи. Анан калса өзүңүң ысымың Авдий болгон соң фамилияң да ошого жарашадыр?

– Каллистратов.

– Мына, айтпадым беле... Мени болсо жөн гана замыбыздын наркына жараша, пролетарча айтканда, Гришан деп коюшат. Бирок азыр кеп анда эмес. Чынчынында, Авдий Каллистратов, өзүң айткандай, мен бутума байкабастык кылыпмын. Мына ушунун өзүнөн акыйкаттын катаалдыгы чыкканы турат: а деген – ит болбосоң көзүңө карап бас дегени! Байкабай басып алсаң балээ экен. Өзүңүн көзүң жеткендей, байкабастык башыма түшкөнү турат. Бирок бул болбогон эле бир нерсе да түбү.

– Кайдан жүрүп бул балээге кабылдың? – деп сурады Авдий оюна Петруханын опузасы келип.

– Ачык айтчы,– деп жулжуйө калды Гришан.

– Ачык айтканда эмне, ошол болбогон эле бир нерсе ишимдин ийгилигине зыянын тийгизгени турат дебейсиңби, акыйкаты ушу го,– деп Авдий тартынган жок.

– О, мына эми сөз башка! – Гришан кара күч ойнокейлигин сыйрып таштап, дароо өзгөрүлдү. – Иштин назилин айтып жатсаң акыйкаттык сенде. Бирок менин ушу таптагы айтар оюм ал эмес, мени бушайман кылган башка нерсе. Мен... бирок өзүң деле билип турбайсыңбы, болбосо баятан бери сени менен маарашып отургудай эмине... Кыскасы, бу келгендердин башын кармаган, же аскердеги старшина сыяктуусу мен болом, ошон үчүн ойлоп отурганым – аскер күчүн ысырап кылбай тиги жоолаш тилкеден алып өтүш керек,– ошол тууралуу.

– Андай иште менден келер пайда болсо мен макул. Дегиңкиси ак сүйлөшүп алганыбыз жөн болор, – деп сунуш айтты Авдий. – Алиги аскер күчүнүн ысырап болбосуна байланыштуу менин да сүйлөшөр сөзүм бар...

– Антип экөөбүздүн муназабыз келишип турса, сүйлөшүү эмес, акылдашуу керек,– деп тактап койду Гришан. – Менин да көздөгөнүм ошол. Эсеби, маселен дейли, эл айткандай, экөөбүздүн эзилише сүйлөшкөнүбүз болсун, – деп кыйдылана кулак түргүзүп койду да, ойлоно түшүп, сөзгө аралашпай тигинде отурган эки чабаганга буюрду: – Силер бекер отурбай, барып даярдангыла!

Ал экөө мурдатан өздөрү биле жүргөн милдетин аткарууга кың дебестен басып кетти. Аларды антип коюп, Гришан саатын карады.

– Бир сааттан кийин аттануу операциясын баштайбыз. Кантип аттанарыбызды көрүп аласың,– деди Авдийге. – Эрежеси катаал. Тартип десанттагыдай бекем.

Биз өзүбүз да мекенибизге жан байлаган чыныгы десантпыз. Мартабабыз балант. Сен дагы кандай буйрук алсаң так ошондой аткарышың милдет. «Кантем», «эмне кылам» деген болбосун. Баарыбыз ойдогудай кыймылдасак, кечке жуук жанагы Жалпак-Саз деген станцияга жетип барабыз.

Гришан мелтейип ойлонуп калды. Анан Авдийди табалагандай бир карап алды да, кетик тишин кашкайта ырсаң этип сүйлөдү:

– Эми сөздүн төркүнүнөн баштайлы. Сени бизге кандай кудай кошкону тууралуу. Ашыкпа да, шашылба. Биздин кылмыштуу деп аталган чөйрөбүзгө сен кандайча келип кошулуп калганын, тууралуу сөз кийин болсун, азыр билип аларың, эсиңе бек түйүп коёруң бул: сен чабагансың, колу-бутуңан бизге байлангансың, көргөн-билгениң көп. Байкасам, акмак көрүнбөйсүң, сыйыртмакка башыңды өзүң салып бергениң эсиңде болсун. Ошон үчүн жапакеч бол, менин бийик ишенимимдин акысын ошондой эле бийик баа менен төлөп беришиң керек.

– Кайсынысын айтасың?

– Өзүң деле билип тургандырсың...

– Өзүм билген бир нерсе – кепти ачык айтышкан жакшы болот.

Шарактап бараткан поезддин өтүп кетишин күтүп, унчукпай калышты да, экөө тең азыр болор эрөөлгө даярданды. Авдий ошол убакта адамдардын өз ара мамилелеринин таң калыштуу жактарын ойлоп жиберди: бардыгы тепетең болор ушул ээн талаага да – кармалса баарына кылмыш жазасы бирдей, аман кутулуп кетсе баарына ийгилиги да бирдей турган ээн талаага да адамдар бирине бири кул, бий болчу мыйзамын ала келишкенин, асыресе Гришан ушерде эч ким шайлабаган бийлиги бардыгын, анткени кожоюн ошол экенин, бийлөөгө акысы бардыгын ойлоп, таң калды.

– Ачык айт дейсиңби,– деди Гришан. – Жарайт деп каадалуу баштап, анан кайра капилет эстей койгондой куйтулана кошумчалап жиберди. – Баса, сени карышкырлар талап кете жаздаганы чынбы?

– Ошондой болду,– деди Авдий.

– Тагдыр сени, Авдий Каллистратов, тирүү калтырган себеби – сен азыр менин эки-үч суроомо жооп бергенге жарасын дегени экенин ойлогон жок белең? – деп Гришан кетик кашкасын көрсөтө ырсайды.

– Мейли, ошондой болду дейли...

– Анда куйтуланганыңды кой. Сен мага азыр ордуңан жылбай түшүндүрүп берчи, эмне үчүн менин балдарымдын башын айлантып жүрөсүң?

– Бир түзөтүү,– деп сөзүн бөлдү Авдий.

– Кандай? Мийзам долбооруна түзөтүү киргизмексиңби?

– Мен аларды ак жолго салуунун аракетиндемин, ошондуктан «башын айлантып» деген сөз буерге жарашпайт.

– Сен мунуңу кой, жолдош Каллистратов. Ак-кара деп, а тууралуу ар кимдин өз түшүнүгү бар. Сен бу шойконуңу токтот. Буер чечендикти сынашар жер эмес. Олуям, сен алигидей аракетиң менен эмнеге жетишкиң бар, ошону түшүнөсүңбү, айтчы?

– Өз кызыкчылыгыңдан кандай пайда дегиң барбы?

– Ооба, болбосо эмне эле жандалбас уруп жүрөсүң? – деп Гришан эки колун кең жая кордогондой көтөрүлө жылмайды.

– Эгер антип ойлосоң, жалгыз жаныма пайда издеп жүргөн жерим жок, – деп кесе айтты Авдий.

– Эң сонун!– деп Гришан кубангандай барк этип алды. – Таппасаң сыйпалап кал! Баары төп келип турганын. Демек, сен жанагы ээликкен делбетаптардын уругунан...

– Токтот! Сенин эмне дээриңди билип турам.

– Демек, сен нашачы чабаган болумуш болуп, өз кишидей көрүнүп коюн-колтугубузга кирип алып, Моюнкумга сапар чегип жөнөп бергениң көп акчаны Христостой машаяк көрүп, ниет берип калганыңан эмес экен да, же болбосо семинариядан куулуп чыккандан кийин кайда барып, кантип күн көрөрдүн айласынан эмес экен да? Жанагы поптордун бири мен болсом, барбы, сени алдагачан көчүккө тээп кууп чыкмакмын. Өзүңү бир карачы, сага окшогон неменин башкага эмес, ошо попторго бир тыйынчалык кереги жок. Алар эски оюнун ойноп жүрүшөт, а сен болсоң чындап берилип алыпсың...

– Ырас, чын пейилден берилгем. Сен да мени чын пейилден кабыл ал,– деди Авдий.

– Ананчы! Мен сенин дилиңи түшүнбөйт деп ойлойсуңбу, сенин ким экениңди каракушуңа чейин аңтарып көрүп турам, билсең. Өзүң ким экениңи өзүң билесиңби? Көк мээсиң, өз делбелигиңин кулусуң, ошо жин ооруң сени ушуякка айдап келген, болбосо эмне жумушуң бар эле? Асыл максат менен мессия сыяктанып келип, наша чогулткан, тыюу салынган баңгилик менен соода кылгандардын, ошентип күнөөгө баткандардын көзүн ачмаксың. Келип алып, пенденин пейилин тазалар, сактап калар түпкүлүктүү акылыңды таратмаксың. Билесиңби, ал акылың элдин баарын илгертен жадатып бүткөнү үчүн үч чакырым жерден каңырсыган сийдик жыттанып, жийиркентип турат. Келип алып, бизди арам жолдон кайтарат имишсиң, биз тайынып, өзгөрүп, агарып, сен дит койгон жалпыга бир актык ниетке кирмек экенбиз. Биздин эл бүт бир беткей ойлонот деп, тигине, Батыштагылар көчүгү менен күлүп отурат. – Бутун кокустатып алган кишиге окшобой Гришан капилеттен керилген орундугунан ыргып турду да, заары чыккан бетин Авдийдин бетине такап, теке маңдай келди. – Ажат-Ата эмиссар, сага кандай күч каршы турарын обол ойлодуң беле?

– Ойлогом, ошон үчүн ушердемин. Анан дагы сага эскертип коёрум: эмнеге гана туш болбоюн мен силердин ариетиңер үчүн күрөшө берем, ага таң калбагын.

– Биздин ариет үчүн де! – Гришандын бети тыржыйды. – Камсанаба, мен эмнеге таң калайын, илгери сага окшогон дагы бир келесоону крест жыгачка керип салышканына таң каламбы. Адам тукумунун ажатын аччу сөрөй... Эки колу эки жакка керилип, эки алаканына мык кагылып, башы салаңдап, азаптуу жүзүн сумсайтып өлүп берген. Суктангыла, ыйлагыла, кыямат кайымга чейин сыйынгыла деген... Бизди өзүбүздөн куткармакчы болуп, карасаң, түбөлүктүү эрмек таап, кээ бир митаамдардын ойлоп чыкканын! Анан кана, ошондон бери дүйнөдө ким куткарылып, эмне куткарылды? Жооп берчи? Голгофага чейин кандай болсо, азырга чейин ошо бойдон эле келатат. Адам ошол эле бойдон. Адамдын пейилинде да андан бери эч өзгөрүү болгон жок. Бизге окшогон күнөөкөр пенделер болсо куткарып алчу бирөө келет деп күтүп жүрөбүз. Бул иште Каллистратов, сен гана жетишпей жаттың эле. Мына эми сен келдиң көктөн түшүп. Көктөн түштүң көптөн күткөнүбүз! – Гришан шылдыңдагандай тыржыйды. – Кош келиңиз, жаңы Христос!

– Мен тууралуу эмне десең ошо де, бирок Христостун атына акаарат айтпа! – деп кагып койду Авдий. – Сен менин буерде пайда болгонума жиниң келип да, таңыркап да жатасың, а бирок таң калар эчтемеси жок, анткени экөөбүз акыры сөзсүз жолукмакпыз. Ойлоп көрчү! Кантип ушуга акылың жетпесин? Мен болбосом башка бирөө сени менен сөзсүз тар жолдо бет келишмек. Мен ушу жолугушууну ойлоп-тактап койгом...

– Мени да тактап койгон болбо?

– Сени да. Экөөбүз жолукпай коймок эмеспиз. Мына ошон үчүн өзүң айткандай, бет алдыңа мен көктөн түшкөндөй пайда болдум.

– Ит-оой, жүйөлүү сөз, экөөбүз бирибиз жок бирибиз жашай албайт эмеспизби. Мына ушунда да иттей мыйзамтуурулук бар. Бирок шаттанба, ажат аччу Каллистратов, сенин теорияң иш жүзүндө бокко жарабайт. Эмесе, курулай кыял чаргытканыбыз жетишет!.. Анткен менен кызык неме экенсиң. Болду, сенин дасмияңды билдим. Мынчалык болгон соң сага айтар жакшы кеңешим бул: өз жолуңа түш, Каллистратов, элден мурда өз башыңды куткар, азыр сага эч ким тийбейт. Талаадан терип алганыңды таратып бересиңби, өрттөп саласыңбы, же чачып жибересиңби, эрк өзүңдө. Бирок билип кой, экөөбүздүн жолубуз экинчи эч качан кайчылашпасын! – деди да Гришан таягы менен ташты маани бере ургулап койду.

– Бирок мен сенин кеңешиңди кабыл ала албайт экем. Мага кеңештин кереги жок.

– Эй, сен чын эле көк мээсиң го! Байланганың эмне?

– Мен Кудай алдында жана өз алдымда баарыңар үчүн жооптуумун. Сен муну түшүнө бербестирсиң...

– О, кой! Кантип эле?– деп ачуулана үнүн көтөрдү Гришан. – Канткен менен мен театрчылардын үй-бүлөсүндө өскөм, ишенип кой сенин оюнуңду түшүнүп, бааладым. Бирок ашкере кеткен жоксуңбу ыя, анткени оюн кандай укмуш ойнолбосун, аягында баары бир көшөгө жабылат. Азыр сенин оюнуңду көргөн жалгыз көрүүчү – мен, жолдош Каллистратов, менин алдымда көшөгөң таптакыр жабылып калбасын. Моюн сун! Менин дилиме артыкбаш күнөө артпагын. Жогол, кеч боло электе!

– Сен күнөөнү айтасың. Эмне дээриңди билип турам, бирок жамандык иштин болуп жатканын өз көзүм менен көрүп туруп кете беришим оор күнөөгө батканга барабар. Ошон үчүн мени жолуңан кайт деп убара болбо. Жаш бала Лёнька эмне болот, Петруха эмне болот, сени

ээрчигендер эмне болот – мунун баарына мен кайдыгерлик кыла албайм. Сенин өзүңө да анте албайм.

– Баракелде! – деп Гришан сөзүн бөлдү. – Биздин турмушубузга кийлигишер укукту сен кайдан алгансың. Акыр-түбү ар ким өз тагдырына өзү ээ го дейм. Мен сени өмүрүмдө биринчи жолу көрүп турам, менин тагдырым тууралуу, башкалардын тагдыры тууралуу баш катырар бийликти көктөн алгансып, сен деги өзүң кимсиң? Кой! Өз тагдырың кыйрап кетпесин. Көк мээ болсоң, амансооңдо ошо бойдон жогол. Биз сенин жакшылыгыңсыз эле эптеп күн көрүп кетербиз. Билдиңби?!

– Бирок мен силерсиз күн көрө албайм. Бийлик дейсиң, эч ким мага андай бийлик берген эмес. Актыгым жана кам көрөр милдет сезимим – бийлигим ушул, ага сен куп дейсиңби, дебейсиңби, өз эркиң. Мен өз милдетимди кыйшаюсуз аткарып жүрөм. Өз тагдырымды өзүм билем дедиң сен азыр. Ажеп экен. Бирок бөлөк-бөтөн тагдыр жок, төрөлүү менен өлүүдөн башка тагдырды бөлүп турган жик жок. Ошо төрөлүү менен өлүүнүн ортосунда биз баарыбыз чие байланган жиптей болуп чырмалышып калганбыз. Мына сен өзүң Гришан, тиги кол алдыңдагылар дагы, керт башыңардын кызыкчылыгы үчүн талаадан терип алган наша менен бирге азап-шорду башкаларга алып баратасыңар. Көз ирмем азгыруу менен силер адамдарды өз чөйрөңөргө – жан кашайгандык менен күнөөгө батуунун чөйрөсүнө тартып жатасыңар.

– Ошону тыяр бийибиз сенсиңби? Биз кантип жашайбыз, кандай жүрөбүз, ошого сен бийлик кыласыңбы?

– Мен эч кандай бий эмесмин. Мен да силердин бирөөңөрмүн, болгону...

– Эмне, «болгону»?

– Болгону мен гана төбөбүздө ариетибиз менен боорукерликтин бийик ченеми болуп турган Кудай бар экенин билем.

– Дагы баягы Кудай! Деги ушуну менен эмне демекчисиң?

– Кудаанын мээрими биздин эркибизден билинет демекчимин. Кудай биздин көкүрөгүбүздө, ал биздин аң-сезимибиз аркылуу өзүбүзгө таасир этип турат.

– Курулай баш оорутпачы. Ошонуңан эмне чыгат? Бизге тийер пайдасы кайсы?

– Кайсы дебе! Акыл-эсинин куну менен адам өзүнө өзү Кудай болуп бийлик кылат. Кемчиликти чын ниеттен сезүү деген эмне? Менимче, өзүңдөгү жамандыкты Кудайдын деңгээлинен өзүң айыптооң. Адам өз ажытына болгон жаңы көз карашын өзү тууралайт.

– Көпчүлүктүн жалпыга бир деген сезиминен сенин көз карашың эмнеси менен айырмаланат? Биз болсок көптүн бири болгон туткунда калбайлы деп андан качып жүрөбүз. Биз силердин бирөөңөр эмеспиз, биз өз бет алдыбызчабыз.

– Жаңылыш. Эркиндик деген – закондон коркору жок болгондо гана эркиндик, болбосо жөн эле фикция. Дайыма закондуу жазадан, коркунучтан азап чегип күн көргөн сенин эркиндигиң...

– Андан эмне экен? Ага сен эмне кейидиң, бул биздин тапкан жолубуз го, сеники эмес?

– Туура, сенин тапканың, бирок ал жалаң сага гана тиешелүү эмес. Түшүнсөң, бул туюктан чыгар жол бар. Мына ушерде, ачык асмандын астында тообо кылгыла, бул жоругуңарды мындан ары биротоло таштайбыз деп жашыруун базардан табар пайдаңардан баш тартабы – деп, бу арамдык жолдон кайтабыз деп ант бергиле да. Кудайдын атын алып жүргөн аң-сезимиңерге, баарыбызды бириктирип турган акыл-эске моюн сунгула...

– Ошондо эмне болуп кетмек?

– Ошондо анык адамдык ажытыңарды кайра табасыңар.

– Иттей мыкты сөздөрүң бар экен! Анан калса жөнөкөйлөтүп айтсаң! – Гришан кабагын түйгөн калыбында таягы менен ойноп, жондун аркы түбүнөн шарактаган дагы бир жүк поезд өтүп кеткиче отурду да анын доошу басылып, кайрадан тынч болгон чакта деги эле ачык айтып, сырдашкыч болуп алган Авдийди шылдыңдай, теше тиктеп, кыжырлана айтты: – Ардактуу Авдий, сенин сөздөрүңдү мен кызыкчылык үчүн болсо да чыдам менен уктум, эми өзүңү катуу кейитип коёр жөнүм бар. Оюңда Кудай менен сүйлөшүп, аны көкүрөгүмө катып жүргөн жалгыз өзүм деп, а кудай менен Гришандын эч иши жок деп, андай өзгөчөлүк дилим ак жалаң өзүмдө, Гришанга ал буюрбаган деп ойлоп, ошого корстон болуп жүрсөң, катуу жаңылышасың. Мына, таң калганыңан демиң кысыла түштү, менин да Кудай менен мамилем болорун укканыңда кулагың делдейе түштү?

– Такыр андай эмес. Жөн эле «мамиле» деген сөзүң буерге ылайыксыз угулду. Тескерисинче, сенин оозуңан мындай кеп укканга мен кубанычтамын. Балким, ниетиңде өзгөрүү болгондур?

– Эч кандай! Өзүңүн түркөйлүгүң. Билип кой Каллистратов, азыр айтарымды угуп алып, тилден калып жүрбө, Кудайга жетип турган менин да жолум бар, болгондо мен ага жашыруун эшиктен кирем. Сен көкөлөткөндөй Кудайың анчалык эле ак-караны ажырата талдап отурган кол жеткис неме эмес...

– Кудайга жашыруун эшиктен кирип алып, эмнеге жетишип жатасың?

– Сен жеткенге мен дагы. Мен адамдарга баңгиликтин жыргалы аркылуу бактынын даамын таткызам, Кудайын таанытам. Силер үгүт-насаатыңар менен, тайынып-чокунганыңар менен таап бере албаган нерсени адамдарга мен берем... Башкаларга караганда мен өз кишилеримди Кудайга тез жеткирем.

– Акчага сатып алган Кудайга жеткиргениңи айтасыңбы? Арам уунун жардамы мененби? Баңгилик мененби? Ошону сен Кудайды таануунун бактысы деп эсептейсиңби?

– Эмне экен? Ыйык нерсени кордоп, Кудайга акаарат кылуу деп жатасың го? Эхе! Кулагыңа өөн угулуп атабы? Мен сенин конкурентиңмин, билсең! Жолуңду тородум ээ? Менин көздөгөнүм – ошо жанагы арам акча, ошо баңгилик! Эмесе, билип кой, акча деген – бүт баары! Акчанын Кудайы бөлөк бекен сениңче? Чиркөөңөрдө, дагы ошондой жайларыңарда силер акчасыз кызмат кыласыңарбы?

– Ал башка кеп да.

– Болду! Былжыраба! Бу жарык дүйнөдө баары, анын ичинде сенин Кудайың да сатылат да, сатылып алынат. Бирок ага кошумча – адамдарга силер тиги дүйнөдө гана болот деген жыргалды мен бу дүйнөдө берем. Мейкиндик менен мезгилдеги жыргалды, магдыроону, эркиндикти адам баңги мас болгондо гана көрө алат. Мейли, ал жыргал утурумдук гана болсун, санаада гана жетип, кыялда гана көрүнсүн, бирок бакыт деген ошол, андай бактыга адам баңгилик мастыгында гана жете алат. Такыба динчи силер болсо жадегенде ушинтип өзүңөрдү өзүңөр алдаганга жарабайсыңар.

– Бир нерсени туура айттың, ушунун баары өзүн өзү алдоо.

– А сенин амалыңчы? Акыйкатты беш тыйынга сатып алмакчысыңбы? Андай болбойт, олуя атакеси! Бактынын башка түрү жок, баңгилик гана анын ордун толтурат.

– А жок болсо эмнеге сен ордун толтурасың. Арам ниет деген ушул!

– Абайла, Каллистратов! Чындап териштирсең мен силердин жардамчыңармын!

– Кандайча?

– Ушундайча, таң калар эчтемеси жок! Кор болуп, басынган пендеге атамзамандан бери кандай гана укмуштарды, не деген ырыс-таалайды убада кылып келатышат: мына Кудаанын дүйнөсү орнойт, ана демократия, ана теңчилик, ана бир туугандык, тигине коллективдеги бак-таалай, кааласаң коммунада жаша деп, буларга кошуп, акыр-аягында тиги дүйнөдө бейишке чыгасың деп коюшат. Иш жүзүндө эмне болду? Куру сөздөн башка эчтеме! Мен болсом, билгиң келсе азган-тозгондорду азабынан алаксы кылам. Мен каардын калканчымын, адамдарды жашыруун жол менен жок Кудайга жеткирем.

– Мен ойлогондон алдаганча коркунучтуу экенсиң сен! Колуңан келсе, бүт дүйнөгө кандай бүлгүн салар элең, элестетиш коркунучтуу. Атаң-көрү, Наполеон болбой калганың ай!

– Андан бийигин айта түш. Дал өзү болуп жүрбөйүн?! Эркимде болсо көргүлүктү көрсөтөр элем. Эгер Батышта болуп калганыбызда не деген иштерди жүргүзмөкмүн. Ошондо сен мени менен батынып сөз талашып отурмак турсун, адалдык деген эмне, арамдык деген эмне экенин мага ылайыгына карата тандамаксың...

– Антериңе шек кылбайм. Бирок айтканыңан коркунучтуу эчтеме деле көрүнбөйт. Айтканынын баары жаңылык эмес. Сен Гришан, адамдардын үмүтү үзүлгөн кыйноосунан пайда таап жүргөн немесиң, андай жолдун үгүтү оңой. Баары жаман, баары калп, демек, баңгиликтен жыргал тап. Анчалык баардык жамандыкты жектейт экенсиң, кыйын болсоң адамдарга жаңы көз караш бер. Ишеним деген – баңгилик эмес, ишеним – көп муундардын тарткан кыйноосунун туундусу, ишеним үчүн миң жылдап жана күн сайын иштөө керек. Сен болсоң, арам оокатың менен илгертен келаткан тартипти бузуп, күн менен түндүн алмашуусун аңтар-теңтер кылып жибер-

гиң бар. Жыргатып баштайсың, кууратып бүтүрөсүң, мактаган баңгилигиңин артынан адам акыл-эстен ажырап, жан-дилинин кыйрашы менен бүтөт. Муну эмнеге айтпайсың? Демек, сенин баңгилигиң кадимки эле шылакчылык, калп Кудайыңа жеткирем деп азгырып, шайтандын кучагына саласың. Муну кантесиң?

– Этпейм-сетпейм. Дүйнөдө баарынын жообу бар. Буга да. Өмүргө өлүм менен жооп бергендей эле... Сен муну ойлогон жок белең? Эмне унчукпай калдың? Менин концепциям, албетте, сага жакпайт да, олуям!

– Антихристтин концепциясы! Эч качан!

– Ха-ха! Антихристи жок христианчылыгыңын баасы канчалык. Кимди жамандамак? Жалаң өзүнүн кимге кереги бар? Ким муктаж болмок? Мына көрдүңбү, демек, мен өтө керекмин. Болбосо кимге каршы күрөшмөксүңөр, идеяңардын күчүн кимден чыгармаксыңар?

– Кудай ургандай амалкөйлүк, ээ! – деп эриксизден күлүп ийди Авдий. – Карама-каршылыктарды айтышсак, мен даяр. Бирок сен куру чечендик кылбагын. Экөөбүз баары бир бир ооз боло албайбыз. Экөөбүз бири бирибизге ылайык келбеген карама-каршылыкпыз, ошон үчүн сен мени кубалап жатасың. Сен менден коркосуң. Бирок мен баары бир айтканыман кайтпаймын: тообо кыл, чабагандарды железен бошот. Мен сага жардам берем.

Гришан күтүүсүздөн унчукпай калды. Кабагын түйүп, таягын таяна аркы-терки баса кетти, анан токтоду.

– Жолдош Каллистратов, эгер мени коркот десең, катуу жаңылышасың. Кала бер, мен сени кубалабай эле коёюн. Азыр биз жүк поездге жармашабыз, мындайча айтканда, транспортко уюшкандык менен чабуул коёбуз.

– А көрө, каракчылык менен де,– деп оңдоду Авдий.

– Сен айткандай эле болсун, каракчылык мененби, анда ошондой де. Бирок биз карактоо үчүн эмес, көмүскө

жол жүрүү үчүн. Бул башка кеп, анткени сенин мамлекетиң бизге ээн-эркин жол жүрүү укугун бербей жатпайбы.

– Мамлекетти жайына кой. Кана, эмне сунуш кылмак элең?

– Анча деле жарыбаган нерсе. Өзүң тактап айткандай, каракчылык жол менен жүрөрдө, – деп Гришан темир жол тарапка баш ийкеп койду,– баары чогулат, жаныңа келет. Мына ошерде Лёнькадай жаш өспүрүмдөрдү, Петрухадай шылуундарды арам жолдон кайтар, жан-дилин куткарып кал, Куткаргыч! Мен эчтеме дебейм, эч жолто болбойм сага. Эгер ушул элди өзүңө тартып, Кудай жолуна ээрчитип кете алсаң, жеңилгендин жолу башка дегендей, мен унчукпастан жоголоюн. Түшүндүңбү? Менин шартымы кабыл аласыңбы?

– Кабыл алам! – деди Авдий кыска гана.

– Анда башта! Буерде экөөбүз эмнени сүйлөшкөнүбүздү эч жан билбейт. Аркы-беркини сүйлөштүк деп коёбуз.

– Рахмат! Бирок менин жашырар эч сырым жок,– деди Авдий.

Гришан ийин куушуруп койду.

– Өзүң бил, Библияда айтылгандай, «сөз ээси өзүң!»

Май айынын акыркы күндөрүнүн бириндеги кечки саат жетиге караган убак. Күн кадимкисиндей ээн талаанын үстүнөн чакыя тийип турат. Бирок эртеден бери боз чаңгыл тартып жылбай турган булуттар бара-бара бозоруп, кеч тарткан сайын кароолонуп, коюуланып, көк жээктин үстүнөн узун тилке болуп салаңдап келди. Ошондон уламбы, Авдийдин көңүлүнө түпөйүл дүрбөлөң түштү. Кыязы, добул болчудай.

Поезддер болсо тиги тараптан бу тарапка, түндүктөн түштүккө, түштүктөн түндүккө маал-маалы менен өтүп жатыры. Шарактаган оор дөңгөлөктөрүнүн астында жер солкулдап, калч-калч этип калып жатыры. «Жер канча

кенен болгону менен, ээн жердин баарына күн бирдей тийип турганы менен, баары бир адамга бирдеме жетишпегенсийт, эң оболу эркиндик,– деп ойлоду Авдий кыйырсыз талааны тиктеп туруп. – Адам адамдарсыз жашай албайт, адамдар менен жашоо да оор. Мына азыр, маселен, кантүү керек? Гришандын торуна түшкөндөр акыл-эстин ак жолуна бурулар бекен, же тобунан бөлүнгүсү келбеген малдай коркунучка жетеленип, баарынан да баңгиликтин зулумунун бийлигинен чыга албай, көнгөн айдоого кете береби,– ал үчүн эмне кылуу керек? Көрчү! Айлакерлигине чен жок бу ырайымсыз зулумдун. Эмне кылсам, кандай жолун тапсам?»

Болжолдуу маал келди. Жүк поезд токтотор алдында чабагандар эки-үчтөн болушуп, темир жолду бойлой, бадал-чөпкө жашынып, чубай жайгашты. Белги – ышкырык. Те алыскы имерилиштен жыландай сойлоп поезд чыкканда ышкырык угулар замат баары атырылууга даяр турду. Наша салынган рюкзактары, чамадандары колтуктарында. Авдий берки Лёнка менен Петруха үчөө темир жолдон обочорооктогу дөбөлөнгөн шагылдын далдасында бугуп жатышты. Булардан тигиндейректе Гришан эки чабаган менен күтүп жатат: куйкул баш бирөөн Коля дешет экен, кавказчага чалып сүйлөгөн кочкор тумшук, чапчаң жигитти Махач дешет экен, кыязы Махачкаладан болсо керек. Калгандарын Авдий тааныбайт, бирок алар да үчөө-төртөө болуп, дагы бир жерде бугуп жатат, алар да учуп жетип жармашууга даяр. Айдоочу локомотивин токтотууга аргасыз болуш үчүн жолду өрттөнүп жаткандай кылып көрсөтүш керек, а бул айланы аткарар эки чабаганды Гришан алды жакка жиберген. Ал экөө «330» деген белгинин жанында. Ошерде кыян алган аңга салынган көпүрө бар, ошол опурталдуу жерде алиги чабагандардын ичинде диверсанттар деп аталган экөө айласын кылып жүрүшөт.

Поезд арылдап баса кирип келе жатат. Кандай болот, шапа-шуп илешип кете алабызбы, составы кандай болду экен, жалаң эле цистерналар болсо, кантип жармашат, а кокус аскер составы болуп калсачы, анда эле курудук деп, баарынын ою уйгу-туйгу экенин Авдий билип жатты.

Лёнька колу калтырап, чылым тутанта кетти. Петруха ага ок жыландай атырылды:

– Ташта! Союп салам, шүмшүк!

Бирок тиги көк тумшук болуп кумсарган неме жанталаша соро берди эле, Петруха ыргып жетип, баш кийимин учура бир койду. Лёнька да жөн калбады, а да эптене калып Петруханы тепти. Петруха жиндеп кетти, анан экөө тытышып калды.

Авдий аргасыздан өйдө боло берди:

– Токтоткула, азыр токтоткула! Петруха, тийбе Лёнькага! Уялсаң боло!

Жинденген Петруха Авдийге атырылды:

– Сага эмне жок, делбе поп! Жат, каракчыдай болбой, алдагайдан көрүнөсүң! – деп шымдан жыга тартты.

Ошентип, күшүлдөгөн үчөө кыжылдаша сөгүнүшүп, кайра орду-ордуна жатып калды.

Поезд жакындап калган. Чабагандардын элеп-желеп болгону Авдийге таасир этти. Бул учур өтө опурталдуу эле.

Авдий бала кезинен поезддерди узата караганды жакшы көрчү: согуштан кийинки кара түтүн буруксуткан, буркурата буу үйлөгөн, теребелди жаңырта бакырган, өзүнчө өктөм көркү бар паровоздорду ал көрүп калды да. Бирок моминтип калчылдай күтүп, мийзамды бузуп, уурданып түшөм деп үч уктаса түшүнө кирген эмес.

Чиркешкен эки локомотив сүйрөгөн оор жүктүү поезд баса кирип келатат, ал ансайын жон тери титирейт. Илгерки паровоздор бу дизелдин жанында алсыз эле да. Булардын күчү буркулдап сыртына чыкпай, ичинде,

тарткан составынын куйругу көрүнбөйт. Сандаган дөңгөлөктөр чимирилип барат, вагондордун астынан шамалдаган илеби урат, шакылдаган доош кулакты көзөйт. Ушул өктөм менен окторулуп бараткан күчтү да токтотууга болобу деп, ишене албай Авдий карап жатты.

Вагондору ар түркүн – платформалар, цистерналар, карагай жүктөгөн ачыктары, контейнер салгандары, жабыктары болуп, саналбай чубалып, составдын жарымы араң өттү, анан да бараткан ылдамдыгын айт, мындай зор күчтү токтотуш мүмкүн болбос деп ойлоду Авдий. Аңгыча поезддин жүрүшү жайлай баштады, дөңгөлөктөр жайыраак айланып, тормоздору кыйчылдап, сүрдүгө түшкөнсүп акырындап калды. Анан араң эле жылжып калганын көрүп, Авдий өз көзүнө ишенбеди. Мына ушул учурда ачуу ышкырык чыкты, ага жооп болуп бир жактан дагы ышкырык угулду.

– Кеттик! – деди Петруха. – Алга!

Рюкзак, баштыктарын кучактап, баары жыбылжып калган вагондорго чуркады. Буктурмадан ат койгон чабуулдан бетер бул окуя көз ачып-жумганча болду. Эптеп бирдемеге асылып, кайсы вагон болсо ошого тырмышып чыгып алыш керек, анан жүрүп баратканда шыптан шыпка секирсе да, иши кылып жайлуу орун таап алыш оңой. Мындан аркысы Авдий үчүн кыйналып көргөн түшүндөй эле болуп калды: вагондордун ушундайда асман бою тик жардай көрүнгөн бийиктигин кантесиң, дөңгөлөктөрдөн урган мазуттун күйүктүргөн жытычы, ушуга таң калып Авдий вагондорду жандай чуркады. Ардемеге кол сунду, бирөөлөргө жардам бергендей болду, поезд болбой эле кетип баратат, атүгүл бир-эки жолу жулкунуп алды, темирлери итиркейди келтире кыйчылдап, поезд дагы жулкуна ылдамдады. Саал эле кокус болсо дөңгөлөктүн астында калгыдайсың. Поезд дагы бир жулкунуп алып, баягы күүсүн кайра кууп жетүүгө ашык-

кандай катуулай бергенде жанталашкан Авдий бир караса ичи бош бир вагонго түшүп калган экен. Караса, жанында жол шериктери Петруха, Лёнька, Гришан да ушерде экен. Кокустаган буту менен ал кантип түшкөнүн бир кудай билбесе, белгисиз. Берки Махач менен Колясы да жанында экен. Баары өң-алеттен кеткен, күшүлдөй дем алышат, бирок ыраазы, кубанычтуу. Итенген иши ийгиликтүү болуп, эң оор жана кыйыны артта калганына Авдий ишене албай турду. Мына эми наша тапкыч чабагандар Жалпак-Сазды көздөй жолго чыгышты, андан ары Улуу Жерге жөнөмөй, чоң шаарлар, көпчүлүктүн арасы, беймарал...

Жалпак-Сазга чейинки жол мөөнөтү беш саатка чамалаш. Ондой берди болду: ээлеп алгандары бош вагон, жүк түшүргөндө керектен чыкты деп таштап салышкан бош ящиктер бар экен, аларды орундук кылып алышты. Гришан эскерткендей, сырттан бирөөнүн көзүнө чалдыкпагандай болуп орун алышты. Бир капталынын эшигин ачып койсо вагондун ичи кадыресе жарык, анын үстүнө төбөсүндөгү айнектер ачык экен, салкын жел арылдап кирип турат.

Поезд биринчи эле бекетке токтогондо булар эшикти жаап, вагон ичи бук болуп кеткенине карабай дем чыгарбастан чыдап отурушту. Поездди жандап баскан жан болбоду. Петруха акырын сыртка баш багып, эч ким жоктугун айтты. Бет алдыдан келген жүргүнчүлөрдүн поезди арылдап өтүп кеткен соң бул ордунан жылды. Кийинки бекетте Махач бир челек муздак суу таап келди. Ошондон кийин вагондогу жашоо калыбына кирди: баары жанданып, кургатып алган нандарын, консерваны жеп, анан Жалпак-Сазга барганда жыргап ысык тамак ичишерин айтып, кыялдана жыргап калышты.

Поезд өзүнүн жолу менен Чүй талаасын басып, тоону көздөй баратты...

Ошол майдын кечи али жарык эле. Ардеменин башын чалып сүйлөшүп баратышат, көбүнесе сөз тамак менен акча жөнүндө. Бир маалда Петруха Мурманскидеги анын кайтышын күтүп калган келишкен аялды сөз кыла кетти эле, ага Махач кавказдык кызуулугу менен:

– Бери кара, Петруха, кымбаттуум, сен Мурманскиден башка эч бир жерде катынчылай албайсыңбы? Эмне, Москвада деле кичине «өргүсө» болбойбу? Ха-ха-ха! Же Москвада катын жокпу? – деп калды.

– Сен мадыра башсың али, мындайдын сырын кайдан билмек элең? – деп Петруха ачуулана түштү. – Канча жаштасың?

– Канча, канча? Канча жаш болсо, ошонун баары өзүмкү. Биздин Кавказда мендейлер алдагачан баланын атасы болуп койгон! Ха-ха-ха!

Бу сөз баардыгынын көңүлүн көтөрдү. Анда-санда Гришанды карап коюп отурган Авдий жылмайды. Гришан болсо четте, алдыртан жымыйып коюп отурат. Ал баягысындай эле бүктөмө орундугунда отурат, колунда баягы бутак таягы. Башка чабагандарга ал баары тарткан арзан тамеки чеккени менен гана окшошпосо...

Бош вагонду жай кылып, ушинетип шатыра-шатман баратышты. Лёнька бир бурчка бүрүшүп уктап калды, күн батарына аз калганы менен теребел али жапжарык болсо да, башкалар да уктап алууга кам уруп калды. Чылымдарын буркуратып коюп, туш келди нерселерди сүйлөшүп, бир маалда унчукпай да калышты, анан Гришанды жалт-жалт карашып, бирдемени күбүрөштү.

– Гришан, уксаң,– деп Махач кайрылды ага,– биз бу-ерде жалпы жыйналыш өткөрүп, мындай чечим кабыл алдык,– кичине мээбизди бозчаңгыл кылып алсак кантет? Кымбаттуу тамада, менин сарамжалымда бир чүйгүн нерсе бар дейсиң, вах-вах, Багдаддын уурусунан башка жан тарткан эмес!

Гришан Авдийди жалт бир карады, эмне дейсиң дегенсиди. Анан ойлоно калып, айтты:

– Мейлиңер!

Баардыгы жандана түшүп, Махачты тегеректешти. Ал күрмөсүнүн бир чөнтөгүнөн алиги Багдаддын уурусунан башка жан тартып көрбөгөн нашасын алып чыкты. Узун чылым ороду да, өзү алгач бир соруп, тегерете коё берди. Ар кимиси бирден жыргай соруп, кийинкисине берип жатты. Кезек Петрухага жеткенде көзүн чылк жуумп, кере бир сорду да, Авдийге сунду.

– Кана, Авдясь, сен да кичине жутуп кой! Сен, эмне маңкасыңбы. Ме, тарт! Жыйрылбачы, кудай жалгагыр, кыз белең?

– Жок, Пётр, мен тартпайм, убара болбо! – деди Авдий кесе айтып, Петруханын сунушун жактырбай койду.

Ал ошого ызалана түштү:

– Поп бойдон жүрүп, поп бойдон өлөсүң! Поп деп койсо тим эле! Боор ооруса боорго тебет!

– Мен тепкен жокмун, Пётр, айтканың натуура!

– Э, сен да сөз жемек белең! – Пётр колун силкип салды да, дагы бир соруп, чылымды Махачка сунду, ал болсо кавказдык эптүүлүк менен Гришанга сунду.

– Алып кой, эми, кымбаттуу тамада, кезек сеники! Тост сенде!

Гришан унчукпастан Махачтын колун кайра кайтарды.

– Эрк өзүңдө, кожоюн! – деп Махач өкүнгөндөй башын чайкады.

Чылым кайрадан тегеренди. Лёнька жутуна сорду, андан кийин куйкул Коля тартты, анан кайра Петруха, аягында Махачка кайра келди. Көп өтпөй нашачылардын көздөрү жашылданып тумандап, кайра жалтылдап, дайынсыз жыргалга эриндери чоюлуп, көңүлдөрү өзгөрө баштады. Бир гана Петруха жанагы ызасын унута албай

Авдийди улам-улам наразылана карап коюп, поптун баары ушундай иттер деген өңдүү бирдемелерди күбүрөп отурду.

Гришан кебелбестен, отурган ордунан тигилердин наша чеккендерин мыскылдай карап, бийиктигин билгизип жылмайып отурду. Шойкондуу көздөрү анда-санда ачык эшиктин босогосунда турган Авдийге учкун атып, ал тиктеши – болгон ишке табасы каныып отурганын, мойсопут[1] Авдийдин кыйналганын түшүнүп отурганын билдирет.

Гришан чабагандарына жолдо болсо да бир баңгиленип алуусуна уруксат берүү менен өзүнө бир сырдуу оюн билдиргиси келгенин Авдий түшүндү. Мына, көрүп ал! – дегени го. Менин күчүм канчалык экенин сездиңби, мына арамдык менен күрөшүүдө сенин ак пейилиң канчалык чабал экенин көрүп ал! – дегени го.

Сыртынан кайдыгерленгени менен ичинен Авдий Гришанга карама-каршы коёр эчтекеси жок алсыздыгына, Гришандын таасиринен тигилерди сууруп алуу үчүн иш жүзүндө эчтеме кыла албаган жармачтыгына күйүп баратты. Мына ушерде Авдий чыдай албай кетти. Ичине толуп келген жинин кармана албады. Чыдамын үзгөн акыркы себеп Петруханын тартылып бүтүп калган, былжыраган шилекей болуп, жийиркеничтүү, коркунучтуу уу түсүнө жеткен чылымдын сары-жашыл түбү болду. Түбүн тартып кой деп Петруха сунган эле.

– Ме, Авдясь, тумшугуңду тескери бурба, попигим! Мен ак пейлимден сунуп айтпайымбы. Маңызы мына ушу түбүндө, мээңди эжигейдей элжиретет! – деп Петруха жөөлөй жабыша берди.

– Жабышпачы! – деп туталана түштү Авдий.

– Мен жабышат бекем! Чын пейилимен жакындасам эмне сен экиленесиң!

---

[1] м о й с о п у т – (*ир.*) ак чач, ак сакал; *өтм.* м. такыба.

– Келе берчи, келе! – деп жаны кашайган Авдий түтөп бүтүп бараткан чылымдын түбүн алды да, Петруханын төбөсүнөн бийик көтөрүп, мына көрдүңбү дегенсип, вагондун ачык эшигинен ыргытып жиберди. Бул көз ачып-жумгуча болгондуктан Гришан баш болуп баары бир демге нес боло калышты. Ошол тынчтыкта рельсанын үстүнөн чимирилип бараткан дөңгөлөктөрдүн түрсүлдөгү даана угулду. – Көрдүңбү? – деди Авдий Петрухага эрегишкенсип. – Мен эмне кылганымы баарыңар көрдүңөрбү? – деп ал чабагандарды ачуулана карады. – Ар качан ушундай болот!

Петруха, аны ээрчип калгандары бүт Гришанды суроолуу караштьı: бул эмнеси, кожоюн, кайдан чыккан ээнбаш дегенсишти.

Гришан атайылап унчукпады, Авдийди, андан соң ызаланып турган чабагандарын мыскылдай тиктеп койду.

Чыдай албай озунган Махач болду:

– Тамада, бирдеме десең боло! Дудук болуп калгансыңбы?

– Жок! Дудук болгон жокмун! – деп Гришан да келе-келегендей кавказча чалып айтты да, табалаганын жашырбай кошумчалады: – Мен тиги немеге унчукпаймын дегем. Калганын өзүңөр билгиле! Мен башка эчтеме айтпаймын...

– Ошол чынбы? – деп Махач таңыркай сурады Авдийден.

– Чын бирок толук эмес! – деп кыйкырды Авдий. – Мен мунун бетин ачамын дегем,– деп Гришанга баш ийкеди. – Силерди арамдыкка азгырган бу азезилдин бетин ачам дегем! Ошон үчүн мен унчукпай коё албайм, себеби чындык мен жакта! – Анан өзү эмне болуп кеткенин, эмне деп кыйкырып, эмне кылып жатканын өзү аңдабай, көп баштыктын ичинен өзүнүн наша салган баштыгын сууруп чыкты. Гришандан башкасынын баары орун-

дарынан эңирейе тура калышып, бу сопу поп Авдий Каллистратов эмне кылып жатканын түшүнө албай аңкайып карап калышты.

– Мына, балдар, карагыла! – Авдий баштыгын төбөсүнөн бийик булгалады. – Биз адамдарга кара тумоо, уу, өлүм алпаратабыз. Ушуну алпараткандар силерсиңер, оңой акчага баңги болгон сен Пётр, сен, Махач, сен Лёня, сен Коля! Гришанды айтпай эле койгула! Мунун ким экенин өзүңөр билесиңер!

– Токто, токточу, Авдий! Айланайын, баштыгыңды бери берчи! – деп Петруха кол суна жүткүндү.

– Жолобо! – деп Авдий Петруханы көкүрөккө түрттү. – Бу адамдын уусун кантип жоготууну мен билем.

Чабагандар эсин жыйгыча Авдий баштыктын боосун тартып алды да, вагондун эшигинен сыртка шамалга нашаны кага баштады. Кара куурайдын жашыл-саргыч гүл, бүчүр-бүрлөрү оңбогондой эле чогултулган экен, темир жолду бойлоп шамалга сапырылып учту. Билип тургандарга – жүздөгөн, миңдеген сом акча шамалга сапырылып учуп жатты. Чабагандар ошо көз ирмемде арбап салгандай селейип тура беришти.

– Көрдүңөрбү! – деп кыйкырды да Авдий баштыгын кошо ыргытты. – Эми силер да менчилеп ыргыткыла! Анан баарыбыз чогулуп, тообо келтиребиз, ошондо гана Кудай бизди жакшы көрүп, күнөөбүздү кечет. Кана, Лёнька, Пётр! Каргыш тийген нашаны чачкыла, ыргыткыла шамалга!

– Мобу жиндеп калыптыр! Станцияга жеткенде бул бизди кызыл шапкечендерге кармап берет. Карма! Жанчыш керек попту! – деп биринчи Петруха айкырды.

– Токтогула, токтогула! Менин айтканымы уккула! – деп Авдий бирдеме түшүндүрүүгө аракет кылып кыйкырды, бирок наша чегип алган чабагандар токтолуудан өтүп калган эле. Алар Авдийди кутурган иттердей басып жы-

гылышты. Петруха, Махач, Колялар биринен сала бири муштап жатышты. Лёнька улам бирин кайра тартат, ага болушмакчы болуп.

– Койгула эми! – деп ал байкуш тегерене чуркап жүрөт. Бирок үчөөн токтотор ал анда жок эле. Аёосуз сабоо жүрдү.

– Ур! Тарт! Вагондон ыргыт! – деп күпүлдөп жүрдү Петруха.

– Муунтуп сал попту! Төмөн ыргыт! – деп Махач арылдайт.

– Койгула! Антпегиле! Өлтүрбөгүлө! Кереги жок! – деп кумсарган Лёнька калчылдайт.

– Коё бер, акмак, союп салам! – деп заарланган Коля Лёнькадан бошонуп чыкты.

Авдий алынын келишинче жооп кайтарып, калкаланымыш болот, бар аракети эле ачык турган эшиктен ары-бери термелген вагондун төр жагына жетиш. Баңгилердин ырайымсыз, катаал, жан аягыч мыкаачы болоорунa көзү эми жетти. Жана эле маңыроо тартып магдырап, ырсая күлүп жыргап отурушпады беле. Бул салгылаш аёосуз экенин, булар үчөө, өзү жалгыз, күчтөрү тең эместигин түшүндү Авдий. Булар үчөө тең күржүйгөн, албуттанган жигиттер, алы кантип жетмек, Лёнькадан эмне жардам, ал эсепке да кирбеди. Гришан болсо театрда же циркте оюн көрүп отургансып былк этпеди. Бирок табалаганын да жашырбады.

– Ики-ики! Мына кызык! – деп мыскылдап күлүп отурду. Акыры кагыштырды, ушундай кагылышуу болорун алдын-ала тууралап ойлоп койгон, эми ойдогу жеңишке жеткенине маашырланып, көзүнчө киши өлтүрүп жатышканына табасы канып карап отурду.

Гришандын кийлигишүүсү гана жанын аман алып каларын Авдий сезди. «Гришан, жансоога!» – деп бир үн чыгарса эле чабагандар тып басылганы турат. Бирок эмне

болуп кетсе да Гришандан жардам сурай албайт болчу Авдий. Бир гана айласы – эптеп вагондун төрүнө, бир бурчуна жетип тыгылуу, аерде ура беришсин, тепкилей беришсин, жанча беришсин, эмне болсо да көрөр, эптеп вагондон ыргытылбаса экен, анда эле өлгөнү…

Бирок бурчка жетиш кыйын болду. Тигилер урган сайын, тепкен сайын аңырайып ачык турган эшик жакка аласалып кетет. Ошерде саал эле кармала калса, бирөөсү сыртка ыргыта койчудай. Авдий аны билип, улам тырмалап тура калып, улам жанталашып ичкери умтулат, баңгилер чарчаар маалды зарыга күтөт. Бул айыгышкан алпурушта биринчи болуп Лёнька сулап түштү. Аны Коля муштап, тоголото койду, анткени мобу мойсопут, демек, чабагандардын душманы Авдийди кычуусу кана сабап калуугa Лёнька улам колуна асылып жолто боло берген. Кутурган акча деген муштумдар кутуруп шилтенип жатты.

– Сок, сок! Сүбөгө сок, талуу жерине! – деп Петруха кыйкырып келип, Авдийди эки колун артына кайрып, Махачка кармап берди, тиги болсо кирген букадан бетер өңүрөңдөп келип ичке сокту. Кан түкүргөн Авдий үч бүктөлүп, аркырап жүрүп бараткан вагондун полуна кулап түштү. Ошондо үчөө аны эшикке сүйрөп жөнөштү, бирок Авдий өлүм коркунучунан эсине келе калып, тырмактарын сыйрыта полдун такталарына тырмалай жармашып, бошонуунун айласына жулкунуп жатты. Гришан болсо эчтемеден иши жок бурчтагы орундугунда бутун арта салып коюп, кебелбеген салтанаттуу түр менен бир обонду ышкырып, таягы менен ойноп отура берди. Дале болсо кечирим сурап, «Гришан жансоога!» – деп бир кыйкырса, тигил айкөлдүк кылар беле, көз көрүнө өлүмдү тыяр беле, бирок Авдий оозун ачпады. Мына ошондо анын шалактап сүйрөлгөн башынан полго кандуу из калтырып, тигилер вагондун оңурайган оозуна сүй-

рөп барышты. Мына ушу дал ооздун кырында дагы бир кармашуу болду. Сүйрөп келген күү менен Авдийди ыргытып жибериш опурталдуу эле, бири болбосо бири кошо учуп кетери бышык. Авдий эшиктин туткасын бекем кармап, вагондон салаңдап калды. Бетке урган шамал аны эшикке жапшырды. Авдий сол буту менен бир таканчык таап, салаңдап баратты. Жан талашкандагы күчтөй күч болбойт. Авдий антпесе карманып тура алмак эмес. Эгер ушу бойдон тийбесе ал, балким, эптеп тырмышып, кайра вагонго сойлоп болсо да кирип алат беле. Бирок чабагандар топ тепкендей аны башка-көзгө тепкилеп жатышты, бок-жинин ашатып сөгүп жатышты. Кансырап бүтсө да, колдору карышып калган Авдий шалактап бара берди. Акыркы мүнөттөрү айрыкча мыкаачылык болду. Петруха, Махач, Коля биротоло жиндеп кетишти. Мына ушерде Гришан да чыдап отура албай жетип келди. Эми анткорлонбой эле Авдий Каллистратов кантип учуп өлөрүн көрүп коюшка эмне үчүн болбосун. Ошон үчүн босогого жакын келип, Авдийди кимиси качан учура теберин карап турду. Гришан өз ишин жакшы билерин эч ким талаша албайт. Ал Авдийди башка бирөөлөрдүн колу менен өлтүрүп жатты. Эгер эртең Каллистратовдун өлүгүн кокус таап алышып, анын поездден жөн эле учуп өлгөнүнө эч ким ишенбесе, эч кол тийгизбеген Гришан да таза бойдон чыга берет. Балдар чатакташа кетип, бири байкоостон мушташ арасында учуп түшүп калган деп коёт.

Авдийдин акыркы эсинде калганы – бут кийимдери канжалаган чабагандар аны бетке тээп жатышкан, арылдаган шамал дүркүрөп күйгөн өрттүн алоосундай бетке чаап турган. Коргошундай  оор тарткан Авдийдин денеси астыдагы түбү көрүнбөгөн боштукка улам салаңдай берди. Поезд болсо шамалдын каршылыгын жеңип, ээн талаада арылдап учуп-күйүп баратты. Өлүмдүн кырын-

да илинип турган жан менен бу дүйнөдө эч кимдин иши болбоду. Бүгүнкү эң узун күндүн балбылдап батып бараткан күнү жан азабынан канталап чанагынан чыккан Авдийдин көздөрүнө алоо болуп чагылып, анан түпсүз түңгуюкка кошо кулады. Бирок канча тепкилешсе да Авдийдин карышып калган колдору жазылар эмес. Ошондо акыркы соккуну Петруха сокту: карышкан кол жазылар, ме, муну менен ур дегенсип белендегендей кармап турган Гришандын колундагы таякты Петруха жулуп алды да...

Авдий бир томолок болуп жолдун жалы ылдый шыпырылды. Ардемеге бир урунуп, ардемеге тытылып, жолшериктерин ала качкан поезддин бир куйругу үзүлгөнчө, дөңгөлөктөрдүн шарактаганы угулбай кеткенче бир томолок болгон адам денеси жолдун жалы ылдый томолонуп учуп барды.

Аздан соң күндүн нуру өчтү, каш карайды, батышта добулдун сур коргошун булуттары коюулана берди...

А жанагы каргыш тийген жерден башка поезддер өтүп жатты. Аман калышка жансоога тилебеген жанагы неме жалдын этегиндеги жылга сайда сулап жатты. Жанын үрөп акыйкатты издегендеги, бүтүмдөгөндөгү билгендери эми бырын-чырын чыгып, апат болду. Өз жанын аябай, аман калыштан баш тарткандагы тапканы ушу беле? Кеп аз да эмес, көп да эмес өзүнүн чымын жанынын аман калышында эмес беле, ошон үчүн эки ооз гана: «Гришан, жансоога!» – деген сөздү айтса болбойт беле. Бирок ал эки ооз сөздү айтпады...

Чынында Жаратkандын тамашасына чек жок... Тарыхта ушундай окуя бир нече жолу болбоду беле, галилеялык бир апенди өзүн көккө жеткире көкөлөтө ойлоп алып, эки ооз сөздөн кечип, баш тартып, өмүрүнөн кечип койбоду беле. Ошонусу үчүн өлүмгө жаны кыйыл-

ган. Ошондон бери миң тогуз жүз элүү жыл өтсө да, адамдар дагы деле акыл-эсин жыя албайт – ошондо эмне, кандайча, кантип болду эле деп али ушу күндө да айтышып, талашып келатат. Ошо илгерки окуянын таасири ушунчалык экен, адамга кечээ эле болгондой сезиле берет. Андан бери канча муун эл өткөнүнө сан жетпейт, бирок ар бир жаңы муун кайрадан эстеп алып, биз ошо күнү ошо Кашка-Дөбөдө болгонубузда алиги галилеялык апендини кантип өлүмгө бербейт элек дешет. Азыр ушундай көрүнөт. Андан бери болгон нечен окуялар унут калып, ошол күн адамзаттын эсинде күнү бүгүнкүдөй сакталып кала берерин ал кезде ким ойлоптур...

Баса, ошондо да жума күн экен, анан алиги аман деле кала турган киши аман калышына эки ооз сөздү айтпай кашайып коюптур...

## II

Иерусалимде ошол күнү эртең менен эле лаулдап ысык башталды, күндүзү аябай аптап болчудай. Ирод сарайында мармар колоннаданын түбүндөгү Арка террасасында сапекчен[1] буттарын серүүндөтүп турар айдарым салкын жүрүп тургандыктан прокуратор Понтий Пилат өзү отурар орундукту ошерге койдурду. Чоң бактагы бийик өскөн шыңга бой мырза теректердин төбө жалбырактары шуудурайт. Быйыл негедир жалбырактар эрте саргайды.

Сарайдын ушул Арка террасасы турган таш курама бийиктен шаар алакандагыдай көрүнөт. Бүгүнкү ысыкка аба эмитен закымданып, шаардын элеси эрип бараткансыйт, алыс жакасындагы бозомук чөлгө сиңген, демейде даана көрүнчү чектери да мунарыктап көзгө араң илешет.

---

[1] с а п е к ч е н – сандалин бут кийим.

Бүгүн эртеден бери ушул адырдын үстүндө көрүнбөгөн жип менен асманга байлап койгондой канатын жайып, шаңшыбай-этпей жалгыз куш каалгып учуп жүрөт, ар бир айланып келген сайын чоң бактын үстүнөн өтөт. Бүркүтпү же айры-куйрукпу, айтор, үп болуп турган асманда башка куш минтип эчтемени тоготпой көпкө каалгып жүрө албас эле. Улам бир бутуна салмагын салып коюп маңдайында турган Иисус Назаряниндин кушка көз чаптырганын байкап калган прокуратор кыжырлана түштү, атүгүл ыза болгонсуду. Ызырына мыскыл сүйлөдү:

– Көзүңдү кайда чаптырып калгансың, Иудеянын падышасы? Ал каалгый тегеренген сенин ажалың?

– Ал баарыбыздын үстүбүздөн тегеренип жүрөт,– деп Иисус өзү менен сүйлөшүп жаткандай акырын айтты да, асты карайып каканактап чыккан көзүн эриксизден алаканы менен сылап койду. Кечээ аны синедриондун сотуна базардын жанынан алып өтүп баратканда динчилер менен аксакалдардын айдактоосу менен көпчүлүк журт жабалактап келип, төпөштөп салган. Бирөөлөрү аябай уруп жатты, башкалары бетине түкүрүп жатты, дин улама Каиафанын кишилери аны аябай жек көрөрүн Иисус мына ошондо түшүндү. Түшүндү да Иерусалимдин сотунан ага эч кандай жакшылык болбостугун билди. Анын селсаяк экенине кадик кылбагансып, храмдарда жана аянттарда анын насыяттарын дем чыгарбай, кулак түрүп уккандар ушулар эмес беле, кодигин ээрчиткен көк эшегин минип алып, ал шаардын капкасынан кирип келатканда шаңдана тосуп чыгып, эшегинин бут алдына гүл ыргытып, ак ниеттен: «Давид Уулуна осанна! Көктөн тилеген осанна!» – деп ураан чакырып турчулар ушулар эмес беле. Эми анын бири жок, жаалданган калың топтун ишенимсиздигине Иисус кадимкидей таң калды.

Прокуратор кыжырлуу эле, баарынан кызыгы – өзүнүн чечкиндүү бир бүтүмгө келбей маалкатып отурганы-

на кыжырлуу эле, Рим кошунунда согушуп жүргөн кезинде, төтөн кийин прокуратор болгондон бери анын мындайы жок болчу. Чын эле кызык да, синедриондун өкүмүн бекитип берип, артыкбаш түйшүктөн бошогондун ордуна минтип убактысын да, күчүн да коротуп отурат. Иерусалимдин дин уламасын муруттары менен кошо чакыртып алып, ме, өзүңөрдүн айыпкериңерди алгыла да, кандай бүтүм кылсаңар ошондой иш кылгыла деп колдоруна кармата бериш опоңой эле иш эмеспи. Бирок ошентип жөн кутулуштан Понтий Пилатты бирдеме кармай берди. Дегиңкиси, ушу маскарапоз көңүл бурар немеби?..

Бирок бул апендинин апендилигин кантесиң! Иуданын падышасы имиш, Кудайдын сүймөнчүгү имиш, Кудайдын адилет дөөлөтүнө жол көрсөтүш үчүн иудейлерге Кудай берген белеги имиш! Мунун убада кылган дөөлөтүндө кесарга да, кесарларга да, алардын жер-жерлердеги башкаруучуларына жана кызматын кылган синагогдорго да орун болбой, пенделердин баардыгы түбөлүккө теңдикте жана ырыстуу жашай берет экен. Дөөлөттүн улуу бийлигине кимдер гана көз артпаган, бирок мындай акылдуу, митаам, арамза чыга элек болчу. Дөөлөттүн баш бийлигине мындай неме жетип калгыдай болсо, айтканыңдай бийлик кылары бышык, анткени дүйнөдө турмуштун башка адилет жолу жок жана болбойт. Арам ойлуу бу неме ошонун баарын жакшы билгендиктен оюнун алигидей жүргүзүп жатпайбы! Ишенчээк карапайым элге жаңы Дөөлөт убада кылат... Ар ким бирөөнү өзүнүн шекшинчээктигине жараша баалайт деген чын болсо, азыр дал ошондой учур эле: ишке ашарына көзү жетпесе да жүрөгүнүн тереңине бекем сактап жүргөн ойлорун прокуратор азыр Иисустан көрүп отурду. Понтий Пилаттын кыжырын келтирген нерсе ушул, ошон үчүн айыпка жыгылып турган неме биресе кызыктырса, би-

ресе жинин кайнатат. Прокуратор ичинде Иисус Назаряниндин сырын ачтым го деп ойлоду: бу көзү ачык селсаяк жер-жерлерге бүлүк салып, элге жаңы Дөөлөт убада кылып, бар бийликти уратып, өзү кайра ошонун башына тургусу бар, эгедер болуп калгысы бар. Көрчү эргулду! Рим империясынын Кичи-Азия провинцияларынын акими Понтий Пилат өзү кыялданып, тагыраак айтканда, кыялдануудан өзүн тыйып жүргөн нерсени ушу жүдөгөн иудей кыялданат деп ким ойлоптур. Бай тажрыйба прокуратор селсаяк Иисусту бөтөнчө суракка алып отуруп, өзүн өзү ушинтип ишендирди, ушуга көндүрдү, ушу тыянакка жеткирди. Сурагынын бөтөнчөлүгү – улам өзүн анын ордуна коёт да, ченде жок узурпатордун ниетине жини келет. Ал ансайын жаалданып, күдүктүү ою күчөп, бирeсе Иисуска кечээ күнү эле Иерусалим синедрионунун аксакалдары бүтүм чыгарып койгон өлүм жазасына токтоосуз кол коюп бергиси келет да, бирeсе аны создуктуруп, ошондон ырахат алып, Иисустун ою менен иштеринин Рим бийлигине келтирер коркунучун түп тамырынан бери казып чыккысы келет...

Ободогу куш туурасында айтканында күнү бүткөн бу селсаяктын тартынбастан ачык айткан кошумчасы прокураторду кыжырлантып койду. Унчукпай эле койсо эмне болмок, же жагынгандай бирдеме десе боло, жок ажал баарыбыздын үстүбүздө айланып жүрөт дейт, бул эмнеси, өзүн жооткотконубу? «Карасаң, өлүмдөн чындап эле коркпогондой өз башына балээни өзү чакырып»,– деп Понтий Пилат ачуулана берди.

– Болуптур, сөзүбүзгө кайра кайрылалы. Эй шордуу, сени эмне күтүп турганын билесиңби? – деп сурады прокуратор чыйылдаган үн менен, кол жоолугун алып чыгып, майланышкан кызыл тору жүзүн, кашка башын, күржүйгөн чүйлүсүн аарчынып. Иисус жообун ойлонгуча тердүү салааларын бирден кайрып, кырсылдата бер-

ди, анын ушундай өнөкөтү бар эле. – Сени эмне күтүп турат, билесиңби деп сурап атам?

Иисус эмне күтүп турганын ойлогондо өңү кумсарып, оор үшкүрдү.

– Билем, Римдин өкүл-акими мени бүгүн өлүмгө кыймак, – деп араң айтты.

«Билет имиш!» – деп прокуратор басмырлай мыскылдады да, алдында турган ырысы жок пайгамбарды бутунан башына сыдыра карап койду. Бу караганында жек көрүү да, боору ооругандык да бар эле.

Иисус болсо бет алдында мойнун созултуп, самсаалаган узун чач башын шылкыйтып, тытылган кийимчен, жылаңаяк турат, кыязы, сапеги кечээги тополоңдо жоголгон го, анын артынан сарай террасасынын кашаа кычыктарынан алыскы адырдагы шаар үйлөрү көрүнөт. Прокуратордун алдында суракта турган немени шаар күтүүдө. Кара ниет шаар курмандыгын күтүүдө. Шаарга бүгүнкү ысыкта кандуу окуя керек, анын кара пейили бир силкинип жыргап алгысы бар,– мына ошондо көчө толгон көпчүлүк Ливиянын чөлүндө жаалданган арстан зебраны жара тартып жатканын көрүп, бирде улуп, бирде уруп турган чөөлөрдүн тобуна окшоп, өкүрүп-бакырып чыкмак. Понтий Пилат андай көрүнүштөрдү жырткычтардын арасынан да, адамдардын арасынан да көргөн, эми азыр мобу немени крестке кантип керишерин элестетип, ичиркене силкинип алды. Мына ушунда ал аяганын жашырбаган жеме менен мындай деди:

– «Билем» дедиң! «Билем» дегениң, азыр ооздун жели гана. Тыякка барганда чындап билесиң...

– Ооба, Римдин өкүл-акими, ошону билгендиктен, ойлой калганымда аза боюм титирейт.

– Сөздү бөлбөгүн да, а дүйнөгө шашылбагын, жетишесиң. – Оюн айтып бүтүрбөгөнгө прокуратор наразылана күңкүлдөдү.

– Байкоостон сөзүңү бөлгөн болсом, кечирип кой, аким,– деп Иисус ызаат этти. – Шашылганым жок. Мен дагы жашасам деймь.

– Бирок оозго алгыс сөздөрүңөн баш тарткың жок да? – деп прокуратор матай сурады.

Иисус эки колун жайып, эки көзү баладай бейдарман умсуна жалжылдады.

– Баш тартар эчтемем жок аким, ал айткандарым Атамын нускасы, Атамын эрки менен болуп, элге сөзүн жеткириш парзым.

– Кайра эле баягыңбы,– деп Понтий Пилат кыжырлана үнүн көтөрдү. Кочкор тумшук, тегерете бырыш баскан тасма эриндүү жүзүнө жексур суук көлөкө түштү. – Канчалык анткорлонгонуң менен мен сени ичи-койнуңду аңтара көрүп турам,– деп каяша айткыс кылып сүйлөдү. – Чын-чынына келгенде Атамдын сөзүн элге жеткирем дегениң, каратаман элдин башын айлантып, өзүңө тартып алуу да! Каратамандарды бейбаштыкка шыкактоо да! Мен да адаммын, балким, Атаңын сөзүн мага да жеткириш парзыңдыр?

– Римдин өкүл-акими, сен азыр ага зар эмессиң, анткени азап чеккен жайың жок, ошон үчүн турмуштун башкача курулушун тиленбейсиң, зарланбайсың. Сенин Кудайың да, ариетиң да – бийлик. Бийлигиң болсо – улук. Андан улуу нерсенин сага кереги жок.

– Туура. Римдин бийлигинен улук нерсе жок. Сен ушуну айткың келди окшойт?

– Минтип сен ойлойсуң, аким.

– Акылдуу адамдар дайыма ушинтип ойлогон,– деп прокуратор кечиримдүүлүк кылгансып сөздү оңдоп койду. Анан минтип насаатын айтты: – Кесарь – Кудаа эмес, бирок Кудаадан жудаа эмес деп бекер айтылбайт. Эгер башкача десең мени ошо башкачаңа ынандырчы. Кана! – деп Иисусту мыскылдай тигиле тиктеди. Мен өкүл-аки-

ми болуп турган Рим императору Тиберийдин атынан бу дүйнөнүн мезгил менен мейкининдеги кээ бир нерселерди өзгөртүп коюшка бийлигим жетет. Сен ушу бийликке өзүң гана алып жүргөн башка бир улуу күчтү, башка бир акыйкатты каршы коюп жатпайсыңбы. Ошонуң өтө кызык экен, аябай кызыктуу. Болбосо, сени буерде кепке кармап отурбайт элем. Синедриондун өкүмүн качан бекитип берет деп шаарда күтүп жатышат, чыдамы кетип атат алардын. Эмесе, жообуңу бер!

– Эмне деп жооп бермек элем?

– Кесарь Кудайдан кем деген оюңа ишенесиңби?

– Ал күнүмдүк пенде.

– Пенде экени чын. Бирок анын көзү тирүүсүндө адамдар үчүн кесардан ашкан Кудай барбы?

– Бар, Римдин өкүл-акими, тирүүлүктүн башкача ченемин алып карасак, бар.

– Мени аябай күлдүрдүң деп деле айта албайм,– деп кытмыр кейимиш болуп, түксүгүй кашын керип койду Понтий Пилат. – Бирок бул өзү күлө турган нерсе эмес, ошондуктан мени ишендире албайсың. – Ким сага ишенип жүргөнүн билбейм да, түшүнбөйм.

– Кылымдап адилеттик издегендер, кордук көргөндөр мага ишенет, менин окуумдун үрөнү азапка эзилип, көз жашка сугарылган жерге түшкөндө дүркүрөп өнүп чыгат,– деди Иисус.

– Жетишет! – деп үмүт үзгөндөй кол силкип койду прокуратор. – Убакытты бекер коротуп эмне.

Экөө тең, ар кимиси өзүнчө ойлонуп, унчукпай калышты. Иисустун кан-сөлү качкан бетин калың тер басты. Бирок ал терин алаканы менен да, айрык хламидасынын жеңи менен да аарчынган жок – коркконунан жүрөгү опколжуп, алкымына тыгылып, мончоктогон тер бети ылдый куюлду, тарамыштуу бутунун жанына, мармар плитага тыпылдап таамп жатты.

– Мына ушундан кийин мен, Римдин прокуратору эркиндик берсе дейсиңби? – дегенде негедир Понтий Пилаттын үнү кирилдеп чыкты.

– Ооба, кең пейил аким, бошотуп жибер мени.

– Бошонгондо эмне жумуш кыласың?

– Кудайдын сөзүн жайып, жер кезем.

– Тапкан экенсиң акмакты! – деп прокуратор бакырып, ачуусуна чыдабай ордунан ыргып турду. – Сенин ордуң крестте керилип туруу экенин, өлүм гана сени тынчытарын мен эми түшүндүм.

– Жаңылышасың, дөөлөтүү аким, рух алдында өлүм алсыз,– деп Иисус так, ачык айтты.

– Эмне? Эмне дедиң? – Понтий Пилат уккан кулагына ишене албай таң калып, Иисуска жакындады. Жаалына таң калганы аралашып, бетине кара-күрөң темгилдер жаба берди.

– Кулагың укканын айттым, аким.

Абадан кере жутуп, бирдеме айтмакчыдай Понтий Пилат колун асманга серпти эле, ушу маалда атчан аскерлердин такалуу өтүктөрүнүн түрсүлдөй басып келаткан дүбүртү угулду.

– Сага эмне? – деп катаал сурады прокуратор кандайдыр бир пергамент сунганы келаткан легионерди.

– Сизге берүүнү буюрган,– деп шак-шак айтты да, ал шарт кайрылып басып кетти.

Ал Понтий Пилатка жиберген зайыбынын каты болчу: «Прокуратор, жарым, суранам, элдин айтуусуна караганда Христ деген атка конгон бу селсаякка орду толбос зыян келтирбе. Ал өзү мойсопут момун, ар кандай сыркоодон айыктырган дарыгер дешет баары. А жанагы Кудайдын уулу экен, мессия экен, Иудеянын падышасы экен деген сөздөр элдин аңызы окшойт. Андай экен-бекенин мен айта албаймын. Бу иудейлер тажаал, оопай эл экенин өзүң билесиң. Чынында эле ошондой болсочу?

Кара жексур калктын оозундагы сөз көбүнесе чын чыгып жатпайбы. Бу жолу да ошондой чыкса өзүң каргышка калып жүрбө. Калың эл дүрбөп анын артынан ээрчип калганы үчүн жергиликтүү синагоганын жамааты жана шаардык аксакалдар чочулап, аны жаманатты кылып, караңгы көпчүлүктү айдактап коюшкан дешет. Кечээ күнү эле этегине жыгылып, ага чокунуп жаткандар бүгүн ташка алып урушту. Понтий, эгер сен ошо дубананын өлүм жазасына тартылышына макулдугуңду берсең акыр-түбү жаманаттысы сага тиеби деп ойлойм, жарым. Биз Иудеяда түбөлүк турмак белек. Мен сени Римге кадыр-баркың менен кайтса дейм. Жамандык кылба. Бая күзөтчүлөр алып бараткaнда көрдүм аны, сулуу неме турбайбы, тим эле кудай. Баса, алтүндө бир түш көрүпмүн. Анан айтып берем. Мааниси терең түш. Өзүңө жана укум-тукумуна каргыш калтырба!»

– О, кудайлар, кудайлар! Кайдан каарыңарга калдым? – деп Понтий онтоп жиберди да, бая эле көп сөз ыйкытыйкысы жок эле бу экестүү, ээликкен калп пайгамбарды айдоочулардын алдына салып, Иерусалим соту талап кылып жаткан өлүм жазасы аткарылчу шаар багынын үстүндөгү дөбөгө айдатып жибербей деп дагы бир өкүндү. Мына эми зайыбы да анын прокуратoрлук жумушуна кийлигише баштады. Бул иштин Понтий Пилат Иисус Христтин артында турган күчтөрдүн жашыруун аракети болбосо да, асман күчтөрүнүн каршылыгы көрүнүп турат деп билчү. Бирок асмандагы кудайлар жердеги иштерге анча деле кызыга бербейт, а зайыбы болсо саясатты анча деле териштирбейт. Кесарларды сөгүп жүргөн шектүү бир селсаяк Иисус үчүн Римге берилген, ишенимдүү дин улама Каиафа менен иерусалимдик төбөлдөрдүн каршылыгын туудуруп эмне кылат? Мобу неме кудай түспөл сулуу экен дегени эмнеси? Жаш экен. Болгону ошол. Эч кандай сулуулугу деле жок. Мына топо-

лоңдо таланган иттей болуп алдында турат. Ушундан эмне касиет таап жүрөт зайыбы? Прокуратор каттын маанисин ойлонуп бир аз басты да, кайрадан креслосуна үшкүрүнө отурду. Ал ортодо дайыма кысталышта келе калчу бир ой дагы келди: адамдардын пастыгы эмей эмине – итчилик кылышат, сийип-чычышат, кошоктошо калышат, туулушат, өлүшөт, кайра туулушат, кайра өлүшөт, канча жамандык менен сары зилди ниетинде дайым ала жүрүшөт, анан ушунчалык жийиркеничтүү арамдыктын ичинен болбой эле кээде көсөмдүк пайгамбарлык, рухтун албууттанган актыгы суурулуп чыга келет. Мына мобуну эле алалычы,– өзүнүн түпкү назилине ушунчалык ишенип алыптыр, өзүндө эмес, түшүндө жашап жүргөндөй. Жетишер эми, муну эсине келтириш керек. Болду!

– Ошондо да мен муну билгим келет,– деп прокуратор дале бир ордунда унчукпай турган Иисуска кайрылды. – Макул, сени ишенчээк элдин ичине дүрбөлөң салып жүргөн арам ойлуу азезил эмес, олуя дейли, адилдиктин Дөөлөтү жөнүндө айтып сен кесардын дүйнөнүн ээси болоруңа шек келтирип жатасың, макул, сага ишенип эле коёлу, бирок муну айтчы: өлүмгө тартынбай бараткanda бел тутканың эмне? Сырыңы айтчы, ишенгениң эмне? Эгер сен ушинтип израил элинин дөөлөтүнүн чокусуна отурам десең, мен аныңы жактырбайм, бирок түшүнөм. Өзүң конуп отура турган бутакты эмнеге кыркып жатасың? Кесардын бийлигин танып жатып, өзүң кантип кесарь болмоксуң? Сени азыр аман калтырыш, же өлүмгө кыйыш менин колумда турганын билесиң. Эмнеге унчукпайсың? Коркконуңдан тилден калдыңбы?

– Ооба, Римдин өкүл-акими, мыкаачы өлүмдөн коркуп турам. Анан кесарь болоюн деген да түк ниетим жок.

– Анда шаардын баардык аянттарына чыгып тообо кыл, өзүңү айыпта. Калп көсөм, калп пайгамбар экени-

ңи мойнуңа ал, каратаман калкты курулай үмүткө азгырып өзүңө жуутпас үчүн мен Иудеянын падышасымын деп ишендирбе. Эч кандай адилдиктин Дөөлөтү болушу мүмкүн эмес. Бар нерсе адилет. Дүйнөдө император Тиверий бар, дүйнө түзүлүшүнүн козголбос түркүгү ошол. Адилеттиктин Дөөлөтү орнойт деген сөздөрүң менен элди бу түзүлүшкө нааразылантып жатканың – куру сөз! Ойлон! Өзүңүн да, башкалардын да башын оорутпа, айлантпа! Рим императору чочулагыдай сен кимсиң. Иудеянын жеринде сага окшогон белгисиз селсаяктар, шектүү пайгамбарлар, базардагы бакырчактар толуп жүрөт. Бирок сен азгырыгыңды насыят окууң менен жайылттың, силердин дин уламаңар ошого жапа чегип жатат. Демек, сен калпыңды ач. Өзүң Сирияга, же дагы бир өлкөгө ооп кет, антүүңө Римдик прокуратор – мен жардамдашам. Кеч боло электе көнгүн. Эмне дагы унчукпай калдың?

– Римдин өкүл-акими, экөөбүз ушунчалык эки башкабыз, ошол үчүн бирибизди бирибиз түшүнүшө албайбыз. Акыйкат куурап, сени менен кесарь экөөңө пайдалуу болсун үчүн мен Кудайдан насыят окуусунан баш тартып, жанымды жемек белем?

– Табышмактатпа, Римге пайдалуу иш баарынан улук.

– Баарынан улук акыйкат, ал бирөө гана. Эки акыйкат болбойт.

– Дагы амалданып атасыңбы, селсаяк?

– Башта дагы, азыр да амалданган эмесмин. Менин жообум болсо мындай: биринчиси – акыйкат деп айткан сөзүнөн тануу, кечүү жарабайт, аны өзүң көздөп айткан соң; экинчиси – каралаган айың сөздөн актаныш үчүн кылган ишиңен танып-кечип, көкүрөк койгулаганың жарабайт. Айың сөз калп болсо, өзүнөн өзү өлөт.

– Бирок ага чейин сен өлөсүң, Иудеянын падышасы! Демек, кутулуштун жолу кандай болоруна карабай сен өлүмгө баратасың?

– Мага калган кутулуштун жолу ушул гана.

– Кайсы кутулушка? – деп түшүнө албады прокуратор.

– Дүйнөнүн кутулушуна.

– Апендисинбе! – деп Понтий Пилат чыдабай кетти. – Демек, сен өлүмгө өз ыктыярың менен баратасыңбы?

– Башка жолум жок болгон соң, ошондой.

– Ой, кудайлар, кудайлар! – Прокуратор чарчагандай кобурап, чекесин тереӊ чийген бырыштарын сылады. Күн аябай үп болуп турат го, бузулабы? – деп дагы өзүнчө күңк эттип алды. Анан өзүнчө бүтүм чыгарды: «Ушунун баарынын мага кереги эмне? Жакшылыгын түшүнбөгөн немени жактап эмне кылам? Мен да бир апендимин!» Анан жарыя айтты: – Андай болсо менин тиешем жок! Мен кийлигишпейм!

– Эрк өзүңүздө, аким,– деп Иисустун башы шылкыйды.

Экөө дагы унчукпай калышты. Сарайдын кашаасынан сырткары, дүпүйгөн бактан ары, үп басып турган шаардын көчөлөрүндө жана Иерусалимдин адырында жаман жоруктуу тунжураган тынчтык мына азыр жарылып кетчүдөй болуп көөп келатканын экөө тең туюп тургансыды. Азырынча экөөнө ал тараптан эртеден бери адам, мал – унаа, көлүк мал аралашып кеткен чоң базарлардын гүү-гүүсү угулгансыйт. Бирок бул эки дүйнөнү бөлүп, жогоркусун төмөнкүсүнөн коргоп турган күч бар эле – тосмонун нары жагында легионерлер басып жүрүштү, андан төмөнүрөөк токой ичинде атчан аскердин курчоосу бар. Аттардын чымындан коргонуп шыйпаңгандары да көрүнүп турат.

Кийлигишпестигин айтып, прокуратор жеңилдене түшкөнүн сезди. Эми өзүн өзү жооткотор сөзү бар: «Колуман келгенин аябадым. Кудайлар күбө, насыят окуусун өз өмүрүнөн кымбат көрүп, көшөрүп туруп алуусуна

матаган жокмун. Өзү баш тартпай койгон соң ошондой болсун. Бизге кайра ошонусу жакшы. Өзүнө өлүм жазасынын өкүмүн өзү бекитти... «Ушуну ойлоп, Понтий Пилат зайыбына да жооп камдап жатты. Алдын-ала чечилген тагдырынын бүтүмүн билинер-билинбес күлүмсүрөө менен күтүп турган Иисус Назарянинди кыя карап, дагы муну ойлоду: «Бу кишинин оюндагысы эмне? Өзү кайра тарта албай калган акылман насыят окуусу эмнеге турарын түшүнүп, эми ичинен сыздап өкүнүп тургандыр. Өз капканына өзү түштү. Эми чыгып көр: баардык жерге, бүт адамзат тукумуна, түбөлүккө – бир гана Кудай дейт. Бир ишеним. Адилеттиктин бир дөөлөтү дейт. Максатын кара! Ар кимдин каалаганы ушул эмеспи, ошонусу менен уткусу бар! Бирок турмуш мына ушинтип үйрөтөт, ашкере митаамдыкты ушинтип жазалайт. Жете тегинен буюрбаган такка кол салгандын, сук арткандын акыры ушундай болот. Көздөп алганын карасаң! Каратамандарды дүрбөлөңгө дүүлүктүрүп, кесарларга каршы көтөрүлтүп коймок, анан элден элге өтүп, кара тумоосу дүйнөгө тарамак. Эзелтен орноп калган дүйнө тартибин аңтар-теңтер кылмак. Тобокели тоодой! Баш болбосоң коё кал! Жок, мындайды тирүү калтыруу болбойт. Сыртынан карасаң таяк жеп шүмүрөйгөн бирөө, а ичиндечи – баштаган балээсин, мындай укмуш ой улуу акылга гана кирмек. Ушу немеден ошол ой чыгат деп ким болжоптур!»

Ушул ойлорунан Понтий Пилаттын жаны жай алып келатты. Бул бүтүмүнөн кийин Иисус Назарянинге чыгарган соттун өкүмүн бекитип берүүсүн синедриондун атынан ачык эле талап кылып отурган дин улама Каиафа менен эми жагымсыз кер мур айтышпастыгын ойлоп, ага да жаны жай алды.

– Кабатыр болбо, акылман аким, уйгу-туйгу жаның жай алат, баардык жагынан сеники туура болот,– деди

Иисус прокуратордун сырын жандыргандай болуп.

Понтий Пилат итирeңдей түштү.

– Мени ойлоп сен кабатыр болбо,– деп Иисуска орой баркылдады. – Мен үчүн Римдин дөөлөтү баарынан улук, сен өз жаныңды ойлон, шордуу!

– Кечир, улук аким, бу сөздөрдү жарыя айтканым бекер болуптур.

– Дал ошондой. Кеч болуп калгандан кийин өкүнбөскө дагы ойлон, мен бир азга жок болом, кайра келгенимче чечимиңди өзгөртпөй турган болсоң, мен акыркы сөзүмдү айтам. Иудеянын падышасымын, дүйнөнүн түркүгүмүн, менсиз жер үстүндөгүлөр кор болор деп кекирейбе. Тескерисинче, баары сенин пайдаңа каршы чыгып жатат. Убактың да бүтүп калды. Эми же жаныңан кеч, же илимиңен кеч! Түшүндүңбү?

– Түшүндүм аким...

Понтий Пилат ордунан турду да, кең тогасынын ийинин оңдонуп, төркү бөлмөсүнө кетти. Кажырлуу, чоң башы кашка, дөөлөттүү, өз даражасы менен алибетине ишенген жан. Арка террасасын бойлой басып баратканда бийлик жеткис бийикте каалгыган алиги кушка дагы көзү түштү. Бул өзү бүркүтпү, же ошо түрдөгү куштардын башка бириби, дале дааналай албады, ага кейиген жок, тетигинтип кол жеткис, баш ийгис бийикте жүргөнү, же аны үркүтүп, кууп жибере албастыгы, же чакырып алалбастыгы көңүлүндө сызылды. Карасаң, айланат эле айланат, эчтемеден бейкапармын дегенсип, прокуратор кашын өйдө серпип, акшыя карап койду. Өзүнчө эле асмандагы император деп дагы ойлоп койду. Императордун улуулугунун белгиси да болот канат, өткүр көз, кажырлуу ийри тумшук бүркүт болуп турганы бекер эмес тура. Император да ушундай болмогу эп! Бийикте баарына көрүнөө, бирок эч ким жете алгыс... Ошол бийиктен дүйнөнү бийлеп, эч кимди, эч нерсени теңине албайт.

Императордун кудайлары да башкалардан бөтөнчө, карамагындагыларга кайдыгер, аларды жек көргөн кудайлар болуу керек. Мына күчтүн күчү ошондо, мына калтаарыткан бийлик ошол, мына дүйнөнүн курулуш тартиби ошол. А тиги Назарянин болсо, көшөрүп өз илимин жактап, император менен кулду бир тең кылгысы бар, анткени дейт, Кудай бирөө гана, баардык адамдар Кудай алдында бирдей, адилеттиктин Дөөлөтү баарыга тең келет дейт. Элдин эс-акылын дүүлүктүрүп, каратамандарды дүрбөлөң кылып, дүйнөнүн тартибин өз билгениндей кайра кургусу бар. Жыйынтыгы эмне болду? Ошол өзү дүрбөткөн калың эл калп көсөм деп, калп пайгамбар деп, алдамчы шүмшүк деп, кайра өзүн ташка алып, бетине түкүрдү... Анткен менен бул эмне деген киши деги? Үмүтү үзүлүп, күнү бүтүп турган ушу турушунда да ал жеңилбей эле башка бирөө жеңилгендей...

Рим императорунун өкүл-акими, жарым император дегидей, неси болсо да Жер-Ортолук деңизинин бир жээк аймагын сурап турган прокуратор Понтий Пилат Иисус Назарянинди бир азга жалгыз коюп, туңгуюктун кыр мизинде турганын сезсин деп таштап кетип бараткханда ушуларды ойлонду. Мунун рухун сындыруу керек, басынып жер боортоктоп, баары бирөө гана деген Кудайдан кечсин, жалпы теңдик деген илиминен кечсин, ошого жеткирип, анан бели кайрылган немени израил жеринен ыргытып салыш керек – тентип кайда барса анда барсын, эрме чөлдө өзү өлөт, же көңүлү калган өзүнүн шакирттери эле жадагандан жайлап салат...

Өзүнүн күдүктүгүн териштирген бай тажрыйба аким Понтий Пилат жаңы чыккан эл бузарды түп-тамырынан бери жулуп таштоонун эң туура, эң керектүү жана көпчүлүккө эң көрүмдүү жолун издеп, ушуларды ойлонду. Арка террасасынан кетип баратып, жазага тартылган неме баарын ойлоп чыгып, ал кайрылып келгенде бут

алдына жыгылат деп күткөн. Ушул чукул убакта бу таңаз киши минтип такыр ойлогон жок, башкача ойлонду, эртегисин эскертүүгө түшүп кетти – бул тирүүлөрдүн өмүр менен коштошор босогосундагы бир ырахаты экенин прокуратор билсе кана...

Прокуратор тигиндей баса берер замат каптал оюктардан төрт сакчы чыкты да, тиги неме качып кетчүдөн бетер Арка террасасын бойлото туруп калышты. Иисус жакыныраак турган легионерге кайрылды:

– Отурсам болобу, кайрымдуу сакчы?

– Отур,– деп сакчы найзасынын түбүн таш полго бир урду.

Иисус дубал түбүндөгү мармар кырга көчүк басты, куюлушкан узун кара чачтары бетин эки жактан кыюлап, шапая түшкөн кубакай жүзү муңайып, далысы ийилип отурду. Көзүн алаканы менен жаап, ойго чөгүп кетти. «Суу болсо, кана бир ичсем,– деди оюнда,– дарыя болсо, сергип бир түшсөм». Элесине агып жаткан суу келди: жээкти жалмалап, чөптөрүн тарап, шылдырайт... шылдыраганы калактын шилегениндей болот... калак шилеп, кайыкты ал отурган жээкке айдап келет... кайыктагы бирөө аны түш деп кол созот, алыска сүзгүзүп кетейин дейт. Ал энеси болучу, уулунун тагдырына элепжелеп болуп коркуп келген. «Апа! деди ал эриндери араң кыбырап. – Апа, жаным жаман кыйналды! Өткөн түнү Гефсиманиянын Маслиналуу адырында кара түндөй думуктурган кусалыктан жанымы коёр жер таппай, шакирттерим менен уктабай таң атырдым, ага деле болбой түпөйүл коркунучтун оордугунан кан аралаш тер чыкты. Ошондо мен Жаратканга, Асмандагы Атама тайындым: «Ата! – дедим. – О, эгер сен ушу насибиңди мага буюрбай эле койсоң болор эле! Бирок эрк өзүңдө. Сенин эркиңдей болсун». Эми мына, кырына жете кылкылдаган азаптуу кесе өтүп кетпей, буйтап кетпей, кайрылгыс

болуп жакындап келет, анан сен өзүң да алдын-ала көрүп-билип турган жорук болот. Эгер ошондой болмок болсо, анда, о кудай, жаным апа, мени төрөгөн, мага жан берген апа, уулуңдун бешенесине жазылганын биле жүрүп, ушунча жылдан бери мени кандай үмүт менен өстүрдүң? Кудайдын каалоосу боюнча бүгүн жаным өлүмгө кыйыларын биле жүрүп, күндөрдүн эң бир жаманы, эң бир шордуу күнү, анткени адамга өз өлүмүнөн ашкан азап жок, ал эми жүрөк алдынан чыккан тукуму, баласы көзүнчө өлүп бараткaнын көрүп туруу энеге эки эсе азап ушунун баарын биле жүрүп кантип өстүрдүң экен... Кечир мени, эне, сенин тагдырыңды мен белгилеген эмесмин, Көктөгү улуу Атам, кейиш кылбай көңүлүбүздү Ага буралы, Анын эрки болсун!»

Энеси Бүбү Маржаны эстеп алып, беш жашар бала чагындагы башынан өткөн бир окуя көз алдына келди. Ал кезде ата-энеси Мисирде турчу. Аякка барып калышкан себеби – Иисус төрөлгөндө бу бала келечекки Иисус Христ, Иудеянын падышасы болот деп айтып коюшат. Аны уккан Ирод болочокто падыша боло турган баланы өлтүрмөк болот, ошондо ата-энеси наристени Мисирге ала качып кетишет... Ошентип Мисирде жүргөндө бала бешке чыгып калган кези экен, алар турган жерге жакын бир чоң дарыя агып өтчү экен, балким, ошо дарыя Нил чыгар, аябай жайылып аккан улуу дайра экен. Ошо жээктеги башка аялдарчылап Бүбү Маржа да баласын ээрчитип алып, жээкке барып, жууган кирин чайкачу. Экөө жээкте отурган ошол күнү бир карыя кайыкта сүзүп, экөөнүн жанына келет, мээримдүү учурашат. «Атасы! – дейт анда Маржа. – Кайыгыңа менин уулуму салып алып, ойнотуп келе аласыңбы? Бала неме кайыкка сүзөм деп ыйлап жатат». «Ооба, Бүбү Маржам, – дейт карыя,– сен кичинекей Иисусуңду ойнотуп алсын деп мен атайы кайык айдап келбедимби». Карыя өзүнүн да, баласынын

да атын билгенине Маржан таң калбады, тегеректеги кишилердин биридир деди. Бирок кайыкка түшүп, карыяны калак алыңыз дегенде ал көздөн кайым болду. Баланын кайыкка сүзгүсү келгени ушунчалык эле, так секирип ойноп, апасын шаштырып жаткандыктан Маржа алиги укмушту деле элес алган жок. Ошондо Маржа кирин жээктеги бир ташка таштады да, баласын алып кайыкка отургузду, өзү кайыктын боосун чечип, тайыз жерден түртүп барып, анан түштү да, баласын тизесине алып, экөө агым менен сүзгөн бойдон кетишти. Жээктен алыстабай мелмилдеген суу бетинде жыбылжып сүзүп баратыштын өзү не деген ырахат – жээкке жакын тайыздан камыштар баш ийкешип, гүлдөр жайнайт, кызыл-тазыл беренделер бадалдан уча-конуп сайрап, чаарала. Не деген укмуш керемет! Маржа көңүлү балкып акырын ырдап баратты, баласы кайыкта сүзүп бараткынына маашыр. Маржа ал ансайын кубанычтуу. Түшкөн жерден анча деле алыс кетишкен эмес, жээктен деле оолактабай баратышкан, бирок ал аңгыча тайызда тарбайып жаткан бир дүмүргө жан кирип, сууну толкундата кайнатып, экөөн карай сүзүп жөнөдү. Ал чоң крокодил экен, тостойгон көзү экөөнө жутунуп келатат. Бала корккону-нан бакырып жиберди. Маржа нес болуп, эмне кыларын билбей селейип калды. Крокодил куйругу менен бир чаап, кайыкты аз жерден коңторуп сала жаздады. Маржа калакты таштап салып, баласын бооруна кысты. «О, Кудай! – деп зарлап ийди. Бул ошол! Сенин Иисусуң! Сенин бергениң! Таштаба муну, Кудай! Куткарып кал!».

Аялдын эси чыкканы ушунчалык эле, көзүн чылк жумуп, Ааламдагы бардыктын Баары болгон, жана да баласынын Көктөгү Атасы болгон Эгеге жалдырап-жалбарды: «Бизди таштаба, мунун али сага кереги тиер! – деп чыңырды. Кайыкты болсо эч ким башкарбай алиги крокодил тумшугу менен түртүп алыптыр. Бир маалда

Маржа көзүн ача салып, кубанганынан бакырып жиберди: караса бирөө атайы апкелгенсип, кайык жээкке жетип такалыптыр, крокодил кайрылып алып, сүзүп кетип баратат. Маржа эс-учун жыйбастан кайыктан секирип түшүп, жээк бойлой кубанганынан бир ыйлай, бир күлө чуркады. Бекем кыскан боорундагы баласын көз жашы менен жууп, өпкүлөп барат: «Иисус! Иисус! Жаркыраган чырагым, уулум! Атаң сени тааныды! Ал сени куткарып калды! Сени куткарып калган Атаң! Ал сени сүйөт, сен Анын сүйгөн уулусуң, Иисус! Сен акылман болосуң, Иисус! Сен олуя болосуң, Иисус! Элдин көзүн ачасың, Иисус! Эл сени ээрчийт, Иисус, сен да элден эч качан, эч качан кечип кетпейсиң!» «Аялзаттын ыйыгы» ушинтип ыйлап кошуп, ырдап кубанган экен.

Кудайдын Уулу сыйкырдуу сыр менин кутулганына ушинтип ыйлап кошуп, ырдап кубанат эне. Ироддон корголоп, баласын Мисирге ала качкан жыгач уста Иосифтин өсүп келаткан Иисусу ким экенин эл билсин деген Кудайдын белгиси болчу ал сыйкырдуу сыр, аны Эне байкас албады. Анткени Маржа баласын кучактаган бойдон жээкке секирип түшүп, чуркап жөнөгөндө кайык да көздөн кайым болгон, агым алып кеттиби, белгисиз. Жээкте кир чайкап отурган катындар Маржанын чыңырган үнүнөн улам жетип келишип, Маржа чуркап келатканда төбөсүндө айым нур балкып келатты деп айтып түгөтө албай жатышты. Баары ошого кубанды. Анан кичинекей Иисус апасынын ууз жытын кере жыттап, мойнунан бек кучактап: «Апа, мен чоңойгондо жанагы крокодилди куйругунан кармайм, экинчи бизди коркутпай жүрсүн», – десе, тегеректеген катындардын баары жетине албай күлүшкөн. Баланын сөзүнө күлүп алышып, кайыктын ээси ким болду экен деп ой жоруй кетишти. Териштирип көрүшсө, бу чөлкөмдөн алигидей чалды эч ким билбейт экен, кийин да эч ким көрбөптүр. Жыгач

уста Иосиф табышмактуу ал кайыкчыны таап, акысын төлөп, кечирим сурайын деп далай убара болду, бирок таппады...

Мисирде жүргөндө бала Иисустун башынан ушундай бир окуя өткөн болучу. Эми Арка террасасында отуруп, энесинин башына салар кайгыдан улам кечирим сурап, ошону эстеди. «Мен сени менен коштошуп жатам, эне,– деди ал энесине, – мени өлтүрөр маалда сага кайрыла албай, же жетише албай калсам таарынба. Өлүмдөн корком, ошондон улам бүгүнкү аябаган ысыкка карабастан бутум муздап барат. Кечир мени, эне, мага кыйын чакта сен өз тагдырыңа наалыба. Кайрат кыл. Менин болсо Жараткандын эң азаптуу оор жүгү болгон адамдардагы акыйкатка жетер колум өз өлүмүм аркылуу. Адамдарга жетер башка жол буюрбаптыр. Мен аларга баратам. Кечир, эне, кош, апа! Кап, баягы крокодилди мен ушинтип, куйругунан кармай албай калдым. Крокодилдер экиүч адамдын өмүрүнчөлүк узак жашайт дешет, кармасам деле кайра коё бермекмин... Жашай берсин... Дагы бир эске түшкөн нерсе, апа, баягы кайыкчы карыя болуп көрүнгөн периште болсо, тиги дүйнөдө, балким, аны менен жолугуп калармын... Ошол окуя эсиңе түшөр бекен? Шыбырт угулду, эриксизден мага баш кесер болгон Понтий Пилат келатат. Кош, эне, эртелеп кош айттым».

Понтий Пилат кеткен калыбын жазбай Арка террасасына керкейе басып кайра келди. Сакчылар жылт коюп жок болушту, террасада экөө кайрадан көзмө көз калышты. Ал келатканда ордунан турган Иисусту сынай карап коюп, курмандыкка чалынчу жан акыркы чегине өзү жакындап келатканын, иш ойдогудай баратканын туйду. Андыктан адегенде эле жалпайта чаппай, жоошута сүйлөөнү туура көрдү.

– Байкоомдо сөзүбүз аяктаган окшойт, – деди Понтий Пилат басып келатып. – Кандай, айныган жоксуңбу?

– Жок.

– Бекер кыласың! Ойлон дагы!

– Жок! – деп баш чайкады Иисус. – Кандай болмок болсо ошондой болсун.

– Бекер кыласың! – деп кайталады Понтий Пилат, бирок бу жолу жумшагыраак айтты, себеби Иисус Назаряниндин кебелбеген чечкиндүүлүгү анын бүттү го, бүтүрө коёюн деген оюн тайсалдатып салды. Бирок ошону менен бирге Иисус айтканынан кайтып, амандыгын каалап, жансоогалап калмагын каалабады. Иисус аны айттырбай билди.

– Кыйналба,– деди ал момун жылмая. – Айткан сөзүң ак ниетиңен чыкканын билип турам. Өзүңү да түшүнүп турам. Менин да жашагым келет. Жоктукка жок болуп кетер алдында гана адам өз өмүрүнүн кымбаттыгын билет. Мен энеме жаным ачыйт, энемди кантип кыяйын, бала кезимен айтпай жүрсөм да энемен кымбат нерсе барбы. Бирок Римдин өкүл-акими, эсиңде болсун: сен бир кишинин жанын сактап калар элең дейли, ошонуң үчүн да сага чоң ыраазылык болмок. Мен болсом көптүн жанын сактап гана эмес, аны куткарып калышым керек, азыркы гана эмес, сен экөөбүздөн кийин жарык дүйнөгө келчүлөрдүн жанын дагы.

– Сактап? Куткарып? Өзүң жер үстүндө жок болсоң делеби?

– Ооба, мен адамдар арасында жок болсом деле.

– Өзүңөн көр, бу сөзгө биз кайра кайрылбайбыз,– деди чечкиндүү үн менен Понтий Пилат, эми дагы арылап тереңдеткиси келген жок. – Бирок менин акыркы суроомо жооп берчи... – деди ал кайра креслосунун жанына токтой түксүгүй кашын түксүйтүп ойлоно калып. – Азыр сүйлөшүүгө жарамдуусуңбу? – деди кайра сырдашкандай... – Эгер сиркең суу көтөрбөй турса кыйналба, мен сени кармабайм. Сени тиги дөбөдө күтүп турушат.

– Каалаганыңдай болсун, аким, мен сенин бийлигиңдемин,– деди да Иисус прокураторго тике карады. Дөбөдөгү күтүп турган балээден кенедей камыкпагансыган анын тунук көк көзүндөгү ойдун чогулган күчү Понтий Пилатты таң калтырды.

– Рахмат,– деп ал да күтүүсүздөн ыраазылыгын айтты. – Андай болсо, муну жөн гана ынтызарлык деп бил, акыркы суроомо жооп берчи. Эркин адамдардай сүйлөшөлү. Мен сага эч кандай көз карандылыгым жок, өзүң билип турасың, азыр сен толук эркиндиктин босогосуна барып калдың, андыктан ачык-айрым сүйлөшөлү,– деди ал өз ордуна отуруп жатып. – Айтчы, өзүңдүн шакирттериңе, жакындарыңа айттың белең, өзүң билесиң, мен сенин насыят илимиңе ишенбейм, демек, жашырбаса болот, сени керип өлтүрүшкөн күндө да үчүнчү күнү кайра сен тирилет имишсиң, тирилип алып, оңу келген бир күнү жерге түшүп келет экенсиң да, Каар сотун жүргүзөт экенсиң… азыр жашап жаткандарды да, кийин жарык дүйнөгө келчүлөрдү да, өлгөндөрдүн арбактарын да, адамзат жаралгандан берки муундардын баардыгын ошол Каар сотто жазалайт экенсиң… ушинтип жакындарыңа айттың беле? Мына ошол бу дүйнөгө сенин экинчи келишиң болот имиш. Ушундайбы?

Иисус сырдуу жылмайып койду, айтарың ушу беле дегенсип, мармар үстүндө жылаңаяк, улам бир бутуна салмагын салып, жооп берсемби-бербесемби деген кыязда ойлонуп калды.

– Иуда Искариот айтып жүрөбү? – деп сурады мыскылдуу. – Ага сен эмне тынчсыздандың, Римдин өкүл-акими?

– Иудаң ким экенин билбейм, мага ошентип айтышты кадырман кишилер, аксакалдар. Анда эмне, мунун баары куру сөзбү?

– Кандай ойлосоң – ошондой, аким,– деп Иисус сыртын сала жооп берди. – Сенин акылыңа жат нерсени эч ким таңуулабайт.

– Мен күлөйүн деген жокмун, чын пейилим, – деп прокуратор ишендирүүгө шашты. – Мындан кийин экөөбүз минтип маектешер мүмкүнчүлүк болбойт, ошон үчүн. Ушерден сени алып кетери менен кайра кайтар жолуң жок болуп калат. Мен бир нерсени гана билип алайын дейм, өлгөндөн кийин туулбай-этпей эле кайра жер бетине келип, өлүү-тирүү жандардын баарын соттош кантип болсун. Анан ал сот каерде өтөт, көктөбү, же дагы бир жайдабы? Сага ишенген адамдар жанынын түбөлүк тынчтыгы үчүн ал күндү кантип күтүшү керек? Мен бу нерсени кандай түшүндүм, уруксат болсо, оболу ошону айтайын. Сенин эсебиң жөнөкөй эле: ар бир адам аркы дүйнөдө да жайлуураак жашасам дейт, аны сен жакшы билесиң. Байкуш пенде илгертен бирдемени каалап, бирдемени эңсеп келатканы келаткан. Ар кандай убада менен аны азгырып кетиш оңой, анан ал тиги дүйнөдө сенин артыңан калбай итче ээрчип алары бышык. Бирок, мейли дейли, сенин насыятыңдай эле болсун дейли, пайгамбар, өзүңдүн өмүрүң бүтөрүнө аз калды, аны сен ушинтип аңгемелешүү менен гана узарта аласың...

– Мен узартпай деле коёт элем.

– Бирок сен менин суроому жоопсуз калтырып, дөбөнү көздөй кете албайсың да. Менин түшүнүгүмдө антип кетиш – өлүмдөн жаман.

– Айта бер.

– Ошентип, сенин насыят илимиң туура дейли: сенин кайра келер күнүң качан тууйт? Эгер аны күтүү узак болсо, ченемсиз узарып кетсе, анда а күндүн адамга кереги эмне? Бир өмүрдүн ичинде андай иш болбосо адамга мааниси канчалык. Анан калса, чынын айтканда, ошондой укмуш окуя болоруна ишенмек тургай, элесте-

те албайсың. Же курулай ишенип, күтүп жүрө бериш керекпи? Андан кандай майнап? Пайдасы кайсы?

– Ишенбей жатканың түшүнүктүү, Римдин өкүл-акими, анткени сенин ойлооң жер пендесинин оюндай, өзүңүн грек окутуучуларыңдын оюндай одоно. Менин бул пикириме ыза болбо. Азыр алдыңда мен опосуз адам болуп турган чагымда сен талаша берер жөнүң бар. Анан калса, экөөбүз суу менен оттой таптакыр эки башкабыз. Ой жүгүрткөнүбүз да ар башка, эмнени сүйлөшпөйлү, экөөбүз маселенин эки тарабынан келебиз. Анда эмесе, аким, алиги сени тынчсыздандырган нерсе жөнүндө... Экинчи келишимди аябай узак күтүшкө туура келет дегениң туура. Мунуң туура. Ал күн качан келерин эч ким алдын алып айталбайт, анткени ал дүйнөнү жараткан өзүнүн оюнда жазылуу. Биз үчүн миң жылдап созулган нерсе ал үчүн көз ирмемдей эле. Кеп мааниси башкада. Жараткан бизге дүйнөдөгү эң бийик ырыскыны – акыл-эс берген. Анан акыл-эстүү жашоого эрк берген. Көктүн ырыскысын биз кандайча пайдаланар экенбиз, адамдардын тарыхы ошого жараша болот. Адамдын жашоо маңызы өз рухун жетилтип отуруу – дүйнөдө мындан бийик максат жок. Буга сен каршы болбоссуң, Римдин өкүл-акими. Рухтун жаркыраган туу чокусуна жеткирер түгөнгүс тепкичтери менен күн санап бир тепкичтен өөдөлөсөң да умтулуп чыга бериш керек – акыл-эстүү жашоонун сулуулугу ушунда. Адамга баарынан кыйыны – күн сайын адам болуу. Андыктан, аким, алиги сен ишенбеген күндү канчалык узак күтүш адамдардын өзүнөн.

– Ушундай де! – Понтий Пилат ордунан өрөпкүй туруп, креслонун далысын кармады. – Токто, токтой турчу, ошондой нерсе адамдын өзүнө жараша болмогу – мунуң кулак укпаган кеп! Сенин илимиңе ишенбеген мен мунуңа түшүнө албайм. Эгер адамдар алигидей окуяны

оолактатар, же жакындатар эрки болсо, анда алар кудайга окшошуп калбайбы?

– Бир жеринен сеники туура, Римдин өкүл-акими. Бирок оболу мен акыйкаттан айың-кепти бөлүп коёюн. Акыйкат туурасындагы айың – улуу балээ. Айың – суудагы тунма ылай сыңары, акыры жүрүп отуруп терең сууну тайыз көлчүк кылып салат. Азаптын азабынан көз ачылганда табылган, адамдардын жыргалына жаралган ар кандай улуу ойду айың ооздон оозго көчүп жүрүп, дайыма бузуп алат да, өзүнө жана акыйкатка каршы коюп алат. Турмушта дайым ушундай болуп келет. Сөз учугу мына ушунда, аким, сен ишенип алган жок нерселердин баары айың, а акыйкат башкада.

– Ошо акыйкатыңды ачкың келбейби?

– Аракет кылып көрөйүн. Сөздөн качкан жерим жок, төтөн бул сүйлөп турганым акыркы ирет болгон соң. Билип ал, Римдин өкүл-акими, шаңкайып ачык туруп күн күркүрөп жибергенсип, бир күнү эле Адам Уулу тирилип, көктөн түшүп келип, элдин баарын соттой баштайт эмес, – Кудайдын аракети ал эмес. – Максаты ошондой болгону менен, мааниси такыр башкача. Жашаар өмүрү шаардан чыгып, Кашка-Дөбөгө жеткичекти аралыктай калган мен тирилип келбейм, а силер адамдар, бийик актык менен Христтин пейилинде жашоо үчүн өзүңөр келесиңер, таанылбаган келечектеги муундар болуп, силер мага келесиңер. Менин экинчи келишим мына ошол болот. Башкача айтканда, мен азаптарым аркылуу өзүмө адамдардын пейили менен келем, мен адамдардын пейили менен адамдарга келем. Кеп мына ушунда. Мезгил боюнча миң жылдап артыңарда кала бергеним менен мен силердин келечегиңер болом, Улуу Эгенин аракет-ниети – ушул жол менен адамдарды түпкү назилинин тактысына жеткирип кондуруу, түпкү назили болсо – жакшылыкка жана сулуулукка умтулуу. Ме-

нин насыяттарымдын маңызы ушунда, акыйкат ушунда,– бийик идеяларды булгаган ар кандай ушак менен ооздон оозго көчүп, бузулуп жүргөн айың сөздө эмес. Адам тукуму басчу жолдордун ичинен эң оор да, эң узак да жол ошол. Римдин өкүл-акими, сен дал ошондон чочулап жатканыңдын жөнү бар. Ал жол тагдыр терс айланган күндөн – Кудайдын Уулун өлтүргөн күндөн башталат. Адамдардын көздөрүнүн ачылышына жана дилинде кудай пейилинин ойгонушуна деп, баардык күнөөсүнүн күнү деп мен өмүрүмдү кыйганымды эстеген сайын калтаарып, элдердин муундан-мууну түбөлүккө кейиштүү тообо менен жашап өтөр. Ошон үчүн – адамдарга өчпөс үлгү болуш үчүн мен жарык дүйнөгө жаралып келгем. Адамдар менин атыма бел байлап, үмүт кылып, өздөрүнүн азаптозогу аркылуу, өздөрүндөгү жамандык менен күн сайын күрөшүүсү аркылуу, кемчилигине жийиркениши аркылуу, Кудайды сүйө турган, демек, өзүнө окшогондорду, адамдарды сүйөр пейилин бузган кемчилигине, зордук менен канкорлукка жийиркене караган күрөшү аркылуу мага жол тартып жүрүп отурушсун деп мен өмүрүмдөн кечип жатамын.

– Коё турчу, Иисус Назарянин, сен Кудай менен адамдарды окшош көрөсүңбү?

– Кандайдыр бир мааниде ошондой. Ал гана эмес баардык адамдарды бир алганда алар Кудайдын жердеги түгөйү болуп чыгат. Кудайдын ал түгөйүнүн аты – Кудай-Эртең, дүйнө жаралгандан ага тартууланган түбөлүктүүнүн кудайы. Римдин өкүл-акими, оюң дайыма эртеңге багыттала тургандыгын өзүң деле байкагандырсың. Бүгүнкү турмушту сен кандай болсо ошондой кабыл аласың, бирок эртең башкача болушун сөзсүз каалайсың, бүгүнкү турмушуң жакшы болгон күндө да эртеңкиң андан жакшы болсо дейсиң. Ошон үчүн ар кимибиздин пейилибизде Кудайдын жарыгындай өчпөс үмүт жанып ту-

рат. Кудай-Эртең – түбөлүктүүнүн руху жыйынды маанисинде – адамзат аракеттеринин жана умтулуштарынын бириккен ажыты. Ошондуктан Кудай Эртеңдин сонун же жаман, кең пейил же зулум болушу адамдардын өзүнөн. Ушинтип ойлоо керек, ага акыбыз да бар, Жараткан Кудай акыл-эс берген пендесинен ушуну каалайт, ошондуктан жердеги эртеңки жашоосу тууралуу адамдар өздөрү кам көрсүн, анткени ар кимиси Кудай-Эртеңдин бир бөлүкчөсү эмеспи. Биздин ар бир күндүн жаратуучусу да, соту да Адам өзү.

– Коё тур, сен аябай жарыялап жүргөн жанагы Каар сотубуз эмне болду?

– Каар соту... Ал сот көптөн бери бизге өкүмүн жүргүзүп жатканын ойлогон жок белең, Римдин өкүл-акими?

– Бүт өмүрүбүз Каар соту астында дегиң барбы?

– Акыйкаттан алыс эмессиң, Римдин өкүл-акими. Адам каргыш алган күндөн тартып азаптануу жана кыйналуу башталган, кылымдардан кылымдарга бир адамдардын башка адамдарга көрсөтө жүргөн зулумдугу, ошондон улам жамандыктан жамандык, калптан калп жаралыш жолун басып өтүп келатканы – ушунун баары жарык дүйнөдө жашап өткөн жана жашап жаткандарга сабак болот чыгар. Адамдардын тукуму жетеси Эдемден куулуп чыккандан бери жамандыктын не деген ташкыны жүрбөдү, не деген согуштар, ырайымсыздыктар, кара кыргын, кызыл сүргүндөр, адилетсиздиктер, кордуктар болбоду – ошонун баарын көрдү адамдар! Дүйнө жаралгандан бери жакшылыкка, табийгы тазалыкка каршы ашынган, апат кылчу күнөөнүн баардыгы Каар сотунун жазасынан күчтүү эмей эмине? Тарыхтын тарых болуш милдети эмне – акыл-эстүү пенделерди кудайдын сүйүү жана боорукерлик бийигине жеткирүү. Бирок адамдардын тарыхында канча жаман сыноолор болду, алдыда албууттанган мухиттин толкундарындай дагы канча

алаамат болгону турат. Ушундай тозоктогу турмуш Каар сотунан алдаганча жаман эмей эмине?

– Анда сен, Иисус Назарянин, жамандыктан башталган тарыхты токтотоюн дейсиңби?

– Тарыхтыбы? Аны эч ким токтото албайт. Менин ниетим адамдардын аракети менен акылындагы жамандыктын тамырын үзүү – азабым да, убайымым да ушул.

– Анда тарыхтын өзү да болбойт.

– Кандай тарыхтын? Сен убайын көрүп, улантайын деген тарыхты айтасыңбы, Римдин өкүл-акими? Ал тарыхты, тилекке каршы, эстен жууп сала албайсың, бирок ошол жок болгондо биз Кудайга бир кыйла жакын турмакпыз. Сенин оюңду түшүнүп турам, аким. Бирок чыныгы тарых, адамгерчиликтин жаркын тарыхы али баштала элек.

– Токто, Иисус Назарянин, мени мындай коё туралычы. Сен өзүң, Иисус, адамдарды жана элдерди ал максатка кантип жеткирмексиң?

– Кесарлары жок адилеттик Дөөлөттү жарыя айтуу менен! Ошентип!

– Ошол эле жетишмекпи?

– Жетишмек, эгер баары ниетин бурса...

– Кызык экен. Сенин айткандарыңды кунт коюп уктум, Иисус Назарянин. Алысты көрөт экенсиң, бирок өз оюңа ашкере ишенип алган эмессиңби, аянттарда бакылдаган каратамандар макулукчулук табиятын унутуп коюп, адилеттикке чын ниетинен берилет дейсиңби? Ким кандай экенин азыр шаардын капкасынан чыккандан кийин эле көрөсүң. Тарыхты да бура албайсың, ал ташкындап агып жаткан дайраны эч ким бура алган эмес. Эң оболу өзүң күйүп кетер болгон соң эмне үчүн өрт жагасың? – мен ушуга таң калам. Кесарларсыз дүйнө жашай албайт, аларсыз бирөөнүн бийлиги менен башканын кулдугу кармалып тура албайт, а сен жаңы тарых деп өз

оюңан чыгарып алган нерсени элге жаям деген аракетиң бекер. Кесарлардын өз кудайлары бар, түгөнгүс «эртеңдердин» мунарыктаган кыйыры белгисиз, кыялдагы Кудай-Эртеңине алар ишенбейт. Анткени баарыга тең бөлүп берем дегенде эч кимге эчтеме тийбей калат, ошон үчүн кесарлар ар кимдин жана баарынын үстүнөн бийлик жүргүзүүгө жаралган. Дүйнөнү башкарып турган кесарлардын ичинен дөөлөтү бийик Тиверийди кудайлар өнтөлөп өзгөчө баалап, өлкөсүн, Рим империясын дүйнөнүн жарымына жайылткан. Ошон үчүн Тиверийдин аркасы менен мен Иудеяны башкарып отурам, ушуну өмүрүмдүн максаты деп билем, абийирим да таза, тынч. Жеңилбес Римге кызмат кылгандан ашкан сыймык жок!

– Бийликтүүлүгүң – бөтөнчөлүгүң эмес, Римдин өкүлакими, ар ким бийлик кылгысы келет, жадегенде өзүндөй бирөөнүн үстүндө болгусу келет. Балээнин баары ошондо. Сенин оюңча дүйнө ушундай курулган дейсиң го. Кемчиликти актап алыш оңой. Бирок адамга тийген каргыш ошол экенин ойлогондор аз. Мансапкорлуктун залалы баарыга тийген, базар шыпыргычтардын башчысынан каардуу императорлорго чейин тийген, жамандыктын эң жаманы ошол, анын азабын адамзат бир күнү какшап тартар. Бийлик деп, жер деп элдер ордутүбү менен кырылып кетер, бирин бири жоготуп, тукум курут болор.

Понтий Пилат чыдай албай колун көтөрүп, сөздү токтотту:

– Токто, жалдырап уга бергидей мен сага шакирт эмесмин! Токто! Сөз менен эмне болбосун, баарын жайласа болот. Бирок кандай балээни айтпагын, Иисус Назарянин, аракетиң текке кетер. Бийлик бийлеп турган дүйнө башка боло албайт. Кимде күч болсо – бийлик ошондо, дүйнөнү түбөлүккө күчтүүлөр гана бийлеп жүрүп отурат – ушундай боло келген жана боло берет. Асмандагы жыл-

дыздар өзгөрүүсүз турган сыңары бул тартип да өзгөрбөйт. Жылдыздарды эч ким ордунан жылдыра албайт. Адам тукумуна сен бекер эле жан тартып жатасың, аны куткарам деп өмүрүңдү кыймагың да бекер. Храмдарда жаңырган насыят-үгүт да, көктөн жаңырар добуш да адамдарды эчтемеге үйрөтө албайт! Малчынын артынан ээрчиген мал сыңары адамдар да күчкө сыйынып, жакшылыгына кулдук уруп, кесарларды ээрчий берет, ким баарынан ырайымсыз жана күчтүү болсо, ошону баркташат, бирөөлөрдү басып алып, кор кылып, башкаларды алардын үстүнөн бий коюш үчүн элдин канын суудай агызган колбашчыларды, алардын согуштарын даңкташат. Муундан муунга өтүп, ырдалып шаң болуп келаткан рухтун эрдиги ошол. Мына ошого туулар желпилдеп, кернейлер бапылдап, кан кызып дүргүп турат, бөтөнгө нукум жер берилбейт деп, ант айтылып турат. Анан элдин атынан согуш аракети зарыл иш болуп, тарбия-таалим иштери мекендин душмандарын жек көрүүгө багытталат: өз падышабыз гүлдөсүн, элин чөгөлөтүп элин кул кылып, жерин тартып алып... – атамзамандан келаткан жашоонун мааниси, турмуштун таттуулугу ушул эмеспи. А сен болсоң, Назарянин, ошонун баарын айыптап, каргап, начарларды, алсыздарды даңктагың бар, адам деген жырткыч экенин, биздин денебиз тузсуз жашай албаган сыңары, адам согушсуз жашай албай турганын билбей, бүт баарыга, баардык жерге жакшылык каалайсың. Ойлон, жадагалса ушул азыр айдоого түшүп, Кашка-Дөбөгө жөнөөр алдында ойлон. Коштошорго айтар сөзүм бул: жамандыктын чыккан жерин сен адамдардын бийлик сүйгүч улуу сезиминен издейсиң, эл-жерлерди багынтсам деген күч сезиминен көрөсүң. Мына ушуну менен өз күнөөңдү көбөйтүп жатпайсыңбы, күчкө каршы чыккан неме күчтүүгө каршы дегендик. Анан кайдагы бир адилеттик Дөөлөттү жарыялап, биздин Рим

империясына шек келтирип жатасың, өркүндөп бараткан Римдин алибетине, бүт дүйнөгө ээлик кыларына бөгөт болгуң бар, мына жалаң ушул үчүн сен өлүм жазасына бир эмес, үч жолу тартылар айбың бар!

– Анчалык барбарлыктын кереги эмне, кең пейил аким, менимче, бир эле өлүү жетишет го дейм. Бирок аптапта ысык күнгө мээси кайнап Кашка-Дөбөдө чыдамсыз күтүп турган жасоолдордун ал-жайын түшүнүп-билип турсам да, ага карабай сөзүбүздү дагы бир аз улантсак деген такилибим бар. Бу сөздүн учугу менин өлөр алдындагы акыркы каалоом болсун. Демек, Римдин өкүл-акими, сен күч деп эсептегенди чын эле күч деп ишенесиңби? Бирок башка күч бар – ал жакшылыктын күчү, ага жетиш кыйынраак да, татаалыраак, согушка кылган арам ниет аракетке караганда, ага жетиш үчүн андан көп аракет керек. Угуп ал, өкүл, тагдыр экен, Кашка-Дөбөнүн алдында менин сүйлөшкөн кишим жалгыз сен болдуң. Мен сага сырымы ачкым келип турат, бирок кечирим сурайт экен деп сен үмтөтпөй эле кой...

– Антсең итчилик эле болмок.

– Ошон үчүн жаның тынч болсун деп, Римдин өкүл-акими, мен алдын-ала эскертип турам. Эми муну билген жалгыз гана сен болосуң. Алтүндө, беймаани деп бекер ойлопмун, жаным кыйналып чыкты. Жо-ок Гефсиманияда үп баскан жок, ал чыбырдын айдарымы салкын. Бирок менин жаным жай таппай тынчым кете берди, бук болдум, түпөйүл коркунуч алкымга такалып, куса болдум, жүрөгүмдүн сыздаган үнү созулуп асманга учуп кетип жаткансыды. Жандоочторум, шакирттерим уктабай менин көңүлүмдү алып, кадыр түн күтүштү, бирок андан мага жеңилдик болбоду. Бешенеге жазылган шарт жакын калып, өмүр колго кармалбай кетип бараткарын билдим. Ошондо аза боюм дүркүрөдү... Ар бир адамдын өлүмү ал үчүн акыр заман эмеспи.

– Эмне үчүн андай? – деп Понтий Пилат айыпкерин табалагандай карады. – Анда, Назарянин, тиги дүйнөдөгү жашоо тууралуу идеяны кантебиз? Өмүр өлүм менен аяктабайт деп айтып жүргөн өзүң эмессиңби.

– Дагы эле баягы айың кептен чыга албайсың, аким! Тиги дүйнөдө сууга түшкөн көлөкөдөй болуп жан гана калат, ал – жетпес чектен сырткары кубаңдаган кармалбас ойдун элеси. Дене ал жакка жетпейт. Ал жак деген башка чөлкөм, бул жашоонун түшүнүгү жетпес чөлкөм. Ал жактагы убакыттын ченеми да жер үстүндөгүдөн башкача болот. Менин айтып жатканым – жер бетиндеги өлчөмченеми бар жашоо тууралуу. Бук болгонум – журтта калгансыган жалгыздык сезими жүдөттү, жаным жай таба албай караңгы түн ичинде арбак болуп Гефсиманияда басып жүрдүм: акыл-эси бар макулуктардан ааламда жалгыз мен гана калгандай болуп, жер үстүндө учуп жүрдүм да, жер бетинен бир дагы тирүү жан көрө албадым – бүт баары өлүк, өчкөн өрттүн ордунда капкара күл гана калыптыр, токою да жок, айдоосу да жок, деңизде сүзгөн кемелери да жок, бир гана үн угулат, алыстан-алыстан, жердин түбүнөн темирдин ыйындай, шамалдын улуганындай, азанын коңгуроосундай үзүлбөгөн-басылбаган кайгылуу үн угулат. Мен болсом асман асты, жер үстүндө каардуу коркунучтан калтаарып, келер жамандыктан коркуп, үзүлгөн жалгыз пыр болуп учуп жүрдүм. Учуп жүрдүм да ойлодум: адамдар кайда жоголгон, кимге таянам да, кимге жөлөнөм, акыр заман деген ушул беле деп, арманымды угар жан жок жаным кашайды. Ошондо Кудайга кейиш айттым: мына, Кудай, муундан муунга күткөн, буйтап өткүс чек – Кыямат ушул белем, акыл-эс берген макулуктарыңдын тарыхы акыры ушул белем, бирок бул апаат эмнеден болуп кетти, укум-тукумун өз ичинде курутуп түп-тамыры менен жок болот деген ушул белем? Анан ойлоп алып аза боюм үрктү: мына сага,

адамга жан тартчу элең, адам деп жаныңдан кечтиң эле, ушуну көрмөксүң деп, аргам түгөндү. Өз уусу менен өзүн өлтүргөн кара курт сымак адамдардын муназа келишпестигинин акыры ушу болдубу? Адамдар менен адамдардын муназа келишпестиги, империялардын чек ара келишпестиги, идеялардын келишпестиги, текеберчилик менен мансапкорлуктун келишпестиги, чексиз бийликке ашынган кесарлар менен аларга кулдук уруп, куру даңаза кылып, каруу-жаракка тоюнуп, сандаган кызыл кыргын, кара сүргүндө бири менен бири кырылышкан, айдаганына жүргөн элдердин келишпестиги акыр-аягында ушуну менен бүтмөк беле? Кудайдын берген акыл-эсин жоктукка алып кеткен адамдардын жер үстүндө жашоосу ушинтип бүтмөк экен да. О, Кудай, деп кейидим мен, өздөрүн өзүндө өлтүрө турган болгон соң, жерди жалпы маскаралыктын көрүстөнүнө айланта турган болгон соң, бу макулуктарга эмнеликтен акыл бердиң, тил бердиң, жакшылыкты жаратсын деп кол бердиң? Мына ошентип жымжырт ааламда мен жалгыз ыйлап жүрдүм, өз тагдырымды каргап жүрдүм, анан Кудайга айттым: Сенин колуң көтөрүлбөс жамандыкты адам өзүнө өзү кылыптыр... Мына ошон үчүн, Римдин өкүл-акими, билип кой, кыямат кайым менден эмес, табияттын кокустугунан эмес, адамдардын муназа келишпестигинен болот. Жыргап мактап айтып отурган дөөлөтүнүн жеңиштери менен каршылашынан болот.

Иисус дем алып алды да, андан ары улады:

– Алтүндө мен мына ушундай көрүнүштөрдү көрдүм, ал туурасында көп ойлодум, уктай албадым, чокунуп отуруп таң атырдым, анан чыйралып алып, Атам жиберген көрүнүштөр жөнүндө шакирттериме айтып берейин деп ниет кылып турганда Гефсиманияга кара тополоң эл келди, ичинде Иуда бар экен. Иуда мага озунуп жетип кучактады да, муздак эриндери менен жабыша

өптү. «Кубаныч сага, Равви», – деди ал мага, ээрчитип келгендерге мурун эле: «Кимди өпсөм ал – Ошол, кармай бергиле!» деп айтып коюптур. Анан алар мени кармап алышты. Мына эми сенин алдыңда турам, Римдин өкүл-акими. Азыр Кашка-Дөбөгө барарымды билем. Бирок сен мага кең пейилдик кылдың, кечээ түнү Гефсиманияга башыман кечиргенимди айтып калганыма ыраазымын.

– Сенин айтканыңы угуп отуруп, баарына ишенди деп ойлойсуңбу?

– Ишенесиңби, ишенбейсиңби, аким, ал өз ишиң. Ишенбесең да жөн, анткени экөөбүз эки башка табияттыз да. Бирок ошого карабай менин айтканымы уктуң. Эчтеме уккан жокмун деп сен өзүңдү өзүң ишендире албайсың да, аны ойлонбой коё албайсың да. Мен болсом, Гефсиманияда башыман кечиргендеримди өзүм менен кошо көргө ала кеттим деп өкүнбөйм. Абийирим таза.

– Ыя, Назарянин, айтчы, базарларда да бу көсөмдүгүңдү көрсөтүп жүргөн жок белең?

– Жок, аким, аны эмнеликтен сурадың?

– Дагы эле ойноп атасыңбы, же сен чындап эле кыйналып өлүүдөн коркуу дегенди билбейсиңби, түшүнбөдүм. Эмнелерди айттың, эмнелерди айталбай калдың, кимдер укту, кимдер укпай калды – көзүң өткөндөн кийин ушунун баарынын сага эмне кажаты бар? Кимге кажаты бар? Куру убара деген ушул эмеспи, убаракерчиликтин убарасы?

– Жок, аким, бул убаракерчилик эмес! Өлөр алдындагы ойлор түз Кудайга жетет. Адам өлөр алдында эмне ойлогону Кудайга кажат[1], ошолор боюнча кудай адамга баа берет. Тирүү жандыктардын ичинен эң бийиги кылып жараткан адамдардын акыркыдан акыркы ойлору

[1] к а ж а т – керек, маанилүү.

дайыма таза болот, чын пейилинен чыгат, ошондуктан аларда митаамдык жок, жалаң акыйкат. Жок, аким, кечирип кой, мени ойноп жатат деп ойлогонуң бекер. Бала кезимде оюнчук ойночумун, башка эч качан ойногон эмесмин. Ал эми кыйноодон коркомунбу жокпу, жашыра турган эчтемеси жок, ал тууралуу сага айткамын. Корком, аябай корком! Ошон үчүн бешенеме жазылган кыйноону айбанча бөжүрөп уят болбой наркым менен көтөргүдөй ал-кубат бер деп Жаратканыман, баарыга тең пейил Атаман, суранып турам... Мен эми даярмын, Римдин өкүл-акими, мени дагы кармаба, кереги жок. Мен барайын...

– Ооба, азыр Кашка-Дөбөгө жөнөйсүң. Канча жаштасың, Иисус Назарянин?

– Отуз үчтөмүн, аким.

– Жаш экенсиң! Менден жыйырма жаш кичүү экенсиң, – деп боору ооругандай башын чайкады Понтий Пилат. Анан ойлоно калып, айтты: – Менин билишимче, сен үйлөнгөн эмессиң, демек, балдарың жок, артыңа жетим таштабайсың. Дал ошентип жазып коёлу. – Анан унчукпай калды, бирдеме айтмакчы болуп эптенди да, кайра айтпады. Айтпаганы ийги болду. Антпесе уят иш болмок. Аялзатын билдиңби? – деп сурамакчы болгон. Мунум катындын калжырак сөзү болор деп өзү уялды, дөөлөттүү киши да ошону сурайбы.

Ушул учурда Иисус Назарянинди карап алып, прокуратор сурамакчы болгон ниетин ал сезип койгонун көзүнөн билди, ал жооп бермек эмес экен. Иисустун тунук көк көзү түнөрүп, тымпыя катты. «Кебетеси ушундай жоош, а бирок ичте не деген күч жатат!» – деп таң калды Понтий Пилат шыпырылып калган сапегин буту менен издеп жатып.

– Болуптур,– деп ал аял жөнүндөгү айтылбай калган сөздүн ордун толтургусу келгенсип, суроону башка жак-

ка бурду. – Сени таштанды бала болгон дешет, ушул ырас-пы?

Иисус аппак тиштерин кашкайта чын пейилинен ачык күлдү.

– Бир эсептен ошондой болсо керек.

– Так айткандачы, ошондойбу же андай эмеспи?

– Ошондой, ошондой, кең пейил аким, – деп Иисус шашып кетти, себеби бул суроосу да өзүнө ылайыксыз эле, ошого прокуратор кыжырлана баштаган. – көк Теңир Атам ыйык Рух аркылуу мени «таштатып» коюптур.

– Болуптур, эми сен башка эч кимдин башын айлантпайсың – деп тиштене айтты чарчаган прокуратор. – Ошондо да, сени төрөгөн энең ким?

– Ал Галилеяда турат, аты Маржа. Бүгүн жетип келип калчудай. Түнү менен жол жүрүп келатат. Мен билип турам.

– Уулунун өлүмү аны кубандыра албас,– деди түнөргөн Понтий Пилат, бу Назареттик дубана менен узарып кеткен сөзүн аяктамай болду.

Анан заңгыраган Арканын астында кардай аппак тогачан, караганы катаал, чоң баш, жайык бет, дөөлөткө мас келберсиген прокуратор боюн түзөдү.

– Эмесе, эреже каадасын тактап коёлу, – деп токтом чыгарып, санай баштады. – Атаң – ысмы ким эле? – Иосиф, энең – Маржа. Туулган жериң – Назарет. Жашың отуз үчтө. Үйлөнгөн эмессиң. Артыңдан калган бала жок. Элди козголоңго шыкактагансың. Иерусалимдин улуу храмын талкалап, үч күндүн ичинде жаңы храм тургузам деп жулунгансың. Өзүңдү Иудеянын падышасымын, пайгамбармын деп көрсөткөнсүң. Кыскача сенин тарыхың мына ушул.

– Менин тарыхымды айтпай эле коёлу, бирок сага айтарым: сен тарыхта каласың, Понтий Пилат,– деп акы-

рын айтты Иисус Назарянин прокуратордун көзүнө тике, олуттуу карап туруп. – Түбөлүккө каласың.

– Койсоңчу! – деп Понтий Пилат колун силкти. Канткен менен Иисустун бул айтканы көңүлүн курсант кылды, бирок үнүн өзгөртүп, салтанаттуу сүйлөдү: – Тарыхта даңктуу император Тиверий калат. Биз анын берилген кызматчыларыбыз, ошол гана.

– Баары бир тарыхта сен каласың, Понтий Пилат,– деп Иисус көшөрө кайталады да, Иерусалимдин капкасынан тышкаркы Кашка-Дөбөгө жөнөп кетти... Бирөөнү күткөнсүп Ироддун сарайынын үстүнөн эртеден бери айланып учуп жүргөн куш, айры куйрукпу, же бүркүтпү, ошол куш коркунучтуу кылмышкер катары колу артына байланган немени, бүткүл Иудеянын прокуратору Понтий Пилат өзү эртеден бери узак аңгемелешкен немени калың атчан конвой айдап жөнөгөндө үстүнөн каалгып кошо учту.

Кашка-Дөбөгө айдап жөнөгөн неменин артынан ээрчий учкан кушту таңыркай да, калтаарый да карап, прокуратор Арка террасасында дале турду...

– Бул эмненин жышааны? – деп күбүрөдү түпөйүлдөнүп, элейген прокуратор...

## III

Кечке жуук асман бети түнөрүп, булуттар коюуланып-уюлгуп, үнү угулбаган чагылган жаркылдап, жайкы талаадагы көпкө камынган жамгыр түн бир оокумда барып жаады. Какшыган жерди тарсылдата сабаган салмактуу тамчыларын, анан нөшөрлөй куйганын эсине келе албай жаткан Авдий Каллистратов бетине тамганынан улам сезди. Кайра кайрылган өмүрдүн алгачкы белеги ошо жамгыр болду.

Поездден ыргытылгандан кийин жал ылдый томолонуп кулап түшкөн темир жол жээгиндеги сайда жаткан Авдий эң оболу: «Мен кайдамын? Жамгыр го»,– деп ойлонду. Онтоп жиберди, кыймылдайын дегенде капталы сыздап ооруп, коргошундай салмактанган башын көтөрө албай кайра эстен танып кетти. Аздан соң кайра келди эсине. Салкын жамгыр жанын куткарып, өмүргө кайра ойготту. Нөшөр күтүрөтө куюп, боордон ылдый аккан суу Авдий жаткан жылгага чогула берди. Астынан жыбылжып, көбүктөнүп көбөйүп, оозуна жете турган болгондо Авдий бу коркунучтуу жайдан сойлоп чыгып кетиш үчүн ооруганына карабай жандалбас кылды. Селейип калган денеси кыймылга келгичекти – обол башында жаны аябай кыйналды. Тирүү калганына бир ишенсе, бир ишене албайт. Вагондо мыкаачылык менен сабашты эле, катуу бараткан поездден учура тебишти эле, кантип аман калды экен? Аман калганына шүгүр, аман болсо, анын баары сөз эмес. Аман экен, эптеп жыла алат экен, кулагы угуп, көзү көрүп жатат, жанына аралжы болгон жамгыр жанчылган денесин жууп, колу-бутун, дүңгүрөп ысып турган башын салкындатып төгүп турат, – ушуга тообо, алдан тайып кеткиче сойлой берет, – таң атар, жарык болор, жаңы өмүр башталар... Мындан ары эмне кылышты ошондо ойлонор: азыр болсо эптеп таканчыктап туруу керек...

Ал ортодо туңгуюк караңгы түндү көзөп, жамгырды жиреп, түнкү поезддердин эки-үчөөсү өттү.., тирүүлүктүн белгиси деп Авдий ага да кубанды. Азыр ага тирүүлүктөн кабар берген ар бир добуш өзгөчө кымбат сезилди...

Башкалканыч болгон жайда да Авдий жамгырдан жашынмак эмес, аны аман алып калып жаткан ушул жан сергитер жамгыр экенин билди. Колу-буту сынбаса эле болду, көгала койдой болгонуна, оң капталынын дем алдырбай сыздаганына эптеп чыдар... Далбас уруп атып

жылгадан бир дөбөчөгө сойлоп чыкты, эми кыянга тумчугуп өлбөс. Авдий алдан тайып, жамгырга жүзүн тосуп, жаңы жашоого дем жыйнап, ошол дөбөчөдө сулап жатты...

Ушинтип ал кайра тирилди, тирилип алып өмүрүнүн маңызы болгон нерселерди эстеп, эсин жыя баштады. Анан дагы ушу жатышындагы ойлорунун укмуштай дааналыгына, бүтүмдүүлүгүнө таң калды...

Анан Понтий Пилаттын жанынан Кашка-Дөбөгө айдалып бараткан Немеге айтты: «Устатым, мен буердемин! Сени кантип куткарып калам, о, Кудай, кантип Аны куткарып кала алам? Кантип Сени куткарып кала алам? Өзүм кайра тирилген соң Сенин жаныңан коркуп жатам!»

Бир эле учурда адам ою менен аралары жүз жылдап, миң жылдап бөлүнгөн ар кандай мезгилдерде жашай алышы – бул тарыхый синхронизм – ой-санаасы бар ар кимге мүнөздүү. Бирок илгерки өткөн окуя азыркы чындыктай эле жанына жакын сезилген, өткөндөгүнү өз тагдырындай, өз азабындай кайра тарткан киши азапкөй болот, трагикалык инсан болот, анткени тигил же бул тарых эмне болуп бүтүп, кийинки кандай окуяларга себепкер болгонун алдын-ала билген киши окуянын жүрүшүн өзгөртө албай өзүнчө азап тартат, эч качан болбос адилеттиктин жок салтанаты үчүн өз жанын курмандыкка чалат. Өткөндүн акыйкатын бекемдөөнү эңсеген бул аракет – ыйык. Идеялар мына ушундан жаралат, жаңы муундар менен өткөн муундар, андан мурунку өткөн муундар да ушинтип жалгашат, дүйнөнүн маңызы ушул, анын турмуштук тажрыйбасы ушинтип байый берет, жалгаша берет, учу-кыйыры жок адамзат эсине сиңип, адам дүйнөсүнүн мезгил менен мейкиндигинин уч-кыйырсыздыгында жакшылык менен жамандык муундан муунга өтүп кете берет.

Бүгүн эмне болуп жатканын кечээгүнкүлөр билбейт, бирок бүгүнкүлөр кечээ эмне болгонун билет, а эртең бүгүнкүлөр кечээгүнкү болуп калат деп ошол себептен айтылган...

Анан дагы: бүгүнкүлөр кечээгүнкүлөрдө жашайт, бирок эртеңкилер бүгүнкүнү унутуп коюшса, ал баарынын башына келээр балээ деп дагы айтылган...

Пасханын арапа күнү болгондо майрам алдындагы үп баскан кечте төмөнкү шаардан алиги үйдү издеп жүрүп, Авдий жан-алы калбай чабалактады: ал үйдө мурунку күнү сыр кече болуп, шакирттеринин баары чогулуп, ошерде ал нан сындырып, бул менин деним деген, шарап куюп, бул менин каным деген; мына ошондо эле жакындап келаткан коркунуч тууралуу, Иуда Искариоттун чыккынчылык кыларын эскертип, буйдалбастан тезинен ал коркунучтуу шаардан чыгып кетиш керегин, тезирээк жол тартыш керегин айтса болмок эле. Ире-шире басып бараткан ийри-буйру, чаң тополоң көчөлөрдө алиги үйдү издеп далбасалап жүрүп, ушу шаарда тааныштары бар сыяктанып, жолуккан кишилердин жүзүнө үңүлө тиктей берди, үйүнө шашып бараткан шаардыктардын да, жабылып жаткан дүкөндөргө дагы эле башбагып жүргөндөрдүн ичинен да ишеним сырын айтар киши таппады. Көп эле шаардыктар Иисус Христос деген ким экенин билбейт да экен. Шаарда селсаяктардан көп неме жок. Бир боорукер шаар кишиси пасханы биздикинен тос деп, үйүнө чакырып кыйнады. Авдий ыраазылыгын айтып, барбады. Ал дагы эле болсо Устатын эскертип калармын деген үмүттө болучу. Элеп-желеп болуп алактаганынан, терезелерден тийген жарык шооладан, очоктордо бышып жаткан тамак-аштан буруксуган даамдуу жыттын, жолдорду, короолорду салкындатышка аябай суу сээп, эми аба буу болуп, демиктирип тургандыктан Авдийдин башы ооруп чыкты. Жүрөгү айланды. Мына

ошондо ал шаардан чыга Гефсиманияга чуркады. Устатын шакирттери менен бак ичинде чокунуп жатканда же аңгеме дүкөн учурунда таап калармын деп үмүттөндү. Бирок таппады! Кеч кирип калган маалда аерде эч жан жолукпады. Бак ичи аңгырап ээн экен, куралдуу калың топ Устатын кармап кеткен чоң фикус дарагынын түбүндө да эч ким жок экен. Устат өзү алдын-ала эскерткендей, шакирттери туш келди качып кетишкен...

Ай каалгып алыскы деңиздер менен кургак жерлердин үстүндө жүрөт. Түн ортосу ооп, кылымдар бою эстен чыкпай, адамзаттын тарыхында кала турган каргашалуу күн жакындап келатты. Бирок Гефсиманияда жана аны курчаган бак-шактуу, жүзүмдүктүү чыбырда азыр теребел эчтемеден шеги жок тыптынч. Бадал арасынан түнкү баренделердин чыркылдаган үндөрү угулат, бакалар чардап жатат, кедрлүү тоодон агып келип жаткан, тынчтык билбес Кедрон суусу гана жылтылдап бирде ай жарыгында салааланып кол арыктарга бөлүнүп, кайра чогулуп күпүлдөгөн суу болуп, байыртан салган нугу менен агып жатат. Эзелтен келаткан шарты боюнча баары өз ордунда, өз жайында тынч, ал түнү жер бетинде бейкуттук орноп турду. Жалгыз Авдий гана ал түнү тынчый албады – болор иш болгону жатканына, ал же токтотуп коё албай, же өзгөртүп ие албай, бул иш эмне менен бүтөрүн алдын-ала билгенине жаны кашайып, тынчы кете берди. Көз жашын көлдөтүп, Кудай-Эртеңге жалынып-жалбарганы да бекерге кетти. Бул окуя болгондон бир миң тогуз жүз элүү жыл өткөндөн кийин болгон окуяга да моюн суна албайт, кайрадан эзелкиге кайрылат, айлампанын айланышы башталган учурдан аягы келип анын тагдырына кириптер болгон айлампада чимириле берди. Бети-башына, көкүрөгүнө төгүп жаткан жамгырдын астында, талаа-жердин үстүндө жатып, биресе миң жылдардап эзелкиге кетет, биресе бүгүнкү болгон чын-

дыкка келет, биресе баарынан кечип кеткидей болот, биресе болгон ишти айкын териштирет.

Адал ниетин ээрчип, бир кыялданганда Каар сотунун концепциясын оюна келгендей жылдырыштырып, андан оо кыйла кийин чыккан сөздү алдаганча нары сүрүп барат да, ошондогу элдин оозуна салат, ошолор Понтий Пилаттын өзүнө айтышса дейт. А чынында Пилаттын көлөкөсү азыр деле түшүп турбайбы. Болочок пилаттар азыр деле бар эмеспи! Ушинетип окуялардан озгондогу Авдий Каллистратовдун таянганы дамаамат таасирлери бар дүйнөнүн баштапкы мийзамы, ал мийзам көп учурда кийин билингени менен, жаралышы эзелтен эмеспи. Каар сотунун идеясы да ошондой эмеспи – жер бетинде болуп жаткан адилетсиздиктин жазасы болсо деген каалоо адамзаттын өзү менен кошо жаралган эмеспи.

Адам өзүн өзү түшүнмөсүндөгү кейиштүү руху эсинде сактап калган, жоктон башталган эсептин башындагы себепкери Иисус деген өзү ким болгон? Же биз түбөлүккө кейиш менен тообо кылып жүрүү үчүн элеби? Эмне үчүн ал крестке керилип берген күндөн бери узак кылымдардын ичинде адам акылы тынчый албай келет? Андан бери нечен бир өлбөс болор деген нерселердин көбү унутулуп, орду түгүл, күлү калбай калбадыбы. Адам өмүрү ар качан оңолуунун жолунда болору дайыма эле эсте болобу: бүгүн жаңы деген эртең эски, бүгүнкү сонун эртеңки андан сонундун алдында өңү өчөт, андай болсо эмнеликтен Иисустун айткандары али ушу күнгө чейин эскирбейт да, күчүн жоготпой келет? Ал туулгандан кермеге керилгенге чейинки, айрыкча анын артында калган накыл адамзатка ушунчалык керек, ушунчалык айрылгыс беле? Деги адамдардын тарыхындагы бул жолдун мааниси эмнеде? Адам акылы эмнеге жетти? Кандай жыйынтык чыгарды? Эгер ыйык туткан максаты адамды сүйүү болсо, окумуштуу акылмандар айтып жүр-

гөндөй, гуманизм идеясы болсо, башкача айтканда, адамды өзүнө жеткирчү жол болсо, акыл-эстүү жаныбар деп анын түбөлүккө тынбай жетилип турушу болсо, анда башынан эле бул жол кыйын жана катаал болуп ойлонулган экен – аны ким, эмнеликтен анткен? Христианчылык менен бүткүл ааламдык, социал-эгоисттик, таптык менен принцибинде абстракттуу кылып, ар ким өз алдынча баш катырган гуманизмсиз эле адамдар жашай алмак беле? Деги биздин доордо алдагачан эскилиги жеткен диндин кажаты канчалык? Чынында эле кажаты канчалык? Баарыга, балдарга чейин баары алдагачан даана болбодубу. Материалисттик илим христиан дин илиминин мүрзөсүнө терең казыкты житире какпадыбы, жалгыз ал эмес, баарын бирден бир туура жол болгон прогресс менен маданияттын жолунан чечкиндүү жана өкүм түрдө шыпырып салбадыбы. Азыркы адамга динге ишенүүнүн эч кереги жоктой, жалпы тарыхый маалымат үчүн ал өлгөн илимдерди билип гана коймогу оң эмеспи. Анын баары баштан өткөн, эскирген, керектен чыккан. Бирок биз эмнеге жетиштик, ал мээримдүү, курманчыл реалисттик дүйнө таануу илимин табалап жолдон четке тээп салып, ордуна эмне таптык? Ага окшогон, так айтканда, андан ашкан эмнебиз бар? Жаңы нерсенин эскиден жакшы болмогу талашсыз да… Мына ошол жаңы нерсе бар! Бар! Согуш күчүнөн кубаттуураак жаңы идея күчүнө кирип келатат. Кайсы доорлордо адам күн сайын, туулгандан өлгөнгө чейин арам күчтөр согуш баштап жиберер бекен, жок бекен деп калтаарып жашап өтчү эле? Азыркы кудайлар ошо курал ээлери эмей ким? Болгондо азырынча алтарында ядролук снаряддардын макетине сыйынып, генералдарга жүгүнүп турар чиркөөлөр азырынча жок… Бул дин эмей эмине?

Жашоо-тириликти ойлогондо Авдий Каллистратов ушундай ойлорго чөмүлүп кетер эле. Мына азыр да түпсүз

ойдо сүзүп жүрүп, өткөнгө, андагы окуяларга азыркыдай аралашып жүрүп, эски жээкти сылап, жаңы суу ушинтип агат,– ал илгерки бир жума түнү пасханын арапасында Устатын издеп жүрдү: ага өзүнүн түпөйүл коркунучун айтмак, жүздөгөн жылдардан кийинки түпөйүл коркунучту кабарламак, тарыхый аренада жаңы Кудай – Голиаф Кудай чыгып, өзүнүн жаңы дини менен, чума оорусунан бетер планетанын бүт адамдарынын аң-сезимин уулантып салды деп айтмак. Ошондо Устаты эмне демек, эси чыгып кейимекпи: бу кутурган согуштук үстөмдүк үчүн эрегиште адам тукуму кайда баратат? Эгер ал бүгүнкү биздин күнөөлөрүбүздү экинчи жолу мойнуна артынып, крестке дагы чыга турган болсо, ошондо деле теңдешсиз согуш күчүнүн агрессивдүү динине кул болуп берген адамдардын жаны ачып, дили агарарына көзү жетпейт…

Бирок Авдий Устатын таппай өкүттө калды. Иуда аны сатып жиберген. Аны кармап-байлап, айдап кетишкен. Авдий болсо ээн калган Гефсимания багында жалгыз өзү, бүт дүйнөдө жалгыз өзү болгондорду да ойлоп, боло тургανды да ойлоп, өксүп-өксүп ыйлады. Ошентип ал түндүктүн чер токойлорунда жыгачтан сомдогон бурканларына сыйынып жашаган, али Авдий деген ысым тууралуу эч кабары жок ата-бабаларын аттап, илгерки Гефсимания багында пайда болгон. Авдий деген ат кийинчерээк башка тилден кирет, Авдий өзү болсо али те алыстагы жыйырманчы кылымда барып туулат…

Ошентип Авдий Устатын таанып, кармап-байлап, айдап кеткен чоң фикус дарагынын түбүндө боздоп ыйлап отурду, анын ыйынан дүйнөнүн тагдыры өзгөрүп кетчүдөй кейиш тартып отурду…

Анан турду да, шаарга капалуу жөнөдү. Иерусалимдин эли ал пасханын арапа түнүндө эчтемеден шек албай тынч уктап жатты, жалгыз Авдий гана шаар кыдырып,

Устатым кайда болду экен, эмне болду экен деп, тынчы кетип жүрдү. Аңгыча бир ой келди да, Устатын али да болсо куткарып калыштын жолун тапкандай болду: ар бир үйдүн терезесин каккылап: «Тургула, адамдар, балээ келатат! Убакыт барда Устатты куткарып калалы! Мен аны Россияга алып кетем, аерде, биздин Ока дайрасынын ортосунда ыйык арал бар...» – деп кыйкыра берди.

Авдийдин түшүнүгү боюнча ошол ыйык аралда Устаты коркунучтан беймарал болот да, оомалуу-төкмөлүү дүйнөнүн тагдырын ойлоп, балким, жаңыча көзү ачылат беле, алыс келечекке, адамзатка жаңы жол таап, адамдардын кудай пейилине жетүүсүнө батасын берет беле. Ошону менен ал өз мойнуна артынган мессиялык милдетин аткарган да жаңы жол табат беле, адамдарды куткарыш үчүн куугунчуларга коркунучтуу болуп жаткан, ошон үчүн алар ырайымсыздык менен жоготуп жаткан акыйкаты үчүн жанын кыйбай, канын төкпөй максатына жетишер жол табат беле: табийгы нерселерде акыйкаттын чатагы болбойт эмеспи, ал чатак адамдардан, адам менен адамдын ортосундагы мамиледен, адамдын адилетсиздикке дайыма чалышы бардыгынан чыгып жаткандыктан, ошол азаптан куткарам деп Ал келечектеги муундардын бак-таалайы үчүн өз мойнуна өлөр милдет тагып алып отурбайбы. Бирок бул максатка ушундай тарых жүйөсүнө каршы жол менен жетишке болобу, Устаттын ушул сабагы адам демейки жеке кызыкчылыгын көздөп алганда унутулуп калбайбы? Адам деген керт башына керектүү нерсеге көзү кызарып калганда Устатты да унутуп, өз абийирин басып, тумчуктуруп, анан ар кандай жол менен актаныш табат эмеспи: жамандыкка жамандык менен жооп беришке аргасыз болдум деп жанын жейт эмеспи. Жаратуунун туу чокусу – адамды, Жараткандын жаркыны – адамды башка адамдын үстүнөн бийлик кылууга эңсеп умтулуусун кантип кал-

тыруу керек, эптеп карды тойсо эле ээнбаштана кеткенин кантип тыюу керек: менменсингендик, кекирейүүчүлүк бийлиги бар адамды башкаларга буйрук айтып, аларды басынтууга алпарат, күчтөн тайганда кошоматты кош уруп, эки жүздөнүп, арамзалык менен ошол эле максатка кайра умтулат эмеспи; андай болгондо өмүрдүн чыныгы максаты эмнеде, жашоонун мааниси эмнеде, анан калса жообунун акыйкаттыгына жана тазалыгына эч ким шек кыла албагандай болуп бу суроолорго деги ким жооп бере алат?

Эми, сен, Устатым, адам жакшылыкка, боорукерликке ийиксин деп өлүмдүн эң кыйынына моюн сунуп барасың. Адамдын жер бетинде жашоосу кыйын, анткени зилинде жамандык бекем уялап алган, а бирок эс-акылы бар адамды эс-акылы жок жаныбардан айырмалаган баштапкы касиети жакшылык менен боорукерлик эмес беле. Эркин ойлоонун канатын тагынган акыл, жамандыктын саркындысынан өзүн биротоло тазалаган, кудай пейил инсан алиги жугуштуу ооруну түбөлүккө жоюшу – ушундай жол менен абсалюттук идеалга жетиши болобу? О, болсо кана! О, Кудай, оңолбос дүйнөнү оңойм деп, сен эмне үчүн өзүңө мындай жүктү артынып алгансың? Ажат-Ата, токто, ушулар үчүн деп Сен крестке, азаптуу өлүмгө бараткан адамдар эртең эле кайра Сени шылдыңдап күлүшөт. Ырас, ырас, бирөөлөр боорун тырмап каткырар, башкалар миң жыл өтүп кеткенден кийин да Сенин куру убара тартканыңы мыскылдап отурар. Миң жылдардан кийин материалисттик илим Кудайга ишенүүчүлүктүн талпагын ташка жайып, Сен тарткандын баарын болбогон нерсе деп чыгар: «Апенди! Келесоо! Ким аны ошент дептир? Крестке керилип өлгөн оюнунун кимге, эмнеге кажаты бар эле? Аны менен кимди таң калтырмак болгон? Андан эмне чыкты, адамдын назилине кылчалык, кымындай өзгөрүү киргизе алдыбы?» Ки-

йинки муундар ушинтип ойлошот, Сенин эрдигиң аларга опсуз болуп көрүнөт. А кезде урпактарың материянын түзүлүшүнүн алгачкы ажытын ачып, жердин тартуу күчүн жеңип, космостун чөйрөсүнө чыгар да, галлактикалык бийликке жутунуп, биринен бири ааламды талашар, аалам мейкиниң чексиз болсо да аларга тар көрүнөр, жерде жетише албаганына өз дымагын артып тутуп, Боорукерликке тайынар болсо деп Сен азап тарткан жердин өзүн бырын-чырын талкалап жиберүүгө даяр турар. Ошон үчүн ойлон – өздөрүн Кудайдан бийик коюп калгандарга Кудайдын эмне кереги бар, баарын талкалап, жер бетинде Сени сактап жүргөн Эсти жоготор болгон немелерге крестте керилип өлгөн апендинин кереги болмокпу. О, байкушум, о, периште пейил Устатым, жүр Волгага качалы, Окага жетели, андагы ыйык, ээн аралга баралы, мына ошерде Сен баары алакандагыдай көрүнгөн, бирок эч ким умтулуп жете албаган жылдызда жашагандай болосуң. Ойлон, дале кеч эмес, али алдыбызда түн, анан таң эрте бар, балким, Сен катаал өлүмдөн кутулуп кетерсиң? Эсиңе кел, чын эле ушу өзүң тандап алган жол – акыйкаттын жападан жалгыз жолубу?

Ушул ойлорго жетеленип, тынчы кеткен Авдий кабагы карыш салынып, демигип жаткан түнкү Иерусалимдин көчөлөрү менен аянттарын кыдырып жүрдү, Кудай өзү бешенесине азаптуу өлүм жазып, адамдарга түбөлүк сабак болсун деп жерге жиберген Аны издеп, Ага акыл кошуп, эсине келтирмекчи болуп жүрдү. Бирок эч ким бул сабакты өзүнө жуутпайт, эптеп актаныш жолун таап алат, адамдын ушундай сапаты бар эмеспи: мен эмне кылмакмын, кандай тиешем бар, дүйнөнүн тагдыры менсиз эле чечилип жатат, чечиле берсин дейт эмеспи... Адамдын табиятын толук баалай албай кыйналган ошол ойдун өзүндө канча мыскыл жатат...

Шаардын капкасынын түбүнө эки-үч жолу келип, Авдий үч буттуу чолок итке кезикти, сынган бутун бооруна катып алыптыр.

– И, кандай, чологум,– деди ал итти айланта карап. – Сен да мага окшош үй-жайсыз неме окшобойсуңбу. Жүр, мени ээрчи.

Анан таң аппак атканча ит артынан калбай ээрчип жүрдү. Баарын түшүнгөн ит экен. Күн чыгып, шаар ойгонуп, кайрадан өз тирилигине киришти, базарларга алыскы чөлдү кезип бедуиндер айдап келген жүктүү төөлөр, андан чаканыраак жүк артылган качырлар менен эшектер, ат кошкон арабалар, жүк ийиндеген жөө-жалаңдар толуп чыкты – кыжыгыйма кайра башталды, алып-сатуунун кымгууту жүрдү... Бирок көптөгөн иерусалимдиктер шаардын ак дубал храмынын тегерегине чогула берди, андан жээликкен калың топ римдик прокуратор Понтий Пилатка агылып жөнөдү. Маселе Устатынын тагдыры жөнүндө болуп жатканын туюп, топтун агымына Авдий Каллистратов да кошулуп кетти. Топ менен бирге Ироддун сарайына барышты, аердеги куралдуу сакчылар өкүл-акимге киргизбей койду. Топ сарайдын алдында күтүп туруп калды. Күн чыккандан ысык катуу башталганына карабай эл чогула берди. Ар кимди ар кандай сезим айдап келип жатты. Кыжылдаган калың топтун ичинде не деген гана сөздөр болуп жатпады: бирөөлөр Иисус Назорей пайгамбарды прокуратор Рим берген бийлиги менен кечирип, бошотуп кет, Иерусалимден алыс кет да, экинчи эч качан жолобо дейт деп жатышса, башкалар – пасха күнүндө өкүм чыккандардын бирине өмүр кайра тартуулануучу, ошол Иисус болот деп жатты; дагы бирөөлөр Аны элдин көзүнчө Яхве кудай өзү эле кудурети менен куткарып жиберет дейт; калгандары Сарайдын бийик дубалынын ичкери жагында эмне болуп жатканын биле албай күтө берди, күтө берди. Күлкү

келерлик тактысы үчүн башынан ажыраганы турган байкушка топ ичинде бир топтору күлүп турду, күнү бүткөн апенди деп мыскылдап турду, прокуратор эмне мынча созот, бүтөр ишти тез эле бүтүрбөйбү нары, күн да ысып барат, түшкө чейин Кашка-Дөбөдөгүнүн баары куйкаланып калмай болду деп кейип турду. Бу Иисус Назорей сөзү менен кимди болсо да уютуп салат. Ал азыр таңдайынан чаң чыгып, прокураторду кысымга алып койгондур да, анан Римдин өкүл-акими бошотуп жиберип кудай урат, анда биз буерде эмнеге мээ кайнатып турабыз... деп кыжырлангандар да көп... Иисус Назарянин да бир былжырбай экен, ардемени айтып убада кыла берет, кана ошо Жаңы Дөөлөтү, мына ошонусу үчүн азыр иттей кылып асып салат... Мындайдын акыры ушундай болот...

Бу сөздөрдү угуп туруп, Авдийдин күйбөгөн жери күл болду. «Андай дебегиле! Жакшылыкты билбеген арсыздар! Адам рухунун өзү менен өзү жүргүзүп жаткан улуу күрөшүн ушинтип да басмырлап, булгайт бекен. Адамдар, силер Аны менен сыймыктангыла, өзүңөрдү Анын ченеми менен ченегиле!» – деп кыйкырып турду Авдий Каллистратов иерусалимдиктердин калың тобунун ичинде. Бирок эч ким анын үнүн укпады, анын буерде турганын эч ким байкабады. Анткени анын туулушуна али жыйырма кылым бар эмеспи...

* * *

Түн жарымы оой шатыратып келген жаан бастап барат. Сабап келген өткүн алдагайда кетип, шыбыргактаган арты калды. Аздан соң анда-санда тамган адашкан тамчысы болбосо, таптакыр тыйылды. Таң атар маал эле, жамгырга жуунган кара көктүн бадырайган жылдыздары балбылдап, шоола тарап баратат, батыш жээги али түнөрүп, чыгыш жээги супа салып келатты. Боюна

ным тараган кара жер кеңирсип, сергий түшкөн, каксоо чөп серейип, теребел серүүн тартты.

Ушу маалда ушу талаадагы жан-жаныбарлардын баары биригип, тирүүлүктүн кубанычына Авдий Каллистратовчолук эч бири жыргай албагандыр. Ал-жайы амансоолуктан али алыс болсо да Авдий жаратканга ыраазылыгын миң мертебе кайталап жатты.

Дегинкиси Авдийди кудай колдоду. Кечээги күн аптабына ысып калган аба түнкүсүн анча муздай албады, андыктан Авдий үшүгөн жок. Кара нөшөргө үстүндөгү кийими сыгып алма суу болсо да көгала болуп таяк жеген денеси сыздаганына тиштенип чымырканды, дил-пейилин умачтады, илгерки менен бүгүнкүнү жуурулуш-тура бирдей сездирип, боюна тарата турган кереметинин аркасы менен бу жашоо-тирүүлүккө жаңыдан көз ачып, аны тагдыры берген таалайы деп билип, ошондон улам жашаар жашоосу, ойлоор ою бар экенине ого бетер таң берди. Түн караңгысында темселеп сойлоп жүрүп отуруп араң жеткен Авдий жамгыр басылар маалда темир жол көпүрөсүнүн астында отурду...

Көпүрөнүн асты кадыресе кургак экен, сандалып жүрүп ушерге туш болгонуна, жамгыр басылгыча, жай отуруп, ой-санаасын топтоп алмагына ылайык башбаанек тапканына ыраазы болду. Илгерки чиркөөнүн ээн төрүндө отургансып, көпүрөнүн асты дүңгүрөп турду. Үстүнөн поезд өткөндө көп жазайыл[1] күпүлдөтүп аткылагандан бетер жон терисин дүркүрөтөт, алыстан күрсөкүрс басып келген тажаал неме дароо алыска ооп кетет. Бул түнү Авдийдин ой-санаасы чалкып-чалкып жайылды, өзүнөн өзү жаралып, өзүнөн өзү өрөпкүп таралып, Авдийдин дилин ээрчитип ала кетип жатты. Авдий биресе Христ менен Понтий Пилатты ойлоп кетет, ою ме-

---

[1] ж а з а й ы л – (*ар.*) илгерки чакан замбирек.

нен ошо заманда жашап, байыркы Иудеяда Голгофанын боорунда дуулдаган калың элдин арасында жүрүп, андагы болуп жаткан окуяны өз көзү менен көрүп тургансыйт. Анын үстүнө шарактап өткөн поезддин доошу жолто боло албайт. Биресе кайрадан кечээ жакында эле Москвада жүргөнсүйт. Пушкин музейинде Болгар капелласын угуп отургансыйт, алиги болгар ырчысын, өзүнө куюп койгондой окшош түгөйүн көрүп отургансыйт, анын ырдап жатканда оңурайып ачылган оозун азыр да тиктеп отургансыйт. Авдийдин дили менен оюн көкөлөткөн болгар ырчыларынын керемет үнү-ай! Ракматы болгур атасы дьякон Каллистратов чиркөө ырын жанындай жакшы көрөр эле, элжиреп угуп отуруп ыйлай берер эле. Бир жолу кимдир бирөө атасына азыркы күндөгү эле кечил келиндин кудайга укмуштай тайынган катын бериптир. Ал кездеги жаш эле келин, башында өзү балдар үйүнөн тарбияланып өсүп, кийин балдар үйүнө тарбиячы болгон ал кездеги жаш эле келин баш кошкондон кийин бир жарым ай гана бирге жашаган жары согушка кетип, кызмат өтөгөн аскер кемесин германдын чумкума кемеси чөгөрүп жиберип өлгөнүн угат да, чачын кырктырып, чиркөөгө кечил болуп кирип кетет. Ошол кечил келиндин «жан дареги» болгон ыйы менен арыз-арманын, кудайга какшап чокунуусун окуган сайын дьякон Каллистратов көзүнүн жашын тыя алчу эмес. Айрыкча тестиер баласы Авдий үйүнүн кызыл бурчундагы эски пианинонун жанына туруп алып, балалык таза үнүн муңканта чыгарып, чөгүп өлгөн кеме жөнүндөгү баян чокунууну окуп бергенин муңайып угар эле. Ошол кечил келиндин, эри жоо колунан чөгүп өлгөн жесир келиндин, өзү башта балдар үйүнөн чыккан жетим келиндин чокунган каты Авдийге жат болуп калган:

«Асман араң ак шоокум тартып, күн чыгарда дүйнө али уйкуда жаткан маалда, Көсөм Эгем, Ырайымдуу

Эгем, Сага чокунам жан-дилимен. Кечире көр, кең пейил Кудай, оболу Сени ойлобой, керт башымын кайгысын армандап айта берип тынчыңы алсам, кечире көр, бирок жаным ушул жалган дүйнөдө бар кезинде ушинтип чокунуп алуу үчүн гана жашап жүрөм.

Боорукер, Ак пейил, Адилет Эгем, арыз-арманымды айта берип, жаныңды кашайткандай болбоюн, кечир. Мен арыз-арманымда керт башыма эчтеке сурабайм, жер үстүндөгү пендечилик жыргалды да, узак өмүр да тилебейм. Тилегеним, сураганым – пенделериңдин жаны азаптозок көрбөсө экен дейм. Кечиримдүү Эгем, бизди кор кылба, көзүбүздү ач, жарык дүйнөдөгү жамандык менен жакшылыктын туташкан жеринде кара башыбызга актануу издемей күнөөдөн куткар. Пендеңин көзүн ач. Өз башымын камын ойлобойм. Бешенеме тозоктун оту жазылганбы, же бейиштин түпкүлүгү туш турабы, мен кайылмын. Көзгө көрүнбөс көкүрөктөгү Эгем, ааламдан кең чексиз Эгем, биздин тагдырдын ээси өзүңсүң.

Өзүңдүн күңүң – кечил келин, Сенин чексиз мээримиңе баш ийген, жаны кашайганда жер бетиндеги жашоонун жыргалы менен тирилигинен кечип, ой-санаасында Сенин дилиңе жакындасам деген үмүт менен гана күн көрүп калган менин бир гана өтүнүчүм бар, анда ашкан каалоо, күңүң менде жок.

Сураганым эле – бир кереметиңи салсаң экен: алиги кеме Өзүң тескеп койгон ыраат менен аалам койнунда чимирилген Жер бетинде күн түнгө өтүп, түн күнгө өтүп турмагы токтомоюнча бараткан багытынан жазбай күндөн күнгө, түндөн түнгө сүзүп жүрө берсинчи. Кызматын тынбай өтөп, замбиректери чүмкөлүү боюнча алиги кеме мухиттен мухит кезип сүзүп жүрө берсинчи, жалдуу толкундар капталына соктугуп, күркүрөгөн доошу басылбай кулак тундура берсинчи. Ак көбүктөнгөн тамчылар ышкырган жаан болуп үстүнөн жаба жаай бер-

синчи, ошол тумандаган шыбаттуу, туздуу даамы жан биргемин оозунан кетпесинчи. Ал кеме мухиттин көздөн учкан көк жээгиндеги көз тайгылткан ак шаарды көксөп-көздөп бара берсинчи, ал ак шаарга кеме түбөлүк жетпеси ак, бирок жетпесе да жетем деп сүзүп бара берсинчи...

Мына ушул эле, күндүр-түндүр Сага чокунгандагы сураарым ушул эле. Болбосту сурап, чөгүп кеткен кемени тирилтип бер деп тилегеними кечир, Ак пейил, Боорукер Эгем. Бирок Сен – көктөгү да, жердеги да, бу дүйнөнүн да, а дүйнөнүн да үмүтүнүн тирегисиң. Улуктардын улугу Жараткан Эгем, баарынан кудуреттүү, баарынан боорукер жалгыз өзүңө гана тайынабыз. Ошон үчүн өткөндө да Сенден тиленгенбиз, бүгүн да тиленебиз, эртең да тилене беребиз. Ошон үчүн менин көзүм өтүп, аны эстеп жалынар жан калбай калганда да алиги кеме көздөн учкан мухиттин алыскы жээгиндеги көз тайгылткан ак шаарды көздөп-көксөп, түпкүлүктүн чегинен ашып бара берсинчи. Омийин!»

Бу кечил келиндин чокунганы эмне үчүн ушул түнү эсине түшкөнүн Авдий өзү да түшүнө албады. Бирок баягыда Үчкудукка мотоцикл минип келген келин жолукса ушу чокунууну ага да окуп берер элем деген ой негедир кылт этип, ага өзүнүн күлкүсү келди. Эриксизден күлүп жиберди да өзүн өзү болбогон безери деп тилдеп алып, сандалган ууру, же бир аргасы түгөнгөн каракчыдан бетер көгала болуп таяк жеп, көк муштум болуп үшүп, үстүндө үйрүп салар кийимден тамтык жок бүрүшүп жатканын ошо келин көрүп алып кантээр эле деп, көз алдына келтирди. Алына карабай дагы кайдагы бир чөккөн кеме жөнүндөгү тайынып-табынган чокунууну окугусу бар деп, кандай ойдо калмак? Жинди деп ойломок, ал ою туура болмок. Бирок анын көзүнчө өзү кор болорун билип турса да Авдий ошо кызды көргүсү келди.

Таң атканча Авдий көпүрөнүн астында отурду. Үстүнөн поезддер күркүрөп-шаркырап өтүп жатты. Кечээги чабагандар, өзүнүн жолшериктери кайда болду экен, кандай абалда болду экен, азыр ою ошого өтүп кетти. Эмдигиче Жалпак-Саздан аман-эсен өтүп алып, андан ары кетип бара жатышкандыр да. Петруха кайда, Лёнька кайда, башкалары кайда? Баягы азезилдей Гришан кайда болду экен? Жолун таппай каталык өзүнөн кеткенине, Гришан салтанаттап, анын арам иши жеңгенине, аракетинен эч берекет чыкпай калганына кейиди Авдий. Кантсе да кийинки күндөрдө энчисине түшкөн сыноолор керек эле деп ойлоду. Чабагандарды оң жолго сала албаса да, гезитке жазып чыгара турган кызык материал тапты, өз аракети менен тапты – ошонусу олжо болду.

Ушул ою кичине тынчытса да жаны кейий берди, баарынан да Лёнькага кейийт. Мына ошону ак жолго алып чыкса болмок, антүү да колунан келбеди. Азыр бу Моюнкумдун чөлүнө келгендеги көргөн-билгендеринин баары Авдийдин эсине түштү: капилеттен карышкырга туш болгону, көк канчык бөрү азуусун малып алгандын ордуна башынан алыс каргып кеткени эсине түштү. Кызык, айран-таң. Анан калса жаалданган, бирок адамдан эстүү тиктеген көк көзү өмүр бою эстен чыкпас.

Мына, темир жолдун үстүнөн дагы жаңы күн чыкты да, жаңыртып жолуна түштү. Түндөгү жаандан кийин күн нуруна чайынган талаа бети укмуш болуп турду. Күндүн табы али ысый элек, көз жеткен теребелдеги талаа бети тазалыкка жаркып, торгойлор сайрап көккө чыкты. Тиги жээктен, бу жээктен талаа кезип сойлоп, алыстагы кайнаган турмуштун кызуулугун эске салып, поезддер өтүп жатат.

Түнкүсүн көктөн түшкөн жыргалдуу нымга дени канып, балкыган талаа бетинде кем-керчи жок жарашык көлбүп жатты.

Күн саал ысый баштаганда Авдий кийимин кургатып алмакчы болуп чечине кетти да, кийиминин тамтыгы калбаганын көрүп, ушуну менен эл көзүнө кантип көрүнөрүн ойлоп, эси чыкты. Денесинин соо жери жок, булчуңдуу этине кан уюп көгала, сөөктүү жери айрылып кызыл-ала. Дагы жанында күзгүсү жоктугу ырас болду, кебетесин көрсө эсинен танмак, бирок бети кол тийгизбей сыздаганынан улам кандай кейипте экенин боолгоду.

Анткени менен акылы бар эмеспи, жамандыгына караса эмне болмок, дагы жаны калганына сүйүнсүн, ырысы тоодой экен.

Көпүрөнүн астында чечинип жатып, дагы бир жеринен шору куруганын көрдү,– паспорту менен чөнтөк түбүндө жүргөн анча-мынча акчасы жарактан чыгып жаандын суусуна мыжылып калган паспорту умачка толбос былжыр тоголок кагаз болуптур. Акчасынан болсо, өтөт дешке жараар бир жыйырма беш сомдугу менен бир он сомдугу калыптыр. Ушул акча менен Авдий Москвага, андан ары Приокскиге жетет имиш.

Авдий Каллистратовдун көңүлү чөктү. Семинариядан куулгандан кийин деле жыргап жашап кеткен эмес. Варвара эжеси кичинесинде чалып үйрөнгөн эски пианинону макулдашып сатып жиберди. Музыкалык аспаптар азыр таңсыкчылыктан калган, үйүлүп жатат, эски магнитофондор өтпөй жатканда пианинону ким карамак дешип, комиссиялык дүкөн жарым баасына араң алды. Башка айла жок болгон соң ошого да макул болушту. Мына эми таптакыр куру жалак отурат. Таппасаң сыйпалап кал деген белем!

Күн жаңысы башталды, демек, жашоо керек. Ушинтип тиричилик материясы идеалист Каллистратовду алкымдан алды.

Түнү бою көпүрөнүн астында ою он, санаасы сан болуп отуруп таң атырды эле, эми буерден чыгып кетиш-

тин айласы жанын кашайтты. Анан калса тирүү болгон соң күн көрүш керекпи-жокпу.

Анткен менен Авдий ырысы тоодой экен. Жарык жерге жайылып, алды-арты айра тааныла баштаганда өзү баш калкалап отурган көпүрөнүн астынан кара жол өтөрүн көргөн. Жаткан изге караганда машине деген неме буерден чанда бир өтсө керек. Күтүп отура бергенде канча күтөт, каттаган көлүк өтөбү-жокпу, анысы да белгисиз, андыктан Авдий эптеп жөө-жалаңдай жакынкы бир бекетке жетип алууну туура көрдү, андан ары Жалпак-Сазга да эптеп жетер. Ошентип, жолго чыкмай болуп, жөлөк болор таяк издеп, Авдий эки жагын кайсалай карады. Поездден жыгылганда шагылга урунган оң тизеси күпчөктөй болуп шишип барат, жан чыдатпай оорутуп келет. «А балким, Петруха мени терейте чаап кулаткан таякты Гришан вагондон ыргытып кеткендир? Сабай турган мен жок болгон соң таяктын аларга кереги эмне?» – деп Авдий эки жагын каранып жатып, өзүнчө бырс күлүп алды. Кайдагы таяк, жок таякты кайдан тапмак, бирок айланасын алаңдап карап отуруп, те талаанын четинен бери көпүрөнү карай бир машине келатканын көрдү.

Ал өзү кузовуна калдыркан калканыч жасап койгон жүк машине экен. Кабинесинде шофёрдун жанында бала көтөргөн аял отурат. Машине жандай берип, тык токтоду. Москоолунан келген кара тору казак шофёр кабиненин айнеги түшүрүлгөн көзүнөн Авдийди элейе карады.

– Ой, жигит, сени цыгандар сабап кеткенби? – деп сурап койду негедир.

– Жок, кайдагы цыгандар. Поездден кулап калдым.

– Мас эмессиңби?

– Ичкиликти оозго алган жан эмесмин.

Шофёр менен балалуу аял кобурашып казакча сүйлөшүп калышты, сөздөрүнүн арасынан улам «бишара» деген сөз айтылат.

– Эй, кел түшүп ал, биз Жалпак-Сазга баратабыз. Бу ээн талаада терейип каласың го, бишара. Буерден машине көп өтө бербейт.

Балача кубанганынан көзүнө тегеренген жашын Авдий араң тыйды.

– Рахмат, тууган, – деп алаканын көкүрөгүнө чаптады. – Жолулаш болсоңор мени ала кетсеңер экен деп суранганы турдум эле. Бутуму кокустатып алган окшойм, басар дарман жок. Рахмат.

Шофёр келип, машинеге түшүүгө жардамдашып койду.

– Кана, аттандырып коёюн. Түшө бер, коркпо, жүгүбүз – жүн. Совхоздон төккөнү алпаратабыз. Көчүгүңө жумшак болот. Бирок айтып коёюн, чылым чекчү болбогун.

– Чылым чеккен жан эмесмин, кабатыр болбоңуз,– деп Авдий огеле олуттанып айтты. – Түнү менен жамгырда калып, өтмө-катар суу элем, ырас болбодубу, жылынып оңолуп алайын...

– Мейлиң, мен жөн эле. Эс ал, бишара. Аял кабинеден башын чыгарып, шофёрго бирдеме айтты.

– Катыным сурап жатыры, өзөк жалгайт белең? – деп шофёр бажырая күлдү.

– Болсо кана! – Авдий сырын жашырбады. – Кудай жалгасын. Бирдемеңер болсо, бергилечи, бай болгурлар, миң ирет алкайын.

Авдийге колуна тийген бир шише айран менен жыты буруксуган ак мөңкө калама токоч түндөгү тарткан азабы үчүн көктөн түшкөн ырыскы болуп көрүндү.

Кардын тойгузуп алган Авдий чыбаш жыттанган таңгак-таңгак жүндүн арасында уктап калды. Машине болсо түнкү нөшөргө жуунуп алган талаа бетинде арылдап баратты. Оорудан айыга баштаган жан сыңары Авдийге бу жолдун шарапаты тийип баратты.

Ал машине токтогондон кийин араң ойгонду.

– Жеттик. Сен кайда бармак элең? – Шофёр кабинесинен түшүп, машиненин артынан кузовду карап туруптур. – Эй, жигит! Тирүүсүңбү?

– Тирүүмүн! Тирүүмүн! Рахмат! – деп үн салды Авдий. – Жалпак-Сазга жетип калдыкпы?

– Жеттик станцияга. Биз азыр жүн тапшырганы барабыз, сен каякка бармаксың?

– Мен вокзалга барам. Бир ажат ачканыңа дагы рахмат. Силерге ыраазылыгымды айтар сөз жетпейт.

Шофёрду таянып жатып кузовдон түшкүчө Авдий онтоп жиберди.

– Жайың начар го, бишара. Сен түз эле ооруканага бар,– деди шофёр. – Сага таяк керек экен, басканыңа таяныч болот.

Аксаңдаган Авдий вокзалга жарым саатта араң жетти. Жолдон тактанын жараңкасын таап алып, аны балдак ордуна таянып барганы огожо болду.

Кыйма-чийме чубалган темир жолдордун, поездден артылып турган темир көпүрө баш болуп, ар кандай темир курулуштардын, бийик илинген прожекторлор менен ары-бери соймоңдогон жүк крандардын, вокзал алдындагы аянт түгүл, бүткүл станция шаарчасынын үстүнөн селектордон баркылдаган буйрук-сөздөр, аркы-терки жылган локомотивдердин үндөрү, келген-кеткен жүргүнчүлөрдүн поезддеринин кабарын айткан радио-кызматчынын жарыя доошу жакырат. Кулак-мурун кескендей ың-жың ээн талаадан келген Авдий буерде турмуштун кайнап жатканын туйду. Жанталашып кымгуут чуркаган калың элдин тобуна кирди. Жалпак-Саз бекеринен атпай Түркстан аймагындагы тогуз жолдун тоому болгон жер эмес.

Кайсы поездге түшүп, кантип кетиш керек, деги жанында бар болгону отуз беш сом менен кантип жансактоо керек – Авдий ушуга бушайман эле. Эгер кассада

чыпта[1] болсо, ушерден Москвага чейин плацкарта вагонуна түшүү отуз сом турат. Анан эмнеге жашайт? Шишиген бутун, көгала денин кантет? Оюна тумчуккан Авдий башы жерге салаңдап, станциянын эл быкбырдай кайнап, абасы дем болгон бөлмөлөрүнөн өттү. Үстүндөгү кийиминен тамтык жок, бети-башынан тамтык жок, ал аз келгенсип тактанын жарты жаракасын балдак ордуна таянып алган бу кебетеси көзгө урунттуу болуп, тегеректегилер кылчактап карай беришти. Поезддин расписаниесин көрүү үчүн перронго чыгып баратып, Авдий артынан бир милиционер кадала ээрчип алганын байкады.

– Эй, жигит, токточу! – деп милиционер жанына келди. Кыжырлангандай катаал көз карашында ырайым көрүнбөйт. – Буерде эмне кылып жүрөсүң? Өзүң кимсиң?

– Менби?

– Ооба, сен.

– Кетейин деп эле. Расписание карап...

– Документтериң барбы?

– Кандай документ?

– Кадимкидей эле: паспорт, күбөнама, иштеген жериңен справка.

– Бар, бирок жанагы...

– Кана, көрсөтчү?

Авдий калдастап калды.

– Билесизби, жолдош...

– Жолдош лейтенант,– деп тактап берди кыжырланган милиционер.

– Жолдош лейтенант, сизге айтайын дегеним...

– Айтайын дегениңи анан билип алабыз, азыр документиңди көрсөт.

---

[1] ч ы п т а – билет.

Авдий карбаластап атып, кайсы бир чөнтөк сөрөйүнөн жумалактанган ным кагаз алып чыкты. Бир кезде ушунусу паспорт болучу.

– Мына,– деп милиционерге сунду. – Менин паспортум.

– Паспорт имиш! – Милиционер Авдийди итирейе тиктеди. – Сен эмне баш оорутасың? Ушу да паспортпу? Ме, муну өзүң алгын да, мени ээрчип бөлүмгө жүр. Ким экениңи ошерден териштирип алабыз.

– Жолдош лейтенант, мен... – тегерегине бекерчилер чогула баштаганынан улам жараңка тактай балдакчан өз кебетесинен кысынып, Авдий мукактана берди. – Билесизби, мен деген гезиттин кабарчысы болом.

– Ушу сен кабарчысыңбы? – Колго түшкөн бу шүмшүктүн ченемсиз калп айтып жатканына милиционер ого бетер жини келди. – Жүргүн, кабарчы!

Тегеректеген бекерпоздор табалагандай күлүп калды.

– Балакет эй, тапканын, кабарчы имиш!

– А балким, тышкы иштер министри болуп жүрбө?

Кыжырланган лейтенантты ээрчип, поезд күткөн эл толтура залдан өттү. Жолуккандын баары эле кылчая карап, күбүр-шыбыр болуп, бырс күлүп калып жатышат. Кыязы, бир үй-бүлө го, жүктөрүн алдына үйүп алып, жыгач орундукта отурушкан экен, ошолордун жанынан өтүп баратканда уккан сөздөрү Авдийдин кулагына сайылып кирип баратты.

КИЧИНЕКЕЙ КЫЗ. Апа, апа, карачы, мобу ким?

АЯЛ. Ой, балам, бу деген каракчы. Көрдүңбү, милиционер байкең тутуп алыптыр.

ЭРКЕКТИН ҮНҮ. Кайдагы каракчы. Бир оңбогон чөнтөкчү кисебир да.

АЯЛДЫН ҮНҮ. Койсоңчу, Миша. Сыртынан эле ушинтип шүмүрөйүп баратпайбы, караңгы бурчтан жолукчу, жарып салыштан таюу тартпайт.

Бирок баарынан да күтүлбөгөн окуя алдыда экен. Милиционерди ээрчип, милициянын огеле кенен бир бөлмөсүнө кирди. Терезеси аянтка чыгат экен. Кыязы, милициянын кенже чини го, үстөлдө телефон чалып отурган бирөө лейтенантты көргөндө какайып тура калды.

– Иш ордунда, жолдош лейтенант,– деди ал.

– Отур, Бекболот. Мына дагы бир келгин куш. – Лейтенант Авдий жакка баш кагып койду. – Көрдүңбү, турпат-сымбатын, кабарчы имиш!

Эки жагын карап келаткан Авдий көргөн көзүнө ишене албай бакырып ие жаздады. Кире бериштеги улага бурчта арматура темирден согулган тордун ичинде, куду ажайыпканадагы кор болгон жырткычтар түспөлдөнүп, баягы наша жыйнагыч чабагандар отурат. Петруха, Лёнька, Махач, Коля, дагы поезд токтотчу экөө, анан дагы бейтааныш балдар,– баары болуп он эки. Командасы бүтүндөй, болгондо командири гана жок. Кол баштаган Гриша өзү жок.

– Ой, балдар, силерге эмне? Эмне болдуңар? – деп элейе калды Авдий.

Чабагандардын бири да үн катпады. Кыбырап да коюшпады. Тор ичинде жалаң полдо бири бирине ыкташып, азган-тозгон, капкандагы бөрүдөй сүзө тиктеген чабагандар тунжурайт.

– Булар сенин балдарыңбы? – Лейтенант мыйыгынан кытмыр жымыйып койду.

– Ананчы! Баары менин балдарым!

– Ошондой де! – Лейтенант таң калган кыязда Авдийди тигиле тиктеди. – Бул, эмне, силердин кишиңерби? – деди ал тигилерден.

Эч жооп болбоду. Баары үлүрөйүп жер тиктешти.

– Эй, силерден сурап атам, жооп бергиле! – Лейтенант ачуулана бакырды. – Эмне тунжурайсыңар? Болуптур, күтөлү. Көрөм али, куурулган балыктай гана туй-

лабасаңарбы, ар кимиңи үч жүз он жетинчи статья менен кескенде мени эстээрсиңер, ошондо кайран башым каңгыды деп какшаарсыңар. Шашпагыла! Жаш элек, мурда кесилген жок элек деп, кечирим үмтөтпөгүлө. Мына, кылмыш далилиңер менен кармалдыңар! –деп баркылдаган лейтенант Авдийге тааныш буюмдарга кол нускады: наша салынган рюкзак, чамадандар жатыптыр полдо. Кээ биринин оозу ачылып, кээ бири айрылып, нашасы чачылып калганга кара куурайдын каңырсыган жыты бөлмөнүн ичине толтура. Үстөлдө телефондун түбүндө пластилин салынган күкүрт кутулар, кичинекей шишелер жатат. – Тунжураганыңарды көрөм али! Таарынып калышат имиш! Силер деген кылмыш далили менен кармалган немесиңер! – Лейтенанттын ачуусу күчөгөндөн күчөп, үнү заарлана берди. – Мына далилдер! Мына буюмдата далилдер. Мына силердин баңги чөбүңөр! – Лейтенант наша салынган рюкзакты тепти. – Тобуңардан бир гана кесеп колго түшпөй качып кетти. Бирок ал кутула албайт, аны да тутуп, кесептер, баарыңарды ушу бурчка тыкпасам элеби! Тургула! Эмне дедим, тургула! Жамбаштап жатып калгандарын! Какайып карап тургула! Көзүңөрдү ала качпагыла! Силерге окшогон шүмшүктөр вагондун түбүнө жашынып алып, мени аткан. Ошон үчүн менден ырайым күтпөгүлө! Мадыра баш акмактар, эне сүтү оозунан кетпей жатып, колуна курал алганын кантесиң! Минте берсеңер акыры эмне болот? Силердин элдешпес касыңар менмин, күрөштү али көрө элексиңер! Ар бир жолду бөгөп, ар бир поездден силерди кутурган иттей кылып бирден тутпасам элеби! Менден кутулуп кете албайсыңар! – деп лейтенант жаалданган-дан жаалданды. – Дагы сурайм, кабарчымын деген мобу самтырак ким? Ким бул неме? – Авдийди колдон алып, тордун түбүнө жетелеп барды. Жакшылык менен айткыла! Силердин кишиңерби?

Тынымга баары тунжурап турушту. Авдий таң калды: кечээ эле ээн талаада алып-учкан жигиттер, жүрүп бараткан поездди токтотуп түшүп алып, наша чегип маң болуп, аны вагондон ыргыта тепкен эргулдар азыр минтип шымдарынын куру жок кашаттарын карманып, жылаңаяк, кыязы, бейшептеткени алып чыкканда качып бербесин деген сактык го, жылаңбаш, суугa түшкөн чычкандай шүмүрөйүп, таяк жеген иттей үлүрөйүп турушат.

– Акыркы жолу сурайм,– деп лейтенант ачуусуна муунуп, энтиге дагы сурады. – Мен кармап келген бу неме ким, силерденби, же силерден эмеспи?

– Жок бизден эмес,– деди Петруха Авдийди олурая карап.

– Пётр, кантип мен силердики эмесмин? – Таң калган Авдий балдагын сыраңдата таянып, торго такай келди. – Силер, эмне, мени унутуп койдуңарбы? – деп, арасын тор бөлүп, аркы тарапта тургандарды жемелегендей болду. – Куруган байкуштарым-ай. Кантип ушу күнгө туш болдуңар?

– Буер боорукерликтин жайы эмес, – деп лейтенант сөздү жулуп алды. – Азыр ар кимиңерди бирден сурайм,– деп кезенди тордогуларга. – Кимде ким калп айтчу болсо, калпы анан эле чыгып калат дечи,– кимде ким калп айтчу болсо, айыбына дагы айып кошулат. Кана, сен айтчы! – деп Махачка кайрылды.

– Тааныбайм,– деди ал шилекейлүү эриндерин тылтыйтып.

– Эми сен айт,– деди лейтенант Лёнькага.

– Тааныбайм, – деп Лёнька үшкүрүнүп алды.

– Тааныбайм,– деп күңк этти куйкул баш Коля.

Ошентип баары Авдийди тааныбай койду.

Кызык, чабагандардын жоругу Авдийдин намысына тийгендей болду. Бири калбай баары тең аны тааныбай, бир ооздон танып койгондору Авдийди кордогондой, бас-

мырлагандай сезилди. Авдийдин дене-бою чымырап ысып чыкты.

– Кантип эле, кантип эле мени тааныбайбыз дейсиңер, ыя? – деп алдастай берди. – Мен деген...

– Эй, «Нью-Йорк таймстын» кабарчысы,– деп ого бетер кордогон лейтенант сөзүн бөлдү. – Жетишет. «Мен деген», «тиги деген» эле дейсиң. Башты көп айландырба, түшүндүңбү. Сенсиз да иш чачтан көп. Бутка илешпей бу жерден жогол. Булар менен ишиң болбосун. Буларга окшогондорго закон бар, болгондо да чоң атасын таанытар закон,– баңги жасап саткандыгы үчүн кесилерин билесиңби. Буларга окшогондор менен эркелешип отурбайбыз. А сен, кабарчы дос, куйругуңду кыпчы да, бу жерден тез жогол. Бар, экинчи көзгө чалдыкчу болбо.

Унчукпай калышты. Авдий Каллистратов салмагын улам бир бутуна салып коюп, кетпей тура берди.

– Жолдош лейтенант эмне деди, уктуңбу? – деди баятан бери үстөлдө кайсы бир кагаздарды толтуруп отурган милиционер. – Кет дегенден кийин кете берсеңчи. Рахмат айт да, кете бер.

– Силерде мобу эшиктин ачкычы барбы? – деп Авдий темир тордун эшигинде илинип турган кулпуну көрсөттү.

– Аны эмне кылмаксың? Ачкычы бар,– деди лейтенант Авдий эмне айтканы турганын түшүнө бербей.

– Анда ачкыла,– деди Авдий.

– Дагы эмне? Анчалык сен өзүң кимсиң? – деп лейтенант үрпөйө түштү. – Мен сени бар эмеспи...

– Мен да ошону айтам, буларга кошуп мени да камап салгыла. Менин ордум ошерде! – Авдийдин жүзү албырып чыкты, вагондон нашаны сырттагы шамалга чачкандагыдай болуп дагы жиндеп келатты. – Мени камап, соттогула! – деп бакырды Авдий. – Карама-каршылык менен эсепсиз жамандыкка толгон бу дүйнөдө адашып жүргөн мобу шордууларга кошуп, мени да соттогула!

Ушулардай эле менин да жоопкерчилигим бар! Ушулар кылганды мен да кылгам. Эшикти ачып, мени да буларга кошуп камап койгула! Биз күнөөбүздү моюнга алып, тообо кылабыз, ошол биздин тазаланганыбыз болот...

Милиционер кагаздарын четке койду да, ордунан турду.

– Мобу жинди неме го, жолдош лейтенант. Кейпин карап көрүңүзчү. Делбе болуп калганы көрүнүп турбайбы.

– Акыл-эсим ордунда эле, – деп Авдий жактаганын бербеди. – Мен дагы булар менен тең жаза тартышым керек! Ошо дагы жиндиликпи.

– Коё тур, коё турчу,– деп лейтенант тайсалдай түштү. Кыязы, транспорттун оор кызматында ушунча жыл бою иштеп жүрүп, мындай таң каларлык окуяга туш болбосо керек. – Ушинтти десең ким ишенет.

Унчукпай калышты. Ушул учурда бирөө шолоктоп алды да, көз жашына муунуп, анан буркурап ыйлап жиберди. Ал дубалга тетири карап алып турган Лёнька болчу. Петруха анын оозун жаап, бирдеме деп коркута кулагына күбүрөп жатты.

– Эмесе, жолдош, – деп лейтенант Авдийге жылуу-жумшак кайрылды. – Жүрчү, мен сенин айткандарыңды кунт коюп угайын, болгондо буерде эмес, башка жерде. Жүр, сүйлөшөлү. Жүр, жүр, тил ал.

Экөө эл толгон залга кайра чыгышты. Лейтенант Авдийди бир бош орундукка алып келди да, отуруусун өтүндү, өзү да отурду.

– Сенден аябай суранам, жолдош, – деп лейтенант сырдашкандай чын көңүлүнөн айтты. – Биздин ишке жолто болбочу. Эгер бизден кетсе, капа болбо. Биздин иш кудай ургандай оор. Өзүң деле көрбөдүңбү. Суранам, бара-

йын деген жагыңа жөнөчү. Башың бош. Болгондо бизге кайра кирбе. Түшүндүңбү?

Авдий оюн топтоп, өзүнүн кылык-жоругун жана кармалган чабагандардын тагдыры тууралуу ойлорун лейтенантка айтмакчы болгондо ал ордунан турду да, котологон элди жиреп кетип калды.

Жүргүнчүлөр бекерчиликтен Авдийди кыя тиктеп, кызыга карай беришти: ушердеги ар түркүн элдин арасында да анын түс-кебетеси бөтөнчө эле. Муш жей берип бети-башы көгала, кийими тытылган, жараңка такта балдакчан Авдийди карап, элдин кызыгуусу да артты, кыжыр да келди. Анын үстүнө азыр эле милиционер чыгарып келип койгону бөтөнчө.

Авдийдин көңүлү айный баштады... Эти ысып-күйүп, башы чыдатпай ооруп чыкты. Кечээ күнкү окуялар, түндөгү нөшөр, шишиген сайын солдоё каткан буту, азыркы жолугушуу, кылмышы үчүн катуу жаза тартканы отурган чабагандардын абалы – ушулардын баары соо коёр эмес. Чыйрыгып, оболу калчылдап кирди, анан кайра ысып-күйдү. Башын ийнине катып, кыймылдаарга дарманы жок бүрүшүп отурду. Кара жолтой жараңка балдагы буту астында жатты.

Анан оту өчкөн көзүнүн алдынан баары тумандап каалгый баштады. Карап турган кишилердин түспөлдөрү өзгөрүп, ийрейип-муйруюп жумалакташып баратты. Ою кымгуут түшүп, деми кыстыкты, жүрөгү айланды. Кокустан жолуккан көпчүлүктүн арасында, абасы дымыккан залдын ичинде Авдий эстен танып отурду. «Алда жаным-ай, кыйналып баратасыңбы,– деп ойлоп коёт. – Адамдар неге мынча кызык жаралган? Киши менен кишинин иши жок. Айланаң бүт ээн, ар ким тентиреп өз бетинче». Бу кыйналганы өтүп кетер, кайра калыбына келип, камактын капаатында калгандарга жардам бериш үчүн эптеп бир айла табарын күттү Авдий. Кечээ

күнү алар өзүн өлүп тынчысын деп жүрүп бараткан поездден ыргытып жибергендери артта калды. Тиги киши өлтүргүч мыкаачылар, кылмышкерлер, арамдар азыр боорун оорутпай жинин келтирип, өч алууну каалатпайт беле. Жок, идеалист Авдий Каллистратов турмуштун эч кандай сабагына моюн сунгусу жок, эч бир ойдун жүйөсүнө да көнөр эмес. Наша чабагандарынын жеңилиши – өзүнүн жеңилиши экенин, өзгөнүн камын жеп, өзүнүн жанын жеген идеясынын жеңилиши экенин ал тереңинде сезип отурду. Ушул оор жазадан куткарып калыш үчүн ал нашачыларга таасир эте албай койбодубу. Ошону менен бирге ал өзүнүн ушундай кечиримдүүлүгүнүн азабын тартарын да түшүнбөй койгон жок...

Анткен менен дүйнө куруп кеткен жери жок, ошол ар кошкон элдин ичинен жакшылары да чыкты. Авдийдин маңдайындагы орундукта түйүнчөктөрүн бооруна баскан, ак жоолукчан, буурул чач кемпир отурду эле, Авдийдин жаны кыйналып, жардам сурап отурганын ошол сезе койду.

– Гражданин, – деп баштады да, кайра энелик мээрими козголуп кетти: – Уулум, кыйналып турат окшойсуң? Ооруп калган жоксуңбу, ыя?

– Ооруп турат окшойм, бирок сиз кабатыр болбоңуз,– деп Авдий жылмайгысы келди.

– Кантип кабатыр болбойм? Э кудай, бу түрүң эмне, көктөн түшкөн неме эмессиңби, ыя? Этиң от менен жалын, – деди Авдийдин чекесин басып көрүп. – Көзүң да ичине тартылып кетиптир. Балам, сен эч жакка жылбай отура тур, мен азыр, догдуру бар болду бекен буердин, же сени ооруканага жаткырар. Ушинтип таштап койгон кантип болсун.

– Жөн эле коюңуз, кереги жок,– деди Авдий өчүп бараткан үнү араң чыгып.

– Жок, жок. Сен бир аз отура тур. Мен азыр...

Түйүнчөктөрүн балалуу аялга дайындай коюп, боорукер кемпир бир жаккадыр шашып кетти.

Ал кемпир канча убакыт жоголгонун Авдий билбеди. Көңүлү караңгылап кетти. Тамагы калдайып ооруп чыгыптыр, – эмнеден мынчалык кыйналып жатканын Авдий эми түшүндү. Шилекейин жута албайт. «Ангина болгон экем», – деп ойлоду. Шалдайып начарлап кеткени ушунчалык, жаны жер тартып, полго суналып жаткысы келди, тепсесе тепсей беришсин, тунжурап жатып алып, эс-учун жыйгысы келбеди...

Авдий магдырап бараткан, аңгыча эл толкуп, кобур күчөдү. Көзүн ачса, милициянын бөлмөсүнөн чабагандарды айдап чыгып келатышыптыр. Милиционерлер тегерете курчап алган. Кыжырлуу лейтенант алдыда келет – бет алдындагы эл как жарылып, артында колдору кишенделүү чабагандар келатат. Баары катар тизилген – Петруха, Махач, Лёнька, Коля, эки каракчы, анан башкалар, баары болуп он чакты. Аларды вокзалдан чыгарып кетип баратышты.

Авдий эптеп эңкейип балдагын алды да, чымыркanып ордунан туруп, чабагандардын артынан аксаңдап жөнөдү. Оюнда жакшы эле кыймылдап бараткансыды, бирок айдалып бараткандарды кууп жете албады. Топураган бекерпоздор жолду тороп, жолтоо боло берди. Бирок чабагандарды эмне менен алып кеткенин көрүп калды: нараакта арткы эшиги темир тордолгон жабык машине турган экен, эки милиционер чабагандарды бирден бөлүп, эки колтугунан алып, киргизип жатты.

Анан машинеге конвой кошо түштү да, эшик жабылды. Машиненин кабинесине шофёрдун жанына лейтенант өзү түштү. Машине вокзалдын аянтынан чыга жөнөдү. Топураган эл туш келди жоромолдорун айтып кала берди.

– Каракчыларды кармашыптыр. Бир топ экен.

– Үй-үйдү тоноп, кишилерди өлтүрүп жүргөндөр го.

– Кудай бетин көрсөтпө!

– Каракчы да ушулардай болчу беле. Жаш эле балдар турбайбы.

– Бала дейсиңби? Азыркы балдар кимди болбосун жара тартып, кабагым-кашым дебестен кете берет.

– Жок, андай эмес, калайык. Булар нашачылар. Жанагы наша ташып өтүп жаткандар. Жүк поезддерден аларды топ-тобу менен кармап жатышпайбы.

– Канча кармаса деле болбой жайнап келип атат...

– Бул эмне деген балээ...

Чабагандардын кайгылуу эпопеясы ушинтип аяктады. Авдий негедир эңшерилип бош калгансып турду.

Жана каерде отурганын билбей, Авдий кайра залга кирди. Бутун сүйрөп, башы оогон жакка баратты. Ошондо алиги буурул чач аял алдынан чыкты.

– Мына, быякта келатат! – деди ал ак халатчан медсестрага. – Кайда басып кеттиң, балам, биз быякта сени издеп. Мына медсестра келди. Этиң от-жалын болуп турат, жугуштуу бир балээ болбосун деп чочулап жатышат булар.

– Андай эмес,– деди Авдий акырын. Медсестра Авдийдин чекесин басты.

– Температураңыз бар тура,– деди ал. – Ичиңиз өткөн жокпу? Ириң жыттанып өткөн жокпу? – деп тактап койду.

– Жок.

– Ошондой болсо да жүрүңүз, медпунктка. Аерден доктор көрсүн.

– Мен даяр.

– Буюм-кечеңиз кайда?

– Буюм-кечем жок.

## IV

Авдий Каллистратовду Жалпак-Саздын ооруканасына алпарышты эле, аерде Алия Исмаиловна деген врач, кабагын карыш салган казак аял карап чыгып, катаал айтты:

– Акыбалыңыз аябай эле оор. Бутуңуздун кокусун адис көрүш керек. Азырынча кан бузулбасын деп, антибиотик менен дарылай турабыз. Сиз өзүңүз, сыркоо жан, эмне болгонун мага толук айтып беришиңиз керек. Мен бир ынтызарлыктан эмес, врач катары сурап турам...

Турмуштагы ар кандай жолугушуулардын жана ажырашуулардын ичинде Кудайдын буюруганы менен деп айта турган жолугушуу болот. Бирок андай жолугушуудан эч майнап чыкпай калар опурталы бар экенин адам кийин гана түшүнөт, мына ошондо алиги жолугушуудан эчтеме чыкпай калганда эмне болмокмун деп ойлоп, адам ичиркене бир силкинип алар... Жолугушуунун жыйынтыгы Кудайдан эмес, адамдардын өзүнөн эмеспи.

Авдийдин башынан да ушундай бир окуя өттү. Үчүнчү күнү кечинде ооруканага ал келди – ким экенин билбей кыялында гана аздектеп жүргөн, кыял деген дүйнөнүн булуң-бурчуң тинтип кете берет эмеспи, ошо кыялында гана аздектеп жүргөнү келди...

Күндүзгү сайылган ийнелердин, ичкен таблеткалардын жардамы менен температурасы төмөндөдү да, кечке жуук отуз жети үчтөн ашпай кармалып турду. Бирок бутундагы шишик али жана турган эмес, рентгенден карашса, оң кабыргасынын бири сыныптыр. Жалпысынан иш оңолуу жагына багытталды. Жеке сезиминде Авдий дагы арызданары деле жоктой. Врач Алия Исмаиловна чыныгы табып экен, жалаң билими менен эмес, өзүнүн кейп-мээрими менен айыктыргыдай. Белгиленген дарылары, сүйлөшкөн каадасы пациенттин көңүлүн жайлан-

тып, ооруга каршы күрөшүүсүнө чоң көмөк берет экен. Анын психотерапиясы байсалдуу да, акылдуу да экен. Көрбөгөндү көрүп, тартпаган азапты тарткан Авдий кээде адамга адамдын камкордугу менен ысык мээрими канчалык өбөлгө экенин терең сезди. Кичинекей парктын ичине жайгашкан станциянын ооруканасында жаны тынч, көңүлү тетик жатып, Авдий, ачыгын айтканда, ооруп калып, жакшы врачтын колуна түшкөнүнө кубанып жатты.

Аллеяга чыккан ак пардалуу терезелер кыңая ачык турган. Ысык али өтө элек. Палатадагы берки эки кошунасы таза абадан дем алып, чылым чегип келиш үчүн сыртка чыгып кеткен. Авдий улам температурасын текшерип коюп, жалгыз жаткан. Температурасы кайрадан көтөрүлүп кетеби дегенде жаны кейийт. Терезенин түбүнөн өкчөлүү бут кийим тыкылдай өттү да, аялдын үнү анын атын айтып, дежур сестрадан сурады. Бу ким болуп кетти? Үнү Авдийге тааныш угулду. Ангыча сестра палатанын эшигин ачып калды.

– Мына, жатат.

– Саламатсызбы! – деди келген киши. – Каллистратов сиз болосузбу?

– Мен,– деди Авдий көргөн көзүнө пшене албай.

Бул баягыда Үчкудукка мотоцикл минип келип, Авдийди таң калтырып кеткен келин экен. Авдийдин эси эңгиреп калды, анын сөзүн укпай эле, маанисин туюп жатты, анткени бул келинди ооз ачтырбай түшүнүүгө көптөн бери курсант болуп жүргөн эле. Тигинин атыжөнү Инга Федоровна болуп чыкты. Мында келген себеби: илимий ишин изилдөө үчүн буерге үч жыл мурун келгенде Алия Исмаиловна экөө ынак болуп кетиптир, Авдийдин кабарын Ингага Алия айтып бериптир; өзүнүн илимий темасы нашага байланыштуу экен, анын Моюнкумдагы популяциясы жөнүндө экен – талаада өсчү кара

куурай – нашанын латынча атын айтты, эстеп калыш кыйын, анан Авдийдин жөн-жайын билген соң, кандай информация керек болду экен деп атайы издеп келиптир… Журналистке да илимий дарек керектир деген ойдо келиптир.

О, Кудай, анын күтүүсүз пайда болушунан эси ооп, укмуш керемет менен гана анын айтканын туюп, көзүн гана көрүп жатса, башка эч бир жанда мындай укмуш көз болбос деп жатса кайдагы илимий дарек! Астроном да миллион жылдыздардын ичинен бир белгисиз жылдызды ачса ушинтээр. Билбеген кишиге жылдыздардын баары эле окшош эмеспи. Бу келиндин бир эле көз карашынан Авдий обого каалгып учуп чыккансыды…

Мунун баарын Авдий кийин жалгыз калганда, эс-акылы ордуна келгенде эстеди, ал учурда болсо келесоо сыяктанып жата берди. Ырас, Инга Федоровна мунусун бийик температуранын кыябы деп түшүнгөн чыгар. Болбосо: «Мен дайыма сизди гана ойлоп жүргөнүмдү сиз кайдан билип алдыңыз?» – деп келесоо айтпаса, соо киши айтмак беле. Ага жооп кылып Инга кашын керип, табышмактуу жылмайып койду эле, ого бетер сулуу болуп чыкты. Эгер Авдийдин алиги сөзүн тигил былжырбайлык деп түшүнгөн болсо, ал өзүн өзү жемелеп жатып бүтүрмөк. Кудай жалгап, эстүү, маданияттуу неме анын сөзүнө маани берген жок. Анан экөө кыздын Үчкудукка барганын, алгач көрүшкөнүн, андагы экөөнүн тең эсине сиңип калган көз ирмем окуяны эстеп күлүштү. Анан калса, кийинки күнү кынык алып калган эки чабаган Петруха менен Лёнька үчөө талаа үстүнөн вертолёт көргөндө чөптүн арасына жашынышканын айтып берсе, Инга Федоровна кызыгып, күлүп укту. Көрсө, Ташкенден келген бир илимий экспедиция менен бирге Инга Федоровна да ошол вертолётто учуп жүргөн экен. Ташкендин бир илим-изилдөө институту наша – кара куурайды өсүп чыккан

жеринде химико-биологиялык ык менен жок кылуунун үстүндө иштейт экен. Бул арам оокатка каршы эки багытта – баңгиликти жок кылуу жана наркотик өсүмдүктү жок кылуу – жүрүп жатканын билди Авдий. Анан, адаттагыдай, бу чалкеш маселени чечүү оңой эмес экен. Асыресе, Инга Федоровнанын айтуусуна караганда, кара куурайды чаңдаштыруу маалында гана жоготуу эмес, көбөйүп өсө турган системасын түп-тамырынан бери жок кыла турган химиялык заттарды табуу мүмкүн, бирок ал ушул эки жүз жылдай убакка кыртыштын өзүн иштен чыгарып, ого бетер жамандык иш болчудай. Наркоманияга каршы күрөш деп жатып табиятты өлтүрүп алуу жарайбы. Ошентип бирин чойсоң бири үзүлөт дегендей. Бул экологиялык татаал проблеманын эң оптимал жолун табууну изилдөө Инга Федоровнанын илимий милдети экен. О, Кудай деп ойлоду Авдий, эгер табият ойлой алса, жапайы өсүмдүк менен адам ыйманынын бузулушу ортосунда не деген шумдук байланыш бар экенинен улам, не деген оор күнөөгө батар эле.

* * *

Инга Федоровна экөөнүн ортосунда пайда болгон мамилени «тагдырындагы жаңы доор» деп айтуу менен, Авдий Каллистратов болбогон романтикага аша чаппады. Приокскиге жеткендин эртеси эле Инга Федоровнага чоң кат жазды, буга чейин ал поезд токтогон ар бир станциядан открытка салып жүрүп отурган. Өмүр жолунда Инга Федоровнаны жолуктургандан Авдий башынан кечирип жүргөн сезиминде демейки сүйүп калуу деген түшүнүккө батпаган, жанын алып учкан, эчтемеге канбаган чыңалуу күчөй берди.

Ал минтип жазды: «Эмне болуп бараткanyма акылым жетпейт! Мен өзүмдү токтоо, байсалдуу кишимин,

акылым менен эмоциям ылайыктуу тең салмакта деп эсептечүмүн, эми болсо өз абалымды өзүм талдоого алым келбей калды. А бирок талдагым да келбейт, мына ошого таң калам. Тоо көчкүдөй болуп үстүмөн басып калган бактынын кучагындамын. Бир даректүү кинодон жолдогусунун баарын талкалап жүргөн аппак кар көчкү көргөм, ошол көчкү эми мени басып калганына бактылуумун. Мендей бактылуу киши дүйнөдө болгон эмес, жана жок. Бул бакыт мага гана буюрду, ошон үчүн колундагы добулду тарсылдата койгулап, эстен тана бийлеген жапан сыяктуу быйыл жайда мени салган баардык кыйноо-сыноолору үчүн мен тагдырыма ыраазымын. Турмуштун айлампасында гана биле турган нерсени билсин деп, тагдырым мени тирүү калтырган экен. Бир инсандын чөлкөмүндө сүйүү дегенди рухтун чыныгы революциясы дээр элем! Андай болсо, жашасын рух революциясы! Талкалоочу жана кайра жаратуучу революция жашасын!

Кечир, Инга, чаң-тополоң сөздөрүмдү. Бирок мен сени сүйөм, сен мен үчүн ким экениңи айтып беришке сөз да, күч да жетпейт.

Эми эс алып алайын. Мен редакцияда болдум. Иштин жайын кыскача айтып бердим. Тез жаз деп шаштырып жатышат, менин очеркими күтүүдө. Учурдун бул кызыктуу темасына менин очерким, балким, жалгашып кетмек. Эгер ойлогонум ордунан чыкса, анда ушул газетада туруктуу иштеп калам го деген үмөттөмүн. Азырынча айтуу эртелик кылар. Эртеңден баштап жазууга олтурам, башкысы ушул. Мен атайылап эчтеме жазып койбой жүргөм да. Эми баарын ирети менен кайрадан эстеп чыгуу керек.

Эмнеси болсо да, баңгиликти тараткaны үчүн деп, чабагандарга закондуу түрдө катуу, адилеттүү жаза колдонулганы турат, менин тынчымы алган ошол. Алар мен

үчүн тагдыры жолунан тайган, кайгылуу, тирүү кишилер. Айрыкча Лёнькага боорум ооруйт. Куруган бала куруп атпайбы. Мына ушерде экөөбүз көп сүйлөшкөн ыймандык проблема келип чыгат. Биз алыс турсак да, шек албасак да, билгибиз келбесе да адамдын ар кандай жаман иши, ар кандай кылмышы жердин кайсы жайында болбосун баарыбызга тиешеси бар дегениң эң туура, Инга. Жашырганда эмне, кээде күлөбүз: өнөкөттө касыбыз деп эсептегендер кандай күнгө дуушар болуп жатканын карагылачы деп табалайбыз. Бирок газеталар биздин чектен тышкары болуп жаткан кылмыш иштерди жарыялап, туура кылат, анткени мында терең маани бар. Бирок дүйнөдө адамдардын түйшүгүнүнүн кандайдыр бир тең салмагы бар, адамдар ааламдагы жалгыз гана акылэстүү жаныбар болгон соң алар бөлөк-бөтөн болуп бөлүнгөндөрүнө карабастан бул касиети менен баарынан бийик турушу керек. Баардык карама-каршылыктарыбызга карабай биз акыры ошого барабыз, жердеги акыл-эсти сактап калуу деген ошо болот.

Менин көңүлүм жаркын, Инга, анткени мени айрыкча толкундаткан, кыйнаган нерселер тууралуу сага жаза бере алам, анткени сенин жүрөгүңөн керектүү жооп аларыма ишенем. Сага тынбай эле кат жаза бергим бар, болбосо жарылып кетчүдөймүн, бирок каттарым менен сени жадатып жиберемби деп корком. Оюм менен болсо, мен ар дайым сенин жаныңда болгум келет. Кайрадан Моюнкумда болсом дейм, Үчкудукка мотоцикл минип келгениңи кайрадан көрсөм дейм, чиркөөнүн жаңы ойчулун көрөр замат багындырып алганыңа кайрадан башыман өткөрсөм дейм. Азыр моюнга алыш уят сыяктанат, бирок сенин ошондо пайда болгонуңа ушунчалык таң калгамын дейсиң, ушул азыр да калтаарып, толкунданып турам. Бүгүнкүнүн кийимин кийген кыз болуп, көктөн түшүп келгенсиң... Мына ошолорду ойлоп алып,

мен өзүмө бирдемени кечире албайм: чабагандар менен аралашып калган соң адам баласына шыбага болуп бөлүнгөн кыйноонун ичинде аз болсо да неге жамандыктын үлүшүн азайтып, жакшылыктын үлүшүн көбөйтүп кала албадым. Кудайдан коркушар деп ойлодум эле, бирок аларга баарынан ыйыгы акча болуп чыкты. Эми ошол тагдыр жолуктурган, жолшериктеш болуп калган чабагандарга кантип жардам берсем болот деген ой кыйнайт. Жок дегенде аларды өкүнгүдөй кыла алсам. Мына ушунун жолун аларга көрсөтсөм болот эле. Адам рухунун тарыхындагы улуу жетишкендиктеринин бири – өкүнүү, биздин күндөрдө анын баркы кеткен. Бүгүнкү адамдын ыйман дүйнөсүнөн ал биротоло жоголуптур десе да болот. Бирок өкүнүүсүз, бирдемеге көзү ачылып, маңызына жетүүсүз, иш-аракетинде болобу, оюнда болобу, кеткен күнөөсүн моюнга алуусуз, өзүн өзү сындап, жазалоосуз адам канткенде адам болсун?.. Акыйкат жолу – күн санап тазалануу, жетилүү жолу...

О, Кудай, мен кайра эле адатыма салып кеткен турбайымбы! Кечир мени, Инга. Мунун баары жүрөктө сезим ташкындап, сен оюман чыкпаганынан. Сага айта тургандарымдын миңден бирин да айта элек сыяктана берем...

Ажырашканыбызга бир жума болду, канткенде тезирээк, канткенде эртерээк кайра сени көрөм...

Жаныма жай бербеген ушу – улам күчөп бараткан сагыныч. Калган тиричилик маселелер кудайдан болуп маанисин жоготту, алар мага эч маанисиз сезилет...»

* * *

Июлдун аягы эле. Мен газетанын редакциясынан капа болуп чыккан күн болчу. Талаа очерктериме редактордун мамилеси күтүүсүз өзгөргөнүнө абдан капа болдум. Эң маанилүү материал деп мени алыскы сапарга шык-

танткан редакциядагы жолдошторум да эми карасам, негедир күнөөлүүдөй, аргасыздай мелтирешет.

Мага ошонусу катуу тийди. Бирөөлөр менин алдымда өздөрүн күнөөлүүдөй сезсе мен өзүмчө кыйнала берем, жолукканда эч кысынбагыдай кылып аларды ардемеден тезирээк арылткым келет. Антпесем мен өзүмдү күнөөлүү көрүп жүрө берем...

Редакциядан чыгып кетип баратып, экинчи кайрылып келбеске, көздөрүнө көрүнбөскө шерт кылдым, керек болсом чакыртып алышар дедим. Керегим жок болсо айла канча. Эч майнап чыкпаган экен, үмүт кылбай эле коёюн деп бардеш урам да.

Россиянын жайы балкып турган бульварда баратсам да көңүлүм түк көтөрүлбөдү. Талаа очеркимди жазууга канча күч-аракет кетти эле, жан кашайткан атуулдук ойлорумду айттым эле, пейилдин ачылышы, пейилдин керээзи катары жаздым эле, ошентсем өлкөбүздүн беделине доо кетпесин деген шек саноо пайда болуптур (эмне максат менен өзүбүздөн өзүбүз сыр жашырабыз?), ошол шек саноо менин очеркимди эми көөмп салмай болду. Ыза болгонуму айтып жеткире албасмын. Баарынан таң каларлыгы – редактордун айтканы болду:

– Бирок дагы ойлонуп көрүш керек экен, балким, ушунун баарын жогору жактагыларга баяндап жазып жиберүү туура болор. Тиешелүү иш-чараларын көрүү үчүн.

Ушинтип айтты.

Мен чыдай албай кеттим:

– Биздеги болгон бүлгүндөр да эң сонун деп качанга чейин эки жүздөнөбүз?

– Бүлгүндүн буерде тиешеси кайсы.

– Баңгилик деген социалдык бүлгүн, тиешеси ошол.

Ошону менен кете бердим. Ушундайда жашоому жеңилдеткен жалгыз аралжы Инганын каттары болду, аны

эстегенде жүрөгүм мыкчыла түшүп, каттарын кайталап окуй берем. Дүйнөдө телепатия деген бар окшойт, бар болбосо менин ойлогон ойлорумду, жанымдын кейиштерин мага тынчтык бербеген санааларды ал каттарында мурда эле жазып турмакпы. Бу каттар менин үмүтүмө кубат болуп, ишеним берди; жок, тагдырым мени алдабаптыр, тѳтөн мени шылдыңдабаптыр, болбосо бүгүнкү күндүн кыздарына чиркөөнүн көөнөргөн асыл наркын бекем тутуп жүргөн мага окшогон семинарист, жолу болбогон апенди жакмак беле. Азыркы бакандай жигиттердин жанында мен көзгө түшүп, көңүлгө илинбей калбаймынбы. Бирок Инганын каттарында ушунчалык ишеним, урматтоо дегенден да тартынбайм, анан эң башкысы, менин сүйүүмө сүйүүсү менен берген ачык жообу мага канат байлап, өз баркымды өзүмө көтөрүп жүрдү. Мага башка эмес, дал өзү, менин Ингам жолуккан бактыма тообо! Сүйүүнүн керемети да бирине бири бой таштап умтулганында тура!..

Бизге али турмуш-тиричилик иштеринин тиешеси жок. Бирок андай маселелер бар экени, аларды чечүү керектиги да мени кубантат. Мен туруктуу иш таап, туруктуу айлык алып туруум керек. Азырынча атаман калган эски китептерди сатып оокат кылып, ошого ичимен жаман бушайман болуп жүрөм. Инганы бет алып, Азияга кетип калсамбы, ошерге орношуп, иш таап, дайыма анын жанында болсомбу деп да ойлоп кетем. Анын экспедициясына кол ара жумушчу болуп иштеп алып, анын илимий изилдөөсүнүн ийгиликтүү жүрүшүнө көмөктөш болсом дейм. Мындан ары изилдөөлөр мага да жакын болуп калбадыбы. Ал иште экөөбүздүн кызыкчылыгыбыз кошулду: баңгиликти мен ыйман насыятынын жолу менен жоготууга умтулдум, ал болсо илимий жол менен келатат. Анын берилип иштегени жагат мага. Анын иши көптү кызыктырган, кадыр-барк берер, же кызмат ка-

рьерасын тездетер деле иш эмес. Чынын айтканда, жапайы өскөн наша – кара куурайды жоготуу жолун илимий проблема кылып изилдеген жалгыз адам Инга. Өзү ошерде, Жамбылда туулуп-өсүп, анан Ташкенде окугандыгы алиги илимий багытты тандап алышына, өзүнүн пенделик кызыкчылыгына чоң таасирин тийгизген экен.

Инганын башынан да оор турмуш өтүптүр. Мурдагы күйөөсү аскер учкучу экен, аны менен бир турбаганына үч жылдай болуптур. Уулу төрөлгөндө ажырашып кетишкен экен. Азыр учкучу башка бирөөгө үйлөнгөнү жүрсө керек. Ошон үчүн экөө сөзсүз жолугушуп, кепсөздүн аягын чыгарып, баланын келечегин тактап алууну макулдашкан имиш. Уулу Игорёк Жамбылда таятаенесинин колунда, доктордун үй-бүлөсүндө экен, бирок Инганын каалоосу – баласы жанында болсо дейт. Бир катында баламы Жалпак-Сазга алмай болуп жатам, темир жолчулар бала-бакчадан орун бермей болушту деп жазган, мен абдан кубандым, ал камкордукту мага кой деп жазып жибердим.

Ошондо ал кайра жазган катында: күздө мен отпуска алам, ошондо келсең экөөбүз Жамбылга ата-энеме барып көрүнөт элек, баланы да көрө келет элек деп жазыптыр. Экөөбүздү ойлогон бул камылгасы мени кандай толкундатты дейсиң. Качан десең ошондо жетип барышка, сенин карамагыңда болушка мен даярмын, деги турмушубузда мен жашоо-тирилигимди жалпы кызыкчылыгыбызга, баарыдан мурда, анын кызыкчылыгына баш ийдирем, сага керектүү, пайдалуу болсом болду, бак-таалайым ошо деп билем деп жооп кат жазып жибердим.

Ошентип күздө экөөбүздүн тагдырыбыз такталышын күтүп жашап калдым. Экөөбүз Жамбылга анын ата-энесине, баласына бараарыбызды элестетип, аябай толкундана берчү болдум. Баары ошого байланыштуу. Ага да акча каражат керек эле. Жетип барыштын өзү эле канча ту-

рат. Моюнкум очерктеримен бир тирденип alармын деп жүрдүм эле, ал минтип болбой калды, анда менин күнөөм да жок. Ошон үчүн областтык типографияга убактылуу корректор болуп орношуп алдым, а да болсо огожо болуп турду...

Акыры бир күн күткөн кат келди: октябрдын аягында Жалпак-Сазга келе аласыңбы, ноябрь майрамына аралаш экөөбүз Жамбылга барып келет элек деп жазыптыр...

Ингага телеграмма салып жиберейин деп, шаардык телеграфка жин ургандай чуркадым... Калган китептерди тезирээк сатып жиберип, ошо каржы менен жолго чыгышым керек.

## V

Обер-Кандалов Моюнкумдагы кыргын чабытка команда чогултуп жүрүп, Авдий Каллистратовду вокзалдан жолуктурду.

Обер-Кандаловго бул жумушту ким тапшырса да, жетик экен: Кандалов көптү көргөн киши, темир жол станциясындагы өрт өчүргүч ишинде комендант болуп жүргөн, андан мурда аскер кызматындагы неме болучу, болгондо да штрафбаттан (ошол оңой бекен). Талаадагы шашылыш чоң чабытка ушундай киши жарабаганда ким жарайт. Анан калса, мындай жумуш чыга калган соң Кандаловдун да сыр каткан бир максаты жаралды. Эт төгүү планын аткарууда кыйналып турган облбашкармага кысталышта кызматын көрсөтүп, ошону менен өзүн актап, областагы тийиштүү чоңдордун колдоосу менен партияга кайра өтүп alармын деген ой келди. Партиядан болбогон жерден чыгып калганына ичи күйөт: же уурулугу, же башка бир кыянатчылыгы болсочу, штрафбаттын казармаларында кызмат абалынан пайдаланып, мажбурлап бачабаздык иштерди кылган – мунусу турмушта чанда бир жолугар, мамлекетке тийген зыяны деле

жок. Болуптур, ошону айың дейли, бирок мөөнөтүнөн ашык иштеп жүргөн старшина идеологиялык жактан шектүү адамдарды, айрыкча кайдагы бир сектант менен баңгилерди зордогон экен – андан эмне?.. Андайларды аяп эмне? Ошон үчүн эле өмүр бою желкелей беришеби? Аялы кетип калды, ошол деле жетишпейби. Өзү да ошонун азабынан ичип кетти, ырас, мурда деле сопу жүрчү эмес. А эгер чындап ойлонуп көргөн кишиге ал абдан керектүү адам эмеспи. Мына, олуттуу жумуш тапшырышты эле, көз ачып-жумгуча иштерман топту жыйнай койду. Түн ортосунда вокзалга барды да, кынык алган көз менен эл арасынан кор болгон, зар болгондорду таап, Моюнкумга барчуларды, тез арада акча таап алчуларды чогулта койду. Мына ушинтип жүрүп, Авдий Каллистратов да колуна илинди.

Кандаловдун сунушун Авдий кабыл алуусуна жалаң гана каржыга муктаждыгы аргасыз кылбады: айласын кетирип, жүрөгүн өйүгөн нерсе бул: Инганын каты менен Жалпак-Сазга жетип келсе, ал өзү жок, мынчалык чөгүп кетишке али анчалык себеп жок болсо да, ал ындыны өчтү. Самолёт менен тез барайын деп ал ололу Москвага жеткен, аерде самолётко белет алуу үчүн бир күнү кетти, анан Алма-Атага учуп келди, аерден поездге түшүп, буерге келди. Элеп-желеп болуп эки күндө жетип келип, оорукананын жанындагы лабораториянын короосундагы тааныш үйгө жетип барса, эшик бек, алакандай кагаз кыстарылып турат. Аны алып окуса, сага жазган катымды вокзалдын почтасындагы «сурап алма» бөлүмүнөн ал дептир. Авдий, албетте, кайра вокзалга чуркады. Катты кармата коюшту. Авдий жүрөгү дымып согуп, кичинекей кыябанга[1] кирди да, ошердеги бир орундукка отуруп алып, катты окуду:

[1] к ы я б а н – (*ир,; тщшт. диал.*) көчө, аллея.

«Авдий, жан биргем, кечир. Мындай кыйчалыш иштер болуп кетерин билген болсом сени азырынча жолго чыкпай тура тур деп кабарлап коёт элем. Менин кийинки телеграммам сага жетпей калгандыр, сен жолго чыгып кеткендирсиң. Иш мындай болуп калды: мурунку күйөөм Жамбылга келип, Игорёкту талашып соттошмой болуп жатыптыр. Тезинен Жамбылга жетпесем башка арга жок. Мага пейли ак бир киши менен баш кошмой болуп жатам деп мен ага кат жазып жибердим эле, кыязы, алиги чатакты ушинтип мен өзүм баштап алдым окшойт. Бирок уулумдун атасы болгон соң мен аны маалымдап коймогум туура эле да.

Дагы бир жолу кечир, сүйгөнүм, жагдай ушундай болуп калды. Акыры бир күнү бул чатак чечилиш керек да, андыктан аягы жакшылык менен бүтөр. Ошон үчүн эң оболу ушуну бүтүрүп алганым оң.

Сен келгенде эшик жабык болот. Ачкычты биздин лаборантка – Сауле Алимбаевага таштап кетем. Ал жакшы адам. Биздин лаборатория каерде экенин билесиң да. Барып ачкычты ал да, менин үйүмдө тура бер. Өз үйүңдөй көр, мени күт. Алия Исмаиловна менен аңгемелешип жүрө берсең, жакшы болот эле, бирок ал отпускага кетип калбадыбы. Ал сени аябай урматтайт. Бир жумада келип каламын. Мындан ары экөөбүзгө эчтеме жолто болбогудай бүтүрүүгө аракет кылам. Сен Игорду көрсөң экен. Экөөңөр ынак болуп кетериңерге көзүм жетет, анан үчөөбүз бирге жашай берер элек. Андан мурун экөөбүз макулдашкандай менин ата-энемин алдына барып келер элек, сен атам Фёдор Кузьмич, апам Вероника Андреевна менен таанышып алар элең. Капа болбо, Авдий, сүйгөнүм, муңайба. Мен баарын оңунан чыгарууга аракет кылам.

*Сенин Ингаң.*

PS. Жумуш маалы бүтүп калганда келсең, Алимбаеванын адреси бул: Абай көчөсү, 41. Эринин аты-жөнү Даурбек Иксанович».

Ашып-шашып окуп чыккан кат Авдийди ойго салды. Иштин баары ал күтпөгөндөй болуп бараткканына таң калды. Ачкычка да барбады, акыл-оюн жыйнап алайын деп күтөр залда отура берди. Анан, колго будоо болбосун деп чамаданын сак камерага өткөрүп коюп, кыяванга чыкты, аерде отурду, тааныш ооруканааны айланчыктап басты, анан шаарча менен станциянын ортосундагы жалгыз аяк жолду таап алып, аркы-терки басып жүрө берди...

Талаа бетинде коңур күз орноп турат. Күн салкын тартып калган. Океандын алыстагы ак жал толкундары сымал боз чангыл булуттар октябрдагы көгүш асманда каалгыйт, бак-дарак баригинен айрыла баштаган, коч-кул-күрөң кургак жалбырактар бут алдыда бырыксыйт. Чарбактар жыйналып, жылаңачтанып жатат. Жалпак-Саздын көчөлөрү ээн, көңүлсүз. Бетке жабыша калып, абада мийзам[1] учуп жүрөт. Ушунун баары Авдийдин көңүлүн чөгөрө берди. Индустриялык ополдогу менен талаа бетин басмырлап турган станцияда болсо күркүрөгөн-шарактаган турмуш күүсү кан тамырдай тыным токтоосуз жүрүп жатат. Чатыраштанган сансыз жолдордо поезддер нары-бери өтүп, кымгуут түшкөндөй шашылган эл, диспетчерлердин радиодон бакылдаган үндөрү теребелди жаңыртат.

Баягы жай күндөрү, чабагандардын эпопеясынын акыры Авдийдин эсине түштү. Ошого байланыштуу Авдий жакасын уучтап өкүнүүчүлүктү канча жолу ойлонбоду. Жака уучтап өкүнүү деген турмуш тажрыйба байыган

[1] м и й з а м – (*ир.*) 1. мусулманча айдын аты. 22-сентябрь менен 21-октябрдын аралыгына туура келет; 2. *өтм.* күзүндө уча турган күмүш түстүү тоскок (жипчелер).

сайын күчөй берчү абийир-ариет экенине, адам акылы тарбияланып, сыйына турган пейилдин адалданышы экенине канчалык көп ойлогон сайын ошончолук ишене келет. Адамдан башка эч макулукка жака уучтап өкүнүү буюрбаган. Жака уучтап өкүнүү деген – адам рухунун өзүнө түбөлүк көрө жүрөр камкордугу. Ошондон улам – жазыгы үчүнбү, кылмышы үчүнбү – жаза тарткан ар бир жандын дилинде жака уучтап өкүнүү жаралышы абзел, болбосо анын тарткан жазасы менен жырткычтын тарткан жазасынын айырмасы болбой калат.

Ушуларды ойлогон Авдий акырын басып, вокзалга кайра келди. Анан негедир баягы кыжырлуу лейтенант эсине түштү, таанып бекен, жок бекен, анан дагы Петруха менен Лёньканын тагдыры эмне болгонун билгиси келди. Авдийдин буга кызыгып кеткенине дагы бир себеп – Инга Федоровна жөнүндөгү ойлору көк жээкте чокмороктошо баштаган добул сымак жүрөгүн мыкчый берди, мына ошондон алаксыйын деди. Авдий өз турмушу менен келечегин эми ушундай чыпкадан өткөрүп калган, андыктан Жамбылдагы иштер кандай бүтсө анын өмүр-турмушу да ошого жараша болмок. Ырас да, кийлигишүү колунан келбеген соң мындай ойлордон өзүн оолак тутканы ийги эмеспи. Бирок жолу болбой, баягы кыжырлуу лейтенантты таба албады. Авдий милиция бөлмөсүнүн эшигин каккылап турганда жанына бир милиционер келди.

– Сизге эмне керек?

– Мен, билсеңиз, бир лейтенантка жолукмакчы элем, – деп түшүндүрө баштады Авдий, бирок эч майнап чыкпасын сезип турду.

– Фамилиясы ким? Бизде лейтенант көп.

– Өкүнүчүм ошол, фамилиясын билбейм, бирок көрсөм таанып элем.

– Анын сизге кандайча кереги бар?

– Кандай десем болот, сүйлөшөйүн деп...

Милиционер анын үстү-башын кызыга карап алды.

– Анда карап көр, балким, лейтенантыңды таап аларсың.

Бирок бу жолу телефондуу үстөлдө бейтааныш киши башка бирөө менен сүйлөшүп отуруптур. Авдий кечирим сурап, чыгып кетти. Чыгып баратып, баягы колго түшкөн кылмышкерлер отурган тор капаска көз кырын сала басты. Бу жолу капас бош экен.

Анан канчалык оолактайын десе деле болбой Авдий кутула албаган ойлоруна кайра кабылды. Инга эмне болду? Ал Инга таштап кеткен ачкычты издеп али да барбады, себеби Инганын ээн үйүндө жанын жай алдырбаган ойлору менен жалгыз ого бетер куруй турганын сезди. Инга эмне болгонун, качан келерин билсе, ал вокзалда деле күтүп жүрө бермек. Азыр Жамбылда эмне болуп жатканын элестеткиси келди, сүйгөн келин аякта кыйналып жатса, өзү жардам кылууга эч аргасы жок болсо, мындан башка азап барбы. А эгер баланы атасынан ажыратпас үчүн Инганын ата-энеси экөөн жараштыруунун аракетинде болсочу? Ырас, иш бу жагына ооп кетиши абдан ыктымал, анда шордуу башы каңгып кайра кеткенден башка кандай арга калат? Авдий аскер учкучтун сымбатын элестетип көрдү: бой-мүчөсү келишкен, үстүндө аскер форма, ийининде погон, чини сөзсүз майордон кенже эмес болуу керек, анын жанында Авдий шүмүрөйүп эле калбайбы. Инга үчүн сырт-сымбат, чин эч кандай мааниси жок экенин Авдий жакшы билет, бирок ата-энесинечи – күйөө баласы, демек, Игорь неберенин атасы аскер учкучу болгону жакшыбы, же дайыны жок кайдагы бир сандалбап болгону ийгиби? Кеч кирди. Каш карайганда Авдийдин көңүлү ого бетер түнөрдү. Эл жык-

жыйма толгон вокзалдын ичи күңүрт эле, чылымдын түтүнү быкшып, абасы дем, ушерде отуруп Авдий биротоло чөктү. Караңгы чер токойдо жүргөнсүйт. Жападан жалгыз. Дарактардын башында шамал гүүлдөйт, кар жаачудай. Кар жааса токойду да, токой ичинде кошо аны да басып калчудай, ошону менен баары жок болчудай... Авдий өлгүсү келди. Эгер азыр Инга келбесин билсе, келсе да буюм-кечесин алууга гана келип, анан алиги аскер күйөөсү менен кайра жөнөп кетип бараткнын билсе, буйдалбастан эшикке чыгып, кайсы поезд өтүп баратса, ошонун астына боюн урмак...

Жалпак-Саздын вокзалында Моюнкумдун «сафарасына» команда жыйнап жүргөн Кандалов Авдий Каллистратовду дал ушундай оор абалында тапты. Обер-Кандаловдун көрөгөчтүк жайы бар экен, эмнеси болсо да Авдий азыр ичи уйгу-туйгу болуп, жанын коёр жай таппай отурганын даана түшүндү. Чынында эле ошондой болду: эки күнгө Моюнкумдун ээн талаасына ойноп барып, акча таап келүүнү сунуш кылганда Авдий ойлонбостон макул болду. Дайынсыз ишти күтүп, камыгып жалгыз отургуча баарына кайыл эле. Моюнкумдан акчалуу болуп кайткыча Инга Федоровна да келип калар, анан баары даана ачылар деп да ойлоду. Бактысы бар болсо сүйгөнү менен биротоло ушерге туруп калар, жок болсо эптеп аман жашоонун айласын издеп, кайра жөнөөр... Бирок жүрөгү үшүп корккону ушул...

Ошол кечте эле Обер-Кандалов Авдийди өрт өчүргүчтөрдүн жайына алпарып салды, ал ошердеги бош керебетке жатып, түнөп чыкты.

Эртеси эрте менен бир команда болуп, кербен тарткан колонна машинелерге түшүп, Моюнкумдун талаасын көздөй кыргын чабытка жөнөштү. Ойноп келүүгө барапышты...

* * *

Мына эми алар Авдий Каллистратовду тозокко салып жатканы. Ашынган беш аракеч – Обер-Кандалов, Мишаш, Кепа, Гамлет-Галкин жана Абориген-Үзүкбай. Тагыраак айтканда, Гамлет-Галкин менен Абориген-Үзүкбай экөө бу сотто жөн катышууда, тигил үчөөнүн мыкаачылыгын жумшартууга жарамсыз жардам кылымыш болот.

Иш мындай болду: баягы вагондогудай болуп, кечке жуук Авдий ээлигип чыкты, мына ошонусу азыркы мыкаачылыкка шылтоо болду. Моюнкумдун бөкөндөрүнө жүргөн кыргын чабыт ушунчалык таасир эткен белем, Авдий бир кезде бу кызыл кыргынды тезинен токтоткула деп талап кылды, жиндеп алган мергенчилерди жакаңарды кармангыла, тообо келтиргиле, Кудайга сыйынгыла деп чакырды, Гамлет-Галкин менен Үзүкбайды биригели деп үгүттөп, бу Обер-Кандаловду берки кошоматчы жан-жөкөрлөрү менен таштап кетели да, элге жар салалы деди. Ар кимибиз пейилибизди Кудайга, Жакшылык Ээси Жаратканга буралы, жандуу табиятка кыянатчылык кылган адамдардын жамандыгы үчүн тайынып-табынып кечирим сурайлы, анткени ак пейилден чыккан өкүнүү гана күнөөнү жеңилдетет деп какшады.

Авдий чаңырып жатты, эки колун асманга сунуп, жамандыктан арылайын, тообо кылайын десеңер мага кошулгула деп жатты.

Ээликкен Авдий ошо тапта күлкү келерлик эле, бакырып-чаңырып, башын ургулап, жерде ооналактап, кыямат кайым келатканын туйган таризде болду. Ага жарык дүйнө быркырап, баары туңгуюк кургуйга урапкулап бараткансыды.

Акча табыштын айласы менен ушу талаага тентип келгендерди ал Кудайга сыйынткысы келди... Моюн-кум-

дун учу-кыйырсыз кең талаасын каптап чыккан, күүлөнүп алган, баарын кырып-жоюп, токтоосуз болуп алган механизациялашкан бу ажаан күчтү токтотууга ниет кылды ал...

Жеңилбести жеңгиси келди ал...

Мына ошондо Мишаштын айтуусу менен аны кол-буттан таңып, бөкөндөрдүн өлүгү жүктөлгөн машиненин кузовуна ыргытып салышты.

– Жат эми, эненди.. өлө бер ошерде. Бөкөндүн жинин жыттап жат! – деп күйүккөндөн күшүлдөгөн Мишаш кыйкырып койду. – Эми чакыр Кудайыңды! Ал энеңди... балким, угар, анан асмандан сага түшүп келер...

Түн кирген, кызыл кыргын жүрүп, тирүү макулуктун баары, канкор карышкырларга чейин дүйнөнүн талкаланышын өз көздөрү менен көргөн Моюнкумдун кең талаасынын үстүнө кумсарган ай чыккан...

Кыргын салгандар болсо, өз башынын шоруна ошол күнү Моюнкумга келген Авдий Каллистратовдон башкасы, кыргындын салтанатын бир ниеттен тойлоп жатты...

Анан да Авдийди мына ушунусу үчүн соттомой болушту...

* * *

Мишаш менен Кепа Авдийди машиненин кузовунан сүйрөп түшүп, Обер-Кандаловдун алдына сүйрөп барышты да, күч менен чөгөлөтүштү. Обер-Кандалов бош жашиктин үстүндө бырышкан плащынын эки өңүрүн эки жакка жайылтып, керзи өтүкчөн бутун талтайтып отурган. Машиненин кичи жарыгы тийген алакандай жерде айласыз зор көрүнүп, кабагын карыш салган кейпи ырайым кылбачудай. Бир жагында бөкөндүн этинен бышырылган шишкебектин күйүгү жыттанып, кичине от күйүп жатат, кашында үрпөйүшүп Гамлет-Галкин менен Або-

риген-Үзүкбай турат. Экөө кадыресе кызып калган экен, эми Обер-Кандалов Авдийди кандай суракка алар экен деп ырсайышып, шыбырашып бирин бири нукуп, көз ымдашып коюшат.

– И, эмне дейсиң? – Обер маңдайында чөгөлөп отурган Авдийди жекире тиктеди. – Ойлондуңбу?

– Колумду чечкиле,– деди Авдий.

– Колуңдубу? А эмне үчүн колуң байланды, ошону ойлондуңбу? Кимдин колун байлайт, билесиңби, козголоңчулардын, бузукулардын, бейбаштардын, тартип бузгандардын колун байлайт! Тартип бузгандардын, уктуң беле? Тартип бузгандардын!

Авдий унчукпады.

– Болуптур, чечсе чечип коёлу, анан кантер экенсиң, көрөлү,– деп Обер ырайым кылды. – Кана, чечкиле колун! – Беркилерге буйрук берди. – Азыр колу өзүнө керек болот.

– Чечип эмне, энеңди ... – деди Мишаш наарazылана Авдийдин аркасынан аркандын түйүнүн чечип жатып. – Мындайларды ит болбос күчүктөй кылып суугa чөгөрүп жиберсе аз. Мындайларды жети бүктөп, кайра түзөп тик тургузуп туруп, жерге кагып жиберсе ажеп болот.

Ийини, билек, салаа, муундары шишип калганын Авдий эми сезди.

– Мына, өтүнүчүң аткарылды,– деди Обер-Кандалов. – Дагы чолоң бар. Ага чейин иш башы деп, ме, муну ичип жибер. – Авдийге арак толтура стакан сунду.

– Жок, мен ичейин деген ниетим жок,– деп Авдий кесе айтты.

– Ичпесең чакап өл, сандалбап! – деп Обер стакандагы аракты Авдийдин бетине чачып жиберди. Байкоос Авдий чакап калды, ордунан ыргып турду. Бирок Кепа менен Мишаш желкеден алып, жерге кайра ныгырышты.

– Былжырапсың, энеңди... Ичесиң! – деп арылдап жатты Мишаш. – Айтпадымбы, мындайларды сууга салып жиберсе да чала! Кана, Обер, кайра куюп берчи. Чайнатып-кепшетпей эле кокосунан куюп коём, ичпей көрсүнчү, иттей жанчам!

Мишаш кыса кармаган стакандын кыры сынып, Авдийдин эриндерин, бетин тилип кетти. Зордоп оозуна куюлган арак менен өз канына чакаган Авдий жулкунуп бошонуп алды да, Мишаш менен Кепанын баса калып жулмалаганына каршылык кылып, буту-колун тарбалаңдатып жатты.

– Балдар, койсоңорчу, кудай алсын ичпесе, өзүбүз ичип алабыз! – деп Гамлет-Галкин тепкилеп жаткандарды тегерене чуркап, безилдеп жүрөт. Абориген-Үзүкбай болсо машиненин бурчуна далдаланып, бу балээден алыс качып кутулайын десе али ичилип бүтө элек аракты кыя албай, алайып карап турду... Обер-Кандалов гана тактыда отургансып кыймыл какпай, цирк көрүп жаткандан бетер кызыкка бата берди.

Гамлет-Галкин Оберге жетип келди:

– Токтотчу, Обер, айланайын, өлтүрүп коюшса соттолуп кетебиз!

– Кайдагы сот! – деп ийинин булкуп койду Обер. – Моюнкумда сот бар дейсиңби? Буерде сот мына менмин! Бу неме, балким, бөрүлөргө таланып калгандыр, кийинсоңгу далилдеп берчи, көрөйүн. Ким көрүптүр, ким далилдей алмак!..

Авдий эсинен танып, жерге бүк түштү. Тиги экөө болбой эле тепкилеп жатышты. Ушул учурда башына акыркы келген ою Инга болду – өзү сүйгөндөй эми аны эч ким эч качан сүйө албас деп кейиди.

Кулагы тунуп, көңүлү караңгылап баратты, анан негедир көзүнө көк канчык бөрү көрүнө берди... баягы аптаптуу жайда кара куурайлуу талаада башынан алыс

каргып кеткен көк канчык бөрү көзүнө элес-булас көрүнө берди…

– Жан соога, бөрү эне! – деп сүйлөп ийди Авдий. Жуп бөрү – Акбара менен Ташчайнар ал түнү адамдар ээлеп алган үңкүрүнө жакындап келатканын сезгендей сүйлөдү Авдий. Адамдар жайыбызды жадаса да бошоткондур, оолагыраак бир жакка кеткендир дегенсишип, эки жырткыч көнүмүш түнөк жайына кайрылып келатышкан…

Бирок жүк машиненин далдайган сүрдүү караана дагы эле баягы жерде турат, ал тараптан кыйкырыкчуу, дүпүлдөгөн тепки доошу угулат…

Жуп бөрү ээн талаага кайра тартты. Азабы жанга баткан, жаны жер тарткан экөө баш ооган жакка жортуп кете берди…

Бу адам деген немелерден күндүзү да, түнү да ырайым болбойт тура…

Армандуу экөө желе-жорто кетип баратты. Көктө кумсарган ай куйругун такымына кыпчыган эки караандын кубаңдаган көлөкөсүн тамга кылып жер бетине батырып калып турду…

А быякта болсо өздөрү билген сот жүрүп жатты… Дагы бир жолу жыга муштаганда сулап түшкөн Авдий кайра турууга алы да келбей калганын өлөрчө мас болгон кыргынчыл мергендер байкаган деле жок.

– Кана, тургун, поп тумшук,– деп, бирде Мишаш, бирде Кепа ашата сөгүп, тепкилеп жатышты. Авдий болсо араң эле кыңкыс этет. Жаалданган Обер-Кандалов таканчыктаар алы жок шөлбүрөп калган Авдийди желкесинен алып, жерден өөдө көтөрдү да, өз сөзүнө өзү жээлигип сүйлөндү:

– Сен, акмак, бизди Кудай менен коркуткуң бар ээ? Кудай менен биздин көзүбүздү чукуюн деген экенсиң, сандалган ит! Сенин Кудайыңан коркуп калчу биз эмес, ит, тапкан экенсиң коркутар кишини! Өзүң кимсиң, өзүң?

Биз буерде мамлекеттик тапшырманы аткарып жүргөн элбиз, а сен болсоң, ит, планга каршы экенсиң да, обласка каршы экенсиң да, сен деген, билесиңби, кимсиң, сен деген – эл душманысың, эл менен мамлекеттин душманысың, айбан. Сага окшогон душмандарга, зыянкечтерге жана каракчыларга жер бетинде орун жок! Сталиндин айтканы эсиңдеби: «Ким биз менен жүрбөсө, ал бизге кас» деген. Эл душмандарын түп тамырынан бери жулуп жоготуш керек! Эч кандай аёо жок! Багынбаган душманды кырып жоготот, энеңди... Аскерде алигидей үгүт үчүн атып салат, болду! Биздин жер андай чириктерден таза болсун. А сен, чиркөөнүн сокур чычканы, эмне иш кылып жүрөсүң? Саботаж дейт муну! Тапшырманы бузуп атасың! Бизди камакка салгың бар. Мен сени эл душманы катары муунтуп салам, арам сийдик, ал үчүн мага ыракмат айтышат, анткени сен империализмдин тыңчысысың! Сталиндин көзү жок болсо эле сендей неме жазасыз калат дейсиңби? Сенделген поптун күчүгү, алдыма чөгөлөгүн! Сенин бийлигиң азыр менде – Кудайыңан кеч, болбосо өлөсүң, ит!

Авдий тигилер тизелеткендей отура албай жыгылып кетти. Кайра тургузушту.

– Жооп бер, ит, – деп Обер-Кандалов бакырып жатты. – Кудайдан кеч! Айт. Кудай жок деп айт!

– Кудай бар! – Араң кыңкыс этти Авдий.

– Мына каракчы! – деп жылаан чаккандан бетер бакырды Мишаш. – Айтпадым беле, энеңди... «а» десең, «б» дейт!

Өз жинине муунуп, Обер-Кандалов Авдийди дагы желкесинен алып силкилдетти.

– Билип кой, кудайчыл, биз азыр сага бир оюн көрсөтөбүз дейсиң, өлөр-өлгүчө унутпайсың! Сүйрөп жүргүлө тетиги даракка, асып салабыз итти, асып салабыз! – деп

бакырды Обер-Кандалов. – Астынан от жагып коёбуз. Куйкалансын!

Жылганын боорундагы тартайган сөксөөлгө Авдийди жабыла сүйрөп барышты.

– Жип апкел, жип! – деп буюрду Обер-Кандалов Кепага.

Ал кабинеге чуркады.

– Эй, айбандар! Эй, сен, Үзүкбай белең, ушу жердин ээси сен белең, энеңди... анан сен дагы, ким элең, жанагы – маскарапоз, силер эмне четтеп турасыңар, ыя? Чуркагыла, иштегиле! Болбосо арак түгүл, жытын да жыттатпай коём! – деп Обер-Кандалов тиги арсыз аракечтерди опузалап койду эле, ал экөө биринен бири озуп жетип келип, шордуу Авдийди аса баштаышты.

Бейбаштыктын акыры жамандыкка алпаратты. Жаман оюндан өлүмдүн ызгаары согуп келатты.

– Бир жаманы, энеңди... бул ит талаадан крест да, мык да табылбайт. Ушунусу жаман, энеңди... – деп өзүнчө кейиген Мишаш сөксөөлдүн бутактарын карсылдата сындырып жатты. – Ошондо сонун болот эле! Керип салганда го!

– А ит алсын, жип менен эле таңып салабыз! Эки алаканына мык каккандан сонун керилет! – деп жол таап берди Обер-Кандалов. – Колу-буттан керип туруп таңып салсак, ат баскан бакадай болуп былк эте албай калат! Таң атканча керилип турсун. Кудай бар бекен, жок бекен, ойлонсун! Мен буга бир тарбиялык иш-чара көрсөтөйүн, чирик поп, өлгүчө эсинен чыккыс кылайын, акесин арактын кыштоосунан таанытайын! Аскерде мен мындан кыйындардын белин түпкүчтөй ийгемин! Кана, кармагыла, жигиттер, жабылгыла! Тетиги бутакка жеткиргиле, өйдөрөөк! Колун быякка, бутун тыякка кергиле!

Авдийдин каршылык кылар алы болбогон соң бардык иш көз ачып-жумганча бүттү. Тартайган сөксөөлгө

колдон-буттан тартайып керилип калганда Авдийдин бу көрүнүшү жаңы сыйрып, жайып койгон териге окшоп турду. Авдий дагы деле бакырган-сөгүнгөн үндөрдү угуп жатты, бирок негедир алыстан-алыстан угулат. Азаптуу кыйноо алдан тайдырып баратты. Ичи, боор тушу ысып-күйөт, омуртка сөөгү сынып кеткенби, ажырап кеткенби, жүлүнү үзүлүп бараткандай жанды көзгө көрсөтөт. Авдий алдан тайып баратты, эстен танып баратты. Бут астына тиги мастар от жага албай убара болуп жаткандары анын көңүлүнө кирбеди. Эчтеме көңүлүнө кирбей калды. От жага албай коюшту, кечээги жаап кеткен кардан ным болуп калган чөп да, чегедек да тутанбады... Кичине бензин бүркүп коюу мас баштардын оюна келбеди. Авдий Каллистратов чарбактагы каракчыдай тартайып илинип турганына эле корстон болушту. Же асып койгон, же керип салганга окшогон ушу түрү эле булардын табасын кандырды. Айрыкча Обер-Кандалов ээликти. Ээн талаада жалгыз илинип турган бул эмне, анын көз алдына мындан шумдуктуурак элестер келе берди.

– Аный деген ар ким ушуну көрөт, эсиңерге түйүп койгула! – деп каарданып, сөксөөлдө тартайып керилип турган Авдийди табалай карап турду Обер-Кандалов. – Биз менен бир жүрбөгөн ар кимдин тилин бир ууртунан тылтыйтып ушинтип коёр элем. Бизге каршы келгендин баарын көгөнгө тизгенсип, жер шарын курчап керип салар элем, мына ошондон кийин ким да болсо каяша айтып көрсүн, баары бут алдыда бөжүп турар эле... Эмесе, жүргүлө комиссарлар, бирден согуп алалы, кайда калбаган дүнүйө...

Оберди коштоп дуулдап, баары машинеге жөнөштү. Обер болсо жалгыз өзүнө белгилүү бир ырды ырдап коё берди:

Мен кезинде таш чайнап,
Канжыгама баш байлап...
Раз-два, раз-два...

Жээликкен «комиссар достор» коштоп кетти: «Раз-два, раз-два» – деп баркылдашып, эки шишени тегерете коё беришип, оозунан ичишти.

Бир оокумда машиненин жарыгы күйдү, от алды, кайрылды да, талаа кезип кете берди. Караңгы туңгуюк кайра басты. Теребел жымжырт. Ээн дүйнөдө кериле байланган Авдий жалгыз калды. Көөдөнү от менен жалын, жанчылып калган ичтейи ооругудай болсо, акыл-эс күңүрттөп кетет... Суу ташкынына туш болгон арал улам төбөсү көрүнүп-көрүнбөй барып чөгүп барат-кандай Авдий да эстен танып баратты.

«Окадагы аралым... Ким сени куткарат, Устатым?» – акыркы сезими бир жарк этти да, жалп өчтү...

Суу түгөнүп баратканы ушул эле...

Өчүп бараткан көз алдына улуу суу, уч-кыйыры жок улуу суу көлбүп көрүндү. Улуу суу үн-добушсуз толкундап, талаада жорткон тозоң мисал кайдан жаралып, кайда баратканы белгисиз ак толкундары сүрүлүп-түрүлүп кетип жатты. Ошол улуу суу бетинин көз жеткен четинде үрүл-бүрүл адам караанды көрүнөт – ал атасы дьякон Каллистратовдун карааны эле. Аңгыча Авдийге бала чагындагы өз үнү угулду. Ал үн – баягы чөгүп кеткен кеме жөнүндөгү атасы жакшы көрчү чокунуу катты бала күнүндөгү үйүндө эски пианинонун жанында туруп алып жатка айтып жатты, болгондо азыр атасы экөөнүн ортосу айласыз алыс эле, баланын үнү ааламдын мейкининде шаңкылдап жаңырып жатты: «Таң жаңы эле супа салды, дүйнө али уйкуда... ... Боорукер, Ак пейил, Адилет Эгем, арыз-арманымды айта берип жаныңды кашайткандай болбоюн, кечир. Мен арыз-арманымда керт башыма эчтеке сурабайм, жер үстүндөгү пендечилик жыргалды да, жашоо күнүмдүн узак болушун да тилебейм. Тилегеним, сураганым – пенделердин жаны азап-тозок көрбөсө экен дейм. Кечиримдүү Эгем, бизди кор кылба,

көзүбүздү ач, жарык дүйнөдөгү жамандык менен жакшылыктын туташкан жеринде кара башыбызга актануу издемей күнөөдөн куткар. Пендеңдин көзүн ач. Өз башымын камын ойлобойм. Бешенеме тозоктун оту жазылганбы, же бейиштин түпкүлүгү туш турабы, мен кайылмын. Көзгө көрүнбөс көкүрөктөгү Эгем, ааламдан кең чексиз Эгем, биздин тагдырдын ээси өзүңсүң.

Бир гана өтүнүчүм бар, андан ашкан каалоом жок...

Сураганым эле – бир керемети̇ңи салсаң экен: Өзүң тескеп койгон ыраат менен аалам койнунда чимирилген жер бетинде күн түнгө өтүп, түн күнгө өтүп турмагы токтомоюнча алиги кеме бараткан багытын жазбай күндөн күнгө, түндөн түнгө сүзүп жүрө берсинчи. Кызматын тынбай өтөп, замбиректери чүмкөлүү боюнча алиги кеме мухиттен мухит кыдырып сүзүп жүрө берсинчи, жалдуу толкундар капталына соктугуп, күркүрөгөн доошу басылбай кулак тундура берсинчи. Ак көбүктөнгөн тамчылар ышкырган жаан болуп устун жаба жаай берсинчи, ошол тумандаган шыбаттуу, туздуу даамы жан биргемин оозунан кетпесинчи. Кеменин кабырга-сөөгү кычыраганын, туюмунда машине моторлорунун дүкүлдөгөн доошу менен жолулаш соккон шамалга каалгып, ээрчий учкан чардактардын кыйкуу үндөрүн угуп бара берсинчи. Ал кеме мухиттин көздөн учкан көк жээгиндеги көз тайгылткан ак шаарды көксөп-көздөп бара берсинчи, ал ак шаарга кеме түбөлүк жетпеси ак, жетпесе да жетем деп сүзүп бара берсинчи... Омийин!»

Баланын үнү акырындап бастай берди, алыстай берди... Мына ошондо Авдий мухиттин үстүнөн өзүнүн өксөп ыйлаган үнүн укту...

Ошол түнү бою Моюнкумдун уч-кыйырсыз талаасынын бир жериндеги сөксөөлгө керилип турган адамдын караанын дааналап көрсөтүп, ай төбөдөн көз тайгылткан ак шоокум нурун аябай төгүп турду. Бу караан көккө

тик талпынып учкан, бирок ок тийип, кайра бутактарга келип түшкөн кушка окшойт.

Буерден бир жарым чакырым аралыкта баягы брезент чүмкөлгөн аскер түс жүк машине турду. Анын кузовунда арам ишин кылып коюп, арак жыты каңырсыган, ууртарынан уйкудагы какырык былтыйып чыккан обер-кандаловчулар бөкөндөрдүн өлүктөрүнүн үстүндө сулап уктап жатышты. Төбөдө брезент, астынан калың коңурук угулат. Булардын оолактай жылып кеткен себеби – Авдий жападан-жалгыз ээн талаада калып, буларсыз жалгыз өзү ким экенин сезсин, мына ошондо Кудайдан кечет, күчкө тайынат дешкени болчу...

Бу жазаны аракты даамы жок өлүк суудай ичип, шишенин оозунан улам жутуп коюп отуруп, бир кездеги артис Гамлет-Галкин ойлоп тапты. Кудайчыл неме коркуу деген эмне экенин сезсин деп Обер-Кандаловго жагынуу үчүн айткан Гамлет-Галкин. Таңып-керип салып, таптакыр кетип калдыбы деп, эси чыксын деген. Артыбыздан жансоогалап чуркайын десе таңылуу, ошону билсин деген.

Таңга маал жерге жарык жаңыдан тарап келатканда бөрүлөр эски үңкүрүнө жакындап келатты. Алдыда Акбара келатты, түн бою эки капталы капшырылып, эңшерилип калыптыр. Артынан аксаңдап Ташчайнар келатат. Эски орду бошоп калыптыр, адамдар түндөп жоголуптур. Бирок бөрүлөр ошондо да, эгер салыштыруу кыйын болсо, миналуу талаада жүргөндөй абайлай басты. Кадам сайын жек көрүмдүү, бейтааныш нерсеге туш болушат: өчкөн от, бош банкалар, сынган айнек, дөңгөлөктөрдүн жер челген издерине сиңип калган желим менен темирдин каңылжаар жарган жыты, анан дагы туш тараптан каңырсыган арак жыты кете элек бош шишелер. Бул булганган жерди биротоло таштап кетүүгө камынып, бөрүлөр жылганы боорлой жүрүп келатып, бир

маалда Акбара шарт артына секирип кетти. Адам! Эки кадам алдыда сөксөөлгө керилип, башы бир жагына жыгылган адам турат. Акбара бадалга кире качты, артынан Ташчайнар да жылт койду. Дарактагы адам кыбырабайт... Бутактарда шуулдаган шамал анын ак жуумал маңдайындагы чачын желпийт. Акбара тарамыштары чыйралып, секирүүгө камынып, жерге жата калды. Бет алдында адам турду, бөрүлүк тагдырын талкалаган, эч жаныбардын коркунучу андан ашпаган адам турду. Каары күчүнө толуп чыккан Акбара атырылып барып, алкымына азуусун матырууга саал кетенчиктей берди. Мына ушул ирмемде Акбара тиги кишини тааный койду. Бирок каерден көрдү эле? Баса, бу баягы жайда бөлтүрүктөрү менен жыттуу чөптү аралап келүүгө барганда жолуккан кызык неме эмеспи. Ошол учур, ошол жай, ошондо бөлтүрүктөрү бул адам менен ойногону, өзү муну аяп, башынан аша каргып кеткени, бу байкуш коркконунан башын мыкчып, отура калганы – ошонун баары Акбаранын көз алдына келе калды. Корккონунан алайган көздөрү, анын дырдай жылаңач, коргонор аргасы жок неме тартаңдап качып жөнөгөнү да көз алдыга келди...

Эми ошол адам тигинтип, бутактарга чалынып калган кушка окшоп, жапыс сөксөөлдө керилип турат. Тирүүбү, өлүүбү – Акбара ушуну гана биле албады. Адам же кыймылдап койбойт, же үн чыгарбайт, башы бир жагына салаңдап, ууртунан кан сызылып чыгып турат. Ташчайнар өзү атырылмак болду эле, Акбара аны түртүп салды. Анан өзү жакындай барды да, керилген неменин өң-түспөлүн тигиле тиктеп, кыңшылап ийди: ошо жайдагы бөлтүрүктөрүнүн баары өлбөдүбү. Моюнкумда жашоо быркырабадыбы. Акбара кимдин алдында көз жашын төкмөк... Бул адам болсо эч жардам кыла алмак эмес, жаны чыгарына аз калып, денесиндеги жылуулук

билинер-билинбес. Адам күч менен көзүн үлдүрөй ачып, кыңшылап турган канчык бөрүгө шыбырады:

– Келдиңби... – Ушинтти да, башы ылдый шылк этти.

Акыркы сөзү ушул болчу.

Ушу маалда талаанын бир четинен мотордун доошу угулду, алыстан аскер түс жүк машине көрүндү. Маңдай айнектерин күңүрт жылтылдатып, машине улам барандана чоңоюп келатты. Бу болсо обер-кандаловчулар кылмыш ордуна кайрылып келатканы болучу.

Бөрүлөр жортуп жөнөдү, катуулап жөнөдү, улам ылдамдап, алыстап кете берди. Кылчайбастан кетип баратышты. Мунусу – Моюнкумдун улуу жайыгын түбөлүккө таштап кетип бараткане болучу...

* * *

Жыл маалы Акбара менен Ташчайнар Алдаш камышынын арасында жүрдү. Мына ушерде экөөнүн эң көп бөлтүрүктөрү – беш бөлтүрүк туулду. Мына тукум! Бөлтүрүктөрү чоңоюп келатканда камыш өрттөнүп, бөрүлөргө дагы балээ болду. Ушул аймакта жаңы ачылган тоо-кен жайына жол салыш керек болгон соң камышты өрттөп жиберишти. Алдаш көлүнүн кылаасындагы жүздөгөн-миңдеген гектар жерди байыртан ээлеп өскөн камыш өрткө кетти, түп-тамыры менен коңторулду. Согуштан кийин бул аймактан сейрек кезикчү кен табылган. Ошого байланыштуу ээн талаада аты жок «жабык» шаарчасы курулуп жатты. Андай табылбас кен табылганда камыш да сөзбү, дүйнөдө бөтөнчө делген Алдаш көлдүн өзүн жок кылып жибериштен тартынабы адам. Керек болсо жер шарын ашкабактай кылып ичин кырып алар.

Оболу камыш токоюнун үстүнөн самолёттор кайып жапыс учуп, от тутантар бир суюктук чачып жүрдү. Көрсө, керектүү маалда камыш дүрт күйөт экен.

Өрттү түн ортосу ченде тутантышты. Алиги суюктук чачылган камыш ок дарыдай дүрт жалбырттап, калың токой күйгөндөн алдаганча катуу күйдү. Жалын алоосу асманды чапчып, түтүнү кышкы тумандан беш-бетер жер бетин каптап калды.

Күйүк жыт келип, өрт ар-ар жерден жалбырттай баштаганда эле бөрүлөр бөлтүрүктөрүн сактоонун амалын таппай, камыш арасында алдастап калышты. Улам бир жерге тиштеп барып коюшат. Алдаштын камыш токоюндагы акыр заман мына ошентип башталды. Чуулдаган үндөрү алдагайда жаңырып, көл үстүндө канаттуулар калың булут болуп удургуй учту. Кылымдап камышты байырлаган доңузунан баштап, жылаанына чейин дүрбөлөңгө кабылып, тополоңу тос түштү. Ошо тополоңдун ичинде бөрүлөр да жүрдү, өрт туш-туштан камап кирип келгенде качарга жылчык калбай, сууга бой урушту. Үч бөлтүрүгүн таштап, бир-бирден экөөн экөө тиштеп, булуңдап сүзүп чыгууга далбас урушту. Акыры өйүзгө чыгып карашса, канчалык өөдө тиштейин деген менен эки бөлтүрүк тең тумчугуп калыптыр.

Акбара менен Ташчайнар ошентип дагы жер ооду. Бу жолу тоо таянышты. Жер бетинде башбаанек кылар эми тоо гана калганын бөрүлөрдүн сезими туюнду.

Адамдар алаамат салган өрттүн быкшыган түтүнүн артка таштап, бөрүлөр өр талаша көпкө жүрдү. Кордойдун адырын ашып, түн ичинде эки-үч жолу чоң жолду кесип өтүштү. Бөрүлөрдүн бул жүрүшүндө жутунган жарыктары караңгы түндү аңтарып соймоңдогон, тынбастан ары-бери самсыган машинелерден коркунучтуу нерсе болбоду. Кордойду өрдөп, Ак-Түздүн тоосуна жетти эки бөрү. Ал жер да опурталдуу көрүнгөндөн эки бөрү андан ары кетти. Ак-Түздүн ашуусун ашып, жуп бөрү Ысык-Көлдүн ойдуңуна түштү. Андан ары барар жер жок эле, алдыда мелмилдеген деңиз жаткан.

Мына ушул жерде Акбара менен Ташчайнар жаңы турмуш баштады…

Дагы бөлтүрүктүү болушту, бу жолу төрт күчүк туулду.

Тукум улантуунун эң акыркы, жан кашайган аракети ушул болучу.

Бөрүлөрдүн тарыхы мына ушул Ысык-Көлдө ырайымсыз трагедия менен бүтөр…

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

### I

Тагдырга жараша адам, адамга жараша тагдыр – бирин бири издешпей табышат эмеспи – жашоонун өзү да ушул айлампада айланганы айланган... Тагдыр өз мээлеген мерчеминен жазбасам дейт турбайбы – бу жолу да так ошондой болду. Иштин баары баткан күн кайра чыккандай эле жөпжөнөкөй, ошондон уламдыр – маңдайдагы жазуудай эч күмөнсүз болуп өттү...

Ошо күнү Базарбай Нойгутовдун геологдорго жол көрсөткүч болуп, жалдана салганын айт. Геологдорго жол баштооч киши керек экенин Базарбай кайдан билсин: геологдор ага өздөрү туш келип, өздөрү суранып отурушпайбы.

Койго тоют ташыган тракторлор аркы-терки каттай берип салган жол бар, ошол жолдун нугу менен жүрүп олтурушуп, геологдор биерге – Таманга чейин келишти.

– Бу жер эмне үчүн Таман аталып калган? – деди келгендердин бири.

– А эмне болуптур?

– Деги айтам да...

– Таман деген – таман. Бут кийимдин, алдагы өтүгүңдүн тамaны барбы – ошо. А бу жер болсо, карабайсыңбы, тоонун тамaны болуп турат.

– Э, чын эле! Анда Тамань, атактуу Тамань дивизиясы деген аттардын да теги ушу сөздөн чыгат экен да!

– Аны айталбайм, дос. А жагын генералдар билет. А биз болсо, өзүң көрүп турасың, жүргөн бир малчыбыз.

Ошентип геологдор Таманга жетерин жетишти да «эми мындан ары кетчү жолду биз мурда көрбөгөнбүз, карта аркылуу гана билебиз, ошондуктан жергиликтүү

бирөө бизге тоо арасында жол көрсөтүп берсе жакшы болор эле» деп туруп калышты. Кеп Базарбайга айтылды. Жол көрсөтүп бергендин эмне кыйыны бар! Бекер эмес, акысын берели деп турушат. Кылар жумушуң – төрт кишини жүк-мүгү менен ээрчитип олтуруп, Ачы-Таш капчыгайына жеткирет экенсиң: аерден бу геологдор бирдеме издеп көрөт окшойт – эмнени издемек эле, алтын издейт да, булардын издегени эле алтын. Табышса сыйлыгына бапыратып далай акча алат – ал турган нерсе дечи. Эми а жагы Базарбайдын иши эмес; Базарбайдын иши буларды жеткирип салып, кеч курун биердеги кыштап олтурган кашарына кайтып келип калышы керек. Болгону ушу.

А геолог жигиттер болсо акчанын кадырын билбеген эрлерден болуп чыгышты, бекеринен шаардык дейсизби; Базарбай калп эле бөөшсүмүш болуп[1], «кой, айланайындар, мен силерге жол көрсөткүч болор убактым жок, совхоздон чоңдор келе калып, бу старший чабан Базарбай Нойгутов кайда, кой төлдөтүү кампаниясы ана башталат, мына башталат деп турганда, коюн таштап салып кайда жоголуп жүрөт дешсе, жоопту ким берет, силерге эчтеке эмес, жоопкерчиликти мына мен башым менен тартам» деп баштаганда эле тиги төртөө акчанын көзүнө карабай, жыйырма беш сом берели дешсе болобу.

Баштары иштебейт да! Атасынын көрү, булардын эмнесин аягыдай – акча казынаныкы, казына түгөнөбү. Өздөрү деле акчаны кай жерден болсо да улкуп-жулкуп алсам деген шылуундардан болуш керек. Беришсин, андан эчтемеси коробойт. А Базарбайга буларды Ачы-Ташка жеткирип коюш текейден арзан иш – атка минет да, жөнөп берет. Ал ансыз деле эки күндүн биринде сандалып, жумушу барбы, жокпу, айрыкча аш, той өтүп жаткан, ичкиликтин жыты чыккан жерлердин бирин кал-

[1] бөөшсүмүш болуп – анткорлонуп.

тырбай кыдырып жүрбөйбү. Ал эми айлык апкелем деп совхоздун кеңсесине кеткен күндөрү бүт бригада: чабан, эки жардамчы койчу, түнкү кароолчу, айрыкча аялы (а да иштейт болуп катталат), төл маалында болсо жардамга келген сакмалчылар – бүт баарынын ичкени ирим, жегени желим болот.

Ал күндөрү Базарбай түн ичинде келет: аттын тиги капталына бир ооп, бу капталына бир ооп, өлөрчө мас келет; биердегилердин иштеп тапкан акчасын апкелаткандагысы. Мына үч айдан бери Боронбай кассир айлыкты кашарга өзү жеткирип келчү болду. Закон боюнча ар ким ведомостко өзү кол коюп, акчаны өзү алыш керек дейт, өзү апкелсе өзү апкелсин, андай эле каалап турса... Болду-болбоду тиги оңбогон катындын кылганы: совхоздун деректирине барып даттана салган да.

Минтип жүргөндө бу жыйырма беш сом көктөн өзү эле чөнтөккө түшүп келип олтурбайбы. Ырас, Ачы-Таштын жолу татаал, шагыл, секиртме таштарды аралап кетет, кээ бир жерлери типтик жардын кыры менен өтөт: жүрөгүң шуулдайт, кылт этсең – учтуң, сөөгүң сөпөт болот да, калат; тоо деген ошон үчүн тоо, бул сага стадион эмес – даңгыр жолду тегерене жүгүрүп келсең мойнуңа медаль иле салган. Аай-ата, эмнесин айтасың – бу дүйнөдө акыйкат деген эч качан болгон эмес, болбойт дагы – жайдыр-кыштыр тоодо темселеп келип жүргөнүң, же бир асфальт болсочу, же бир суу түтүк болсочу, же бир электр жарык болсочу, таштыбы, мына ушу, жашасаң жаша, жашабасаң кой, жүрөсүң келип жыл бою койдун артынан сасыган кыкты жыттап; а тиерде бутуна ак тапичке кийип жалактаган бирөө стадионду айлана катуураак бир чуркап, же дарбазага киргизе топ тээп койсо болду – өзү да ыраазы, стадиондо олтурган эл сүйүнгөнүнөн жинди болуп кете жаздайт; карасаң тиги жалактаган неме даңкка да бөлөнүп атканы, газетанын баарында, көрүнгөн

жерде мактапып атканы, а биерде бүккөн белиң жазылбай, оңкобашатып, дем алыш дегенди билбей иштегенде тапканың өз тамагыңан артпайт. Жиниң кайнаганда ичесиң, анда катының тирүүлөй жеп баштайт – ичкенде жыргаганың ал. Анан да төл бер эле, төл бер, бир кой кысыр калбасын, салмагына салмак кош, уяң жүндү көбөйт эле көбөйт, – деп турушат, жүндүн ордуна синтетика чыгарабыз дешти эле, кайда, кана ал синтетика, а кыркын башталды дегиче жүз текшерүүчү жүз жорудай учуп жетип келип, бир кылга чейин калтырбай шыпырып алат – бир тал жүндү да келе бери бер деп турат.

Уяң жүндү чет элдин акчасына – валютага сатышат имиш. Валютага аябай муктаж болуп атышса керек да... Ушунун баары кетип эле жатат, кетип эле жатат. Э, мага десең өлүп кет, койлоруңду да, кишилериңди да, бу итиркейиңди келтирген жашоо-тиричилигиңдин баарын урдум...

Жолдо ушундай оор ойлорго чөмүлүп баратты Базарбай. Анда-санда гана артында келаткан гелогдорго кайрылып, мобу жер жаман, абайлап өткүлө деп койгону болбосо, эч ким менен сүйлөшкөн жок. Кабагы салаңдап, көңүлү чөгүп келатты. Баарын кылган жанагы ит катын... Карасаң-ой, иттигин! Качан болсо киришпес ишке киришип, жолду тосуп, ажаандай айкырып чуу салат да, турат. Чоочун кишилердин көзүнчө эмне бакырат дейм да. Антпесе өлүп кетеби. Бүт өмүр ушунтип чалды-куйду, чар учкандай өтүп кетмей болду! Катын түнүндө мышыктай сүйкөнүп эркелеп, күндүз жылаандай ышкырып турат деген кеп илгертен бекер айтылып калган эмес тура. Капырай! Тимеле чаңырат! Дагы бир жакка сандалып жөнөгөн турасыңбы, шылтоо эле табылбай турду эле, кудай тилегиң бербедиби, бу геологдор менен ээрчишип сага эмне жок, биякта иш чачтан көбөйүп, кой тууп атса, мойнумдан бала түшпөй мен

жүрөм, тиякта интернаттагы балдарыңдын баары хулиган болуп бүттү, каникулга келишсе тамак дегенден башканы билишпейт, куурай башын сындырып койгонго жарашпайт, биякта өлүбатканың, тирилибатканың менен иштери жок, келе тамак дешет да турат, бықшытып чылым чеккендерин айт, мурдуң курттап өлгүрлөр, арак ичип, маңги болуп жүрүшкөнүн бир алланын өзү билет, же бир интернатта аларды карай турган бирөө болсо экен – деректири өзү көзү ачылбай ичип жүрсө, үйгө келсе тарбия берер кишисинин кебетеси бу болсо. Сага эптеп эле жерден бирдеме кулкунуңа куюш керек. Дагы багың бар экен, айбан да болсо алдагы атың үйдү таап келип жүрөт, болбосо небак эле бир жолдун жээгинде мас болуп жаткан жериңде өлмөксүң...

Атаны гана канчык! Муну кандай гана тарбиялабады – нечен келтек, нечен таяк жеди – өмүр бою этинин көгөргөнү кетпейт, атүгүл ошондон көк Турсун аталды, жок, болбойт тилиң тешилгир, тилин тартпайт.

Геологдордун көзүнчө эмне кыйкырат. Канча ирет ушинтип кыйкырып чыкканында Базарбай баса калып муунткан кезде көздөрү чанагынан ыргып кете жаздабады! Андайда койдум деп жоош боло калат да, анан эле анысын тарс унутуп салат. Бирок Базарбай бу жолу анын жаагын башкача кылып басты. «Бери кирчи, сөз бар» деп үйгө киргизип алды да, кирер замат үн-сөзү жок, алкымдан бурай кармап, дубалга ныгыра басты эле, экөө бетме-бет турат – аялдын кунары заматта уча түштү; так ушул жерден ал аялынын небак наары качкан, көгала болуп бүткөн, бырыш баскан, жүдөгөн, небак нуру өчкөн көздөрүнөн артта калган жылдардын баардык кайгы-касиретин, өкүнүч-арманын сезди; аялынын өлүктөй жансыз көз карашынан, муунта кармаганда бир жагынан кемирейе түшкөн тиштери жок капкара оозунан анын бу өмүрдө тарткан азап-тозогун, кыйналышын, тагды-

рына ачуу ызасын жазбай көрдү; муну көргөндө аялы эмес, өзү да өзүнө жек көрүнө түштү, жаалы кайнаган боюнча жылаандай ышкырды, энеңди гана урайын канчык, азыр кың деп көр, талпагыңды ташка жая салам! – Ушинтти да, тигинден ары силкип ыргытып жиберди.

Аялы лам деп сөз айткан жок, ар жакта турган чакаларды колуна алып, эшикти карс жаап, короого чыгып кетти. Базарбай энтиккенин жазып, анан а да эшикке чыкты, атка минип, геологдор менен жол тартты...

Базарбайдын көңүлүн кубанткан жалгыз нерсе бар – ал минген аты, тагдырдын мунусуна да шүгүр; мыкты ат, теги – жылкы заводунан. Кезинде муну ошердеги бир кемпай сырткы түсүнөн улам бракка чыгарып салган; түсү болсо бир карасаң күрөңдөй, бир карасаң, торудай, түшүнбөйсүң. Кеп түстөбү? Ыкчамдыгын, кай жолго салсаң да бир мүдүрүлүп койбогон аярлыгын, ойго-тоого бирдей жүргөн бышыктыгын айт, илбирсиң быякта калат. Качан көрбө – өпкөгө тепкилеп жонунда Базарбай жүргөнү жүргөн, ошондо да этинен түшүп койбойт. Бир айтасыңбы, эки айтасыңбы – мыкты ат, бу чөлкөмдөгү чабандардын бирөөндө да мындай ат жок десе болот; бир гана Бостон деген неме бар, совхоздун алдыңкыларынан болумуш этип жүрөт, өзү бир кудай аткан неме, колу тар, битир, өмүр бою Базарбай экөө бирин бири жининдей көрүп келатышат. Мына ошонун жакшы аты бар, түсү да келишкен – алтындай Гүлсары, кадимки Дондук аргымактардын тукумунан, аты да Донкүлүк. Багы бар экен Бостондун. Атын сылап-сыйпап минип дегеле, Донкүлүктүн үстүндө жаш жигит болуп көрүнсөм дейт, жаш катынды болсо алып алды – мындан үч жыл мурун Ала-Мөңгүнүн ашуусунда муздун жаракасына түшүп кеткен Эрназардын жесирин. Эрназардын сөөгү эмгиче ошол ашууда жатат.

Тоо жолунда көбүнесе биринин артынан бири түшүп ээрчише келаткандыктан сүйлөшө алышкан жок, анын үстүнө аялы менен чарпыша түшкөн Базарбайдын кепсөзгө көңүлү чаппай келатты. Ошентип жүрүп олтурушту. Кыш кетерине аз калган убак. Карасаң, тоолордун күңгөй жаккы боорлору кардан бошонуп, кадимкидей жаз жышаанын бере баштаптыр. Чайыттай таза, тып-тынч болуп турду ушу маалда жер үстү. Тээ төмөндө көпкөк болуп жылтылдаган улуу көлдүн тескей тарабындагы тоолордун үстүнөн күн бийик көтөрүлүп, чак түш болду.

Бир аздан соң Базарбай геологдорду ээрчитип, капчыгайдын алкымына жете келди – мына, туланңга түшкөн күзгүдөй чалкайган Ысык-Көл, эртеден бери артты карасаң көз алдыга тартылып келаткан нечен жер-суулар – баары тоолордун далдасында калды; эми туш тарабың асман тиреген бийик зоолор, заңгелдер. Бүт эле күдүрөйгөн аска-таш, адам буту баспаган жапайы жер, биерден эмне балээни издейт болду экен? – деди өзүнчө Базарбай эки жагын каранып. Геологдорду жеткирчү жерине жеткире салып эле, шыр артка кайтмакчы болду. Ачы-Таш анча узун капчыгай эмес, ага катарлаш жаткан капчыгай кыйла узун, жүрүп отуруп оозу белге барып такалат. Кайра бараткан жолдо белди аша салып, Башат капчыгайына түшүп, ошояк менен кетүүнү чечти. Үйгө ошол жол жакын. Геологдор менен коштошуп, эңсеген жыйырма беш сомдук кагазды чөнтөккө салып, ат тизгинин бура берерде, болсоң бол, болбосоң жок деп айтып калды:

– Бу, достор, карасам баарың эле калдайып эркекке окшошсуңар... – Деле өйдөтөн чалып сүйлөп, мурутун сылап, мыйыгынан жылмайды. – Мен да кабыргам небак каткан эрлердин биримин, бу кандай, ыя, ушинтип эле тамак кургаган боюнча кете беремби силерден?

Базарбайга бир эле стакан берсе ыраазы болмок, а тигилер марттык кылып, бир бөтөлкөнү – жергиликтүү тамак-аш өнөр жайы чыгарган корто жашыл бөтөлкөлөр бар го, ошонун бирин бүтүндөй кармата беришти. Ме, үйүңө алпарып ич! – дешти. Кудай мындай бербеспи, Базарбайдын кабагы жарк эле дей түштү. Эмне кыларын билбей карбаластап, чатырды каерге тиксе болорун, кайсы отунду каерден жыйнаш керектигин айтып бапылдап, ар кимисинин колун кыса-кыса кармап, көпкө дейре силкилдетип жатып коштошуп, жалпалаңдап жиберди. Куржунга сала келген сулудан атка биртке жедирип алса болмок, аны да жасаган жок, өлбөйт атасынын көрү, биринчи жолу ушинтип жатыптырбы деп койду ичинен. Шаша-буша ээрге отурду да, кайрылып жөнөп берди. Жанараак ойлогонундай, Башат капчыгайына кеткен бир аяк жолду таап, кары ала-телек болуп эрип калган белди ашып кетти. Башаттын ичи Ачы-Таштын ичиндей үңүрөйбөй, ачыгыраак, капчыгайдын эки жак капталы анча калың эмес токой, баарынан да биерде башат көп – Башат капчыгай деп аталышы да ошондон.

Кыска тондун үстүнөн жаанга деп кийген плащтын чөнтөгүндөгү бөтөлкө көңүлдү тынчытпай келатты. Базарбай улам аны сыртынан сылагылап, каерге, кайсы булактын жанына токтосом деп, жер болжоп жүрүп отурду. Өзүнүн нормосун билет – бөтөлкөнүн жармысын жутуп, артынан суудан ичип, андан ары кете бермекчи. Мындай учурда Базарбай эптеп ээрге көчүгүн коюп алса болду, а калган жолду алдындагы ат – акылдуу жаныбар – өзү эле таап барат. Көрбөгөн азабы калбаган көк Турсун айткандай, Базарбайды колтугунан жөлөгөн шайтан бар – деги бир ээрден кулаган учуру боло элек.

Мына акыры үстүнө жука муз тоңгон, ошо айнектей тунук жука муздун алдында, таштарды аралай чаап, капарсыз булдурап агып жаткан бир булакка көзү түштү.

Ушу жер ылайык көрүндү. Айланасы бүт бөрү карагат, сай тал аралаш өскөн бадал экен, кары да жокко эсе, атты сугарып, жем иле койсо болот. Базарбай аттын ооздугун чыгарып, ээрден куржунду алып, оозун бууган жипти чечип, сулуну аттын тумшугуна алпарып коё салды. Ат ошо замат сулуну күртүлдөтө чайнап көздөрүн чала жуумп, чарчаганын жазмакчы болгондой жеңилдене бир терең дем алып алды. Булактын жээгинде дүмүр жаткан экен, Базарбай ошого жайланып олтурду, бөтөлкөнү суурип чыгып, жарыкка салып, маашырлана бир карап койду, бирок бөтөлкөдөн айрыкча деле эчтеме көрбөдү, байкагандан күндүн батып баратканын, тоолордун бетиндеги узун-узун кечки көлөкөлөрдү, күндүн батарына ашып кетсе бир саатча убакыт калганын байкады. Бирок Базарбайдын шашар жөнү жок эле. Арактын акылды тумандатып, жанды көшүлткөн тааныш касиетине алдын-ала эле берилип, бөтөлкөнүн оозун жоон тырмагы менен шашпай ачты, бир жыттап, башын чайкап алды да, анан оозго алпарып, бир нече ирет аптыга, тамагын күйгүзө чоң-чоң жутту. Булактан суу кочуштап, сууну муздун сыныктары менен кошо ичип жиберди. Музду катырата чайнады эле – мээсине чыга түштү. Базарбайдын ирееңи өзгөчө бир бузулуп, бырышып-тырыша түштү; бир ыткытып алып, анан кекирип, качан жинди суу башка тээп чыга келер экен деп, көздү жуумп күтүп калды. Качан бу курчап турган дүйнө-тоолор, аскалар – бүт баары тумандагандай каалгып, көчүп, мунарыктап, качан кан тээп чыккан баштын ичинде кандайдыр шуулдак, чуулдак, түшүнүксүз бир үндөр угулгансып чыга келет деп, ошол удулду күтүп, мас болууга даяр көздү чылк жуумп, былк этпей олтурду да калды. Ошентип шалдырап бараткан кезде жакын эле жерден күчүктүн кыңшылаганындайбы, же бешиктеги баланын кыңкыстап ыйлаганындайбы, айтор, бир үндү эшите кал-

ды – бу эмне болуп кетти? Тыңшаса, бөрү карагаттуу бадалдын ары жагынан, үйдөй-үйдөй таштардын артынан күчүктүн үргөнүндөй үн даана угулду... Базарбай сестене калды, ошо замат бөтөлкөнүн оозунан бир жутуп жиберди да, аны мындай ташка сүйөп коюп, эриндерин катуу бир сүртүп алып, ордунан турду. Дагы бир жолу абайлап, дит коюп тыңшады. Ооба, жаздым укпаптыр. Кайсы жаныбардын балдары экени белгисиз, бирок үн чыгарып атышканы чын экен.

Үн чыккан жерде карышкырдын үңкүрү бар эле. Үңкүрдө Акбара менен Ташчайнардын бөлтүрүктөрү жем издеп кеткен ата-энесин күтө берип зарыгып, кыңшылап атышкан. Баягы Моюнкумдун чөлүнөн куулуп-сүрүлгөн улуу качыштан кийин, Алдаш боюндагы камыш өрттөнгөндөн кийин, мына быйыл ушул кыш чыгыпчыга электе Акбара төрт бөлтүрүктү мезгилсиз тууп салган эле.

Базарбай болсо үңкүрдү беттеп, жолу кай жагынан кирерин издеп келатты. Соо болсо, балким, бу жырткычтын үңкүрүнө жакындаштын кереги барбы-жокпу деп ойлоп көрөт беле. Үңкүр жылгачанын кай жеринде экенин билалбай бир аз турду. Мындайда тажрыйба керек – ал кардын каткан үстүн абайлап, тирмийип тиктеп баратып, жырткычтар аркы-терки каттап түшүргөн изди даана көрө калды – карышкырлар үңкүргө бир гана из менен кирип-чыгышат эмеспи. Ары баса түшүп, бадалдын ичинен, үймөлөктөшкөн таштардын арасынан жайнаган сөөккө туш келди. Демек, жырткычтар колго түшүргөн жемдеринен биерге далай ирет көтөрө келип, тойлошсо керек. Ошо тойлогондон калган жиликтердин, омуртка-сомурткалардын көптүгүнө караганда, жырткычтардын биерди байырлаганына көп болгон. Эми үңкүргө кирчү жолду табыш кыйын эмес. А Базарбай бу жылгачадан жырткычтарга оро-пара чыга түшсөм эмне

болом дебей, эмне үчүн түптүз эле үңкүргө коркпой беттеп баратканын айтыш кыйын. Бирок бир жагынан алганда, курсагы ач, али көзүн ача элек бөлтүрүктөр да тынбай кыңшылашып, өздөрүнө өздөрү айгак болуп, мына биз биердебиз деп чакырып жатышкансыды.

Эмчек эмгенден башка менен жумушу жок макоолор бу жолу Акбара жыргаганынан Ташчайнарга кошулуп жем издеп кетпегенин кайдан билишсин – ар качандан бир качан жаз алдында бөрүлөрдүн башына оор кезең түшөт; мал-жандын баары арык, айлана-тегеректеги чабал-чарбы эчки-теке, аркардын баары небак жем болуп бүткөн, тууту жакындап келаткан эчкилер топ-тобу менен эч кимдин буту жетпес бийик зоокаларга чыгып кетишкен, а колго багылган мал да азыр үстү-башы жабык кашарларда багылып жаткан кез. Мындай шартта тынбай эмчек соргон бөлтүрүктөрдү сүткө тойгузуп туруш оңой иш эмес. Баягы келишкен Акбара жок, арыктаган, эмчектери шалбырап, жүндөрү үрпөйүп, калжайып эле башы калган. Дегинкисинде бөрүлөрдөй чыдамдуу жырткыч барбы – бир нече күн катары менен наар албай жүрө беришет, бирок сүт эмизип жүргөн энебөрүнүн антип чыдашы кыйын. Турмуш кыстаганда Акбара тобокелге салып, чоң ууга чыгууга аргасыз болду; башка айла жок; жем алып кайтса жакшы, а кокус бирдемеден мертинсе, төрт бөлтүрүгү кошо өлдү деген сөз.

Ташчайнар адатынча Акбаранын артынан баратты. экөө табар жемин тезирээк таап, тезирээк жара тартып, эттен бүкүлү-бүкүлү боюнча эле апылдата сугунуп-сугунуп жиберип, тезирээк кайра үңкүргө жетип келиши керек. Жегендерин анан аш кыла беришет, эне-бөрүгө эң башкы нерсе – балдарына сүт эмизиш.

Ошо күнү күн тике тийген жерлердин баары шалбырап эрип, ал эми көлөкө жерлерде болсо кышкы тоңдун кээринен жол тоңголок болуп, бир калыпта жүрүүгө оор-

дук кылды. Бирок бөрүлөр ликилдеген желишинен жазбай, жүрүшүн басаңдатпай, тоо арасын чабыттап баратышты. Жылдын бу маалында – майда жаныбарлар али жер астындагы ийиндеринде жаткан, кийикке же колго багылган малга жетиш мүмкүн эмес болуп турган чакта иштин дагы бир кыйын жери бар – ири малга, маселен, жылкыга дейли, же бодого, төөгө экөөлөп келип кол салыш керек. Себеп дегенде Ташчайнар канчалык күчтүү болбосун, андай ири жемди үңкүргө жеткире албайт. Мына акыркы жолу, мындан эки күн мурда, ал тоо этекте сандалып жүргөн бир эшекти жара тартыптыр. Түнүчүндө Акбара үңкүрдөн чыгып барып, эшектин этине тоюп кайтты, бирок күнүгө эле бир эшек тоо этекте сандалып жүрбөйт да. Адатта эшектин жанында киши болот. Мына ошон үчүн Акбара чабытка бүгүн өзү чыгып олтурат – жемди тапкан жерде тоё жеп, кайра кайтмакчы.

Адегенде Акбара үңкүргө кылчактап, кароосуз калган бөлтүрүктөрүм кантибатат дегендей ичине дүрбөлөң түшүп, тынчсызданып баратты, бир-эки жолу атүгүл шарт бурулуп, кайтып кетип кала жаздады, – бирок бурулбады, көздөгөнүнө жетмейинче үңкүрдү эстебешке аракет кылды. Ал эми ой-тоону чабыттап баратып, бир жерден малдын жаңы эле түшкөн изине туш келген кезде, кандагы жырткычтык сезим дүркүрөп күйүп, өзүнөн өзү эле жемди көздөй алып учуп жөнөдү.

Акбара менен Ташчайнарга оңдой болду: из аларды бир кенен коктуга алып келди, так ошерде үч топоз серейип оттоп жүргөн экен, кыязы, үйүрүнөн калып калса керек. Топоздор менен алар өткөн жылы бир бет келишип көрүшкөн, анда да ушинтип айлалары кетип, кайсалап турушкан кези болчу. Ал учурда башка жактан жаңы эле ооп келген немелер колу жеткенин алып тим болушчу. А азыр убакыт жок. Жакын арада адам көрүнбөйт, бөрүлөр эки жагын каранды да, ачык чабуулга

өттү. Түптүз эле атырылып келаткан карышкырларды көрүп, топоздор дөңкөлөңдөшүп, коркулдап, качып беришти, бирок тигилер аттатпай эле жетип келгенинде коркконунан бөйрөктөрү болкулдап, кайра бурулуп айбат кылып, мүйүздөрүн тосуп туруп калышты. Андан башка айлалары жок эле. Так ушул тапта, ушу жерде, кандайдыр бир көз ирмемге бу дүйнөгө тиричиликтин байыркы тең салмагы орной түшкөндөй болду; асмандагы күн, ээн тоолор, жымжырт бейкуттук, айлана-чөлкөмдө адамдардын жоктугу жаныбарлардын бул эки түрүнө – ача туяк малга да, кан көксөгөн жырткычка да – бирдей таандык болуп турду. Ача туяктар кагылышпай эле кайтышсак деген ниетте, бирок жырткычтар мындайда жөн эле кантип бурулуп кетип калсын, ачкалыктан көздөрү күйүп турбайбы. Өздөрүнүн жан-сактоосун улантып, тиякта жаткан тукумуна да кан жүгүртүш үчүн алар эч кылчактоосуз кармашка кирип, эң куру дегенде бир топозду жара тартышы керек. Топоздор – анча зор эмес, бирок анчалык эле кичине да эмес, орто семиз топоздор эле: кыш бүтөрүнө жакын жүндөрү самсаалап өсүп бүткөн. Аюу жүндөнгөн, доңуздай коркулдаган, ат куйруктанган бул жаныбарлар да азыр кармаш болбой койбостугун түшүнүштү. Бир чети коркуп, бир чети жаалы келип, баштарын жерге салып, корк-корк этип, туяктары менен жер чапчып турушту. А асманда күн кадимкидей жаркырап тийип, кары эрий баштаган тоолор болсо бири чөп жеген, бири кан ичкен эки жаныбардын бетме-бет чыккан жери – ээн коктуну ар тарабынан курчап, унчукпай заңгырап турду. Бөрүлөр топоздорду имериле тоорушуп, улам бир орундан бир орунга секирип, ыңгайлуу удулду аңдып атышты. Бөлтүрүктөрүмө кайтсам дегенде эки көзү төрт болуп турган Акбара чыдабай кетти. Чабалыраагы ушу го деп болжоп турган топозго шап эле секирди; өзүн өзү тобокелге

салды. Топоздун көздөрүнөн жинденгени байкалып, канталап турган экен, ошентсе да Акбара бир көз ирмемде анын ошол көздөрүнөн кандайдыр жүрөксүп, жалтанып тургандыкты сезди, ким билет, балким, жаңылыш баамдагандыр. Бирок эми болор иш болду: Акбара ыргыган боюнча барып топоздун мойнуна жармашып калды. Эмки иш көз ачып-жумганча жасалууга тийиш. Жаалданган топоз мойну-башын силккилеп, карышкырды үстүнөн ыргытмакка, анан жерге жармаштыра сүзмөккө далбаса уруп жаткан кезде Ташчайнар тияк капталдан чыга калып, топоздун алкымына азуусун батырып колко-молкосунан бери бурдап жулуп алып, бир заматта кан-жинин шар эткизе суудай төгүп жибериши керек.

Туура ошондой болду. Бирок ага чейин топоз Акбараны үстүнөн силкип ыргытып жиберүүгө үлгүрдү; кулап түшкөн бөрүнү мүйүздөрү менен челип, жерден тургузбай, дагы аз болгондо жабыштыра сүзүп, курч туяктары менен тебелеп салат беле, бирок Акбара мүйүз алдынан жыландай жалт берип буйтап кетти да, топоздун башына кайрадан секирип, кайрадан тикендей катуу кылдары бар күржүйгөн күчтүү жалына тиштерин матырып, жармашып калды. Анын бул чабуулунда бөрү тукумунун катаал табияты, жашаш үчүн өлтүрүш керек деген жырткычтык мийзамы жаткан эле. Бирок бу жолу анын колуна бөкөн же коён өңдөнгөн, алдуунун алдын-да өзү эле титиреп туруп берген, бейайбат макулук туш келген жери жок. Жинденген топоз каны төгүлүп жатканына карабай дагы далайга күржүлүңдөп кармашканга жарайт, атүгүл жем болмок турсун, жеңип чыгып кетиши да ажеп эмес. Бирок кантсе да Акбаранын колдой жүргөн колдоочу жылдызы жарк деп күйүп берди: топоз канчык карышкыр менен кармашып, алектенип жаткан чакта Ташчайнар анын экинчи капталынан секирип келип, алкымдан алды. Ташчайнардын секиригиндей секирик барбы

да, Ташчайнардын тиштегениндей тиштеш барбы. Айрыкча бу жолку секиришинде ал болгон күч-кудуретин аяган жок. Анын аңырдай ачылган оозу топоздун алкымын көз ирмемде шалап түштү; топоз «бурк» деп бир үн чыгарганга араң жарап, кекиртеги коркурап-шаркырап, каны диркиреп атып, көзү караңгылап барып, теңселе түшүп, тарс кулады. Булар минтип кармашып жатканда берки тирүү калган эки топоз дүңүрөңдөп качып, бир топ жерге чейин жүгүрүп барышты да, анан жай басыкка салып, эчтеме деле болуп өтпөгөндөй, коктунун ичи менен кебелбей кетип баратышкан эле.

А бөрүлөр али жаны чыгып-чыга элек буканы илгиртпей баса калышты. Качан жаны чыгат деп күтүп олтурушкан жок, ага убакыт кайда. Кай жагынан баштап жеп киребиз деп да отурушпады. Акбара шар эле чандырдан тиштеп жара тартып, тырмагы курч колдору менен кошо чапчып, булоолонгон ысык эттен лапылдата сугунуп-сугунуп жиберди. Так ушундай сулп этке карынды толтура салып, эми гана бөртүп келаткан бөлтүрүктөрүн көздөй – үңкүрдү көздөй тезирээк кайтууну көздөдү. Ташчайнар андан калышкан жок. Жаалданa ыркырап, капкандай күчтүү жаактары менен сөөк-саакты талкалай топоздун тулкусун бир паста булкуп-жулкуп бөлөксалак кылып, майкандап жиберди.

Баары ойдогудай ордунан чыкты. Азыр бөрүлөр этке аябай тоёт, анан эч аялдабай артка тартып, үңкүргө жетүүгө шашышат, түнүчүндө биерге кайра келишет да, дагы тоё жешип, калганын көтөрүп кетишет – бирок а жагын анан... Азыр болсо алар эттен аптыга сугунуп жатышат...

А тиякта, бийик зооканын түбүндөгү жылгачадагы үңкүрдө бөлтүрүктөр ачкасына чыдабай кыңшылашып, биринин жылуулугуна бири ыктап чогула калышып, кайра туш келди бөртүп кетип, кайра чогулуп, кайсалактап

энесин издеп жатышкан, аңгыча тыш тараптан дабыш угула калды,– Базарбай үңкүргө төрт аяктап сойлоп кирип келаткан, – дабышты эшиткенде алар баягыдан да күчөп кыңшылашып жиберди да, тамтаңдашып оозду карай жөнөп беришти; келаткан адамга ушул эле керек эле. Караңгы, тар үңкүрдө Базарбай алды жагын колу менен кармалап, дене-башы түйүлүп, ой-сезим чыңалып, ошондон улам алка-шалка терге чөмүлүп, тону менен батмак эмес, аны сыртка таштап, жалаң костюмчан эптеп сойлоп келаткан; алдына келип калган бөлтүрүктөрдү биринин артынан бирин койнуна салып-салып жиберди да, акыркысын, төртүнчүсүн желкесинен апчый кармап, сыртты көздөй жөнөдү. Үңкүрдүн оозунан чыга калганда көздөрү жазгана түштү – күнгө чагылышкан бийик тоолор ушундай бир жаркырап турган экен. Көкүрөгүн кере абадан жутту. Айлана кулак-мурдун кескендей тынч. Өзүнүн күшүлдөй дем алганы гана угулат. Коюнга салынган бөлтүрүктөр кыбырап-тыбырап баштады, желкесинен кармап турганы болсо бошонушка аракет кылып коёт. Эми биерде турганда болбойт. Ал шаша-буша кыймылдап, таштаган жеринен чолок тонун алып, күшүлдөп-бышылдап, булактын жээгине жетип келди. Бу төрт бөлтүрүктүн тагдырын ал небак чече салган: биерден ала качып барып, сатып жибермек. Сатканда да набын чыгара сатарына көзү жетип турат. Өткөн жылы да бир чабан ушинтип бир үңкүрдө жаткан бөлтүрүктөрдү бүт шыпырып алып баса берип, зообазага өткөрүп, ар бөлтүрүккө элүү сомдон чаап алган.

Базарбай күртүлдөтө сулу жебаткан аттын тумшугунан куржунду жулуп алды да, сулусун жерге шарт төгүп жиберип, эки көзүнө экиден бөлтүрүктү сала койду. Куржунду ээрге артты да, жолдо шалактабасын үчүн кайыш канжыгалары менен таңып таштады. Аттын оздугун салып, ошо замат ээрге шап минди. Эртерээк биерден

жоголбосо болбойт. Берем деген кулуна, белен кылат жолуна деген ушу! Бирок тезирээк, карышкырлар келип калгыча биерден узап кетиш керек – муну Базарбай түшүнүп туру. Ээрге олтуруп алганда гана барып, чала ичилген бөтөлкө ташта сүйөнгөн боюнча калганын эстеди. Бирок ага да күймөлбөдү – урдум деди. Бу бөлтүрүктөрдөн түшкөн акчага андай бөтөлкөнүн ону эмес, жыйырмасы келбейби. Ошо менен атты теминип жөнөп берди. Ылдамыраак, күн уясына баткыча капчыгайдан чыгып кетүүгө шашты.

Кийинчерээк Базарбай өзү да таң калып жүрдү: колунда куралы жок туруп, түз эле үңкүргө кирип барганын карасаң: кичине бир ойлонуш, сактаныш керек эмес беле. Канчыгы же дөбөтү ошерде жүрсө эмне болмок... Бугудан өткөн жоош айбан жок, а бирок музоосун коргошко келгенде, ошо да душманын качырып сала берүүгө жарайт, көк жалдарды мындай кой...

Бирок мунун баары анын оюна кийин келет. Ошондо барып, карышкырлардын колуна түшсө жазасын кандай алмагын элестетип, төбө чачы тик турат. А азыр болсо тору-күрөңдү ыкчамдай теминип, Башат капчыгайынын таманындагы таштак жолдо текирең-таскак менен келаткан кези. Арт жактагы тоолордун кырынан ары батып бараткан күндү кылчактап карап коёт; так ошо күн батар тараптан, арттан куугандай, кечки күүгүм улам берилеп жылып келатат. Чын эле, шашпаса болбойт, эртерээк капчыгайдан суурулуп, тоо этегиндеги жайыкка чыгып кетиш керек – туш тарабың ачык, бет алган жагына чапсаң кете бересиң – аер тар капчыгай эмес...

Көл жээгин көздөй улам жакындап, эл жашаган жерлерге аз калган сайын Базарбайдын көңүлү жайлангансып, атүгүл ала-көөдөндүгү кармап баштады. Бүгүнкү олжосу менен мактангысы келди. Жолдогу бөтөлкөлөш

чабандардын бирине кайрылып, олжосун көрсөтүп, ар бир бөлтүрүк үчүн жүз граммдан куйдуртуп, жууп койсок бизге жарашпайбы деген ой кетти – булардын наркын келтирип сатып алса, анан жүз грамм Базакең тараптан да болуп кетер. Мына ушерден ал өкүндү: далбастап жатып булактын жээгине үчтөн экиси ичиле элек бөтөлкөнү таштап кеткенине өкүндү. Аттиң-ай, азыр жанда болгондо түз эле оозунан бир уруп алат эле... Көксөөсү күч алып, көкүрөгүн өрт каптай түшкөндөй болду. Ошентсе да акыл-эси ал иш эч жакка качпастыгын эскертти, азыр баарын коюп бөлтүрүктөрдү аман-эсен жеткирип, бирдеме ичириш керек, канткен менен булар али эмчек эмген макулук, наристедей макоолугу көздөрүнөн эле көрүнүп турбайбы... Андан көрө тумчугуп өлбөй куржунда келатышабы деги. Арт жактан бөрүлөрдүн өлүпталып, көздөрү оттой жанып, катуу кууп келатканы, мунун эмне менен бүтөрү, бир кудайга гана белгилүү болуп турганы Базарбайдын капарына да кирген жок...

Топоздун этине аябай тоюп, бөрүлөр бир аяк жол менен үңкүрүнө кайтып келатты. Алдыда Акбара, артында Ташчайнар. Экөө тең зооканын түбүндөгү ийинде калган бөлтүрүктөрүнө тезирээк жетүүнү, алар менен аралашып беймарал жатууну эңсеп келатты, жакшылап эс алгандан кийин, коктуда чала желинген боюнча жаткан топозго кайра келишмекчи.

Эмне кылышат, тагдыр ушу экен, ошон үчүн бөрүнүн ырыскысы бутунда дешет эмеспи... Бут болсо эле баары ойдогудай бүтө берсе бир жөн... Калган этке башка бөрүлөр да көзүн кызартып жетип келиши мүмкүн; бирөөнүн олжосун өзүнүкүндөй баса калчулар бар, андайда анан кармаш башталат, болгондо да жан аяшпаган, кан төгүлгөн кармаштар болуп кетет. Бирок кимдин иши ак болсо – күч ошо тарапта...

Ыраактан эле, үңкүргө жакындай бергенде эле Акбаранын жүрөгү бир жамандыкты сезди. Кандайдыр бир куш жанында көлөкөдөй ээрчип кошо келаткандай, батып бараткан күндүн шооласында каргашалуу бирдеме илээшип тургандай сезилип кетти ага. Мөңгүлүү бийик чокулардагы кызгылтым нурлар да улам күүгүмдөнүп, өчүп бараткан да бир шумдуктуу көрүндү. Үңкүргө чукул калганда катуураак желип жөнөдү – Ташчайнарга кылчайган да жок, – бара түшүп, түшүнүксүз бир кооптонуу жүрөгүн жалындай каптап баштаган соң, арышты кең таштап шашыла чуркады. Аңгыча абадан аттын теринин, көңүл айланткан дагы бир балээнин жыты мурдуна шак урунду; ушерден шектенүүсү дагы күчөй түштү. Бул кайдагы жыт? Эмне болуп кетти? Булактан кандай аттап, бадалды кандай аралай чапканын сезген да жок, үңкүргө учуп жетип, ичине кирип барды. Бир саамга ордунда катып туруп калды, анан жетимсиреп, аңгырай түшкөн турагынын баардык булуң-бурчун мергенчинин тайганындай искегилеп чыкты да, ошо замат сыртка атылды. Үңкүрдүн оозунан Ташчайнар менен кептелише түшүп, ушунун баарына ошо күнөөлүүдөй, бу жамандыкты жасаган ошо баштанып, жаалданып уруп өттү. Мойнунда кылдай күнөөсү жок Ташчайнар үңкүрдүн ичине кирип, кайра да Акбараны булактын жээгинен кууп жетти. Акбара эмне кылар айласын таппай, жердеги издерди жанталаша жыттагылап, эмне окуя болуп өткөнүн эми баамдап, тегерене чуркап турган экен. Биерге бирөөнүн келгени анык, жапжаңы издер бир аз эле мурда ушерде адамзааданын болгонун айгинелеп турат – мына аттын шилекейи жыттанып жерге төгүлгөн сулу жатат, мына али кургай элек ат тезеги, мына жанагы каңылжаарды жарып, жүрөктү айланткан балээ – бөтөлкөдө турат. Акбара бөтөлкөнүн ооз жагынан жыттай коём деп, денеси дүр этип жыйрыла түштү, мына адам-

дын карда калган изи. Керзи өтүктүн изи. Чабандар ушундай өтүк кийип жүрөт. Атка минип, бөтөлкөгө кайдагы бир балээсин ала келген бул оңбогон душман уяны талкалап, балдарды уурдап алып, жолго түшкөн экен! А кокус эмгиче бөлтүрүктөрдү тирүүлөй жеп салса эмне болду! Акбара кутургандай жаалданып, эч күнөөсү жок Ташчайнарга дагы барып бир тийип, тиштеп-тиштеп алды да, анан жиндене ырылдап, из кеткен тарапка атырылып жөнөдү. Ташчайнар артынан кетти.

Бөрүлөр изден адашкан жок – улам алдыга, улам алдыга, улам алдыга, капчыгайдын оозуна, андан өтүп дагы алдыга, нары – адамдар жашаган тарапка, көл кылаасын көздөй алып баратты из...

Базарбай болсо капчыгайдан чыгып, жайында мал жайылчу жайык-жайык адырлардын үстү менен текирең-таскакка салып уруп бараткан, айлана-тегерек ачык, мына алыстан көл чети карайып көрүнө баштады. Эми үйүнө көп болсо бир сааттык жол. Күн жердин тээ алыскы чегине жетип, тоо кыркаларынын ары жагына улам ылдыйлап чөгүп, акыркы нурлары гана алсыз чачырап, күүгүмдөнүп баратты. Ысык-Көл тараптан муздак шамал ура баштады. «Тоңуп калган жокпу булар!» деп ойлоду Базарбай, бирок ороп аларга эчтемеси жок, ошентсе да куржундун ичинде тирүүбү-жокпу, көрүп коюуну чечти. Ушунча убара болуп алып барсаң, алып барганың небак өлүп калган болсо – анын кимге кереги бар! Токтоп, аттан түшүп, куржундун ичин карап көрмөккө байлаган канжыгаларды чече берерде ат арткы бутун талтайтып туруп, сийип жиберди. Аңгыча эле диркиреп тегерекке чачырап жаткан сийдигин шарт токтотуп, ат кошкурук аткан боюнча ордунан жалт бере ыргыды. Базарбайдын колунан тизгинди жулуп кете жаздады.

– Так-так! Кантет! – деп бакырып жиберди Базарбай. Бирок ат жаланкыч көргөндөй дагы да жалт берди.

Ошондо барып Базарбай артын карабай туруп эле, мунун себебин шак түшүндү. Жону заматта муздай түшүп, карышкырлар качырып келатканын сезди. Базарбай атылып атка жармашты, колу жалга жетип эле ээрге ыргыр замат, ат кошкурук атып үрккөн бойдон алып учуп жөнөдү. Урган шамалдан эңкээ берип, Базарбай эки жагын каранды. Эки карышкыр жакын эле жерде келаткан экен. Азыр эле булар дөңдөн атырылып чыга калганда ат үркүп кеткен окшойт. Эми карышкырлар аттын жолун торой чыгууну көздөп, чымын-куюн болуп келатышты. Алардын түрүн көргөндө Базарбайдын жаны чыгып кетти, демейде ашатып сөгүп жиберчү кудайды эми «колдо эле, колдо!» деп ичинен боздоп жиберди. «Шайтандай болуп кайдан чыга калышты эле, алтынга көмүлүп өлгүрлөр!» деп геологдорду шыбап өттү. Аялынын астындагы күнөөсүн эстеп, өкүнүп, андан кечирим сурап баштады. «Ушу жолу аман калсам, сени чекеге чертпейм, чертсем ит болоюн!» деп карганып жиберди. Бөлтүрүктөргө кол салганына өкүндү: «Буларга тийип эмне кылам дейм да, ийинине чейин эмне кирип барамыя? Таш менен баарын бирден башка коюп-коюп калсам – иш бүттү эле да, эми буларды кайда тыгам?» Куржун болсо канжыга менен бекем таңылган – чаап баратып ыргытып ийе албайсың. Анан калса бат эле күүгүм коюуланып, караңгылык ээн жаткан адырларды басты да калды, эми сени карышкырлар жара тартып жеп атабы, жебей жатабы жан киши көрбөйт. Коркконунан жаны чыккан ат гана – ишенимдүү жаныбар – жанталашып, аткан октой сызып баратат.

Баарынан да Базарбайды аябай өкүнткөн нерсе – асынган мылтыгынын жоктугу болду – бирден окту чекелерине кадай салат эле, жаза кетирмек эмес, кудай бар. Мылтык деген табылгыс бирдеме болсо экен, ар чабандын үйүндө бирден асылып турат, бирок ким эле аны

дамамат көтөрүп жүрсүн! Аттиң, мындай болорун кайдан билди! Карышкырларды сестентиш үчүн Базарбай үнүнүн болушунча бакырып баратты. Жалгыз үмүтү атта; ушунун теги жылкы заводдон болуп калганына да шүгүр.

Тагдыр өлүм менен өмүрдүн ортосунда турду. Үчөө тең – бөлтүрүктөрдү куржунга салып ала качкан Базарбай ат жалында, анын артында Акбара менен Ташчайнар – иңирде адырдын үстү менен учуп-күйүп баратышты. Бөрүлөр уурдалган бөлтүрүктөрүнүн жытын искеп алгандан кийин ого бетер жаалданып, булар да өздөрүнчө табийгаттан жалынып-жалбарып, суранып, ат бир жерден мүдүрүлүп кетсе экен, күүсүнөн көз ирмемге да болсо өксүй түшсө экен деп тилеп келатышты. Атаганат, топоздун этине лыкыйып тоюп албаганда жүгүргөндү бу жолу көрсөтүшпөйт беле, бу каракчыны небак кууп жетип, небак колун кол, санын сан кылып тытып кетпейт беле, ошол кандуу өч алуу аркылуу тукумду улоо үчүн атам-замандан келаткан каардуу күрөштүн акыйкатын көрсөтүшпөйт беле. Моюнкумдун чөлүндө бөкөндөрдү кууп баратып, узай түшкөндөрүн керектүү жерге кайрый салыш үчүн дагы ыкчамыраак жүгүрүп коюш буларга кеп эмес эле да – азыр буларга так ошондой бир секирик жетпей жатты. Ырас, андай чабытка алар ачкарын, кандай жүгүрүп, кандай секиришке болсун шаймашай чыгышчу.

Бөлтүрүктөрүмө сүт болсун деп, эттен аябай жеп алган Акбарага жүгүрүш айрыкча кыйын болуп баратты. Бирок катуу келаткан калыбынан жазбады; эгер тиги ат үстүндөгү немеге эптеп бир жетсе өлбөгөн жерде калышка даяр. Албетте, жанында ал-кубаттуу сүйөнүч-таянычы Ташчайнар бар дечи, бирок ар баштын өлүмү өзүнчө эмеспи... Ал эми Акбара кандай өлүмгө да болсо даяр болчу, эптеп эле мынабу астында күлүк аты бар адамга жетсе болду, ушуга жетип жыгылса болду...

Күлүк ат күлүктүгүнө салып баратты, бирок бөрүлөр көл кылаасына кеткен жолду кесип таштоо үчүн оң каптал тараптан улам чукулдап келатканын байкай коюп Базарбайдын жүрөгү шуу дей түштү. Амалдуу жырткычтар атты жолдон чыгарып, тоо жакка бурулууга аргасыз кылууну көздөп келатышканын көр, тоого бурулушса иштин бүткөнү – көп өтпөй буларды бетме-бет келтире турган жер – ошол. Коркконунан жүрөгү түшкөн ат да оң тараптан кысып келаткан карышкырлардан жазганып, солго бурулгусу бардай. Бирок аттын тизгини адамда, адам болсо акыл жүгүртө билет, куугунчулардын көздөгөнүн билип-баамдап келатат; жырткычтардын жаңылыштыгы ушунда.

Базарбайды сактап калган дагы бир нерсе болду. Багы бар экен, алды жактан жакынкы кашарлардын биринин оту көрүнө түштү, бу – тагдырдын жалгаганын карачы! – Бостон Үркүнчиевдин кашары. Базарбай жек көргөн, эпкиндүү-кулак деп атаган Бостондун кашары. Бирок азыр кимди ким жаман көрөрүн же жакшы көрөрүн териштирип отурар кез эмес – ким болсо ошо болсун, иши кылып эле алдынан тирүү жан чыкса өз өмүрүнөн да кымбат болгону туру. Башкысы – жолдон адам турактаган жай чыга калды – мына таалай деп ушуну айт, балээден кутулат деп ушуну айт! Кубанычы көөдөнүнө батпай, ал атты теминип-теминип алды, ат жаңы күч менен кашар турган, адамдар турган тарапка шамалдай учту. Бирок Базарбай өзүнө-өзү ай эми аман-эсен калдым го деп айткыча ортодон кылым өтүп кеткенсиди; деген менен, мына, Бостондун пулемёттой дүрүлдөгөн электр движогунун үнү даана угулду, иттер чуу түшүп, абалап уруп, бери беттеп чыгып калды. Бирок карышкырлар да күүсүнөн жазбай улам жакындагандан жакындап кирип келди; аттын төрт аягы тыпырап, болгон күчүн үрөбатыр, Базарбайга жырткычтардын алкымынан көөрүктөн

чыккандай күчтүү дем угула баштады. «О, алла-таала Баабедин, колдой көр! Аман калсам жети мал садага!» деп келме айтып жиберди Базарбай.

«Кудай куткарса кутулдум! Кутулдум, кутулдум!» деп сүйүндү ал.

Албетте, арадан бир саат өткөн соң Базарбай жанталаша карганган бу сөздөрүнүн бирин да эстеп койбойт дечи, адам баласы ушундай жаралган турбайбы...

Аңгыча кашар тараптан кишилер жүгүрүп чыгышты, Базарбай аларга жетип-жетпей колдоруна кулап түштү. Аптыгып алган: – Карышкыр, карышкырлар кууп келатат. Суу, суу бергиле мага! – деп коёт.

А карышкырлардын кетээр түрү жок, жакын эле жерде кашарды тегеректеп, көксөлөрү суубай, өжөрлөнө басып жүрүштү. Бостондун кыштоосундагылар дүрбөлөң түштү – койчулар ары-бери чуркап, короолордун ооздорун бекитип, караңгылык коюнунда бири-бирине жанжуң үн катышып, бири болсо кашардын үстүнө чыгып, бир нече мылтык атты. Иттер тынбай арсылдап үрүбатты, бирок короодон сыртка чыга алышпады. Жарыкты имерчиктеп турушту. Алардын коркоктугуна койчулардын жини келди.

– Айдак, айдак, айт, айт! – деп бирөө киркиреген үн менен айдактады дөбөттөрдү. – Калп эле үргөн болуп коюшат. Бөрүбасар эмес эле бокбасар экен да булар! Ал, Акташ! Ал, Жолборс! Жайсаң, Барпалаң, айдак, айдак! Айт, Айт! Аай-ата, куйруктарын кыпчыйт, карышкырды көргөндө алаңа кире качат турбайбы булар!

– Ит деген – ит да, буларга эмне бакырыбатасың? – деп ары жактан бирөө аны кагып койду. – Булар атчанды атынан алып түшкөн дөбөттөр, бирок карышкыр оңой жырткычпы? Сен эмне эле деп атасың. Кандай ит болсо да карышкырга катыла албайт. Тим кой, үрө берсин өздөрүнчө!

Бу карышкырлар эмне үчүн Базарбайдын артынан ичип-жеп кууп келди, муну ал шыр эле эстей койгон жок. Качан гана Базарбайдын атын жайгаштырып коймокчу болгон жигит: «Базарбай байке, куржунуңуздагы эмне? Бирдеме кыймылдап жаткансыйбы?» – дегенде гана бир эстеди.

– Куржундабы? Куржундагы бөлтүрүктөр! Кудай алып кетсин ошолорду, болгондо да төртөө. Башаттан, туура үңкүрдүн өзүнөн алып чыктым. Карышкырлар ошон үчүн кууп келатат да!

– О, койчу! Баракелде-оой! Мына олжо деп ушуну айт! Үңкүрдүн өзүнөн алдыңбы! Дагы ырысың бар экен, аман-эсен качып келген...

– Куржунда жатып өлүп калган жокпу андан көрө? Катуу чапканда тумчугуп же урунуп өлүп калышкандыр дейм?

– Эмнеге өлмөк эле! Алар, эмне, өрүкпү, эзилип калгандай. Алардын жаны деле иттикиндей бекем болот, тууган.

– Көрбөйлүбү! Кандай бөлтүрүктөр болду экен?

Ошентип акыры куржунду бөлтүрүктөрү менен ээрден алып, Бостондун үйүнө апкелишти. Мындай маанилүү иш, албетте, өзүнүн бу кечте үйдө жоктугуна карабай, биердеги башкы адам, кашардын ээси Бостондун үйүндө болуп өтүүгө тийиш, өзү жок болгон себеби – райондун кезектеги дагы бир чогулушу болмок, а алдыңкы чабан Бостон Үркүнчиев адаттагыдай эле аерде президиумда олтурмак.

Базарбайды болсо тим эле үйгө баатырды коштогондой коштоп киришти; эмне кылат, кирбей коёбу – элдин ыгына көнбөшкө айла жок. Биерге, капысынан дечи, бирок кудай конок катары келип отурат го акыры.

Мурда Базарбай бул үйдүн босогосун аттаган эмес дешке да болбойт. Бостон менен кошо чабан болуп коңшу-

лаш, жайытташ, жети чакырымча тигиндейрээкте жашаган далай жылдын ичинде Базарбай бул үйгө ашыккеми жок үч жолу кирип-чыккан: биринчи жолу койчуман Эрназар Ала-Мөңгүнүн ашуусунда муздун жаракасына түшүп кетип өлгөндө ошонун кара ашына келген, экинчи жолу да өлүккө байланыштуу – ошо Эрназар каза болгондон жарым жыл өткөндөн кийин Бостондун биринчи аялы дүйнөдөн кайтып (элдин айтымында Арзыгүл мыкты зайып болгон экен), ошондо аза күтүүгө келген, бу айлана-тегеректе жашагандардан эч ким калган эмес, эл кара таандай көп болгон, ат, трактор, жүк машинелерге сан жетпейт. Үчүнчү жолу болсо, чынын айтыш керек, өз ыктыяры менен эмес, областтын чоңдору Бостон Үркүнчиевдин алдыңкы тажрыйбасын башка койчучабандарга үйрөтүш үчүн өндүрүштүк семинар өткөрүп келейин деген ниети жок, бирок айлаң канча, чоңдор келүүгө мажбурлап, ошондо бир келген, алынган төлдү өлтүрбөө, жүн менен этти көп алуу үчүн эмнени кандай жасаш керектиги жөнүндө жарым күн бою дарс угуп олтурган. Кыскасы, планды кантип аткарыш керек – ошону айтышкан. Анын бир ачылбай жаткан сыры бар баштанып, ал бүт-баарын аларсыз эле билип турат: кышында тоютту убагында бер, жайында жайлоодо эртерээк туруп, кечирээк жат, кыскасын айтканда, жакшы иште, эки көзүң малда болсун. Камкор бол. Маселен, Бостон сыяктуу, ал жалгыз эмес, андайлар бар, ошолор сыяктуу. Билерин билесиң. Бирок бирөөлөрдүн иши оңунан чыгат экен, бирөөлөрдүкү чыкпайт экен. Мына, эсеби маселен, Бостондун кашарында движок иштебатат – түнү менен жарык, үйлөрдү да, сарайлар да, короонун айланасы бүт электр жарыгынан өксүбөйт. Эмне үчүн? Ал кантип алып алганын ким билсин, айтор, бир эмес, эки агрегат алып алган – бирөө иштебей калса же алдын-ала оңдотууга берип койсо, экинчиси иштей берет. А калган

чабандардын баардыгына – алардын ичинде Базарбайга да жыл бою иштесин деп бир движок берип койгон. Бир движок менен олтургандын азабын айтпа: бир күнү иштебатса, бир күнү иштебей калат, бир күнү майын апкелип беришсе, бир күнү апкелбей калышат, бир карасаң – бир жери сынып калган, бир карасаң – мунун сынганын оңдой турган бала баарына түкүрдүм деп, колду тескери шилтеп, шаардагы жаштар бизден көрө жүз эсе жакшы жашап, жакшы иштейт деген боюнча шаарга уруп кеткен. Мына ушундай акыбал – отчёттун баарында чабандык бригадалар бүт электрлештирилген деп турат, а иш жүзүндө эчтеме жок...

Анан эле ким жакшы? Бостон жакшы, анүстүнө ичпейт. Ким жаман? Базарбай жана Базарбайга окшогондор, жамандыгы аз келгенсип, ичишет. Болуптур, мен жаман экем, андай болсо кет ары деп айдап жиберишпейби, жок, кетем деп көрчү, аз жерден милициянын колуна сала беришпейт, паспортуңду колуңан жулуп алып, эч кандай документиңди бербей коюшат, бүттү бар да, иште, кымбаттуу жолдош, эч жакка жылба, азыр чабан болоюн деген киши жок, андай акмактар чанда, баарынын шаарда иштегиси келет: шаарда баланча саат иштеп бүттүңбү – кете бер маданияттуу сайрандап, болбосо баардыгы белен турган үйүңө келип эс алып жат, от жагуу деген жок, күн-түн дебей жарыктын күйүп турганы, бурасаң түтүгүнөн суу шаркырайт, ажатканасын айт, дализинде турат, бир аттасаң жетесиң... А кой баккан кишинин жашоосу – эмне деген жашоо? Туут маалында бир жарым миңге жакын кой менен алышып көр, же күндүз тыным көрбөйсүң, бир жарым миңи чуру-чуу түшүп кулак-мээңди жеп, жаныңды сууруп алат, анан кантип белчеңден чылага батпайсың, анан кантип жинденбейсиң, кантип катының урбайсың, кантип жардамчыларыңды урбайсың, анан кантип ичпейсиң... Анан эле

ким жаман? Базарбай жаман, Базарбайга окшогондор жаман...

А бирдеме болсо эле көзүңө чукуп, ана, карачы Бостон Үркүнчиевди, мына эпкиндүү чабан, мына үлгү деп турушат. Мына сенин эпкиндүү-сепкиндүүңдү, чириген сасыкбайыңды деп туруп, тумшуктан ары берсе ошондо! Бостон качан да болсо жолдуу; иштерман, мыкты кишилердин баары анын бригадасына туш келсем деп турат, кетем дегени болбойт, бир үй-бүлөдөй иштеше беришет. Базарбай, Базарбай эле жалгыз эмес, башка чабандар деле иштебеген движокторуна небак түкүрүп, май чырак менен кол панарларын жылтыратып, эскиче жашоосун улантып атышат, а Бостондун электрогенератордуу МИ-1157 деген агрегаты тимеле сааттай шакылдап, күндүр-түндүр иштегени иштеген, үнү да алыска кетет, жарыгы да алыска тиет. Жана карышкырлар мына эми кууп жете келгенде, жаркыраган жарыкты көрүп, дүкүлдөгөн үндү угуп, кантсе да батыналбай, сестенип туруп калышпадыбы.

Иттер дагы эле арсылдап үрүбатат. Кыязы, карышкырлар ушу тегеректе айланчыктап, бирок жакын кирип келүүдөн айбыгып турушса керек.

Кара, атаң көрү Бостонду, туш тарабынан багы ачылган – короосунун мизилдеп иреттелгенин айт, үйүнүн ичи жапжарык болуп, тазасын көр, бакканы кой болсо да, турганы бу! Мындайда аргасыздан өтүктү чулгоосу менен кире беришке таштап, ала-кийиз, шырдактын үстү менен байпакчан басып өтөт экенсиң да.

Жолдуу кишиге айла жок, кай иште болсун ырыска туш келет да турат. Мына, Базарбай, маселен, ашууда өлгөн Эрназардын жесири ушундай көзгө толумдуу келин экенин мурда байкабаптыр. А азыр караса Гүлүмкан – Бостондун аялы, бир кайгыны баштан кечиргенине карабай, таалайына ыраазы, бактылуу кебетеси бар.

Жашы кыркка барып калгандыр, андан да жаш болуу мүмкүн, Эрназардан калган эки кызы интернатта окубатат, андан кийин Бостонго – багы барга дагы бар да – эркек төрөп берген; а Бостондун мурунку аялынан эки кызы бар эле, алар турмушка чыга качып кетишти окшойт. Кишинин жарык маанайы менен тосуп алган пейилин айт Гүлүмкандын, эстүү келин, жо, калп айткан менен болобу, эстүү келин, Бостон менен Базарбай бирин бири жининдей жаман көрөрүн билет, а бирок аны билдирген жок «кел, кошуна, кел, төргө, килемдин үстүнө өт, капырай, бул эмне деген шумдук, карышкыр кишини бучкактап кууйт дегенди ким уккан, кудай-арбакка тобо кыл, бир кырсыктан сактаган экен сени; кожоюн болсо үйдө жок, райондо дагы бир чогулуш болот деп, ошого алып кетишкен, келе турган маалы да болуп калды, деректирдин «газиги» менен жеткирип коёбуз дешкен, кел олтур, кошуна, мындай окуядан кийин жай олтуруп чай ич, аңгыча тамак да даяр болуп калат» деп жаркылдап тосуп алды.

Базарбай болсо бул үйгө кирбесе, мындай абалга туш келбесе болот эле, туш келгенден кийин кожайкенин чакырылбаган конокко канчалык чын көңүлдөн жаркылдабатканын текшергиси келди, анын үстүнө жанды оозго тиштеп, биерге зорго жеткен неме опурталдуу окуядан кийин бирдеме ичип жиберүүнү катуу эңсеп турган, ошон үчүн уят-сыйыт менен жумушу жок, керооздоно минтти:

– Чайды ичсе катындар ичсин. Бу Бостон деген чириген байдын үйүндө, эмне, ачуураак бирдеме табылбайбы. Даңкы болсо таш жарып, далай жерге дүңкүлдөп жетибаткан чагы!

Бостондун аялы бозоро түштү. Базарбайдын бир ит кыялы бар; ошонусун карматты, азыр буга арак бербеген күндө да, Бостондун аялына бозорто сөз айттыбы, ошого кыбасы

канып, жыргап калмак. Базарбайдын бетке чаба айткан сөзүн Гүлүмкан ичинен жактырбады. Эмне, сөзгө жараша сөз, Базарбай чамгарактай сүйлөгөндөй бекпи, ханбы, совхоздун ушулардай эле малчысы.

– Кеңдик кылып кечирип кой,– деди ал кабагын чытый. – Бостондун андай ачуу-мачууга элдей болуп жармаша калмайы жок...

– Билем, билем, Бостонуң ичпейт! – деди салмак менен Базарбай, Гүлүмкандын сөзүн оозунан жулуп алып. – Жөн эле сөз келди – айтып койдум. Чайыңа ырахмат. Өзү ичпесе да үйгө мейман-ысман келип калат дебейби дегеним да.

– Жо, аның, туура го,– деп уялып кетти Гүлүмкан, эмне кылабыз дегенчелик Базарбайдын жанында олтурган Рыскулду карады, кырсыктуу куржун бөлтүрүктөрү менен ошонун тизесинин жанында жаткан.

Рыскул арак таап келүүгө ниет кылып, ордунан козголо бererде эшиктен Бостондун дагы бир жардамчы койчусу, кезинде techinstitutту окубай таштап, облассттын көрүнгөн жерин чаңытып жүрүп, акыры эми токтолуп, Бостонго байыр алып, иштеп калган, сөзү да, өзү да шар балдардын бири Марат кирип келди.

– А, Марат, – деди ага Рыскул. – Сенин бир бөтөлкө арагың бир жерде катылып жатат. Мен билем. Коркпой эле кой, бирдеме болсо Бостондун алдында өзүм жооп берем. Апкел эртерээк бөтөлкөңдү, Базарбайдын олжосун жууйлук.

– Жууйбузбу! Азыр, заматта апкелем! – Ыраазы боло каткырып жиберди Марат. Ошентип атып ичкен жарты стакандан кийин Базарбайдын бузула түшкөн көңүлү жайланып, жанараак эле жаны чыгып коркуп келгени унутулуп, анын ордуна баягы өзүнүн көнүмүш дардаңпоздугу кармап, өз үйүнүн төрүндө оонабаткансып, килемдин үстүнө тырайып жата кетти. Окуя кандайча бол-

гонун бакылдап айта баштады. Анан куржундун эки көзүн чечип, бөлтүрүктөрдү сууруп чыгып, олтургандарга көргөздү, өзү да аларды ушу жерден таасындап карады. Бөлтүрүктөр адегенде чала жан көрүндү, араң эле кыймылдашып, калканыч болсо эле жашынышып калууга ык берип турушту, бир аздан соң денелери жылып, жанданышып, кийиздин үстүндө жөрмөлөп башташты, кыңшылашып үн чыгарып, кишилерге барып тумшуктары менен бир урунуп, али эч нерсе түшүнбөгөн, эч нерседен кабары жок көздөрүн тептегерек кылып, энесин, энесинин эмчегин издеп жатышты. Гүлүмкан боору ооруп, башын чайкады:

– Байкуштардын курсагы да ач, карачы! Бала деген – бала эмеспи, карышкырдыкы болсо да, кай жаныбардыкы болсо да. Булар эми сенин колуңда ачтан өлбөйбү? Кереги эмне убалына калып?

– Эмнеге өлмөк эле? – деп тырчый түштү Базарбай. – Булардын жаны бекем. Эки күн эптеп бирдеме берип үйдө кармап, анан районго алпарып сатып жиберем. Зообазадагылар буларды кандай багышты билет. Начальниктер каалаcard эмнени гана жасабайт – башка түгүл, карышкырды да үйрөтүп, циркке чыгарып ойнотуп салат, а цирк көрүш үчүн кишилер акча төлөйт. Балким, булар да цирктен маскарапоз болуп чыга келер.

Гүлүмкандын сөзүнөн улам бөлтүрүктөрдү ичинен аяп олтургандар жылмайып жиберишти. Тирүү бөлтүрүк көрөбүз деп жүгүрүп келишкен аялдар өздөрүнчө шыбырашып калышты.

– Базарбай,– деди Гүлүмкан,– биерде колдон сүт эмген жетим козулар бар, ошолорго сүт берген бөтөлкөдөн ичишер бекен!

– Ап-бали! – деп каткырып жиберди Базарбай. – Карышкыр койго эмчектеш болуп жатып калат экен да. Мындай укмуш болорбу! Келе, көрөбүз!

Ошентип, кийинчерээк биердегилердин ар бири эстеген сайын дене-бою дүркүрөгөн саат да келип жетти. Кишилер жапайы жырткычтын балдарына койдун сүтүн ичирешкенине, бөлтүрүктөрдүн баёолугуна, күлкү келерлик жоруктарына, алардын ичинен биринин – өзү ургаачы экен – көзү көпкөк экендигине, капырай көк көз карышкыр да болобу, мындай деги жомокто да жок дешип маашырланышып отурушту. Бостондун көкүрөк күчүгү наристе Кенжештин үй ичинде темселеп жүргөн төрт бөлтүрүккө жан-алы калбай кубанып-сүйүнгөнү чоңдорго айрыкча эрмек болду. Бир жарым жаштагы болтойгон бул сүйкүмдүү бала бөлтүрүктөр менен кызуу оюнга кирген кезде көздөрүнөн нур жайнаганы, чулдурап өзүнчө бирдемелерди айтканы отургандардын ичин элжиретти. Төрт бөлтүрүк да эмне үчүндүр балага ыктап, аларга биердегилердин ичинен эң эле жакыны ушул экенин билип турушкандай көрүндү. Үйдөгүлөр «карасаң, тооба, бала балага тартылыбатпайбы» дешип, Гүлүмкандан Кенжеш бөлтүрүктөргө эмне деп эле чулдурап жатканын сурабатышты. Гүлүмкан бактылуу жылмайып, баласын бооруна кысып, эркелете айтты:

– Күчүгүм, күчүгүм! Көрдүңбү, кичинекей бөлтүрүктөр сага ойнойбуз деп келишкен турбайбы. Карачы, жуп-жумшак, көгүш тончон жакшы балдар экен. Сен булар менен дос болосуң-ээ?

Мына ушерден Базарбайдын:

– Үйдө бир бөлтүрүк бар эле, мына бешөө болду. Карышкырга бала болосуңбу ыя? Бостондун туягы сенсиңби деп туруп, үңкүргө алпарып таштайм, бөлтүрүктөргө кошулуп чоңоё бересиң... – деп айткан сөзүн да кийин эстешет кишилер.

Тамаша кептер айтылып, каткырып-күлүшүп, чай ичип олтурушту. Базарбай менен Марат экөө бөтөлкөнү жайлап бүтүшүп, ысылыгына майлуу куурдактан жешип,

барган сайын бажылдап сөздөрү көбөйүп, кызарып чыгышты.

Иттердин үнү басылып, тыш жак тынчыды. Аңгыча чала ачылып турган эшиктин босогосунан Жайсаң аттуу жүндөрү сапсайган килейген сарала дөбөт көрүндү да, кирип келүүдөн тартынгандай, куйругун шыйпаландатып туруп калды. Бирөө бир үзүм нан ыргытып жиберди эле, дөбөт жерге түшүрбөй тиштерин шак эткизе кагып алды. Анда кызып калган Марат тамаша жасаш үчүн бөлтүрүктүн бирөөн колуна алып, дөбөттүн астына алпарып коё койду да:

– Ал, Жайсаң, ал! Ал дейм! – деди, бөрүнүн калтырап турган баласын көргөзүп.

Отургандардын оозун ачыра таң калтырып, Жайсаң чочугандай бир каңк деп алып, башы желкесине кире түшүп, куйругун кыпчыган боюнча тышка атып чыкты. Бир аздан соң, короого чыга качкандан кийин гана терезенин түбүнөн каңшылап аянычтуу үрүмүш болуп койду. Баары күлүп калды, баарынан да Базарбайдын каткырыгы катуу чыкты.

– Кой, убара болбо, Марат! Карышкырдын жыты турган жерге жолой албайт ит деген. Сен, эмне, Жайсаңдан арстан жасап алгың барбы? Андай болбойт!

Капыстан кичинекей Кенжеш ыйлап жибергенде гана баарысынын күлкүсү тыйыла түштү – бөлтүрүк балага аянычтуу көрүнүп, чоң кишилердин түшүнүксүз жоруктарынан аны коргош үчүн бала ага эмгектеп бараткан эле.

Ошол. Ошондон көп өтпөй Базарбай кырсыктуу төрт бөлтүрүгүн куржунуна кайра салды да, жөнөп кетти. Эртеден бери эс алып, ээр-токуму оңдолуп кайра токулган ат куштай жеңил желе-жортуш менен Бостондун кыштоосунан узай берди. Ийиндерине мылтыктарын асынган Марат менен Рыскул Базарбайды коштоп, кошо желдиришип кетип баратышты. Марат бир топ кызып

калгандыктан бапылдап, сөзү көбөйүп чыкты. Бостондун үйүнө чакырылбай келген конок мына жөнөй берерде бир өкүнүчтүү окуя болуп өттү, бул алыбеттүү эки жигит ошону кичине жумшартыш үчүн Базарбайдын эки жагынан коштоп, узатып келатышты.

Бостондун үйүндө баарынын көңүлүн өзүнө буруп отурганына катуу ыраазы болгон Базарбай эми кетмекчи болуп, бөлтүрүктөрдү салган куржунду «ме, ээрге арта салып кой» деп Маратка карматып, өзү аңгыча дубалда, карышкырдын жерге сүйрөлгөн чоң терисинин жанында илинип турган мылтыкты колуна алып, кармалап калса болобу. Мылтыкты кунт коюп карады, ал ага жагып турган эле – темири капкара болуп жалтыраган, көрүнүшү көздүн жоосун алган, ири кайберен, жырткыч үчүн чыгарылган, бат атар мылтык. Териси илинип турган карышкырды Бостон так ушу мылтык менен жаза кетирбей таасын атып алган. Муну элдин баары билет.

– Гүлүмкан, бери карачы,– деп салмак менен айтты Базарбай, мастыктан канталаган көздөрүн мылтыктан Гүлүмканга буруп. Аны караганда «атаганат, ушу келин мага бир буйткалуу жерден туш келсе-ыя...» деген ой кылт эте түштү. Ал анча-мынча аялдарды талааданбы, жолдун жээгиненби, айтор ээн эле жерде жолукса күчкө салып баса калып көнүп калган; болсо болуп калат, болбосо болбой калат, кандай болгон учурда да ал аёо дегенди билчү эмес. Мына эми Гүлүмканды алдыртан тиктеп туруп, аны башынан таяк кетпеген көк Турсунга салыштырып, каны кайнап чыкты: ушу азыр көк Турсунду «эмне үчүн сен, көргөндө жинди кайнаткан жексур, менин катыным болуп калгансың, эмне үчүн мен Гүлүмканды албай калгам» деп, тумшугун талкалай коёр эле атаңкөрү, ошону көзүнө даана элестетип, бирок өзүн өзү токтотту да, мындай деди: – Эшик-төрүңөр, дасторконуңар кенен үйүңөр бар экен, сен жакшы зайып экенсин.

Эмнени айтайын дедим эле? Өзүң түшүнөрсүң, Гүлүмкан, тиги карышкырлар дагы артымдан кууйбу деп чочуп турам. Мынабу мылтыкты алып кетип, эртең кайра берип жиберсем кантет...

– Кой, айланайын, ордуна илип кой! – Гүлүмкандын үнү бек чыкты. – Бостон бул мылтыкты жан кишиге карматпайт. Тийип эле койгонду жаман көрөт.

– Бостон жокто сен мылтыкка ээлик кылбайсыңбы? – деп кекээр жылмайды Базарбай, «оңутту жерден кез келсең, кабырганды бир качыратар элем-ов» деп ойлоп өттү дагы бир жолу.

– Кой, кокуй! Бостон келсе, мылтык ордунда жок турса, кой андай балааңды... Анүстүнө мен мунун октору кайда экенин да билбейм. Бостон өзү бир жерге катып жүрөт. Деле бирөөгө ок бергенин көрө элекмин.

Базарбай Бостонду ичинен жетерине жеткире сөктү; өзүн кошо сөктү: Бостондун колу тар, сараң, кессең этинен кан чыкпас неме экенин бүгүн билип отурабы, билип туруп эмне сурайт, аялы да, көрсө эринен ашып түшкөн эме турбайбы; аз жерден ага: «Э, бербесең мылтыгынды көрүңө ала жат» деп айтып ийе сактады, ушерден Рыскул ортого түшө калып, абалды, мындайча айтканда, түзөп жиберди.

– Чочубай эле кой, Базаке. Марат экөөбүз атка минип, узатып чыгабыз, кааласаң мылтыктарды асынып алып, үйүңө дейре жеткирип коёбуз,– деди ал күлүп. – Убакыт деген бизде толубатат, түн биздики, а бу мылтыкка чын эле тийбе, ордуна илип кой. Өзүң жакшы билесиң: Бостон деген – Бостон, тартипти сүйөт!

Ошентип жөнөй бермей болуп калышты эле, бирок Рыскул Бостондун наристесин сооротуш үчүн бир-эки мүнөт кармана түшүүгө аргасыз болду: бөлтүрүктөрдү куржунга салганда эле «буларды, акебайлар, кайда бекитип салдыңар, кайда алпарганы жатасыңар» дегенсип,

Кенжеш бакырып ыйлап, апасынын колунан жулкунуп, көзүнө жакшы көрүнө түшкөн кичинекей айбанаттарды кайра бер деп, колдорун созуп, чатак салды.

Короодон мындай узаар замат, окуйм деп окуй албай калган студент Марат «силерди мен азыр бир күлдүрөйүнбү» деп, анын оюнча өтө кызык бир окуядан кеп баштады:

– Жакында райондо бүткүл дүйнөлүк бир чатак болду – күлүбатып жыгыласың! Уктуңуз беле, Базаке!

– Жок, уккан эмесмин, – деди Базарбай.

– Жо, чын эле бүткүл дүйнөлүк чатак, өлүп кетейин.

– И, айт, айтсаң студент, – деп сүрөп койду аны Рыскул, атын темине берип.

– Кеп мындай. Областтан бир чоң биздин райондун гезитинин редакторуна телефон чалат. Чалат да: «Эмне үчүн силер «Социализм таңы» гезитиңердин бетинде капиталисттик Американы пропагандалап жатасыңар?» – деп сурайт. А редактор – илгери экөөбүз чогуу окуганбыз, өзү бир жүрөгү жок коркок, ар кимге кошомат кылып жансактаган неме, андайлар азыр толубатпайбы, – мындай сөздү укканда ыйманы бир ууч болуп, кекечтенип жатып эптеп сурайт: «Б-биз Америка ж-жөнүндө эчте-ке ж-жаз-ган эмеспиз! К-кечи-рип к-коюңуз, к-кандай п-про-паганда-экен?» Тиги чоң айтат: «Кандайча жазган эмессиңер? Мына, «Бостон бизди артынан жүрүүгө үндөйт» деп гезитиңерде бадырайып турат». – «Ал биздин алдыңкы чабаныбыз Бостон Үркүнчиев, ошо жөнүндө, ошонун иши жөнүндө жазылган» – «Ошо жөнүндө жазганыңарды билибатабыз, бирок элдин көбү гезиттеги материалдардын аттарын эле окуйт, калганын окубайт» – дейт тиги чоң. Ха-ха-ха! Кандай окуя экен-ыя! Укмуш да! «Эми кандай кылалы?» – дейт редактор. Анда тиги начальник: «Алдыңкы чабаныңарга айткыла, атын башка койсун» – деген экен.

– Токточу,– деп сөздү бөлдү Базарбай,– А эмне, Америкада да өздөрүнүн Бостону бар бекен?

– Жо-жок,– деди Марат көңүлдүү. – Бостон деген – шаар, Нью-Йорктон саал кичирээктиги болбосо, Американын башкы шаарларынын бири. А Бостон деген бизче боз тон да. Эми түшүндүңбү?

– Тфу, ата, чын эле! – деди Базарбай, бу кептин баары түккө турбасына, мындайдан Бостондун кылы да кыйшайып койбостугуна ичинен өкүнүп. – Туура, Бостон деген бозоргон бир тон да...

Түн жылдыздуу жабуусу менен асманды да, тоолорду да, балык жондонуп келберсиген карааны тээ ыраакта боолголонуп турган көлдү да – баарынын үстүн чүмкөй жаап салган маал эле. Үч атчан тамаша кептен айтышып, кобурашып, Таманды көздөй кетип баратты – ушул түнү ансыз да оор тагдырлар ого бетер чиеленген, чечем десең да чечилбеген, таштай катуу түйүнгө байланып жатканын алар билген жок... Мына, алардын кобураган үндөрү да, ташка тийген туяктардын дабышы да улам алыстагандан алыстап, акыры кулакка илээшпей калды... Арт жакта Бостондун движогунун таанымал дүкүлдөгү калды, анын жарыгы тоо тарапты чылк каптаган түн койнунда чабандын короо-жайынын чакан алкагын алыстан жылтыратып көргөзүп турат...

А бөрүлөр ушу тегеректин жакын эле бир жеринде бугуп жатышты...

## II

Гүлүмкан Кенжешти алдап-соолап, эркелетип жатып зорго уктатты да, өзү уктабай, күйөөсүн күтүп олтурду. Мына азыр келип калыш керек. Аңгыча короодон иттер жабыла үрүп калды, Гүлүмкан ийинине жылуу жоолукту жаба салып, терезеге барып үңүлө карады. Кош жа-

рыгы коюу түндү жара тилген «газик» туутка коюлган койлор турган чоң кашардын жанына келип токтоду. Гүлүмкан Бостондун кабинеден чыкканын, коштошуп эшикти жапканын, машине шарт кайрылып, жөнөп кеткенин көрүп турду. Ал күйөөсүнүн шыр эле үйдү көздөй жөнөбөсүн билет. Бир жактан келгенде анын адаты – алгач сарайларды, кашарларды, жем-чөп турган бастырманы бир сыйра карап, түнкү кароолчу Кудурматтан күндүз эмне болду, кандай болду, өлүм жокпу, козу салгандар жокпу, канча козу туулду – мунун баарын сурап чыкмайынча үйгө кирбейт...

Күйөөсүн буусу булоологон ысык тамак, жакшы демделген чай менен – мындай чайсыз жашоо Бостонго жашоо эмес – тосуп алуу үчүн мешке мурдатан камдап койгон жыгач отундан салып, отту тутантып коюп, Гүлүмкан күйөөсүнүн дабышы качан эшиктин сыртынан угуларын күтүп кулак салып, азыр кичинекей Кенжеш сууктан келген атасынын муруттары бетине тийгенде кандайча төшөгүндө чукуранып, эрдин чоп эткизип аларын элестетип олтурду. Мындай күндөрү Бостон баланы өзү жаткызып уктатчу, анын астында аны менен алышып бир топ отурчу, кээде мешти лапылдатып жагып, үйдү жылытып, эшик-терезенин баарын жаап туруп, дагарага салып киринтип да жиберчү. Кошуна жашагандар Бостон жашы өйдөлөгөн сайын баласаак болуп баратат деп эсептешчү – мурда мындай эмес эле, мурда балдарынан да иштеген ишин жакшы көрчү; ал балдары эми өздөрү бала-чакалуу болуп, кээде эле келип-кетишкени болбосо, өздөрүнчө түтүн булатып жатышат. А кенже бала баарынан сүйкүм, ата-эне эң кичүүсүн жакшы көрөт. Анын баары туура дечи, бирок Бостондун Кенжешке айрыкча үйүрүлүп турганынын чыныгы жана оор себебин Гүлүмкан билбегенде ким билет. Эрди-катын болобуз, ортобуздан эркек бала төрөлөт деп Бостондун да, Гүлүмкан-

дын да үч уктаса түшүнө кирбеген: эгер Эрназар ашууда кырсык болуп өлбөгөндө, анын эле артынан Бостондун аялы Арзыгүл дүйнөдөн кайтпаганда эч качан мындай иш болмок эмес. Экөө тең өткөндү эскербөөгө аракет кылат, бирок ошол эле учурда экөө тең ичтеринде өткөндү ойлобой коё алышпасын билишет... Ушундай шартта бала – экөөнүн ортосун бириктирип, тагдырлаштырып турган, экөөнө бирдей таандык данакер болуп берди. Эрназар өзүнчө бир жерде каза болсо да бир жөн, Бостон ашууга жол салчумун деп баратканда, жандооч болуп кошо баратып, Бостондун көз алдында муздун жаракасына түшүп кетип өлбөдүбү... Бостондун жан-дүйнөсүндөгү ошол оор өксүк-өкүнүчтү бала гана жубатып калды; өлүмдүн ордун туулуш гана толтурат деп, эзелтен ошон үчүн айтылып келатат турбайбы.

Сырттан Бостондун кадамынын дабышы чыкты, Гүлүмкан лып ордунан туруп, күйөөсүн каршы алып, бутунан өтүгүн чечишип, суу, самын, сүлгү апкеле койду. Колуна унчукпай суу куйду, сүйлөгөн жок; сөз ананыраак, чай үстүндө башталат; Бостон кеп салаарда: «И, эми дүйнөдө эмнелер гана болбойт, ошондон ук» деп алмайы бар, ошентет да, анан эмне көргөнүн, эмне жаңы нерсе укканын шашпай айтып берет, мына ушундай учурлар, айрыкча өздөрү гана олтурган учурлар экөөнө тең жагат. Жакын кишилердин өздөрүнчө сүйлөшкөн сөзү – алардын тааныш пристаны сыяктуу: кай жери тайыз, кай жери терең экенин жакшы билишет. Экөөнүн тең эсинде: Арзыгүл өлгөнден бир жыл өтүп, ашын беришкенден кийин, экөө акыры баш кошууну чечишти; Гүлүмкандын үйү көл кылаасындагы посёлокто эле, Бостон тоодон ошерге түшүп келди, атты мамыга байлап коюп, айылдык автобуска олтуруп, биринчи ирет жанаша олтурушканга эл көзүнөн тартынышып, райондогу загска келишкен, аерден керектүү кагаздарына ылдамы-

раак кол коё салып, ылдамыраак чыгып кетүүгө шашышкан, анан автобуска кайра олтургулары келбей, көчөдөн тааныш кишилерге кезигүүнү каалабай, көлгө чейин жөө барып, андан ары жээк менен жөө кетишкен. Күздүн жаан-чачынсыз, шамалсыз күнүндө Ысык-Көл көпкөк, таптаза болуп, бейкут жаткан эле. Ошондо көл кылаасына тигилген анча бийик эмес токойчону аралап кеткен жалгыз-аяк жолдо баратып Бостон жээкте байланып турган эки кайыкты көрүп, токтой калган. Майда толкун кайыктарды акырын термелтип, алардын алдынан суунун кумдуу түбү көрүнүп турган эле. Ошондо Бостон бир сөз айткан.

«Карачы, айланабызда тоо, суу, жер – турмуш деген ушу. А мынабу эки кайык – экөөбүз сыңары. Толкун бизди кайда алып жөнөйт – көрө жатабыз. Эмне окуя, кандай кайгы баштан өттү – анын баары, тирүү болгондон кийин, биздин көкүрөктө кала берет. Эми экөөбүз бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, дайыма чогуу бололу. Мен болсо карылыкка баш коюп баратам. Кышта кырк тогузга чыгам. А сенин балдарың али жаш, окутуп-чокутуп дегендей, орун-очок алдырыш керек... Кеттик, жолго чыгалы. Балыкчынын кызы болсоң да малга көнүп калдың, дагы да кайра малга, тоого барасың, бирок бу жолу тагдыр сени мени менен алпаратат... Менин да жалгыздык жаныма батып кетти...»

Гүлүмкан эмне үчүн экенин өзү да билбейт, ошондо ыйлап жиберген, Бостон аны көпкө сооротуп турган... Кийин экөө жалгыз олтуруп, жансактоо-тиричиликтин жайын сүйлөшкөн кездерде Гүлүмкан ошол көлдөгү кош кайыкты көп эстээр эле. Ошондон улам жакын адам менен сүйлөшүп олтуруу ага көндүм, тааныш пристанда тургандай туюлчу. Бирок бу жолу ал күйөөсүнүн кандайдыр бир нерсеге кабатыр экенин сезе калды. Үйдүн кире беришиндеги үлп-үлп эткен лампочканын жарыгын-

да залкайган Бостон – бою узун, аялы ийинен келет – сүлгүнү тоголоктой кармап, кара жумуштан небак дордоюп, катуу болуп бүткөн чоң колдорун атайын аарчыпаарчыбай шашпай турду. Сөөктүү ээги ого бетер салаңдай түшкөндөй, күнгө күйүп, шамалга тотуккан жүзү карайган жез ирeңденип кызыл-күрөң тартып, жүлжүйө тиктеген көк-жашыл көздөрүндө бир нерсеге наразылык бар. Эмне болуп кетти? Колдорун аарчып Бостон түз эле балага барды, өз колу менен жасаган жыгач керебетинин жанына чөгөлөй калып, шамалга тууруккан эриндери менен уулун өөп, эркелете кобурап, Кенжештин өпкөндү сезип, уйкусунан чукурана түшкөнүн көргөндө жылмайып жиберди.

Тамак иче берерде:

– Мен жокто биерге Базарбай келип кетиптир го, Кудурмат айтты, – деп бурк этти. – Бу жакшы жөрөлгө эмес...

Гүлүмкан муну башкача түшүнүп, кыпкызыл болуп кетти, терикkeнинен эмне айтарын билбей калды:

– Кел-кою жок эле үйгө баары тапырап кирип келишти, бөлтүрүк көргөзөт элек дешип – эмне кылайын анан? Кенжеш да бир жактан кызыгып, ойноп... Эмне кылам, чай бердим...

– Мен аны айтыбаткан жокмун. Келиптир да, кетиптир, анда кеп жок. Бирок менин жүрөгүм сезип турат, бу жакшы жөрөлгө эмес.

– Бөлтүрүк кармап алыптыр, анын эмнеси жаман? – деди Гүлүмкан, күйөөсүнүн эмнени айтып жатканын түшүнбөй. – Карышкырларды сен өзүң деле атып жүрбөдүң беле; мына өткөн жылкы карышкырдын териси, ийин келтирип ийлегенбиз, илинип турат.

– Илинери го илинип турат,– деди Бостон, аялына бошогон чыныны суна берип. – Айтканыңда калет жок, карышкырды менин да аткан учурум болду, бу дүйнө

өзү ушундай жаралган экен, – адам деген – адам, карышкыр деген – карышкыр, экөөнүн өзгөчө мамилеси бар экен – эмне кылабыз. Бирок мен эч качан карышкырдын үңкүрүнө кол салган эмесмин. А Базарбай, кара мүртөз, арамза, бөлтүрүктөрдү ала качып, карышкырларды жиндентип таштап кете берген турбайбы. Бу бизге жасаган иттиги эмей эмне? Карышкырлар ушу тегеректе жашагандан кийин, кайда кетет, алар эми өч албай койбойт, көздөрү күйүп эле зорго турушкан болуу керек.

Муну укканда Гүлүмкан селдэ түштү. Ал ийинине түшүп кеткен чачын оңдоп, аялдарча шыпшынып алды.

– Атаны катыгүн-ая! Бул оңбогур биздин кыштоого кайдан темселеп келип калды эле? Үңкүргө тийип эмне кылат? Көзү ачыла элек бечараларга боору деле оорубайбы; карга баласын аппагым дейт – баласы үчүн кай жаныбар жанын бербейт. Жанараак муну ойлобогонумду карасаң.

– Эми менин башым катыбатат,– деп көңүлү тынчыбай, өз оюн улады Бостон. – Бу кайсы карышкырлар болду экен? Так ошо ооп келгендердин өзү го дейм? Кудурматтын айтканына караганда, карышкырлар Базарбайды Башат капчыгай тараптан кууп түшүптүр.

– А тарапта эмнеси бар?

– А тарапта башка жактан ооп келген Ташчайнар, Акбара деген эки карышкыр бар, Базарбайды кууган ошолор болбогой эле дебатам.

– О, койчу тамашаңды,– Гүлүмкан каткырып күлүп жиберди. – Карышкырларды качантан бери ысмынан чакырып калгансыңар?

– Кайдагы тамаша! Мага тамаша болуп отурган жери жок. Биз ал карышкырларды билебиз. Биердеги карышкырларга окшошпойт. Көргөн кишилер бар. Жаалына эч ким бет келе алгыс, күчтүү жуп! Капканга түшпөйт,

аңдып жүрүп ата албайсың. Тиги шүмшүк Базарбай, акылы жок аракеч, так ошолордун үңкүрүнө туш келип, тукум курут кылып кеткенин карабайсыңбы. А сен карышкырлардын аты болобу деп таң каласың. Дөбөтү – Ташчайнар, айгырды көтөрүп урган күчтүү карышкыр. Канчыгы – Акбара, анабашы, өтө акылдуу, амал-айлалуу жаныбар! Акыл менен күч бириксе кандай – булардын өзгөчө коркунучтуулугу ушунда.

– Кой, баланын атасы, айланайын, тамашаңды кой. Мени тимеле баладай көрөсүң да! – Мыйыгынан күлүп койду Гүлүмкан, эч ишенген жок. – Тимеле алар менен кичинекейиңден чогуу өскөндөй сүйлөйсүң... Ушуга ким ишенет?..

Бостон да ишенбесең эмне кылайын дегендей мыйыгынан жылмайды, бир аз ойлонуп туруп, аялынын көңүлүн тынчытып коюуну чечти.

– Болуптур эми,– деди ал,– баары болбогон сөз. Мен жөн эле сага эрмек болсун деп айттым. Ке, төшөк сал. Түн ооп баратат. Таңында эрте туруш керек. Эки күндөн кийин калың туут башталат. А кээ бир койлор, айрыкча эки эм, үч эм туучулар түндө же таңга маал тууп коюушу мүмкүн.

Ошентип алар жарыкты өчүрүп, төшөккө жатып алгандан кийин, Бостон уктаар алдында – ал тез эле уктап кетет – райондо чогулуш болгонун, чогулушта азыркы жаштар эмне үчүн мал чарбасынан качат, кандай кылабыз, эмне кылабыз деп, баягы эски маселени дагы бир ирет талкуулашканын бир аз айтып берген соң, так ошо маалда эшиктен атчан кишилердин дүбүртү угулду. Гүлүмкан төшөктөн ыргып туруп, ич көйнөкчөн ийнине жоолук жаба сала терезеге барып үңүлдү; мылтыкчан эки адам чоң кашардын жанына келип, аттан түшүп жатышкан экен.

– Өзүбүздүн эле Рыскул менен Марат,– деди Гүлүмкан. – Базарбайды узатып кетишкен, келишти.

– Келесоолор! – деп кобурады Бостон, ошо менен уктап кетти.

Гүлүмкан уктап кеталган жок. Колдон жасалган керебетчеде жаткан уулун жылуулап жапты – качан болсо уктаганда үстүндөгүсүнүн баарын тээп таштап, ачынып калат. Жаап олтуруп жадайсың, айрыкча уйку басып, карайлап турганда айлаң кетет. Бирок азыр уйкусу келген жок. Ушундай бир чар учкандай күн болду. Баарын кылган Базарбай. Каргашадай болуп кайдан келе калды, элдин баарын дүрбөтүп. Мындай нерсе Бостонго тимеле бычактай тиет. Бостон өзү ушундай адам – уу-чууну, ополоң-тополоңду, Базарбайга окшоп, уят-сыйытын бетинен небак сыйрып таштагандарды жаман көрөт. Албетте, Базарбай да аны жакшы көрүп турган жери жок, Бостондун иши өйдөлөгөн сайын көрө албайт... А ишти өйдөлөтүш үчүн канча эмгек жасалып, канча тер төгүлүш керек, аны менен Базарбайдын иши жок. Мына, таңзаардан тургандан алпурушуп баштайт, каш карайганга чейин ошо, баардык ишине өзү катышып, өзү башында турушу керек...

Гүлүмкан терезеге келип, ак-буланһгыр түнгө тигилди; ай төө өркөч тоолордун үстүнөн жаркырап тийип, жылдыздар да бири калбай асман толо өзгөчө бадырайып нур чачыратып турган экен. Таңга маал ай батып кетет, жылдыздар да өчөт; бирок азыр түн ортосунда, ай так ушинтип толукшуп, кебелбей-кемибей түбөлүк тура берчүдөй сезилди. Тоо түбүндөгү мемиреген тынчтыкта короодон обочорөок турган движоктун гана көнүмүш үнү угулат.

Көпкө уктап кеттиби Гүлүмкан, же жаңы эле көзү илингенби, айтор, уйку-соо арасында, иттердин абалап үргөнүнө аралаш кандайдыр бир созолонуп улуган үнду

эшиткендей болду. Катуу уктап бараткан экен, аргасыздан ойгонду; эми карышкырдын жерден көккө жетчүдөй буулуккан үн менен оор созолонто улуганын даана укту. Уккандын дене-боюн дүркүрөтөт. Гүлүмкандын жүрөгү шуу дей түштү, сезими дүрүлдөп, күйөөсүнө ыктап, жармаша калды. Бирок карышкырдын улуганы эми угуп турууга чыдагыс бир өксүгөн өкүрүк ыйга өтүп кетти – жаны жай таппай кыйналып, тамырлары сыздап жатканын жырткыч ушул буркураган үнүнөн чыгарды.

– Айтпадым беле! Акбара! – деди уйкудан улам кир-кирей түшкөн үнү менен Бостон, ошо замат башын жаздыктан шарт көтөрдү.

– Кайдагы Акбара! – Гүлүмкан анын эмне дегенин түшүнгөн жок.

– Карышкыр да, канчыгы! – деди Бостон, анан тың-шай калып, муну айтты: – Ташчайнар да кошулуп улубатат, көрдүңбү, букадай өкүрүбатпайбы, ошо.

Демдерин ичтерине катып, унчукпай калышты.

Оу-оу-уу-ау-а-а-а! – арманга, өксүткөн ыйга толгон жапайы үн кайрадан уч-кыйырсыз түндү жарып, обого созолонду.

– Бул эмнеси, эмнеге улубатат? – Гүлүмкан кооптонгондой сурады.

– Эмнеге дегени кандай? Баланын күйүтү оңойбу?

Унчукпай калышты.

– Жок жерден балээ жармашты! – Бостон өкүнүчтүү сөгүндү. – Сен жата бер, бала ойгонуп кетпесин, карап тур. Коркпо, эмне коркосуң, кичинекей баласыңбы. Эмне кылалы эми, түбүбүзгө келип эне-бөрү улуп отурат, бөлтүрүктөрүнө ыйлап отурат. Мен барып, кашарлар кантибатат, карап келейин.

Ушуну айтты да, ал шаша-буша кийинип, жарыкты өчүрбөй туруп кире беришке чыгып, өтүгүн кийип, кайра кирип жарыкты өчүрүп, сырткы эшикти беките жаап,

чыгып кетти. Анын айнек түбүнөн өтө бергенде бирдеме деп сөгүнүп баратканы, «Жайсан! Жайсан!» деп итти чакырганы, анан баскан дабышы алыстап кеткени Гүлүмканга угулуп турду. Аңгыча канчык бөрүнүн дагы созолонуп улуганы, аны дөбөтүнүн күркүрөгөн жоон үн менен коштогону угулду. Алардын улуганында оттон-суудан кайтпай турган жанкечтиликтин күчтүү деми өксүгөн ый менен алмашып, кайрадан ачуу каар, жаал-дануу, асман-айга атырылып, ал кайра аянычтуу өтүнүч-сураныучка өтүп жатты.

Адам баласы муну чыдап угуп турушка мүмкүн эмес эле. Гүлүмкан кулагын алаканы менен жаап, карышкыр үйгө качырып кирип келчүдөй, туруп барып эшиктин илгичин иле салды, жүн жоолукка оронуп турса да суук-тан титирегендей муун-башы калтырап, төшөгүнө келди, эмне кыларын өзү да билбей калды, карышкырлар дагы улуп, баланы ойготпогой эле деп, ошондон чочулады. Баарынан да корккону ушул эле – Кенжеш ойгонуп кетсе айлана-тегеректи жаңырткан бу кош үндөн жүрөгү түшүп калбасын деди.

А карышкырлар улугандан улуй берди, угуп олтурганга алар мына бул эле жерде турушкандай улам бир жерге жылып, айланып-тегеренип басып жүргөндөй туюлат. Аларга жооп кылып иттердин арсылдаган, же алсыз кыңшылаган үндөрү угулубатты, бирок короонун сыртына чыгууга бирөө да дааган жок. Капыстан мылтыктын кулакты тундурган үнү тарс дей түштү, анын артынан дагы атылды. Бостон менен кароолчу Кудурмат карышкырларды сестентиш үчүн мылтык атыбатканын Гүлүмкан түшүндү.

Ушундан кийин тынчый түштү. Иттер басылды. Карышкырлардын улуганы да басылып калды. «Өх, тынчысынчы деги... Кулак-мээни жеп жиберди» деп жеңилдене түштү Гүлүмкан. Ошентсе да жан-дүйнөсүндөгү

дүрбөлөң басаңдаган жок. Ал уктабаткан Кенжешти көтөрүп, өзүбүздүн койнубузда уктасын деп, төшөктүн ортосуна жаткызды. Аңгыча Бостон да келип калды.

– Уйкуну бузду, атаңа наалаттар, – деп ачуулана бурк этти ал, карышкырларга, иттерге, аларга байланышкандардын баарына таандык кылып. – Доңуз экен да Базарбай, доңуз экен! – Төшөккө кире берерде ачуулана айтты.

Гүлүмкан тышта эмне болубатат деп сурап, күйөөсүнүн тынчын алгысы келген жок, ансыз да карышкырлар түн уйкусун бузду. Таң атып-атпай короодо болушу керек, кеч туруп калат деген мында болбойт, бул андай чабандардан эмес. Күйөөсүнүн көңүлү тынчып, уулун бооруна кысып, эркелеткен сөздөрүн шыбырай айтыбатканын көрүп, Гүлүмкан да эс ала түштү. Бостон Кенжешин жанындай көрөт, атын да биздин тукумдагы кенже бек болсун деп, Кенжебек койгон. Ар заманда малчылар бек болсок деп самашкан, тилек кылышкан, бирок тагдырдын келекесин карабайсыңбы – ар заманда малчылар малчы боюнча кала беришкен. Бостон да ошондой малчылардын бири эле.

Бир аздан соң уктап калышты, бала ортолорунда жатат, бирок көп өткөн жок, карышкырлардын кайрадан улуп-уңшуган үнүнөн ойгонуп кетишти. Короодо кайрадан дүрбөлөң түшүп, иттер үрүп башташты.

– Бу бир балээ болду го! Бу эмне деген турмуш! – Гүлүмкан ачуусу менен айтарын айтып алып, бирок ошо замат өкүнө түштү. Бостон унчукпай төшөктөн туруп, караңгыда кийине баштады. – Чыкпа – деп суранды Гүлүмкан. – Улуса улуй берсин. Мен коркот экем. Чыкпай эле кой!

Бостон болуптур деп чыккан жок. Ошентип караңгы түндө тоо түбүндөгү караңгы үйдө, укпашка айла жок, карышкырлардын улуганын угуп жатышты. Түн ортосу

небак оогон, таң атарга жакындап келатат, а карышкырлар улугандан улуп, тоо-ташты жаңыртып, тегерекчөлкөмдөгү жан-жаныбарлардын үрөйүн учуруп, кишилердин уйкусун чайыттай ачып, улам күчөп улуй берди.

– Улуй берип, жаныбызды сууруп алмай болду го, буларга эмне керек деги? – деп жиберди Гүлүмкан токтоно албай.

– Буларга эмне керек болмок эле? Бөлтүрүктөрүм керек, бергиле деп отурат, – деди Бостон.

– Бөлтүрүктөрү биерде эмес да. Небак эле алып кетпедиби?

– Аны булар кайдан билет? Буларды жырткыч дейт, а жырткычтын билгени ушу: из жүрүп отуруп ушерге апкелдиби, бүттү, ушу жерди тиктейт да отурат, жылбайт. Айтып көрчү түшүндүрүп. Менин үйдө болбой калганымды карачы. Мен бу кылыгы үчүн Базарбай доңуздун мойнун бурап жулуп алмакмын. Олжону ал алат экен да, төлөмөрүнө биз калат экенбиз да...

Бостондун сөзүнүн тууралыгын күбөлөндүргөндөй, бирде үмүтү үзүлгөндөй оор, аянычтуу, бирде баарына кайыл болгондой каардуу, жаалдуу улуган үн дагы асманга созолонду,– ичтери күйүп-өрттөнүп, не кылар айласын таппаган бөрүлөр караңгыда каңгып басып турушкан болчу. Айрыкча Акбаранын уңулдап өксүгөнүн жан чыдагыс. Көрүстөндө баласынын көрүп кучактап бакырып ыйлаган аял да бир, Акбара да бир, муну угуп жатып Гүлүмкан Эрназардын ашууда өлгөнүн укканда кандайча дубалга башын койгулап заркакшаганын эстеди – ошо замат каны дүрүлдөп, ичине кандайдыр бир оор убайым-кайгы толуп чыкты, ушунун баарын Бостонго айтып жибербей аз жерден калды, өзүн-өзү зорго токтотту.

Ошентип уйку качып, түнөргөн шыпты тиктеп жатышты. Кенжеш гана – күнөөсүз наристе – таттуу уйкуда. Уурдалган бөлтүрүктөрүн жоктоп, Акбаранын тын-

бай улуганын тыңшап жатып, Гүлүмкан эне эмеспи, баласына эч кандай коркунуч жок болсо да, эмнегедир уулун алда немеден коргошко даяр тургандай кооптонгон, жүрөксүнгөн сезимде болду.

Тоолордун кыр-кырларынын үстү агыш тартып, таң куланөөк сала баштады. Тоо-түздү чылк басып жаткан түн аздап абага тарап, асманга сиңип жок болуп бараткансыды, жылдыздар өчүп, жакынкы-алыскы тоолордун сөөлөтү шаңкайып көрүндү, жер бети келберсип ачылып чыга келди.

Бул маалда бөрүлөр – Акбара менен Ташчайнар – Башат капчыгайын беттеп, тоону карай кетип баратышкан болчу. Алардын кош караанı бирде кырдан көрүнө калып, бирде караңгылыкка сөңүп жок болуп жатты. Бөрүлөр кыйналган, жүдөгөн, баштарын ылдый салып желип баратышат – балдардан айрылып, түнү бою теңирге үндөрү жетип улуп отуруш буларга оңойго турбады. Жолдон бая өздөрү өлтүргөн топоздун эти жаткан коктуга бурула кетсе болор эле. Адатта алар андай жаңы эттен бир жолу тоё жеп ала турган мүмкүнчүлүктү коё беришчү эмес, бирок бу жолу өздөрүнчө энчилүү этке кайрылууну Акбара каалаган жок, анабашы анткенден кийин Ташчайнар да андан бөлүнүп кете албады.

Күн чыгар алдында үңкүргө чукул калганда Акбара баягы бөлтүрүктөрү күтүп жатчу кездегидей эле атырылып чуркап жөнөдү. Бул өзүн өзү алдоо, жок нерсеге ишенүүнүн күчү Ташчайнарды кошо күүлөндүрдү – экөө тең капчыгай өрдөп уруп-салып кетип баратышты – аларды төрт бөлтүрүккө эртерээк жетүү үмүтү жээликтирип жиберди.

Баары кайтадан кайталанды – бадалдын арасындагы өздөрүнүн жолу менен Акбара асканын түбүндөгү үңкүргө шапа-шуп кирип барды, аңгыраган бош булуң-бурчту кайрадан жыттагылап чыкты, эмчек соргон бөлтүрүк-

төрүнүн жок экендигине дагы бир жолу ишенди, бирок буга макул болгусу келбей, кайрадан ийинден атып чыкты, жаалына чыдабай, чыга бериште бет келген Ташчайнарды жана бир уруп өттү, кайрадан булактын жанында Базарбайдын издерин шимшилеп тегерене чуркады. Бу жерде бүт баары, айрыкча ташка жөлөп койгон оозу ачык бөтөлкөдөгү арак жийиркенээрлик, чоочун, жат эле. Кескин буркурап, көңүлдү айланткан жаман жыт Акбаранын жаалын кайнатты. Ал ыркырап, өзүн өзү каап, жерди тиштегилеп, андан кийин тумшугун көккө каратып созолонто улуп жиберди, өмүрүндө мындай ызаны эч жерде көрбөгөндөй, үнүнө аралаш ыйлады, көпкөк көзүнөн жаш мончоктоп куюлуп кетти.

Аны сооротор, ыйына кошулуп ыйлап, кайгысын бөлүшөр эч ким жок эле. Улуу тоолор калыбынан жазбай суз гана карап турушкан.

## III

Кийинки күнү эртең менен, саат он чендерде Базарбай Нойгутов райондун борборуна барып келмекке атын жаңы эле токуганы жатып, ары жактан келаткан бир атчанды көзү чала калды. Бу ким болуп кетти. Тамандагы кыштоодо эмне жумушу бар? Атчандын башында түлкү тумак, сары тондун эки өңүрү топчуланбай ачык, батыш тараптан, адырлардын түбү жактан бери кыялап, желдирип келатат. Ээрге олтурганы мыкты, көзгө толумдуу. Базарбай шыр эле тааныды, алдындагы Гүлсары атты дагы жакшылап тиктегенден кийин күмөнү калган жок – Донкүлүктү минип, Бостон Үркүнчиев келаткан экен. Бостондун капыстан келатышы Базарбайды бир чети таң калтырса, бир чети жинин келтирди, жини келгени ушунчалык – токуганы жаткан ээр-токумду мын-

дай коё салып, душманым деп эсептеген кошунасынын келишин күтүп туруп калды. Бирок тосуп турган экен деп тиги ойлобосун үчүн бир тутам саман менен атын кашып кирди. Сени тоспой эле, өз ишимди жасабатам деген түр көрсөттү. Бостон күтүүсүз жерден карпа-күрп үстүнөн чыга калгансып, кандайдыр бир бушайман боло түштү ичинде. Бир караганга дурус элеби дегендей, короо ичине, кашарларга, эртең мененки иштери менен алектенип жаткан жардамчы чабандарга бир сыйра көз чаптырды. Албетте, Бостондун кыштоосу менен салыштырып болобу, Бостон иш дегенде ичкен ашы тургай, жанын кошо таштап жиберет эмеспи, оозуна алы жетпегендер «баягы кайран заман болгондо бул кулак катары Сибирге айдалмак» деп айтып жүрүшөт, а Базарбай деген ким – кадимки азиялык катардагы азамат чабан. Тоо арасында, талаа бетинде буга окшогон чабандарга эсеп жетпейт, алар жанагы жер бетинде чөп кылтыяр замат оттоп-тепсеп, жайытын боз топурак кылып алып, жайылып жүргөн миллиондогон малдын артында жүрүшөт. Анан да ар ким алына жараша жооп бериш керек. Бостон деген – Бостон, Базарбай деген – Базарбай. Бостон жакындаган сайын Базарбайдын ойлору чакчелекей түшүп баштады. «Бу биздин битекарын кулакты таң атпай биякка айдап келаткан кандай иш болуп кетти? Эч качан мындай болчу эмес эле. – Базарбай таң калды. – Бу эмне деген жышаан? «Мынчалык болгондон кийин Бостонду үйгө кир деп айтайын деп ойлоп, бирок үй-жайынын кебетеси келишип турганын, айрыкча нерви небак бузулган, таалайсыз аялы көк Турсунду (Гүлүмканды көр да, муну көр!) элестетип, бул оюнан кайтты.

Кыштоого жакындай берип, Бостон аттын тизгинин тартып, короо тарапка бир сыйра көз чаптырып, бастырманын жанында турган Базарбайды көрдү да, ошону көздөй бастырды. Салкын учурашты. Бостон аттан

түшкөн жок, Базарбай атын кашып тазалай берди. Буга эч кимиси териккен да, тырчыган да жок.

– Биерде экенсиң, ырас болбодубу,– деди Бостон алаканы менен мурутун сылай берип.

– Биердемин, көрүп турбайсыңбы. А эмне болуп кетти, билсек болобу, же жашыруун нерсеби?

– Жашыруун эмне болмок эле, мен сага бир иш менен келдим.

– А, сен эле болсоң майда-барат иш менен келбей кал! – Көкүрөгүн кере сүйлөдү Базарбай. – Туура айтамбы?

– Туура айтасың.

– Анда атыңан түш, иш менен келгениң чын болсо.

Бостон унчукпай аттан түшүп, Донкулукту мамыга байлады. Ат эс алып, эркинирээк турсун үчүн басмайылын бошотту – муну ал эч качан, эч жерде унутпайт. Анан короодогу ал-абалга баа берибаткандай айланага көз жүгүрттү.

– Эмне туруп калдың? Эмнени издеп таппай жатасың? – деди Базарбай, кыжыры келип турганын билгизип койду. – Отур мынабу дөңгөчкө. – Өзү болсо трактордун ошерде жаткан дөңгөлөгүнө көчүк басты.

Экөө бири бирин тээ көкүрөктүн тереңинде жаткан жек көрүү менен карап алышты. Базарбайга Бостондун бир да жери жакпай турду, – кырбуусуна кара тармал көрпө жээктелип, келиштире тигилген тону да, анын даггдайган кең көкүрөгүндө топчуланбай ачык турушу да, ден-соолугу чың, залкайган тулкусу да, өткүр көздөрү да, каралжын тарткан жез түспөлдөнгөн иреңи да – карабайсыңбы, Базарбайдан беш жаш улуу болсо да, анысы жүзүнөн билинбейт – ушунун баары, атүгүл кечээ болду-болбоду Гүлүмкан менен бир төшөктө жатканы – мындайынан алганда буерде мунун эч кандай тиешеси деле жок деп койчу, бирок ошо да – иши кылып баары жакпай турду.

– Эмне иш, айтпайсыңбы,– деп ээк какты Базарбай.

– Менин келген себебим, – деп баштады Бостон,– көрдүңбү, тигинде куржунду канжыгага байлана келдим, бөлтүрүктөрдү мага бер, Базарбай. Ордуна алпарып коюш керек.

– Кайсы ордуна?

– Үңкүрүнө алпарып салыш керек.

– Койчу! Ошентиш керек бекен! – Базарбай мыскылдагандай мурдун чүйрүдү. – Көрсө, ишиң ушу турбайбы. Бу биздин алдыңкы чабаныбыз эмне эле таң атпай келатат дейм да. Баарын таштай салып бери чапкан экенсиң да. Мен сенин колуңдагы койчуң эмесмин. Бостон, аны бир билип кой. Сен чабан болсоң мен да чабанмын. Сен мага буйрук бере албайсың.

– Ким сага буйрук берибатат? Сен адегенде кепке келип, сөз уксаң. Бөлтүрүгүн алып кетсең, болуптур деп тынч басып ары оттоп кеткидей бөрүлөр сага мал эмес, Базарбай.

– Басып кетпесе эмне кылайын? Басабы же башмалдак атып кетеби, менин эмне ишим бар, мени кой, сенин эмне ишиң бар?

– Менин ишим бар – түнү менен кирпик көзүбүздү какканыбыз жок, эки карышкыр таң аткыча жарыша улуп, короонун желкесинде жүрдү. Бөлтүрүгүнө жетмейинче булар тынчыбайт. Мен карышкырлардын кыялын жакшы билем.

Бостон суранып келиботурат. Так ушундан пайдаланып, муну бир шакаба чегип, келеке кылып, өзүн көргөзүп алууну көздөдү Базарбай. Бостон Базарбайга өтүнүч менен келет деген эмне! Түшкө кирбей турган жорук. Ырас өзү жамбашка келип берди, эми бир чаап алайын деп чечти ал. «Түнү бою тынчтык көрбөй чыгышканы сооп болуптур, Гүлүмканды эркелеткенге чамаң келбеген экен да!» деп, бир жагынан ичинен кыбасы ка-

нып табалады. Дайым ушинтип турушкай эле! Бостонду кабагынын астынан тиктеп, минтти:

– Сен менин башымды айлантпа, Бостон! Акмакты тапкан экенсиң! Мен эмне, бөлтүрүктөрдү сага тартуу кылайын деп апкелипминби. Өзүңдү деги ким ойлойсуң? Сенин өз кызыкчылыгың бар, менин өз кызыкчылыгым бар. Сен катының менен тынч уктабадыңбы, тынч уктаган жоксуңбу – менин урганым барбы, урганым жок.

– Ойлончу, Базарбай, шак эле жок дегениң жарабас.

– Биерде ойлоно турган эчтеме жок.

– Бекер кылыбатасын, – деди Бостон, ичинен өрттөнүп турганын билгизбей. Чоң ката кетиргенин түшүндү. Эми жалгыз бир жол калды, ошого салып көрүүнү чечти. Сөзүнүн калыбынан жазбашка аракет кылып, салмактуу айтты: – Андай болсо, кел, ачык, ак соода кылалы – сен сат, мен сатып алайын! Сен ансыз да буларды сатканы отурбайсыңбы. Мына мага сат – мен алам. Көңүлүңдөгү бааны айт – болду, сөз бүтөт!

– Сатпайм! – Базарбай ордунан тура калды. – Алтын берем десең да сага сатпайм! Сат дейт дегеле, айтып турганын карасаң. Сен акчалуу киши, мен акчасыз киши! Урдум мен сенин акчалуу экениңди. Сатам мен бөлтүрүктөрдү, акчасын ичем, бирок сага сатпайм, билдиңби! Мен сенин ким экениңди уруп да койбойм! Кетип кал азыр, атыңа мин да, кетип кал, жакшы айтып турганда кетип кал!

– Кой баланын жоругун жасаба, Базарбай! Кел, ажылдашпай, эркекче сүйлөшөлү. Бөлтүрүктөрдү кимге сатканың, сага баары бир эмеспи?

– Баары бир эмес. Сен мага акыл үйрөтпөй эле кой. Мен сенсиз эле акылдуумун. Мен сага көргүлүктү көргөзүп коём, көргөзгөндө да, партиялык чогулушуң бар эмеспи, сен төшүңдү каккылап, мен алдыңкынын алдыңкысымын деп койкондоп элдин баарына акыл үйрөтүп

олтурган чогулушуң, так ошо чогулушуңдун өзүндө көргөзөм – башканы кой, атың ким десе таппай каласың. Атаңды бир таанытам сага – эки дүйнөдө эсиңен кеткис болот!

– Ой-тооба! – Чын дилинен таң калды Бостон, Базарбайдан коргонуп аткандай колу менен жазгана берип, айтты: – Сен опузалабай коё туруп, түшүндүрчү, эмне эле мынча оңурандабатасың?

– Оңурандайм, оңурандай турган жөнүм бар. Сен бийликке каршы чыгыбатасың түшүндүңбү! Бизде да көз, бизде да акыл бар! Чоңдор жырткыч айбандарды аёосуз жок кылгыла дебатат, а сен карышкырларды эркелетип, көбөйтүп өстүрсөм дейсиң – ушуну көздөбатасың, же жалганбы? Сен илгерки кулактардын өзүсүң, алдагы кулактардын аң-сезимине жык толгон башың менен ойлонуп көрчү! Мен карышкырдын үңкүрүндөгү тукумду бүт жоготтум, демек, мамлекетке чоң пайда апкелдим, а сен аларды кайра чуңкурга алпарып салам деп олтурсуң. Өсө берсин, көбөйө берсин дегениң да, туурабы? Анан да мени сатып алгысы бар!

– Сени сатып алайын дегеним жок – сени көрөйүн деген көзүм да жок,– мен бөлтүрүктөрдү сат деп жатам. Сен мени коркутуп-үркүткөндү коюп, мээнди биртке иштетип, ойлонуп көрчү; эмне кылганы жатасың, ушул иштен кийин сенин эмне адамдык касиетиң калат! Андай эле баатыр экенсиң, элден мурда дөбөт менен канчыгын жоготпойсуңбу! Баарын коюп канчыгын алыш керек эле да, анчалык үңкүрүнө чейин баргандан кийин. Колуңан келбесе, чабалдык кылсаң, колунан келе турган, чамасы жете тургандарга айтыш керек эле да, иш момундай болуп атат деп.

– Чамасы жетчү ким – өзүң эмессиңби?

– Мага айтсаң, мен деле жарамакмын! Мына эми – эр болсоң карышкырларды таап ал. Турук алган жерин мой-

соп салдыңбы, эми дөбөт менен канчыгын кайдан издеп, кайдан таап өлтүрөсүң. Эми бу тегеректеги мал-жандан эчтеме койбой алар да мойсойт, өңүтү келген эле жерден адамдан өч алат – кантип токтотосуң. Сен бу жагын ойлодуңбу?

– И, айт, айта түш. Карышкырлардын адвокаты кайда десе – биерде жүргөн турбайбы. Сенин айтыбатканыңа ким ишенет – кана, далилдеп берчи! Карышкырлар антет, карышкырлар минтет деп, тимеле чогуу жүргөн кишилердей сүйлөйт, элдин башын айлантып жүрүп көнгөнүн карасаң. Эй, мен сенин ичиңде эмне бар экенин көрүп турам! Мен сага айтып коёюн: эгер биерге мага кыр көрсөткөнү келген болсоң... – Базарбай сөзүн бүтпөй, чачы жок жалтыраган башынан тумагын жулуп алып, Бостондун маңдайына ыргып жетти, кебетеси дүңкүңдөп сүзө качырган буканын эле өзү,– экөө сүзүшчүдөй болуп көкүрөктөрү тирешип, бетме-бет туруп калышты, экөө тең күш-күш этет, экөөнүн тең бири бирине жек көрүүсү кайнап чыккан.

– Эмне айтмакчысың дагы? – Туталанган Бостондун үнү каргылдана түштү. – Айт, убактым жок!

– Мен эбактан билем, сен ач көзсүң, битирсиң, митаамдыгың жанда жок, өз көмөчүңө гана күл тартып, өз гана пайдаңды көздөйсүң, ошон үчүн чогулуш калтырбай катышасың, болбосо сага окшогон чабансыз эле өткөрүп коюшат алар. Сыртынан антип мыкты болумуш этип жүрөсүң. Ал эми бирөөнүн колунан жылтыраган бирдемени көргөндө сен ичи тардыгыңан, көрө албастыгыңан жарылып өлүп кете жаздарыңды эч ким билбейт. Мына бул олжону сен албай, мен алып калбадымбы, бөлтүрүктөр сеники эмес, меники болуп калбадыбы, ушун үчүн ичиң ачышып, жаның күйүп жатат. Биякта бирөөнүн иши оңунан чыгыбатса сен балакетти тынч алып уктайсыңбы!

– Тфу, ата! – чыдабай кетти Бостон. – Мен эртеден бери эмне деген жүзүкара менен сүйлөшүп отургам! Мен өзүм акмакмын! Эмнеге келдим дейм да! Токтот сөзүңдү! Бүттү! Эми бөлтүрүктөрдү берсең да албайм. Бар ишиңди жасай бер!

Өкүнүчкө, ызага буулуккан Бостон мамыга барып, чылбырды чечип-чечпей жулуп алды, басмайылды күч менен бир тартканда ат темтеңдей түштү, ээрге шап минип, артын карабай жөнөп берди. Ачуусу келгени ушунчалык – артынан Базарбайдын аялынын кыйкырганын да уккан жок. Бечара көк Турсун аз эле жерден жетпей калды. Үйдөн чыкса Базарбай бир кишинин маңдайына туруп алып, колдорун силкилдетип бакылдап жаткан экен. «Кимге  кыйкырыбатат? – деп бүшүркөй калды ал. – Бостон го. Бостондун өзү! Бизге эмне иш менен келди экен?» Ошо замат ал экөөнүн ортосундагы бир талаш болубатканын туюп, шашыла жөнөдү. Бирок жүгүрүп жетпей калды – Бостон гүлсары Донкүлүгүнө минип жөнөп бараткан эле, аябай жини келген түрү бар. Түлкү тумагын баса кийип, атка камчы басып, чапкан бойдон кетти, тонунун эки өңүрү канаттай жайылып баратты.

– Бостон! Бостон! Токто! Мага кайрыла кет! – деп кыйкырды көк Турсун, бирок Бостон кайрылбады – ким билет, укпай калдыбы, же кайрылгысы келген жокпу.

– Эмне болуп кетти мынчалык! Талашыңар эмне? – деди көк Турсун Базарбайга жете келип.

– Сенин ишиң эмес! Эмне кыйкырасың, чакырып алып эмне кыласың аны! Ким ал сага?

– Ой, жүз жылда сага бир келсе, сенин бу кылганың кандай?! Кайсы гана каргашалуу күнү бу дүйнөгө жаралып калды экенсиң? Адам эмей эле, бир мыкаачысың!

Аялынын сөздөрү Базарбайды ого бетер жиндентти, жинине чыдабай дөңгөчкө чыга калып, Бостондун артынан бакырды:

– Энеңди гана урайын! Тапкан экенсиң акмакты! Элдин баарын алдына баш ийдирип алгысы бар! Энеңди урайын...

– Болду! Өкүрбө! – көк Турсун күйөөсүн жалтанбай жакадан алып, дөңгөчтөн түшүрдү. – Ме, андан көрө мени ур, ушундай кишини да уят кыласыңбы-ыя? Эмнең күйүп кетти анчалык?

– Турчу ары, какылдабай! – Базарбай түртүп жиберди аялын. – Сенин ишиң эмне? Атаңдын көрүн урайын, барсам эле Базарбай астымда жөрмөлөп калат деген да. Ме, кагылайын, ал бөлтүрүктөрдү, эмне кылсаң өзүң бил деп айтат деген да! Тапкан экен акмакты!

– Ошо бөлтүрүктөрдүн айынан ушу болуп отурабы? – Көк Турсун таң калганынан кыйкырып жиберди. – Катыгүн, ушун үчүн урушуп, ушуну да талашабы киши! Кыямат кайым келген бейм, кокуй, кыямат кайым эмей эмне, кокуй! Абийир дегенден калган жок.

## IV

Ошо күнү бөрүлөр байыр алган жеринен кетишти. Түнүндө кайрылып үңкүргө келишкен жок, туш келген жерге жатып, тыныгып, кайрадан ойду-тоону аралап желе-жортуп, көрүнгөн жерде каңгып жүрүштү. Баягыдай жашырып-жамынганын да коюп, адамдан сактаныш дегенди токтотушкандай, ачык кашкөйлүккө өтүштү. Айлана-тегеректеги чабандардын көбү аларды күтүлбөгөн жерден көрүп калып жатышты. Кайдан көрүшпөсүн, канчыгы башын жерге салып, алдыда, дөбөтү артында. Кебетелеринен бирдемеден коопсуздануу, жазгануу эч көрүнбөйт – экөө өлүмгө баштарын байлап салган түрү бар. Бир нече жолу капыстан иттерге болуп көрбөгөндөй дүрбөлөң түшүрүп, чабандар турган кашарлардын жанынан өтүп кетишти. Дөбөттөр жандары кашая арсылдап,

жинденип, качырып барып бир тийчүдөй болушуп, тыпырап жатышты, бирок карышкырлар аларды карап да койгон жок, атүгүл артынан мылтык менен атышканда да, аттыңбы-койдуңбу дебей, басып бараткан калыбынан жазбай, өз жолдору менен кете беришти. Бул таң каларлык карышкырлардын жан кечтидей жүрүшү эл оозунда кеп болуп жатты. Ал эми Акбара менен Ташчайнар бөрүлөрдүн табиятында жок ишти жасашып, адамдарга кол салып баштаганда, кеп-сөз ого бетер дуулдады. Бир күнү таламандын так түшүндө жолдун так ортосунда тракторчуну качырып сала беришиптир. Прицепке чөп тартып келаткан экен, рулу иштебей калып, трактор айдаган жаш жигит кабинесинен түшүп, бузулган жерин оңдой баштайт. Тетиктерин чыгарып, кайра салып, бир топ убара болот, бир маалда караса, жакын эле жерде, эрий баштаган кардын үстү менен эки карышкыр түз эле өзүн көздөй келатат имиш. Баарынан да көздөрү адам дит багып карай алгыс дейт. Жигиттин айтымына караганда, көздөрү тиктеген жерин тешип кетчүдөй болуп, оттой жанып, өздөрү болсо жакындагандан жакындай беришиптир. Канчыгынын бою саал жапысыраак, көздөрү көпкөк имиш, ыйлагандай жашылданып, үңүлө карап келатат дейт. Дагы жакшы – жигит бышык экен, кабинесине ыргып кирип, эшигин жаап алууга үлгүрүптүр. Андан да мотору стартёрдон от алып кеткенин карабайсыңарбы, антпесе бурап от алдырыш үчүн тракторунун тумшугуна кантип жетмек. Оңдой берди болуп, трактор татырап жүрүп кетиптир, карышкырлар алгач жалтана түшүп, бирок артына кайтпай, улам бир капталдан чыгып, аңдый басып жүрүп олтурушуптур.

Дагы бир күнү бир чабандын баласы көз көрүнө өлүмдөн калыптыр. Бу да күндүз болгон окуя. Бала кодегине минип алып, отунга чыгат. Үйдөн анча деле узабайт –

бадалдын арасынан куу чырпык жыйнап алмак экен. Ал орогу менен чырпыктарды чапкылап, чогултуп жатканда капыстан шып этип эки карышкыр пайда болот. Көз ачып-жумганча кодекти үн жок дабыш жок, кызыл-жаян кылып жара тартып жиберет – бечара кодек кыңк эткенге дарманы келбей калат. Бала өң-далеттен кеткен, артын карабай чымын-куюн болуп, колуна орогун карыша кармаган боюнча кашарга жетип жыгылып, бир шумдук үн менен бакырып жиберет. Кишилер мылтыктарын көтөрө жүгүрүп, бадалга жетип келишсе, карышкырлар шашпай желе-жортуп, жонду ашып баратышкан экен. Аркаларынан мылтык атылып атса да качып койбой, бараткан жүрүшүнөн жазбай кете беришет.

Ошондон көп өтпөй бул эки карышкыр кашардын эле желкесинде жайылып жүргөн бооз койлорго качырып тийип, анык кызыл-жайранды ошерге салат. Кандайча болуп кеткенин эч ким көрбөй калат. Соо калган койлор алактап, өлүп-талып жүгүрүп, кашарга дүркүрөп кирип келгенде гана кишилер чуу түшөт. Барышса мына тууйт деп турган койлордун он бештейи кызылала болуп, көрүнгөн жерде томурайып жатат. Баарынын тамактары жара тартылган, этин жеш үчүн эмес, так ушинтип, ырайымсыз мыкаачылык менен кан төгүш үчүн жасашканы көрүнүп турат.

Ошо менен эки карышкырдын адамдарга кара мүртөздүк кылышы күчөгөндөн күчөп баштады. Бирок мындай таң каларлык ишти сыртынан гана көрүп-билип, сыртынан гана ой жорушкан адамдар мунун чыныгы себеби эмнеде экенинен, жырткычтар жамандыкка жамандык менен жооп берип, өч алып жатышканынан кабары жок эле. Үңкүрүнөн бөлтүрүктөрүн алдырган эне-бөрүнүн күн дебей, түн дебей ичи жалындап күйүп жүргөнүн эч ким билген жок...

Базарбай а күндөрү бөлтүрүктөрдөн түшкөн акчаны ичип, сайрандап, кутуруп, көл жээгиндеги беймаал сезондо аңгырап ээн турган, кирсең көңүлдү чөгөргөн, бирок арагы ар качан даяр курорттук ресторандарда бакылдап шапар тээп жүрдү. Башындагы кашкасы кыпкызыл болгончо ичип алып, отурган жеринин баарында Бостон деген көпкөн, кудайын таанббай чамгарактаган дүнүйөкордун сазайын кандайча колуна бергенин шилекейи  чачыраганча бажылдап айтып түгөтө албайт. Бостон – союлбай калган жашыруун кулак, сойлогон митаам жылаан дейт ал. Илгерки заман болгондо бул тап душманы катары небак сөөгү сөпөт болмок. Атаганат, кайран замандын өтүп кеткенин карачы. Мындай битекарындын башын шыпырып салса сооп иш болор эле! А эмнеси бар экен! Жыйырманчы, отузунчу жылдары кайсы милиционер  болсун кулакты, же байды өзүнүн короосунун так ортосуна атып сала берген. Китептерде жазылыбатпайбы, бир кулак батрагын эзип, акысын алдап жеп койгону үчүн, кедей-кембагалды кемсинткен андай болбойт, мындай болот деп, чакалайдын чак түшүндө элдин көз алдында атып салышканы жөнүндө радиодон берген. Бирок баарынан да Бостон атайын жолукмакка Тамандагы кыштоого чейин келгенде, аны кандайча тумшукка чапкандай кылганын, эне-атасынан эчтеке койбой сөгүп туруп кууп жибергенин айтканда Базарбайдын териси терисине батпай кетет, өз сөзүнө өзү маашырланып, ушундай бир моокуму канат. Базарбайдын бөтөлкөлөштөрү, көпчүлүгү көрүнгөн жерде каңгып жүргөнгө көнгөн бекерпоз домотдухчулар общепиттин тамеки түтүнүнө ышталып бүткөн, суук залдарын баштарына көтөрө каткырганда айнектер зыңгырай түшөт, алардын сүрөөнүнө, шыкагына корстон болгон мас Базарбай ого бетер ооз көптүрө күпүлдөйт. Бу сөздөр Бостонго жетпей койгон жок. Совхоздун директорунда өткөрүлгөн жы-

йында чоң чатактын чыгышынын бир себеби да ушунда болчу.

Ошонун алдыңкы түнү таң атканча Бостон уктай албай түйшөлүп, башына капыстан ар кандай оор ойлор келип, кыйналып чыкты. Мунун себеби – карышкырлар болду. Алар дагы да келип, кыштоону айланчыктап, адам чыдап угуп отура алгыс баягы муңдуу үндөрүн дагы да жарыша созолонтту, дагы да Гүлүмкан коркконунан күйөөсүнө жармашып, ага да чыдабай, уктабаткан Кенжешти төшөккө көтөрүп келип жаткырып, аны кандайдыр бир кооптуу бирдемеден коргоп аткандай денеси менен калкалап, колу менен үстү башын сылагылап жатты.

Караңгылыктан, жан-жаныбардын кулакка чоочун үндөрүнөн коркуу – аялдарга кечиримдүү иш, муну Бостон түшүнүп турат дечи, бирок үйдөгү, тыштагы ушул абал анын маанайын катуу чөгөрдү.

Бостон эшикке чыгып, мылтыгын атмакчы болуп, бир нече ирет ордунан тура берерде, аялы бир паска да жалгыз калгысы келбей, жылдырбай койду. Ошентибатып Гүлүмкандын зорго көзү илинди, бирок шырп этсе ойгончудай сак жатты, а Бостондун уйкусу качып, кирпик көзүн кага алган жок. Түркүн ойлор келет. Аңдап көрсө, бу жарык дүйнөдө канчалык жаш өйдөлөп жылган сайын, жашоо ошончолук кыйын, татаал болуп бараткан экен, жашоо эле болсо да бир жөн, турмуштун маани-маңызын түшүнүүнүн өзү кыйындап бараткан экен. Мурда ойлонулбаган, ойлонулса да ич дүйнөңдүн тээ түпкүрүндө чала-чарпып, бүдөмүк ойлонулуп кала берген нерселер эми ой-санаага тынчтык бербей, ак-каранын ажырымын аныктаган ачык жоопту талап кыла баштады.

Мына, карап отурса бала чагынан өз эмгеги, өз мээнети менен жашап келатыптыр. Тагдыры кыйла эле оор болду: ал экинчи класста окуп жүргөндө атасы согуштан каза тапты, анан энеси дүйнөдөн кайтты, улуу бир туу-

ган агалары, эжелери өз оокат-тиричиликтери менен алек болуп кетишти, кээ бири көз жуумп да калды; ар учурда ал өзүнө өзү таянды, адам болом деп алдына койгон максатына, мына азыр баамдаганындай, күндөн күнгө өжөрлөнө тырмышып, жанталаша иштеп жүрүп олтурду, себеп дегенде турмуштун маани-маңызы так ушунун өзүндө деп билди. Өзүнүн кол алдында иштегендерден да так ошондой кара терди төгүп, каруун казык, башты токмок кылып иштөөнү талап этти, эмгектин адилет мектебинен өткөрдү. Алардын көбүн киши кылды, турмушту эмгек аркылуу баалай билүүнү үйрөттү. Ал эми мындай максатка умтулбагандарды Бостон ачык жек көрдү, буларды киши катары эсептебеди, саламдашкысы да, сүйлөшкүсү да келбеди. Ушун үчүн көп адамдар Бостонду сыртынан сөгүп, «ачкөз, дүнүйөкор, кийин төрөлүп калган да, болбосо буга окшогон кулактын сөөгү небак Сибирдин карынын астында чирип жатат эле» дешип жүрүшкөнүн өзү да билет. Кандай ушак-айың, чагымжалаа көп болсун, Бостон кулак да какпайт, жооп да бербейт, себеби иши ак, чындык өзү тарапта экенинен эч качан күмөн да санабайт, башкача болушу мүмкүн да эмес, башкача болсо – анда бул дүйнөнүн астын-үстүн болуп тескери айланып кеткени ошо. Буга Бостон күндүн чыгыштан чыгарына ишенгендей эле ишенет. Бирок бир гана ирет сокур тагдыр аны тизелетип, чөгөлөтүп, катуу өкүнүүгө мажбурлады, ошондон кийин гана ал күмөн саноонун оор, ачуу даамын сезип баштады...

## V

Ошо каргашалуу окуяга чейин Гүлүмкандын өлгөн күйөөсү Эрназар менен үч жыл чогуу иштешти. Иштин да көзүн билген, адам катары да ишенчиликтүү мыкты жигит эле, – Бостондун бригадасына так ушундайлар

керек да. Эрназар Бостонго өзү келген. Күздүн күнү эле, Бостон анда койлору менен Беш-Күңгөйдө олтурган, бир күнү сөзүм бар эле деп келип калды. Чай ичип олтуруп сүйлөшүштү. Көрүнгөн менен иштешип жүрүп жададым деди ошондо Эрназар, эгер баш чабаның ишке бош, жумуштун көзүн билбеген мааниси жок неме болсо канчалык тыпырасаң да опо болбойт экен. Өмүр болсо өтүбатат, эки кыз чоңоюп калды, турмушка берер кез анамына дегенче эле келип калат, мезгил – аккан суу турбайбы, жанымы таштап иштегенсип эле жатам, тапканым эчтемеге жетпейт, карыздарым көп, там салдым, өзүң билесиң, далай каражат керек экен, андан карыздандым, эми Боске, келгеним ушу, сенин бригадаңда иштесе да болот, иштегенге жараша, чынын айтыш керек, тапса да болот, жүн үчүн, төл үчүн, салмак кошулган үчүн деп силерге дайыма сыйлык берилет, ошонун баары аз акча эмес, макул десең деректир менен сүйлөш, мени сага ага чабан кылып бекитип берсин, сенин оң колуң болоюн. Менден камсанаба, уят кылбайм, болбосо, өзүң түшүнөсүң, атайын келип минтип сөз козгоп олтурбайт элем...

Бостон Эрназарды ага чейин эле билчү, кантсе да бир совхоздо жашашат эмеспи, анүстүнө Арзыгүлдүн алысыраак туугандарынан болот. Кыскасы, бөлөк-бөтөн кишилер эмес. Бирок эң башкысы – Бостон Эрназардын сөзүнө шыр эле ишенди, ошонусуна кийин бир да жолу өкүнгөн жок.

Баардыгы мына ушундан, жансактоо-тиричиликтин ушул жөнөкөй окуясынан башталды. Бат эле экөө камыр-жумур болуп, эпке келишип, иштешип кетишти, себеби Эрназар Бостон сыяктуу эле табиятынан ишке сарамжал жигит эле, а кээ бирөөнүн көз карашынан алганда, мындай ак жүрөк келесоо аз – совхоздун малын өз малындай, өз кожолугундай карайт, мээси айланып

калгансып. Эрназардын мына ошол башкы касиети анын баардык ойлогон оюн, кылган ишин аныктап турчу, – иштегенде кудум өзү үчүн иштебаткандай иштечү, чарбага өзүнүн жеген нанына, ичкен суусуна кам көргөндөй камкордук жасачу. Эмгекчилдик, иштермандык анын канында бар эле, ошол жаратылыш берген касиетти ал турмушта өнүктүргөн-өөрчүткөн; түпкүлүгүндө бул касиет, бул сапат бүткүл ааламдык мааниге ээ нерсе эмеспи, мындай сапатты табийгат адамдардын баардыгына бирдей берген, бирок бирөөлөр аны тиричилик жолунда өнүктүрүп кетет, бирөөлөр антпейт. Мына, ойлой келсең, жалкоолор каерде гана жок – балдардын да, чоңдордун да, эркектердин да, аялдардын да арасында толубатат. Адамдар жалкоолуктан өздөрүн өздөрү аксатып, турмушунда канча бактысыздык, бечарачылыкты баштан кечирип жатканын түшүнбөйбү, же кандай деп таң каласың. Бостон менен Эрназар экөө тең анык иштерман болгондуктан, ички дүйнөлөрү бири бирине шайкеш келип, жакын болуп кетишти. Экөө бири биринин оюн айттырбай түшүнүп, эриш-аркак болуп, ынтымактуу, жакшы иштешти. Бирок алардын турмушундагы каргашалуу ишке экөөнүн так ошол эриш-аркактыгы түрткү берип кеткендей болду…

Балким, мындай бүтүм чыгарыш да туура эместир, ким билет… Кеп мында. Азыркы бригадалык, үй-бүлөлүк өндүрүштүк подряддар чыкканга чейин эле Бостон Үркүнчиев кандайдыр өзүнүн ички сокур туйгусу менен аңдап-билгенби, айтор өзүнө, тактап айтканда, анын бригадасына туруктуу пайдаланганга жер бекитип бергиле деп ыңгайы келе калган жердин баарында айтып жүрдү. Эч кандай куулук-шумдугу жок айтылган, бирок жаңы нерсе дегенге эле куйкалары курушуп, чийип алган чийининен бир укум да четтегиси келбеген мыжыкыйлардын кыжырын келтирген бул жөнөкөй максаттын маа-

ни-маңызы мында жаткан: менин өзүмчө жайытым болсун, башкача айтканда, жерди баш-оту менен мага бергиле, үй-жай, кашарды да менин карамагыма өткөргүлө, ошол жер, ошол кашар үчүн завхоз-комендант эмес, мына мен керт башым менен жооп берем, завхозкомендантка чатырдан суу кирибатат десең, чымын чаккандай көрбөйт, жайлоодо да менин туруктуу өз жайытым болсун, койлорду ар жылы ар кай жерде удургутуп айдап жүрбөйүн, түкүнчө деген жер Бостондун жайыты, ага башка чабандын тиешеси жок деп, баары билгендей болсун, мына ошо жайыт, короо-сарай, баардыгын кожоюн катары, чабан катары мен өзүм тейлеп, өзүм сарамжалдап, парасаты менен пайдалангандай болоюн, мына ошондо азыркыдан жүз эсе өндүрүмдүү иштеп, пландан тышкары азыркыдан алда-канча көп продукция берген болот элем, антпесе, карабайсыңарбы, быйыл бир жерде жалдама-батрактай болуп иштебатам, эмки күздө а жер кимдин колуна өтүп кетет – белгисиз, ар ким билгениндей таптап, чаңын чыгарып баса берген мындай жерден эмне майнап чыгат...

Жок, Бостондун бул идеясы өтпөдү. Элден мурун баары макул болушту; ооба, албетте бу абдан жүйөөлүү сөз, туура, иштегендин баарына ушинтип жерлерди бекитип берсек сонун эле болот – себеби ар ким өзүн ошо жердин жоопкерчилигин мойнуна алган ээси, кожоюну катары сезсин, муну балдары, үй-бүлөсү да билсин, өзүбүздүн жерибиз деп иштегендей болушсун дешибатты, бирок жергиликтүү кыраакы саясы экономисттердин бирөөжарымы күмөндөр болуп, «а бул – социализмдин ыйык принциптерине каршы чыгуу эмеспи?» дээр замат эле, баары чалкасынан кетип, азыр эле айткан сөзүнө теңирден тескери сүйлөп, өздөрүнөн өздөрү актанышып, далилдебес нерсени далилдеп жатып калышты. Көз карашы бузук деген жалаага эч кимдин калгысы келбеди.

Жалгыз гана Бостон Үркүнчиев – илим-билимсиз караңгы чабан – совхоздо же райондо өткөн ар бир чогулушта дээрлик өз оюндагысын өжөрлөнө жактагандан кайтпады. Чогулушта болсо анын сөзүн көңүл коюп угушат, жактырышат, кубатташат, анан: «Бостонго эмне, оюна келгенин айтат да коёт, кимден коркуп, кимден тартынмак эле, кызматынан алынып, же карьерасына зыян келибаткан жери жок, анык бактылуу киши ушу!» деп мыйыгынан күлүп тим болушат. Бостон ошентип сүйлөп чыккан сайын ага тарбиялык жактан сокку бергендер чыгат, айрыкча Кочкорбаев, совхоздун парторгу, областтык партиялык мектепти бүтүргөн, билбегенинен билгени көп үгүт-насаатчылардын бири, мындайда жантыгынан жата калат. Кочкорбаев менен Бостондун ортосундагы мамиле өзүнчө кызык. Канча жылдан бери совхоздун парторгу болсо, ошончо жылдан бери Бостон түшүнө албай келатат: бу Кочкорбаев калп эле баёолонуп, сызыктан чыкпаган закончул, такыба болуп көрүнгүсү келеби (калыбы, ушундай жүрүүнүн ага кандайдыр пайдасы да бар окшойт), же ал чын эле так ошондой адамдын өзүбү? Сырткы кебетесин карасаң – боорсоктой борсойгон, эки бети кыпкызыл бычмалдын эле өзү; мойнунан галстугу түшпөйт, колунда качан болсун бир папка, качан болсун бирдеменин камын катуу көрүп жүргөн кишидей «иш, айланайын, иш көп» дейт, жүргөнү да ылдам, сүйлөгөнү да ылдам, сүйлөгөндө кудум гезиттен окубаткандай сүйлөйт. Бул түшүндө деле жазылганды окубаткандай сүйлөп түш көрсө керек деп ойлоор эле кээде Бостон. Мына ошол парторг Кочкорбаев трибунадан Бостонду нечен ирет зекиген:

– Жолдош Үркүнчиев,– деген ал,– сиз небак түшүнүшүңүз керек болчу – жер деген бизде жалпы элдик мүлк. Конституцияда так ушинтип жазылган. Биздин өлкөдө жер элге, бир гана элге таандык, башка эч кимге таандык эмес. А сиз кышкы, жайкы жайыттарды, ка-

шарларды, жем-чөп, башка буюм-шаймандардын баарын өзүңүздүн, мындайча айтканда, жеке менчигиңизге басып алгыңыз бар. Биз буга жол бере албайбыз, – социализмдин принциптерин бурмалоого биздин акыбыз жок. Сиз түшүндүңүзбү, сиз кай тарапка бурулуп бараткаңызды, бизди кай тарапка түртүп жибергиңиз келибатканын?

– Мен эч кимди эч кайда түртүп жиберген жаткан жокмун, – деп моюн берчү эмес Бостон. – Эгер менин чарбама, менин оторума мен кожоюн эмес, эл кожоюн болсо, анда эл менин кашарыма барып иштесин, мен мындан эмне чыгарын карап турайын. Эгер мен өз ишиме өзүм кожоюн болбосом, анда кимдир бирөө бул ишке кожоюндук кылуу керек го акыры?

– Эл кожоюндук кылат, жолдош Үркүнчиев, дагы бир жолу кайталайм – советтик эл, мамлекет кожоюн.

– Элби? А мен киммин, сиздин оюңузча? Мага түшүнүксүз болуп турат. Эмне үчүн мен мамлекет эмесмин? Сен, парторг, өзүң жаш, билимдүүдөй эле көрүнөсүң, бирок сөзүңдү мага окшогон чабан түшүнбөгөндөн кийин сенин билимиң – эмне деген билим?

– Мен, жолдош Үркүнчиев, сиздин жетегиңизге кетчү кишилерден эмесмин, анткени сиз айтып турган кеп – кулактардын демагогиясы, бирок эсиңизге салып жүрүңүз – сиздердин мезгил небак өткөн, биз социализмдин негиздерине кол салууга эч кимге жол бербейбиз.

– Болуптур, айла канча, силер чоңсуңар, бизден араагыраак көрөсүңөр, – дечү Бостон ичи күйүп. – Бирок баары бир мен өз оюмдан кайтпайм, себеби өз ишимди мына мен өзүм жасайм, башка эч ким жасабайт. Бирдеме болсо эле «Эл! Эл!» деп оозумду жабасыңар. Эл – кожоюн! – дейсиңер. Туура, эл кожоюн болгону жакшы. Эми ошол эл андай болсо мынабуну ойлонуп чечсин: мал жылдан жылга көбөйгөндөн көбөйүп баратат, совхоздо жалаң эле

майда жандыктын саны кырк миңге жетти – мындай болот деп мурда дегеле түшкө кирген эмес, жайыт болсо тарыгандан тарып баратат, а план жогорулагандан жогорулоодо. Мына өзүңөр карап көргүлөчү: мен мурда ар койдон үч кило жети жүз граммдан жүн алып жүрдүм, а мындан жыйырма жыл илгери – баарыңар билесиңер – ар койдон эки килодон алып, ошондон баштагам, башкача айтканда, жыйырма жылда кара жанды карч урубатып бир кило жети жүз грамм коштум. Эми бир жылдын эле ичинде планды жарым килого жогору аткарасың дешет. Жарым килону мен кайдан алам? Эмне, жүндү сыйкырлаймбы? А планды аткарбасаң – бригада куру кол калат. Алардын да үй-бүлөсү бар. Куру кол кала турган болгондон кийин эмнеге иштешет, эмнеге бир жыл бою койдун артынан жүрүшөт? Кай чабан болсун жайыттын жакшыраак жерин илип кетсем, чөбүн жей салсам деп жорудай көзү кызарып жүрөт, себеп дегенде жер жалпы болсо, анын кожоюну жок болсо, анан мындай жогорулатылган планды кантип аткарышка болот. Чабандар жайыт талашып мушташып, келтектешип жатканы канча, а сен, парторг, өзүң эч нерсе жасабайсың, деректирдин да колун байлап олтурасың! Мени, эмне көрбөйт дейсиңби?

– Мен эмнени жасабатам, эмнени жасабай жатам – аны райком териштирет. Бирок жолдош Үркүнчиев, сиздин коркунучтуу авантюраңызга райком да алдыра койбойт, аны бир билип коюнуз!

Ушинтип сөз ар качан натыйжасыз кала берчү…

Аңгыча тагдыр бригадага Эрназарды алып келди; Бостонго эң жакын өнөк, ой-санаасы бир адам табылды. Алардын жубайлары Арзыгүл менен Гүлүмкан: «эки дос тимеле издешпей табышпадыбы – тынч жатып уктайт деген жок, тыным алат деген жок,– экөөнө иш эле болсо болду» деп күлүп калышар эле. Мына ошо кезде экөөнө оторду

Ала-Мөңгү ашуусун ашырып, жайлатып келүү ою туулду. Муну Эрназар чыгарды. Жайды жайлата тоо этегин тытып, бир тал чөп үчүн кошуна чабандар менен жакалашып отурганча, ашуу ашып, Кичибел жайлоосуна кетип калганыбыз түзүк эмеспи деп калды ал. Аксакалдардын айтымында, илгери байлар үйүр-үйүр жылкыларын, койлорун ошоякка жайлатчу экен. «Кичибел» деген ыр ошо кезде эле чыккан экен. Кичибел чакан жайлоо болсо да чөбүнүн күчтүүлүгүнө чен жетпейт имиш – ошону билишкен да. Беш күн аерде оттогон мал бир ай борго байлагандай семирип чыга келет дешет.

Бу жөнүндө Бостон мурда ойлонуп жүргөн, бирок Кичибелдин өзүнчө маселелери да жок эмес эле. Согушка чейин колхоздун малчылары Кичибелге барчу жападан жалгыз жол – ак кар, көк муз баскан Ала-Мөңгү ашуусу аркылуу жайлап келип турушкан. Согуш мезгилинде, айылда чалдар менен эле балдар калган кезде, мындай жолго эч ким даап барган эмес. Андан кийин кедей колхоздор бир чоң совхозго бирикти, совхоздун дагы бир түкүнчөнүн кезектеги... жылдыгы деген алты сөздөн турган тантыган атын болсо жергиликтүүлөр Берик-Сууга байланыштырып «Берик» коюп алышкан, ошол жоюлуунун, биригүүнүн кымкууту менен жүрүп, жайында эки айга, атүгүл андан да узакка Ала-Мөңгүнүн ары жагына малды семиртип келүүгө болоорлугу акыргындап унутулуп кетти. А балким, мындай бийик ашуудан ашууну эч ким каалабай деле калгандыр: малды тоонун буга окшогон татаал, опурталдуу жолу менен айдап өтүү үчүн малына күйгөн, жайыттын жакшысы дегенде жанын таштаган малчынын кажарлуу деми, өжөр кызуулугу керек. Өткөн замандарда кыргыздар бири-бири менен учурашканда «мал-жан аманбы?» деп, биринчи кезекте малдын жайын сурашканы бекеринен эместир. Турмуш деген турмуш да...

Мына ошол илгерки жолду жаңыртуу идеясына айрыкча ынтызарланган Бостон менен Эрназар колдоруна калам алып, Кичибелге жайлап келүүнүн баардык пайда-зыянын эсептеп чыгышты, эң эле болбой калды дегенде, койлордун ашууну ары ашканында, бери ашканында жогото турган салмагын кошо эсептегенде да акыбет толук кайтчудай. Түшчү пайда көп – эмгекке төлөнгөн акчаны, сал туздарды жеткирүүнү эске албаганда, түздөн-түз чыгым жокко эсе.

Бостон баарынан мурда совхоздун бөлүм башкаруучусуна, андан кийин директоруна кайрылды, а парторгго эчтеме айткан жок. Парторгду ал жакшы көрчү эмес – куру сөзү көп, аны жасабаш керек, муну жасабаш керек дей берет, билгени ошо, ага гезиттерде эмне жазылса, ошонун баарын сөзмө-сөз айттыртып эле чогулушта сүйлөтүп койсо, короздонтуп галстук тагып туруп... – анын ушундай адам экенине небак көзү жетип бүткөн. А директорго, совхоздун башы эмеспи, Бостон өздөрүнүн оюн түшүндүрүп айтып берди: ушундай, Ибраим Чотбаевич, Эрназар экөөбүз иштин пайдасы үчүн Ала-Мөңгүнүн артында жаткан эски жайыттарды пайдаланып баштайлы деп олтурабыз. Алгач экөөлөп барып жолду чалып келебиз. Кичибел кантип жатат, чөбүнүн жайы кандай, аны көрөбүз, анан кайтып келгенден кийин, малды бүт айдап чыгып кетебиз, жай бүткөнчө ошо жакта болобуз. Эгер бул иш ойдогудай аткарыла турган болсо, анда ошо Кичибел жайытын мага бекитип бергиле, а эгер биздин артыбыздан башка чабандар ашуу ашып барабыз дей турган болсо, барышсын, жер жетет, бирок мен мага кайсы жайыт тиет, ошону так билгендей, жай бою неге жетише аларымды туура болжолдой алгандай болоюн. Сизге ушуну айтайын деп келдим. Эки күндөн кийин Эрназар экөөбүз Ала-Мөңгүнү карай жол тартсак деп турабыз,

мал-салды аялдарыбызга, жардамчыларыбызга түзүктөп дайындап кетебиз.

– Баса, Боске, аялдарыңыздар бу оюңуздарга эмне дейт? – деп кызыкты директор. – Оңой иш эмес дегеним да.

– Туура эле көрүп турушкандай. Чынын айтыш керек, менин Арзыгүлүм башы иштеген катын, Эрназардын келинчеги Гүлүмкан – жаш, бирок жаштыгына карабай, а да бир кишичелик акылы бар аялбы дейм. Экөө эптешип-жупташып дегендей, бири-бири менен ынтымагы жакшы. Мен ушуга кубанып жүрөм. Болбосо катындар жаакташып, ажылдашып отургандан өткөн балаа барбы. Заманаң кууруулуп кетет... Мурда андай учурлар да болбой койгон жок...

Андан башка да келди-кетти кептерди сүйлөшүштү директор экөө. Директордун айтымына караганда, күзүндө Москвага, ВДНХа дейби же ВДНХы дейби, айтор, аты татаал бир көргөзмөгө райондун алдыңкылары барган жатыптыр, Бостон тизмеде биринчи болуп турат дейби, кандай.

– Мен аялым менен барсам болор бекен, Ибраим Чотбаевич! Арзыгүл Москваны көрсөм деп, көптөн бери тилек кылып жүрөт. – Чынын айтты Бостон.

– Ала барайын дегениңиз, албетте, жакшы,– деп жылмайды директор. – Аны эми бара көрөбүз. Эмне үчүн көргөзүп келүүгө болбосун. Парторгдун макулдугун гана алыш керек. Бу тууралуу мен аны менен сүйлөшөйүн.

– Парторг мененби? – деп ойлоно түштү Бостон.

– Кабатыр болбой эле кой, Боске. Эмне, сенин айыңан аялыңа кычыктык кылмак беле? Антиш эркектин иши эмес да.

– Кеп анда эмес. Барсак барабыз, барбасак андан биздин бир жерибиз кемибатты беле. Мен парторг жөнүндө сага айтайын деген кеп башка, директор. Сен ачык

айтчы, чарбада сага ушундай парторгдун болушу абдан зарылбы? Мунсуз сенин жумушуң таптакыр жүрбөй калабы?

– А эмнеден улам сурабатасың?

– Ушуну билиш мен үчүн өтө маанилүү. Мына, мисален, арабанын төрт дөңгөлөгү бар дейли – баары ордуордунда турат, эми ошого бешинчи кылып, дагы бир дөңгөлөктү орноштуруп салса, ал өзү да дөңгөлөнбөйт, башка дөңгөлөктөргө да жолтоо болот. Ушундай дөңгөлөктүн кереги барбы же жокпу?

– Бул, эми, мындай да... – Узун бойлуу, алыбеттүү, кылый көз, чап жаак, ирени одурайган директор олуттуу боло түштү, үстөл үстүндөгү кагаздарын ары-бери жылдырып, чарчаган көздөрүн жүлжүйтүп, ойлонуп калды. «Качан болсо чапкылап жүрүп, уйкусу кана уктаган учуру болбойт» деп ойлоду Бостон. – Чынын айтайын, иштин көзүн билген, акылдуу парторг керек,– деди директор.

– А булчу?

– Экөөбүзгө аны талкуулап эмне кереги бар? Райкомдон жиберилгенден кийин болду да, эмне кыласың.

– Райком. Мына көрдүңбү,– Бостон кызууланып кетти. – Мага бул кээде атайын эле анткорлонуп жаткандай, ушундай жүрүм-туруму, ушундай сүйлөө ага бир нерсе үчүн керектей сезилип кетет. Мен социализмге зыян келтиргени жаткансып, ар качандан бир качан кишилердин жүрөгүн бул эмне эле түшүрө берет дейм да? Мен эч кандай зыянкеч эмесмин, аным көрүнүп эле турбайбы. Мен эгер бирдемени талап кылсам, демек, иштин пайдасы үчүн талап кылам. Жерди мен, эмне сатып жиберемби, же бирөөгө кармата беремби, ал совхоздуку болгон, совхоздуку боюнча кала берет. Азырынча жашабатамбы, иштебетамбы – баары бир мен өз акылым айткандай жасайм.

– Мунун баарын мага эмне айтыбатасың, Боске. Сен сунуш кылыбаткан нерсени жасашка болбойт.

– Эмне үчүн болбойт?

– Ошон үчүн болбойт!

– Бу эмне деген жооп?

– Анан башка кандай жооп айтам?

– Мен да сенин акыбалың түшүнөм, Ибраим Чотбаевич. Сен да бир учурда мындайдан күйүп калган жайың бар – ишти илгерилетиш үчүн демилге көтөрөм деп, кайра өзүң сокку жеп, кызматыңан төмөндөп, райкомдон совхозго которулуп калгансың, аны билем.

– Туура, эми дагы сокку жегенди каалабайм, биз эми кексебиз.

– Мына көрдүңбү, ар ким баарынан мурда өзүн ойлойт. Мен буга каршы эмесмин, ар ким өзү жөнүндө ойлошу керек, бирок акылдуулук менен ойлош керек. Жаңы бир нерсени жасаганды жазалабаш керек, ошо жаңыны жасаш колунан келип туруп, жасабай койгонду жазалаш керек. А бизде баары тескерисинче жасалат.

– Сеники жакшы: отуруп алып ой жүгүртө бересиң,– деди директор мыйыгынан күлүп.

– Баарына эле ошондой көрүнүбатат окшойм. А мен чынын айтайын, мейманда жүргөнсүп жашагандан жадап бүттүм. Мейман кишиден кандай жумушчу чыкмак эле. Өзүң түшүнүп турасың. Бир күн, эки күн иштемиш болор, анан жадайт... А бизде, карачы кандай: иштебатасың, иштебатасың, а Кочкорбаев болсо кашында: сен меймансың, сен кожоюн эмессиң деп, көзүңө чукуп турганы турган.

– Бери кара Боске, кел, мындай деп макулдашалы: өзүң эмнени туура деп эсептесең, ошону жаса, бирок мени менен сүйлөшүлгөн деп айтпа...

Ошо менен экөө коштошту.

Үч күндөн кийин Бостон менен Эрназар таң заарынан Кичибелди көздөй жолго чыгышты. Алар аттанганда эл али уйкуда жаткан. Бостондун мингени бир жээрде ат, Донкүлүктүн анда кунан чыкма кези, жаш мал, тоо жолуна кашаң болсо да каруу-күчтүү унаадан жакшысы жок деп жээрде атты минген, ашуудан эч ким чаап өтпөсү белгилүү эмеспи. Эрназардын мингени да дадил ат. Эки ат тең эттенип алган учур, жүрүштөрү тың. Кокус кар баскан жерге түнөп калсак деп, тондорун бөктөрүнүшүп, экөө тең куржунга сулу салып алышкан.

Кээде жолдун өзү адамга кубаныч апкелет. Айрыкча сапарлашың көңүлдөш, санаалаш киши болсо, аңгеме өзүнөн өзү жай уланып олтурса. Ошо күнү шаңкайып асмандын ачыгын, абанын тазасын айт – алды жакта ак мөңгүлүү тоо кыркалары биринин артынан бири катарлашып, улам бийиктегени сүрдүү көрүнүп, ак кар жамынып заңгырап, арт жакты карасаң тээ төмөндө көз нуруң канчага жетсе, ошончо жерге чейин созулуп көл жатат. Ысык-Көлдүн көлөкөдө жаткан күзгүдөй кочкул көк тарткан келбетин улам бурулуп карагың келет.

– Эх, чиркин, Ысык-Көлдүн көк мөлтүрүнүн бирткесин куржунга сала кетер болсоң эмне, – деп тамашалады Эрназар.

– А аттарга сулунун ордуна, эмне көк мөлтүрдөн берет белең – деп жооп берди Бостон.

Экөө тең күлүп калышты. Чабандын оор, түйшүктүү жумушу менен күнүгө таңдан кечке алпурушуп жүрүшкөн экөөнүн мындай бошой түшкөн учуру сейрек, алды жакта ашуунун кыйын, татаал жолу күтүп турса да, андан кийинки иштер андан бетер жооптуу экенин ичтеринен туюп-билип турушса да, ошол саатта экөөнүн тең маанайы көтөрүңкү эле. Ата-бабадан калган жалгыз аяк жол азырынча аларды байсалдуу алып кетип баратты. Эрназардын көңүлү айрыкча куунак, кантип куунак бол-

бойт – анын ойлогон ою акыры ишке ашкан турбайбы. Согуштан бери кырк жыл бою Ала-Мөңгүнүн ашуусуна жан киши каттай элек, а Бостон экөө тобокел деп, кайраттанып чыгышты.

Эрназар, сөз келгенде айта кетүү керек, бирдемени талкуулап, оюн ортого салганды, бирдемеге кызыгып, тактап-сураганды жакшы көрчү, өзү да келишимдүү жигит эле, аскерде согуштан кийинки акыркы кавалериялык бөлүктөрдө кызмат кылган экен. Андан бери канча мезгил өтсө да баскан-турганына, сырткы келбетине көргөн көз суктанат. Гүлүмкан Эрназардын аз жерден артист болуп кала жаздаганын айтып күлүп калар эле. Бир кинорежиссёр келип, Эрназарды киного тартылганга аябай үгүттөйт. «Сенин күйөөң Америкада болсо небак ковбой болуп, кинодо ойноп жүрмөк» дейт ал. Анда Гүлүмкан: «Билем мен силердин киноңорду, бир жылкычыбызды киного тартабыз деп алып кетип, анябыздын ошондон бери дайны жок – бир артист кыз ээрчитип кеткен имиш. Мен Эрназарды эч жакка жибербейм» дептир. Күлөсүң да!

Бостон болсо күзүндө, Кичибелден кыштоого кайткан кезде Эрназардын өзүнчө бригада түзүп алуусуна жардам берүү керек деп, ошону ойлонуп баратты. Эми өзүнчө да тизгин кармасын, туруктуу ишке ээ болсун, бригада жетектегенге мезгили келмек түгүл, өтүп баратат, качанга чейин эле жардамчы болуп жүрө берет, атаганат, Бостон совхоздун директору же парторгу болгондо кайсы кишини качан, кандай жерге иштетиш керектигин билер эле, «бири кем дүйнө» деп эл бекер айтпайт.

Жолдон тракторчон же атчан кишилер жолуга калып жатты эле, тоо өрдөп өйдөлөгөн сайын эч ким көзгө чалдыкпай калды, кыштоолор да улам сейректей баштады, айлана-тегеректин түрү да башкача тартты: көзгө бейтааныш бу жерлер катаалыраак, суугураак көрүндү.

Кеч кире, күн батарга жакын Бостон менен Эрназар аскаташтуу капчыгай менен жүрүп олтуруп, Ала-Мөңгү ашуусунун этегине жете барышты. Караңгы киргенге чейин жолду дагы бир топ арбытып алса болор эле, бирок мындай ойго келишти: кийин койду айдап жөнөгөндө, таңзаарынан, жылдыздар өчө электе чыкканда да бир күндө тоо жолунда мындан көп аралыкты басып өтүүгө мүмкүн эмес, андай болгон соң ашуу менен капчыгайдын ашташкан жерине бир түнөп чыгууга туура келет. Малчылар мындай түндү, – эртеси ашуу аша турган түндү, – шыкама деп коюшат. Жакшы жери – биер шыкамага абдан ыңгайлуу эле, – мөңгүдөн агып түшүп, капчыгай аралап кеткен суу ушерден башталат, мөңгү тараптан урган шамалдан ыктоо жерлери бар. Чабандар жакшы билет – мөңгү тараптан өпкөдөн өтчүдөй урган суук, коркунучтуу шамал дайыма түн ортосунда башталат да, эртең менен күн чыкканда барып зорго токтойт. Малды ошол мөңгүнүн шамалына урундурбай далдоодо түнү бою кармап, эртеси жаңы күч менен ашуунун бели кайдасың деп жөнөп берүү керек, – шыкаманын сыры ушунда.

Чаалыккан аттардан түшүшүп, ээр-токумдарын алып экөө анча чоң эмес зооканын түбүнө түнөп чыкмай болушту. Ары-бери отун жыйнай салышты, – Эрназар эринбей бир топ төмөн түшүп барып, ошоякта өскөн бадалдардын кудураган бутак-чырпыктарынан көтөрүп келди. Оттун жанында отуруп, үйдөн ала чыккан тамак-аштан жешти, атүгүл бастекке[1] чай кайнатып да ичишти, ошо менен көңүлдөрү жай, узак жолдо чарчашкан немелер-жатып калышты.

Бийик тоо арасында караңгы бат эле кирди, караңгы түшөр замат бир паста кыш кирип келгендей ызгаарлуу шамал жүрүп баштады. Биерде ушу – жайдан кышка

[1] б а с т е к – чайнек.

туш келем десең ат менен бир күндүк гана жол. Ызгаар Ала-Мөңгүдөн урубатат, анын кылымдап жаткан мөңгүлөрү биерге жакын, кол сунса жетчүдөй болуп турбайбы. Бул түбөлүктүү муздар көк тиреген бийикте миллион жылдап жатыры, алардын биртикеден эрий тургандыгы, тээ ысыкта жаткан талаа-түздөргө барыбаткан суулардын башы так ушерден башталары, мына ушинтип ак кар, көк мөңгүнүн шарапатынан өрөөндөргө жашоо-тиричиликтин каны жүгүрүп турары жөнүндө Бостон бир гезиттен окуган эле – жаратылышта баардык нерсенин акылдуулук менен жасалганын карабайсызбы.

– Эрназар,– деди Бостон уктаар алдында. – Сууктун күчүн карачы! Сөөктөн өтчүдөй, ыя? Тондорубузду алып алганыбыз жакшы болгон экен.

– Тонго жетеби,– деди Эрназар. – Бирок илгери ашуудан келме менен да аман-эсен ашып кете беришкен, өзү да ашуу-келме деп аталат. Эсиңде барбы?

– Жо, эсимде жок.

– Менин эсимде болуш керек, чоң атамдан укчумун.

– Кана, айтчы.

– Ушу, толук билбейм го дейм...

– Такыр билбегенден көрө түзүк. Кана башта!

– Болуптур. Сен менин артыман кайтала. Уктуңбу, Бостон, сен да айт: «О, Көкө Теңир, көк муздуу ашууңан жол бер. Алам десең малды алба – асмандагы карганы ал. Арабызда балдар бар, ызгаарыңа тоңдурба, тоңдурам десең асманда булактап учкан күкүк бар, аттын белин тарталы, өгүзгө жүктү арталы, Көкө Теңир жараткан, өзүңө келме айталы; ак кар-көк муз ашууңан өткөр, тунук булак, көк тулаң өрөөнүңө жеткир...» Ушундай болсо керек эле, калганы эсимде жок.

– Кап... Толук билбейт экенсиң да.

– Билгенде эмне... Азыр мындай келменин эч кимге кереги жок, мектепте мунун баары караңгылыктан, арт-

та калгандыктан чыккан, азыр заман башка, ана, кишилер космоско учубатат деп окутубатпайбы.

– Космостун биерге эмне тиешеси бар. Эмне, космоско учсак эле мурдагы купуя сөздөрүбүздү унутуп салышыбыз керек бекен? Космоско учкандарды баштан-аяк санап чыксак болот, а жер үстүндө, жер менен киндиктеш жашап жаткандарыбыз канча? Аталарыбыз, бабаларыбыз жерде жашап, жерде өткөн, космосто эмнебиз бар? Учкандар уча берсин – алардын өз иши бар, биздин ишибиз өзүбүзчө.

– Э, Боске, айтканга оңой, а биздин парторг Кочкорбаевге окшогондор чогулуш сайын эскинин баарын эчтемесин койбой сөгүп, үйлөнүү тоюн өткөргөндү да билбейсиңер, эмне үчүн тойдо өбүшпөйсүңөр, эмне үчүн колукту кайнатасы менен кучакташып алып бийлебейт деп жатпайбы. Балдарга ат койгонду да билбейсиңер, жаңы ысымдардын өйдөтөн бекитилип келген тизмеси бар, ошондон алып койгула, эски аттардын баарын жаңыртыш керек дебатпайбы. Өлүк көмгөнгө да жармаша кетет – туура эмес көөмп жатасыңар, туура эмес ыйлабатасыңар деп. Кишилерге кандай ыйлаш керектиги жөнүндө да көргөзмө берибатпайбы – эскиче ыйлаганды таштагыла, жаңыча ыйлагыла деп.

– Билем, Эрназар, ошонун баарын мени билбейт дейсиңби. Москвага бир барсам, мына ушу күздө көргөзмөгө жиберебиз деп жатышкандай түрлөрү бар, эгер барып калсам, айтты-айтты дээрсиң, ЦКга кирип сурайм: бу Кочкорбаевге окшогондор бизге ушунчалык эле зарыл керекпи же булар биздин шорубузга бүткөн эмелерби? Буга эчтеме айтпашың керек, бирдеме десең эле, сен партияга каршысың деп кекиртектен алат. Жалгыз өзү эле бүтүндөй партия. Баарынан да эч ким ага эчтеме дей албайт. Мына биздин акыбал. Деректирдин өзү ага жолобой оолактап турат. Эми бул ушундай жаралып кал-

ган жалгыз киши болсо бир жөн го! Балаанын баары – Кочкорбаевге окшогондор башка жерлерде да аз эмес болубатпайбы… Кой, уктайлы, Эрназар. Эртең алдыда кыйын жол турат…

Эки чабан ошентип муз каптаган Ала-Мөңгү ашуусунун түбүндө, капчыгайдын алкымында аркы-беркини сүйлөшүп жатып уктап кетишти. Чокулардын үстүндө түпсүз түнөргөн асман бетинде канча жылдыз болсо ошонун баары жабалактап чыгып, бадырайып жайнап турушту; ушундай ири, алакандай-алакандай болгон оор жылдыздардын түшүп кетпей асманда балбылдап асылып турганына таң калды Бостон. Аска таштарды аралай жорткон ызгаар шамал жинденгендей ышкырып турат… Шамалга каерде болсо орун жетпейт… Каерде да болсо ал бушайман түшүп, удургуп, нааразы, качан да болсо ичине бирдеме катылып тургандай сырдуу…

* * *

Так ошо ашуунун түбүндөгүдөй жулунган суук шамал ошондогудай эле ышкырык менен азыр терезенин жылчыктарынан ызылдап кирип турду. Жымжырт түндө карышкырлардын муңдуу улуганын аргасыз тыңшап ойгоо жаткан Бостондун көз алдына ошол каргашалуу окуя кайрадан тартылды. Бүт баарын кайрадан эстеп, териштирип келип, ошондой кырсыкты да адамга ушак-жалаа жаап, кордоо үчүн пайдаланган пас адамдардын көргөзгөн ызасын ойлоп, көкүрөгү куйкалана түштү. Адам баласын байыртан коштоп келаткан кара ниеттик деген ыплас куралды колдоруна алган кезде булар кандай күчтүү, кандай айлакер! Падышадан тартып койчуга чейин кандай адамды болсун азаптуу кайгыга салып, түн уйкусунан бездирет да коёт. Жанды кыйнаган ушул ойлордон улам Бостондун санаасы бузулуп, маанайы чөктү – тыш-

тагы карышкырлардын улуганы анын өзүнүн órттөнгөн ич-дүйнөсүнөн чыккан өкүрүктөй көрүндү. Карышкырлар эмей эле, анын кайгыдан чарчап, алы куруп, темселеген ич-дүйнөсү караңгы түндө кашарды тегеренип каңгып басып, Акбарага кошулуп өксүп ыйлап, озондоп улуп жаткандай туюлду. Ушундан улам эне-бөрүнүн улуганын чыдап угууга күчү жетпеди, оозун жапкысы келди. «Эмне айла табам буга эми? Ушундай да өжөр болосуңбу? Эмне кылып бер дейсиң мени? – кыжырланды Бостон. – Эчтеме кылып бере албайм. Жакшы эле жанталаштым, мен ойлогондой болбоду, Акбара ишен, колуман келбеди. Кой эми болду, улуба! Бөлтүрүктөрүң жок биерде, жүз чакырым жерге жүгүрсөң да таппайсың, небак сатылып, саткан киши акчасын небак ичип салды. Бүттү, балдарыңды эми эч качан көрбөйсүң! Кой, улуганың токтот! Бизди качанга чейин жазалай бересиң! Кет, кетип кал, Акбара! Айла канча, унут. Билем, абалың кыйын, бирок кет, биерден оолак кет, кудай сени менин көзүмө чалдыктырбасын, атып салам, себеби сен биздин кулакмээни жеп бүттүң, жашообуз жашоо болбой калды, болбогон жерден сенин каныңа забын болбоюн, сенсиз да көкүрөгүмдө өчпөгөн өрт жүрөт, сени өлтүрсөм – сенден кутуллармын, а менин башыма түшкөн кырсыкты кайра-кайра чукулап, кордоп, оозуңа келгенин айтып жаткандарды эмне кылам, эң куру дегенде сен кетип кал, сенден тынчыйын, кет, жогол, экинчи сенин үнүңдү эч качан укпагандай бололу! Көзүмө урундуң дегиче өлтүрөм – башка айла жок. Дагы бир акмак бар, ошону кошо өлтүрсөм болор эле атаганат, теңир урсун, көзүм ирмеп коймок эмесмин. Экөөбүздүн душманыбыз бир – ал сени балдарыңан айрыды, а мени болсо, пыянкеч айбан, аракка чыланган тили менен көргө-жерге чапкылап жүрөт. Муну ойлогондо, анан да ошол каргашалуу кырсыкка кабылганда муздун жаракасында жанталашып, тырмактарым

сыйрылып, Эрназарлап өкүрүп ыйлап, жапайы тоонун арасында жападан жалгыз тыпырап калганымды ойлогондо – жашоого тоюп кетем, жашоодон кечким келет. Жашабайт элем, баарына түкүрүп, баарынан кечээр элем – эгер мынабу бала болбосо. Мына, муштумдай болуп томпоюп, жанымда уктап жатат, энеси менин жаныма апкелип жаткырып койду. Аял неме карышкырдын улуганынан коркубатат, а бала уйкуда, себеп дегенде ал таза, себеп дегенде ал күнөөсүз наристе, себеп дегенде бул менин көргөн кырсыктарымдын, тарткан азабымдын кайрымжысына келген, мында менин каным бар, бул менин акыркы туягым. Бирок мен ушундай тагдырды тилеп алган жокмун, күн чыккандай, түн киргендей эле бул тагдыр мага өзүнөн өзү келди, маңдайга жазган тагдырды көрөсүң дейт, ошонун калети жок экен, а тиги Базарбай шүмшүк мен жөнүндө бүксүгөн бир ушак таратып жүрөт – итке ит өлүм деп, алкымдан алып муунтуп өлтүрсөм болор эле, себеби муну тыяр киши чыкпады. Тыймак түгүл, аны коштой сүрөп жүргөн адам – биринчи биздин парторг, кылар жумушу жок баштанып, ошо пьянкечтин дөөрүгөнүн жактайт, баламды атасыз калтырса, ошондо барып табалары канар эле... Мен кантип сенин кайгыңды түшүнбөйүн, Акбара!» Ушинтип ойлоду Бостон ошол уйкусу качып, башы каңгырап, санаасы санга бөлүнүбаткан түнү. Бирок ал канчалык акылдуу, канчалык сезимтал болсо да Акбаранын жанынын кандай күйүбатканын баары бир көз алдына толук элестете алган жок. Күйүттүн сыртка сөз менен чыгара албаса да, сүйлөөгө тили жок болсо да жаныбардын ичи жалындап өрттөнүп жатпайбы. Ошол жалынды эчтеме менен өчүрө албай жатпайбы. Кандай айла кылат, өз терисинен качып кетеби? Ушундан көрө бир жерде зоругуп өлөйүн деп, тоону тоодой, кырды кырдай бет келди чур-

кап, ар качан артынан куйругулаш жүргөн Ташчайнары менен кошо өлүп-талып, жанын таштап, ырп этерге дарманы калбай калганча жүгүрүп да көрдү, өлбөдү. Ушинтсем жоготкондун ачуу кээри басаңдаар бекен, көксөм суур бекен деп, Ташчайнар экөө жолунан эмне жолукса, баарына жаалданып тиш салып, жара тартып кетип жатышты, жок, буга да болбоду. Балким, балдар үңкүрдө жаткандыр деп, үңкүрдүн аңгырап бош турганын дагы бир көрөйүнчү, мындан ары ичте эч кандай үмүт калбасынчы, түш көрүп өзүмө өзүм алданбайынчы деп, асканын түбүндөгү үңкүрүнө канча барды...

Кандай азап, кандай азап! Ошо күнү кечинде ой-тоодо максатсыз каңгып жүргөн Акбара капыстан шарт бурулуп, Башат капчыгайын көздөй салды, ушул азыр жетип барбаса бир нерседен кеч калчудай улам күчөп жүгүрүп жөнөдү. Ташчайнар адатынча анын артынан бир кадам да артта калбай кошо баратты. Акбара кутургандай катуу чуркады, алдында шагылбы, күрткүбү, бадалбы, ага карабады... бөрү карагаттын арасы менен кеткен өзүнө тааныш бир аяк жолго жетип, үңкүргө учупкүйүп кирип барды, канча ирет ушинтип келип, тумшукка чапкандай болду, бу жолу да үңкүрдүн аңырайып бош турганын көзү менен көрүп, чыдабай улуп жиберди, жанын коёрго жер таппай кыңшылады. Бөлтүрүктөрүнүн жыты кала турган жерлердин баарын искегилеп чыкты: «Кайдасыңар күчүктөрүм, томолонгон төрт макоом, кайда жоголдуңар, эмне күнгө түш келдиңер? Балтыр этиңер толуп, азууңар катып, жанымда жүрсөңөр мага күчкубат, бел болбойт белеңер, силердин демиңер мени ойтоодо чаалыктырбай-чарчатпай алып жүрбөйт беле».

Акбара чабалактап, баягы оозунан жүрөк айланткан сасык жыты чыккан бөтөлкө турган чымчык жегенден калган сулунун дандары жерде тоңуп жаткан булакты адатынча тегерене чуркады...

Үңкүргө кайра кирди, ийирилип, тумшугун чатына катып жата кетти. Ташчайнар кайраттуу, калың жүнү менен аны жылытып, жанына ыктай жатты.

Түн кирген. Уктап кеткен Акбаранын түшүнө бөлтүрүктөрү кирди, баягысындай эле биерде, үңкүрдүн ичинде, бооруна жармашып, темтеңдешип, эмчектерди соргулап жатышат. Эмчекти чытырата тээп, жанды кыйнаган сүттүн бир тамчысын калтырбай, какшыта эмизүүнү качантан бери эңсеп жүрдү эле. Бөлтүрүктөр да жаналы калбай эмчекти чопулдата соруп, сүттүн көптүгүнөн уурттарынан буртулдап көбүк агып жатты, эне-бөрүнүн энелик мээрими төгүлүп, дене-бою балкылдап эриди, бирок эмнегедир эмчектеги сүтү чытырап толгон боюнча туру, бөксөргөн жок... Эне таң калды: бул эмнеси, неге эмчекти сүт тепкен боюнча турат, неге бөлтүрүктөр тойбой жатат? Бирок, кайриет, төртөө тең энесинин жанында, эмчегин соруп боорунда жатышат, мына, баарынан оюнкараак, куйругунун учу ак бөлтүрүгү, мына экинчиси – баарынан көп ээмп, эмчекти оозуна салган боюнча уктап калчусу ушу, үчүнчүсү качан болсо каңшылап, бирдемеге наарazы, беркилерди түрткүлөп, уруша да кетет, а да биерде; үч эркектин ортосунда жалгыз ургаачы – көздөрү көпкөк кичинекей бөлтүрүк – төртүнчүсү, бу да биерде – келечектеги Акбара... Аңгыча караса, Моюнкумда, улуу чөлдө жүрүшөт; Акбара жүгүрбөй эле учуп бараткансыйт, жанында төрт бөлтүрүгү, алар да катарлаш учуп баратышат, Ташчайнар кошо келатат, жерден көккө атырыла андан-мындан бир секирет. Күн жаркырап тийип турат, бет алдынан жашоо-тиричиликтин өзүндөй агылып муздак шамал уруп туру...

Ушу жерден Акбара ойгонуп кетти, азыркы көргөндүн бири жок, денеси муздай түштү, эси эңгиреп былк этпей көпкө жатты. Анан шырп алдырбай акырын ордунан турду, туруп баратканын Ташчайнарга да сездирген

жок, абайлап басып үңкүрдөн чыкты. Сыртка чыкканда биринчи эле көзгө урунган нерсе – ак мөңгүлүү тоолордун үстүнөн көтөрүлүп келаткан ай болду. Шаңкайган ачык асманда, жылдыздардын ортосунда айрыкча бадырайып бөлүнүп турган ай ушунчалык жакын, чуркаса жетчү жерде тургандай көрүнүп кетти. Акбара чулдурап агып жаткан булакка келип, жээгинде башын жерге салып, көңүлү суз бир аз басты, анан арткы эки аягына отурду да, тегерек айды көпкө тигиле тиктеди. Ошол түнү ал айдын бетинен карышкырлардын кудай-энеси – Бөрү-Ананы биринчи жолу апачык, дапдаана көрдү. Бөрү-Ана кудум тирүүдөй, оозун ачып, куйругун сыртка салып отурган эле, анын ай бетиндеги ошол одоно сөлөкөтү Акбаранын өзүнө окшошуп турду. Акбарага айдагы кудай-эне аны кадимкидей көрүп отургандай, үнүн созсо укчудай сезилди. Ошондо тумшугун тик асманга созуп, эне-кудайга даттанып ыйлап, оозунан бурулдап буу чыгып, Акбара озондоп улуду: «О, кудай-эне – Бөрү-Ана, мени карачы бери, мына мен, Акбара, муздак тоолордун арасында шорлуу болуп, жалгыз олтурам. Өрттөнүп-күйүп бүттүм! Көз жашым төгүлгөнүн көрүбатасыңбы? Өксүп-өкүрүп улуганымды угубатасыңбы? Ичимди жалын каптап, эмчектеримди сүт тээп жарылганы турат, кимди эмизем, бөлтүрүктөрүмдөн айрылдым. Кайда бөлтүрүктөрүм, эмне күнгө туш келди? Түш бери, Бөрү-Ана, мага түшүп кел, жаныма отур, чогуу улуйлу, чогуу өксөп ыйлайлы. Кел бери, жерге түш бөрүнүн эне-кудайы, мен сени өзүм туулуп-өскөн улуу чөлгө аппарайын, а жерде бизге, бөрүлөргө орун калбады. Кел бери, мынабу аска-зоолуу тоолордун арасына түшүп кел – биерде да бизге орун жок; бизге эч жерде орун табылбайт окшоп калды... Эгер түшүп келбесең, Бөрү-Ана, анда мына мени, карып болуп отурган эне-бөрү – Акбараны алып кет. Мен да сени менен ай бетинде жашап, жер жөнүндө кошок

кошуп, көз жаш төгүп отурайын. О, Бөрү-Ана-а-а, менин боздогонумду угубатасыңбы? Ук, ук, ук, Бөрү-Ана, ук менин ыйымды!»

Муздак тоолордун койнунда да ошол түнү Акбара айды карап ушинтип улуду, ушинтип ыйлады...

* * *

Шыкама түн өттү, Эрназар ордунан тура калып, тонун ороно кымтыланып, тушалуу жүргөн аттарды кармап келди.

– Суукпу-ыя? – деди Бостон, жамынган тонунун астынан суроолуу карап.

– Биер дайым эле ушундай да. Азыр суук, күндүн мурду көрүнөр замат жылый түшөт,– деп Эрназар ат жабуунун үстүнө жата кетти.

Али эрте, тоо арасын ымырт басып жатат.

– Аттар бар бекен?

– Бар.

– Мен ойлобатам: кийин кой айдап келген кезде биерге чатыр тиге коюш керек, жылуу түнөп чыкканга.

– Албетте,– деп кубаттады Эрназар. – Чатырды эмне, ана-мына дегенче тиге коёбуз. Кеп – ушунун жолун бир ачып алышта, а калганы өзүбүздүн колдогу иш дечи.

Күн чыккандан кийин тоо арасы чын эле жылыңкырай түштү. Жерге жарык жайылар замат аттарын токушту.

Аттанар алдында Бостон ашуу тарапка көз чаптырып, салаңдап турган аска-зоолорду, типтик жарларды бир карап алды. Заңгырап бийик да, кооптуу да; бу улуу тоонун жанында адам кыбырап жүргөн бир алсыз бирдемедей көрүнөт. Экөө ушул көк мелжиген аска-зоого бетме-бет чыкмакчы. «Ашуудан корко турган жайыбыз жок,– деп ойлоду Бостон. – Кеп жашоо талап кылган

зарылчылыкта турубатат. Ал эми кеп жашоонун зарылчылыгында турганда адамды эч нерсе коркута албайт: баардык жерде – деңизде, жер астында, асманда – адам өз жолун салып кете берет. Биз да өтүп кетебиз».

Элден мурун алар жолдон четке чыгарылып ташталган таштардын тизмеги аркылуу бир аяк жолдун эски нугун табышты да, бу жол ашуунун кай жеринен өтөрүн болжолдоп карап көрүштү. Жол эки бийик чокунун ортосундагы кар баскан кайкы белди ашып кетчү түрү бар. Ошону беттеп жүрүп беришти. Ошо кайкы белди ашкандан кийин жол Ала-Мөңгүнүн аркы капталы аркылуу төмөн кетет болушу керек, шаркырап аккан суусу бар, кайыңдуу жайлоо Кичибел мына ошерде. Жаратылыш өзүнүн татынакай кооз жерлерин кээде ушинтип оңой менен адам жетпей турган ыраакы бир бурчтарына катып салат. Бирок тиричиликтин муктаждыгы талап кылган кезде адам жетпей турган жерге да жетет – жер үстүндө жашоонун мыйзамы ушундай...

Бир аяк жол улам тик тарта баштады. Карга жеткен кезде аттардын жүрүшү кыйындады – улам өйдөлөгөн сайын кар калың эле. Күн жаркырап тийип турат, шамал жок, кулак-мурдун кескендей жымжырттыкта аттардын күшүлдөп дем алышы адамдын өз көкүрөгүнөн чыгыбаткандай даана угулат.

– Кандай дейсиң,– Бостон артына бурулуп, Эрназардан сурады,– эгер кар койлордун боорунан келе турган болсо, бизге кыйын болот го дейм?

– Анча-мынча кыйынчылык болбой коёбу, Боске, албетте, болот, оңой ашуу эмес. Андан көрө белге чыкканча кар ушундай болсо де. Эгер ошондой болсо кардын кээ жерин күрөп, кээ жерин тебелеп, койго жол салабыз.

– Мен да ошону ойлоп келатам. Күрөк ала келүү керек, эсиңе алып кой, Эрназар, биз күрөк ала келүүбүз керек.

Кар аттардын тизесинен өйдө боло баштаганда экөө аттан түшүп, жетелеп алышты. Аба жетпей, ооз менен дем алууга туура келди. Күнгө чагылышкан аппак кар көздү карыктырчудай – кара көз айнек керек болду, азыр көчөлөрдө мындай көз айнексиз жүрүшпөйт. Тондорду чечип, ээрлерге арта салып ташташты. Аттар күш-күш этип, шалкылдап тердеп чыкты, капталдары солуктайт. Бирок, буюрса, көздөн учкан кайкы белге чукулдап калышты...

Түш болуп, күн как төбөдө, ак кар жамынып, бирине бири ыктап чокмороктошуп, түбөлүк заңгырап катып калгансыган тоо кыркаларынын дал үстүндө турду. Эгер алды жакта жолду тосуп жаткан бир нече булутчаларды айтпаганда, аба ырайынын бузулуп кетишин кабарлаган эч кандай белги жок. А булуттарды болсо аралап, тагыраак айтканда, кебездин үстүнөн баскандай тебелеп өтүп кетүүгө болот. Дал ушул саатта тээ төмөндө, Ысык-Көлдүн жээгиндеги аптапта кишилер кум үстүндө күнгө күйүп жатканына ишенбей кетесиң.

Белге беш жүз кадамча жер калды, эми алар ашуунун аркы бетинин жолу жеңилирээк болгой эле деп, ошону ойлой баштады...

Акыры белдин так үстүнө жете келишти. Токтоп эс алып алмай болушту. Терге чөмүлүшкөн. Өпкөлөрү көөп, зорго дем алышат. Аттар да катуу чарчады. Бирок Бостон менен Эрназардын жүздөрүндө кубаныч, көңүлдөрү ыраазы, ашуунун белинен ылдый тиктеп, өздөрү басып келген жолду карап турушту.

– Мына, бүттү, Боске, – деди Эрназар жылмайып... Көздөрү сүйүнгөнүнөн жайнап турду. – Койду айдап өтсөк болот экен. Албетте, аба ырайы ачыкта айдаш керек.

– Анық туура. Күн ачыкта гана ашыш керек, албетте.

– Экөөбүз эки жарым саатта жетиппиз белге,– деди Эрназар саатын карап. – Түзүк эле го дейм, ыя?

– Кой айдасак – үч саат кетээр,– деди Бостон. – Андан көбүрөөк жүрүшүбүз да мүмкүн. Кеп анда эмес. Эң башкы кеп – ашууну ашсак болот экен – биз буга ишендик. Жүр эми, жолду улайлы. Тээтиги ченден аркы капталдын жолу көрүнөр деп турам, а балким, Кичибелдин өзү көрүнөр. А жак азыр жапжашыл болуп турса керек...

Ошентип дагы алдыга жөнөштү. Айлана-тегерек бүт аппак кар, бир жери шейшеп жапкандай тептегиз, бир жери кырданып, катмарланып, бороон-чапкында бийик-бийик касабаларга айланган. Бирок илгерирээк бара түшсө кар баскан жерлер акырындап жаратылыштын бөлөк дүйнөсүнө өтөрү байкалып турат. Алар да ошол дүйнөгө эртерээк жетүүнү, Кичибелди өз көздөрү менен тезирээк көрүүнү самап, төөнүн типтик өркөчтөрүндөй болгон эки чокунун ортосундагы кайкы белдин үстү менен баратышты. Биртике жүрүшсө эле бет алдыдан эңсеген жайлоо көзгө тартылчудай сезилип келатты. Бостон атты жетелеп, карды жирей басып алдыда бараткан, аңгыча эле бут алдынан бирдеме титирей түшкөндөй болду. Арт жактан Эрназардын кыйкырып жибергенин укту.

Бостон шарт бурулуп карап, денеси дүркүрөй түштү: Эрназар бир заматта көздөн кайым жок болуп кетти – өзү да жок, аты да жок. Эми эле ал келаткан жерде кар чаңы гана көтөрүлүп турат.

– Эрназар! – деп ачуу кыйкырып жиберди Бостон, өлүктөй тынч жаткан айлананы жаңырта капыстан чыккан өз үнүнөн өзү чочуп кетти.

Бостон кар чаңый түшкөн жерге кандай жеткенин билбей калды, күү менен барган неме эмне кереметтин күчү менен токтой калганы белгисиз, токтоор замат артына кетенчиктей түштү – алдында түпсүз туңгуюк аңырайып ачылып жаткан эле. Капкара болуп үңүрөйгөн түпкүрдөн түбөлүк тоңуп жаткан муздун суук илеби уруп

турат. Бостон карга боортоктоп жата калып, туңгуюктун кырына чейин сойлоп барды; эмне болуп кеткенин али аңдай элек эле, тагыраак айтканда, ошону аңдап-ойлоого жүрөгү даабай жаткан эле. Коркунуч бир паста анын бүт ой-санаасын, сезим-туйгусун шал кылып, денени өлтүрүп салды. Ошентсе да ал акырындап жылып баратты, кандайдыр бир күч анын кыймылдоосуна, тынoo кагуусуна демөөр болду. Чыканактары менен таканчыктап, улам алдыга тартылып, бетине жармаша түшкөн карды колу менен силкип ыргытып, сойлоп баратты. Ал кардын астында муздун калың катмары жатканын түшүндү, кар алдындагы жаракалар туурасында, аларга бир учурларда үйүрү менен жылкылардын түшүп кеткендиги жөнүндөгү элден уккан сөздөр эсине келди, элде «Жаракага кет!» деген каргыш да бар экенин эстеди. Бирок кай күнөөсү үчүн бу каргыштын Эрназардын башына, Эрназардын эле эмес, Бостондун өзүнүн башына тие турган жөнү бар эле?

Ар качан колдо барга ыраазы болбой, бул аз, аз, дагы болсо, дагы болсо деп жутунганы үчүнбү, тойбостугу үчүнбү ыя, анан башка эмне үчүн болмок эле... Бул иштин мындай балээ менен бүтөрүн кайдан билди...

Бостон жараканын четине жетип карады – аңгыраган капкара жар; муздун одур-будур, урчук-бурчук капталы тик ылдый, түбү көрүнбөгөн түпкүргө кеткен. Буга түшкөн адам эмне болду?! Бостондун ыйманы учуп, денеси калтырап кетти.

– Эрназар,– деди, бирок үнү зорго эле шыбырап угулду – тамагы бүтүп калыптыр,– анан гана көмөкөйүнөн атып чыккан жапайы үн менен бакырды: – Эрназар, барсыңбы? Эрназар! Эрназар! Эрназар!

Тыңшай калды: түпкүрдөн онтогон үн «Бери жоловo!» дегендейби, айтор бир угулар-угулмаксан сөз кулагына илеше түшкөндөй көрүндү. Кайра бакырды:

– Эрназар! Айланайын бир боорум, барсыңбы! Азыр! Азыр! Чыдай тур! Азыр тартып алам!

Бостон ордунан ыргып турду, дагы бир жаракага кирип кетүүгө мүмкүн, ага да кайыл, кар малтап, атка жүгүрүп жетти, кындан бычакты сууруп алып, куюшканды, көмөлдүрүктү, басмайылды, үзөңгү боону, жүгөндү ноктосу менен, тизгинди, чылбырды – баарын кесип алып, бири-бирине улаштырып байлап жиберди. Аттиң, керек болуп калабы деп алып алган аркан менен балта Эрназардын ээринин канжыгасында таңылуу эле, жаракага кошо кеткен экен. Ой-санаасы удургуган Бостондун колубашы калчылдайт, колун канжалата кесип алды. Кайра артына чуркады, жата калып сойлоп, Эрназарга жетпей каламбы дегенде эмне кыларын билбей жанталашып, жараканын кырына жетип барып, кыйкырды:

– Эрназар! Эрназар! Мына аркан! Мына арканды ыргыттым, Эрназар! Эрназар, айланайын, угубатасыңбы! Дабышың чыгар!

Аркандын бир учун томолоктоп, төмөн карай ыргытты. Бирок эч кандай дабыш чыккан жок, аркан салаңдап бош туруп калды. Туңгуюктун түбү каерде, аркан кай жерине чейин жетти – билип болбойт.

– Үнүң чыгар, Эрназар! Дабышың чыгар, айланайын Эрназар! – деп кыйкырып жатты Бостон, бирок түпкүрдөн анын өз үнүнүн күңүрт жаңырыгынан башка дабыш чыкпады, ушундан кийин куту учуп, ичи эңшериле түшкөндөй болду.– Эрназар, бир боорум, барсыңбы? Эми эмне кылам, ботом?! – Ал өзүн өзү кармай албай калды, боздоп өкүрүп ыйлап жиберди, оозунан эмне сөздөр чыгыбатканын билген да жок. Моминтип ойдо жок жерден өксүп, сынып, талаада боздоп калган күйүтүн эң жакын адамдарына – согушта өлгөн атасына, небак дүйнөдөн кайткан апасына, балдарына, бир туугандарына, эжелерине,

айрыкча өмүрлөшү Арзыгүлгө айтып жаткансыды. Кырсыктын болуп өткөнүнө ишенгиси келбеди... Бирок кырсык болору болду: өлдү Эрназар, тирүү калган жок! Бостондун көңүлүн эми эч ким жубата албайт. Бул кайгызар эми анын көкүрөгүнөн эч качан чыкпайт, көргө башы менен кошо жатат!.. Ошондо Бостон заардуу бакырды: «Айткан келмебизди укпадыңбы сен ыя? Келтирген келмебизге берген кайырың ушубу, ушундан кийин сен эмнесиң ыя?» Кимге айтып атканын өзү да аңдаган жок.

Ордунан туруп, теңселе басып жөнөдү, кеч кирип келатканын, ашууда аба-ырайы бузулуп баратканын сезди. Кайдандыр жылып чыга келген туман чуудаланып өтүп, дуу-дуу урган шамал кар тозоңун учура баштады. Эми эмне кылыш керек? Кайда баруу керек? Жалгыз аяк жол үстүндө калган ат артка салып, капчыгайга түшүп бараткан эле – аны көрдү, бирок кууп жетпестигин билди. Жүгөн-куюшканы, үзөңгү-басмайылы жок аттан эмне опа. Жини кайнаган Бостон кардын үстүндө жаткан ээрди бир тепти. Ошо менен селейип туруп калды; кан тамырлары көөп, иреңи кара-көк болуп чыккан жыланбаш (тумагы бая эле жараканын ичине учуп кеткен), Ала-Мөңгүнүн белинде адыр-кудур аска-зоолордун, ак карлуу мөңгүлөрдүн ортосунда жапжалгыз турду. Ашуунун ызгаар шамалы ансыз да оодарылып-сапырылып турган көңүлүн ого бетер бузуп, буюктуруп жиберди. Эми кайда бармакчы, эмне кылмакчы? Иштин баары ойдогудай оңунан чыгып келатты эле, каргаша болуп бу жарака кайдан чыга калды? Өздөрүнүн изин карап чыгып, Бостон Эрназардын жаракага таптакыр кокусунан, тимеле болбос жерден түшүп кеткенин түшүндү – алдыда бараткан өзү жараканын кырынан көп болсо эки кадам беритен өткөн экен, а Эрназар, кырсык айдап, саал оң тарапка сала коюптур да, кар алдында жаткан жара-

канын так үстүнө ат-маты менен туш келиптир.

Жолдошун алып чыгуу үчүн колунан эч нерсе келбеси айкын болду. Бирок ошого макул болуп, туруп калууга да мүмкүн эмес эле. Бостонго капыстан: «а балким, Эрназар али тирүүдүр, катуу урунганда ээси оой түшкөндүр – андай болсо таптакыр тоңуп кала элегинде тезирээк сууруп чыгуу керек» деген ой келди. Ошо замат тонун чечип ыргытып, төмөн карай жүгүрүп жөнөдү; кар белден, чуркоого оор, бирок убакытты кетирбөө керек. «Эмне кылып да болсо совхозго кабар жеткириш керек, кабар жетер менен аркан, жип, күрөк-кетмен, панар алып кишилер келе калса, жаракага өзүм түшүп, Эрназарды өзүм аман-эсен алып чыгам» деп ойлоп баратты Бостон.

Бир нече ирет карга көмөлөнүп кетип, «бутум сындырып алып, отуруп калбагай элем!» деп жүрөгү шуу дей түштү – жыгылып-туруп, чуркап баратты.

Ээр-токум, жүгөнсүз болсо да атка жетер бекем деген ой келди. Аба ырайы катуу бузулуп кирди. Беткеколго кар бүртүктөрү уруна баштады. Бирок Бостон мындан анча чочуган жок – ашуунун белинде бороон болубатса да капчыгайдын төмөн тарабында кар жаабайт, аны билет. Андан көрө биерде Эрназардын абалы кантет, мына ушундан коркту ал. Кишилерди алып, кайра келгиче тирүү турар бекен. Эртерээк, эртерээк – деп жатты бүткүл ой-санаасы. Иңир улам коюулап кирип келатат, караңгыда катуу жүгүрө да албайсың деди ичинен кабатырланып.

Атка жете албады. Башы бош экенин сезген жээрде ат көнгөн жерин көздөй таскактап уруп жөнөгөн эле. Бостон бир ойго түшүп, бир кырга чыгып, бирде таштуу коктудан, бирде аңыздан желе-жортуп баратканынан да, болуп өткөн окуяны ойлой берүүдөн жаны кыйналып

чыкты. Канткенде Эрназарды сактап калам! – бул ойдон башы жарылчудай чыңалды. Бирде ашуудан кетпеш керек эле, Эрназарды жалгыз таштабаш керек эле, бороондо моло болуп тоңуп калса да, ошерде отуруш керек эле деген ой келет. Бирде көз алдында муз үңкүрдүн түпкүрүндөгү көзгө сайса көрүнбөгөн караңгыда Эрназардын өлүм алдында онтоп жатканы, үстү жагында тоо арасында алай-дүлөй түшүп, борошо уруп турганы элестейт. Ал эми Эрназардын үй-бүлөсүнө, балдарына, аялы Гүлүмканга эмне деп айтам дегенди ойлогондо ого бетер заманасы куурулуп, жинди болуп кетчүдөй сезди өзүн.

Кантсе да, а күнү Бостондун кырсыктап турган иши оңунан чыга калгандай болду. Тоо этегинде кыштаган бир чабан каникулга келген студент уулун үйлөндүрүп, той берген эле. Коноктор кеч тарашып, акыркылары түн ортосунан ооганда жүк ташыгыч машинеге олтуруп, үйлөрүнө кайтышкан. Ай сүттөй жарык. Тоо этеги салкын. Тээ төмөндө, Ысык-Көлдүн билинер-билинбес жылт-жулт эткен күзгүдөй бети күңүрттөнүп, калдайган келбети зорго боолголонот. Тойдон кайткан эмелердин ырдагысы эле келип, ыр артынан ыр созуп келатышкан.

Ырдагандардын үнү угулганда Бостон жолдун ортосуна чыгып, колдорун жанталаша булгалады. Ошол машине менен ал түнкү саат экиде «Берик» совхозуна жетти. Машине совхоздун директорунун үйүнүн жанына апкелип таштады. Арсылдап үрүп чыккан ит качырып келип, өтүктөн жулуп алчудай жулунуп, тегерене чуркады. Бостон аны караган жок, терезеге барып, муштуму менен каккылады.

– Ким бу? – деди чочуган үн.

– Мен, Бостонмун, Үркүнчиев.

– Эмне болуп кетти, Боске?

– Кырсыкка учурадык.

* * *

Эртеси түштө Бостон баштаган алты киши биринин артынан бири чубай түшүп, Ала-Мөңгүнүн белине чыгып баратышты. Жол мүмкүнчүлүк берген жерге чейин аларды вездеход апкелип таштады. Эми мына аркан-жибин, аспаптарын көтөрүшүп, ашуунун жолунда бекер күйүгүп калбас үчүн унчугушпай, тыным албай келатышты. Жардамга шаардан тажрыйбалуу үч альпинистти алып келип, вертолёт белге түшүрүп кетмек, алардын келер маалы да болуп калды.

Кечээ бу маалда Эрназар экөө ушул бир аяк жолдо баратышканын, алдыда эмне күтүп турганы эч кимисинин капарына да кирбегенин ойлоп баратты Бостон...

Ал Эрназар кечээ кулап түшкөндөн кийин бир топ мезгил тирүү жаткан күндө да, ортодон бүтүндөй бир сутка өтүп кетти, көк муз туңгуюктун түбүндө аман калышы кыйын го деп күмөнсүдү. Бирок ага карабай табийгат ушерден бир ажайып көргөзгөй эле деп, ичинен жалынып тилеп келатты.

Кечээ түнү уюлгуп урган бурганактан кийин ашуунун белиндеги кар дагы калыңдай түшкөн, бирок жымжырт. Күнгө чагылышкан ак кардан көз уялат. Жаман жери бурганак кечээки издердин баарын тептегиз кылып жаап салыптыр, эч нерсе билинбейт. Бостон кар алдындагы жарака кай жерде экенин аныктай албай туруп калды. Бирок турмушта ар качан боло келгендей, жамандыкка жакшылык жанаша жүрөт эмеспи – келгендердин бири Бостон кетээрде ыргытып кеткен тонду таап алды, андан бир нече кадам арагыраакта ээр-токум жаткан экен. Ушул буюмдардан улам болжолдоп туруп, үстүн кайрадан кар басып калган муз жаракасын жаңылбай тапты Бостон. Аңгыча альпинисттер да келип калды. Жаракага ошолор түшүштү. Алардын айтымына караганда туңгу-

юктун тереңдиги алты кабат үйдүн бийиктигиндей бар экен…

Түшүп чыккан альпинисттер Эрназарды алып чыгуу мүмкүн эмес,– дешти. Ал өзү да, аты да муз менен кошо муз болуп тоңуп, муздун калың катмарына кире түшкөн имиш. Абдан катуу ургуласа да чыгар түрү жок, а катуу ургулаганда муз тилкелери жылышып, урап кетиши мүмкүн, анда өлүктү алабыз деп баргандар өздөрү муздун астында калары бышык,– деп түшүндүрүштү альпинисттер… Бостон жаракага түшүп, Эрназар менен коштошуп чыксын, башка эч арга жок,– дешти алар…

Андан кийин айлап-жылдап, ар качандан бир качан көкүрөгүнө жат болуп бүткөн бир коркунучтуу түштү кайрадан кайра өңүндөгүдөй көрүп жүрдү Бостон. Түшүндө ал аркандарга асылып, муз дубалды колундагы панар менен жарык кылып, туңгуюкка түшүп баратат. Колундагысы кокус түшүп кетсе деп, дагы бир панар алып алган. Аңгыча эле караса ошол алып алган панары жок, качан, кайда түшүп калганы белгисиз. Көңүлүнө бүлүк түшүп, жүрөгү шуулдайт. Кыйкырмакчы болот. Бирок ал жер алдындагы аңгыраган муз үңкүрүнө улам ылдыйлап акырындап түшө берет. Бир маалда көрдөй караңгылыкта панардын жарыгы музга жармашып тоңуп калган Эрназардын өлүгүнө барып тиет: Эрназар тизелеп отурат (чындыгында ошондой болчу), тону кайрылып башын жаап калыптыр, жүзүнө кан жая берген, эриндери бек кымтылган, көздөрү жумулуу. «Эрназар дейт ага Бостон. – Бу мен! Биер жаман караңгы, коркунучтуу экен, мен сага панар ала келаттым эле, жоготуп алдым. Байкабай жоготуп алдым, Эрназар. Бирок мен сени панарсыз калтырбайм, өзүмкүн берем. Ме, менин панарымды ал, Эрназар!» Бирок Эрназар панарды албайт, жооп да бербейт, үндөбөйт. Бостон солкулдап өксүп ыйлайт, көзүнөн жашы агыбаткан боюнча ойгонуп кетет.

Андай күндөрү анын кабагы ачылбай, көңүлү чөгүп, таңдан кечке маанайы пас жүрөт. Бул түш туурасында ал эч качан, эч кимге, бир да жанга, Гүлүмканга да, экөө баш кошконго чейин да, баш кошкондон кийин да айткан жок. Эрназар менен коштошуу үчүн туңгуюктун түбүнө түшүп чыкканын да ал Эрназардын үй-бүлөсүнүн эч кимисине айткан эмес.

Ашуудан үйгө кайтып келсе, бригададагылар болгон окуяны угуп-билип отурушкан экен. Кайгыга ууланып, көз жашын көлдөткөн Гүлүмканды көрүш Бостонго баарынан оор болду, мындан көрө мен деле ашууда өлгөнүм жакшы эмес беле, ушундан көрө муздун туңгуюгуна миң жолу түшүп, миң жолу адам чыдап карай алгыс сүрөттү көрүп чыкканым жеңил турбайбы,– деп ичинен сыздады. Күйөөсүнүн өлүмү Гүлүмканга капыстан уу жуткуруп жибергендей болду. Тегеректегилер муну жинди болуп кетпей эле деп коркушту. «Ишенбейм! Ишенбейм! Өлгөн жок! Коё бергиле мени! Таап келем! Өзүм барам!» деп тынбай жулкунуп жатты ал.

Бир түнү чын эле качып кетиптир. Бир топ күндөн бери Бостон бел чечип төшөгүнө жата элек болучу; ар тараптан көңүл айтууга эл агылып, көбү эски адат боюнча алыстан «Эсил кайран Эрназар-оой, эсил кайран боорум-ой, эми кайдан табайын!» деп өкүрүп келип жатышты, алардын аттарын алып, үй-үйгө жайгаштырып, тикесинен тик туруп кызмат кылып жүрдү... Ошол күнү кечинде келим-кетимден кичине бошой түшкөнсүдү. Бостон үйүнүн короосуна барып, белине чейин чечинип, чөмүчтөн сууну өзүнө өзү куюп, жуунуп жаткан. Арзыгүл а күндөрү такай Гүлүмкандын жанында болубаткан. Аңгыча Арзыгүлдүн:

– Бостон, Бостон, кайдасың? – деген үнү чыкты.

– Эмне болуп кетти?

– Чурка кокуй, Гүлүмканды карма! Жүгүргөн боюнча качып баратат. Мага ээ бербей кетти, кыздары тыякта ыйлабатат.

Бостон майкесин кийгенге гана үлгүрдү, мойнунда илинген сүлгү менен чала-була сүртүнгөн бойдон Гүлүмкандын артынан жүгүрдү.

Гүлүмкан жантайма жар аркылуу өйдө, тоо тарапка шыпылдап чыгып баратыптыр.

– Гүлүмкан, токто, кайда баратасың? – деди артынан Бостон.

Бурулган жок. Бостон ылдамдай жүгүрдү. Күйүткө буулугуп турган неме азыр «Эрназарды сен өлтүрдүң!» деп айтып жибербегей эле деген ой келди, мына ушу сөздөн жаман коркуп жүргөн Бостон, бул ой келе калганда үстүнө кайнак суу куюп жибергендей дене-бою дүркүрөп, ичкени ирим, жегени желим болуп кетчү. Эгер ушинтсе эмне деп жооп бермек?

Актанып баштайбы? Актанганың тигинин кулагына киреби? Тагдырдын ушундай адамдын алы жетпей турган жазмышы болорун кантип далилдейсиң. Далилдеген күндө да ошол сөздөр мунун көксөсүн суута алабы, азыр мунун көкүрөгүндөгү жалынды баса турган сөз бу дүйнөдө жок. Ушундай окуядан кийин эмне үчүн Бостон өзү минтип тирүү басып жүрөт – муну Гүлүмканга түшүндүрө турган да сөз жок.

– Гүлүмкан, кайда баратасың? – Энтиге жүгүрүп, Бостон ага жете келди. – Токто, жүр үйгө кайт...

Кеч кирип келатса да айлана али жарык болчу, күн батып, эми гана аз-аздап күүгүм чала баштаган тоолор көзгө даана көрүнүп турган. Гүлүмкан бери бурула бергенде Бостонго ал суу толтурулган айнектин ары жагынан карап тургандай, ирең-башы бир башкача бузула түшкөндөй, бүт дене-боюнан кайгынын нуру шоолаланып чыгып жаткандай көрүнүп кетти. Анын ошол кайгыга

чөккөн түрү, аянычтуу кебетеси кечээ эле гүлдөй жайнап, жаркылдап турган келин эмес беле, моминтип далбас уруп, тоо-ташты аралай чуркаганы, үстүнө кийгизген кара жибек көйнөгүнүн бырыш-тырыш болуп, көкүрөгү жакжайып, бир жагына кыйшая ачылып турганы, бутундагы кара маасысы, аза күтүү белгиси катары өрүлгөн чачы – ушунун баары анын жүрөгүн сыздатып жиберди.

– Кайда, Гүлүмкан, кайда баратасың? – деди Бостон, колдон алганын өзү сезбей калды.

– Ашууга... – деди Гүлүмкан баарына кайыл болгон түр менен.

«– Акылың ордундабы? Ашууга жеткенче качан? Мынабу үлбүрөгөн көйнөгүң менен аерде алеки саатта тоңуп калбайсыңбы!» Жок, Бостон мындай деген жок.

– Кой, Гүлүмкан, түн кирип келатат. Азыр баралбайсың. Бөлөк учурда бар. Мен өзүм барып көргөзөйүн. Азыр болбойт. Жүр үйгө. Кыздар ыйлабатат, Арзыгүлдүн тынчы кетип отурат. Кой, жүр, Гүлүмкан, үйгө баралы.

Гүлүмкан күйүтүнө мүңкүрөнүп, үңкүйүп, үндөбөй турду.

– Мен ансыз кантип жашайм? – деп шыбырап айтты ал, башын чайкап. – Ошоякта жаткан боюнча эле, же сөөгүн көрүп көксөбүз суубай, же мүрзөсүнө зыйнаты менен коюлбай, кала береби?

Бостон эмне деп жубатып, эмне деп соороторун билбей калды. Башы шылкыйып, күнөөкөр болуп, мойнунда сүлгү, арык ийиндерине илинген майканын бир арчындамасы түшүп кеткен, чабандардын жайдыр-кыштыр бутунан түшпөгөн керзи өтүкчөн, айласы түгөнүп, Гүлүмкандын астында турду. Ордуна жатса тирилип келе турган болсо, азыр ойлонбой туруп Эрназар менен орун алмашууга даяр эле.

Ар ким өз кайгысы менен болуп, үн катпай турушту.

– Жүр, кеттик,– деди Бостон Гүлүмканды колунан тарта,– Эрназарга келген элди тосуп, үйдө отурушубуз керек, минтип турганыбыз болбойт.

Гүлүмкан анын ийинине жөлөнүп, өз атасынын алдында күйүтүн чыгарыбаткандай боздоп ыйлап жиберди, көз жашына чакап, бирдемелерди айтып баратат, денеси калч-калч этет. Бостон чыканагынан кармай жөлөп, өзүнүн да көзүнөн жаш куюлуп, жетелешип, үйдү көздөй жөнөштү. Тоо арасындагы түркүн чөп, түркүн гүлдөрдүн жытына толгон жайкы кеч кирип баратат. Алдыларынан Эрназардын кыздарын жетелеп, Арзыгүл чыкты: эки аял бири бирине жетип, көрүшпөй жүрүп эми көрүшкөндөй кучакташып, өксүп-өксүп ыйлап жиберишти...

Ошондон жарым жыл өткөндөн кийин, Арзыгүл ооруканада, Гүлүмкан небак көл жээгиндеги балыкчылардын посёлогуна көчүп кеткен кезде Бостон ушул кечти эстеп, көкүрөгү өрөпкүп, көздөрүнө мөлтүлдөп жаш толуп чыккан эле.

Бостон палатада, аялы жаткан керебеттин жанында, жубайынын аябай азган, кан-сөлү жок кебетесин көрүп, көңүлү сыздап олтурган. Күздүн жылуу күндөрүнүн бири палатага жаткан башка оорулуулардын баары короодо басып жүрүшкөн, так ошондо Арзыгүл бир кеп айтты.

– Менин сага айтайын деген сөзүм бар,– деди ал энтигип, зорго сүйлөп. Бостон анын көздөрүнүн сарысы дагы да көбөйүп, бир түндө баштагыдан да нуру өчүп, чүңүрөйө түшкөнүн байкады.

– Эмнени айтайын дедиң эле, Арзыгүл, айта кой,– деди Бостон аны эркелете сүйлөп.

– Доктурга жолуктуңбу?

– Жолуктум. Ал айтат...

– Коё тур. Анын айтканынын азыр кереги жок, аны анан сүйлөшөбүз. Биз экөөбүз сүйлөшүп ала турган чоң сөз бар, Бостон.

Муну укканда Бостондун жүрөгү кысыла түштү. Чөнтөгүнөн жүз аарчысын алып, маңдайындагы терин сүрттү.

– Аман-эсен сакайып чыгасың, – ошондо сүйлөшөбүз, азыр кыйналып турасың, жөн эле койчу. – Бостон сөздү бургусу келди, бирок аялынын көз карашынан баары бир айтылчу сөз бышып-жетилгенин сезди.

– Ар нерсенин өз учуру бар,– деди Арзыгүл кубарган эриндерин араң кыбыратып. – Мен бүт баарын тегерете ойлоп чыктым – ооруканада жатсаң ойлобогондо эмне кыласың? Экөөбүз жаман жашабаппыз, муну ойлодум; тагдырыма ыраазымын. Кудайдын кулагы сүйүнсүн – балдарды бактык, өстүрдүк, эми өз алдынча жансактап кетүүгө кудуреттери жетет. Балдар тууралуу экөөбүз өзүнчө да сүйлөшөбүз. Мен сени аяйм, Бостон. Баарынан да сени аяйм. Эбиң жок, адамдын ич-койнуна кирет, мамиле түзөт дегенди билбейсиң, эч кимдин алдында жүгүнгүң келбейт. Жашың да барып калды, жаш эмессиң. Менин көзүм өткөндөн кийин кишиден качканыңды кой. Жалгыз коколой башың менен жашап жүрө бербе дегеним, Бостон. Ашымды берерсиң, анан кийинки жашооң кандай болот, аны ойлон, мен сенин бир үйдө жалгыз калышыңды каалабайм. Балдардын өз турмушу бар.

– Мунун баарын эмне айтыбатасың? – Күңгүрөнө үн катты Бостон. – Экөөбүз сүйлөшчү кеп ушубу?

– Ушу, Бостон, ушу! Башка эмнени сүйлөшмөк элек. Акыркы айтылчу кеп ушундай болот. Өлгөндөн кийин эмненин кеби? Биерде жатып, сени да, өзүмдү да жакшы эле ойлодум. Гүлүмкан мага тынбай келибатат. Өзүң билесиң, бизге ал бөлөк-бөтөн киши эмес. Тагдыр ушул экен, жаш балдары менен жесир калды. Мыкты келин. Менин сага бир акылым – ошого үйлөнүп ал. Андан кийин кандай жашайсың, аны өзүң чеч. Ар кимдин акылы өзүндө. Мен көз жумгандан кийин ушул ортобузда болгон сөздү

Гүлүмканга төкпөй-чачпай айт... Балким, тагдырыңар мен каалагандай болуп чыгаар. Эрназардын балдарына ата ордуна ата керек...

Ысык-Көлгө сырттан келгендер: көлдө жашап туруп, көлгө басып барганга чололору тийбейт деп, көлдүктөргө күлүшөт. Мына Бостондун да кайсы кылымда көлдүн суусуна колу тийгени эсинде жок, качан болсо тээ алыстан, же жанынан өтүп баратып, Ысык-Көлдүн көгүлтүр кооздугуна суктанып тим болот.

А бу жолу кечке маал ооруканадан чыгып эле көл жээгине барды, тоо арасында чалкып жаткан бу ажайып деңиздин жээгинде өзү жалгыз бир отургусу келди. Ал шамалдын көл бетинде ак жалдуу толкундарды биринин артынан бирин катарлаштырып, көбүгүн чачыратып, кудум көзгө көрүнбөс соконун артынан жапырылып түшүп жаткан чым тиликтериндей бир кылка кылып жээкке кубалап келип жатканын карап отурду. Буулугуп ыйлагысы келди, так ушул ак жал толкундардай – көбүгүн чачырата түрүлүп келип жок болуп, кайра өзүнөн өзү түрүлүп пайда болуп жүгүрүп жаткан толкундардай – Ысык-Көлгө кирип жок болуп кеткиси келди – жашагысы келип да, келбей да турду.

* * *

Баары бир карышкырлардын кашарды тегеректеп, кулак-мээни жеп узакка улуп-уңшуганына Бостон чыдабады – төшөгүнөн турду. Бирок ага чейин алардын үнүнөн Кенжеш ойгонуп кетти. Бала чочуп, ыйлап ойгонду. Бостон аны бооруна кысып, акырын таптап, соорото баштады.

– Кенжеш! Кенжеш! Мына мен жаныңдамын. Эмнеден чочуп кеттиң, макоом десе. Мына апаң да жаныңда жатат, көрдүңбү? Эмне берейин? Жарыкты күйгүзөйүнбү?

Коркубатасыңбы? Коркпо, бу мышыктар эшиктеги. Мышыктар ушинтип бакыра берет.

Гүлүмкан ойгонуп кетти, ал да баланы сооротуп кирди, бирок Кенжеш басылбады. Жарыкты күйгүзүш керек болду.

– Гүлүм,– деди Бостон; жарыкты күйгүзүш үчүн ал эшиктин түбүнө барып калган. – Мен мылтык алып, буларды чочутуп келейин. Антпесе киши чыдап жаталгыдай эмес.

– Саат канча болуптур?

Бостон саатын карады.

– Үчкө жыйырма мүнөт калды.

– Карабайсыңбы,– деп кейиди Гүлүмкан. – А сен алтыда турушуң керек. Балээ болду го. Бу үнүң өчкөн Акбара бизди жинди кылып бүтмөй болду го. Эмне деген азап?

– Кейибе. Эмне кылалык эми? Мен бир паста кайра келем. Эң кур дегенде сен коркпой жатсаң. Чын эле бир азап болду, теңир ургурдуку. Сыртыңардан кулптап коём. Коркпо. Жат, уктай бер.

Ошо менен ал шаша-буша бутуна коңултак сала койгон керзи өтүктөрүн тарпылдатып, терезенин түбүнөн өтүп кетти. Бостон деги акыры карышкырларга бетмебет чыгайынчы деген ойго келди, ошол үчүн катуу-катуу кыйкырып, сөгүнүп-сагынып, иттерди чакырды. Ал баардыгына кайыл эле – бу жинденген карышкырлар анын да кыжырын кайнатып бүттү.

Бөлтүрүктөрүн кайрып бериш колунан келбеди. Эми көзгө чалдыкса карышкырларды атып салуудан башка айла калган жок – жарым автомат күчтүү мылтык болсо бар.

Бирок карышкырлар көзгө чалдыкпады. Ичинен баары-жоктун баарын сөгүп, үйгө кайтууга аргасыз болду. Бирок уктай алган жок. Небактан көкүрөгүндө жыйы-

лып жүргөн ойлор удургуп башына чыгып, караңгыда көпкө жатты.

Ар нерсени ойлоду. Баарынан да санаасы санга бөлүнгөн нерсе – жыл өткөн сайын ак ниет, адал иштөө кыйындап баратат – мына ушуну ойлоду, анан да карап турсаң – азыркы кишилерде, айрыкча жаштарда абийир деген калбай калды. Айтылган сөзгө азыр эч ким ишенбейт. Ар ким эле жанталашып, өзүнө пайда чыгар нерсенин артынан түшүп алган. Согушка чейин атактуу Чоң-Чүй каналын казган кезде эл өлкөнүн түркүн тарабынан агылып келип, өз эрки менен бекер иштеп бербеди беле. Азыр буга эч ким ишенбейт, койсоңорчу жомогуңарды, ошондой болушу акылга сыяр иш эмес деп турушат. Кой бакканга киши чыкпайт, мойнунан байлап сүйрөсөң да эч ким барбайт. Муну баары билишет, бирок бул убактылуу нерсе демиш болуп кебелишпейт. А кокус оозуңдан чыгып кетсе – бүттү, балаага кабылганың ошо, жалган ушакты таратыбаткандын бири болосуң да, каласың. Сен кай өлкөнүн сөзүн сүйлөп турасың, дешип, шектене карашат. Көңүлүн ыраазы кылган жалгыз нерсе ушу: жыл бою дем алышы жок, отпускасы жок, койдун артынан жүргөнүң жүргөн, бул эмне деген турмуш деп Гүлүмкан чатак чыгарса жөнү барбы – бар, бирок ал антпейт, урушпайт, наамазыланбайт. Отурду таштап коюп кете берүүгө болбойт, мал – өчүрүп таштасаң өчүп тура берчү машине эмес, аппарат эмес, аны токтотуп коё албайсың, малдан күн дебей, түн дебей көздү айрыбаш керек. Ошон үчүн малга киши жетпейт. Кишилер жоктуктан эмес, кишилер каалабагандыктан жетпейт. А себеби эмнеде? Эмгексиз жашоо мүмкүн эмес го... Эмгексиз жашоо – өлүмгө алпарат. Адамдар ушуну түшүнбөй жатат дейсиңби. А балким, кеп башкача жашап, башкача эмгектениш керек экендигинде болубатпасын? Сакманчы табылбай, туут учурунда канча азап чегишти. Жаштар андай

ишке дегеле баргысы жок. Сакманчы күнү-түнү менен тыным көрбөйт. Бирөөдөн корккон үчүн эмес, туулган төлдү кароосуз калтырууга адамдын абийири чыдабайт – ошон үчүн; а жаштар андай ишке желкесинен түртсөң да барбайт. Азыркы жаштар чыла, баткак кечип, элден обочо бир жерде иштегиси келбейт. Анүстүнө сакмандан ким жыргап акча алчу эле, шаардагы фабрикада же курулушта иштеген улан-кыздар сегиз сааттык иш күнүндө андан алдаканча көп тапчу эмес беле. «А биз кандай өмүр бою кай жер пайдалуу болсо, ошерди качырбай эле, кай жерге жумушчу кол жетпей жатса, ошерге барып иштеп жүрдүк? Эми жаштарга кезек келгенде, буларыңдын колунан жакшылык келчү түрлөрү көрүнбөйт, уят-сыйыт, абийир дегенди билишпейт»,– деп карыялар канча наараазы болушту. Мына ушул конфликт – акырындап отуруп муундардын ортосундагы бирин бири түшүнбөөчүлүккө, бири биринен жатыркап, оолактоого апкелген конфликт – небактан адамдардын көңүлүн өйүп келди. Баягы директордо өткөн кеңешмедеги сөз Бостондун эсине кайрадан дагы түштү. Ошо чогулушта токтоно албай кетти. Бекер кылды. Ошо жолу сөзүндө ар бир адам өзүнүн керт башы үчүн иштебаткандай иштеш керектигин айтып чыкты. Башка жол жок, а мун үчүн киши жасабаткан ишинин натыйжасына жеке кызыгуусу болуу керек,– деди ал. Эмгек акы иштин натыйжасына жараша төлөнүш керек, а башкы нерсе – чабандын өз жери болсун, жери үчүн ал, анын үй-бүлөсү, жардамчылары өз баласына күйгөндөй күйүп, кам көрүп турсун, антпесе биздин мээнеттен эчтеме чыкпайт, – деп Бостон мурда эле бир нече жолу айткан...

Соккуну адаттагыдай эле ал парторг Кочкорбаевден алды. Совхоздо гезит киши деген атка конгон Кочкорбаев директордун үстөлүнүн оң тарабында, Бостонго капталын салып отурат эле. Кабагын бүркөп, кыязы, көңүлү

бузула түштү окшойт, олуттуу көрүнүү үчүн мойнундагы галстугун кайра-кайра оңдогулап, Бостонду жактырбаган түр менен карап отурду Кочкорбаев. Совхоздун директору Чотбаев Кочкорбаевдин эмне ойлобатканын айттырбай эле билип отурду. Көп жыл чогуу иштешип жүрүп ал Кочкорбаевдеги кызыл кекиртек демагогдун эч нерседен кайтпас, жоюлбас-түгөнбөс, өмүр өткүчө жеткидей кылып бир жаттап алган логикасын жакшы байкап-баамдап калган эле, ал логикасы ушул: Бостон Үркүнчиев – жаңы типтеги кулак жана контрреволюционер, мына дагы суурулуп чыгып келатканын кара. Турмуш жакшы эле өпкөсүн өзөртө коюбатат, а бу өз билгенин бербейт. Илгерки замандагыдай кылып, көздөн далдоо, оолак айдап жиберсе...

Директордун кабинетинде өтүп жаткан ошо күнкү кеңешмеге райкомдун жаңы инструктору да катышып олтурган, өзү сыртынан жөнөкөй, жупуну жаш жигит экен. «Бериктегилер» муну али таанып-биле элек. Ал сүйлөгөндөрдү кунт коюп угуп, чөнтөк дептерине баарын жазып жатты. «Райкомдун жаңы инструкторуна өзүн көргөзүп калуу үчүн Кочкорбаевге мындай учур табылбас» деп ойлоп отурган Чотбаев. Жаңылбаптыр. Бостон сүйлөп бүткөндөн кийин Кочкорбаев реплика иретинде бир кеп айтмакчы болуп, сөз алды. Сүйлөгөндө кудум жазылуу нерсени окубаткандай сүйлөдү: ал маселени туура гезитте жазылгандай чечмелегенге уста болуп бүткөн, анын күчү ушунда эле.

– Качанга чейин, жолдош Үркүнчиев, – деп ал адатынча Бостонго «сиз» деп кайрылды,– качанга чейин сиз өзүңүздүн өтө шектүү сунуштарыңыз менен олтурган адамдарды ыңгайсыз абалда калтыра бересиз? Социалисттик коллективдин ичиндеги өндүрүштүк мамилелердин тиби небак эле тарых тарабынан аныкталган. А сиз чабан ким менен иштейт, ким менен иштебейт, кимге кан-

ча төлөш керек – ошонун баарын кожоюн катары өзү чечиш керек деп маселе көтөргүңүз келет. Бул эмне дегендикке жатат? Бул – тарыхка, биздин революциялык жеңиштерибизге чабуул жасоо, экономиканы саясаттан жогору коюу дегендикке жатат. Сиз өзүңүздүн бир короо коюңуздун гана тар кызыкчылыгынан карап жатасыз. Сиз үчүн мындан өткөн маселе жок. Бирок билип коюңуз – сиздин оторуңуздун ары жагында район, область, өлкө турубатат! Суроо туулат: сиз бизди эмнеге алпарып такагыңыз келип турат – Чарба жүргүзүүнүн социалисттик принциптеринин бурмаланышынабы?

Кыжыры кайнаган Бостон ордунан тура калды.

– Мен эч кимди эч жакка үндөбаткан жерим жок, эч кимди эч жерге алпарып такап салмакчы да эмесмин. Мен муну айта берип чарчадым. Мен эч кимди эч жакка сүйрөбөйм, областта, өлкөдө, андан ары бүт дүйнөдө эмне болубатканы – мага окшогон малчынын иши эмес. Менсиз да акылмандар көп. Менин ишим – отор үчүн жооп бериш. Эгер мен өзүмдүн оторум жөнүндө эмне ойлоп жатканымды парторг билгиси келбесе, анда момындай кеңешмеге мени эмне чакырат, эмнеге иштен алагды кылат? Курулай сөздүн мага кереги жок. Курулай шылдыр сөздүн, балким, бирөөлөр үчүн мааниси бардыр, бирок мен момундай сөзгө түшүнбөйм. Жолдош деректир, мени мындан ары чакырбагыла! Мени ишимден алагды кылбагыла! Буга окшогон кеңешменин мага кереги жок!

– Андай болбойт да, Боске! – Чотбаев эмне кыларын билбей ордунан козголуп-козголуп алды. – Сен совхоздун алдыңкы, мыкты чабанысың, тажрыйбаң мол, сенин ой пикириңди биз билгибиз келет. Ошон үчүн чакырабыз.

– Мен сага таң калып турам, деректир, – деп Бостон кызууланып кетти. – Эгер менин алдыңкы чабан экеним чын болсо, буга мен кандай аракет, кандай мээнет менен жетибатам, ошону, деректир, сен билбегенде ким билет.

Мен оозумду ача электе эле Кочкорбаев баса калып сүйлөтпөй, прокурордон бетер кыйкым таап турат, а сен, деректир, эчтеме көрбөгөн, эчтеме билбеген кишидей, мунун баарынын сага тиешеси жоктой унчукпай отурганың отурган.

– Коё тур, коё тур,– деп сөздү бөлдү Чотбаев.

Директордун айласы жаман кете түштү: ал кыйын абалга туш келген эле – Бостон менен Кочкорбаевдин ортосунда – тигиге да тартпай, буга да тартпай, калыс көрүнүп жүрчү эле, бу жолу директор болгон соң – райкомдун инструкторунун көзүнчө өз позициясын айкын көргөзүшү керек болуп калды. Анын оюнча Кочкорбаевге окшогон гезит-кишиден аман-эсен оолак жүргөндөн жакшысы жок; анын демагогиясы айбаттуу күчтөрдү кыймылга келтирип жиберүүгө кудурети жетет: себеп дегенде Кочкорбаев чийген чийимден бир нукум чыкпай жашаган адамдардын өзүнчө бир тизмегинде турган киши. Бу жолу да Кочкорбаев талкууну атайын курчутуп, чү деген жерден эле чабанды «биздин революциялык жеңиштерибизге чабуул койгон» адам катары – ашык-кеми жок айып тагып отурат, ушундан кийин ким ага каршы чыгат? Бирок кандайда болсо бул абалдан чыгыш керек эле.

– Коё тур, коё тур, Боске, сен кызууланба,– деди директор ордунан өйдө туруп. – Кана, бир териштирип-тескеп көрөлүчү, жолдоштор. – Отургандарга кайрылды ал, ичинде эки тарапты кантип элдештириш керектигин ойлоп, бушайман болубатты. Албетте, Бостондун айтыбатканы туура, бирок Кочкорбаев менен ойноп болбойт. Кандай кылыш керек? – Кеп биерде эмне жөнүндө болубатат? – деп ой жүгүрттү Чотбаев,– Менин түшүнүгүмдө – чабан өз оторунун жана жердин кожоюну болсом дейт, жалданып иштеп жүргөн кишидей болбосом дейт, муну ал өз атынан гана эмес, өзүнүн бригадасынын да, чабан-

дардын үй-бүлөсүнүн да атынан айтыбатат – бу жагын эске албай коюуга да болбойт. Мындай сунуштун, менин оюмча, жүйөөсү болуп турат. Чабандык бригада дегенибиз – бул биздин кичи экономикалык ячейка. Ишти ушу ячейкадан баштоо керек. Менин түшүнүгүмчө, Үркүнчиев баардыгын өз колуна алгысы келип отурат – малды да, жайытты да, тоютту да, кашар жана башка имараттарды да – кыскасы, өндүрүшкө эмне керек болсо, ошонун баарын бир колго чогулткусу келип отурат. Ал эми иштеген ар бир адам – эгер башка бирөө үчүн эмес, өзү үчүн болгон мүмкүнчүлүгүн бүт жумшап иштегенде – канча эмгек акы аларын даана билсин үчүн бригадалык расчётту киргизүүнү ниет кылууда. Мына мен Үркүнчиевдин сунушун ушундай түшүнөмүн; бул сунушка биз көңүл бурушубуз керек.

– А менин, жолдош Чотбаев, сиз экөөбүз жетекчилик кылып отурган совхоздун парторгу катары оюм мындай: социалисттик өндүрүштө жеке менчиктик психологияны колдоого алуу – кайсы гана кызматкерге болбосун, айрыкча чарбанын жетекчисине эч бир жарашпай турган иш,– деди Кочкорбаев, анын үнүнөн директорду каарып өтүүнүн салтанаты сезилип турду.

– Бирок түшүнсөңүздөр, бул иштин кызыкчылыгын көздөгөн сунуш болубатпайбы,– деп директор актана баштады. – Жаштардын чабандык бригадага барбай жатышынын себеби кайда...

– Демек, бизде агитациялык-массалык иш начар жүргүзүлүп жатат, жаштарга Павлик Морозов, анын кыргыздардан чыккан эрдиктеш жолдошу Кычан Жакыпов жөнүндө эскертип айтуу керек.

– А бу таптак сизге тиешелүү иш, жолдош Кочкорбаев, – деп сөз келгенде айтып калды директор. – Жол ачык. Эскертиңиз, үгүттөңүз. Сизге эч ким жолтоо болубаткан жери жок.

– Үгүттөйбүз, эскертебиз, а жагынан тынчсызданбай эле коюңуз,– деп өйдөтөн сүйлөдү Кочкорбаев. – Биз иш-чаралардын өзүнчө комплексин иштеп чыкканбыз. Бирок да канчалык чүмбөттөп, жымсалдабасын, жеке менчиктик умтулуулардын тамырына өз учурунда балта чаап туруунун мааниси чоң, жолдоштор. Биз социализмдин негиздерин бузуп-жарууга жол бере албайбыз.

Бул эң эле олуттуу түрдө жүрүп жаткан талаш-тартышты угуп олтуруп Бостон Үркүнчиевдин жылдызы өчүп, коркунуч тамагын кысып келаткандай болду. Ушунчалыкка чейин кете турган эмне сөз айтты? Болгону – бу жер үстүндө бирөөнүн түрткүлөөсү аркылуу эмес, өз демилгеси менен иштегиси келерин, өзүнүн көзү жетип турган нерсени жасагысы келерин гана айтты го.

– Биз эч кимди эркелетип, өз билгенин жасаттырып, тайраңдата албайбыз, антүүгө бизге укукту эч ким берген эмес, – деп сөзүн улады Кочкорбаев. – Өндүрүштүн социалисттик формаларында иштөөгө баардыгы милдеттүү. Менин сөзүм баарыдан мурда жолдош Үркүнчиевге багытталып жатат. Бул адам качан болсо өзүнө кандайдыр эч жерде жок шарттарды түзүп берүүнү талап кылып келатат.

– Өзүм эле эмес, андай шарт баардыгына керек,– деп сөзүн жулуп алды Бостон,– ошондо ишибиз да ылдам илгерилейт.

– Шегим бар! А дегиңкисинде, кайдагы бир шарттарды көтөрүп чыга калыш – бу өзү эмне деген өнөр? Муну жасап бергиле, тигини жасап бергиле. Жолдош Үркүнчиев, өз оторуңузга жекече жайыт жасап алам деп баратып Ала-Мөңгүнүн белинде кара башыл кишини өлтүрүп тынганыңыз да жетишет. Же бул сизге аздык кылыбатабы?

– Айта түш, айта түш! – деп жаалдана бурк этти Бостон. Эрназардын кырсыктуу өлүмүн ушинтип, кетип ба-

ратып ташты тээп өткөндөй, жоктон жок балп эткизе айтып турганына ичи сыйрыла түштү.

– Эмне – «айта түш, айта түш?» Мен жалган айтыбатамбы? – Белге тээп өттү Кочкорбаев.

– Жалган айтыбатасың.

– Каери жалган: Эрназардын сөөгү эмгиче белде, муздун ичинде жатпайбы. А балким, ошерде дагы миң жыл жатат ал. Аны кайда катасыз?

Бостон унчуккан жок. Кеңешмеде оор кырсык жөнүнөн сөз кеткенине чийки май жегендей көңүлү айланып кетти. Бирок Кочкорбаев таптакыр кырданып алды.

– Эмне унчукпайсыз, жолдош Үркүнчиев? – деп жараны чукуду ал. – Өзүңүз үчүн жаңы, жекече жайлоо ачып алууга жөнөгөн сиз белеңиз, же башка бирөө беле?

– Ооба, өзүм үчүн жөнөгөм, – деп кескин айтты Бостон,– Бирок өзүм үчүн гана эмес, баардыгы үчүн, анын ичинде, Кочкорбаев, сен үчүн да жөнөгөм. Себеп дегенде сен мени эмес, мен сени ичиндирип, тоюндуруп отурам. Сен суу ичкен кудугуңа түкүрүбатасың, билсең!

– Бул эмне дегендик? – Кочкорбаевдин ачуусу келип, кыпкызыл болуп кетти. – Мен баардык нерсе үчүн партияга гана милдеткермин.

– А партия сени тойгузуш үчүн тамакты кайдан алат деп ойлойсуң? – Кекээрдүү сурады Бостон. – Асмандан алат дейсиңби?

– Бул эмне дегендик, бул эмне деген жоопкерчиликсиз сөздөр! – деп кыйкырып ийди Кочкорбаев, калтыраган колдору менен галстугун оңдогулап.

Чатак катуу чыкчудай болуп калды. Кочкорбаев менен Бостон атууга өкүм кылынган кишилердей – бири үстөлдүн жанында, бири дубалдын түбүндө – мына аз болсо эле бирөө шалак деп жерге кулап түшчүдөй туруп калышты. Абалды райкомдун жаш инструктору биртике оңдоп кетти.

– Сабыр кылыңыздар, жолдоштор! – деди ал капыстан, чөнтөк дептерине бирдемелерди жазып, бурчта отурган жеринен. – Менимче, чабан Үркүнчиевдики, негизинен туура. Эмгекчи адам – биз айтып жүргөндөй, материалдык байлыкты жаратып жаткан адам – өз сөзүн айтууга укуктуу. Бирок мынчалык терең кетүүнүн кажаты бар беле?

– Сиз бу кишини билбейсиз, жолдош Мамбетов,– деп шашыла коштой чапты Кочкорбаев. – Үркүнчиевдин дооматтарын айтып олтурса түгөнбөйт. Мына, мисалга жакында Нойгутов деген бир чабан, ооба, Нойгутов Базарбай өзү тоодон карышкырдын үңкүрүн таап алат. Ичинде төрт бөлтүрүк бар экен, Нойгутов бир үйүрдүн тукумун курут кылыш үчүн төртөөн тең экспроприировать кылат, башкача айтканда, тыйпыл алып кетет. Кыскасы, өз милдетин туура аткарат. Анан эмне болгонун угуп туруңуздар эми. Бу Үркүнчиев жолдош Нойгутовдун сары изине чөп салып артынан түшөт. Элден мурун Нойгутовду акчага алдап, сатып алгысы келет, анысы ордунан чыкпайт, анткени Нойгутов принципиалдуу киши, аны эч ким сатып алалбайт, анда Үркүнчиев бөлтүрүктөрдү ордуна алпарып кой деп, Нойгутовду коркутуп-үркүтүп, опузалай баштайт. Ордуна алпар дегени – жырткычтар мындан ары да көбөйө берсин дегени да. Бу эмне деген жорук? Муну кандай түшүнүүгө болот? Балким, жолдош Үркүнчиев, башкасынын баары бүтүп, эми кожолук, жеке өзүңүздүн, башкача айтканда, персоналдуу карышкырларды күтүшүңүз калдыбы? Балким, совхоз сизди карышкырлар менен камсыз кылууга милдеттүү болуп жүрбөсүн? Элден мурун кожолук жер, кожолук отор, анан кожолук карышкырлар керек болот да! Ушундайбы? Болбосо сиздин жоругуңузду кандайча түшүнүүгө болот – карышкырлар көбөйө берсин, биздин малды че-

кесинен кыра берсин, жалпы элдик менчиктин эсебинен жашай берсин дегениңизби?

Бул учурда Бостон ачууга алдырбайын деп, акыл токтотуп калган эле, жай гана минтип айтты:

– Карышкырлар туурасында сөздөрдүн калети жок, бирок бир гана жаман жери – бу кудай урган карышкырлар жалпы элдик менчикке кол салып жатышканын эч түшүнбөйт экен да.

Отургандар аргасыздан күлүп жиберишти, тыным боло түштү, Бостон ошондон пайдаланып сөзүн улады:

– Биер карышкырларды кеп кыла турган жер эмес эле, бирок эми мынча сөз болуп калды, мен да өз оюмду айтайын. Ар кандай ишке акыл-эстүү мамиле жасоо парз, бизди жаратылыш ошон үчүн акыл-эстүү кылып жараткан. А кээ бирөөбүздүн акылыбыз кыска, жел өпкөлүгүбүз жер-суугa батпайт. Мына, мисалга бөлтүрүктөргө байланыштуу окуяны алалы. Өзүңөр уктуңар, Базарбай бөлтүрүктөрдү үңкүрдө жаткан жеринен алып чыккан, а туурасын айтканда, каракчылык, уурулук кылган! Эми Базарбай бир укмуш баатырдык жасап салгансып, мунун тегерегиндеги уу-дууну айтпа. Ал баатыр андай эле кыйын экен – элден мурун дөбөт менен канчыгынын артынан түшүп, аларды атып албайбы, анан бөлтүрүктөр эч жакка качпайт эле го. Ал болсо бөлтүрүктөрдү эртерээк сатып, акчасына арак ичкенге шашты. Мен эмне үчүн Базарбайдан бөлтүрүктөрдү мага бер же сат деп сурадым – үңкүрдөн балдарын алдырып жинденген эки карышкыр адамга өчүккөн бойдон калып калбасын дедим, бөлтүрүктөрү аркылуу эптеп бир буктурмага апкелейин дедим. Жинденип, өчүккөн карышкыр үйүрү менен жүргөн он карышкырдан да жаман – муну түшүнүш керек. Өчүн алып, көксөөсү суумайынча жаны тынбайт. Мына эми – эки карышкыр – дөбөтүн Ташчайнар, канчыгын Акбара деп коёбуз – бу тегерек-чөлкөмгө азыр

кандай калаймакан салыбатканын бүт чабандар жакшы билет. Буларды эмне кылып токтотобуз, токтото албайбыз, алар кишиге кол салуудан кайра тартпайт. Гезиттен, китептен окуп калып жүрөм – кээ бир ичи арам кишилерди провокатор деп коёт. Базарбай так ошо карышкырларга провокатор болду, карышкырларды малжанга каршы түздөн-түз тукурду. Мен анын өзүнө айткам, азыр да өзүнө айтам: биерден ал коён жүрөк провокатордун ишин жасады. Сенин да, парторг, көзүңө айтып коёюн, сен өзүң деги эмне деген кишисиң, түшүнбөйм. Биздин совхозго келгениңе канча жыл болду, гезиттерди окуп алып, мага окшогон малчыларды «революцияга каршысың, совет бийлигине каршысың» деп коркутупүркүткөндөн башка эмне иш бүтүрүбатасың, чарбанын таш балээсин да билбейсиң, болбосо кишини «карышкырларды көбөйткүсү келет» деп күнөөлөйт белек. Болуптур эми, карышкырларды мындай коёлу – сенин бу койгон күнөөңү бизден башка киши укпасын. Бирок мага дагы бир күнөө тагыбатасың. Ал тууурасында, жолдош Кочкорбаев, мен биерде жооп бербей коё албайм. Ырас, Эрназар ашуудан каза тапты. Бирок ал экөөбүз ошол ашууга эмне үчүн бардык? Жыргаганыбыздан барыптырбызбы? Же бирдемебизди жоготуп, ошону издеп бардыкпы? А сен, парторг, кандай муктаждык бизди ошоякка темселетип алпарды, ошону ойлодуңбу, жайыттын тартыштыгы жаныбызга батпаганда анчалык тобокелге биз да барбайт элек, ошону ойлодуңбу? Күн өткөн сайын жайыттардын жайы жаман болуп баратат. Мына биерде деректир отурат, совхозго жаңы келгенинде белден буралган чөп бар эле, жайыттарды карасаң көз тоёр эле, жер кандай кур эле! Азыр карагылачы! Кай жакты карасаң чаң учкан как жер, чөптүн ар бир талын коруп олтурабыз; мунун баарынын себеби эмнеде – жайыттын

чама-чаркы баланча гана койго ылайык болсо, биз андан он эсе көп койду жайып жатабыз; жер туякка тепселип, чаңы чыгып бүттү. Мына ошон үчүн Эрназар экөөбүз Кичибелге жол тартканбыз. Малдын жайыты түзүгүрөөк болсун дегенбиз, бирок ойдо жок жерден кырсыкка кабылдык. Ишибиз оңунан чыкпай калды. Ошо менен Кичибел деген максатыбыздан кол үзүп, унчукпай олтуруп калдым, кайгы башка түшкөндө аны ойлоого чама да болбоду, кайгы унчукпашка аргасыз кылды. Эгер иш оңунан чыкканында, ошол жылы Москвага көргөзмөгө барат элем, биздин эң чоң жетекчилерибизге кирип, Кочкорбаев, сен жөнүндө айтат элем. «Мен партия жөнүндө гана ойлойм» деп чалкалайсың, а партияга сага окшогон, өзү эчтеме жасабаган, башкалардын колун жипсиз байлаган кишилер керекпи деги.

– Сиз тим койсо чектен чыгып баратасыз! – Чыдабай кетти Кочкорбаев. – Бул жалаа! Бу сөздөрүңүз үчүн, Үркүнчиев, партиялык негизде катуу жооп бересиз.

– Мен өзүм да баардык маселеге жоопту партиялык чогулушта берүүнү каалап турам. Эгер менин ойлогон оюм, жасаган ишим чынында эле тескери болубатса, анда менин жазамды колума бергиле, демек, мен партиянын катарында турууга татыксызмын, аяп-саяп отуруунун кереги жок. Бирок сен өзүң жөнүндө да так ушундай ойлонууга тийишсиң, Кочкорбаев.

– Менин ойлоно турган эч кандай жөнүм жок, жолдош Үркүнчиев. Менин абийирим таза. Мен ар дайым партия менен биргемин.

Бостон тоого жүгүрүп чыгып бараткан кишидей терең бир дем алды да, райкомдун инструкторуна кайрылып:

– А сенден өтүнүчүм, жолдош жаңы инструктор, биздин акыбалыбызды райкомго айтып бар. Бизди партиялык чогулушта карашсын. Мен мындан ары минтип жашай албайм.

Бул бул болду. Бирок иш экөөнүн ушул кагылышуусу менен бүтүп калбады, чатак дагы күчөдү. А күнү Бостон Үркүнчиев өз тиричилиги менен жакага түшкөн эле. Көл боюндагы бак-дарак мына бүгүн-эртең гүл ачат деп турган учур. Бостон менен Гүлүмкандын энчисинде эки уй, эки короо-жай болуп, экөө тең алардын гана колун карап калган. Жаз аяктап баратканына карабай эки бакка дары-дармек чачып, түбүн түптөп койгонго Бостондун чолосу тийбей жүргөн кез болчу. Чабандын иши ушу да – малдын түйшүгү көп, тоо арасынан чыкпайсың, жакадагы чарбаны тескеп турганга убакыт жок. Мына жасайм, ана жасайм деп жүрүп, бир күнү карасаң – учурду небак өткөрүп ийгенсиң. Бирок эмне болгон күндө да бак-даракка дары чачпай коюшка болбойт – чачпасаң бир паста жайнап курт түшүп, ачылып келаткан бүчүрдү мойсоп жиберет – түшүмдөн кур алакан каласың. Бу жолу Гүлүмкандын да чыдамы жетпей кетип, Бостонду катуу каптады. «Мына-мына деп жүрүп, жай келмей болду, өзүң жасабасаң бир күнү таңынан туруп барып кошуналардын бири менен сүйлөшүп, акысын берейин, бак-шакты иретке келтирип кой деп, макулдашып кайтыш да колуңан келбейби» – деди ал.

– Үй-жайга каралашуу деген деги болобу сенде? – деп Гүлүмкан ызаланды. – Күн дебей, түн дебей кой менен алексиң, же чогулушуң түгөнбөйт, аякта жүрөсүң. Бак-шакты жөндөй коюш колуңан келбесе, Кенжеш менен бир күн үйдө отурчу,– макоо да, сымаптай мөлтүлдөп турат – жакага түшүп, сен жасачу иштин баарын мен жасап келейин.

Гүлүмкандын айтканында калет жок, сеники туура эмес дей албайсың – унчукпай угуп отурушка аргасыз болду.

Ошо менен таңында көл боюн көздөй жөнөп берген. Астында Донкүлүк. Жаз келгенде көк да күчүнө кирет,

ат да күчүнө кирет деген эзелки кеп бекер айтылбаган. Анын үстүнө Донкулуктүн каруу-күчкө толуп турган учуру – көздөрү жалтылдап ойноп, жал-көкүлүн силкип, жай басыкка алымсынбай, жулкуна басып, алып учуп кетүүгө даяр. Бирок аттын оозун коё берип, дуулдап чаап жөнөй бере турган маанай Бостондо жок эле. Ал жулкунган аттын оозун тарта кармап, жолдо өзүнчө аркы-беркини ойлоп, жай жүрүп олтурууну каалады. Түндө жаман уктады. Улам бир капталына оодарылып түйшөлүп, парторгдун аны Эрназардын өлүмүнө күнөөкөр кылганын ойлобоюн десе да, оюнан кетпей кыйналып чыкты. Чогулуштан үйгө келгенден кийин аерде кандай кеп-сөз болгонун аялына кыскача айтып берген, бирок Кочкорбаевдин тигинтип күнөө тагып, асылганы жөнүндө унчуккан эмес. Гүлүмканга мурдагы күйөөсүн жок жерден эстетүүнү туура көргөн жок. Эрназар каза тапкандан бери бир топ өтүп кетти дечи, бирок канча кылган менен ал жөнүндө сөз кылуу Бостонго да, Гүлүмканга да оор – кайран жигиттин сөөгү али да жерге көмүлбөй, Ала-Мөңгүнүн ашуусунда, көзгө сайса көрүнгүс караңгы түндөй туңгуюктун музу менен муз болуп тоңуп турбайбы. Кочкорбаевдин таккан айыбы жөнүндө унчукпай коюу эле эп. Ошентип жатып жаңы эле көзү илинеринде бөрүлөрдүн үнү озондоп чыга келди. Кашардын желкесиндеги кырга олтуруп алып, Акбара уурдалган бөлтүрүктөрүн жоктоп, өзөгү күйүп, адатынча өксүп улуп кирди. Ташчайнар күрүлдөп, үнү көмөкөйдөн эмес, көрүктөн чыгып аткандай ичин эңшере чыгып, аны коштоду. Мурда экөөнүн улуганын уккан сайын бечара айбандардын абалына боору ооруп турчу Бостондун эми кыжыры келе баштады, адамга тынчтык бербей боздогон бу жырткычтарды жайлап тынып, жандарын жай алдырмакчы болду; антпесе үйдүн түбүнө олтуруп алып, каргыш-наалатын айтчу акмакка айтпай, эч тиешеси жок Бостонго

шилеп жатпайбы, анын күнөөсү кайсы? Ушу түнү ал кандай амал менен болсо да карышкырларды жок кылууну чечти, муну кандайча ишке ашыруу жагын да бышыктап ойлонуп чыкты. Анын үстүнө ал чогулушта Кочкорбаев менен челкилдешип жаткан кезде, Акбара, Ташчайнар экөө анын оторунан үч койду жара тартып кетиптир. Жардамчы койчунун айтымында, оторго өңүттөп жакын келген карышкырлар анын таягын булгалап, кыйкырып-өкүргөнүнө кулак да кагып койбой, арбаңдап турган адамдан сестенбей, үч койду кызыл-жаян кылып, жара тартып басып кетишиптир. Бул окуя Бостондун жанына катуу тийди. Минтип отурса башка жакка көчүүдөн башка арга жок, карышкырлардан качып берсек – абийирдин төгүлгөнү ушу да деп ойлоду ал, Акбара менен Ташчайнар болсо бу түнү өздөрүнүн озондогон улушу аркылуу өздөрүн өлүм жазасына тартып жатканын билишпеди. Эртең менен көл жээкти карай аттанганда, Бостон бөрүлөрдүн артынан сая түшүп, көздөгөн оюн аткармак. Мейли деди ал Гүлүмканды наалытпай алгач бак-шакты жөндөп коюп, анан экөөнүн артынан түшөйүн.

Жолдо мына ушуларды ойлоп келатты Бостон...

Бакка дары-дармек чачып, түптөрүн түптөө ошол эле күнү бүттү. Мындай жумушка маш бир бышык бала менен сүйлөшө койгон, ал бүт баарын ана-мына дегиче бүтүрдү да, койду. Бостон ага өзүнүн кара козуларынын бирин бермек болду.

Чарбактагы иштерин бүткөндөн кийин Бостон Кенжешке жаңы оюнчук сатып ала барууну ой кылды. Уулун сүйүнткүсү келди. Мына эми бир ай өтүп-өтпөй экиге толот, томполоңдогон макоо, үйдө чуркап жүрөт. Оюнкараагын айт, кылык-жоруктарын карап олтуруп, жашы өйдөлөп бараткан Бостондун ичи элжирейт, анын ар бир айткан жаңы сөзүнө жетине албай кубанат. Эркектин

балага, анын энесине имерилип, тартылып туруусунда катылып жаткан турмуштун терең, ыйык маңызын Бостон ушул чүрпөсү аркылуу түшүндү. Бул Бостондун маңдайына жазылган тагдырдын эң акыркы жеткен бийик чекити эле. Ал аялына, баласына көкүрөгүндөгү болгон сүйүүсүн бүт берүүнү чечкен, жашоодон андан ашык эч нерсени талап кылбады, андан ашыкты каалабады, себеп дегенде ушул өзү эле адамга тагдырдан берилген эң бийик таалай эмеспи. Ырас, бу жөнүндө ал эч жерде айтпады, бирок ичинде мунун ушундай экенин күмөн санабайт. Аялы да ичинен анын ушундай сезимин тең бөлүшөрүнө ишенет.

Раймагдын[1] аты «Маданият», Бостон ошонун жанына барып, аттан түшүп, ичине кирди да, оюнчук бака сатып алды – көздөрү тептегерек болуп тостоюп турат, кичинекей ачкыч менен бурамасын бурап койсо балпаңдап секирип жөнөп берет – Кенжешти борсулдатып бир күлдүрчүдөй. Эшикке чыгып, атка минмекчи болду эле, капыстан курсагынын ач экенин сезди; эртең мененки боюнча наар албаганын ошондо гана эстеди. Ашкана раймагдын мындайраак эле жанында болчу. Бостон, кырсык түрткөндө, ошого кирип чыгууну чечти. Бул өйдө-төмөн каттаган шоопурларды арзан тамак менен оокаттандырган жол боюндагы ашканалардын бири эле, күүгүмдөнгөн залына кирип барып, кире беришке жакын үстөлгө отура бергенде эле арт жагынан Базарбайдын үнү кулагына угулду. Кайрылып караган жок, бөтөлкөлөш достору менен шарактап ичип отурганын карабай эле билди. «Жатып ичерлерди жанына кагыратып чогултуп алып, чак түштө ичип турат, айбан, бет деген калган эмес турбайбы мында» деп ойлоду Бостон. Туруп, балаа-жалаадан алыс кетип калгысы келди, бирок

[1] Р а й м а г – райондук магазин.

кеткен жок; тамак ичем деп келип, чыга кача турган эмне жөнү бар? Борщ, котлет заказ кылды, ошо тапта, кыязы, Базарбайга бурчта Бостон отурганын айтышты көрүнөт. Арт жактагы үндөр бир саамга кастарын тиге тымый түштү да, анан кайрадан күүлдөп кирди. Аңгыча Бостонго Базарбайдын бөтөлкөлөштөрүнүн бири басып келди. Бул Көр Самат деген, тээ жаш чагында эле мушташта бир көзүн чыгара чаптырып алган, ушу жердик пыянкеч, анысы аз келгенсип ушакчы, чагымчы эргул эле.

– Салам, Бостон, салам! – деп ал табышмактуу арсаландап, колун сунду – айла жок, колун кармашка туура келди. – Эмне жалгыз отуруп калгансың? А биз Базарбай менен отурабыз. Көптөн бери жолукпай, бүгүн бир чогулуп коёлу деп чечтик. Жүр, биздин үстөлгө, Базарбай өзү чакырып атат.

– Убактысы жок экен де,– деди Бостон, салабатын бузбай, токтоо айтты. – Мынабу тамагымы жеп алып эле аттанып, тоого кетем.

– Тооң кайда качмак эле, барасың да.

– Жо, ырахмат. Иштен калбайын.

– Ошондой дечи. Болуптур, өзүң бил, бекер кылып атасың,– деди Көр Самат артына бурула берип.

Аңгыча болгон жок, Базарбай өзү келди, алагүү болуп кызып алган, аны ээрчип жан жөкөрлөрү кошо келди.

– Сен эмне мурдуңду асманга көтөрөсүң? Адам экен деп чакырып атабыз, эмне эле кейкейесиң? Же, эмне, элден артыкмын деп жүрөсүңбү? – Базарбай ай-кою жок эле омуроолоп кирди.

– Айтпадымбы, убактым жок. – Дагы да токтоо жооп берди Бостон, сүйлөшкүсү келбегенин атайылап эле көрсөтүп, тарелкадан борщту кашык менен шашпай сузуп ичип кирди; башка учур болсо бир ууртагандан кийин мындай жасалган тамакты зордосо да ууртамак эмес.

– Менин сенде жумушум бар, – деди да Базарбай, зөөкүрлөнө Бостондун маңдайына отуруп алды.

– Экөөбүздүн ортобузда эмне иш болмок эле? – деди Бостон.

– Экөөбүз сүйлөшө турган кеп бар, эсеби маселен, башкасын айтпасак да, баягы бөлтүрүктөрдү сөз кылсак болбойбу ыя? – Базарбай кабагын бүркөп, башын чайкап койду.

– Алар жөнүндө сүйлөшүп бүтпөдүк беле, аны кайра козгоонун эмне кажаты бар?

– Менимче, кажаты бар.

– Менимче, кажаты жок. Мага жолто болбо. Мен тамагымды ичем да, кетем.

– Кайда шашасың, ит! – Базарбай ыргып туруп, жини кайнаганда бузула түшкөн ирeңин жакындатып, Бостонго ийилди,– Кайда шашасын, сволуч? Биз али карышкырлар туурасында сүйлөшө элекпиз. Деректирдин кабинетинде сен бүт эл-журтка мени провокатор деп жарыяладыңбы, жарыяладың, менин айыман карышкырлар кутуруп кетмей болду дедиңби, дедиң, аны качан сүйлөшөбүз. Провокатор деген сөздү мен да билем, билбейт деп ойлойсуңбу? Жаман оюңда, мен – фашист, а сен жалгыз биздеги ак жүрөкмүн деп жүрөсүң го ээ?!

Бостон да ордунан тура калды. Экөө бетме-бет тиктешип, маташа түшүштү.

– Оозуңа келгенди оттобо,– деп какты Базарбайды Бостон. – Мен сени фашист деген эмесмин, оюма келбептир, ошентсем жаңылмак эмес экемин. А провокатор, мээси иштебеген кара мүртөз экениңди көзүңө мурда да айткам, азыр да айтам. А жагын кой, андан көрө азыр кайдан келсең ошо жериңе кет, мени жайыма кой – мындан жакшысы жок.

– Каерде болобуз, каерде болбойбуз, эмне кылабыз, эмне кылбайбыз – аны сенден сурабайбыз, – деп жинде-

нип кетти Базарбай. – Менин башкаруучум сенсиңби? Урдум мен сени. Болуптур, мен сенин айтымыңда провокатор экемин, а сен өзүң кимсиң? Сенин ким экениңди, эмне, эл билбейт дейсиңби? Эрназардын түбүнө жетерин жетип алып, эми бүт баары жабылды, кар жаады – изди басты деп турасыңбы? Сен, куйтуңдаган куу түлкү, Эрназардын тирүү кезинде эле анын катыны менен соо эмес болчусуң, өз катының өлөрүн билгенсиң да. Эрназарды ашууда түпкүргө түшүрө түртүп өлтүрдүң да, Гүлүмкан канчыкты алып алдың. Эр болсоң ушуну танып көрчү! Эмне үчүн жаракага Эрназар түшүп кетет да, сен түшпөй каласың? Экөөң бир жол менен бараттың белең, бир жол менен бараткансың. Эч ким эч нерсе билбей калды деп жүрөсүң го ээ?! Бирок чындык деген бар: Эрназар байкуш өлдү, а сен, албетте, тирүү калдың. Мына биз, эл көрүп турабыз. Ушундан кийин сен менен сенин канчыгың Гүлүмканда бет калдыбы же жокпу? Эрназар байкуш ашууда музда тоңуп жатат, жерге көмүлбөй, ит өлүмү менен өлдү, а сен энеңди урайын, анын абийири жок, шыйпаңдаган канчык катынын кучактап жатасың, жашоо-турмушуң жыргал, төрт тарабың кыбыла! Дагы партияга мүчө имиш! Сендейди партиядан көчүккө тээп айдап чыгыш керек. Алдыңкы имиш дагы, Стахановчу имиш! Сени небак соттош керек болчу!

Бостон Базарбайдын желмогуздай ирең-башына муштумун ойнотуп, балжа-булжа кылып жибере жаздап, зорго карманып турду. Тиги болсо чатакты ырбатып, ушерден бир мушташ чыгарып, өлбөгөн жерде калууну көздөп турган эле. Бирок Бостон дагы да токтоолук кылды, жаак эттери түйүлө тиштенип, маңдайында өз жинине өзү уугуп, күшүлдөп турган Базарбайга айтты:

– Менин сени менен сүйлөшө турган сөзүм жок. Сенин айткан сөзүң мен үчүн сокур тыйынга турбайт. Мен сага теңелбейм. Мен жөнүндө эмне деп ойлоп, эмне деп

айтасың, кандай айтасың – ал сенин ишиң. Айтарымды айттым, эми жолду тоспо. Эй, жигит,– ал официантты чакырды,– ме тамагыңдын акчасын ал. – Беш сомдукту колуна карматты да, унчукпай сыртка жөнөдү. Базарбай аны жеңден алды:

– Токто! Каякка? Канчыгыңа шашып атасыңбы, шашпай эле кой! Балким, ал сен жокто чабандардын бири менен үлпөт куруп жаткандыр, кой, жолтоо болбо!

Бостон жакын турган үстөлдөгү шампандын бош бөтөлкөсүн моюндан кармады да:

– Тарт колуңду! – деди тиштене сүйлөп, Базарбайдын купкуу боло түшкөн ирецинен көзүн албай туруп. – Дагы айтам, тарт колуңду! – Салмактуу кара-көк бөтөлкөнү имере кармады.

Бөтөлкөнү карыша кармаган боюнча сыртка чыкты. Атка мингенден кийин гана колунда бөтөлкө жүргөнүн байкады, аны арыктын ичин карай ыргытты да, Донкүлүктүн оозун коё берди – ат алып учуп жөнөп берди. Качантан бери атты мындай катуу чаба элек эле – бет алдыдан ыркырап шамал уруп, жол ийиктей чимирилип, аргымактын болоттой чулу туяктарынын гана тарсылдагы угулуп, кулак бүтөлө түштү – ушинтип ат үстүндө учуш гана Бостонду эсине келтирди; акыл-эсин жыйнаттырды, ошондо гана барып аны жүрөгү шуу дей түштү: аз жерден адамды өлтүрүп коё сактабадыбы, аз жерден калды, кудая тобо, кудай сактады, болбосо бөтөлкө менен бир урганда Базарбай шүмшүктүн мээси чачырай түшөт эле. Жолдо прицептүү тракторлор менен бараткандар көргөн көздөрүнө ишенбей, ооздорун ачып таң калып, Бостондун артынан көпкө узата тиктеп: капырай, бу Бостонго эмне болгон, өзү салабаттуу эле адам, көөп жүргөн боз балдардан бетер атын татырактатып ыя... – дешип жатышты. Бостон көптө барып өзүнө келди – булактын жээгине түшө калып, муздак суудан жут-

кандан кийин гана көзү ачыла түштү. Бети-башын ушалап, башын силкип, кагынып-күбүнүп алды да, кайра аттанды, эми чапкан жок. Жай бастырып, аз жерден киши өлтүрүп албаганына тообо кылып, тагдырына ыраазы болуп баратты.

Бирок жүрө түшүп, болуп өткөн окуяны кайра баштан элестетип, көңүлү кайрадан бузулду, маанайы чөктү. Ал эми ашкананын терезесинде оюнчук бакасы – Кенжешке деп атайын алган тосток көз, оозу аңырдай ачылган, бураса балпаңдап секирип жөнөгөн бака – койгон боюнча кала бергенин эстегенде ичи өрттөнө түшкөндөй болду. Албетте, ал бири табылгыс кымбат буюм эмес дечи, ошол эле раймагдан дагы бир жолу барганда сатып алса болот, бирок эмне үчүндүр Бостонго бул жаман жышаан деген ой келди. Наристеге арнап алган нерсени ал эч унутпаш керек эле. А Бостон унутуп баса берди – жакшы жышаан эмес...

Өзүнүн болбогон бир жөрөлгөлөргө ишене берүүсүнө өзү кыжырланды, окуялардын минтип биринин артынан бири кыйчалыш келишин кандайдыр өзгөртүүнү каалады. Аңгыча эки карышкырды кантип буктурмага туш келтирери, каргыш тийген бул экөөн ошерден кантип жалпайта атаары жөнүндө ой келди, муну ойлогондо кыжыры ого бетер кайнады.

Бу деги эмне балээге туш келишкен өзү: мына бүгүн ашканада аз жерден адамдын өлүмү менен аяктап кала жаздаган окуя, Базарбай экөөнүн ортосунда болуп өткөн окуя так ушу эки карышкырдын тегерегиндеги кыжылдактан башталып отурбайбы...

Карышкырлар жөнүндө чечимин аткарууну Бостон эртеңкиге калтырды. Муну кандайча ишке ашыруунун майда-чүйдөсүн бүт түнү менен ойлонуп чыкты; Гүлүмкан экөө баш кошкондон бери биринчи жолу ушундай маанилүү ишти ага айтпай, жашырып отурушу. Себеп де-

генде, Базарбай экөөнүн чатагын, ага себепчи болгон бөрүлөрдү, бөлтүрүктөрдү, чатагын, чатактын бир учу ашууда жаткан Эрназарды козгоп атат – деги эле ушулардын баарын эске сала турган нерселер жөнүндө Бостондун сүйлөгүсү келбеди. Ошон үчүн үйдө Гүлүмкандын суроолоруна кыска гана жооп берип, көп сүйлөбөй, балага көбүрөөк алаксып жатты. Анын минтип унчукпай калышы аялына түшүнүксүз болуп, ар кандай түкшүмөлдөө туугузарын билип турса да, башка аргасы жок эле. Базарбай менен чатак, Бостон менен Гүлүмкандын наамына айтылган ыплас сөздөр, эртеби-кечпи, акыры Гүлүмканга белгилүү болорун да билип турду. Бирок азырынча Бостон а жөнүндө ооз ачпады – абийирсиз Базарбайдын оозунан чыккан балит сөздөрдү кайталап айтууну каалабады – буга кандай адамдын дити чыдайт.

Анан да Гүлүмкан экөөнүн турмушу кандайча таң калларлыктай оор, татаал боло түшкөнүн ойлоду. Булар эрди-катын болгондон бери адамдардан эмне деген гана жашыруун көрө албастыкты да, ачык карасанатайлыкты да көрүшпөдү, экөө жөнүндө кандай гана ушактарды таратышпады. Бирок Бостон тагдырын Эрназардын ушу жесирине байлаганына эч өкүнгөн жок. Гүлүмкансыз анын жашоосу жашоо болмок эмес, буга барган сайын көзү жетүүдө, эгер Гүлүмкан дайыма жанында караан болуп турбаса, анда... Жо, жок, андай турмушту элестетүү кыйын, андай турмуштун болуусу эми мүмкүн эмес. Бостондун кийинки тагдыры Гүлүмканга гана, башка эч кимге эмес, байланышы мүмкүн эле, байланды, ал ушуга ыраазы, ырас, Гүлүмкандын кээде ага наараазы болгон учуру болот, кээде акыйкаттыктан тайып кетмейи да бар, бирок күйөөсүнүн алдында ак, ага чын дилинен берилгени берилген – а бу эң негизги нерсе. Бу тууралсында экөөнүн ортосунда эч качан кеп болгон эмес, муну экөө айтышпай эле түшүнүшөт. Ал эми Бостондун мы-

набу томполоңдогон тынчы жок, кишиге күлө караган жылдызы жарык, көздөрү бажырайган, кулжанын сакасындай чымыр бала, билгени бир нече сөз, бирдеме деп былдырайт да, жүрөт, ушул аркадагы туякка карата бир бааңды айтчы десе, Бостон эчтеме дей албас эле. Муну айтаарга ал бу дүйнөдөн сөз табалмак эмес, себеп дегенде наристенин ушул балалык күнөөсүз сөөлөтүнөн ал өзүн көрүп отурбайбы... Ушунун баарын ал жан-дүйнөсүндөгү бир ирет түшүндү, туюнду, аялы менен баласынын жанында жатып, көңүлү жайланып, ой-санаасы тынчыгансыды, ачуусу тарап кетти. Ашканадагы окуяны таптакыр унутуп салгысы келди. Атүгүл бүгүн түнү карышкырлар биерге келбей турган болсо, эртең аларга буктурма жасабай эле коюуну чечти, ал тургай аларга дегеле тийбей эле койсом не болмок деген да ой кетти. Бостон тынччылык болуусун каалады...

Бирок, каргашадай болуп, түн бироокумда карышкырлар бу чөлкөмгө айланып кайра келишти. Кашардын артындагы кырга олтуруп алып, Акбара кайрадан созолоно улуп, Ташчайнар аны күрүлдөгөн жоон үнү менен коштоп кирди. Кенжеш жырткычтардын үнүнөн адатынча чочуп ойгонуп ыйлактап, Гүлүмкан уйку-соо арасында бу балээден кутулар күн болобу деги, бу эмне деген шумдук деп наалып жатты. Эми эле көңүлү тынчыгансыган Бостондун кайрадан жини келди, азыр үйдөн атып чыгып, карышкырларды жердин түбүнө түшүп кеткиче кууп жөнөгүсү келди, арсыз шүмшүк Базарбайдын күндүз аны кандайча ашата сөккөнүн, кордогонун кайрадан эстеди, башын бөтөлкө менен неге жара чаппадым деп өкүндү. Оор бөтөлкө менен баштан ары берип калганда, жексур Базарбай ошерден тырп дей түшмөк. Кенедей да кейимек эмесмин деп ойлоду Бостон, кайра ошо адам кей-

пин кийген айбанды акыры жок кылганыма кубанмакмын... А карышкырлар жарыша улуп жатты...

Айла жок, эшикке чыгып мылтык атып, эң куру дегенде тигилердин жаагын басыш керек. Мурда мындайда бир же эки атып тим болчу Бостон, бу жолу беш окту катары менен биринен сала бирин караңгы түндү аралата атып-атып жиберди. Анан үйгө кирди, бирок уктай албады, эмне үчүндүр мылтыгын тазалап кирди. Кире бериштеги бөлмөнүн бурчуна жайгашып отуруп алып, мергенчиликке алып чыкчу «Барс» мылтыгына үңкүйө үңүлүп, ананкыга калтырса болбой калчудай, мылтык так азыр керек болуп жаткандай, ынтаасын коюп тазалап жатты. Тазалап жатып, карышкырларды кантип жайлаш керек экенин дагы бир жолу ойлонуп чыкты, таң атып-атпай бул ишке дароо киришүүнү чечти.

Ошол учурда мылтыктын үнүнөн чочулай оолактаган Акбара менен Ташчайнар капчыгайды беттеп, түндүн калганын ошерде өткөрмөккө кетип баратышты. Бу шордуу эки бөрүнүн эми туруктуу түнөгү жок, туш келген жерге түнөй берүүгө өтүшкөн. Акбара адатынча алдыда. Түлөөр алдында жүндөрү сапсайып өсүп, даакыланып, караңгыда кебетеси көргөндүн жүрөгүн түшүрчүдөй болуп бараткан эле. Көздөрү көк-жашыл болуп күйүп, тили салаңдайт – кутуруп кеткен карышкыр деп ойлоого болот. Бөлтүрүктөрүнөн айрылган эне-бөрүнүн күйүтү али бөксөрбөгөн боюнча, жок, күйүтү басаңдаар эмес, жоготконун жоктогону жоктогон. Көкүрөгү менен сезип турат – бөлтүрүктөрү Бостондун эле кашарында, башка жерде болушу мүмкүн эмес, каракчыны бучкактап кууп келип, ушерге киргизип жиберишип отурбайбы. Андан аркысына анын айбандык акылы жетпейт. Ошон үчүн бул эки бөрүнүн жинденгенине чек жок – айлана-тегерекке мал койбой, көрүнгөн жерге жара тартып кетүүнү адатка айлантышты – жок, кеп ачка болгондукта эмес,

кеп бу дүйнөгө болгон ызаны, каарды, ачууну, ичтеги орду толбос эңшерилген боштуктун өртүн кан менен, кан аралаш эт менен басуунун, өчүрүүнүн жанды кыйнаган зарылчылыгында. Жара тартылган малды өчүгө жеп алгандан кийин экөө бөлтүрүктөрү акыркы жолу кирип кеткен жерди көздөй жөнөп беришчү. Айрыкча Акбаранын ичи от менен жалын – балдарынан көз көрүнө айрылып калат деген эмне! Ошон үчүн Бостондун кашарына Акбара менен Ташчайнар айланчыктап барбаган бир да күн боло элек. Бу эки бөрүнү эмне айла менен болсо да жок кылууну чечкен Бостон да так ошону эсепке алган эле.

Эртең менен Бостон койлорду жайытка чыгарткан жок, эки кашардагы аштоолорго жемден кенен салып, короонун ичиндеги чоң аштоодон сугарып туруууну дайындады. Өзү болсо отордон төлдөгөн, көбүнчө эгиз тууган койлордон жыйырманы бөлүп алып, энелеринин жанында турса да жаагын жанып маарай берген жаш козулары менен кошо ээрчите айдап, тоонун жолу жок ээн тарабын көздөй жайып жөнөдү.

Жанына эч кимди алган жок. Өзү жалгыз, колунда узун таяк, койдун артынан баратты. Ийнинде түндө жалтырата тазалап, сүртүп чыккан мылтыгы: огунун баары салынып, даяр. Койду айдап, шашпай, улам кашардан алыстагандан алыстап, киши турактаган жерден мүмкүн болушунча оолак кетүүнү көздөп, кетип баратты.

Күн жылуу, кадимки магдыраткан жазгы күндүн бири. Тоолор күн нурун соруп, ошол жылуулукту жылга-жыбыт, дөңсөөлөрдүн бетиндеги көк чөпкө айландырып жаткан кез. Апапакай тармал булуттар көпкөк асмандын ар кай жеринде бейкам каалгып үргүлөшөт. Торгойлор абада асылып, безилдеп сайрап жатат, таштардын арасынан кекиликтердин үнү угулат – кыскасы, бейпил дүйнө, бейкут тиричилик. Бир гана айлананы тегерете

курчап, учтары асман тиреген ак кар, көк муздуу тоо кыркалары, алардын бир заматтын ичинде алай-дүлөй түшүрүп, жайдын күнүн кыш кылып жиберчү катаал мүнөзү, тоо арасындагы кайсы жолбун шамал айдап келгенин эч ким билбеген, бирпаста күндүн бетине кара парда тарта салчу кубаңдаган куу булуттар – бул бейкуттуктун заматта өзгөрүп кетээринен кабар берип турат.

Бирок азыр андай алай-дүлөй түшүрүп жиберчү эч кандай жышаан жок. Айлананы жаңырта тынбай маараган биртике кой-козу көк кубалап, артында келаткан адамдардын айдаган жагына кетип баратты. Козулар секирип ойноп, басып бараткан энелеринин эмчегине жармаша калып, көргөн көздү кубантат. Бирок Бостондун түндөн бери паанайы пас. Канчалык ойлонгон сайын, ошончолук карышкырларга да, ушул балээнин баарын баштаган Базарбайга да жини кайнады. Базарбай менен эми сен мага тийбе, мен сага тийбейин болуп жашоону чечти: кыкка тийбесең – колуң сасыбайт; а карышкырларды жоготпосо, жайлап тынбаса болбой калды – мындан башка арга жок. Анын ойлогон амалы жөнөкөй болчу: кой-козулардын маараганы карышкырларды өзүнө тартпай койбойт, өзү болсо карышкырлардын келишин күтүп буктурмада жатмак. Бөрүлөр кой-козуларды качырып сала берген кезде, буйруса экөөн тең атып алышка болот. Бирок ар ким жейм дейт куйрукту, кудай билет буйрукту дейт турбайбы… Чынында да ошондой болду…

Түш болуп калды, бирок бөрүлөрдөн дайын жок. Ээн жаткан бир коктуга койлорду жайып таштап, Бостон кырды, таштардын, сейрек бадалдардын арасында мылтыгын белен кармап, былк этпей жатты. Коктунун ичи бүт алаканга салгандай көрүнүп турат. Бала кезинен мергенчиликке чыгып көнгөн Бостон атканын жаза кетирчү эмес. Ысык-Көлдүн канча карышкыры анын колунан мерт тапты. Ошон үчүн бул эки бөрүнү атып аларынан

күмөн санаган жок – эптеп ушу коктуга келтирип алса эле болду. Койлор да, эгиз козулар да тоо-ташты жаңырта маарашып, бирине бири үн алышып, оттоп жатышты, бирок бөрүлөрдүн шеги билинбеди – бөлөк күндөрү чеке-жакада жайылып жүргөн малга чакалайдын чак түшүндө качырып тийип, жинин ошолордон чыгарып жүргөн көк жалдардан бүгүн эмнегедир дарек жок.

Күн ысып чыкты. Астына купайкесин салынып, бадалдын түбүндө жаткан Бостон башка учур болсо көз илинтип да алар беле, бирок азыр анте албады. Көкүрөгүн да оор ойлор коргошундай басып турган: баарынан да Эрназардын өлүмүнө аны күнөөкөр кылмакчы болушканына күйбөгөн жери күл болуп бүттү. Душмандары – Кочкорбаев менен Базарбай экөө биригип алып, ар кими алынын келишинче жалаа жаап, жарга такап жатпайбы. Эч түшүнө албайт: эмне үчүн турмуш ушундай түзүлүп калган, неге, кай күнөөсү үчүн аны адамдар, болгондо да ар түркүн адамдар жек көрөт? А жагы аз келибаткансып, быягынан бу карышкырлары жанды жеп бүтмөй болду. Булардын айынан үйдө тынчтык жок. Бу да эчтеке эмес. Базарбай менен сөгүшкөндө айтылган сөздөр аялына али жете элек, а жеткен кезде не болмокчу. Ашкана толо киши эле, ошолордун көзүнчө Базарбай Бостонду да, Гүлүмканды да эмне деп гана ашаткан жок, а ошол элдин ичинде бирди экиге кагыштырган куйтулар жок дейсиңби…

Убакты өтүп жатты, карышкырлар келбеди. Бостондун чыдамы кете баштады. Ошентсе да айлана-чөлкөмдү сыдыра тиктеп, шырп эткен дабышка кулагын түрүп, сак жатты. Бөрүлөрдү койго жакындай берген кезде көрүп калуу зарыл, ошондо гана алар качырып сала берерде атып калууга үлгүрүшкө болот. Ал эми карышкырлардын жакындап келатканын билүү – оңой иш эмес: кой деген жаныбар жыт искөөнү небак унуткан макулук,

көздөрү да алысты көрбөйт, кыскасы, мындан өткөн макоо, жоош айбан дүйнөдө жок. Карышкырлардын эң оңой жеми да – койлор, аларды карышкырлардан бир сактаса адам сактап калат, ошон үчүн кармаш көбүнчө адам менен карышкырдын ортосунда өтөт. Бу жолу да ушундай болду...

Табиятынан бейкам койлор жакындап келаткан коркунучту туйган жок, сезген да жок. Алар козуларынын маараганына гана кайрылып үн берип, момурап тура калып эмизип, башка эчтеме менен иштери жок беймарал жайылып жүрүштү. Коркунуч келатканын бир гана Бостон билди...

Ушул арада учуп-конуп жүргөн эки ала сагызган капыстан шакылыктап үн салып, улам бир жерден бир жерге коно качып, тынчы кете баштады. Бостон сактана түштү, мылтыктын курогун тартты, бирок башын көтөргөн жок, кайра ого бетер жер менен жер болуп жатып калды. Жаза кетирбеш керек, жаза кетирбеш керек. Ал бир нече койду курман чалып жиберүүгө даяр, бөрүлөр ачык жерге чыгып берсе эле болду. Бирок алар да бир коркунуч турганын сезип калган түрү бар – кабарды мына бул эле күйпөлөктөгөн сагызгандардан алып жатышы да ажап эмес, неси болсо да, тиги жакта шакылыктап бүтүп сагызгандар Бостон бугуп жаткан жердин так үстүнө келип, бирдемеси күйүбаткандай катуу шакылыктап башташты: бадалдын арасында былк этпей жаткан Бостонго алардын дегеле көңүл бөлө турган жөнү жок эле. Эмнеси болсо да, карышкырлар ачыкка шыр чыга калган жок, көрсө, экөө эки жактан чабуул жасоого бет алышыптыр. Акбара төө таштардын арасы менен сойлоп, койдун тээ алыскы четинен, Ташчайнар болсо анын карама-каршы жагынан (кийин белгилүү болду – так Бостон жаткан жердин өзү тараптан) өңүп келатышкан экен.

Бирок мунун баары Бостонго дароо эле белгилүү боло калган жок.

Карышкырлардын кай жактан чыга каларын саксактап күтүп, Бостон тегерете карап жатты, бирок кай тараптан чыга келерин эч болжолдой албады. Теребел бейкут, тыптынч, койлор беймарал оттоп, козулар секирип-ойноп жүрөт, сагызгандар да шакылыктабай тынчып калды – жалгыз гана жакын жердеги тоо булагынын шылдырап акканы, бадал арасындагы чымчыктардын сайраганы кулакка угулат. Бостон күтө берип чарчай баштаган эле, ошо тапта таштардын арасынан көгүлтүр бир сөлөкөт көлөкөдөй жылт бергенин көзү чалып калды; койлор дүр деп үркүп, бир паста ийриле түшүп, элтейип туруп калышты. Бостон демин ичине катып, түйүлө түштү, карышкырлар койлорду үркүтүп коюп, эми койчуман кай тараптан көрүнөрүн күтүп турушканын ал түшүндү; мындай учурда чабандар кыйкырып-өкүрүп, коюн карай жүгүрөрү белгилүү иш эмеспи. Бостондун көздөгөнү башка, ошон үчүн ордунан былк эткен жок. Аңгыча чоң таштардын арасынан жанагы көгүш көлөкө дагы жылт деп көрүндү да, карышкыр ийрилип турган койлорго эки аттап жетип барды. Акбара экен. Бостон мылтыкты сундура берип, карышкырды кароолго алды, мына машааны баса берерде, кулагы арт жагынан чыккан угулар-угулбас дабышты эшитип, шарт бурулушка аргасыз болду. Ошо замат мээлебей туруп өзүн көздөй атырылып келаткан зор жырткычты көздөй мылтыкты басып калды. Окуя көз ачып-жумганча болуп өттү. Ок Ташчайнарга секире бергенде тийди, бирок ал ошо замат жыгыла койгон жок, жаалдана азууларын арсайтып, көздөрү кутургандай жалтылдап, болот тырмактуу колдорун алдыга кере сунган күү менен учуп келип, Бостонго бир кадамча жетпей күп этип кулап түштү. Бостон ошо замат кайра бурулуп, мылтыгын мурда мээлеген та-

рапка суна берди, бирок удул өтүп кеткен,– Акбара жара тарткан коюн таштап салып, таштардын далдаасына кире качкан эле. Мылтыгын алдыга кармаган боюнча ал Акбаранын артынан жүгүрдү, кур дегенде ок жетер деп үмүттөндү, бирок бир көргөндөн Акбаранын булактан секирип өтүп бараткканын гана көрүп калды – атып үлгүрдү, тийбей калды...

Бостон терең дем алып, кыжалаттана айланасын тегерете карады. Эртеден бери ой-сезими түйүлүп турган неменин ireңи купкуу, ынтыга дем алып турат. Көздөгөн максатына жетпей калды – Акбара колдон чыгып кетти. Эми иш ого бетер татаалданды – аны атып алыш оңойго турбайт, канчык бөрү эми оңой менен колго түшпөйт. Баарыдан да шарт артына бурула бербегенде, аткан эле жерден огу Ташчайнарга тийбегенде – иш анык чатагына айланмак экен деп ойлоп турду Бостон. Окуяны баштан аяк аңдап көрүп, Бостон эми даана түшүндү: койлорго жакындай бергенде бөрүлөр бир коркунуч бар экенин сезип, экөө эки тарапка бөлүнгөн, ал эми Ташчайнар жолунан адамды, болгондо да буктурмада киши жатканын билбеген Акбараны көздөй мылтыгын сунуп турган адамды көргөн кезде эч ойлонуп отурбай душманына атырыла секирген...

Коркконунан туш-тушка чачырай качкан койлорду чогултуп коюп, Бостон өлгөн карышкырды көрмөккө барды. Килейген сары азууларын арсайтып Ташчайнар капталынан жаткан экен, көздөрүнүн нуру небак өчүп, күкүрт айнектей бозоруп калыптыр. Бостон Ташчайнардын башын кармап, тарткылап көрдү – мындай зор баш болорбу, аттын башынан кем эмес, мындай оордукту мойну кандай чыдап көтөрүп жүргөн, билектерин, тамандарын айт – Бостон көтөрүп, салмактап көрүп, аргасыздан ичинен баракелде деп там берди – колу-буттардын күчү салмагынан эле билинип турбайбы. Не деген

гана жолдорду баспаган да, не деген гана олжолорду албаган!

Ары ойлонуп, бери ойлонуп турду да, Бостон Ташчайнардын терисин сыйрыбай эле тим коюуну чечти. Калсын тери-мериси менен, кеп теридеби. Ана, канчык бөрү аман-эсен колдон суурулуп кетти, ураалай турган эч кандай жөн жок.

Бостон ойлонуп бир саамга турду да, анан Акбара жара тартып кеткен койду ийнине арта салып, койлорду айдап, үйгө жөнөдү.

Үйгө барып, күрөк, чукулдук алып кайра келди да, кечкече Ташчайнарды көмө турган чуңкур казды. Таштак жер, чуңкур казуу оңойго турган жок, көпкө казды. Казып жатып кээде токтой калып, айланасын абайлап карап чыгып жатты: а балким, канчыгы ушу тегеректе жүргөндүр. Эгер ал көзгө чалына турган болсо Бостондун мелжегенин жаза кетирбес мылтыгы кол сунган жерде даяр жаткан болчу...

Акбара бул жерге түн жарымынан оогондо келди... Келди да, жаңы үйүлгөн топурактын жанына жатты, таң атканча жатты, күндүн нуру жерге чачыраганда туруп кетти...

## VI

Жаздын аягы, жайдын башы – малчылардын жайлоого көчүү-конуусу башталган түйшүктүү маал. Тоо этегинде кыштап чыккандар арылап төр-төргө, ал эми малын жакада, сарайдан чыгарбай же аңыз-паңызга жая коюп кыштап чыккандар өздөрүнө чектелген жазгы жайыттарга көчүп чыгып жаткан маал. Үй көчүрүү, мал айдоо – оңой жумуш эмес, баарынан оор жумуш – кой кыркын да ушу тапка туш келет, айтор, малчылардын жаны жай таппай турган кез. Анын үстүнө ар ким эле эртерээк барып жайлоонун жакшыраак жеринен орун

ээлеп калууга шашылат. Кыскасы, иш көп, ар кимдин түйшүгү өз башынан ашып жаткан чак...

Бу чөлкөмдө өзүнчө эле жалгыз серейип, сенделип калган Акбара болду. Мына ушу кайнабаткан жашоо-тиричиликтин кыпындай да илеби ага тийген жок. Адамдар да аны унутуп койду десе болот: Ташчайнардан айрылгандан кийин Акбаранын эч жерден дайны чыкпай калды, атүгүл Бостондун кашарынын желкесине отуруп улуганын да койду.

Акбара эки көзүнөн айрылып, темселеп калгандай жаман абалга туш болду – баардык нерсеге кайдыгер, өлөрүн санагандай илкип, тоо арасында каңгып калды. Колуна илинген, көзүнө уруна калган майда-барат жан-жаныбар менен өзөк жалгайт да, көбүнчө көздөн далдоо коңул-соңулда нес болгондой жатат. Ушу тапта тоо жолдорунда миңдеген мал жайлоого айдалып жаткан чак, мындай опур-топурда жалгыз-жарымдап бөлүнө калган козуну, атүгүл чоң эле койду эч кандай кыйынчылыксыз көтөрө качышка болот, бирок Акбара анын баарына таптакыр кайдыгер эле.

Акбарага бу жарыкчылыктын наркы, кызыгы өчтү. Эми ал өткөн өмүрүн көз алдынан чууртуп өткөрүп, ошо менен жашап калды. Башына колдорун жаздап, сулк жаткан боюнча, ал Моюнкум чөлүндө, Алдаш-Көлдүн жакасындагы талааларда, биерде, Ысык-Көл тоолорунун арасында өткөн кубанычтуу да, кайгылуу да кездерин эстей берди – күндүн кантип өтүп жатканын сезбеди. Өткөн өмүр, кеткен күндөрдүн элестери Ташчайнар экөөнүн эгиздей ээрчише жашаган турмушунун ар бир күнү сүрөттөй калкылдап көзгө тартыла келгенде ичин кайрадан-кайра жалын менен өрт чалып, бук болгонуна чыдабай ордунан тура кала сендиректеп басып кетип, кайрадан бир жерге узунунан бук түшүп, карыган башына нечен жерди, нечен жолду баскан мээнеттүү колдорун

кайрадан жаздап, элестер дүйнөсүнө кайрадан кирип кетип жатты – уламдан улам бөлтүрүктөрүн эстеди – бирде жакында эле көз көрүнөө уурдатып жиберген төртөөн, бирде Моюнкумдагы жандуу сүргүндө мерт болгондорун, бирде көл жээгиндеги камыш ичинде өрттөнүп өлгөн байкуштарын элестетти,– бирок баарынан да ишенген тоосу, таянган түркүгү – карылуу Ташчайнарын көп эстеди. Кээде эсине баягы кара куурайдын арасынан жолуккан таң каларлыктай адам түштү – анын бөлтүрүктөр менен эчтемеден иши жок жыланач ойноп олтурганы, ал эми Акбара аны көздөй атырылып секире бергенде – секирип баратып эле тамагын жула тартып кетмек, – коркконунан башын колдору менен калкалап, бүрүшүп олтура калганы, анан артын карабай безип качканы – ушунун баары көз алдыдан чууруду... Кийинчерээк, кыш түшүп келатканда Моюнкум чөлүндө сөксөөлгө эки колу keриле таңылып, асылып турганында дагы бир жолу көргөнүн, ошондо анын тааныш ирең башына үңүлө тиктеп турган кезде, ал адам көзүн чала-була ачып, бирдеме деп акырын шыбырап, анан шылк дей түшкөнүн элестетти...

Өткөн өмүр эми Акбарага түштөй, кайра кайрылгыс түштөй көрүндү. Бирок ошонун баарына карабай үмүт өлбөдү, чоктой бүлбүлдөп жүрөктө жанып тура берди – кийинки көргөн тукумдун дайны бүгүн болбосо эртең, эртең болбосо качандыр бир кезде чыгып калар деген сезим өчпөдү. Ошон үчүн Акбара түндөсү Бостондун кыштоосун акмалап келип жүрдү, бирок баягыдай айланадагы жан-жаныбарлардын үрөйүн учуруп, боздоп улуганын койду; оолактап гана кулагын төшөйт: шамал менен кошо бөлтүрүктөрүнүн – эмгиче бир топ торолуп калышкандыр, – эң кур дегенде бир үнү же көкүрөккө тааныш буркураган таттуу жыты келе калар бекен деп, чымыркана күтөт... Атаганат, андай болсо кана! Көздөн

учкан көкүрөк күчүктөрүнө ок болуп учуп жөнөбөс беле – адамынан да, итинен да айбыкмак эмес, бошотуп, сууруп чыкмак, балдарын ээрчитип бул жерден башка жакка ооп кетишмек, ал жакта жырткычтын эркин катаал турмушун, бөрүнүн маңдайына жазылган жапан турмушун баштан кечирип, жашоосун улантышмак...

Бу күндөрү Бостондун жаны жай таппай жүргөн кез эле – көчүү-конуунун камын көрүү аз келип атканспп, көңдөй баш бюрократтардын чап кенедей жармашып алганы өтүп кетти. Кочкорбаев баягыда колун кезеп, жооп берер күнүң келет деп калбады беле, ошону унутпай, Бостон Үркүнчиевдин үстүнөн жогору жакка арыз жазып жиберген экен, аяктан кимиси кара, кимиси ак экенин териштирмекке комиссия келип, бирок келгендердин пикири эки ача чыгып калды. Комиссиянын бир тарабы чабан Бостон Үркүнчиевди партиядан чыгарыш керек, анткени ал парторгдун абийирин төккөн, ошонусу менен партиянын өзүнө моралдык шек келтирген деген чечимге келди, экинчи тарабы андай жасоого болбойт, анткени чабан Бостон Үркүнчиев иштин кызыкчылыгын көздөгөн, анын айткан сын пикири эмгек өндүрүмдүүлүгүн көтөрүүгө багытталган деген бүтүмгө токтоду. Комиссияга Базарбай Нойгутовду да чакырышты. Андан бөлтүрүктөр жөнүндө, аларды кайра үңкүргө алпарып сал деп Бостон Үркүнчиевдин талап кылганы чынбы же жалганбы, ал жөнүндө түшүнүк жаздырып алышты... Кыскасы, иш козголуп, колу бошторго жумуш табылды да, калды...

Кийинки эки чакырууга Бостон барган жок. Бүгүн-эртең көчөбүз деп турабыз, бала-чака, мал-жаныбыз менен күзгө дейре жайлоого чыгып кеткени жатабыз, көрчү кам-чомобуз көп, убакыт жок, менсиз эле чече беришсин, комиссия эмне жаза ылайык десе, мен ошого макулмун деп айттырып жиберди, муну укканда Кочкорбаевдин

чырагына май тама түштү – Бостондун мындай жоругунан кандай пайдалана салышты ал эч кимден сурабайт.

Бирок, Бостондун мындай кылбаска чарасы да жок эле. Жайлоого көчүү башталган, а Бостон отордду айдоону жарым күнгө да кечиктире алмак эмес. Кийинки жылдары койду бир күн мурда жолго чыгарып айдап жиберип, эртеси артынан боз үйлөрдү, чатырларды, буюмтеримдерди машинеге салып алып, жол жеткен жерге дейре алпарып, андан ары илгеркиче – ата-бабанын кыла келген иши – жүктү аткөлүккө артып жөнөп бермей салтка айланган. Мындайда машине далай түйшүктөн жеңилдетет, малды салт айдап жүрүп олтуруу да койчуларга жакшы – жол тез арбыйт. Бостон да таң үрүлбүрүлдө койду айдап чыгып, күнү бою жүрүп отуруп, кечинде жайлоонун бир жерине өрүш жасатып, аерге жардамчы койчуларын таштады да, эртеси үй-бүлө, казан-аякты машинеге салып келүү үчүн кыштоого түндөп кайра тартты.

Ошентип, келчү күн келди.

Бирок күн келгиче түн бар эмеспи – бу түнү Акбара баягы үңкүрүнө кайрылып барган эле. Ташчайнардан айрылгандан бери келе элек болчу. Жалгыз калган бөрүканчык үңкүр аңылдап бош турганын, аерге барганда эч кимди таппасын сезчү, ошон үчүн бу чөлкөмгө жологусу келчү эмес. Ошентсе да кайгыга алдырып, алы куруп бүткөн неме ушу түнү көнүмүш жолу менен, жүгүрүп, таанымыш бадалды аралай чаап үңкүргө кирип баруунуу капыстан эмнегедир катуу эңседи – а балким, бөлтүрүктөрү небактан күтүп жатышкандыр. Дагы да өзүнө өзү алданды. Дагы да жалган үмүткө азгырылбай коё албады.

Катуу жүгүрдү; жинди болуп кеткен тариздүү жол тандабай, алдынан суу жолугуп атабы, таш жолугуп атабы дебей, жайлоого келе баштаган малчылардын ар кай жерде жаккан отунан жазганбай, аларга, алардын ар-

сылдаган иттерине чукул эле жерден жан-алы калбай чуркап кетип баратты, артынан тарсылдап мылтык атылып жатты...

Коколой башы жалгыз калган, акылынан айрылган эне-бөрү тоо аралап, бийикте, көк туңгуюкта турган ай астында ушинтип жүгүрүп келатты... Үңкүрдүн тегерегин жаш чөп басып, бөрү карагат тегиз жалбырак ачып, таанылгыс болуп калыптыр, жетерин жетип, үңүрөйүп, ээнсиреп турган үңкүрдүн ичине кирүүдөн заарканып, туруп калды... Жок, жалган азгырыкка алданыпмын деп, эсине келип, артына кайра салышка да кудурети жетпеди... Ошондо Акбаранын көөдөнү кайрадан өрттөнүп, боздоп-улуп, көзүнөн жашын төгүп, айдагы Бөрү-Анага кайрадан кайрылды, шордуу тагдырын айтып, дагы да буркурады, мени өзүң отурган айга, адам жок жерге алып кет, Бөрү-Ана! – деп жалынды...

Ошо маалда Бостон жолдо кыштоосун көздөй кайтып келаткан. Кой өрүш алган жерге жатып алып, эртең менен чыкса деле болмок, бирок анда кыштоого кечинде зорго жетмек, дагы бир түн өткөрүп, анан гана машине менен жолго чыгышмак – мынчалык убакытты текке кетирүүгө Бостон эч качан жол берген эмес, бербейт дагы. Анын үстүнө кыштоодо Гүлүмкан баласы менен, дагы бир аял балдары болуп, эки гана үй-бүлө калган, бир да эркек жок, баары кой айдап кеткен.

Бостондун бу түнү шашканынын бир себеби да ушул болчу. Мындайда минген атындын тыңдыгы – Донкулуктүн жүрүшү ыкчам, тоо жолунда бир мүдүрүлүп койбой, шыпылдап келатат жаныбар – кандай көөнүң кубанат. Алтындай сары жалы, типтик кулактары ай нуруна чагылышып, күчтүү, чоң соорусунун булчуңдарынын кыймылына жараша жүнү жылт-жулт этет. Аба салкын. Түркүн чөптүн жыты келет. Бостондун асынган мылтыгы бар – түнүндө тоо арасында эмне окуя чыга каларын

ким билет. Үйгө жеткен соң мылтыгын дароо ордуна мыкка илет; ичинде беш огу октолгон боюнча мылтыгы даяр турганы турган.

Бостондун эсеби боюнча кыштоого таң куланөөк салганда, саат беш ченде жетмек – ошо ойлогон мезгилде жетчүдөй. Ал аялы менен баласына өзгөчө бир берилген жан экенине ушу түнү дагы бир жолу ишенди: көрбөй калганына бир күн өтө элек, экөөн кадимкидей сагына түштү, эми мына кайра-кайра ойлоп, шашып баратат. Баарынан да Акбара кашарды тегеректеп келип, адатынча жер-сууну бузуп улуп, Гүлүмкан менен Кенжештин жүрөгүн түшүрбөгөй эле деп, ошондон көңүлү тынчсызданды. Бирок дөбөтүн өлтүргөндөн кийин канчыгы келбей калды, келсе балким, келип аткандыр, бирок улупуңшуганын такыр койду деп, кайра өзүн өзү тынчытты.

Бостон бекер эле тынчсызданып жаткан. Бул түнү Акбара Башат капчыгайынын ичиндеги эски үңкүрдүн жанында Бөрү-Анага арманын жеткире албай, улуп отурган. Бостондун кашарынын жанында болгон күндө да ал эч кимдин тынчын алмак эмес – Ташчайнардан айрылгандан кийин ал бул короо тараптан эшитилген үндөргө кунт коё кулагын төшөп, кайгылуу салбырап туруудан башка кың деп үн чыгарбай калган.

Ошентип, келчү күн келди... Бостон ойгонгондо күн көтөрүлүп калган экен: таңында үйгө жеткен неме төрт саатча уктаптыр. Дагы да уктай бермек, уулу ойготуп жиберди. Күйөөсүн тынч эс алсын деген Гүлүмкан Кенжешти атасына жибербеш үчүн канчалык саксактап турса да, буюм-теримдерди таңып, алектенип жатып байкабай калыптыр, аңгыча бала бирдемени айтып балдырап, атасынын бетин мыйтыйган алакандары менен чапкылай баштады. Бостон көзүн ачып, жылмайып, Кенжешти бооруна кысты – уулуна ичи элжиреп, бүткөн бою балкый түштү. Өзүнүн канынан жаралган ушул чүрпө ден-

соолугу чың, буту-колу чымыр, экиге толуп-толо элек болсо да акылдуу, ата-энесине жароокер болуп өсүп келатканын, жылтылдаган карагаттай көздөрү гана апасын тартпаса, өңү-башы да, мүнөзү да өзүнө окшоп турганын карап туруп, ал дайыма айрыкча кубанат, жетине албайт. Аман болсун наристе, эч жеринде өөнү жок, ушундай сонун баласы бар экенине Бостон катуу сыймыктанат.

– Эмне, уулум, турайынбы? Кана, тартчы мени колумдан! Тарт, и-и, ушинтип тарт! Мына ушундай күчтүү уулум бар дейм да! Эми мойнумдан кучактап койчу!

Ал ортодо Гүлүмкан ундан кууруй салып, күйөөсү жакшы көргөн калмак чайды коюураак жасап жиберди, туз салып, сүттөн ырастап кошту. Койлор бүт, атүгүл иттер да тээ алыскы жайлоого кетип, айлана кулак-мурун кескендей тынчый калган ушу күнү Үркүнчиевдин үй-бүлөсү бир жылда бир жолу жай олтуруп, чай ичкенге мүмкүнчүлүк келген эле. Чабандын жашоосунда мындай мемирей түшкөн тынчтык, мындай эс алуу деген эмне экенин түшүнгөн киши түшүнөт. Койдун койдой түйшүгү бар, күнбү, түнбү көзүң албай караганың караган, жыл маалы ушу – эч тыным жок, а отордо миңге чамалаш кой болсо, төлү менен бир жарым миңге жетсе, эртең менен түйшүгү жок минтип тынч оокат ичип олтуруш – чабандын үй-бүлөсүнүн кыялында гана болчу иш. Ошентип үчөө беймарал, мына бүгүнкү көчүү алдында тынч ойлонуп, баш-аякты жыйнап дегендей,– ушу менен күзгө чейин жайлоодо жүрүшөт эмеспи,– ырахаттана чай ичүүгө киришти. Машине түшкө жакын келет, ошого чейин жүктөрдүн баарын дайындап, иреттеп коюу керек.

– Капырай, карасаң тыптынч, жымжырт, кандай жыргал, кандай сонун! Түшүбүзбү же өңүбүзбү! – деп жатты Гүлүмкан,– сени билбейм, менин эч жакка көчкүм

келбей отурат. Көчпөй эле койбойлукпу, Кенжеш, эч жакка көчпөй эле коёлучу дечи атаңа.

Кенжеш болсо өзүнүн тилинде бирдемени айтып, бир атасынын алдына барып, бир энесине жармашып, томполоңдоп жүрөт. Бостондун көңүлү куунак, аялын коштоп койду:

– Көчпөсө көчпөй эле коёбуз, ушу жерди жайлап чыксак, эмне, болбойбу?

– О койсоңчу! – деп күлдү Гүлүмкан. – Бир күн өтпөй койлоруңдун артынан жөнөп бергениңде, биз артыңдан Донкүлүк менен да кууп жетпей каларбыз!

– Аның ырас, Донкүлүк менен да кууп жетпей каласыңар! – деди көңүлү кушубак Бостон, кайраттуу катуу муруттарын сылагылап койду. Мунусу анын бактылуу болуп отурган маанайын билдирер эле.

Тегерек жапыз үстөл үстүндө ушинтип чай ичилип жатты. Бостон менен Гүлүмкан жерде отурат. Кенжеш тегеренип чуркап жүрөт. Тамак ичирип, курсагын тойгузуп коёлу дешсе, чунак бала бүгүн деги шоктонгону өзгөчө, тынчып отуруп бербеди – секирет, ойнойт, жүгүрүп кетет. Үй ичи ысып чыкканынан эшикти ачып коюшту – Кенжеш эми улам сыртка чуркап чыгып кетип, кайра келип жатты. Короонун ичинде энесин тегеректеп чыйпылдап жүргөн, жүндөрү какым-кукумдай үлбүрөгөн, кичинекей шамдагай балапандарды кызыга карап, имерчиктей калып, ойноп жүрдү. Тоок түнкү кароол Кудурматтыкы болчу. Кудурмат жайлоого кой айдап кеткен, аялы Асылгүл Гүлүмкандарга кошулуп машине менен жөнөмөк. Ал азыр эле келип, буюм-теримдерин таңып, жыйнап, даярдап койгонун, тоокту балапандары менен себетке салышы гана калганын, бирок аларды машине келгенде эле сала коёрун, азыр болсо биртке кир чайкап, жая салайын деп жатканын айтып кетти.

Бул күн ушинтип башталды. Күн көтөрүлүп, ысып чыкты. Ар ким өз иши менен алек эле. Бостон аялы экөө жүктөрдүн таңчусун таңып, идиш-аякты чогултуп, ылайыкташтырып салып жатты. Асылгүл кирин жууп жатат – анда-санда эшигинен сыртка кирдин суусун ыргытып төккөнү угулууда. Кенжешти жайына коюшкан, үйгө бир жүгүрүп кирип, кайра жүгүрүп чыгып, балапандарды имерчиктеп ойноп, ал жүрөт.

Аңгыча тоок балапандарын үйдөн оолак, короонун сыртына алпарып, көнгөн күл дөбөсүн чукулап казып, чукуган чуңкуруна жатмай болуп, жөнөп берди. Балапандарды ээрчип бала кошо жөнөдү, баары чогулуп, сарайдын арткы узун дубалынын ары жагына кетишти. Алабата, уйгак өскөн бул тарап ээн, жайкы бейкуттукта магдырап, тынч жаткан. Балапандар чыйпылдашып, көрүнгөн жерди чукулашып, Кенжеш болсо аларга бирдемелерди сүйлөп, күлүп, жондорунан сыламакка убара болуп жүрдү. Кенжештен тоок коркпойт, ошон үчүн беймарал болчу; капыстан бир чоң көк ит акырын жыла басып, жакын келип калганын көргөндө чочуганынан какылыктап жиберди, балапандарын ээрчитип жөнөп берүүгө шашты.

Таң каларлыктай көпкөк көздөрү бар бул чоң көк иттен Кенжеш чочуп да койбоду. Ит аны эркелеткендей куйругун булгалап, муңайым тиктеп турду. Бу Акбара эле!

Акбаранын адам турактаган жерге мынчалык чукул кирип келгенинин жөнү бар болчу: өткөн түндөн бери кашардын ичи тынчыды да, калды, кишилердин да, иттердин да үнү угулбайт. Көкүрөгүндө бала дегенде өчпөгөн үмүтү бар, күйүтү жанына тынчтык бербеген энебөрү ээн калган кашарлардын ичин бүт абайлап карап чыкты, бөлтүрүктөрү эч жерде жок, бир болсо ушерде болбосун дегендей чабандардын там-ташы, сарайлары турган жерге акырындап жакындады. Эми баланын маң-

дайында турат. Мынабу наристе өзүнүн бөлтүрүктөрүнүн эле бири сыңары өңдөндү – болгону адамдын баласы – ушул белгисиз туйгу-сезим карышкырга кандайча келди – белгисиз эмне болсо да, бала эч душмандыгы жок бу иттин башын сыламакчы болгондо, Акбаранын кайгыдан канап турган жүрөгү титиреп кетти. Ал жакын келип, баланын бетинен жалады. Бала буга кубанып, кыткылыктап күлүп, карышкырды мойнунан кучактады. Ошондо Акбара ого бетер эрип кеткендей болду, баланын бут алдына жатты да, кошо ойноп кирди – ушул кичинекей жандык эмчегимди сорсо деген эңсөө пайда болду, бирок бала эмчекти карабады – карышкырдын үстүнө минди. Кайра түштү да, ээрчитип жөнөмөк болду: «Жүр! Жүр!» – деп кыйкырды ал, бооруката кыткылыктап күлдү, бирок Акбара аны ээрчип басууга батынбады – тиги жакта кишилер бар экенин сезип турду. Ордунан жылбай, көк көздөрү менен баланы муңдуу тиктеди; бала болсо кайрылып келип, аны кайрадан башынан сылагылады, Акбара да анын бетинен жалады – балага бул өзгөчө жагып калды. Эне-бөрү ичине бук болуп толуп жүргөн бүткүл мээримин балага төгүп аткандай болду, баланын наристе жытынан көкүрөгүн кере жыттады. Ушул кичинекей адамзаада үңкүрүмдө жашаса сонун болор эле деген сезим келди. Баланын күрмөсүнүн жакасынан абайлап тиштеди, бир жерине тишим тийип кетпесин деп аярлык менен тиштеди, анан акырын өйдө карай силкип жалына отургузду, – карышкырлар отордон козуну так ушундай ыкма менен ала качып кетет.

Бала кыска, бирок катуу чыңырып жиберди. Сарай тарапка кир жайганы бараткан Асылгүл Кенжештин кыйкырыгын угуп, бурчту айлана чуркап чыкты да, ошо замат көтөрүп бараткан кирин жерге ыргытып жиберип, Бостондун эшигине аттап-буттап жетип барды:

– Карышкыр! Баланы алып кетти, кокуй күн! Болгула, болгула тез, айланайындар!

Бостон эмне болуп кеткенин түшүнбөй, дубалдан шапашуп мылтыгын ала коюп, үйдөн атып чыкты, артынан Гүлүмкан жүгүрдү.

– Тигине! Тигине, Кенжеш! Карышкырдын жонунда баратат, кудай-ай! – деп ирең-далеттен кеткен Асылгүл кыйкырып жатты.

Бостон карышкырды өзү да көрдү – желе-жортуп кетип бараткан экен, жалына арта салынган бала өкүрүп-бакырып ыйлап баратат.

– Токто! Токто, Акбара! Токто деййм! – деп Бостон үнүнүн болушунча кыйкырды, карышкырдын артынан жүгүрүп жөнөдү.

Акбара жүрүшүн тездетти, Бостон тамагы айрылганча бакырып, колунда мылтык, артында баратты:

– Ташта, Акбара! Ташта баланы! Экинчи бөрү аттууга тийбейин! Таштап кет баламды! Акбара! Айланайын, Акбара, ташта баланы!

Анын бу сөздөрү карышкыр үчүн түккө да турбасы эсине келбеди. Кыйкырыкты укканда, арттагы куугунду көргөндө карышкыр – табийгы сезим да – өз жанын ала качууга шашты, дагы ылдамдай арыш керди.

Артынан тынбай кыйкырып, Бостон келатат:

– Акбара! Ташта баламды, Акбара! – дегенин кайра-кайра айтат.

Бостондон арттараак чырылдап-чыркырап, сактай көр эле, сактай көр деп, Гүлүмкан менен Асылгүл келатат.

– Ат! Атпайсыңбы ой! – деп кыйкырды Гүлүмкан. Бала карышкырдын жонунда баратса кантип атат Бостон – ал оюна келген жок.

Кыйкырык, куугун Акбаранын кан-жанын козутуп, анын жырткычтык сезим-туйгусунун баарын дүркүрөтүп

ойготуп жиберди – ал олжону колдон чыгарбоону чечти. Баланы жакасынан бекем тиштеген боюнча арышты кенен таштап, тоо арасын беттеп, улам алыстап, уруп баратты; атүгүл арттан тарс этип мылтык атылып, ок ырылдап үстү жагынан учуп өткөндө да баланы таштабады. Аталап, апалап бакырып, бала ыйлап баратат. Бостон эми карышкырды эмне менен токтотоорун билбей дагы бир ирет асманга атты. Акбара бул окко да көңүл бурбай, одур-будур аска-таштарды беттеп, ошол тарапка ылдам жетүүнү көздөп, катуу баратты – аякка жетсе изин таптырбай кетиш – турган иш. Бостондун буга көзү жетип, заманасы куурулду: баланы канткенде алып калат? Эмне айла бар? Мындай балээге туш келгидей эмне кылышты булар? Не күнөөсү бар?

– Ташта баланы, Акбара! Таштап кет балабызды! – өпкөсү көөп, киркиреди ал, үнү жалынгандай чыкты.

Үчүнчү жолу карышкырдын башынан алыс ашыра атты, ок дагы бир жолу ышкырып, жырткычтын үстүнөн өттү. Одур-будур аска-таштуу бет жакындап келатат. Мылтыкта болгону эки ок калды. Эми бир-эки деп санагыча карышкыр көздөн кайым болорун түшүнгөн Бостон Акбараны атмакчы болду. Тизелеп отура калып, мээледи – буттарын мээледи, бутка гана атуу керек деп чечти. Бирок мылтыктын кароолун бир жерге токтотуу кыйын болду – көкүрөгү көрүктөй күшүлдөп, колдору калтылдайт. Ошого карабай ал боюн токтотуп, болгон күчүн жыйнап, өйдө-ылдый кылактаган кароолдун учунан буракандаган суу толкунунда агып бараткандай бир чекинде аңды-дөңдү аралай чаап, арыш керип бараткан карышкырды мээлей калып, тартып жиберди. Тийбей калды. Карышкырдын каптал жагынан топурак бурк дей түштү. Бостон ошо замат акыркы окту октой салып, кайра мээледи, кандайча атып жибергенин өзү да байкабай

калды, бир көргөндөн карышкыр бир секирип алып, капталына кулап түшкөнүн көрдү.

Мылтыкты ийинге сала коюп, Бостон эс-мас болгон кишидей жыгылган Акбараны көздөй чуркады. Ага чуркабай эле бир ордунда жайма-жай керилип-созулуп арыш керип жаткандай сезилип кетти...

Акыры жетти, жетип, кышкы ызгаарда жылаңач тургандай каны муздай түштү. Эмне кылар айласын таппай, көргөн көзүнө ишенбей, кыйкырайын десе кыйкырыгы чыкпай, иреңи заматта күлдөй өчүп, капыстан ичине ок тийген кишидей бети-башы бырышып-тырышып, турган ордунда тегеренип кетти. Акбара али тирүү болчу, анын жанында көкүрөгүн ок көзөп өткөн бала сулк жаткан эле.

Дүйнө жымжырт боло түштүбү, же кулак тунуп калдыбы – дабыштар өчүп, айлана-тегерек тумандап, эми эле чайыттай ачылып турган жер-суу жоголуп, анын ордун кызыл өрт каптаган караңгылык басты да калды. Бостон өз көзүнө өзү ишенбей, кызыл-ала канга чыланган баласынын үстүнө үйрүлүп түшүп, жерден көтөрүп ала койду, көкүрөгүнө кыскан боюнча артына кетенчиктеди; өлүм алдында жаткан канчык карышкырдын көпкөк көздөрүн эмнегедир таң кала тиктеп өттү. Анан артына бурулду да, күйүттөн тамагы буулуп, ары жакта чуркап келаткан аялдарды беттей басты.

Анын көзүнө аялы улам чоңойгондон чоңоюп, мына эми өзүн карай эбегейсиз, бети-башынын, сунулган колдорунун да эби-сыны жок зор аял жүгүрүп келаткандай көрүндү.

Көзү эчтемени көрбөй, өлгөн уулун көкүрөгүнө кысып, сендиректеп кетип баратты. Артында бакырып көз жашын төгүп, кимгедир бирдемелерди тынбай айтып Гүлүмкан, аны колтуктап, уңулдап ыйлап Асылгүл келатты.

Эси ооп, эңги-деңги болуп келаткан Бостон булардын үнүн уккан жок. Аңгыча шаркыратманын шар эткен үнү эшитилгендей, бул дүйнөнүн дабыш-үндөрүнүн баары жаңырыктап, кулагы ачыла түштү; эмне окуя болуп өткөнүн ал эми гана даана сезди, эки көзүн көккө кадап адамдын жүрөгү түшкүдөй үн менен кыйкырып жиберди:

– Менде эмне өчүң бар ыя, эмне минтип жазаладың?

Үйгө келип ал наристенин денесин өзүнүн кичинекей керебетине жаткырды – керебет машине жүктөөгө камдап коюлган боюнча эле. Гүлүмкан баласынын баш жагына чыңырып келип кулады, Акбара түнкүсүн кандай боздоп улуса, так ошондой боздоп, озондоду... Асылгүл жанына келип отуруп, үн кошту...

Бостон мылтыгын алып, үйдөн чыкты. Катуу кармашка камданып жаткансып, мылтыкка беш окту катары менен салды, дагы бешөөн чөнтөгүнө солоду. Донкүлүктү токуп, үзөңгүгө бутун салып-салбай шап минди да, аялына да, кошунасы Асылгүлгө да бир ооз сөз айтпай, жөнөп кетти.

Кашардан бир аз узай түшкөндөн кийин Донкүлүктүн оозун коё берди. Гүлсары аргымак баягы кыш аяктап келаткан мезгилде Бостонду Таман кыштоосун көздөй кандай алып-учкан болсо, ошол эле жол менен артка ошондогудай эле алып-учуп жөнөдү.

Бостон азыр издеп бараткан, табылбаса жердин жети катарынан да сууруп чыгууга тийиш болгон адам өз ордунда болчу.

Базарбай Нойгутовдун кашарындагылар да а күнү жайлоого көчмөккө машинеге жүктөрүн салып жатышкан... Жүктөр менен алектенишкен немелер Бостондун кандайча келгенин, аттан кантип түшкөнүн, мылтыгын ийининен кандайча алып, кандайча октоп, кайра ийинине кандайча илип алганын – эч нерсесин көрүшкөн жок.

Аны жүк жүктөгөн машинеге чукул келип калганда гана байкашты. Базарбай машиненин үстүнөн ыргып түшүп, аны таң кала тиктеп туруп калды.

– Эмне? – деди ал Бостонго, желкесин кашый берип, Бостондун каны куйүп, чычаладай капкара болуп чыккан иреңине үңүлө тигилди. – Эмне келдиң? Эмне минтип карайсың мени? – Бир жамандыкты жүрөгү сезип, карбаластай түштү. – Баягы бөлтүрүктөрбү дагы? Кыларга ишиң жокпу, ошондон башка? Жазып бер дешти, жазып бердим.

– Урдум мен сенин жазганыңды,– деди Бостон, үнү катаал чыкты, тиктегени ок жеген карышкырдыкындай оор эле. – Аны териштире турган убакыт жок. Менин сага айтарым башка: сен бу дүйнөдө жашоого татыктуу эмессиң, ошон үчүн тагдырыңды өз колум менен чечкени келдим.

Базарбай калкаланууга үлгүргөн жок. Бостон мылтыгын колго шарт алды да, мээлеп-мээлебей туруп эле басып калды. Базарбай темтеңдей түштү, машиненин далдасына өтө качмакчы болду эле, экинчи ок далысына барып кадалды. Базарбай ордунда үч жолу чимирилип барып, машиненин кузовуна башы менен бир тийди, анан барып, жерге кулап, жерди чапчыган кол-дору диртилдеп, жатып калды. Окуя көз ачып-жумганча болуп өткөндүктөн, ар ким турган ордунда селейип-селейип катып калган эле. Качан гана шордуу көк Турсун күйөөсүн кыйкырып барып басып жыгылганда, тургандарга бир заматта жан кирип, алар да чуулдап, өлүккө ынтылышты.

– Жылбагыла! – деп бакырды Бостон, кишилерди тегерете карап. – Бириң да ордуңан жылба! – Ал мылтыктын оозун тургандарга кыдырата каратып чыкты. – Барчу жерге мен өзүм ыктыярым менен барам. Ошон үчүн

бирөөң да ордуңан кыймылдаба? Кыймылдасаң ок жетет! – Ал чөнтөгүн чаап койду.

Баары чагылгандын оту ургандай лык токтоду, эч ким эч нерсени түшүнгөн да жок, эч ким лам деп ооз ача албады. Жалгыз гана таалайсыз көк Турсун жек көрүмдү күйөөсүнүн өлүгүнүн үстүндө ыйга аралаш минтип жатты:

– Ит элең, ит өлүмүнө туш болдуң ушуну билгем мен, ушуну билгем. Өлтүр мени да, канкор! – деп жулунду, анан Бостонго адам кейпинен небак ажыраган бечара көк Турсун. – Мени да итти аткандай атып сал! Бу жарык дүйнөнүн бир шооласын көрбөдүм, менин жашаганым кайсы, жашабаганым кайсы! – Ал дагы кыйкырып, бу Базарбай шүмшүккө мен айтпаптырмынбы, айткам, бөлтүрүктөрдү уурдап не кыласың, кой, акыры жакшы болбойт дебептирминби, дегем, бирок бу адамдан чыккан жырткычка даба бар беле, талаада жүргөн айбанатты да ичип жиберди го чиркин деп бир топ сөздү айтып келатты эле, эки койчуман оозун жаап, ары сүйрөп алып кетишти.

Мына ушундан кийин Бостон тургандарды тегерете катаал тиктей келип, акырын, бирок чечкиндүү айтты:

– Мен азыр барчу жерге өзүм барам, өзүмдү өзүм кармап берем. Айтып коёюн – өзүм барам! Ордуңардан жылбай тургула!

Эч ким үн катпады. Күтүлбөгөн окуядан улам эстери оой түшкөн эмелер дудуктай унчукпай турушту. Мына ушу кишилерди карап туруп, Бостон так ушул сааттан баштап аттабас чийимди аттап өткөнүн, эми ал бу тургандардан бөлүнүп каларын капыстан түшүндү; атаганат, не бир сонун адамдар менен чогуу, күндөн күн кубалап, жылдан жыл кубалап, жеңилди жерден, оорду колдон алышып, чеке тердетип эмгек этишип келбеди беле. Мынабу тургандардын ар кимисин жакшы тааныйт, жак-

шы билет, булар Бостонду билет, ар бири менен анын өзүнчө мамилеси бар эле; бирок эми булардын жүзүндө башка жазуу – сен эми бизге башка кишисиң деген жазуу турат, мына ушундан улам ал булардан түбөлүккө айрылып жатканын, бирин бири өмүрү көрбөгөн, билбеген адамдар бири бирине кандай болсо, булар менен мындан аркы тагдыры так ошондой экенин, же өлүп калып, кокус кайра тирилип келсе булар буга кандай коркунуч менен карары белгилүү эмеспи, так ошондой эле булар үчүн эми баягы Бостон жоктугун түшүндү.

Атын жетелеп, Бостон жөнөп берди. Артын бурулуп караган жок, көл жээги тарапты көздөп, ошерден өз ыктыяры менен колго түшүп беришке даяр, башын шылкыйтып жолдо кетип баратты. Артында ишенимдүү Донкүлүгү.

Бостондун өмүрүнүн өчкөнү ушул эле...

– Мына, акыр заман келди! – деди ал үнүн чыгара. Дал ушерден ага кишинин жүрөгүн түшүргөн бир акыйкат ачылып чыга келди; ушу кезге чейин бүт дүйнө анын өзүндө жашап келген турбайбы. Мына азыр ошол өзүндө жашаган дүйнөнүн күнү бүтүп, ошол дүйнө кыямат кайымга туш келип турбайбы. Көрсө, бу дүйнө деген кишинин өзү турбайбы. Ойлоп бакса асман да өзү экен, жер да өзү экен, бүтүндөй жан-жаныбардын улуу энеси, эне-бөрү Акбара да өзү болуптур. Ала-Мөңгүнүн белиндеги түбөлүк музда тоңуп жаткан Эрназар да өзү болуптур, өзүнүн акыркы көлөкөсү – көкүрөк күчүгү, өз колунан мерт болгон Кенжеш да өзү болуптур, кайнаса каны кошулбас, акыры жазасын алып тынган Базарбай да өзү болуптур, бул өмүрдө эмне көрсө, эмнени баштан кечирсе ошонун баары анын өзүнүн ааламы болгон экен, ошонун баары анын ичинде жашап, күрөшүп, бөксөрүп, толуп, бири жоголуп, бири пайда болуп жүрүп олтурган

экен, мындан ары да ошол аалам эзелтен жашап келаткандай эле жашап тура берер, бирок эми ансыз, Бостонсуз, жашап калмакчы, ал – башка аалам, а анын ааламы, анын дүйнөсү – кайталангыс, кайра орду келгис дүйнөсү – ушу менен бүттү, эч кимде, эч жерде кайра жаралбайт...

Көл жээгине алпарчу ээн таш жолдо баратып, Бостон капыстан шарт бурулду да, атын мойнунан кучактап, буркурап, өксүп ыйлап жиберди.

– О, Донкүлүк, Донкүлүк, эмне болуп кетти ыя, эмне кылып салдым? – бүт денеси солкулдап ыйлады. – Эми эмне кылам? Өз баламды өз колум менен атып, денесин жерге жашырбастан кетип баратам, жаны бирге жарымды жалгыз таштап кетип баратам.

Ал чылбырды, тизгинди жүгөнгө ороп байлап, үзөңгүлөрдү ээрдин кашына илди да:

– Бар үйгө, бар, каалаган жагыңа бара бер! – деп Донкүлүк менен коштошту. – Экөөбүз эми экинчи көрүшпөйбүз!

Сооруга алаканы менен бир чаап, чү деп койду эле, ат күтүүсүздөн мындай эркиндик тийгенине таң калып, кашарды көздөй жөнөп берди.

Бостон жөө жолун улантты...

А жол көк ирим Ысык-Көлгө улам жакындап келатты, Бостон ошол көк иримге кирип, жок болуп кетүүнү каалады – жашагысы келип да, келбей да турду, мынабу түрмөктөлүп келип жээкке бир урунуп, жок болуп, кайра эле арт жактан өзүнөн өзү түрүлүп, кайрадан пайда болуп жаткан ак жал толкундардай – жок болууга да, бар болууга да кайыл болуп келатты...

## М А З М У Н У

Гүлсарат ........................................................ 3
Кыямат ........................................................ 216

*Адабий-көркөм басылма*

*«Окурмандын китеп текчеси» сериясы*

27-том

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ

*Чыгармалар жыйнагы*

Т ү з г ө н *Кадырманбетова Айнура*

Тех. редактор *Жусупбекова А.*
Корректор *Кадырманбетова А., Касымгелдиева М.*
Компьютердик калыпка салган *Абдыкалыкова А.*

Терүүгө 05.05.2017-ж. берилди.
Басууга 20.06.2017-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы $60х84^{1}/_{16}$.
Көлөмү 40,5 б.т. Нускасы 500.

---

«Кут-Бер» ЖЧК басмаканасында басылды
Бишкек ш., Медеров көчөсү , 68